Кырг
Н(С)К
А-35

Азыркы

К ЭГЫЗ ТИЛ

Кыргыз лексикографиясынын атасы,
академик К. К. Юдахиндин
125 жылдыгына арналат



Юдахин Константин Кузьмич
(1890–1975)

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, филология илимдеринин доктору, атактуу түрколог, профессор, СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, «Кыргызча-орусча сөздүктүн» автору, «Орусча-кыргызча сөздүктүн» башкы редактору.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы Гуманитардык жана экономикалык илимдер бөлүмү Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту

АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ

фонетика, лексикология, морфология, синтаксис

Филология илимдеринин доктору, профессор
Токтоналиев Курманбек Токтогуловичтин
жалпы редакциясы астында

Бишкек — 2015

4(5)2
А-35

УДК 811.51
ББК 81.2Ки
А 35

КР УИА Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши басмага сунуш кылган

Пикир айткандар:
Ибрагимов С. И., филология илимдеринин доктору, профессор
Токоев Т., филология илимдеринин доктору, профессор
Жайлобаев Б., филология илимдеринин кандидаты, доцент

Редколлегия
Акматалиев А.А., академик
Абдувалиев И., филология илимдеринин доктору
Жаманкулова Г., филология илимдеринин кандидаты
Мусаев С. Ж., КР УИА корр.-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор
Садыков Т., филология илимдеринин доктору, профессор
Токтоналиев К. Т., филология илимдеринин доктору, профессор
Усубалиев Б. Ш., филология илимдеринин доктору, профессор
Эгембердиев Р., филология илимдеринин доктору

Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексикология, морфология, синтаксис. – Б.: 2015. – 518 б.

ISBN 978–9967–27–582–9

Китеп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын колдоосу менен жарык көрдү.

А 4602020400 — 15

УДК 811.51
ББК 81.2Ки

662049

ISBN 978–9967–27–582–9

© Ч. Айтматов атн. тил жана адабият институту, 2015
© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2015

КИРИШ СӨЗ

"Азыркы кыргыз тили" алдыга кыргыз тилинин фонетика, лексикология, морфология жана синтаксис бөлүмдөрүн чогултуп иштеп, окурмандарга сунуш кылууну максат кылып койду. XX кылымдын экинчи жарымынан баштап кыргыз тилинин көп маселелери такталып иштелген окуулуктар, окуу куралдар жана академиялык грамматика мазмунуна умтулган эмгектер жарыкка чыгып келүүдө. Бирок азыркы кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрүн камтыган эмгек жарала элек.

Китеп буга чейинки тажрыйбаларды жетекчиликке алып, кыргыз тил илими боюнча аткарылган илимий изилдөөлөрдүн акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыкты. Айрыкча фонетика жана синтаксис бөлүмдөрү жаңы иштелиштер, жаңыча көз караштар менен сунуш кылынды. Бул эмгек жогорку окуу жайлардын студенттери, илимий кызматкерлер, мугалимдер жана орто мектептердин окуучулары үчүн бир гана китептен кыргыз тилинин бардык бөлүмдөрүн окуп чыгып өздөштүрүү ыңгайлуулугун жаратат.

Китептин фонетика бөлүмүн К.Токтоналиев менен Т.Садыков экөө биргелешип жазышты. Лексикология бөлүмүнүн семасиологиясы бүт бойдон Ж.Мамытовдун 2000-жылы жарык көргөн китеби боюнча иштелип чыкты. Лексикография, этимология бөлүмдөрүн И.Абдувалиев, фразеология бөлүмүн Р.Эгембердиев жазды. Морфология бөлүмүн Т.Садыков менен И.Абдувалиев экөө биргелешип жазышты. Синтаксис бөлүмүн Г.Жаманкулова жазды.

Китепти редакциялап, ондоолорду жана түзөтүүлөрдү киргизген филология илимдеринин доктору Абдувалиев Ибраим.

АВТОРЛОР ТУУРАЛУУ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ:

Абдувалиев Ибраим, КР УИА Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жетектөөчү илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору.

Мамытов Жумаш, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин профессору, филология илимдеринин доктору.

Жаманкулова Гүлжамал, КР УИА Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун бөлүм башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент.

Садыков Ташполот, Х.Карасаев атындагы БГУнун профессору, филология илимдеринин доктору, профессор.

Токтоналиев Курманбек, КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору, филология илимдеринин доктору, профессор.

Эгембердиев Райимжан, Х.Карасаев атындагы БГУнун профессору, филология илимдеринин доктору.

ФОНЕТИКА

Фонетика жөнүндө жалпы түшүнүк

Тил — айтылган ойду кабарлоо жана кабылдоо аркылуу ишке ашырыла турган адам баласынын пикир алышуу куралы, үңгу, мүчө, сөз, сөз айкашы, сүйлөм өндүү тилдик белгилердин өзгөчө системасы. Пикир алышуунун негизги бирдиги - айтылган сүйлөм. Ал сөз жана сөз айкаштарынан турса, сөз муундан турат. Муун болсо үндүүдөн же үндүү менен үнсүздүн айкашынан турат. Демек, пикир алышуунун негизги бирдиги болгон сүйлөмдүн да, сүйлөм тутумундагы сөз жана сөз мүчөлөрүнүн да заттык жагы тыбыштардын тизмегинен куралат. Ошондуктан тыбышсыз тил да, тилдеги бирдиктер да болбойт. Дүйнөдөгү бардык тилдер тыбыштык тилге жатат. Анткени кеп агымында айтылган тыбыштардын тизмеги үн толкундарын түзүп, абада таралып, аба аркылуу сүйлөөчүдөн тыңдоочуга жеткирилип турат. Аталган процесс күндүзү да, түндөсү да, бардык убакта бирдей ишке ашырылат. Мисалы: *Бала китеп окуду.* Он төрт тыбыш, жети муун жана үч сөздөн турган бул сүйлөм *баланын китеп окугандыгы* тууралуу ойду кабарлады. Атап айтканда, айкын өткөн чактын *-ды* мүчөсү уланган *оку-* сөзү баяндоочтук милдет аткарып, өзү туюндурган кыймыл-аракеттин сүйлөп жаткан учурдан мурда болгондугун, атооч жөндөмөдөгү *бала* сөзү ээлик милдет аткарып, кыймыл-аракеттин субьектисин, табыштын нөл формасындагы китеп сөзү тике толуктоочтук милдет аткарып, кыймыл-аракеттин объектисин билдирди. Ошол эле маалда аталган сүйлөмдүн тутумундагы үч сөздүн ар бири жеке өзүнүн керт башына гана тиешелүү болгон тыбыштык турпат менен мүнөздөлдү.

Ошентип, *фонетика* - тилдин тыбыштык жүйөсүн ичине камтыган тил системасынын бир бөлүгү жана ал бөлүктү изилдеп үйрөтүүчү тил илимининин бир бөлүмү.

Бул, албетте, фонетиканын жалпылаштырылган аныктамасы. Ошондуктан фонетиканын табиятын илимий жактан тереңден аңдап түшүнүү үчүн анын изилдөө объектилерин так аныктоо талап кылынат.

Фонетиканын изилдөө объектилери

Фонетиканын изилдөө объектилери өтө эле арбын. Алардын ичинен кыргыз жана башка бардык тектеш түрк тилдери үчүн эң орчундуусу деп төмөнкүлөр табылат:

1. *Тилдеги тыбыштардын толук курамы.* Тилдин тыбыштык курамы, атайын изилдөөлөр көрсөткөндөй, ондогон эмес, жүздөгөн тыбыштарды ичине камтыйт.

2. *Ар бир тыбыштын акустикалык жана артикуляциялык касиеттери.*

3. *Тилдеги окшош тыбыштардын өзөгүн түзгөн фонемалардын толук курамы.*

4. Ар бир фонеманын ажыратуу белгилеринин толук курамы.

5. Тилдеги фонологиялык оппозициялардын толук курамы.

6. *Көп варианттуулуктун булактары.* Кеп агымында айтылган тыбыштардын бири-бирине таасир этип, ар кандай өзгөрүүлөргө кабылышын жөнгө салган фонетикалык кубулуштардын топтому мүчөлөмө типологиядагы кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн ириде мүчөдөгү, андан соң уңгу менен сөздөгү көп варианттуулуктун булактары деп табылат да, төмөнкү кубулуштарды ичине камтыйт:

• сөз ичиндеги бардык муундардын, муун ичиндеги бардык тыбыштардын айтым күүсүн камсыз кылган жана сөздүн фонетикалык паспортун түзгөн үндөштүк (сингармонизм) кубулушу,

• сөз менен мүчөнүн чегинде жана мүчө менен мүчөнүн жигинде үнсүздөрдүн окшошуп же окшошпой айтылышын камсыз кылган окшошуу жана окшошпоо кубулуштары,

• муун ичиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын ыңгайлашып айтылышын камсыз кылган аккомодация кубулушу,

• сөз ичиндеги үндүү тыбыштын кыскарып айтылышын камсыз кылган редукция кубулушу,

• сөздүн бир жерине үндүү тыбыштын кошулуп айтылышын камсыз кылган протеза кубулушу,

• сөз соңундагы басымсыз муундагы үндүүнүн кыскарып айтылышын камсыз кылган элизия кубулушу,

• сөз ичинде бир же бир нече тыбыштын түшүрүлүп айтылышын камсыз кылган синкопа кубулушу,

• сөз соңундагы тыбыштын кошулуп айтылышын камсыз кылган эпитеза кубулушу,

• сөз ичинде бир тыбыштын кошулуп айтылышын камсыз кылган эпентеза кубулушу,

• сөздүн кыскарып айтылышын камсыз кылган *апокопа кубулушу*,

• сөз ичиндеги тыбыштардын же муундардын орун алмашып айтылышын камсыз кылган метатеза кубулушу ж.б.

7. *Муундун табияты, түрлөрү, типтери, тыбыштык курамы, айкашуу, сыйлыгышуу, жиктелүү эрежелери.*

8. *Басым жана анын түрлөрү.*

9. *Муунак (синтагма): курамы жана түрлөрү.*

10. *Интонация жана интонема: табияты, курамы, түрлөрү, типтери.*

11. *Алфавит, графика, орфография жана орфоэпия маселелери.*

12. *Траскрипция маселелери ж.б.лар.*

Көрүнүп тургандай, бул жана ушул өңдүү башка объектилер фонетиканын тике же кыйыр түрдө тилдин бардык деңгээлдери менен бирдей карым-катышта болорун тастыктап турат. Анткени тил системасынын эң жогорку деңгээлиндеги сүйлөмдөн баштап төмөнкү деңгелиндеги уңгу-мүчөгө (морфемага) чейинки бардык эки жактуу бирдиктер сөзсүз түрдө кандайдыр бир тыбыштык турпатка жана мааниге ээ болушу шарт.

Ал эми тыбыш (фонема) болсо өз алдынча эч маанини билдирбейт, бирок морфемадан сүйлөмгө чейинки эки жактуу маани берүүчү бардык бирдиктердин тыбыштык турпатын куроо үчүн кызмат кылат. Ушунун өзү эле фонетиканын тилдин бардык деңгээлдери менен бирдей байланышта болорун ачык далилдейт.

Демек, фонетиканын табиятын түшүнбөй туруп тил системасынын бөлүктөрү менен тил илиминин бөлүмдөрүнүн табиятын да илимий жактан аңдап түшүнүү мүмкүн эмес.

Фонетиканын түрлөрү

Фонетика теориялык жактан жалпы фонетика жана жеке фонетика болуп экиге жиктелет. Жалпы фонетикада дүйнөдөгү бардык тилдердин тыбыштык түзүлүшүндөгү жалпы өзгөчөлүктөр, тыбыштардын жасалуу, угулуу, кабылдануу заңдары, заттык, кызматтык жалпылыктары, фонологиялык концепциялар, тыбыш, фонема, морфонема, архифонема өңдүү түшүнүктөр, фонемалардын ажыратуу жана бириктирүү *(дифференциялдык жана интегралдык)* белгилери, фонологиялык оппозициялардын түрлөрү менен типтери, интонация каражаттарынын колдонулушу, тыбыштык системалардын тарыхый жактан өнүгүшү, алардын бири-бирине таасир этүү заңдары, бир системадагы тыбыштардын айкашуу, кеп агымындагы тыбыштардын колдонуу эрежелери, графика, орфография, орфоэпия принциптери жана алардын эрежелери сыяктуу көптөгөн теориялык маселелер каралат. Жеке фонетикада бул маселелер бир тилдин алкагында

өз чечилишин табат да, ал тилдин тыбыштык түзүлүшүн ар тараптан изилдөөгө шарт түзөт. Жалпы фонетика менен жеке фонетика өз ара тыгыз карым-катышта өнүгүп, жалпы фонетика жеке фонетиканын алкагында топтолгон фактыларга таянуу менен жалпы теориялык бүтүмдөрдү, түшүнүктөрдү, жоболорду иштеп чыкса, жеке фонетика жалпы фонетиканын алкагында иштелип чыккан ар кандай теориялык жоболорго, көзкараштарга, концепцияларга, түшүнүктөргө, эрежелерге, зан-мыйзамдарга ж.б.ларга таянуу менен гана бир тилдин тыбыштык түзүлүшүн так жана терең сыпаттап берүүгө жетише алат.

Изилдөө объектиси менен коюлган максатына карай фонетика төмөнкүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1) сыпаттама фонетика,
2) тарыхый фонетика,
3) тектештирме же тектештирме-тарыхый фонетика,
4) салыштырма же салыштырма-типологиялык фонетика,
5) диалектилик фонетика,
6) эксперименттик фонетика.

Сыпаттама фонетика (описательная, дескриптивная фонетика) – кээде синхрондук же статикалык фонетика деп да аталат. Белгилүү бир мезгилдеги тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдеп үйрөтөт. Көбүнчө тигил же бул тилдин азыркы учурдагы абалын иликтөө менен чектелет. Ошондуктан, маселен, «Азыркы кыргыз тили: фонетика» аттуу окуу китептер дал ушул сыпаттама фонетиканын бир түрү деп эсептелет.

Тарыхый фонетика (историческая, диахроническая фонетика) тилдин тыбыштык түзүлүшүнүн тарыхый жактан өнүгүп өзгөрүшүн изилдеп үйрөтөт. Азыркы мезгилге чейин эне тилибиздин тарыхый фонетикасы да, грамматикасы да жазыла элек.

Тилдин тыбыштык түзүлүшүн азыркы жана тарыхый жактан сыпаттоодо тектеш тилдердин фактысына да кайрылуу абзел. Бул болсо тыбыштардын тарыхый жактан өзгөрүү жана өнүгүү себептерин ачып берүүгө мүмкүндүк берет. Тектештирме (сравнительная), тектештирме-тарыхый (сравнительно-историческая) фонетика тектеш тилдердин тыбыштык жүйөсүндөгү жалпылык менен айырмачылыктарды салыштып изилдөө аркылуу бабатилдин тыбыштык жүйөсүн калыбына келтирүү максатын көздөйт. Буга мисал кылып «Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков: фонетика» (М: 1984) аттуу совет жана орус окумуштуулары тарабынан даярдалган орчундуу эмгекти айтууга болот.

Тарыхый фонетика менен тектештирме-тарыхый фонетика бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, тектештирме-тарыхый ыкманы колдонуу жагынан экөө тең бирдей жалпылыкты түзүшөт. Айырмачылыгы: Тарыхый фонетика

көбүнчө бир тилдин тыбыштык жүйөсүн тарыхый жактан изилдөө максатын көздөсө, тектештирме-тарыхый фонетика тектеш тилдердин негизин түзгөн бабатилдин тыбыштык жүйөсүн калыбына келтирүү максатын көздөйт. Ошондуктан буларды бири-бирине кескин карама-каршы коюу дайым эле мүмкүн боло бербейт.

Салыштырма, салыштырма—типологиялык (сопоставительно - типологическая) фонетика тилдерди тектеш же тектеш эместигине карабастан салыштырып изилдейт да, анда салыштырылып жаткан тилдердин тыбыштык түзүлүшүндөгү жалпылык менен айырмачылыктарды ар тараптан ачып берүү максаты коюлат. Салыштырма фонетика багытында кыргыз тил илиминде бир катар кандидаттык диссертациялар корголуп, окуу куралдары жазылган.

Диалектилик фонетика — тилдин жергиликтүү диалектилеринин тыбыштык өзгөчөлүктөрүн изилдөө максатын көздөйт.

Изилдөөнүн жаңы ыкмалары менен технологияларын пайдалануу жагынан *эксперименттик фонетика* фонетиканын бардык түрлөрүнөн өзгөчөлөнүп турат да, ал төмөнкүдөй төрт багытты ичине камтыйт:

1. *Акустикалык фонетика* — тилдеги тыбыштарды үн кубулушунун бир түрү катары карайт да, тилдин тыбыштык түзүлүшүн кимограф, осциллограф, интонограф, спектрограф өндүү акустикалык куралдарды колдонуу менен изилдейт.

2. *Артикуляциялык фонетика* — тилдеги тыбыштарды сүйлөө органдарынын иш-аракети менен байланышкан биологиялык кубулуш катары карап, тилдин тыбыштык түзүлүшүн палатограф, ренгенограф, миограф сыяктуу физиологиялык куралдардын жардамы менен изилдейт.

3. *Перцептивдик фонетика* — тилдеги тыбыштардын тил ээси тарабынан кабылдоо өзгөчөлүктөрүн изилдейт да, бул максатты ишке ашыруу үчүн психологиялык, психолингвистикалык жана акустика-артикуляциялык ыкмаларды колдонот.

4. *Компьютердик фонетика* — тилдин тыбыштык түзүлүшүн, оозеки кептин анализи менен синтезин компьютердик, сандык жана алдыңкы технологияларды колдонуу менен изилдейт.

Эксперименттик фонетиканын аталган багыттарынын ар бири боюнча да кыргыз тил илиминде бир катар диссертациялык изилдөөлөр аткарылган.

Фонетиканын үч аспекти

Тилдеги тыбыштар өтө татаал жана көп кырдуу кубулушка жаткандыктан алардын табиятын ар тараптан изилдөө талап кылынат. Аталган максатты ишке

ашыруу үчүн тыбыштар (1) акустикалык жактан да, (2) артикуляциялык жактан да, (3) тилдеги аткарган кызматы жактан да изилдөөгө алынууга тийиш. Тыбыштарды изилдөөнүн бул үч өңүтү **фонетиканын үч аспектиси** деп аталат.

Фонетиканын акустикалык аспекти

Тилдеги тыбыштар табияттагы адам баласынын кулагына угулган жана угулбаган көп кырлуу үн кубулушунун бир түрүнө жатат. Үн толкундары ар кандай чөйрөдө ар башка ылдамдык менен таралат: маселен, абада секунтуна 340м ылдамдык менен тараса, сууда секунтуна 1500м, темирде 4800м, болотто 5000м ылдамдык менен тарайт. Ал эми жарык нурунун ылдамдыгы секунтуна 300 000 км.ге жетет. Андыктан чагылгандын жарк этиши анын чарт эткен үнүнө караганда алда канча мурда көзгө көрүнөт.

Ошентип, тыбыштар акустикалык жактан үн толкундарынын бир түрү катары каралат да, аларды мүнөздөө үчүн төмөнкүдөй чоңдуктар колдонулат.

1. Термелүү жыштыгы. Фонетикада термелүү жыштыгы деп 1 секундда болуп өткөн толук термелүүнүн саны аталат, герц (гц) деген бирдик менен ченелет. Маселен, адамдын үн түйүндөрү секундуна 100 жолу термелсе, анда мындан пайда болгон үндүн термелүү жыштыгы 100 гц деп табылат. Адам баласынын кулагы 20 герцтен 20.000 герцке чейинки термелүү жыштыгындагы үндү кабыл алууга жөндөмдүү. Ошол эле маалда тилдеги тыбыштар 50 герцтен 10000 герцке чейинки термелүү жыштыгындагы үн менен чектелип, өйдөкү көрсөткүчтөн алда канча аз алкакты ичине камтыйт. Демек, ушунун өзү эле адамдын кулагы оозубуздан чыккан, тилде колдонулган тыбыштарды да, жандуу жана жансыз жаратылыштан чыккан ар түрдүү башка үндөрдү да угууга ыңгайлашканын ачык тастыктайт. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан, адам баласынан айырмаланып, балык, ит, мышык, куш, пил, жарганат, жылкы өндүү бир катар үй айбандары менен жапайы жаныбарлар 20 герцтен төмөнкү же 20 000 герцтен жогорку жыштыктагы үндү да кабыл алуу жөндөмүнө ээ. Маселен, жунусбалык (дельфин) менен киттер 200 000 герцке чейинки үндү кабылдай алышса, ит 40 000 герцке чейинки үндү кабылдай алат.

20 герцтен төмөнкү жыштыктагы үн *инфраүн* деп, 20 000 герцтен жогорку жыштыктагы үн *ультраүн* деп аталат. Булар кулакка угулбаганы менен тургушта кеңири колдонулат. Маселен, инфраүн түндө көрүүгө арналган аскери дүрбүлөрдө, ультраүн бейтап адамдын илдетин аныктоочу медициналык атайын жабдыктарда кеңири колдонулат. Ошондой эле атайын кызмат үчүн иттерди даярдоодо адамдын кулагы укпаган, бирок иттин кулагы уккан ультраүн чыгара турган ышкырыктарды пайдаланышат.

2. Үндүн бийиктиги. Термелүү жыштыгынан көз каранды болгон чоңдук. Термелүү жыштыгы канчалык көп болсо, үн ошончолук ичке чыгат. Тескерисинче, термелүү жыштыгы канчалык аз болсо, үн да ошончолук жоон чыгып, коңур угулат.

Үндүн бийиктиги — үндүн жоон-ичкелигин мүнөздөөчү чоңдук. Маселен, тилибиздеги үндүүлөрдүн жоон жана ичке болуп эки топко бөлүнүшү, бир муун ичиндеги тыбыштардын үндөштүк күүсүнө баш ийип же жоон, же ичке айтылышы, муунак, сүйлөм интонациясынын өзгөрүшү дал ушул белгинин негизинде ишке ашырылат. Аталган чоңдук ырчылык өнөрдө ырчылардын үнүн сыпаттоодо да колдонулат. Бул жагынан эң жоон үн **бас** деп, жоон үн **баритон** деп, ичке үн **тенор** деп, андан ичке үн **сопрано** деп, эң ичке үн **альт** же **контральт** деп аталат.

3. Термелүү арымы. Бул чоңдук термелүүчү нерсенин, айталы, үн түйүндөрүнүн, баштапкы абалдан четтөө аралыгын билдирет да менен ченелет.

4. Үндүн күчү. Бул чоңдук термелүүнүн арымынан көз каранды болгон чоңдук. Демек, термелүүнүн арымы канчалык чоң болсо, үн да ошончолук күчтүү чыгат, тескерисинче, термелүүнүн арымы канчалык кичине болсо, үн да ошончолук алсыз чыгат. Фонетикада үндүн күчү децибелл (дб) менен ченелет. **Белл** - акустика жаатындагы изилдөөчү, телефонду ойлоп тапкан инженер, акустикалык фонетикага чоң салым кошкон изилдөөчү.

Адам баласынын кулагына угулган эң алсыз үн **угумдун төмөнкү** чеги деп, эң күчтүү үн *угумдун жогорку чеги* деп аталат. Эгерде үн угумдун төмөнкү чегинен да акырын чыкса, анда ал кулакка угулбайт. Эгерде үн угумдун жогорку чегинен ашып, катуу чыкса, анда ал *ооруга чыдоонун чеги* деп аталат да, кулакка күч келтирип, денсоолукка зыян алып келиши же кулактын тарсылдагын жарып кетиши да мүмкүн.

Үндүн күчү термелүү жыштыгына карай ар түрдүү анықталат. Маселен, термелүү жыштыгы 1000 гц үн үчүн угумдун төмөнкү чеги 0 дб.ге барабар болсо, анын жогорку чеги 130 дб.ге барабар болот. Эгер үн мындан да каттуу чыкса, анда адамдын кулагы ооруу чегине кириптер болот.

Үндүн күчү термелүү жыштыгына жараша кулакка ар башкача угулат. Маселен, күчтөрү бирдей, бирок биринин термелүү жыштыгы 1000-3000 гц, экинчисиники 100-300 гц, үчүнчүсүнүкү 5000-10000 гц болгон үч үндүн ичинен биринчиси калган экөөнө караганда кулакка алда канча даана да, катуу да угулат. Ошондуктан үндүн күчүнүн акустикасы менен перцептивдик белгилери салыштырма мүнөздө болуп, бири-бирине дал келе беришпейт.

5. Үндүн созулушу. Тилдеги тыбыштарды айтуу үчүн белгилүү бир өлчөмдөгү убакыт бирдиги талап кылынат. Демек, бул жагынан тилдеги айрым

бир тыбыштар өтө кыска, экинчилери андан созулуңку, үчүнчүлөрү өтө созулуп айтылышы мүмкүн.

Үндүн созулушу боюнча тыбыштар топ-тобу менен төмөнкүдөй жайгашат: 1) каткалаң жарылма үнсүздөр: п,т,ч,к; 2) каткалаң жылчыкчыл үнсүздөр: с,ш; 3) жумшак жарылма үнсүздөр: б,д,ж,г; 4) жумшак жылчыкчыл үнсүздөр: з,г; 5) жарылма уяң үнсүздөр: м,н,ң; 6) жылчыкчыл уяң үнсүздөр: л,р,й; 7) кыска кууш үндүүлөр: ы,и,у,ү; 8) кыска кең үндүүлөр: а,е,о,ө; 9) созулма кууш үндүүлөр: уу,үү; 10) созулма кең үндүүлөр: аа,ээ,оо,өө. Мында эң кыска айтылган т тыбышы менен эң созулуп айтылган **аа** тыбышынын ортосунда калган бардык тыбыштар жайгашат. Ошол эле маалда бул белги тилибиздеги созулма жана кыска үндүүлөрдү айырмалоо кызматын аткарат. Эксперименттик фонетика көрсөткөндөй, тилибиздеги созулма үндүүлөр кыска үндүүлөргө караганда болжол менен 2-3 эсе созулуп айтылат.

Тилдеги тыбыштардын созулушу миллисекунт (мс) менен ченелет. Мында 1 миллисекунт 1 секунддун миңден бир үлүшүнө барабар, б.а.1 мс = 1/1000 сек.

Адам баласынын кулагынын угум чеги — 30-50 мс. Эгер тыбыш бул убакыттан кыска айтылса, анда ал угум чегинен төмөн туруп, кулакка угулбай калат. Демек, адам баласынын кулагы 30-50 мс.тан жогору созулуп айтылган тыбыштарды гана угуп кабылдоого жөндөмдүү.

6. Үндүн тембри. Үндүн сапатын аныктоочу чоңдук, негизги тон жана кошумча тон деген түшүнүктөр аркылуу сыпатталат.

Негизги тон - адам баласынын үн түйүндөрүнүн жекече термелүүсүнүн натыйжасында пайда болгон үн. Ар бир адамдын жана эркек менен аялзатынын үн түйүндөрү бири-биринен айырмаланып турат. Маселен, эркектердин үн түйүндөрү 1,5 см чамалуу болсо, аялдардыкы 1,2 смдей болот. Аялдардын үн түйүндөрү кыска, ошон үчүн алардын үнү эркектикине караганда ичке чыгат. Акустикалык жактан эркектердин негизги тону 80-250 гц аралыкты түзсө, аялзатынын негизги тону 140-500 гц жыштыкта ишке ашырылат. Ал эми балдардын негизги тону 170-600 гц жыштыктагы үнгө туура келет.

Кошумча тон - үн түйүндөрүнүн термелүүсүнүн натыйжасында пайда болгон негизги тондон башка тондор. Негизги жана кошумча тондор (үндөр) ооз, мурун, көмөкөй көндөйлөрүнөн чыккан жаңырык тондор менен коштолот. Кошумча тондор **обертондор** деп аталат. Айтылган сөздүн тутумундагы тыбыштар **негизги** жана **кошумча** тондор менен **жаңырык** тондордун аралашмасынан турат.

7. Үндүн спектри. Күндүн жарыгы ар кандай түстөгү нурду ичине камтыган сыяктуу тилдеги тыбыштар да ар кандай акустикалык элементтерди ичине камтыйт. Үндүн **спектри** деп үн тутумундагы акустикалык элементтердин өз ара катышы аталат. Фонетикада тыбыштардын спектрин алуу үчүн **спектрограф** деген атайын прибор колдонулат.

Фонетиканын артикуляциялык аспекти

Тилдеги тыбыштар сүйлөө органдарынын иш-аракетинин натыйжасында пайда болгондуктан, ал тыбыштардын фонетикалык (жасалыш жана/же угулуш) өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн тыбыш жасоонун артикуляциялык аспектисин билүү зарыл.

Тилдеги тыбыштарды жасоодо үч түрдүү органдардын системасы катышат.

1. Дем алуу органдары. Өпкө жана көкүрөк булчуңдарын камтып, кекиртек жана үн түйүндөрү аркылуу аба агымын ооз көңдөйүнө айдоо кызматын аткарат. Аба агымын ооз көңдөйүнө айдоонун натыйжасында үн түйүндөрү дирилдеп, үн пайда болот. Ал эми аба агымынын ооз көңдөйүнүн бир жериндеги тоскоолду жарып өтүшү же андан кысылып чыгышы аркылуу шыбыш пайда болот. Ошондуктан үн түйүндөрү үн жасоочу органдар деп, шыбыш чыгаруучу органдар шыбыш жасоочу органдар деп аталат.

2. Үн жасоочу органдар. Кекиртек менен ооз көңдөйүнүн туташкан жеринде жайгашкан үн түйүндөрүнүн дирилдешинин натыйжасында үн пайда болот. Дем алуу жана дем чыгаруу учурунда үн түйүндөрү ачык болсо, сүйлөп жаткан учурда кысылып, жабылыңкы абалда болот. Үн түйүндөрүнүн термелүүсүнүн натыйжасында пайда болгон үн **негизги тон** деп аталат.

Негизги тон үндүү тыбыштардын жасалышына тикелей негиз болсо, уяң, жумшак үнсүздөрдүн жасалышына шыбыш менен бирге ар кандай катышта негиз болот.

3. Тыбыш жасоочу органдар. Булар сүйлөө органдары деп аталат да, курамына көмөкөй көңдөйүн, мурун көңдөйүн жана ооз көңдөйүн камтыйт.

Сүйлөө органдарынын ичинен тыбыштарды жасоодо ооз көңдөйү өзгөчө роль ойнойт. Ооз көңдөйү тил, кичинекей тил, астыңкы жана үстүнкү тиштер, катуу жана жумшак таңдайларды камтып, эриндер менен бүтөт. Бул органдар активдүү жана пассивдүү органдар деп экиге бөлүнөт. Тактап айтканда, тилдин бардык бөлүгү, кичинекей тил, жумшак таңдай, астыңкы эрин, үн түйүндөрү активдүү органга жатса, калган органдар пассивдүү органга жатат.

Үндүү тыбыштардын жасалышында тил вертикалдык жана горизонталдык багытта кыймылга келүү менен ооз көңдөйү ар кандай формага ээ болуп, негизги тонго ар кандай кошумча тондорду кошумчалап, үндүү тыбыштардын жасалышын шарттайт. Үнсүздөрдүн жасалышында ооз көңдөйүнүн ичиндеги активдүү жана пассивдүү органдар бири-бирине тийишип же жакындашып ар кандай тоскоолдорду пайда кылат да, үнсүз тыбыштардын өзөгүн түзгөн шыбышты пайда кылат.

Ошентип, тыбыштардын артикуляциялык жана акустикалык касиеттери бири-бири менен татаал жана көп жактуу байланышта болот. Ошондуктан фо-

нетикада тыбыштардын артикуляциялык касиетине карай алардын акустикалык белгилерин, тескерисинче, акустикалык белгилери боюнча артикуляциялык касиеттерин калыбына келтирүүгө болот. Демек, тыбыштардын жогоркудай фонетикалык касиеттерине байланыштуу так маалыматтар алардын тилде аткарган кызматын иликтөөгө өбөлгө түзөт.

Фонетиканын лингвистикалык аспекти

Тилдеги тыбыштардын акустикалык жана артикуляциялык табияты өтө таатаал жана көп кырдуу. Маселен, кеп агымында ар бир тыбышты айтуу үчүн 1 секунтта сүйлөө органдарынын 100 дөн ашуун түрдүү булчуңдары аракетке келери аныкталган. Бирок буга карабастан пикир алышуу өнөктүгүндө тыбыштардын уруттуу деп табылган өзгөчөлүктөрү гана пайдаланылат. Бул жагдай фонетиканын тилдик аспектинде иликтөөгө алынат да, ал **функционалдык** фонетика же **фонология** деп аталат. Фонетиканын тилдик аспекти тил илиминде алгачкы ирет Бодуэн де Куртене тарабынан негизделген. Анын фонологиялык окуусу академик Л.В.Щебра жана фонологиянын атасы болгон Н.С.Трубецкой тарабынан өркүндөтүлгөн. Генеративдик фонология аттуу фонологиядагы өзгөчө багыт америкалык окумуштуу Наум Хомский тарабынан иштелип чыккан.

Тилдеги тыбыштардын аткарган кызматын андап билүү жана тил менен кептин табиятын түшүнүү үчүн **тыбыш** жана **фонема** (үнтек) деген түшүнүктүн жалпылык жана айырмачылыктарын так аныктоо зарыл.

Тыбыш деген түшүнүккө фонетикада төмөнкүдөй аныктама берилет: айтылган сөздүн тутумундагы кулакка угулган эң кичинекей фонетикалык бирдик **тыбыш** деп аталат. Маселен, ат, эт, от, өт деген бир муундуу төрт сөздү алып көрөлү. Бул төрт сөздүн тутумунда 4 үндүү жана 4 үнсүз тыбыш бар. Алардын ичинен үндүү жана үнсүздөрү төмөнкүлөр: а*т = [at], эт = [et'], от = [ot°], өт = [öt°']*.

Көрүнүп тургандай, бул 4 сөздүн башында 4 кең үндүү келди. Ал эми алардын соңунда өзүнөн мурда келген үндүүнүн таасири менен бир эмес, 4 башка үнсүз тыбыш айтылды. Атап айтканда: t- жоон үнсүз, t' - ичке үнсүз, t° - эриндешкен жоон үнсүз, *t°'* - эриндешкен ичке үнсүз.

Дагы бир мисалга кайрылып көрөлү:бал = *[ba°l], бел = [b'e°l'],* бол = *[b°o°l°], бөл = [b°'ö°l°']*. Мында сөз ортосунда, өйдөкүдөн айырмаланып, эриндешкен *a°, e°, o°, ö°* үндүү тыбыштары айтылчил үнсүздүн таасири менен эриндешкен ды. Үнсүздүн үндүүгө тийгизген таасирин мурундашып айтылган үндүүлөрдөн да ачык байкоого болот. Мисалы: нан = *[nãn],* Манас = *[mã/nãs],* асман = *[as/mãn]* ж.б. Мында нан, Манас, асман сөздөрүндө келген ã үндүүсү мурунчул н,м үнсүздөрүнүн таасири менен мурундашып айтылды. Демек, мындан биз ат, бал,

нан сөздөрүнүн тутумунда бир эмес, үч башка үндүү тыбыш келет деп жыйынтык чыгарууга тийишпиз.

Ошентип, тилдеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын курамы, салттуу көз караштан айырмаланып, 39 эмес, жүздөгөн тыбыштарды ичине камтыйт. Маселен, Алимхан Жүнисбековдун эсеби боюнча, казак тилинин фонетикалык базасы 500дөн ашуун тыбышты ичине камтыйт. Кыргыз тилиндеги тыбыштардын саны да бул көрсөткүчтөн ашып түшпөсө, эч качан кем болушу мүмкүн эмес.

Тилдеги тыбыштар жүздөп саналганы менен окшоштук жагынан алар ондоп саналган үнтек же фонема аттуу бирдикке биригет. Маселен, жогорудагы ат, эт, от, өт сөздөрүнүн соңунда келген төрт үнсүз *[t, t', t°, t°']* бир гана | *t* | фонемасын түзөт, б.а. *[t, t', t°, t°']<=>* | *t* |.

Көрүнүп тургандай, бул төрт үнсүз тыбыштын ар бири өздөрүнө мүнөздүү болгон айырмачылыктарына карабастан бир гана фонемага бириктирилди.

Ал эми жазууда болсо тыбыш эмес, фонема белгиленет. Буга жараша жазуу системасында колдонулган тамгалардын саны да тыбыштардын санынан алда канча аз келип, көбүнесе фонемалардын саны менен бирдей болот.

Ошентип, фонемага төмөнкүдөй аныктама берүүгө болот: *тилдеги окшош тыбыштарды жалпылаштыруучу бирдик* ***үнтек же фонема*** *деп аталат.*

Фонема менен тыбыштын ортосунда төмөнкүдөй айырмачылыктар бар:

1. Тыбыш конкретүү бирдик, фонема абстрактуу бирдик.
2. Тыбыш жекече бирдик, фонема жалпылоочу бирдик.
3. Сөздүктөгү сөз, сөз мүчөсү фонемалардын тизмегинен куралат.
4. Тексттеги сөз, сөз мүчөсү тыбыштардын тизмегинен турат.

Маселен, тар,тер,тор,төр деген төрт сөздүн башында */m/* фонемасы, соңунда */p/* фонемасы, ортосунда */a,e,o,e/* фонемалары келет. Эгерде биз көптүк мүчөсү уланган аттар, иттер, оттор, чөптөр деген сөз формаларын алсак, анда булардын тутумундагы *—мар/-мер/-мор/-мөр* тизмектери бир эле мүчөнүн төрт башка вариант-көрсөткүчүнө жатат. Бирок буга карбастан алардын фонемалык курамы жогорку сөздөрдүн фонемалык курамына толугу менен дал келет. Демек: **сөздү жана сөз тутумундагы уңгу-мүчөнү маани же форма жактан айырмалоо касиети фонеманын эң негизги касиети деп табылат.**

Ошентип, фонема окшош тыбыштарды жалпылоочу бирдикке жатат да, анын ички мазмуну фонемага бириктирилген тыбыштардын ички мазмуну менен аныкталат. Бирок тыбыштардын ички мазмунуна караганда фонеманын ички мазмуну алда канча жарды болот. Ал эми тыбыштардын ички мазмуну фонеманыкына карганда, тескерисинче, дайыма бай болот. Себеби, айтылган тыбыш угуу сезимибиз менен кабылдангандыктан, конкреттүү бирдикке жатса, фонема

акыл-эсибиз менен андап түшүнүлгөндүктөн жана өзү камтыган тыбыштардын ичинде гана жашагандыктан, ал абстрактуу бирдикке жатат. Демек, фонеманын ички мазмунунун жарды жана тыбыштын ички мазмунунун бай болушу дал ушул фактор менен шартталат. Анткени чындыктагы конкреттүү нерсе ички мазмуну жагынан абстрактуу нерсеге караганда дайыма бай болот.

Маселен, жогоруда белгиленген *ат, эт, от, өт* сөздөрүнүн соңунда келген *[t, t', t°, t°']* тыбыштары бир гана | *t* | фонемасын түзөт. Бирок | *t* | фонемасынын ички мазмуну *[t, t', t°, t°']* тыбыштарынын ар бирине тиешелүү болгон жеке белгилерин эмес, жалпы белгилерин гана ичине камтыйт.

Жыйынтыктап айтканда, сөздүктөгү сөз (сөздүн уңгусу да, мүчөсү да) тилдеги даяр сакталган бирдиктерге жатат да, фонемалардын тизмегинен куралат. Ал эми кеп агымында айтылган сөз (сөздүн уңгусу да, мүчөсү да) тыбыштардын тизмегинен куралат.

Ошентип, бул жагдайдан эки башка теориялык натыйжа келип чыгат:

1) сүйлөөчү фонемадан тыбышка өтүү аркылуу сөздү айтат;

2) тыңдоочу айтылган сөздүн тутумундагы тыбыштардан фонемага өтүү аркылуу ал сөздүн маанисин андап түшүнөт;

3) мунун натыйжасында сүйлөөчү менен тыңдоочунун ортосунда пикир алышуу өнөктүгү ишке ашырылат.

Үндүүлөр системасы

Үндүү тыбыштардын табиятын түшүнүү үчүн адегенде алардын үнсүздөрдөн болгон айырмачылыгын билүү зарыл. Тилибиздеги үндүү тыбыштар үнсүздөрдөн төрт жагынан төмөнкүчө айырмаланат:

1. Акустикалык жактан үндүүлөр жалаң гана тондон (үндөн) турса, үнсүздөр жалаң гана шыбыштан, же шыбыш менен үндүн катышынан турат. Бул жагынан үндүүлөр *тончул тыбыштар* деп, үнсүздөр *шыбышчыл тыбыштар* деп аталат.

2. Артикуляциялык жактан үндүү тыбыштар айтылганда өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эч бир тоскоолдукка учурабай ооз көңдөйүнөн эркин чыгат. Ал эми үнсүз тыбыштарды айтканда өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы ооз көңдөйүнүн бир жеринде пайда болгон тоскоолдукка сөзсүз түрдө учурайт. Үндүүлөр тоскоолдукка учурабай жасалгандыктан, алардын жасалуу орду жок болот. Ал эми үнсүздөрдүн жасалуу орду милдеттүү түрдө бар болот. Ошондуктан үндүүлөр *тоскоолсуз тыбыштар* деп, үнсүздөр *тоскоолчул тыбыштар* деп аталат. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан үндүүлөр жасалуу орду жок, бирок жасалуу булагы бар тыбыштарга жатса, үнсүздөр жасалуу орду да, жасалуу булагы да бар тыбыштарга

жатат. Булардын ичинен үндүүлөрдүн жасалуу булагы болуп үн түйүндөрүнүн дирилдешинин натыйжасында пайда болгон негизги тон менен негизги тондун кубулуп, өзгөрүшүнүн, көмөкөй, ооз, мурун көңдөйлөрүнөн жаңырып чыгышынын натыйжасында пайда болгон кошумча жана жаңырык тондор эсептелет. Ал эми ооз көңдөйүнүн бир жеринде пайда болгон тоскоол үнсүздөрдүн жасалуу булагы да, жасалуу орду да болуп эсептелет. Ошол эле маалда айрым мурунчул үнсүздөр үчүн мурун көңдөйү, жумшак жана уяң үнсүздөр үчүн үн түйүндөрү кошумча булак деп табылат.

3. Тилдеги аткарган кызматы жагынан үндүү тыбыштар эң кичинекей айтым бирдиги болгон муундун өзөгүн түзсө, үнсүздөр муундун кошумча компонентин түзөт. Ошондуктан үндүүлөр *муунчул тыбыштар* деп, үнсүздөр *муунчул эмес тыбыштар* деп аталат.

4. Семиотикалык жактан үндүү тыбыштар муун аркылуу сөз жана сөз мүчөсүнүн айтылышына кызмат кылса, үнсүз тыбыштар сөз жана сөз мүчөсүн маани жактан ажыратуу кызматын аткарат.

Маселен, жоктукту билдирген -сыз мүчөсүнүн төрт көрсөткүчүнүн башында с, соңунда з тыбыштары келип, аталган мүчөнүн маанисине тике байланса, ортон өңүттө келген төрт үндүү мүчөнүн маанисинен дээрлик окчун туруп, маани жак менен кыйыр түрдө гана байланышат. Муну схема түрүндө төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

с	ы и у і	з
‘жоктук’		

Көрүнүп тургандай, үндүүлөр мүчөдө өзгөрүлмөлүү келип, мүчөнүн маанисси менен кыйыр түрдө байланышса, үнсүздөр туруктуу келип, мүчөнүн мааниси менен түздөн түз байланышат.

Демек, бул өзгөчөлүктөн төмөнкүдөй теориялык бүтүм келип чыгат: *үндүү тыбыштар муун аркылуу сөз жана сөз мүчөсүнүн айтылышына кызмат кылса, үнсүз тыбыштар сөз жана сөз мүчөсүнүн маанисине тике байланып, тилдеги маани алып жүрүүчү бирдиктин милдетин аткарат. Мунун натыйжасында морфеманын тыбыштык жагы бирнчиден үнсүз тыбыштардын тизмегинен куралса, андан соң үндүү тыбыштардын тизмегинен куралат.*

Ошентип, үндүү тыбыштар менен үнсүз тыбыштардын айырмачылыктары аныкталган соң кыргыз тилиндеги үндүүлөрдүн курамын тактоо маселеси келип чыгат.

КИТЕПКАНА
БИБЛИОТЕКА

Курамы

Түркология менен кыргыз тилтаанымында калыпташкан салттуу көз караш боюнча, кыргыз адабий тилиндеги үндүүлөрдүн курамы 14 тыбышты ичине камтыйт. Алар төмөнкүлөр: (1) а, е, о, ө, ы, и, у, ү; (2)аа, ээ, оо, өө, уу, үү. Ошол эле маалда айрым тилчи-окумуштуулар созулма үндүүлөрдү бир тыбыш эмес, бир тыбыштын катар келген айкашы катары карашат.

Ажыратуу белгилери

Үндүүлөрдү система катары бир бүтүмдүккө бириктирип, аларды бири-биринен жана үнсүз тыбыштардан айырмалап турган белгилер үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери деп аталат. Демек, үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери, биринчиден, бир үндүүнү экинчи бир үндүүдөн айырмаласа, экинчиден, бардык үндүү тыбыштарды үнсүз тыбыштардан айырмалайт.

Үндүүлөрдүн ажыратуу белгилери кыргыз жана башка түрк тилдери үчүн, негизинен, жалпылыкты түзөт. Булардын ортосундагы айырмачылык тогузунчу [ə] үндүүнүн бар-жок экендигине байланыштуу жана фарингалдуу үндүүлөрдү камтыган тува тили үчүн мүнөздүү. Ошентип, төмөнкү төрт белги үндүүлөрдүн ажыратуу белгиси деп табылат.

1. Созулма-кыскалык белги. Бул белги сапаттык эмес, сандык мүнөзгө ээ. Тактап айтканда, ал үндүүлөрдүн курамын созулма жана кыска үндүүлөр деген эки топко бөлөт да, бул эки топ бири-биринен созулуп же кыска айтылышы жагынан гана айырмаланат. Созулма жана кыска үндүүлөр калган бардык акустика-артикуляциялык касиеттери боюнча толугу менен бири-бирине дал келет. Эксперименттик фонетика багытындагы даректер көрсөткөндөй, созулма үндүүлөр өзүнүн кыска түгөйүнө караганда болжол менен 2 эсеге созулуп айтылат. Созулма үндүүлөр көпчүлүк окумуштуулар тарабынан бир тыбыш катары каралса, айрым окумуштуулар тарабынан тыбыштык айкаш катары каралат.

Ошентип, түркологияда калыптанган салттуу көзкараш боюнча, созулма үндүүлөр бир тыбыш деп каралат да, төмөнкүдөй чакан түгөйлөр аркылуу далилденет: *сат - саат, эк - ээк, жон - жоон, өн - өөн, ук - уук, жүн - жүүн* ж.б. Демек, бул жана ушул өңдүү башка түгөйлөр аркылуу кыргыз тили үчүн төмөнкүдөй 8 кыска жана 6 созулма үндүү бөлүнөт:

1. Кыска үндүүлөр: *а, е, о, ө, ы, и, у, ү;*
2. Созулма үндүүлөр: *аа, ее (жазууда - ээ), оо, өө, уу, үү.*

Кыргыз тилинин диалектилик негизин изилдеген акад. Б.М.Юнусалиев өзүнүн «Кыргыз диалектологиясы» аттуу эмгегинде жогорудагы 6 созулма үндүүнүн тизмесин анда катталбаган 2 кууш созулма үндүү менен толуктайт: *ыы, ии; карыыр, чириир* ж.б. Ошол эле маалда фую кыргыздарынын тилинде созулма ыы, ии тыбыштары сөздүн башкы муунунда да, калган бардык муундарында да бирдей келе берет экен: *мыын - мойун, гиис - кийиз, жиит - жигит, иин - ийин, ырыых - ыраак, алыс* ж.б.

Созулма үндүүлөрдү тыбыштык айкаш деп караган экинчи көз карашта төмөнкү фактылар жетекчиликке алынат:

1. Түрк тилдериндеги созулма үндүүлөр (а) үндүү менен үнсүздүн айкашынан, же (б) эки үндүүнүн ортосундагы үнсүздүн түшүп калышынан пайда болот:

(а) tağ > too, suğ > suu;
(б) sağat > saat, oğul > uul.

2. Кыргыз тилинде *қ/к* тыбыштары менен бүткөн бир муундуу сөздөрдөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзүнүн сакталышы же сакталбай түшүп калышы төмөнкү эреже боюнча жөнгө салынат:

(а) бир муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмө мүчөнүн башкы үнсүзү сакталып айтылат же каткаландашуу кубулушуна кириптер болот:

бак + га > бакка *так + га > такка,*
жак + га > жакка *көк + га > көккө.*

(б) эки же көп муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылат:

бычак + га > бычака *тарак + га > тарака,*
терек + га > тереке *жүрөк + га > жүрөкө ж.б.*

(в) созулма үндүү менен келген аталган типтеги бир муундуу сөздөн кийин барыш жөндөмөнүн башкы үнсүзү түшүрүлүп айтылат:

тоок + га > тооко *суук + га > суука,*
жаак + га > жаака *жээк + га > жээке ж.б.*

Көрүнүп тургандай, созулма үндүү менен келген бул типтеги «бир муундуу» сөздөр «бир муундуу» экендигине карабастан эки муундуу сөздүн эрежесине баш ийди. Ошол эле маалда сөздүн муун саны үндүүлөрдүн саны менен аныкталары белгилүү болот. Демек, мында созулма үндүүлөр бир тыбыш эмес, бир тыбыштын кайталанган айкашы катары өздөрүн көрсөтөт.

3. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги аркылуу мамиленин -т мүчөсү бир эмес, көп муундуу этиштен кийин келет:

майла + т > майлат *ыйла + т > ыйлат,*
сыла + т > сылат *чыла + т > чылат,*
ышта + т > ыштат *ише + т > ишет ж.б.*

Бирок созулма үндүү менен келген бир муундуу сөздөн кийин демейки эреже жол берген аркылуу мамиленин -дыр көрсөткүчү эмес, -т көрсөткүчү уланат:

жуун + т > жуунт *суур + т > суурт,*
муун + т > муунт *куур + т > куурт ж.б.*

Демек, бул учурда да созулма үндүүлөр өздөрүн бир тыбыш эмес, бир тыбыштын катар келген айкашы катары көрсөтөт.

Жыйынтыктап айтканда, фонологиялык жактан тилибиздеги созулма үндүүлөрдү бир тыбыш эмес, тыбыштык айкаш деп кароого толук негиз бар. Бул болсо созулма үндүүлөрдү жазууда бир тамга менен эмес, эки тамга менен белгилөөгө жол ачкан кыргыз графикасынын буга байланыштуу эрежелери теориялык жактан туура негизде түзүлгөндүгүн далилдейт. Ошентсе да, түркологияда калыптанган салт боюнча кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр өзүнчө тыбыш катары каралып келет.

2. Кең-кууштук белги. Акустикалык жактан бул белги үндүүлөрдүн айтылышында ооз көндөйүнөн абанын көп же аз чыгышына негизделсе, артикуляциялык жактан үндүүлөрдүн жаактын кең ачылып же кууш абалда айтылышына негизделет. Ошондуктан жаак кең ачылып айтылган үндүүлөр кең үндүүлөр деп, жаак кууш абалда айтылган үндүүлөр кууш үндүүлөр деп аталат:

кең үндүүлөр - *а,е,о,ө; аа,ээ,оо,өө,*
кууш үндүүлөр - *ы,и,у,ү; уу,үү.*

Тилдеги колдонулушу жактан мүчөдөгү үндүүлөр же жалаң кең, же жалаң кууш болот. Бул эреже үндүүлөр системасы боюнча тарыхый жактан кескин жылыштарга кабылган татар-башкыр тилдеринен башка бардык түрк тилдерине бирдей таралат:

кырг.: -чы	*-лар*	*-нын*	*-га*
-чи	*-лер*	*-нин*	*-ге*
-чу	*-лор*	*-нун*	*-го*
-чү	*-лөр*	*-нүн*	*-гө.*
түрк.:-çı	*-lar*	*-ın*	*-a*
-çi	*-ler*	*-in*	*-e*
-çu	*-ø*	*-un*	*-ø*
-çü	*-ø*	*-ün*	*-ø.*

Көрүнүп тургандай, мүчөдөгү үндүүлөр же жалаң кең, же жалаң кууш болот да, эч качан бул эки топтогу үндүүлөр (татар-башкыр тилдеринен башкасында) аралашып келбейт, ага тил өзү да жол бербейт. Демек, мындан төмөнкүдөй бүтүм келип чыгат: үндүүлөрдүн кең-кууш болуп эки топко бөлүнүшү тил илиминдеги тилчи-окумуштуулар тарабынан ишке ашырылган бөлүштүрүү эмес, мүчөлөмө типологиядагы түрк тилдеринин ички түзүлүшү менен шартталган жана тарыхый жактан калыпташкан тилдеги ички бөлүнүшкө жатат.

3. Ачык-эриндик белги. Бул белги артикуляциялык жактан үндүүлөр айтылганда эриндин катышып же катышпай тургандыгына негизделет да, эриндер катышып, чормоюнку абалда айтылган үндүүлөр эрин үндүүлөр деп, эрин катышпай, ачык абалда айтылган үндүүлөр ачык үндүүлөр деп аталат:

ачык үндүүлөр - *а,е,ы,и; аа,ээ,*
эрин үндүүлөр - *о,ө,у,ү; оо,өө,уу,үү.*

Акустикалык жактан эрин үндүүлөр өздөрүнүн ачык түгөйлөрүнө караганда бир аз жоон айтылат.

Функционалдык жактан мүчөдөгү созулма үндүүлөр жалаң гана эрин үндүүгө тиешелүү болот да, бул типтеги мүчөлөрдө ачык үндүүлөрдүн колдонулушуна чек коюлат: *-луу/-лүү, -оо/-өө, -уу/-үү*. Мисалы: *Аталуу бала арсар жетим, Энелүү бала эрке жетим. Алтооң ала болсоң алдыдагыны алдырасың, Төртөөң төп келсең төбөдөгүнү аласың.*

Ошол эле маалда түрк тилдеринин көпчүлүгүндө, кыргыз тилинен айырмаланып, мүчөдөгү кең үндүүлөр жалаң гана ачык үндүүлөрдөн болот. Мисалы: каз. *-лар/-лер, -дар/-дер, -мар/-мер; -да/-де, -ма/-ме; -ға/-ге,*

-қа/-ке; түрк.: *-lar/-ler, -da/-de, -ta/-te; -ça/-çe; -ca/-ce* ж.б. Демек, бул тилдерде кең эрин үндүүлөрдүн мүчөдө колдонушуна чек коюлат.

4. Жоон-ичкелик белги. Бул белги акустикалык мүнөзгө ээ. Ошентсе да, артикуляциялык жактан үндүүлөрдүн айтылышында тилдин көлдөлөң абалы боюнча артка тартылышы же алга жүткүнүшү аркылуу так аныкталат. Тилдеги колдонулушу жактан түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүгүн аныктаган жана айтылган сөздүн фонетикалык паспортун түзгөн үндөштүк кубулушун ишке ашырат да, төл сөздөрдүн баштан аяк же жоон, же ичке айтылышын шарттайт. Мисалы: *кыргыз, кымыз, кызыр* сөздөрү баштан аяк жоон айтылса, *келин, кереге, билерик, ийгилик* сөздөрү баштан аяк ичке айтылат. Ошондуктан, жоон айтылган үндүүлөр жоон үндүү деп, ичке айтылган үндүүлөр ичке үндүү аталат:

жоон үндүүлөр - а,о,ы,у; аа,оо,уу,
ичке үндүүлөр - е,ө,и,ү; ээ,өө,үү.

Артикуляциялык базасы

Артикуляциялык база – сүйлөө органдарынын тарыхый жактан калыптанган кыймыл-аракетинин жүйөсү. Сүйлөө органдары физиологиялык жактан бардык адамдарда бирдей, бирок алардын калыптануу кыймыл-аракети ар тилде ар башка. Демек, артикуляциялык базага мүнөздөмө берүү үчүн тилдеги ар бир тыбышты жасоодо катышкан сүйлөө органдарынын калыпташкан иш-аракети менен абалын так аныктоо талап этилет.

Үндүү тыбыштардын артикуляциялык базасында (1) үн түйүндөрү дирилдеп толук термелип, үндүүлөрдүн өзөгүн түзгөн үндү пайда кылышы, (2) тилдин тик же көлдөлөң абалы боюнча кыймылга келип, ооз көңдөйүнүн ар кандай формадагы резонаторго ээ болушу, (3) эриндердин чормоюңку абалда катышып же бейтарап абалда катышпай айтылышы чечүүчү мааниге ээ. Булардын ичинен үн түйүндөрү чыңалып, үн жолун жаап, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы бул тоскоолду жарып өтүшү, натыйжада үн түйүндөрү дирилдеп толук термелип, үндү пайда кылышы, фонетикадагы соңку изилдөөлөр көрсөткөндөй, бардык үндүүлөрдүн жасалышындагы артикуляциялык милдеттүү орток белги деп табылат. Демек, үндүүлөрдүн артикуляциялык базасын мүнөздөөдө дал ушул жогорку өзгөчөлүктөр жетекчиликке алынууга тийиш.

Ошентип, үндүүлөрдүн мүнөздөмөсүн объективдүү негизде ишке ашырууда кыргыз фонетикасы боюнча топтолгон мол тажрыйба жетекчиликке алынды.

а [а] тыбышы - е тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү чыңалып, үн жолун жаап, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы бул тоскоолду жарып өтүшү аркылуу дирилдеп, толук термелип, таза үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кең үндүүгө жатат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагында жайгашып жоон айтылат. Айтылышы боюнча жоон жана тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай ачык үндүү деп табылат. Үндүн созулушу жагынан кыска айтылып, кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: ат, айт, бал, кант, ула, кура, чыда, алабата ж.б.

Тилдин артка тартылып же алга жүткүнүшү, мурун көңдөйүнүн ачылып же жабылышы муун ичинде жанаша келген үнсүздүн жасалуу орду менен жасалуу ыгына карай өзгөрүп турат. Маселен, *та-қа* сөзүндө биринчи муундагы а тил бир аз алга жүткүнүңкү абалда айтылса, экинчи муундагы *а* тил артка толук тартыл-

ган абалда айтылат. Ал эми *Ма-нас, а-ма-нат, аң-чы, ы-лаң, жаң-гак* сыяктуу мурунчул үнсүз катышкан муундарда өйдөкүгө кошумча бул тыбыштын таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун жолу ачылып, мурундашып айтылган варианты жасалат.

е [е] тыбышы - а тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак а тыбышына караганда толук эмес, жартылай кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон и тыбышынын айтылышына карай **кең үндүү** деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан **ичке үндүү** деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай **ачык үндүү** деп табылат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *эн [ен], эрк [ерк], бел, чек, теке, сирке* ж.б.

Тилдин көлдөлөң абалынын өзгөрүшү, мурун көңдөйүнүн ачылып же жабылышы муун ичинде жанаша келген үнсүздүн сапатынан да көз каранды. Маселен, *э-сен, че-чен, тен-тек, ме-кен, ке-ме, Се-ме-тей, кең-дик, эң-ке,* сөздөрүндөгү сен, чен, тен муундарында е тыбышы мурундашып, алга жүткүнүңкү абалда айтылса, ме, кең, эң муундарында мурундашып, артка тартыңкы абалда айтылат. Ал эми *те-ке, ке-се* сөздөрүндөгү *те, се* мурундарында тил алга жүткүнүңкү, ке муунунда тил артка тартыңкы айтылган абал жасалат.

о [о] тыбышы - ө тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон у тыбышынын айтылышына карай кең үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон үндүү деп табылат. Эриндер бир аз чормоюңку абалда калат. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөгөн абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *от, ок, бол, сок, соко, орто* ж.б.

Муун ичиндеги тишчил же алдыңкы таңдайчыл үнсүздөр менен катар келгенде тил алга жүткүнүңкү айтылган *абал* жасалат *(сал.: то-гуз, жо-моқ, со-гон),*

түпчүл же эринчил үнсүздөр менен келгенде тил артка тартыңкы айтылган вариант жасалат *(сал.: қо-муз, то-поз, то-мо-го, оң-қо, қор-го-шун)*. Мурунчул үнсүздөр менен чогуу келгенде өйдөкү өзгөрүүлөр менен бирге аталган тыбыштын мурундашып айтылган *варианты* жасалат. Маселен, мо, ңой, оң муундарында *(мо-мо-лой, то-мо-го, чо-ңой, оң-ко)* бул тыбыштын тил артка тартылып, таңдай көшөгөсү ылдый түшүрүлүп, мурундашып айтылган варианты жасалса, но, он *(но-кот, со-но, он-то)* муундарында анын тил алга жүткүнүңкү абалда мурундашып айтылган варианты жасалат.

ө [ö] тыбышы - о тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон ү тыбышынын айтылышына карай **кең үндүү** деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан **ичке үндүү** деп табылат. Ооз көңдөйү экиге бөлүнөт. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *өн, өрт, бөл, көрк, бөлө, сүйлө ж.б.*

Тилдин көлдөлөң абалы, таңдай көшөгөсүнүн ачылып же жабылышы муун ичинде жаналша келген үнсүздүн жасалуу ыгы менен жасалуу ордунан көз каранды. Эгерде бул тыбыш артчыл же эринчил үнсүздөр менен жаналша келсе, анын тил артка тартыңкы айтылган варианты жасалат *(сал.: кө-кө-лө, кө-пө-лөк)*. Калган катардагы үнсүздөр менен чогуу келгенде анын тил алга жүткүнүңкү айтылган варианты жасалат *(сал.: тө-тө, өл-чө-гүч)*. Мурунчул үнсүздөр менен чогуу келгенде аталган тыбыштын мурундашкан варианты жасалат *(сал.: мө-мө, мөлмөл, дөң-гө-лөк, кө-рөң-гө, тө-нө-гүч)*.

Ошентип, жогорудагы төрт үндүүнүн ичинен а тыбышы, калган үчөөнөн айырмаланып, жаак дээрлик кең ачылып, тил төмөн түшкөн абалда айтылат. Ал эми *е, о, ө* үндүүлөрү жаак жартылай кең ачылып, тил бир аз көтөрүңкү абалда айтылат. Бирок бул өзгөчөлүк тектеш түрк тилдеринин ичинен сегиз кыска үндүүнү камтыган кыргыз тили үчүн функционалдык жактан маанига ээ эмес деп табылат. Анткени кыргыз тилинде мүчөдөгү үндүүлөр же жалаң кең *(сал.: -лар/-лер/-лор/-лөр)*, же жалаң кууш *(сал.: -нын/-нин/-нун/-нүн)* болот.

ы [ı] тыбышы - и тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү толук термелип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү толук термелгендиктен **үндүү тыбыш** деп аталат. Жаак кууш ачылып, тил жогору көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кууш үндүү деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагында жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүүгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай **ачык үндүү** деп табылат. Созулушу жактан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ык, ырк, быш, сын, чыны, жаңы ж.б.*

Кеп агымында оозчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү жабылып, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгып, оозчул вариантта айтылат: *ты-быр-чы-ла, кы-зык-тыр-ды, ы-ла-йык-сыз-дык ж.б.* Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү ачылып, мурунчул вариантта келет: *кы-мыз, сы-нык, чы-ны, жа-ңы ж.б.* Түпчүл, эринчил катардагы үнсүздөр менен жаналша келгенде тил артка тартылып айтылган вариантта келет: кыр-гыз, кы-мы-ран, кымыз, бы-чак ж.б. Калган катардагы үнсүздөр менен жаналша келгенде тил алга жүткүнүңкү айтылган вариантта келет: *ты-кан, тыр-нак, чы-ны-гы, ба-йы, жылдыз, зы-мы-рык ж.б.*

и [i] тыбышы - ы тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жактан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүңкү абалда болуп, ичке айтылат. Айтылышы жактан **ичке үндүү** деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин *көлдөлөң* абалы боюнча тил алды үндүүгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда болот. Эриндин катышына карай **ачык үндүү** деп табылат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ил, ий, бил, тиш, киши, эчки ж.б.*

Кеп агымында оозчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү жабылып, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгып, оозчул вариантта айтылат: *киши, ки-йик, би-рин-чи-лик, ти-ри-чи-лик ж.б.* Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурун көңдөйү ачылып, мурунчул вариантта келет: *и-ни,ни-ке, се-миз, ке-мир, ке-ңи-ри, и-ңир, ил-бе-риң-ки ж.б.*

у [u] тыбышы - ү тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак ме-

нен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөгөн абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан **кыска үндүүгө** жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *үй, ун, кут, курт, кору, уйку ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *нур, муң, мурч, тун ж.б.*

ү [ü] тыбышы - у тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөй, эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *үй, үр, жүк, сүй, күлкү, түлкү ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *үн, күң, ө-мүр, түн ж.б.*

аа [а:] тыбышы - а тыбышынын созулма жана ээ тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү чыңалып, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымынын таасиринде дирилдетип, толук термелип, таза үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелгендиктен **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак чыңалып, кыска түгөйүнө караганда бир аз кең ачылат, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кең үндүүгө жатат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Тил ооз көңдөйүнүн арт жагына карай тартылып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон жана тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап абалды ээлейт. Эрин катышына карай ачык үндүү, созулушу жактан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *аары, аалам, саан, таар, жаа, таа ж.б.*

Муун ичинде тишчил же алдыңкы таңдайчыл үнсүздөр менен жанаша келгенде **аа** тыбышы тил бир аз алга жүткүнүңкү абалда айтылат: *таа, саа, жаа, жаат, таар* ж.б. Ал эми мурунчул үнсүз катышкан муундарда өйдөкүгө кошумча аталган тыбыштын мурундашып айтылган варианты жасалат: наам, маа-ра, жаан, саан, саам ж.б.

ее [е:] тыбышы - е тыбышынын созулма түгөйү жана **аа** тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак **аа** тыбышына караганда толук эмес, жартылай кең ачылат, кыска түгөйүнө караганда бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай жана кууш үндүүлөргө салыштырмалуу **кең үндүү** деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан **ичке үндүү** деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай **ачык үндүү** деп табылат. Созулуп айтылышы жагынан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ээн [е:n], ээк [е:k], жээк [уе:k], тээк [te:k], мээ[me:], бээ [be:] ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылган варианты жасалат: *мээ, чээн, жээн, зээн, мээр, мээнет ж.б.*

оо [о:] тыбышы —о тыбышынын созулма түгөйү жана **өө** тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, булчуңдары бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон **уу** тыбышынын айтылышына карай **кең үндүү** деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан **жоон үндүү** деп табылат. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү экиге бөлүнөт. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ооз,оор, оол, тоок, боор, соот, жоо, боо, тоо ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылган варианты жасалат: *жоон, коон, коом, моо-кум, ноо-ту ж.б.*

өө [ö:] тыбышы - ө тыбышынын созулма түгөйү жана **оо** тыбышынын ичке түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүн-

нен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөгөн абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан **кыска үндүүгө** жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *үй, үр, жүк, сүй, күлкү, түлкү ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *үн, күң, өмүр, түн ж.б.*

аа [а:] тыбышы - а тыбышынын созулма жана ээ тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү чыңалып, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымынын таасиринде дирилдетип, толук термелип, таза үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү толук термелгендиктен **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак чыңалып, кыска түгөйүнө караганда бир аз кең ачылат, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кең үндүүгө жатат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Тил ооз көңдөйүнүн арт жагына карай тартылып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон жана тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап абалды ээлейт. Эрин катышына карай ачык үндүү, созулушу жактан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *аары, аалам, саан, таар, жаа, таа ж.б.*

у [ü] тыбышы - у тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кууш ачылып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөй, эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп же кыска айтылышы жагынан кыска үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *үй, үр, жүк, сүй, күлкү, түлкү ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *үн, күң, өмүр, түн ж.б.*

аа [а:] тыбышы - а тыбышынын созулма жана ээ тыбышынын жоон түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү чыңалып, өпкөдөн чыгып келаткан аба агымынын таасиринде дирилдетип, толук термелип, таза үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү толук термелгендиктен **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак чыңалып, кыска түгөйүнө караганда бир аз кең ачылат, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай кең үндүүгө жатат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Тил ооз көңдөйүнүн арт жагына карай тартылып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон жана тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап абалды ээлейт. Эрин катышына карай ачык үндүү, созулушу жактан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *аары, аалам, саан, таар, жаа, таа ж.б.*

Муун ичинде тишчил же алдыңкы таңдайчыл үнсүздөр менен жанаша келгенде **аа** тыбышы тил бир аз алга жүткүнүңкү абалда айтылат: *таа, саа, жаа, жаат, таар* ж.б. Ал эми мурунчул үнсүз катышкан муундарда өйдөкүгө кошумча аталган тыбыштын мурундашып айтылган варианты жасалат: наам, маа-ра, жаан, саан, саам ж.б.

ее [е:] тыбышы - е тыбышынын созулма түгөйү жана **аа** тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан үндүү тыбыш деп табылат. Жаак **аа** тыбышына караганда толук эмес, жартылай кең ачылат, кыска түгөйүнө караганда бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай жана кууш үндүүлөргө салыштырмалуу **кең үндүү** деп табылат. Тилдин орто чени бир аз катуу таңдайга карай көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан **ичке үндүү** деп табылат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат, аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Эриндер бейтарап ачык абалда калат. Эриндин катышына карай **ачык үндүү** деп табылат. Созулуп айтылышы жагынан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ээн [е:n], ээк [е:k], жээк [уе:k], тээк [te:k], мээ[me:], бээ [be:] ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылган варианты жасалат: *мээ, чээн, жээн, зээн, мээр, мээнет ж.б.*

оо [о:] тыбышы —о тыбышынын созулма түгөйү жана **өө** тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, булчуңдары бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон **уу** тыбышынын айтылышына карай **кең үндүү** деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан **жоон үндүү** деп табылат. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай эрин үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү экиге бөлүнөт. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз аркылуу сыртка чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүүгө жатат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *ооз,оор, оол, тоок, боор, соот, жоо, боо, тоо ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылган варианты жасалат: *жоон, коон, коом, моо-кум, ноо-ту ж.б.*

өө [ö:] тыбышы - ө тыбышынын созулма түгөйү жана **оо** тыбышынын ичке түгөйү, айтылганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүн-

дөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак жартылай кең ачылып, булчундары бир аз чыңалып, тил төмөн түшөт. Жаак менен тилдин тик абалына жана кууш түгөйү болгон **үү** тыбышынын айтылышына карай **кең үндүү** деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тилдин учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан **ичке үндүү** деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Эриндер бир аз чормоюңку абалда болот. Эриндин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп айтылгандыктан **созулма үндүү** деп табылат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *өөн, сөөк, жөөк, жөө, төө, көө, көө ж.б.*

Муун ичинде мурунчул үнсүздөр менен жанаша келгенде мурундашып айтылат: *өөн, көөн, сөөм, мөөр, мөө-рө ж.б.*

уу [u:] тыбышы - у тыбышынын созулма түгөйү жана **ү** тыбышынын жоон түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кууш ачылып, булчундары бир аз чыңалып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тил артка тартылып, ооз көңдөйүнүн арт жагына жайгашып, жоон айтылат. Айтылышы жактан жоон, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил арты үндүү деп табылат. Эриндер бир аз жыйылыңкы абалда болот. Эрин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнүңкү абалда болот. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жаап турат. Аба агымы толугу менен ооз көңдөйү аркылуу сыртка чыгат. Созулуп айтылгандыктан **созулма үндүү** деп табылат.

Сөз башында да, ортосунда да, аягында да келе берет: *уук, ууз, уул, ууч, суук, жуук, куут, жуу, туу, буу, чуу, суу ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *жуун, муун, буум ж.б.*

үү [ü:] тыбышы - ү тыбышынын созулма түгөйү жана **у** тыбышынын ичке түгөйү, жасалганда үн түйүндөрү толук дирилдеп, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрүнүн толук термелиши жагынан **үндүү тыбыш** деп табылат. Жаак кууш ачылып, булчундары бир аз чыңалып, тил өйдө көтөрүлөт. Жаак менен тилдин тик абалына карай **кууш үндүү** деп табылат. Тил алдыга жүткүнүп, ооз көңдөйүнүн алды жагында жайгашат. Тил учу астыңкы тиштерге тийип, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, ичке айтылат. Айтылышы жактан ичке, тилдин көлдөлөң абалы боюнча тил алды үндүү деп табылат. Ооз көңдөйү бөлүнбөйт. Эриндер жыйылыңкы абалда болот. Эрин катышына карай **эрин үндүү** деп табылат.

Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун жолун жабат. Аба толугу менен ооз көңдөйүнөн чыгат. Созулуп айтылгандыктан созулма үндүү деп табылат.

Сөз ортосу жана соңунда келет: *жүүн, ке-чүү, тирүү, өргүү, черүү ж.б.*

Мурунчул үнсүздөр менен катар келгенде мурундашып айтылат: *жүүн, мелүүн, се-рүүн ж.б.*

Ошентип, созулма үндүүлөр артикуляциясы жактан кыска түгөйүнүн айтылышына дал келет. Айырмачылыгы - созулма үндүүлөр кыска түгөйүнө караганда болжол менен 2 эсеге жакын созулуп айтылат.

Белгилик мазмуну

Тилибиздеги ар бир үндүү тыбыш аларды бири-биринен айырмалап турган ажыратуу белгилердин тиешелүү маанисин ичине камтыйт. Ошондуктан үндүүлөрдүн белгилик мазмунун аныктоо үндүүлөрдүн системасын аныктоо дегенди билдирет. Кыргыз тилиндеги ар бир үндүүнүн белгилик мазмуну жогорудагы төрт белгинин бирден мааниси аркылуу төмөнкүчө аныкталат:

Кыска үндүүлөр

а -	кыска, кең, ачык, жоон үндүү
е -	кыска, кең, ачык, ичке үндүү
о -	кыска, кең, эрин, жоон үндүү
ө -	кыска, кең, эрин, ичке үндүү
ы -	кыска, кууш, ачык, жоон үндүү
и -	кыска, кууш, ачык, ичке үндүү
у -	кыска, кууш, эрин, жоон үндүү
ү -	кыска, кууш, эрин, ичке үндүү

Созулма үндүүлөр

аа -	созулма, кең, ачык, жоон үндүү
ээ -	созулма, кең, ачык, ичке үндүү
оо -	созулма, кең, эрин, жоон үндүү
өө -	созулма, кең, эрин, ичке үндүү.
уу -	созулма, кууш, эрин, жоон үндүү.
үү -	созулма, кууш, эрин, ичке үндүү.

Көрүнүп тургандай, тилибиздеги ар бир үндүү тыбыш милдеттүү түрдө төрт ажыратуу белгинин бирден гана маанисин өз ичине камтыйт да, ар бир үндүү тыбыштын белгилик мазмуну топтом жагынан өзүнчө жана кайталангыс болуп табылат.

Үнсүздөр системасы

Кайсы гана тилде болбосун үнсүздөр системасы үндүүлөр системасына караганда алдаканча татаал жана көп кырдуу болот. Жогоруда белгиленгендей, акустикалык жактан үнсүздөр жалаң шыбыштан же шыбыш менен үндүн катышынан турса, үндүүлөр жалаң үндөн турат. Артикуляциялык жактан үнсүздөрдүн жасалышында ооз көңдөйүнүн бир жеринде сөзсүз тоскоол пайда болсо, үндүүлөрдүн жасалышында мындай тоскоол пайда болбостон аба ооздон эркин чыгат. Тилдеги колдонулушу жактан үнсүздөр муундун кошумча компонентин түзсө, үндүүлөр муундун өзөгүн түзөт.

Курамы

Кыргыз тилинде жазууда өзүнчө тамгалар аркылуу белгиленген да, белгиленбеген да үнсүздөр бар. Булардын ичинен өзүнчө тамга менен белгиленген жана жалаң гана төл сөздөрдө келген үнсүздөрдү фонема же үнтек деген термин менен атап, төмөнкүчө берүүгө болот:

п	**т**	**ч**	**-**	**(к)**	**қ**
б	**д**	**ж**	**-**	**(г)**	**ғ**
м	**н**	**-**	**-**	**ң**	
-	**с**	**ш**	**-**	**-**	**-**
-	**з**	**-**	**-**	**-**	**(ғ)**
(β)	**л**	**р**	**й**	**-**	**-**

Мында кашаа ичинде үнтек үнсүздөрдүн варианттары көрсөтүлдү. Ошондо кыргыз тилиндеги төл сөздөрдө келген негизги тирек үнсүздөрдүн курамы 17 үнтек тыбыш болуп чыгат. Алар төмөнкүлөр: *п, б, м, т, д, н, с, з, л, ч, ж, ш, р, й, қ, г, ң*. Ал эми бул үнсүздөрдүн үндөшүп айтылган түрлөрү төмөнкүчө аныкталат:

[п] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [п п’ п° п’°];
[б] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [б б’ б° б’°];
[м] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [м м’ м° м’°];
[т] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [т т’ т° т’°];
[д] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [д д’д° д’°];
[н] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [н н’ н° н’°];
[с] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [с с’ с° с’°];
[з] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [з з’ з° з’°];
[л] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [л л’ л° л’°];

[ч] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [ч ч’ ч° ч’°];
[ж] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [ж ж’ ж° ж’°];
[ш] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [ш ш’ ш° ш’°];
[р] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [р р’ р° р’°];
[й] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [й й’ й° й’°];
[қ] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [қ қ’ қ° қ’°];
[ғ] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [ғ г’ ғ° г’°];
[ң] үнсүзү төрт үндөш тыбыштан куралат: [ң ң’ ң° ң’°].

Ошол эле маалда кыргыз тилинде эрин-эринчил жалпак жылчыкчыл [β] үнсүзүнүн [β β’ β° β’°] төрт үндөш варианты да колдонулганын белгилей кетүү зарыл. Мисалы: аба - [а-βа], жебе - [с’е-β’е], кубул - [q°u-β°ul°], күбө - [k’°ü-β’°ö] ж.б. Демек, кыргыз тилинин артикуляциялык базасы 14 үндүү жана 68 үнсүздөн турган 86 үндөш тыбышты ичине камтыйт.

Ажыратуу белгилери

Үнсүз тыбыштардын өзөгүн төрт ажыратуу белгиси түзөт. Алар төмөнкүлөр:

1. Жасалуу ыгы. Артикуляциялык мүнөздөгү бул белги үнсүздөрдүн жасалышына негиз болгон тоскоолдон өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жарылып же жылчык аркылуу кысылып өтөрүн билдирет. Ошондуктан бул белги **жарылма-жылчыкчылдык** белгиси деп аталат да, үнсүз тыбыштарды **жарылма** жана **жылчыкчыл** үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт:

1) жарылма үнсүздөр - *п,б,м,т,д,н,ч,ж,к,г,қ,ң;*
2) жылчыкчыл үнсүздөр: *с,з,л,ш,р,й,ғ.*

Жарылмалардын ичинен ч, ж үнсүздөрү айтылганда жарылма менен башталып, жылчыкчыл болуп бүткөн куранды (аффрикат) тыбышка жатат. Бирок алар системада жылчыкчылдардын түрмөгүнөн эмес, жарылмалардын түрмөгүнөн орун алат [Садыков 1992: 46; Селютина 2011: 47].

2. Жасалуу орду. Бул белги үнсүздөрдүн жасалуу ордун аныктайт да, аларды төмөнкүдөй беш катарга (топко) бөлөт:

1 эринчилдердин катары: *п,б,м;*
2 тишчилдердин катары: *т,д,н,с,з,л;*
3 алдынкы таңдайчылдардын катары: *ч,ж,ш,р;*
4 орточулдардын катары: *й;*
5 артчылдардын катары: *к,г,ң;*
6 түпчүлдөрдүн катары: *қ,ғ,ң.*

3. Түгөйлөш-уяңдык белгиси. Бул белги үнсүздөрдүн түгөйлөш же түгөйлөш эместигине негизделет да, аларды **түгөйлөш** жана **уяң** үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт. Булардын ичинен түгөйлөш үнсүздөр биринчи жана экинчи сапты ээлешсе, уяң үнсүздөр үчүнчү сапты ээлейт:

түгөйлөштөр	*п-б, т-д, ч-ж, к-г, қ-ғ, с-з, ш-Ø ж.б.;*
уяңдар	*м,н,ң,л,р,й.*

4. Каткалаң-жумшактык белгиси. Бул белги үнсүздөрдүн үн катышып же катышпай айтылышына негизделет да, аларды каткалаң жана жумшак үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт. Каткалаң үнсүздөр биринчи сапка жайгашса, жумшак үнсүздөр экинчи сапка жайгашат.

Жыйынтыктап айтканда, тилибиздеги ар бир үнсүз тыбыш жогорку үнсүзү төрт белгинин бирден маанисин өз ичине камтыйт да, бул белгилер үнсүздөр системасынын өзөгүн түзүп, үнсүздөрдүн ич ара бөлүнүшүн аныктайт.

Жарылмалар түрмөгү

Кыргыз тилиндеги жарылма үнсүздөр төмөнкү типологиялык кеште аркылуу тастыкталат:

1	2	3	4	5	6
п	т	ч	-	к	қ
б	д	ж	-	г	ғ
м	н	-	-	ң	

Мында: 1) ң тыбышы жоон үндүү менен катар келсе, 6-катардан түпчүл болуп айтылат: *сал. аң, таң, чоң, чың, заң*. Ичке үндүү менен катар келсе, 5-катардан артчыл болуп айтылат: *сал. эң, теңкең, жең, үңү ж.б.;*

2) к, ғ үнсүздөрү *кыргыз, кымыз, комуз* сыяктуу сөздөрдө жоон үндүүлөр менен катар келип айтылса, *к, г* үнсүздөрү келин, кереге, тилек өндүү сөздөрдө ичке үндүүлөр менен бирге келип айтылат;

3) ғ үнсүзү көбүнчө жылчыкчыл болуп айтылганына карабай жарылмалар түрмөгүндө да, жылчыкчылдар түрмөгүндө да берилди. Анткени ал *таңга маал, шаңга бөлөндү, аңга түштү* сыяктуу тизмектерде жарылма болуп айтылат.

Көрүнүп тургандай, 1-6-катардагы сандар үнсүздөрдүн жасалуу ордун билдирет. Булардын ичинен 1-катар эринчилдердин катары деп, 2-катар тишчилдердин катары деп, 3-катар алдыңкы тандайчылдардын катары деп, 4-орточулдардын катары деп, 5-катар артчылдардын катары деп, 6-катар түпчүлдөрдүн катары деп аталат.

Ошол эле маалда 1-2-саптагы үнсүздөр түгөйлөш жарылма үнсүздөрдүн тобун түзөт: *п-б, т-д, ч-ж, к-г, қ-ғ ж.б.*. 3-саптагы үнсүздөр түгөйү жок жарылма уяң үнсүздөрдүн курамын аныктайт: *м, н, ң ж.б.*

Түгөйлөш үнсүздөр бири-биринен каткалаң-жумшактык белгиси боюнча айырмаланат да, бул белги жарылмаларды **каткалаң** жана **жумшак** үнсүздөр деген эки топко бөлөт. Булардын ичинен каткалаңдар 1-сапта, жумшактар 2-сапта жайгашат. Ал эми 3-сап түгөйү жок уяңдарга ыйгарылат:

1) каткалаңдар: *п,т,ч,к,қ;*
2) жумшактар: *б,д,ж,г,ғ;*
3) уяңдар: *м,н,ң.*

Ошентип, кыргыз тилиндеги жарылма үнсүздөрдүн курамы жогорку кештеде көрсөтүлгөн тыбыштар менен аныкталса, алардын бөлүнүшү (классификациясы) аталган кештенин өзү менен тастыкталат. Атап айтканда, жарылмалар жарылма-жылчыкчылдык белгиси боюнча жылчыкчылдардан ажыратылган соң түрмөк ичинде

(1) жасалуу орду боюнча 6 топко,

(2) шыбыш менен үндүн катыш даражасы боюнча түгөйлөш-уяң үнсүздөрдүн 2 тобуна,

(3) түгөйлөштөр ич ара үн катышы боюнча каткалаң-жумшак үнсүздөрдүн 2 тобуна ажырайт.

Жылчыкчылдар түрмөгү

Кыргыз тилиндеги жылчыкчыл үнсүздөр өйдөкүдөй эле типологиялык кеште менен төмөнкүчө сыпатталат:

1	2	3	4	5	6
(ф)	с	ш	-	(х)	-
(в)	з	-	-	-	ғ
β	л	р	й	-	-

Мында: 1) *физика, ваучер, химия* өндүү жалаң гана чет сөздөрдүн тутумунда келген *ф, в, х* үнсүздөрүнүн кыргыз тилиндеги тыбыштык статусу күнү бүгүнкүгө чейин илимий жактан так аныкталбай келет;

2) β үнсүзү б тамгасы менен белгиленип, эки үндүүнүн ортосунда дайыма кош эринчил жалпак жылчыкчыл тыбыш болуп айтылат, бирок жазууда *б* тамгасы менен белгиленет: *аба, ооба, убакыт, түбөлүк, күбө, обо, абас ж.б.*

Көрүнүп тургандай, жылчыкчыл үнсүздөрдүн курамы чет сөздөрдүн тутумунда келген *ф, в, х* үнсүздөрүн эске албаганда жарылмалардын курамына караганда алда канча аздык кылат. Ошентсе да, жылчыкчыл үнсүздөрдүн ажыратуу белгилери менен бөлүнүшү жарылмаларга толугу менен дал келет.

Корутундулап айтканда, жылчыкчыл үнсүздөрдүн түрмөгү жарылма-жылчыкчыл белгиси боюнча жарылмаларлардан бөлүнүп алган соң түрмөк ичинде

(1) жасалуу орду боюнча 6 топко,

(2) шыбыш менен үндүн катыш даражасы боюнча түгөйлөш-уяң үнсүздөрдүн 2 тобуна,

(3) түгөйлөштөр ич ара үн катышы боюнча каткалаң-жумшак үнсүздөрдүн 2 тобуна ажырайт.

Белгилик мазмуну

Жарылмалар түрмөгү

п -	жарылма, эринчил, түгөйлөш, каткалаң
б -	жарылма, эринчил, түгөйлөш, жумшак
м -	жарылма, эринчил, уяң
т -	жарылма, тишчил, түгөйлөш, каткалаң
д -	жарылма, тишчил, түгөйлөш, жумшак
н	жарылма, тишчил, уяң
ч -	жарылма, алдыңкы таңдайчыл, түгөйлөш, каткалаң
ж -	жарылма, алдыңкы таңдайчыл, түгөйлөш, жумшак
к/қ -	жарылма, артчыл/түпчүл, түгөйлөш, каткалаң
г/ғ -	жарылма, артчыл/түпчүл, түгөйлөш, жумшак
ң -	жарылма, артчыл/түпчүл, уяң

Жылчыкчылдар түрмөгү

с -	жылчыкчыл, тишчил, түгөйлөш, каткалаң
з -	жылчыкчыл, тишчил, түгөйлөш, жумшак
л -	жылчыкчыл, тишчил, уяң
ш -	жылчыкчыл, алдыңкы таңдайчыл, түгөйлөш, каткалаң
р -	жылчыкчыл, алдыңкы таңдайчыл, уяң
й -	жылчыкчыл, орточул, уяң
х -	жылчыкчыл, артчыл, түгөйлөш, каткалаң
(ғ) -	жылчыкчыл, түпчүл, түгөйлөш, жумшак.

Көрүнүп тургандай, түгөйлөш үнсүздөрдүн белгилик мазмуну үнсүзү төрт белги менен аныкталса, уяң үнсүздөрдүн белгилик мазмуну үнсүзү төрт эмес, үч белги менен аныкталат. Анткени уяң үнсүздөрдүн түгөйү жок болгондуктан аларды бири-биринен ажыратуу үчүн үч белги гана талап кылынат. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан үнсүз тыбыштардын белгилик мазмуну фонемалардын белгилик мазмунуна караганда алдаканча бай болот. Маселен, бал, бар, тар сөздөрүнүн башында жана аягында келген үнсүздөрдүн белгилик мазмуну төмөнкү матрица аркылуу аныкталат. Көрүнүп тургандай, б, т, л, р үнсүздөрүнүн фонемалык ички мазмуну жоон кара тамга менен берилген белгилер менен аныкталса, алардын тыбыштык ички мазмуну 8 белгинин бардыгы менен бирдей аныкталат. Бул 8 белгинин ичинен 4-7-белгилер фонеманын белгилерин коштоп жүрсө, 8-9-белгилер муун ичиндеги үндүүнүн таасири менен пайда болот.

б=
1-жарылма
2-эринчил
3-түгөйлөш
4-жумшак
5-оозчул
6-кош эринчил
7-алсыз
8-ачык
9-жоон

т=
1-жарылма
2-тишчил
3-түгөйлөш
4-каткалаң
5-оозчул
6-уччул
7-күчтүү
8-ачык
9-жоон

л=
1-жылчыкчыл
2-тишчил
3-уяң
4-оозчул
5-уччул
6-капталчыл
7-эң алсыз
8-ачык
9-жоон

р=
1-жылчыкчыл
2-алд.таңдайч.
3-уяң
4-оозчул
5-уччул
6-дирилдеме
7-эң алсыз
8-ачык
9-жоон

Артикуляциялык базасы

Үнсүздөрдүн артикуляциялык базасын аныктоо үчүн алардын ажыратуу белгилерин да, коштоочу белгилерин да так ачып көрсөтүү зарыл. Тактап айтканда, ажыратуу белгилер аркылуу үнсүздөрдүн (1) жасалуу орду, (2) жасалуу ыгы, (3) түгөйлөштүгү, (4) үн түйүндөрүнүн термелүү даражасы аныкталса, коштоочу белгилер аркылуу (1) сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы, (2) таңдай көшөгөсүнүн ачык-жабык абалы, (3) үндөштүк кубулушуна ылайык ар кандай вариантта өзгөрүп айтылышы такталат.

Ошентип, үнсүздөрдүн жасалышына мүнөздөмө берүүдө алды менен кыргыз фонетикасы боюнча топтолгон объективдүү маалыматтар жетекчиликке алынат.

п [p] тыбышы - жумшак *[b]*'нын каткалаң түгөйү, айтылганда эриндер күчтүү чыңалып, астыңкы эрин үстүңкү эринге тийип, тогошуп, үн жолун жаап тоскоол пайда кылат. Тил артка тартыңкы бейтарап абалда калат. Жасалуу орду боюнча **кош эринчил** үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эриндер тогошкон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Эриндердин чыңалуу даражасы жагынан **күчтүү үнсүз** деп табылат. Үн түйүндөрү бейтарап абалда калат. Үн жолу ачылып, үн түйүндөрү катышпай айтылгандыктан каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көндөйүн жаап турат. Мурун көндөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен аягында гана келет: *а-па, жы-пар, қо-рум, жап, топ, жип ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *а-па, кап, кып-чы,*
2) ичке ачык вариантта: *се-пил, теп, эп-чи,*
3) жоон эрин вариантта: *то-поз, топ, уп-чу,*
4) ичке эрин вариантта: *ү-пүп, чөп,тү-пөк.*

Сөз соңунда тынымдын алдында жана сөз ичинде жарылма үнсүздөн мурда эриндер тогошот, бирок жарылбай имплозивдүү болуп айтылат: *жап, жип, жуп, сеп, теп, та-пт-ым, қа-пт-ал, қа-пқ-ан ж.б.*

Сөз ичинде үндүү тыбыш менен жылчыкчыл үнсүздүн ортосунда жылчыкчыл болуп айтылат. Мисалы: *тапшыр - [taɸir], капшыт - [qaɸit], апсай - [asay], супсак- [suspaq].*

Татаал сөздүн түгөйлөрүнүн арасында же эки сөздүн чегинде үндүү тыбыш менен жылчыкчыл үнсүздүн ортосунда жылчыкчыл болуп айтылат. Мисалы: *алып сал - [alsal], күлүп сүйлө - [külüsüylö].*

б [b] тыбышы - каткалаң *[p]*'нын жумшак түгөйү (өйдөкү сүрөттү караңыз), жасалганда тил бейтарап абалда калат, эриндер алсыз чыңалып, бири-бирине тийишип, тогошуп, үн жолунда тоскоол пайда болот. Тил эркин бейтарап абалда калат. Жасалуу орду боюнча **кош эринчил** үнсүз деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эриндер тогошкон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Эриндердин чыңалуу даражасы жагынан **алсыз үнсүз** деп табылат. Үн түйүндөрү бир аз чыңалып, бири-бирине жакындашып кыймылга келет. Үн түйүндөрү жартылай термелип айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көндөйүн

жабат. Мурун көндөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында жана ортосунда гана келет: *бал, ба-ла, кам-был, тан-ба, жам-баш ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ба-ба, бы-чак, там-ба,*
2) ичке ачык вариантта: *бек-бе-кей, бил, бий-кеч,*
3) жоон эрин вариантта: *бо-то, дом-бу-ра, бу-лак,*
4) ичке эрин вариантта: *бүк-төө, бү-лө, бөл,бө-рү.*

[b] тыбышы эки үндүүнүн ортосунда, *же л, р, й* үнсүздөрү менен үндүүнүн арасында кош эринчил жарылмалык сапатын жоготуп, кош эринчил жалпак жылчыкчыл [β] тыбышына өтүп айтылат: *аба [а-βа], убак [и-βаq], себеп [se-βep], собол [so-βol], өбөлгө [ö-βöl-gö], үбөлүк [ü-βö-lük], күбөлүк [kü-βö-lük], түбөлүк [tü-βö-lük], өбөк [ö-βök], торбо [tor-βo], арбак [ar-βak], илбирс [il-βirs], айбан [ay-βan], убал [u-βal], кайберен [qay-βe-ren], айбат [ay-βat] ж. б.*

[β] тыбышы сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык төрт вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *аба - [а-βа],*
2) ичке ачык вариантта: *жебе - [с'е-β'е],*
3) жоон эрин вариантта: *обо - [о-β°о],*
4) ичке эрин вариантта: *күбө - [k'°ü-β'°ö].*

[b] тыбышы эки сөздүн чегинде каткалаң жылчыкчыл ш, с үнсүздөрдөн кийин жарылма касиетин жоготуп, жылчыкчыл каткалаң үнсүзүнө өтүп айтылат. Мисалы:

түш болду	*[tъ-ol-du]*
аш берди	*[a-er-di]*
бас бери	*[bas-e-ri] ж.б.*

[b] тыбышы эки сөз ортосундагы каткалаң, жарылма, четчил (эринчил, арт-чыл/түпчүл) үнсүздөн кийин каткалаң үнсүзгө өтүп айтылат. Мисалы:

кырк беш	*[qrq-pe]*
тап берди	*[tap-per-di]*
куп болот	*[qup-po-lot] ж.б.*

м [m] тыбышы — түгөйү жок уяң үнсүз, жасалганда тил катышпай бейтарап абалда калат. Эриндер өтө алсыз чыңалып, бири-бирине тийишип, тогошуп, үн жолунда тоскоол пайда кылат. Тил эркин бейтарап абалда калат. Жа-

салуу орду боюнча **кош эринчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы эриндер тогошкон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Эриндердин чыңалуу даражасы жагынан эң **алсыз үнсүз** деп табылат. Үн түйүндөрү кыйла чыңалып, жакындашып, дирилдеп кыймылга келет. Үн түйүндөрү жумшак *[b]* тыбышына караганда көбүрөөк термелип айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун көңдөйүн ачат. Мурун көңдөйү катышып, аба мурундан да, ооздон да чыгып айтылганына карай **мурунчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *мал, май, ма-ла, там, кум, эм-чек, кам-был, жам-баш ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *мал-чы, май-луу, сым-бат, чым-кый,*
2) ичке ачык вариантта: *эм-чек, че-чим, кем-чи-лик, би-лим,*
3) жоон эрин вариантта: *мо-мо-лой, дом-бу-ра, му-кам, о-ро-мол,*
4) ичке эрин вариантта: *мөл-түр, чөл-мөк, бөл-мө,күү-мүш, чө-мүч.*

т [t] тыбышы - жумшак [d]'нын каткалаң түгөйү, айтылганда тил алга жүткүнүп чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган **тишчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **күчтүү үнсүз** деп табылат. Эриндер да, үн түйүндөрү да бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *тал, тай, та-ка, там, а-та, бе-те-ге, кут, тат, жыт ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *та-ка, ат-та, а-та, жа-тык, ба-шат,*
2) ичке ачык вариантта: *те-ке, ти-кен, бе-те-ге, э-тиш, бет, ит,*
3) жоон эрин вариантта: *то-кой, ту-мак, о-то, то-ту, от, кут,*
4) ичке эрин вариантта: *төл, түр, бү-түр,өт-күр, өт, сүт.*

д [d] тыбышы - каткалаң *[t]*'нын жумшак түгөйү, жасалышы боюнча өзүнүн каткалаң түгөйүнө бир катар белгилери боюнча дал келет. Атап айтканда, тил алга жүткүнүп, алсыз чыналат, тил учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийет да, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча

тил учу **тишчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тил учу кашка тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип турган тоскоолду жарып өтүшү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай **алсыз үнсүз** деп табылат. Үн түйүндөрү кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башы менен ортосунда гана келет: *де, да-гы, ка-дам, ал-да, ыл-дам, шыл-дың ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *да-гы, дат-ка, а-дыр, бал-дак, ы-дык,*
2) ичке ачык вариантта: *де-ди, дер-дей, ди-рил-де, бир-дик,*
3) жоон эрин вариантта: *до-лу, ду-мук, бос-до, ооз-дук, кыз-дуу,*
4) ичке эрин вариантта: *дөө, дө-бө, ду-лөй,күл-дүр, бүл-дүр.*

н [n] тыбышы - түгөйү жок уяң үнсүз, айтканда тил алга жүткүнүп, өтө алсыз чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу **тишчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы ооз көңдөйүндө пайда болгон тоскоолду жарып өтүү аркылуу жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **эң алсыз үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, үн жолунда үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол дирилдеп, шыбышка караганда үн көбүрөөк катышып айтылгандыктан уяң үнсүз деп табылат. Таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун көңдөйүн ачып турат. Мурун көңдөйү ачылып, аба ооз менен кошо мурундан да чыгып айтылганына карай **мурунчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосунда жана соңунда гана келет: *сан-дык, эн-дик, сын-чы, сал-кын, со-гон ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *кан-дай, сы-нык, ай-ны, кый-на,*
2) ичке ачык вариантта: *тен-тек, мин-дир, се-кин, че-чен,*
3) жоон эрин вариантта: *он-то, кун-дуу, оо-на, туун-ду,*
4) ичке эрин вариантта: *өн-дүр, жөн-дө, үн-дүү,күн-дө.*

Сөз соңундагы **н** тыбышы мүчө же сөз башында *б/п/м* тыбыштарынын алдында **м** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

тан + ба > тамба
тун + ма > тумма
ойун + пос > ойумпос
орун + басар > орумбасар

жуун + ба > жуумба,
катын + пос > қатымпос,
колдон + мо > қолдоммо,
күн + батыш > күмбатыш ж. б.

Сөз аягындагы **н** тыбышы мүчө же сөз башында *г/г/қ/к* тыбыштарынын алдында **ң** тыбышына өтүп айтылат. Мисалы:

көн + гөн > көңгөн
кан + кор > қаңқор
жакын + кы > жақыңқы
жан + кечти > жаңгешти
күн + карама > күңгарама
үн + кош > үңгош

жаан + га > жааңга
күн + кор > күңқор
түн + кү > түңкү
жан + күйөр > жаңгүйөр
түн + катар > түңгатар
күн + көр > күңгөр ж.б.

ч [з] тыбышы - жумшак *[с]*'нын каткалаң түгөйү, жасалганда тилдин тулкусу алга жүткүнүңкү чыңалып, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, алдыңкы бөлүгү кашка тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чектеш бөлүгүнө тийип, капталдары азуу тиштерге кыналып, тил учу бир аз төмөн түшкөн абалда үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу **алдыңкы таңдайчыл (бүйлөчүл) үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба басым менен адегенде жарылып барып тоскоолду ачып, жарылма шыбыш чыгарат да, андан соң жылчыкка айланган тоскоолдон кысылып өтүп, шуулдама шыбыш чыгарат. Жарылма (импульс) жана шуулдама (турбулент) шыбыштын ширөөсүнөн бүткөн бул татаал тыбыш жасалуу ыгы боюнча **жарылма-жылчыкчыл (аффрикат) үнсүз** деп табылат. Жарылма бөлүгү жылчыкчыл бөлүгүнөн дээрлик ашып түшүп жарылмалар түрмөгүнөн орун алат. Сүйлөө мүчөлөрүнүн чыңалуу даражасына карай **күчтүү үнсүз** деп табылат. Эриндер ачык абалда болот. Үн түйүндөрү бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпагандыктан каткалаң үнсүзгө жатат. Тандай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыккандыктан **оозчул үнсүз** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *чал, чак, ча-ка, а-ча, бе-чел, куч, чач, тынч ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна карай 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ча-ка, ак-ча, а-ча, а-чык, ба-чым,*
2) ичке ачык вариантта: *че-ке, чий-ки, бе-чел, эн-чи, чеч, ич,*
3) жоон эрин вариантта: *чо-кой, чу-ку, о-чок, чо-чун, ууч,*
4) ичке эрин вариантта: *чөл, чү-кө, бү-чүр,өч-көн, көч, күч.*

Сөз соңундагы *ч* тыбышынан кийин *ч,т,л,н,д,ж,с* тыбыштарынан башталган мүчө же сөз келсе, ч тыбышы жарылмалык касиетин жоготуп, жылчыкчыл ш тыбышына өтүп айтылат:

ач + чы > ашчы
ач + ды >ашты
чач + ды > чашты
кач + са > кашса
чач + са > чашса
үч + терек> Үштерек

чач+ тарач> чаштарач
ач + жылаңач> ашчылаңач
жыгач + чы > жыгашчы
кылыч + чан > кылышчан
көмөч + нан > көмөшнан
кылыч + нын > кылыштын.

ж [с] тыбышы - каткалаң *[з]*'нын жумшак түгөйү, жасалышы көп жагынан каткалаң түгөйүнө дал келет. Атап айтканда, башталгыч фазада тилдин тулкусу алга жүткүнүңкү алсыз чыңалып, ортоңку бөлүгү бир аз өйдө көтөрүлүп, алдыңкы бөлүгү кашка тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чектеш бөлүгүнө тийип, капталдары азуу тиштерге кыналып, тил учу бир аз төмөн кайрылган абалда үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учу **таңдайчыл (бүйлөчүл) үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба басым менен адегенде тоскоолду жарып барып, андан соң ачылган жылчыктан кысылып өтөт да, жарылма-шуулдама куранды татаал тыбыш жасалат. Жасалуу ыгы боюнча жарылма-жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Жарылма бөлүгү жылчыкчыл бөлүгүнөн ашып түшкөндүктөн жарылмалар түрмөгүнөн орун алат. Сүйлөө мүчөлөрүнүн чыңалуу даражасына карай **алсыз үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү жартылай кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү жартылай катышып айтылганына карай жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башы менен ортосунда гана келет: *же, жа-лын, ба-жа, алжы,жал-жал, кубул-жу ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *жа-быш, жыт-та, ка-жы, жал-жал,*
2) ичке ачык вариантта: *же-миш, жер-деш, жи-бер, жи-лик, э-же,*
3) жоон эрин вариантта: *жо-гол, жу-муш, жо-ро-мол, жол-жол,*
4) ичке эрин вариантта: *жөө, жө-жө, жү-рөк,кө-жө, мүл-жү.*

к [k] тыбышы - жумшак *[g]*'нын каткалаң түгөйү, айтылганда тилдин тулкусу артка жүткүнүңкү жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиш менен бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп жумшак таңдай

менен катуу таңдайдын чектеш жерине тийип, үн жолун бөгөгөн тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил артынан жасалган **артчыл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **күчтүү үнсүз** деп табылат. Үн түйүндөрү менен эриндер бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздүн ортосу менен соңунда ичке үндүүлөр менен гана айкаша келет: *эр-ке, эч-ки, э-тек, эр-кек, бек, жик, жи-лик ж.б.*

Сөз башында ичке үндүүлөр менен катар жазылган к тамгасы адабий норма боюнча г тыбышы менен айтылат. Сал.: *жазууда кел, кий, көл, күч, кеме, кирпик, бирок айтымда гел, гий, гөл, гүч, геме, гирпик ж.б.* Ошентсе да, тилибиздин айрым жергиликтүү айтымдарында ушул эле шартта сөз башындагы к тыбышынын колдонушуна жол берилет: *кел, кий, көл, күч, кеме, кирпик, көчө, көлөкө, күрүч ж.б.*

Сөздөгү үндөштүк кубулушуна ылайык к тыбышы 2 үндөш вариантта айтылат:

1) ичке ачык вариантта: *бе-ки, ти-кен, бек, тик,*
2) ичке эрин вариантта: *бү-күр,өт-күр, бөк, түк.*

Аягы к тыбышы менен бүткөн сөзгө мүчө уланганда кош үндүүнүн ортосунда калган к тыбышы жумшарып г тыбышына өтүп айтылат:

жибек+ ы > жибеги	*жүрөк + ы> жүрөгү*
тирек+ ы > тиреги	*гүрөк + ы> гүрөгү*
гөк + ар > гөгөр	*чөк + ар > чөгөр ж.б.*

г [g] тыбышы - каткалаң *[k]*'нын жумшак түгөйү, жасалышы жагынан өз түгөйүнө дал келет. Атап айтканда, тил өнө бою артка жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиш менен бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп жумшак таңдай менен катуу таңдайдын чектеш жерине тийип, үн жолун бөгөп, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил артынан жасалган **артчыл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **алсыз үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү жартылай дирилдеп, кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү жартылай катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү

катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздүн башы жана ортосунда ичке үндүүлөр менен гана айкаша келет: *гөл, гөк, гүч, гүл,ге-лин, ги-лем, гө-чө, тер-ге, кир-гил, те-ле-гей ж.б.*

Эки үндүүнүн ортосунда сүйлөө органдарынын алсыз чыңалышынын натыйжасында жарылмалык касиетин жоготуп, көбүнесе жылчыкчыл үнсүзгө өтүп айтылат: *жи-гит, ти-гил, бү-гүн, өр-гү, жөр-гө-мүш, төлө-гөн, ге-ле-гет (келе кет) ж.б.*

Сөздөгү үндөштүккө ылайык 2 үндөш вариантта айтылат:

1) ичке ачык вариантта: ге-лин, ги-лем, жи-гит, ти-гил,
2) ичке эрин вариантта: гө-чө, гүр-мөк, бү-гүн,бүр-гөн.

к [q] тыбышы - жумшак *[ğ]*'нын каткалаң түгөйү, айтылганда тилдин тулкусу артка тартылып, жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиштин бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп, ага утурлай ылдый түшкөн жумшак таңдай менен кичине тилге тирелип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил түбү кичине тилден жасалган **түпчүл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **күчтүү үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү кыймылсыз болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү бир аз төмөн түшөт, бирок мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылгандыктан **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөз башында да, ортосунда да, соңунда да жалаң гана жоон үндүүлөр менен айкаша келет: *қал, қат, қа-нат, қы-лыч, қыр-чын, ба-қа, та-қа, чы-қый, ыш-қыр, ақ, оқ, уқ, сақ, сық, қарқ ж.б.*

Сөздөгү үндөштүккө тете 2 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *қыр-ғыз, қы-мыз, та-қа, чы-қый,*
2) жоон эрин вариантта: *қо-муз,у-қу-руқ, то-қой, ор-тоқ.*

Аягы қ тыбышы менен бүткөн сөзгө мүчө уланганда же башка сөз кошулганда эки үндүүнүн ортосунда қ тыбышы жумшарып ғ тыбышына өтүп айтылат:

қалақ+ ы > қалағы	*ақ + ар> ағар*
қурақ+ ы > қурағы	*чық + ым > чығым*
уқуруқ + ы > уқуругу	*ақ + аюу> ағаюу*
сақ + ын > сағын	*ақ + ала> ағала ж.б.*

Сөз ичинде жылчыкчыл ш, с үнсүздөрүнүн алдында жарылмалык сапатын жоготуп, жылчыкчыл болуп айтылат:

бақшы	*[baχı]*	*сақсай*	*[saχsay]*
жақшы	*[уаχı]*	*ақшый*	*[аχіу] ж.б.*

Сөз соңунда тыным алдында жана сөз ичинде каткалаң жарылмадан мурда тилдин түпкү бөлүгү менен кичине тил тогошкон тоскоол ачылат, бирок жарылбай айтылат: *тақ, тоқ, тық, тақта, ықчам, аққан, баққан ж.б.*

ғ [ğ] тыбышын - каткалаң *[q]*'нын жумшак түгөйү, жасалышы каткалаң түгөйүн көп жагынан кайталайт. Айтылганда тил артка тартылып, жыйрылып, учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиштин бүйлөлөрүнө жууктап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп, ылдый түшкөн жумшак таңдай менен кичине тилге жакындап, үн жолунда жылчык сымал тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил түбү кичине тилден жасалган **түпчүл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолдон кысылып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча **жылчыкчыл үнсүз** деп тастыкталат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **алсыз үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү жартылай дирилдеп, кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү жартылай катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү бир аз төмөн түшкөнү менен мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Көбүнчө сөз ортосунда, өтө сейрек сөз башында жоон үндүүлөр менен гана келет: *қыр-ғыз, а-ғын, а-ға, со-ғум, қар-ғы, ға-на, ғо ж.б.*

Сөздөгү үндөштүк боюнча 2 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *қыр-ғыз, қар-ғы, жыл-ғын, қар-ға,*
2) жоон эрин вариантта: *со-ғум, қор-ғо-шун, бу-ғу, қыр-ғоол.*

Сөз ортосунда түпчүл мурунчул ң тыбышынан кийин жылчыкчылдык касиетин жоготуп, жарылма үнсүзгө өтүп айтылат:

таңғак	*[taŋaq]*	*уңғу*	*[uŋu]*
даңғыл	*[daŋıl]*	*сынған*	*[sıŋan]*

ң [ŋ] тыбышы - түгөйү жок уяң үнсүз, айтканда тил артка тартылып, жыйрылып, өтө алсыз чыңалып, тил учу төмөн түшүп, астыңкы маңдай тиштин бүйлөлөрүнө жакындап, арткы бөлүгү өйдө көтөрүлүп, төмөн түшкөн жумшак таңдай менен кичине тилге тирелип, үн жолун жаап, тоскоол пайда кылат. Жасалуу орду боюнча үндүүгө карата **артчыл** же **түпчүл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолду жарып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча жарылма үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **эң алсыз**

үнсүз деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, үн жолунда үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол дирилдеп, шыбышка караганда үн көбүрөөк катышып айтылгандыктан **уяң үнсүз** деп табылат. Таңдай көшөгөсү ылдый түшүп, мурун көңдөйүн ачып турат. Мурун көңдөйү ачылып, аба ооз менен кошо мурундан да чыгып айтылганына карай **мурунчул үнсүз** деп табылат.

Сөз ортосу жана соңунда гана келет: *жа-ңы, аң-ге-ме, же-ңиш, сы-ңар, үңкүр, уң-ғу, аң, таң, тең, тоң, өң, чың, миң, муң, күң ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат да, жанаша келген үндүүгө карата жасалуу орду өзгөрүп турат:

1) жоон ачык вариантта түпчүл болуп: *аң, таң, чың, жа-ңы, сы-ңар,*
2) жоон эрин вариантта түпчүл болуп: *тоң, чоң, муң, уң-ғу, қо-ңур*
3) ичке ачык вариантта артчыл болуп: *эң, тең, миң, же-ңиш, те-ңе,*
4) ичке эрин вариантта артчыл болуп: *өң, көң, күң, сөң-гөк, үң-күр.*

с [s] тыбышы - жумшак *[z]*'нын каткалаң түгөйү, айтылганда тил алга жүткүнүп, чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин кырына жакындап, алды астыңкы тиштерге тирелип, ортосу бир аз өйдө көтөрүлүп, үн жолунда тегерек жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган **тишчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тегерек жылчыктан кысылып өтүп, ызылдама шыбыш чыгарат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **күчтүү үнсүз деп** табылат. Эриндер да, үн түйүндөрү да бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толук бойдон ооздон чыгып айтылгандыктан **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн башында да, ортосунда да, соңунда да келе берет: *сал, сай, са-қа, сат, ас-қа, ке-се, эс, ас, бас, барс ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *са-қа, ас-та, а-са, а-са-ба, қы-сыл,*
2) ичке ачык вариантта: *сер-ке, ке-се, э-лес, ил-бирс, кет-кис,*
3) жоон эрин вариантта: *той-бос, тоот-пос, жол-борс, ко-кус,*
4) ичке эрин вариантта: *сүт,түс-түү, өс, өт-күс, кү-нөс.*

з [z] тыбышы - каткалаң *[s]*'нын жумшак түгөйү, айтылганда тил алга жүткүнүп чыңалып, тил учу үстүңкү маңдай тиштин кырына жакындап, алды астыңкы тиштерге тирелип, ортосу бир аз өйдө көтөрүлүп, үн жолунда тегерек жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасал-

ган **тишчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тегерек жылчыктан кысылып өтүп, ызылдама шыбыш чыгарып, үн менен кошулуп айтылат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай **алсыз үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, жартылай кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү катышып айтылгандыктан жумшак үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *қы-зыл, саз-дақ, ыз-ғыт, ал-сыз, тез, жез, қыз, күз, уз ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *қы-зыл, саз-дақ, ыз-ғыт, ал-сыз,*
2) ичке ачык вариантта: *де-ңиз, се-миз, тез-дик, ке-зек, тиз-ме,*
3) жоон эрин вариантта: *қооз, боз-до, ооз-дук, туз, ууз, бу-зул,*
4) ичке эрин вариантта: *өз, көз, күз-гү,ү-зөң-гү, жү-зүм.*

Жөнөкөй же татаал сөз ичинде каткалаң үнсүздүн алдында з тыбышы катка-ланбашып с тыбышына өтүп айтылат:

туз+ сыра	*[tussura]*	*қыз + теке*	*[qısteke]*
туз + сыз	*[tussuz]*	*саз + тикен*	*[sastiken]*
көз сал	*[kұssal]*	*көз + таңмай*	*[göstaŋmay]*
аз + сан	*[assan]*	*жез + тырмак*	*[cestırmaq]*
жүз + токсон	*[cüstoχson]*	*ооз + тий*	*[o: stiy].*

л [l] тыбышы — түгөйү жок уяң үнсүз, жасалганда тил алга жүткүнүп, өтө алсыз чыңалып, учу үстүңкү маңдай тиштин түбү менен бүйлөсүнө тийип, түбү жумшак таңдайга карай көтөрүлүп, капталдары төмөн түшүп, орто чени кашык сымал кайрылып, үн жолунда тилдин эки капталынан жылчыкча калтырылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган **тишчил үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тил учу тоскоолго кабылып, тилдин эки капталынан дагы жылчыктан айланып өтөт. Жасалуу ыгы боюнча капталчыл жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай эң **алсыз үнсүз** деп табылат. Эриндер бейтарап абалда калат. Үн түйүндөрү дирилдеп, толук кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү толук катышып айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *ба-ла, ал-ғы, ил-бирс, у-лар, қы-зыл, ал, бал, бел, бол, бөл, бил, бул ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ал-қыш, жыл-қы, тал, бал, ба-ла, қы-зыл,*
2) ичке ачык вариантта: *ил-бирс, же-лек, ке-лин, эл, бел, жел, тил, бил,*
3) жоон эрин вариантта: *жол-дош, қол-тук, тул-пар, уул, бул, қул, тол,*
4) ичке эрин вариантта: *көл-мө, төл-дүк, үл-гү,ү-лүш,мөл-түр, өл-чөм.*

ш [ş] фонемасы - түгөйлөштөр ичинен жумшак түгөйү жок каткалаң үнсүз, айтылганда тил алга жүткүнүп, чыңалып, учу үстүңкү маңдай тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чектеш бөлүгүнө жакындап, капталдары азуу тиштерге кыналып, ортосу кашыкча сымал чуңкурайып арты жумшак таңдайга карай бир аз көтөрүлүп, үн жолунда жалпак жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча тил учунан жасалган алдыңкы **таңдайчыл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жалпак жылчыктан кысылып өтүп, шуулдама шыбыш чыгарат. Жасалуу ыгына карай **жылчыкчыл үнсүз** деп тастыкталат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасы боюнча **күчтүү үнсүз** деп табылат. Эриндер менен үн түйүндөрү бейтарап абалда болот. Үн түйүндөрү катышпай айтылганына карай каткалаң үнсүзгө жатат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба бөлүнбөй толук бойдон ооздон чыгып айтылгандыктан **оозчул тыбыш** деп табылат.

Негизинен төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда келет: *а-ша, о-шо, мы-шык, ма-шак, баш, жаш, теш, бош, төш, тиш, туш, түш, же-миш, жас-мыш, тур-муш, кү-муш ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *а-ша, ма-шак, аш-та, қыш, баш, жаш,*
2) ичке ачык вариантта: *те-шик, э-шек, бе-шик, же-миш, тиш, эш,*
3) жоон эрин вариантта: *коң-шу, қо-шоқ, жол-дош, қо-шун, у-руш,*
4) ичке эрин вариантта: *кү-муш,түш-түк, кү-муш, жү-руш, төш.*

р [r] тыбышы — түгөйү жок уяң үнсүз, жасалганда тил алга жүткүнүп, өтө алсыз чыңалып, учу артка кайрылыңкы бир аз өйдө көтөрүлүп, алды үстүңкү маңдай тиштин бүйлөлөрү менен катуу таңдайдын чегине жакындашып, орто капталдары азуу тиштерге кыналып, эриндер артка тартылып, маңдай тиштер ачылып үн жолунда өзгөрүлмө тоскоолду пайда кылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы тоскоолдон кысылып, тил учун дирилдетип барып сыртка чыгат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл дирилдеме үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай **эң алсыз үнсүз** деп табылат. Үн түйүндөрү дирилдеп, молунан кыймылга келип, үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол термелип айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Эриндер бейтарап абалда калат. Таңдай көшөгөсү

өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *та-рак, ар-ға, ал-барс, у-лар, қыр-мы-зы, ор-оқ, бар, бер, бор, бүр, бир ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *ар-қа, жар-қын, тар, бар, қыр, сыр, ыр, жыр,*
2) ичке ачык вариантта: *кир-гил, жер-деш, тер-ме, эрк, бир, чер, бер,*
3) жоон эрин вариантта: *чор-дон, қор-ғон, тур-муш, оор, боор, қур, тор,*
4) ичке эрин вариантта: *көр-көм, өр-дөк, сүр-гү,ү-рөн, мөл-түр, жүр.*

й [у] тыбышы — түгөйү жок уяң үнсүз, жасалганда тил толугу менен алга жүткүнүп, учу бир аз артка жыйрылып, тил учу эки капталы менен бирге астыңкы тиштерге кыналып, ортосу катуу таңдай менен жумшак таңдайдын чегине жакындап үн жолунда жылчык тоскоолду пайда кылат. Жасалуу орду боюнча **орточул/артчыл үнсүз** деп табылат. Өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жылчык тоскоолдон кысылып өтүп шыбышты пайда кылат. Жасалуу ыгы боюнча жылчыкчыл үнсүзгө жатат. Сүйлөө органдарынын чыңалуу даражасына карай эң алсыз үнсүз деп табылат. Үн түйүндөрү дирилдеп, молунан кыймылга келип үндү пайда кылат. Үн түйүндөрү мол катышып айтылгандыктан уяң үнсүзгө жатат. Эриндер бейтарап абалда калат. Таңдай көшөгөсү өйдө көтөрүлүп, мурун көңдөйүн жаап турат. Мурун көңдөйү катышпай, аба толугу менен ооздон чыгып айтылганына карай **оозчул тыбыш** деп табылат.

Төл сөздөрдүн ортосу менен соңунда гана келет: *та-йақ, ай-ғыр, ий-не, у-йуқ, қы-йан, ай, бай, бой, бий, үй ж.б.*

Сөз ичинде үндөштүк кубулушуна ылайык 4 үндөш вариантта айтылат:

1) жоон ачык вариантта: *та-йақ, ай-ғыр, сый-лық, жа-йа, тай, бай,*
2) ичке ачык вариантта: *ий-не, се-йил, чир-кей, ке-дей, э-лей, тий, бий,*
3) жоон эрин вариантта: *жой-ло, қой-чу, туй-ғун, у-йуқ, бой, той, үй,*
4) ичке эрин вариантта: *көй-нөк, чүй-гүн, үй-мө,ү-йүр, сүй-рүй, үй.*

Муун табияты

Тилдеги эң кичинекей айтым бирдиги муун деп аталат. Демек, сөз айтылганда тутумундагы ар бир тыбыш катары менен өз-өзүнчө бөлүп айтылбастан, муун-муунга бөлүп айтылат.Муундун табияты тыбыштардын табияты сыяктуу эле өтө татаал жана көп кырдуу. Ошондуктан фонетикалык адабияттарда муунга байланыштуу ар кандай теориялар, көзкараштар кездешет. Бирок алардын негизгилери экөө: акустикалык жана артикуляциялык теориялар.

Акустикалык теория сонордуулук теориясы деген аталыш менен даниялык окумуштуу Отто Есперсен, советтик окумуштуулар Р.И.Авенесов, А.Н.Гвоздев жана башкалар тарабынан өркүндөтүлгөн. Сонордуулук теориясы боюнча, тилдеги тыбыштар муун түзүүгө бирдей даражада катышпайт. Тилибиздеги тыбыштардын муун түзүү катышын аныктоо үчүн сонордуулугу жагынан аларды төмөнкүдөй 11 топко бөлүп караого болот:

1. Каткалаң жарылма үнсүздөр:	***п, т, к***
2. Каткалаң жылчыкчыл үнсүздөр:	***с, ш, ф, х***
3. Жарылма жумшак үнсүздөр:	***б, д, г***
4. Жылчыкчыл жумшак үнсүздөр:	***з, ж, в***
5. Мурунчул уяңдар:	***м, н, ң***
6. Оозчул уяңдар:	***л, й***
7. Дирилдеме уяңдар	***р***
8. Кууш-кыска үндүүлөр:	***ы, и, у, ү***
9. Кең-кыска үндүүлөр:	***а, э, о, ө***
10. Созулма кууш үндүүлөр:	***уу, үү***
11. Созулма кең үндүүлөр:	***аа, ээ, оо, өө.***

Жогорудагы 11 топтогу тыбыштар биринчи топтон соңку топко карай үндүн катышы жагынан күчөп олтурат. Ошондуктан биринчи топтогу тыбыштар үн катышпай айтылса, он биринчи топтогу тыбыштар үндүн эң көп катышы менен айтылат. Ошондуктан муундун өзөгүн түзүүдө жогорку топтор тескери катышта болот. Демек, бул топтордун ичинен муун түзүүгө эң ыңгайлуусу 11-топ, андан соң 10-, 9- жана башка топтор келет. Тескерисинче бул топтордун ичинен муун түзүүгө эң жараксызы - 1-2-3 жана башка топтор. Ошентсе да, тыбыштардын сонордуулук даражасы салыштырма мүнөзгө ээ, анткени бул белги катар келген тыбыштан көз каранды болот.

Муундун артикуляциялык теориясына таянган экинчи көз караш боюнча, сүйлөп жаткан учурда көкүрөк булчуңдарынын чыңалуусунун натыйжасында ооз көңдөйүнөн аба агымынын бөлүк-бөлүк болуп кысылып чыгышы муундун пайда болушун шарттайт. Француз окумуштуусу М.Граммон тарабынан негизделип, орус окумуштуусу академик Л.В.Щерба тарабынан өркүндөтүлгөн бул теория фонетикалык адабияттарда булчуңдардын чыңалуу теориясы деп аталат. Муундун артикуляциялык теориясын далилдөө үчүн фонетикалык атайын приборлор колдонулат. Жөнөкөй шартта да айтылган сөздүн муунга бөлүнүшүн байкоого болот. Эгерде биз күйүп турган шамга карай жакын аралыкта сүйлөсөк, анда шам жалп-жалп этип турат.

Кыргыз тил илиминде эксперименттик фонетиканын ыкмаларын колдонуу менен Н.Салахиддинова муун табиятына байланыштуу кандидаттык диссерта-

циясын коргогон. Ошондой эле эне тилибиздин муун түзүлүшү Т.К.Ахматов, Ж.Сыдыков, А.Орусбаев, К.Токтоналиев жана башка окумуштуулардын эмгектеринде изилдөөгө алынган.

Муун типтери

Кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн муундун алты тиби мүнөздүү. Бул типтер К.Тыныстан уулу тарабынан төмөнкүдөй шарттуу белгилер менен сыпатталган:

1. А:	*уу, оо, ээ;*
2. АР:	*ат, эт, от, ит, ут, өт;*
3. ALP:	*алп, арт, уурт;*
4. РА:	*де, же, тоо, төө;*
5. РАР:	*бал, бел, көл;*
6. PALP:	*калп, кант, даңк.*

Мында: А — үндүү тыбыш, Р — үнсүз тыбыш, L — уяң үнсүз.

Көрүнүп тургандай, тарыхтагы сенек жана азыркы учурдагы жандуу түрк тилдери менен диалектилеринин бардыгы үчүн бир муундуу төл сөздөр жогорудагы алты тип менен сыпатталат.

Проф. Карбоз Дыйкановдун «Кыргыз тилинин терс жана кери алфавиттүү сөздүгү» аттуу эмгегинде сөздүккө алынган 39057 сөздүн ичинен 2386 (6,1%) сөз бир муундуу сөзгө тиешелүү деп аныкталган. Бирок анда бир муундуу сөздөрдүн канчасы унгу же туунду сөз, канчасы төл же чет сөз, төл сөздөрдүн ичинен канчоо муундун бул тибине, канчоо тигил тибине дал келет деген суроолорго так жооп берилбей калган. Акад. Б.Орузбаеванын эсеби боюнча, К.К.Юдахиндин сөздүгүндө 34675 төл сөз камтылган: алардын ичинен унгу-мүчөгө ажырабаганы - 5971 сөз, бир муундуулары - 1311 сөз. Казак окумуштуусу академик Абдуали Кайдар тектештирме-тарыхый грамматиканын алкагында аткарган өзүнүн көп жылдык изилдөөлөрүндө мындай эсепти бир кыйла так жүргүзгөн экен. Анын эсеби боюнча, казак тилиндеги бир муундуу төл унгулар сан жана үлүш жактан муун типтерине карай минтип бөлүштүрүлөт:

1) РАР тиби: унгунун саны	- 1035, үлүшү	- 76,6%;
2) АР тиби: унгунун саны	- 158, үлүшү	- 11,7%;
3) PALP тиби: унгунун саны	- 117, үлүшү	- 8,7%;
4) калган типтер: унгунун саны	- 40, үлүшү	- 3,0%;
Бардыгы: унгунун саны	- 1352, үлүшү	- 100,0%;

Ал эми эки муундуу сөздөрдүн муун түзүлүшү К.Тыныстан уулу тарабынан төмөнкүчө эсептелип чыккан:.

			1. АРА	ата, эне, үкү
			2. АРАР	атак, этек, элик
			3. APALP	айант, агарт, урунт
			4. АРРА	акта, окто, эзме, эски
			5. АРРАР	акшак, эскер, этмек
			6. APPALP	аңтар, албарс, илбирс
А			7. ALPPA	артпа, айтта, үркпө
АР	РА		8. ALPPAP	артмак, үркмөк
ALP x	РАР	=	9. ALPPALP	арттырт, айттырт
РА	PALP		10. РАРА	мата, ката, бата
РАР			11. РАРАР	балак, балык, тунук
PALP			12. PAPALP	жапырт, күкүрт, күңүрт
			13. РАРРА	макта, койчу, жакшы
			14. РАРРАР	максат, боорсок, кетмен
			15. PAPPALP	каржалт, барскан
			16. PALPPA	тартма, даңкта, баркта
			17. PALPPAP	тартмак, тынчтык
			18. PALPPALP	тарттырт, түрттүрт.

Үч муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 54 деп аныкталган. Кыскасы, эки, үч жана көп муунду сөздөрдүн муун тибин эсептеп чыгууда К.Тыныстан уулу муун типтеринин сөз ичинде келүү өзгөчөлүктөрүн эске алган экен. Чынында да, бир муундуу сөздөргө тиешелүү муундун 6 тибинин ичинен 1-3 тип жалаң гана көп муундуу сөздүн башында келсе, калган 3 тип көп муундуу сөздүн бардык өнүтүндө бирдей келе берет. Демек, 2 муундуу типтердин курамын аныктоо үчүн бир муундуу 6 типке сөздүн бардык өнүтүндө бирдей келген соңку 3 тип көбөйтүлсө, 3 муундуу типтердин курамын аныктоо үчүн эки муундуу 18 типке дагы эле ушул 3 тип көбөйтүлөт. Бул амалды улам кайталоонун натыйжасында 2 муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 18 деп, 3 муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 54 деп, 4 муундуу сөздөрдүн муун тибинин саны 162 деп аныкталып олтурат.

Ошентип, акыйкаттык үчүн бул жерден төмөнкү жагдайды баса белгилей кетүү абзел:

К.Тыныстан уулу тарабынан сунушталган бул ыкма жаңы технологиялардын кыртышында пайда болгон компьютер лингвистикасы аттуу илимий багытта *тилдик объектилерди логикалык эсептеп чыгуу ыкмасы* деп аталат.

Тилдик объектилерди логикалык эсептеп чыгаруу ыкмасы XX кылымдагы тил илиминде төңкөрүш жасаган генеративдик лингвистиканын пайдубалын түзөт. Бул багыт америкалык окумуштуу Н.Хомский тарабынан негизделген.

Муун түрлөрү

Фонетикалык адабияттарда муундун түрлөрүн бөлүштүрүү үчүн ар кандай чен өлчөмдөр колдонулат. Бирок алардын ичинен илимий жактан алгылыктуусу бирөө гана. Тактап айтканда, муун түрлөрүн аныктоо үчүн муундун өзөгүн түзгөн үндүү тыбыштын сөз башында, сөз ортосунда жана сөз соңунда келүү өзгөчөлүктөрү жетекчиликке алынат. Бул жагынан муун төмөнкүдөй үч түргө ажырайт:

1. Ачык муун - үндүү менен бүткөн муун. Жалгыз гана үндүүдөн турган муун да ачык муунга жатат. Мисалы: *суу, жуу, куу, туу, де, же, тоо, оо, уу, а-та, э-не.*

2. Жабык муун - үндүү менен башталып, үнсүз менен бүткөн муун. Мисалы: *ат, эт, от, ит, ут, өт, ал, эл.*

3. Туюк муун — үнсүз менен башталып, үнсүз менен бүткөн муун. Мисалы: *кат, жат, тур, бар, бас, жет, кет, барс, кант, даңк.*

Ошентип, төл сөздөрдө колдонулган муундун бардык түрлөрү ушул үч түр аркылуу сыпатталат.

Муунга ажыратуу эрежеси

Сөздү муунга ажыратуу үчүн төмөнкү алгоритм жетекчиликке алынууга тийиш:

1) сөздүн аягынан баштап үндүүнү табуу жана үнсүздү таштап муунга ажыратуу,

2) бул эрежени сөздүн башына чейин кайталоо.

Эми аталган алгоритмди төмөнкү сөздү муунга жиктөө үчүн колдонуп көрөлү: **а|йыл|даш|та|ры|быз|ды|кын|да|гы|лар|дан|сыз|дар|бы?**

Муун ичиндеги үндүү жана үнсүз тыбыштардын өз ара байланышы, тагыраак айтканда, мындай байланыштын бекемдик даражасы муун тибинен жана үндүүнүн үнсүзгө карата алган ордунан көз каранды болору, түз болбосо да, кыйыр түрдө бул мисалдан көрүнүп турат. Анткени жабык муунга караганда ачык муундагы үндүү үнсүз тыбышты өзүнө көбүрөөк байлайт. Муну өйдөкү муундардын ичинен бир дагы жабык муундун жок болушу ачык тастыктайт. Бул бир жагынан.

Экинчи жагынан ушул эле көрүнүш туюк муунда да орун алат. Себеби туюк муундун башкы жана соңку үнсүздөрү үндүү менен бирдей даражада байланышпайт. Мындай байланыштын даражасы кийинки үнсүзгө караганда үндүү менен мурунку үнсүздүн ортосунда алдаканча күчтүү болот.

Кыскасы, туюк муундуу сөзгө үндүү менен башталган мүчө (же сөз) жалганса, туюк муундун соңку үнсүзү сыйлыгышып, кийинки муунга өтөт: *сан + а > са|на, сын + а > сы|на, бай + ы > ба|йы, жаш + ы > жа|шы, бил + ым > би|лим, сок + ыш > со|гуш, баш + ым > ба|шым, баш + ың > ба|шың.*

Ошентип, типологиялык жактан мүчөлөмө тилдердин катарына жаткан кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринде туунду сөздөрдү түзүүчү сөзгө куранды мүчө жалгоо аркылуу жасалгандыктан жана бир сөздүн грамматикалык формалары ал сөзгө уланды мүчө улоо аркылуу уюшулгандыктан, түрк тилдериндеги сөздөрдү муунга жиктөө амалын жогорку алгоритмдин негизинде сөздүн соңунан баштап аткаруу дайыма туура натыйжага алып келери келтирилген мисалдардан даана көрүнүп турат. Демек, бул алгоритм текстти муунга жиктөө амалын компьютерлештирүү үчүн да негиз болот деп ишенимдүү айтууга болот.

Үндөштүк кубулушу

Сөз ичиндеги бардык муундардын, муун ичиндеги бардык үндүү-үнсүз тыбыштардын бири-бирине үндөшүп, бир ыңгайда айтылышы **үндөштүк кубулушу** деп аталат.

Үндөштүк кубулушу кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүгүн аныктаган эң негизги көрсөткүч деп табылат. Анткени флективдүү типологиядагы индоевропа тилдери үчүн мындай өзгөчөлүк катары сөздөгү басым эсептелсе, уңгучул типологиядагы кытай-тибет тилдери үчүн сөздөгү тон эсептелет. Ал эми түрк тилдери үчүн сөз ичиндеги бардык бирдиктерди сөзгө бириктирүү кызматын басым да, тон да эмес, дал ушул үндөштүк кубулушу аткарат. Ошондуктан, кыргыз жана башка бардык түрк тилдери үчүн үндөштүк күүсү типологиялык жактан сөздүн фонетикалык паспорту деп табылат.

Түрлөрү

Түркологияда топтолгон бай илимий тажрыйбанын негизинде кыргыз жана башка барча түрк тилдери үчүн үндөштүк күүсүнүн түрлөрүн так жана объективдүү негизде бөлүп көрсөтүүгө болот. Аталган максатты ишке ашырууда тилдеги эң кичине айтым бирдиги болгон муун менен муундун өзөгүн түзгөн үндүү

тыбыш жетекчиликке алынууга тийиш. Бул жагынан үндөштүк адегенде **негизги күү** жана **кошумча күү** деп экиге бөлүнөт да, негизги күү менен кошумча күү өз кезегинде дагы эки күү менен коштолот. Негизги күүнүн өзөгүн муундун жоон же ичке айтылышы түзсө, кошумча күүнүн өзөгүн муундун ачык же эрин болуп айтылышы түзөт. Ошентип, кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринин айтым күүсү үндөштүктүн төмөнкү түрлөрү боюнча ишке ашырылат:

Негизги күү

1. Жоон ачык күү. Негизги күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы жоон ачык а, ы, аа үндүүлөр түзөт. Ошондуктан бул күү сөз ичиндеги бардык муундардын жана муун ичиндеги бардык тыбыштардын баштан аяк жоон ачык айтылышын шарттайт. Мисалы: *кыргыз, кымыз, жылдыз, карагат, карчыга, кыраан, чыгаан ж.б.*

2. Ичке ачык күү. Негизги күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы ичке ачык е, и, ээ үндүүлөр түзөт. Бул күүдө сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк ичке ачык айтылат. Мисалы: *кереге, терезе, береке, келин, илбирс, тикен, ителги, бээ, жээн ж.б.*

Кошумча күү

1. Жоон эрин күүсү. Кошумча күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы жоон эрин о, оо, у, уу үндүүлөр түзөт. Бул күүдө сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк эриндешип жоон айтылат. Мисалы: комуз, коломто, долоно, укурук, учтук, туурдук, соорун

2. Ичке эрин күүсү. Кошумча күүнүн бул түрүнүн өзөгүн муундагы ичке эрин ө, ү, өө, үү үндүүлөр түзөт. Бул күүдө сөз ичиндеги бардык муундар жана муун ичиндеги бардык тыбыштар баштан аяк эриндешип ичке айтылат. Мисалы: көлөкө, бөлтүрүк, бүлдүркөн, өспүрүм, чүрөк, сүлүк, күйкө, чүпүрөк, жүүн, күү, жөө, төө, өгөө, өөнө ж.б.

Талдоо

Сөздүн үндөштүк күүсүн талдоодо сүйлөмдүн интонациялык контуру сыяктуу атайын схема жана төмөнкүдөй шарттуу кыскартуулар колдонулат:

ы	жоон күү	} *Негизги күү*	—	үндөштүк таралат
и	ичке күү		x	үндөштүк таралбайт
а	ачык күү	} *Кошумча күү*	/	муун чеги
у	эрин күү		1,2,3	муун катары

Ошентип, өйдөкү шарттуу кыскартуулар аркылуу сөздүн үндөштүк күүсү боюнча талданышын төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

	ат	*эт*	*үй*	*үй*
ы	-	**x**	-	**x**
и	**x**	-	**x**	-
а	-	-	**x**	**x**
у	**x**	**x**	-	-

Келтирилген бир муундуу сөздөрдөн көрүнүп тургандай, негизги күү боюнча **ат** сөзү жоон ачык айтылса, **эт** сөзү ичке ачык айтылат.Ал эми кошумча күү боюнча **үй** сөзү эрин күүсүнүн коштоосунда жоон айтылса, **үй** сөзү эрин күүсүнүн коштоосунда ичке айтылат.

Көп муундуу сөздөрдүн тутумундагы үндөштүктүн ишке ашышы төмөнкү мисалдар аркылуу тастыкталат:

	ат-сыз	*иш-сиз*	*үй-сүз*	*үй-сүз*
ы	- - -	**x x**	- - -	**x x**
и	**x x**	- - -	**x x**	- - -
а	- - -	- - -	**x x**	**x x**
у	**x x**	**x x**	- - -	- - -

Көрүнүп тургандай, жоктуктун -сыз, -сиз, -суз, -сүз көрсөткүчтөрү ат, эт, уй, үй уңгуларынын таасирине кабылып, уңгу-мүчө биригип үндөштүк күүсү аркылуу *атсыз, этсиз, уйсуз, үйсүз* сөздөрүнүн бүтүндүгү камсыз кылынат. Ошол эле маалда *атсыз* сөзү жоон ачык, *этсиз* сөзү ичке ачык айтылса, *уйсуз* сөзү жоон эрин, *үйсүз* сөзү ичке эрин болуп айтылат.

Орус окумуштуусу Богородицкийдин маалыматы боюнча, үндөштүк күүсүнүн сакталышы жагынан кыргыз тили тектеш тилдердин ичинен көч башында туруп, негизги күүнүн да, эрин күүсүнүн да бирдей даражада эң күчтүү өнүккөндүгү менен мүнөздөлөт. Муну өйдөкү мисалдар да ачык тастыктайт. Ошентсе да, тилибизде үндөштүктүн солгундаган же бузулган учурлары да жок эмес экени анык.

Солгундашы

Сөз ичинде жанаша келген эки муундагы негизги күүнүн сакталып, кошумча күүнүн бузулуп айтылышы **үндөштүктүн солгундашы** деп аталат. Тилибизде үндөштүктүн солгундашы төмөнкүдөй учурларда орун алат:

1. Мурунку муундагы **у, оо** үндүүлөрүнөн кийин кийинки муунда кең эрин үндүү келбестен, кең ачык **а** үндүү келет. Мисалы: *улак, булак, улар, кулан, кулак, тулпар, булгары, бурганак, кумалак, курама, тузак, курак, сурак, турак, тумар, тоодак, жоолаш, жоогазын, оодар, оона, оозант, соогат, шоона, шоола, доола, боола ж.б.*

2. Мурунку муундагы ачык үндүүдөн кийин кийинки муунда мүчөдөгү созулма эрин үндүү келет. Тилибизде бул типке төмөнкү мүчөлөр жатат: *-луу, -чу, -оо, -уу, -ооч*. Мисалы: *балалуу, энелүү, барчумун, келчүсүң, алтоо, жетөө, жашоо, ченөө, баруу, билүү, байлооч, тирөөч ж.б.*

Үндөштүктүн солгундашы төмөнкү мисалдар аркылуу тастыкталат:

	бу-лак	***тоо-дак***	***ал-тоо***	***же-төө***
ы	- - -	- - -	- - -	x x
и	x x	x x	x x	- - -
а	x-	x-	- x	- x
у	- x	- x	x-	x-

Мында бу-лак, тоо-дак, ал-тоо сөздөрү баштан аяк жоон, же-төө сөзү толугу менен ичке айтылып, аныктамага ылайык негизги күүгө баш ийет. Бирок кошумча күү боюнча эки муундан турган бул төрт сөздүн төрт муунунда (-лак, -дак, ал-, же-) ачык күү сакталып, эрин күү бузулуп айтылса, калган төрт муунунда (бу-, тоо-, -тоо, -төө), тесерисинче, эрин күү сакталып, ачык күү бузулуп айтылат.

Бузулушу

Сөз ичинде жанаша келген эки муундагы негизги күүнүн бузулуп айтылышы **үндөштүктүн бузулушу** деп аталат. Тилибизде үндөштүктүн бузулушу төмөнкү учурларда орун алат:

1. Кичирейтүү, эркелетүү маанисиндеги -ке, -ек, -тай, -бай сыяктуу мүчөлөр уланган сөздөрдө. Мисалы: *атаке, абаке, кызыке, койонек, кыргыйек, жеңекетай, жеңекебай ж.б.*

2. *-кер, -кор, -кеч, -стан, -кана, -ий, бей-, на-* сыяктуу чет мүчөлөр уланган сөздөрдө. Мисалы: *жоокер, жароокер, жемкор, сүткор, арабакеч, асылкеч, Өзбекстан, Түркстан, ишкана, эмкана, бейтапкана, саясий, адабий, маданий ж.б.*

3. Татаал сөздөрдүн тутумунда. Мисалы: *акиташ, кайнене, көзайнек, аттиш, көзкараш, аккөңүл, итмурун, кийикот, Айтийбес, Эркечтам, Кичикумбел, Өмүргазы, Каныбек ж.б.*

4. Чет сөздөрдүн басымдуу көпчүлүк бөлүгүндө. Мисалы: *физика, химия, техника, технология, компьютер, телефон, ракета, машина, фонема, морфема ж.б.*

Үндөштүктүн бузулушу төмөнкү мисалдар аркылуу тастыкталат:

	жоо-кер	***жем-кор***	***эм-кана***	***ат-тиш***
ы	- x	x-	x-	- x
и	x-	- x	- x	x-
а	x-	- x	- - -	- - -
у	- x	x-	x x	x x

Мында негизги күүнүн эки түрү болгон жоон күү да, ичке күү да *жоо-кер, жем-кор, эм-кана, ат-тиш* сөздөрүндө жанаша келген муундарда бузулуп айтылды. Ушундай эле көрүнүш *жоо-кер, жем-кор* сөздөрүндөгү кошумча күүнүн таралышында орун алды. Ал эми *эм-кана, ат-тиш* сөздөрү баштан аяк ачык айтылганга карабастан андагы жанаша келген эки муундагы негизги күүнүн өзөгүн түзгөн жоон жана ичке күүлөр бузулуп айтылды.

Эскерте кетчү нерсе,тилибизде колдонулган *наристе, алдей, адилет, далил, дарек, маселе, абзел, аскер,асем, Асел, Али, Алишер* өндүү жалпы жана энчилүү аттар жазуу нормасына ылайык негизги күү бузулган учур катары каралып келет. Эгер бул сыяктуу сөздөрдү адабий айтым норманын алкагынан карасак, анда келтирилген сөздөрдүн башкы мууну соңку муун менен үндөшүп, жоон эмес, ичке айтыларын байкоо кыйын эмес. Ошондуктан бул типтеги мисалдар адабий тилдин айтым нормаларынан орун алып, орфоэпиялык сөздүккө чыгарылышы абзел: *нәристе, әлдей, әдилет, дәлил, дәрек, мәселе, әбсел, әскер, әсем, Әсел, Әли, Әлишер ж.б.*

Ошентип, кыргыз тилинде жогорудагы учурлардын орун алгандыгына карабастан сөздүк курамындагы сөздөрдүн басым бөлүгүндө үндөштүк күүсү толук сакталат же кошумча күү белгилүү даражада солгундап айтылат. Ошол эле маалда муун үндөштүгү тилибиздеги сөздөрдүн көпчүлүгүндө толук сакталат. Мунун натыйжасында муун тутумундагы үнсүз тыбыштардын да, үндүү тыбыштардын да же жоон ачык, же ичке ачык, же эриндешип жоон, же эриндешип ичке айтылышы дал ушул үндөштүк күүсү менен жөнгө салынып, аны менен шартталып турат.

Окшошуу кубулушу

Үңгу менен мүчөнүн чегинде, мүчө менен мүчөнүн жигинде же эки сөздүн ортосунда жанаша келген үнсүздөрдүн акустикалык жана артикуляциялык жактан бири-бирине окшошуп айтылышы **окшошуу кубулушу** деп аталат. Демек, окшошуу жөнүндө сөз болгондо аталган кубулуш тилдеги бардык тыбыштарга бирдей таралбай, тек гана жанаша келген эки үнсүзгө таралары жана бул эки үнсүз акустика-артикуляция жактан бири-бирине окшошо тургандыгы эске алынууга тийиш. Сөз ичиндеги үңгу менен мүчөнүн, мүчө менен мүчөнүн же жанаша келген эки сөздүн чегиндеги үнсүздөрдүн бири-бирине окшошуу мүнөзүнө карай окшошуу кубулушу экиге бөлүнөт: 1) толук окшошуу, 2) толук эмес окшошуу.

Толук окшошуу көбүнчө жумшак-каткалаңдык белгиси боюнча түгөйлөш үнсүздөрдүн бири-бирине толук окшошуусу аркылуу ишке ашат:

бак + га > бакка
жап + ба > жаппа
сат + ды > сатты
ат + дан > аттан
жак + ган > жакан
так + га > таккa
топ + бы > топпу
жыт + ла > жытта
ит + дан > иттен
так + ган > таккан.

Аягы н тыбышы менен бүткөн сөз менен м тыбышы менен башталган мүчөнүн же ушундай эле сөздүн ортосунда да толук окшошуу орун алат:

тун + ма > тумма
кан менен > камменен
жан + ма > жамма
карын май> карыммай.

Аягы з тыбышы менен бүткөн сөз менен с тыбышынан башталган мүчө же сөздүн ортосунда пайда болгон кош **сс** үнсүзү да толук окшошууга жатат, бирок окшошуу мындай учурда, өйдөкүлөрдөн айырмаланып, тескери багытта алдыдан артка карай жүрөт :

туз + сыз > туссуз
жаз+ са > жасса
көз сал > көссал
туз + сыра > туссура
каз + са > касса
аз сандагы > ассандагы.

Толук эмес окшошуу катар келген эки үнсүздүн түгөйлөш каткалаң-жумшактык белгисинен башка жасалуу орду же жасалуу ыгы боюнча окшошуусу аркылуу ишке ашырылат. Мисалы:

кач + са > кашса
жат + ган > жаткан
жаш + га > жашка
чач + са > чашса
жет + ган > жеткен
жаш +нын> жаштын.

Толук окшошууга караганда толук эмес окшошуу кыргыз жана башка түрк тилдеринде дээрлик жыш колдонулат. Анткени толук окшошууда жанаша келген эки үнсүз бардык белгилери боюнча бири-бирине толук окшошсо, толук эмес окшошууда мындай үнсүздөр айрым белгилери боюнча гана окшошот. Ошондон улам толук эмес окшошуу төмөнкү кубулуштар аркылуу ишке ашырылат: каткаландашуу кубулушу, жумшаруу кубулушу, эриндешүү кубулушу, мурундашуу, көмөкөйлөшүү кубулушу.

Каткаландашуу кубулушу - каткалаң үнсүздүн таасири менен жумшак үнсүздүн каткаландашып айтылышы. Бул кубулуш сөз соңундагы каткалаң үнсүз менен мүчө башындагы жумшак үнсүздүн, же эки сөздүн чегиндеги каткалаң-жумшак үнсүздөрдүн ортосунда ишке ашат:

ат + га > атка
туз + сыз > туссуз
тап бер > тапер
дит бак > дитпак
эт + га > этке
кыргыз + ча > кыргызча
баш бак > башпак
беш бармак> бешпармак.

Жумшаруу кубулушу - жумшак же уяң үнсүздүн таасири менен каткалаң үнсүздүн жумшарып айтылышы. Бул кубулуш жанаша келген эки сөздүн чегиндеги каткалаң жана жумшак/уяң үнсүздөрдүн ортосунда орун алат:

чал куйрук > Чалгуйрук
кызыл кат > кызылгат
ак жолтой > агжолтой
кыл курт > кылгурт
кызыл курт > кызылгурт
ак жуумал > агжуумал.

Эриндешүү кубулушу - үңгу менен мүчөнүн ортосунда же жанаша келген эки сөздүн чегинде эринчил үнсүздүн таасири менен уяң **н** үнсүзүнүн **м** тыбышына өтүп, эринчил болуп айтылышы:

тын + ба > тымба
он беш > омбеш
Ишен + бай > Ишембай
тан + ба > тамба
карын + бөлө > карымбөлө
Асан + бай> Асамбай.

Мурундашуу кубулушу - үңгу менен мүчөнүн же катар келген эки сөздүн тутумунда мурунчул үнсүздүн таасири менен эринчил үнсүздүн мурунчул болуп айтылышы:

жап + ын > жамын
бөөн >мөөн
панжа >манжа
теп + ын > темин
курбан > курман
сабын > самын.

Көмөкөйлөшүү кубулушу -үңгу менен мүчөнүн ортосунда же жанаша келген эки сөздүн чегинде артчыл/түпчүл үнсүздүн таасири менен эринчил/тишчил үнсүздүн ң тыбышына өтүп айтылышы:

тун+ гыч > туңгуч *жан+ ган > жаңган*
кан+ кор > каңкор *шумкар> шуңкар*
жалгыз> жаңгыз *чалкала > чаңкала.*

Жанаша келген эки үнсүздүн бири-бирине тийгизген таасирине жана окшошуунун багытына карай окшошуу кубулушу үчкө бөлүнөт:

1) алга окшошуу - мурунку үнсүздүн алга карай таасири менен кийинки үнсүздүн мурунку үнсүзгө окшошуусу,

2) артка окшошуу - кийинки үнсүздүн артка карай таасири менен мурунку үнсүздүн кийинки үнсүзгө окшошуусу,

3) кайчылаш окшошуу - мурунку үнсүздүн алга карай таасири менен кийинки үнсүздүн мурунку үнсүзгө жана кийинки үнсүздүн артка карай таасири менен мурунку үнсүздүн кийинки үнсүзгө өтмө катар окшошуусу.

Алга окшошуу

Окшошуунун бул түрү кыргыз жана башка түрк тилдеринин мүчөлөмө типологиясына шайкеш келип, күчтүү өнүккөндүгү жана кеңири колдонулгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Анткени аталган кубулуш уңгудан мүчөгө, же мурунку сөздөн кийинки сөзгө карай таасир этип, уңгудан алдыга карай ишке ашырылган мүчөлөмө кубулушунун багытына дал келет. Демек, окшошуунун бул түрү түрк тилдеринин типологиялык өзгөчөлүктөрү менен дайыма коштолуп турат.

Алга окшошуу төмөнкү учурларды ичине катыйт:

1) сөз соңундагы каткалаң үнсүз мүчө башындагы жумшак үнсүздүн каткалаң үнсүзгө өтүп айтылышын шартайт:

жет + ган > жеткен *жаш + га > жашка*
жаш + бы > жашпы *жат + ба > жатпа*
жат + бас > жатпас *бак+ ды > бакты*
жаш + дан> жаштан *иш + да > иште.*

Тилибиздеги жумшак үнсүз менен башталып, каткалаң үнсүзгө өтүп айтылган мүчөлөр булар:

a. барыштын *-га* мүчөсү: *атка, итке, ачка, ашка,*

b. белгисиз өткөн чактын *-ган* уландысы: *жаткан, учкан, чапкан,*

c. этиштен атооч жасоочу *-гыч* курандысы: *жапкыч, баскыч, тепкич, туткуч, чеккич,*

d. этиштен атооч жасоочу *-гын* курандысы: *качкын, баскын, туткун, өткүн,*

e. этиштен атооч жасоочу *-гак* курандысы: *жапкак, капкак, баткак, чычкак,*

f. жатыштын *-да* уландысы: *башта, кышта, бакта, кураста,*

g. чыгыштын *-дан* уландысы: *баштан, кыштан, бактан, курактан,*

h. айкын өткөн чактын *-ды* уландысы: *бакты, качты, ашты,*

i. аркылуу мамиленин *-дыр* мүчөсү: *бактыр, тактыр, чачтыр,*

j. *-бы* суроо уландысы: *жашпы, маспы, акпы, атпы,*

k. таңгыч *-ба* уландысы: *качпа, батпа, баспа, ашпа,*

l. көптүк сандагы 1 жак *-быз* уландысы: *жашпыз, маспыз, акпыз, мартпыз ж.б.*

2) аягы каткалаң үнсүз менен бүткөн сөздөн кийин *-лар, -ла, -лык, -луу, -ны, -нын, -ныкы* мүчөлөрүнүн башындагы **л, н** уяң үнсүздөрү тишчил каткалаң үнсүзгө өтүп айтылат:

таш + лар > таштар *түс + луу> түстүү*
кыш + ла > кышта *мас + лык > мастык*
баш + ны > башты *жаш + ныкы > жаштыкы.*

Булардын ичинен бардыкты билгизген 6 варианттуу —*луу* мүчөсүнөн башкалары эң аз дегенде 12 варианттa айтылат;

3) аягы **з** менен бүткөн сөздөн кийин мүчө башындагы **л, н** уяң үнсүздөрү тишчил жумшак үнсүзгө өтүп айтылып, жанаша келген эки үнсүздүн жумшактык белгиси боюнча окшошуусун шарттайт:

кыз + лар > кыздар *кыз + нын > кыздын*
кыз + ны > кызды *туз + ла > тузда*
биз+ ныкы > биздики *ооз + лык > ооздук.*

4) жанаша келген эки үнсүздүн алга карай окшошуусу айкаша келген эки сөздүн ортосунда да орун алат:

жаш бала > жашпала *таш бака > ташпака*
кеш болду > кешолду *кет бука > Кетпука*
беш дептер > бештептер *ит балык> итпалык.*

Артка окшошуу

Окшошуунун бул түрү сөз менен мүчөнүн жигинде же жанаша келген эки сөздүн ортосунда ишке ашат да, кийинки үнсүз мурунку үнсүзгө таасир этип, окшошуу багыты артка карай жүрөт. Кыргыз тилиндеги артка окшошуу төмөнкү учурларда орун алат:

морфема (мүчө, сөз) соңундагы **н** уяң үнсүзү кийинки морфеманын башкы *қ, к, ғ, г* үнсүздөрүнүн таасири менен артка карай окшошуп, **ң** тыбышына өтүп айтылат:

кан + га > каңга *жан + га > жаңга*
алган + га> алганга *берген + га> бергенге*
кан + кор > каңкор *тун + гыч > туңгуч*
кан + келди > Каңгелди *аман + келди > Амаңгелди*
Асан +Калый > Асаңгалый *Курман + Касы > Курмаңгасы.*

морфема (мүчө же сөз) соңундагы **н** уяң үнсүзү кийинки морфеманын башкы *б, м* үнсүздөрүнүн таасири менен артка карай окшошуп, **м** тыбышына өтүп айтылат:

тан + ба > тамба *жан + ба > жамба*
ишен + ба > ишембе *Асан + бай > Асамбай*
Карын + бай > Карымбай *он + беш > омбеш.*

морфема (мүчө же сөз) соңундагы **з** үнсүзү кийинки морфеманын башкы *п,т,с,ч,ш* үнсүздөрүнүн таасири менен артка карай окшошуп, каткалаң **с** тыбышына өтүп айтылат:

туз + сыз > туссуз *жаз + сын > жассын*
каз + са > касса *кыргыз + ча > кыргысча*
аз + чылык > асчылык *ооз + тий > оостий*
Тогуз+торо > Тогусторо *кыз + куумай> кыскуумай.*

Жогорудагы үч учурдан көрүнүп тургандай, артка окшошуу уңгу менен мүчөнүн да, мүчө менен мүчөнүн да, сөз менен сөздүн да чектешкен жеринде ишке ашырыла берет. Бирок окшошуунун бул түрү жазууда белгиленбейт.

Кайчылаш окшошуу

Уңгу менен мүчөнүн, мүчө менен мүчөнүн же сөз менен сөздүн жигиндеги эки үнсүздүн бири-бирине бирдей таасир этип, алга жана артка карай кош кабат окшошуп айтылган учурда ишке ашырылат. Тилибизде мындай учур бирөө гана, атап айтканда: сөз соңундагы **н** тыбышы менен кийинки сөздүн башкы **к** тыбышы бири-бирине таасир этип, бири-бири менен алдыга жана артка карай кош кабат окшошуп, *ң+г* айкаштарына өтүп айтылат:

аман + калды > амаңгалды *кан + курт > каңгурт*
алтын + кашык > алтыңгашык *Алтын + касык > Алтыңгасык*
Касан + куйган > Касаңгуйган *Асан + кайгы > Асаңгайгы*
Асан + Калый > Асаңгалый *Курман + Касы > Курмаңгасы.*

Окшошпоо кубулушу

Сөз менен мүчөнүн чегинде же сөз менен сөздүн ортосунда жанаша келген бирдей же окшош эки үнсүздүн бири-бирине таасир этип, өз ара окшошпой айтылышы **окшошпоо кубулушу деп** аталат. Окшошууга карама-каршы жана андан айырмаланган кубулуш. Сөз ичиндеги бирдей же окшош эки үнсүздүн бирөөнү экинчисине окшошпогон үнсүз менен алмаштырып айтуу жагын ишке ашырат. Окшошуу сыяктуу толук жана толук эмес окшошпоо, алга жана артка окшошпоо болуп төрт түргө бөлүнөт. Тектеш башка түрк тилдеринин бардыгында таралуу чөйрөсү тар жана колдонуу жыштыгы сейрек кубулуш.

Кыргыз тилинде окшошпоо кубулушу төмөнкүдөй учурларды ичине камтыйт:

1) *аягы н, м, ң, л, р* уяң үнсүздөрүнүн бири менен бүткөн сөздөн кийин *-ла, -лар, -лаш, -лан, -лык, -луу* мүчөлөрүнүн башкы л үнсүзү уяңдыгын жоготуп, жумшак үнсүзгө өтүп, окшошпоо кубулушуна кабылат да, д тыбышына алмашып айтылат:

тал + ла > талда *сыр + ла > сырда*
жан + ла > жанда *каң + ла > каңда*
ным + ла > нымда *кам + ла > камда*
тил + ла > тилде *чел + ла > челде*
мал + лар > малдар *айыл + лар > айылдар*
айал + лар > айалдар *адал + лык > адалдык*
бечел + лык > бечелдик *ажал + луу > ажалдуу*
жамал + луу > жамалдуу *көлөм + луу > көлөмдүү.*

Эскерте кетчү нерсе,айрым учурларда сөз тутумунда орун алган төмөнкүдөй тыбыштык өзгөрүүлөр окшошпоо кубулушунун ишке ашырылышы деп жаңылыш сыпатталып жүрөт:

семиз + лык > семиздик *кыз + лар > кыздар,*
кагаз + ны > кагазды *муз + луу > муздуу.*

Чынында да бул өңдүү өзгөрүүлөр окшошпоо эмес [Абдулдаев 1998: 72-73], тескерисинче, окшошуу кубулушунун натыйжасы деп табылууга тийиш. Анткени мындай учурда окшошуу кубулушу аракетке келип, мүчө башындагы уяң **л** тыбышы жумшак **с** тыбышынын таасирине кабылып, уяңдыгын жоготуп, түгөйлөштүк белгисине ээ болуп, жумшак **с** тыбышына окшош жумшак **д** тыбышына өтүп айтылат. Тилекке каршы, бул жана ушул өңдүү калпыстыктар дээрлик арбын.

2) аягы *н, м, ң, л, р, й* уяң үнсүздөрү менен бүткөн сөздөн кийин *-ны, -нын, -ныкы* мүчөлөрүнүн башындагы *н* тыбышы окшошпоо кубулушуна кабылып, жумшак д тыбышына өтүп айтылат:

сан + ны > санды *кум + ны > кумду*
чаң + ны > чаңды *бал + ны > балды*
кар + ны > карды *бай + ны > байды*
жаан + ны > жаанды *коон + нын > коондун*
жээн + нын > жээндин *балбан + нын > балбандын*
асман + нын > асмандын *жаман + ныкы > жамандыкы.*

3) *ч* тыбышына аяктаган сөздөн кийин *ч, т, л, н, д, ж* тыбыштарынан башталган морфема (мүчө же сөз) келсе, сөз соңундагы ч тыбышы жарылмалык касиетин жоготуп, жылчыкчылдыгын сактап, өзүнөн кийинки жарылма үнсүзгө окшошпой, жылчыкчыл ш тыбышына өтүп айтылат:

ач + чы > ашчы *кач + чы > кашчы*
ач + ды > ашты *чач + ды > чашты*
жыгач + чы > жыгашчы *кылыч + чан > кылышчан*
чач+ тарач> чаштарач *ач + жылаңач> ашчылаңач.*

Жогорудай эле *ч* тыбышы менен бүткөн сөздөн кийин *с* тыбышы менен башталган мүчө келсе, *ч* тыбышы жогоркудай *ш* тыбышына өтүп айтылат:

кач + са > кашса *чач + са > чашса.*

Бирок бул учур окшошпоо кубулушу эмес [Абдулдаев 1998: 74], окшошуу кубулушу аркылуу ишке ашат да, **ч** тыбышы **с** тыбышынын таасири менен **ш** тыбышына өтүп, үңгу-мүчөнүн чегинде каткалаң жылчыкчылдык белгилери боюнча бири-бирине окшош ш+с эки үнсүз айкашы пайда болот. Дагы бир мисал: *ач + ды > аштыы, чач + ды > чаштыы ж.б.* Бул өндүү сөздөрдүн тутумунда мүчө башындагы **д** тыбышынын каткаланданышып **т** тыбышына өтүшү окшошуу кубулушу аркылуу ишке ашырылса, **ч** тыбышынын **ш** тыбышына өтүшү окшошпоо кубулушу аркылуу ишке ашырылат. Демек, мындай учурда аталган эки кубулуш бир эле сөздүн ичинде бирдей жана карама-каршы багытта аракетке келет.

Ыңгайлашуу кубулушу

Муун ичиндеги, үңгу менен мүчөнүн чегиндеги же эки сөздүн ортосундагы жанаша келген үндүү жана үнсүз тыбыштардын бири-бирине таасир этип, өз ара ыңгайлашып айтылышы **ыңгайлашуу кубулушу** деп аталат.

Кеп агымындагы тыбыштык өзгөрүүлөр жеке эле жанаша келген эки үнсүздүн окшошуп-окшошпой айтылышын жөнгө салган окшошуу жана окшошпоо кубулуштары менен чектелбейт. Анткени кеп агымында жеке эле үнсүз тыбыштар келбестен үндүү жана үнсүз тыбыштар да катар келе берет. Аныктама тастыктагандай, кеп агымында, муун ичинде, үңгу менен мүчөнүн чегинде же эки сөздүн ортосунда жанаша келген үндүү жана үнсүз тыбыштардын бири-бирине таасир этип, өз ара ыңгайлашып айтылышы **ыңгайлашуу кубулушу** деп аталган өзүнчө кубулуш аркылуу ишке ашырылат.

Кыргыз тилинде бул кубулуш төмөнкүдөй учурларды ичине камтыйт:

1) муундун өзөгү болгон үндүү тыбыш муун ичинде жанаша келген үнсүзгө таасир этип, анын же жоон, же ичке айтылышын шарттайт. Бул учурда аталган кубулуш муун чегиндеги үндөштүк кубулушуна дал келет. Бирок мында үндөштүк кубулушу сөз ичиндеги бардык муундарга жана муун ичиндеги бардык үндүү жана үнсүз тыбыштарга бирдей таралса, аккомодация кубулушу үндүүнүн үнсүзгө тийгизген таасири менен гана чектелет. Маселен, **ат** сөзүнүн соңундагы үнсүздүн жоон үндүүнүн таасири менен жоон айтылышы жана **эт** сөзүнүн соңундагы үнсүздүн ичке үндүүнүн таасири менен ичке айтылышы дал ушул ыңгайлашуу жана үндөштүк кубулуштарынын дал келген бир көрүнүшү деп табылат;

2) сөз же муун ичиндеги түгөйлөш түпчүл үнсүздөр жалаң гана жоон үндүүлөр менен айкашса, түгөйлөш артчыл үнсүздөр жалаң гана ичке үндүүлөр менен айкашат. Маселен, *қыр/ғыз, қы/мыз, қа/ра/ғат* сөздөрүнүн тутумундагы *қ, ғ* үнсүздөрү ы, а жоон үндүүлөрү менен айкаша келсе, киргиз, кереге, килем сөздөрүнүн тутумундагы *к, г* үнсүздөрү *и, е* ичке үндүүлөрү менен иргеле келип айкашат;

3) сөз соңундагы *қ, к, п* тыбыштары эки үндүүнүн ортосунда келсе, ал үндүүлөрдүн таасири менен жумшарып, үн катышып айтылышы жагынан ошол үндүүлөргө ыңгайлашат:

ак + ар > агар *ак + ыш > агыш*
так + ы > тагы *тек + ы > теги*
сап + ы > сабы *кап + ы > кабы*
чеп + ы > чеби *сеп + ы > себи*
ак + ала > агала *кара + кой > карагой*
кеп + ур > кебур *жооп + ал > жообал*
таап + ал > Таабалды *сатып + алды > Сатыбалды.*

4) үн катышы жагынан сөз соңундагы үндүүгө ыңгайлашкан мүчө *м, н, ң, л, р, й* уяң үнсүздөрүнөн баштала берет:

бала + ым > бала-м *бала + ны > бала-ны*
бала + ыңыз > бала-ңыз *ата + лар > ата-лар*
кара + ар > кара-р *кара + ай > кара-й.*

5) сөз соңундагы үндүүдөн кийин үн катышы жагынан ыңгайлашкан мүчө (же сөз) жумшак *б, г, д* үнсүздөрүнөн баштала берет:

бала + ыбыз > бала-быз *бала + га > бала-га*
бала + дан > бала-дан *эне + га > эне-ге.*

6) сөз соңундагы уяңдан, жумшак *з*'дан жана каткалаң (*к, п*'дан башка) үнсүздөн кийин мүчө (же сөз) үндүүдөн баштала берет:

бал + ым > бал-ым *жар + ы > жар-ы*
бай + ы > бай-ы *кыз + ым > кыз-ым*
баш + ы > баш-ы *чач + ы > чач-ы.*

Кыскаруу кубулушу

Муун ичиндеги же эки сөздүн ортосундагы үндүү тыбыштын кыскарып айтылышын же түшүп калышын жөнгө салган кубулуш **кыскаруу кубулушу** деп аталат. Кеп агымында айтылган тыбыштар өйдөкүлөрдөн башка да тыбыштык кубулуштардын таасирине кабылышы мүмкүн. Алардын бири - басым түшпөгөн муундагы же жанаша келген эки сөздүн ортосундагы үндүү тыбыштардын кыскарып, солгундап айтылышы же деле түшүп калышы. Бул өндүү өзгөрүүлөр, аныктамадан белгилүү болгондой, кыскаруу кубулушу аркылуу ишке ашырылат.

Кыскаруу кубулушу үндүүлөрдүн баарына эле бирдей тарала бербейт. Ал көбүнчө кыска кууш үндүүлөргө таралып, эне тилибиздеги төмөнкү учурдарды ичине камтыйт:

1) *-йыл, -йым, -йын, -рым, -рын* сыяктуу туюк муун менен бүткөн сөздөрдөн кийин үндүү менен башталган мүчө жалганса, туюк муундагы кууш үндүү кыскарып же түшүрүлүп айтылат:

айыл + ым > айл-ым *дайын + ы > дайн-ы*
ийин + ы > ийн-и *кийим + ы > кийм-и*
жарым+ ы > жарм-ы *ийир + ып > ийр-ип.*

2) өйдөкү турпаттагы туюк муун менен бүткөн айрым сөздөргө —**а** курандысы жалганса, туюк муундагы кууш үндүү түшүрүлүп айтылат:

жыйын + а > жыйн-а *кыйын + а > кыйн-а*
жумуш + а > жумш-а *ойун + а > ойн-о*
орун + а > орн-о *жыйын + а > жыйн-а.*

3) тууганчылык катышты билдирген кошмок сөздөрдө **кайын** сөзү кууш үндүүсүн жоготот:

кайын +ата > кайната *кайын +эне > кайнене*
кайын +эже > кайнеже *кайын +ага > кайнага*
кайын +ини > кайни.

Көрүнүп тургандай, булардын ичинен **кайни** сөзүнүн жасалышында кууш үндүү менен бирге бүтүн муун да кыскарып айтылат;

4) *—ры/-ри* сыяктуу жабык муун менен бүткөн сөздөрдөн кийин айрым сөздөр тиркеше келсе, муундагы кууш үндүү түшүрүлүп айтылат:

ары + жак > аржак *бери + жак > бержак*
сары + багыш > сарбагыш *сары + Б. > сарБ.*
сары + моңол > сармоңол *сары + май > сармай*
сары + чычкан > сарчычкан *сары + өзөн > сарөзөн.*

5) үндүү менен бүткөн сөзгө үндүү менен башталган экинчи сөз же мүчө тиркешсе, жанаша келген эки үндүүнүн бири түшүрүлүп айтылат:

ата + ым > атам *эне + ыбыз > энебиз*
сары + ала> сарала *кара + ала> карала*
тору + ала> торала *сары + оору > сароору*
Ала + арча> Аларча *Жети + өгүз> Жетөгүз.*

Кептин фонетикалык жактан бөлүнүшү: муунак

Адам баласы пикир алышуу учурунда өз оюн сүйлөм аркылуу билдирет. Сүйлөм сөздөрдөн, сөз муундан турат. Муундан сөз, сөздөн муунак куралат. Муунак бир же бир нече сөздү ичине камтып, сүйлөмдү курайт. Сүйлөө учурунда сүйлөм ичиндеги сөздөр жеке туруп да, топ-топ курап да айтылат. Демек:сүйлөм тутумундагы семантика-синтаксистик жана фонетикалык жактан бүтүндүктү түзүп, бөлүк-бөлүк болуп, өзүнчө басым менен бир ыргакта айтылган сөз же сөз тиркештери муунак деп аталат. Мисалы:

/Бетеге кетет,/ бел калат,/
/Бектер кетет,/ эл калат./
/Осмо кетет,/ каш калат,/
/Оомат кетет,/ баш калат./
/Жакшылыкка жакшылык,/ ар адамдын кылары,/
/Жамандыкка жакшылык,/ эр адамдын кылары./
/Жамандыкка жамандык,/ кем адамдын кылары,/
/Жакшылыкка жамандык/, көр адамдын кылары./

Көрүнүп тургандай, төрт саптан турган бул эки макалдын ар бир сабы экиден муунакка ажырап айтылат да, биринчи макалдын ар бир муунагы экиден

сөздү ичине камтыса, кийинки макалдын ар бир муунагы эки же үчтөн сөздү ичине камтыйт.

Кептин фонетикалык жактан бөлүнүшү жөнүндө сөз болгондо, 2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, адегенде сүйлөмдүн муунакка ажырашы, андан соң муунактын сөзгө, сөздүн муунга, муундун тыбышка бөлүнүшү жөнүндө сөз болушу абзел. Фонетикалык жана синтаксистик адабияттарда муунак түшүнүгү көбүнчө орус тилиндеги **синтагма** термини менен белгиленип жүрөт. **Синтагма** термини менен синтагма жөнүндөгү окуу илимий айлампага алгач ирет академик Л.В.Щерба тарабынан киргизилген. **Синтагма** түшүнүгү кыргыз тилиндеги муунак сөзүнүн маанаиси менен толук камтылгандыктан, бул түшүнүктү белгилөө үчүн термин катары дал ушул муунак сөзү колдонууга эң ылайыктуу деп табылат.

Ошентип, кеп агымынын муунакка бөлүнүшү сүйлөмдүн семантика-синтаксистик түзүлүшү менен шартталат. Муунактын курамы бир ыргак менен айтылган сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүнүн, анын ичинде ээ менен баяндоочтун, аныктооч менен аныкталгычтын, толуктооч менен толукталгычтын, бышыктооч менен бышыкталгычтын, сүйлөмгө мүчө болбогон ар кандай сөз тиркештеринин топторун ичине камтыйт. Ар бир муунак өзүнчө басым жана ыргак менен айтылып, муунактын чеги тыным менен ажыратылат. Демек, тилдеги фонетикалык кубулуштардын таралуу чөйрөсү дал ушул муунактын алкагы менен чектелет. Маселен, Асанкайгынын көйгөйү төрт саптан турган муунак ичиндеги сөздөрдүн өзгөрүшү аркылуу минтип берилет:

/Куйругужок,/ жалыжок/
/Кулаңгантип/ гүңгөрөт/
/Айагыжок/ колужок/
/Жылаңгантип/ гүңгөрөт./

Көрүнүп тургандай, өз-өзүнчө муунак түзүп, үзгүлтүксүз бир ыргак менен айтылган *кулаңгантип < кулан кантип, жылаңгантип < жылан кантип, гүңгөрөт < күн көрөт* тиркештеринде фонетикалык ички бүтүндүктү камсыз кылуу үчүн тиркеш тутумундагы эки сөздүн чегинде *н+к* үнсүздөрү кайчылаш окшошуу кубулушуна кириптер болуп, бири-бирине окшошуп, *ң+г* айкашына өтүп, *кулаңгантип гүңгөрөт, жылаңгантип гүңгөрөт* таризде айтылат. Демек, жанаша келген эки сөздүн ортосунда орун алган ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөр муунактын алкагында гана ишке ашырылат.

Муунактын бүтүндүгү анын тутумундагы сөздөрдүн семантика-синтаксистик байланыштары менен шартталгандыктан мындай байланыштагы сөздөр милдеттүү түрдө бири-бири менен жанаша турууга тийиш. Андай болбой калган учурда, эгерде жанаша турган сөздөрдүн арасына башка сөздөр кошулуп

айтылса, жанаша турган сөздөрдүн арасындагы байланыш солгундап же жоголуп, муунак ичтен ыдырап, ажырап кетиши мүмкүн. Мисалы:

|*Элмырза келди.*|
|*Элмырза* | *өткөн жылы келди*|
|*Элмырза* | *өткөн жылы*| *чет өлкөдөн келди*|
|*Элмырза* | *өткөн жылы*| *чет өлкөдөн*| *окуусун бүтүрүп келди*|.

Көрүнүп тургандай, сүйлөмдүн ээси менен баяндоочунун ортосуна башка сөздөр кошулган сайын муунактын чеги да улам жылышып, өзгөрүп турат. Ошондуктан оозеки кепте сүйлөмдү муунактарга туура жиктеп, өзүнчө ыргак менен туура айтуу абзел. Антпегенде ой бурмаланып, так берилбей, айтылган кептин ыргагы бузулуп, таасирдүү, таамай болбой калышы мүмкүн. Муну төмөнкүдөй салыштыруудан ачык байкоого болот:

|*Кыргыз тилин сүйөт.* | |*Кыргыз*| *тилин сүйөт.* |
|*Кыргыз жерин сүйөт* | |*Кыргыз*| *жерин сүйөт.* |
|*Атажуртун сагынат.*| |*Ата*| *журтун сагынат.*|
|*Атамекенин сагынат.*| |*Ата*| *мекенин сагынат.* |

Мындан биз муунак сүйлөм тутумундагы семантика-синтаксистик жана фонетикалык жактан бүтүндүктү түзүп, өзүнчө басым менен бир ыргакта айтылган сөз же сөз тиркештери болот деп жыйынтык чыгарууга тийишпиз.

Басым жана анын түрлөрү

Сөз ичиндеги бир муундун башка муундардан айырмаланып көтөрүңкү үн менен күчтүү айтылышы **басым деп** аталат. Сөздүн басым түшкөн мууну басымдуу муун болсо, басым түшпөгөн мууну басымсыз муун болот.

Басымдын үч түрү бар. Алар төмөнкүлөр:

1) күчтүү же динамикалык басым — сөздүн басым түшкөн муунунун башка муундарга караганда күчтүү айтылышы,

2) тондуу же музыкалык басым — сөздүн басым түшкөн муунунда тондун өзгөрүп айтылышы,

3) сандык же квантитативдик басым — сөздүн басым түшкөн муунунда үндүүнүн созулуп айтылышы.

Тилибиздеги басым таза эмес, аралашма басым, күчтүү сандык басым.

Басым сөз ичинде алган ордуна карай экиге бөлүнөт:

1) туруктуу басым,

2) өзгөрүлмө же эркин басым.

Кыргыз жана башка бардык түрк тилдериндеги басым туруктуу басымга жатат. Анткени басым, адатта, сөздүн соңку муунуна түшөт. Тактап айтканда, мүчөлөмө типологиядагы тил катары тилибиздеги басым сөзгө мүчө жалганган сайын улам соңку муунга көчүп турат. Мисалы:

малчы
малчылар
*малчылары**быз***
*малчылары**быздыкы***
*малчылары**быздыкындагы***
*малчылары**быздыкындагылар***
*малчылары**быздыкындагылардан***
*малчылары**быздыкындагылардансыздар***
*малчылары**быздыкындагылардансыздарбы?***

Көрүнүп тургандай, басым түшкөн муундагы үндүү (кара тамга менен белгиленди) мүчө жалганган сайын улам сөздүн акыркы муунуна жылып олтурат.

Басымдын сөздүн соңку муунуна түшүшү төмөнкү учурларда орун алат:

1) бардык куранды мүчөлөр басымды кабыл алгандыктан алардын жардамы менен жасалган туунду сөздөрдүн соңку муунуна басым түшөт. Мисалы: *башчы, сана, сына, жаша, жашы, байы, бычак, учак, санак, сынак, ыйла, майла, сыйла, ырда, сызда, тузда, башта, иште, тиште ж.б.*,

2) уланды мүчөлөрдө басым көпчүлүгү өйдөкүдөй эле басымды өзүнө кабыл алып, сөздүн соңку муунунун басым менен айтылышына шарт түзөт:

а) жөндөмө мүчөлөр: *атанын, атага, атаны, атада, атадан, малчынын, малчыга, малчыны, малчыда, малчыдан*,

б) таандык мүчөлөр: *атам, атаң, атаңыз, атасы, атабыз, атаңар, атаңыздар, атым, атың, атыңыз, аты, атыбыз, атыңар, атыңыздар*,

в) чак мүчөлөр: *санады, санаган, санаптыр, саначу ж.б.*

Айрым учурларда басым сөздүн соңку муунуна эмес, башка муунуна да түшө берет. Бул өзгөчөлүк тилде өзүнөн кийинки муунга басымды өткөрбөй турган төмөнкүдөй мүчөлөрдүн орун алышы менен шартталат:

1) жак мүчөлөр:

Мен баламын, учкучмун, жазганмын
Сен баласын, учкучсун, жазгансын
Сиз баласыз, учкучсуз, жазгансыз
Ал бала, учкуч, жазган
Биз балабыз, учкучпуз, жазганбыз
Сиздер баласыздар, учкучсуздар, жазгансыздар
Алар бала, учкуч, жазган ж.б.

2) буйрук ыңгайдын —*чы, -гын, -гыла, ңыз мүчөлөрү*,

3) каалоо-тилек ыңгайдын —*айын, -алы, -алык мүчөлөрү*,

4) сурама —*бы мүчөсү*.

Ушундай эле касиетке күчөтмө сын атооч жасоочу бөлүкчөлөр ээ, бирок алар, өйдөкүлөрдөн айырмаланып, өзүнө басымды кабыл алат: *капкара, сапсары, кыпкызыл, сопсонун, жапжашыл ж.б.*

Жогорудагылардан башка тилибизде басым кабыл албаган же, кабыл алса да, өзүнөн кийинки муунга басым өткөрбөгөн төмөнкүдөй кызматчы сөздөр да бар:

1) жандоочтор: *барган сайын, келери менен, тоону карай*,

2) байламталар: *Асан да, Үсөн да келди*,

3) бөлүкчөлөр: *эч качан, өтө жакшы*,

4) айрым жардамчы сөздөр: *бар экен, аз эмес, бат эле ж.б.*

Алфавит, графика жана орфография

Тыбыштык жазууда, тактап айтканда, тилдеги фонемаларды жазууда, адегенде төмөнкүдөй үч түшүнүктүн башын ачып алуу зарыл. Алар: алфавит, графика жана орфография. Булардын ар биринин мазмунун так түшүнбөй туруп тигил же бул тилдин жазуу системасын үйрөнүү мүмкүн эмес.

Алфавит - жазуу системасында колдонулган жана белгилүү бир тартип боюнча жайгаштырылган тамгалардын топтому. Алсак, латын графикасына негизделген англис алфавити 26 тамганы ичине камтыса, ушул эле графикага негизделген тектеш түрк алфавити 29 тамганы ичине камтыйт. Ошондой эле кириллицага негизделген орус алфавити 33 тамгадан турса, ушул эле негиздеги кыргыз алфавити 36, казак алфавити 42 тамгадан турат. Демек, мындан алфавиттин курамы тилдердин тектештигине эмес, алардын кайсы графиканы пайдалангандыгына карай өзгөрүп турарын байкоо кыйын эмес.

Графика - тигил же бул тилдеги тамгалар менен алардын айкаштарынын ошол тилдеги тыбыштар менен алардын айкаштарына болгон катышын жөнгө салуучу эрежелердин топтому. Башкача айтканда, **графика деп** алфавиттеги кайсы тамга аркылуу тилдеги кайсы тыбыш (фонема) белгиленет деген эрежелердин топтомун түшүнүүгө болот. Графиканын эрежелери тилдин тыбыштык системасынын тарыхый жактан өнүгүшүнө карай өзгөрүп турат. Ошондуктан бул эрежелерди эки башка өнүттөн кароого болот.

Биринчиден, бул эрежелерди тилдеги тыбыштардын жазууда кайсы тамгалар менен белгилениши жагынан каралышы мүмкүн. Маселен, тилибиздеги көпчүлүк тыбыштардын ар бири өз-өзүнчө бир гана тамга менен белгиленет. Ми-

салы: *а—Аа, о—Оо, п—Пп, т—Тт ж.б.* Бирок графикада бир тыбыш бир эмес, бир нече тамга менен белгилениши да мүмкүн:

1. Орус тилиндеги *ж* тыбышы эки үндүүнүн ортосунда кадимкидей окулса (сал. *ножи* - окулушу: *нажи*), *с,з* тамгалары *ж* тамгасынын алдында *ж* тамгасы менен окулат (сал. *сжечь* - окулушу: *жжечь, разжечь* - окулушу: *ражжечь).*

2. Кыргыз тилиндеги *е* тыбышы сөз башында э деп, калган бардык учурда *е* деп белгиленет. Мисалы: *эне, эже, эчки, этиш, эки, эркин, эндик, белек, тилек, береке, кереге, терезе ж.б.*

3. Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр өзүнчө тамга эмес, кош тамга менен белгиленет: *аа,ээ,оо,өө,уу,үү.*

4. Тилибиздеги *й+а, й+е, й+о, й+у* түрүндөгү тыбыштык айкаштар йоттошкон *я, е, ё, ю* тамгалары менен белгиленет.

5. Немис тилинде *ш* тыбышы *sch* тамгалары менен, *ч* тыбышы *tsch* тамгалары менен белгиленет.

Экинчиден, графиканын эрежелери жазуудагы тамгалардын же алардын айкаштарынын окулушу жактан каралышы мүмкүн. Жазуудагы бир тамга окулганда бир эмес, бир нече тыбышты билдириши да ыктымал:

1. Орус тилинде басымсыз муундагы *е* тамгасы *ц, ш, ж* тамгаларынан кийин *ы* деп, калган бардык үнсүздөрдөн кийин *и* деп окулат: *шестой - окулушу: шыстой, весна - окулушу: висна.*

2. Түрк тилинде *r* тамгасы Истамбул айтымынын негизинделген түрк адабий тилинде, өзгөчө, диктор, артисттердин кебинде, кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринен айырмаланып, биринчи муунда 1, сейрегирээк 2 жолу дирилдеп айтылса, калган бардык муундарда дирилдебей англисчедеги *r* тыбышына жакын келегей үнсүз тарисинде айтылат. Сал: *Anne, ben sizi çok seviyorum; sizi çok bekliyorum, arkadaş, rahatж.б*

3. Немис тилинде *g* тамгасы үндүүнүн алдында *g* деп, сөз соңунда *k* деп окулат. Сал.: *geben* -окулушу: *geben* (берүү), *tağ*- окулушу: *ta:k* (күн, күндүс) ж.б.

4. Кыргыз тилинде эки үндүүнүн ортосунда б тамгасы эрин-эринчил жылчыкчыл *β* (бирок *v* эмес) болуп окулса, калган бардык учурларда жарылма *б* болуп окулат: *аβа-бала-барба* ж.б.

5. Төл сөздөрдө *к, г* тамгалары жоон үндүү менен катар келсе, жоон *қ, ғ* болуп, ичке үндүү менен катар келсе, ичке *к, г* болуп окулат. Сал. *қыргыз, қымыз, қомуз, бирок киргиз, кереге, келин* ж.б.

6. Эки созулма үндүү катышкан сөздөрдө экинчи созулма үндүү кыскарып окулат. Сал. *баалу - суулу - тоолу* ж.б.

Ошентип, графиканын эрежелери тамга же алардын айкаштарынын окулуш жагын жөнгө салат да, анда сөз же сөз мүчөсүнүн жазылышы да, окулушу да

эске алынбайт. Мунун натыйжасында аз сандагы тамгалар менен көп сандагы тыбыштарды, тактап айтканда, фонемаларды белгилөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бирок, ошентсе да, *идеалдуу деп бир тамга менен бир тыбыш белгиленген графика эсептелет.* Ошондуктан графикада дайыма дал ушул идеалга умтулуу зарыл.

Орфографиянын негизги принциптери

Орфография - сөз жана сөз мүчөлөрүн туура жазуу эрежелери. Демек, ал адабий тилдин жазуу нормаларын аныктоочу эрежелер системасы болуп эсептелет. Тилдин жазуу нормаларын иштеп чыгуу үчүн орфографиянын төмөнкүдөй үч принциби жетекчиликке алынат:

Фонетикалык принцип. Бул принцип сөз же сөз мүчөсү кандай айтылса, ошол боюнча жазуу жагын жөнгө салат. Тактап айтканда, айтылган сөздүн тутумунда кандай фонемалар тизмектешип келсе, ал фонемалардын ар бири өз-өзүнчө өзүнө тиешелүү гана бир тамга менен белгиленет. Мисалы:

1. Орус тилиндеги *раз-, рас-, рос-* сыяктуу сөз алды мүчөлөр (префикстер) айтылышы боюнча жазылат: *раздел, рассыпать, развалины, россыпь* ж.б.

2. Кыргыз тилиндеги уңгу жана мүчөлөр да негизинен айтылышы боюнча жазылат: *ат, эт, от, өт, атты, этти, отту, өттү, акчасыз, энесиз, суусуз, түссүз* ж.б.

Морфологиялык принцип. Бул принцип морфемалардын бир түрдүү жазылышын жөнгө салат. Бирок ал тыбыштык (фонемалык) жазууда таза түрүндө колдонулбай, фонетикалык принципти коштоп жүрөт. Мисалы:

1. Тилибиздеги көпчүлүк уңгулар айтылганда тыбыштык турпатын сактайт. Бул - тектеш түрк тилдеринин башкы типологиялык өзгөчөлүгү. Демек, көпчүлүк уңгулардын жазылышы фонетикалык принцип боюнча ишке ашырылат да, морфологиялык принцип коштоочу гана мүнөзгө ээ болот: *ат, эт, от, өт, ит, ут, үт, бал, бел, бол, бөл, бил, бул* ж.б.

2. Айрым уңгулар мүчөнүн башкы тыбышынын таасири менен соңку үнсүзүн өзгөртөт: түн, туз, бирок айтылышы - *түңкү, түмбү, туссуз* ж.б. Мында морфологиялык принцип өзгөрүлмө уңгуну өзгөртпөй бир түрдүү жазылышын камсыз кылат: *түн, туз, түнкү, түнбү, тузсуз* ж.б.

Айрым учурларда бул принциптен четтөөгө жол берилет, *а.а.* эки үндүүнүн ортосунда келген уңгунун (сөздүн) соңку *қ, к, п* үнсүздөрү жумшарып, *ғ, г, б* үнсүздөрүнө өтүп айтылат. Жазууда мындай учурлар морфологиялык принцип боюнча эмес, фонетикалык принциптин негизинде айтылышы боюнча жазылат: ак, бирок агар; *көк, бирок көгөр; көп, бирок көбөй; топ, бирок тобум* ж.б.

Салттуу же этимологиялык принцип. Бул принцип, негизинен, жазуу-сызуусу эчен кылымдар бою өнүккөн тилдерде гана колдонулат да, айтылышы өзгөрүп кеткен сөздөрдү өзгөртпөй, мурунку калыбында жазууда жетекчиликке алынат. Мисалы:

1. Орус тилинде басымсыз муундагы *о* тыбышы *а* болуп окулат, бирок жазууда эски орус ымласы боюнча о менен жазылат: *молоко* - айтылышы: *малако, соловей* - айтылышы: *салавей* ж.б.

2. Англис тилиндеги көпчөлүк сөздөр эски англис тилиндеги калыбында жазылат: *two (tu:) 'эки' - too (tu:) 'да, дагы', sight (sayt)* 'көрүнүш' - *site (sayt) 'мапан'* ж.б.

Көрүнүп тургандай, салттуу принцип, эреже катары, бир эле тилдеги сөздөрдүн мурунку айтылышын сактап жазууда жетекчиликке алынат. Бул фактылар аталган принциптин кыргыз орфографиясында канчалык өлчөмдө бурмаланып жүргөнүн ачык көрсөтөт. Тактап айтканда, орусчадан оошкон оголе көп сөздүн жазылышын орус орфография эрежелерине багындыруу үчүн дал ушул принцип «илимий негиз» катары ойлоп табылган. Сал.: *щетка, цирк, психология, кибернетика* ж.б.

Ошентип, орфографиянын эрежелери жогорудагы принциптерди өз ара айкаштырып колдонуунун натыйжасында калыпташат.

Жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы

Алфавиттин курамы жана графиканын эрежелери мурда кандай болсо, толук бойдон ошол калыбында сакталат.

Үнгу сөздөрдүн жазылышы да ошол эле мурунку калыбында берилди. Алардын ичинен эки түрдүү айтылгандарынын эки вариантын жазуу жагы да өзгөрүүсүз калтырылат: *айыр~айры, күмөн~күнөм, убакыт~убакты, кайыр~кайры, бакыт~бакты* ж.б.

Сөз мүчөлөрүнүн айтылышы боюнча жазууда мурда калыпташкан эрежелер толук бойдон сакталды. Ошол эле учурда айрым мүчөлөрдүн жазылышына тактоолор киргизилди. Алар төмөнкүлөр:

1. Адат өткөн чактын —чу мүчөсү уланган этиш сөздөрдүн *-ычу, -ичу, -учу, -үчү* формасында жазылышына чек коюлду: *барычумун эмес, барчумун, келүчүмүн эмес, келчүмүн* ж.б.

2. Арсар келер чактын *-ар* мүчөсү үндүү менен бүткөн сөздөн кийин созулма үндүү менен, үнсүз менен бүткөн сөздөн кийин кыска үндүү менен жазылышын жөнгө салган жаңы эреже киргизилди: *иштээр, баштаар, ойлоор, караар, бирок барар, келер, сатар, жүрөр* ж.б.

Бириккен жана кошмок сөздөрдүн бирге жазылышы жалпысынан төмөнкү эрежелер аркылуу жөнгө салынат:

1. Тыбыштык түрү өзгөрүп, түгөйлөрү өз ара бириккен сөздөр бирге жазылат: *бүгүн, быйыл, кайер, жыңайлак, жылаңач, жылаңбаш, унчук, кайната, байке, агайын, былтыр, бүрсүгүнү, антип, минтип, ушинтип, ошентип* ж.б.

2. Лексикалык мааниси күңүрттөнүп, өз алдынча колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган сөздөр менен толук маанилүү сөздөрдүн айкашын түзүп, бир маани берип турган кошмок сөздөр бирге жазылат: *карамүртөз, кечкурун, көбүнесе, арабөк, балжууран, карагат, алмончок* ж.б.

3. Эки түгөйү тең өз алдынча лексикалык мааниге ээ болбогон сөздөрдөн жасалган кошмок сөздөр бирге жазылат: *асыресе, тиригарак, жексур, ачкүсөн.*

4. Жат деген этиш кыскарып ат болуп айтылса, негизги этишке уланып, угулушунча бирге жазылат: *бараткат, келаткат* ж.б.

5. *Эчтеке, эчтеме, эчтемке, бирдемке, бирдеңке, бирдеме* сыяктуу сөздөр бирге жазылат.

6. Урук, уруу, эл аттары (этнонимдер) кичине тамга менен башталып (*солто, саяк, кыдык, орус, хакас*), татаал түзүлүштөгүлөрү айтылышынча бирге жазылат: *сарбагыш, карабагыш, боркемик, каракытай, бешкүрөң, чакчабай, кылычтамга, акбилек, элчибай, отузуул* ж.б.

Кошмок сөздөрдүн болөк жазылышы калган бардык учурда ишке ашырылат: *көз айнек, козу карын, ач көз, ак көңүл, кол башчы, аш казан, ат тиш, таш бака, ат кулак, көк жал, кол жазма, көз караш, көз карандысыздык, бал муздак, кум шекер, таш көмүр, туш кийиз, туш кагаз, сейил бак, гүлбак, ак сокто, кийик от, аркар от, көк ала, кара күрөң, сары ала, ар качан, ар күнү, чуркап кел, таап ал, отура тур, өтө кооз, эң сонун, эч качан, кимдир бирөө* ж.б.

Кош сөздөрдүн жазылышы калыпташкан салттуу эреже боюнча түгөйлөрүнүн арасына сызыкча коюлуп жазылат: *сак-саламат, аман-эсен, күч-кубат, эки-үч, улам-улам, бала-бакыра, ыпыр-сыпыр, тарс-турс, жылт-жулт, жүрүм-турум, каада-салт* ж.б.

Энчилүү аттардын жазылышы, негизинен, мурдатан калыпташып, салтка айланган эрежелер боюнча ишке ашырылат: *Ала-Арча, Ала-Бука, Ак-Талаа, Чоң-Алай, Баш-Кара-Суу, Чоң-Сары-Ой, Ысык-Көл, Ысык-Ата, Сары-Челек, Ала-Тоо, Жети-Өгүз, Эркин-Тоо, Жалал-Абад* ж.б.

Өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жазылышы мурункудай эле орус орфографиясынын эрежелерине ылайык ишке ашырылат: *жюри, бокс, аффикс, арбитраж, герб, банк* ж.б.

Бирок булардын ичинен тилибиздин тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө баш ийдирилип айтылгандары ошол айтылышы боюнча жазылат: *белет, ашмүшкө, ирет,*

көзүр, саржан, мүштөк, момпосуй, тамеки, чыт, чиркөө, сот, борум, догдур, көпөс, жашик, самоор, керебет, үстөл, нөл, панар, гезит, бекет, кемсел, номур, мүнөт, мискей, шапке, жаркөп, машине, меш, силиндр, шотке, плаш ж.б.

Ошентип, кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин жаңы редакциясы жарыяланган күндөн тартып расмий түрдө күчүнө кирди. Анын жоболорун толук үйрөнүү жана турмушка ашыруу — ар бир кыргыз жаранынын атуулдук милдети.

Транскрипция

Транскрипция термини көчүрүп жазуу маанисин билдирген латын тилиндеги (**transcriptio**) сөзүнөн келип чыккан. Демек, кеп агымында айтылган же текст тутумунда колдонулган сөздөрдүн тыбыштык жагын так жазуу үчүн колдонулган шарттуу белгилердин системасы **транскрипция** деп аталат. Транскрипцияда белги менен тыбыштын ортосунда так шайкештик камсыз кылынат да, бир тыбыш дайыма бир гана белги менен белгиленсе, бир белги дайыма бир гана тыбыш менен окулат.

Түрлөрү

Кеп агымында айтылган же текст тутумунда колдонулган сөздөрдүн тыбыштык курамын так берүү жагынан *фонетикалык транскрипция* жана фонологиялык транскрипция болуп экиге бөлүнөт.

Фонетикалык транскрипцияда айтылган же жазылган сөздүн тутумундагы ар бир тыбыш өз-өзүнчө тамга менен белгиленет да, сөз чарчы кашаага алынат. Эгерде бир тыбыштын өзүнчө тамгасы жок болсо, окшош тыбыштын тамгасы колдонулуп, кошумча белгилер менен коштолот:

[бал - б'ел' - бөолө - б'өөл'ө].

Көрүнүп тургандай, транскрипция учурунда жоон үнсүзгө кошумча белги коюлбайт. Ошондуктан сызыкча (') белгиси үнсүздүн ичке айтылышын, шакекче (ө) белги үнсүздүн эриндешип айтылышын, сызыкча-шакекче ('ө) белгилери үнсүздүн эриндешип ичке айтылышын билдирет. Демек, өйдөкү төрт сөз башындагы *[б,б',бө,б'ө]* тыбыштары да, сөз соңундагы *[л,л',лө,л'ө]* тыбыштары да, сөз ортосундагы *[а,е,о,ө]* тыбыштарыда төрт-төрттөн ар башка тыбыш деп табылат.

Фонологиялык транскрипцияда айтылган сөздүн тутумундагы тыбыштар эмес, фонемалар белгиленет. Мисалы:

/бал - бел - бол - бөл/.

Мында, фонетикалык транскрипциядан айырмаланып, берилген төрт сөздүн башында бир гана */б/* фонемасы жана соңунда бир гана */л/* фонемасы келет. Ал эми сөз ортосунда колдонулган */а,е,о,ө/* фонемалары үчүн ушул эле өңүттөгү *[а,е,о,ө]* тыбыштары фонеманын кеп агымындагы көрүнүшү деп табылат.

Ошентип, фонетикада иштетилген транскрипциянын түрлөрү дээрлик арбын. Алар ириде ар башка фонологиялык мектепте ар башка транскрипциялардын колдонулушу менен шартталат. Фонетикада колдонулган транскрипциялардын ичинен илимий коомчулукка кеңири белгилүү болгондору булар:

a. эл аралык фонетикалык ассоциациянын транскрипциясы,
b. академик Щербанын транскрипциясы,
c. проф. В.М.Наделяевдин өркүндөтүлгөн транскрипциясы,
d. түркологияда колдонулган транскрипциялар ж.б.лар.

Транскрипциялык белгилер

Транскрипциядагы алгачкы талап - анда колдонулган белгилердин ар бирининбирден гана тыбышка дал келиши. Транскрипцияга коюлуучу бул талапты аткаруу үчүн турмушта, негизинен, колдонулган алфавиттин мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылат. Эгерде алфавиттин мүмкүнчүлүгү чектелүү болуп, тилде колдонулган фонемалардын белгилик мазмунун, тыбыштардын акустикалык жана артикуляциялык өзгөчөлүктөрүн бирдей даражада так бере албаса, анда аталган максатты ишке ашыруу үчүн транскрипциядагы кошумча белгилердин топтому колдонулат. Транскрипцияда колдонулган алфавиттен айырмаланып, кошумча транскрипциялык белгилер, негизинен, бирдей калыпка салынгандыгы менен айырмаланат.

Эгерде 34 тамгадан турган жана латынга негизделген орток түрк алфавитине таянсак, анда кыргыз тилиндеги сөздөрдү транскрипциялоо үчүн төмөнкү алфавитти сунуштоого болот:

Үндүүлөр

а - a	**е - e**	**аа - a:**	**ээ - e:**
э - e	**о - o**	**оо - o:**	**өө - ö:**
ө - ө	**ы - ı**	**уу - u:**	**үү - ü:**
и - i	**у - u**	**ү - ü**	

Үнсүздөр

п - p	**б - b**	**м - m**	**ф - f**
в - v	**(б)- β**	**т - t**	**д - d**
н - n	**с - s**	**з - z**	**л - l**

ч - ç	**ж - c**	**ш - ş**	**р -**
й - ı	**к - k**	**г - g**	**(қ) - q**
(ғ) - ğ	**ң - ŋ**	**х - h.**	

Ал эми сөздөрдү траскрипциялоодо көпчүлүк фонологиялык мектептер тарабынан колдонулган жана кыргыз жана башка бардык түрк тилдерине шайкеш деп эсептелген кошумча белгилерди өзүнчө тизме менен берүүгө болот:

: - үндүүнүн созулушу,	˘ - үндүүнүн кыскарышы,
˜ - үндүүнүн мурундашы,	‘ - үнсүздүн ичкериши,
ө - үнсүздүн эриндеши,	ˆ - тыбыштын каткаландашы,
ˇ - тыбыштын жумшарышы,	● - муунактагы басым,
| - муунактын чеги ж.б.	

Көрүнүп тургандай, муун ичиндеги үнсүз тыбыштардын үндүүнүн тааси-ри менен жоон айтылышы өзүнчө шарттуу белги менен белгиленбейт. Ошондой эле интонациянын түрлөрү, үнсүздүн таасири менен үндүүнүн алга же артка жылыңкы айтылышы, эринчил үнсүздүн таасири менен ачык үндүүнүн эриндешип айтылышы, эрин үндүүнүн ушул эле шартта кош кабат эриндешип келиши, сөз аягында үнсүз тыбыштын жарылбай (имплозивдүү) айтылышы жана башка бир катар учурлар бул тизмеде атайын белгилер менен көрсөтүлгөн жок.

Транслитерация

Транслитерация сөзү латындын *trans* - аркылуу, *littera* - тамга деген сөздөрүнөн келип чыгып, бир графикада жазылган текстти же арым сөздөрдү башка графикага которуу деген маанини билдирет. Белгилүү бир алфавитке негизделет да, транслитерация учурунда алфавитти кошумча белгилер менен толуктоого жол берилет.

Транслитерациянын жол-жоболору латын графикасынын негизинде эл аралык стандарт уюму тарабынан иштелип чыккан. Ошентсе да, ар башка графиканы пайдаланган элдерде ар башкача транслитерация колдонулат. Соңку мезгилдерде кыргыз тилиндеги жер-суу, шаар-кыштак, адам, мекеме сыяктуу ар кандай энчилүү аттар эл аралык стандартка ылайык транслитерация кылынууда.

Мисалы: *Bishkek, Kırgızstan, Osh, Balıkchı, Narın, Talas, Sokuluk, Kant, Tokmok, Arashan, Aybars, Eltegin, Elmırza, Küntegin, Chingiz Aytmatov, Ishenalı Arabaev, Bolot Iunusaliev* ж.б.

Ошентип, транслитерация практикалык транскрипцияга көп жагынан жакындап, энчилүү аттардын жазылышын унификациялоодо орчундуу роль ойнойт.

Транскрипция үлгүлөрү

Текст	*Фонетикалык транскрипция*	*Фонологиялык транскрипция*
Теңир улук, күн улук,	teŋ’îr’ ul^{o}uq^{o}|k’^{o}ün’^{o} ul^{o}uq^{o}|	teŋir uluk|kün uluk|
Төбөсү ачык көк улук,	t’^{o}öb’^{o}ös’^{o}ü açıq |k’^{o}ök’^{o} ul^{o}uq^{o}|	töbösü açık|kök uluk|
Төшү түктүү жер улук,	t’^{o}öş’^{o}ü t’^{o}ük’^{o}t’^{o}ü: | c’er’ ul^{o}uq^{o}|	töşü tüktü: |cer uluk|
Адам улук, жан улук.	adãm ul^{o}uq^{o}|cãn ul^{o}uq^{o}|	adam uluk|can uluk

Транскрипциянын өйдөкү эки түрү илимий транскрипцияга жатат да, тилдин тыбыштык түзүлүшүн изилдөө жана айтым эрежелерин окутуу багытында колдонулат. Транскрипциянын дагы бир түрү - практикалык транскрипция. Негизинен сөздүктөрдө чет сөздөрдүн айтылышын туура берүүдө колдонулат. Төмөндө Ашым Жакыпбектин «Теңири Манас» аттуу чыгармаларынан алынган үзүндүлөрдүн фонетикалык жана фонологиялык транскрипциялары үлгү катары келтирилет:

Теңири Манас

...Бала Манас ээси бөтөн жылкыдан карматып келген тайды сойдуруп коюп, кан жолдун даңгырына кырк таман ордо чийдирип, отуз эки баланы экиге бөлүп, оюндун кызыгына кирип калган кези. Оюну түшүп, тоорумак келип, кезек бала Манаста, оң бутун орой чалып, сол колун белине алып, жалпак таман болуп жышылган көк кашка томпой менен тооруп жиберди эле, чүкөсү чыркырап чийинден алыс кетти да көк кашка томпою жорголоп барып топтун жакасына конуп токтоду. Чийинден сырт карап турган балдар дуулдап калышты, ичиндеги чырлары чыр чыгаргысы келди, бирок шылтоо жок. Эңгезердей болгон он жашар бала Манас оң тарабын бир карап бажырайып, сол тарабын бир карап калбык эрдин түйрултүп келечелеп, чийинден сырт турган калыбында оң колунун баш бармагына тоо текенин чабызынан ийленип тигилген бармак кабын кийип, шашылбай бүчүсүн байлап, анда да оң тарабын бир карап дүгүрсүй, сол тарабын бир карап арсайып, ичке кирди. Ордого салынган чүкөлөрдүн бардыгы жалаң кулжа эңкеси. Бала Манас барбайып ичке кирип, отуз эки үчтүнүн тобу толук бузулбай, үч-төрт эңке четке чыга бергенин чабыттап, додону качан кантип бузсам деп, оюн ынтызарлыгы кызып, көзү кызарып, оболу оң тизесин жерге коюп комоё отурду да, оң колун эңкей жанында жаткан томпойго сунуп, чийинден сырт зирилдеп карап турган балдардын сийгисин келтирип, деги эле эч кимди тоготпой, деги эле жанына чымын-чиркей жолотпой, бирди чертти...

Фонетикалык транскрипция

bala mãnãs| e:s'i b'°öt'°ön'° cılqıdan qarmatıp k'el'g'en'| taydı s°oy°d°ur°up° q°oy°up°| qãn c°ol°d°un° dаŋğırınã| qırq tamãn or°d°o ç'iy'd'ir'ip'| ot°uz° ek'i balanı ek'ig'e b'°öl'°üp'°| oy°un°d°un° qızığunã g'ir'ip' qalğãn g'ez'i| oy°un°u t'°üş'°üp'°| t°o:r°umãq g'el'ip'| g'ez'ek' bala mãnãsta| oŋ° b°ut°un° or°oy° çalıp| s°ol° q°ol°un° b'el'in'e alıp| calpaq tamãn b°ol°up° cışılğan| g'°ök'° qaşqa t°om°p°oy° m'en'en' t°o:r°up° c'ib'er'd'i el'e| ç'°ük'°ös'°ü çırqırap| ç'iy'in'd'en' alıs g'et't'i da| g'°ök'° qaşqa t°om°p°oy°u c°or°ğ°ol°op° barıp| t°op°t°un° caqasınã q°on°up° t°oq°t°od°u| ç'iy'in'd'en' sırt qarap t°ur°ğãn baldar| d°u:l°dap qalıştı| iç'in'd'eg'i çırları| çır çığarğısı g'el'd'i| b'ir°oq° şılt°o: c°oq° | eŋ'g'ez'er'd'ey' b°ol°ğ°on° on° caşar bala mãnãs| oŋ° tarabın b'ir' qarap bacırayıp| s°ol° tarabın b'ir' qarap| qalbıq er'd'in' b'ir' t'°üy'°r'°ül'°t'°üp'° k'el'eç'el'ep'| ç'iy'in'd'en' sırt turğãn qalıbında| oŋ° q°ol°un°un° baş barmãğınã| t°o: t'ek'en'in' çabısınãn iy'l'en'ip' t'ig'il'g'en'| barmaq qabın g'iy'ip'| şaşılbay b'°üç'°üs'°ün'° baylap| ãnda da oŋ° tarabın b'ir' qarap d'°ög'°ür'°s'°üy'°| s°ol° tarabın b'ir' qarap| arsayıp iç'k'e g'ir'd'i| or°d°oğ°o salıŋğãn ç'°ük'°öl'°ör'°d'°ün'° bardığı| calãŋ qulca eŋ'k'es'i| bala mãnãs barbayıp| iç'k'e g'ir'ip'| ot°uz° ek'i üç'°t'°ün'°ün'° t°ob°u t°ol°uq° b°uz°ul°b°ay°| üç'° t'°ör'°t'° eŋ'k'e ç'et'k'e çığa b'er'g'en'in' çabıttap| d°od°on°u qaçãn| qãntip bussam d'ep'| oy°un° ıntızarlığı qızıp| g'°öz'°ü qızarıp| ob°ol°u oŋ° t'iz'es'in' c'er'g'e q°oy°up°| q°om°oy°o ot°ur°d°u da| oŋ° q°ol°un° eŋ'k'e canında catkãn t°om°p°oy°ğ°o s°un°up°| ç'iy'in'd'en' sırt z'ir'il'd'ep' qarap t°ur°ğan baldardın s'iy'g'is'in' g'el't'ir'ip'| d'eg'el'e eç' k'im'd'i t°oğ°ot°p°oy°| d'eg'el'e canınã çımın ç'ir'k'ey' c°ol°ot°p°oy°| b'ir'd'i ç'er't't'i|

Фононологиялык транскрипция

bala manas| e:si bötön cılkıdan karmatıp kelgen taydı soydurup koyup| kan coldun daŋgırına| kırk taman ordo çiydirip| otuz eki balanı ekige bölüp| oyundun kızıguna kirip kalgan kezi| oyunu tüşüp| to:rumak kelip| kezek bala manasta| oŋ butun oroy çalıp| sol kolun beline alıp| calpak taman bolup cışılgan| kök kaşka tompoy menen to:rup ciberdele| çükösü çırkırap| çiyinden alıs ketti da| kök kaşka tompoyu corgolop barıp| toptun cakasına konup toktodu| çiyinden sırt karap turgan baldar| du:ldap kalıştı| içindegi çırları| çır çıgargısı keldi| birok şılto: cok| eŋgezerdey bolgon| on caşar bala manas| oŋ tarabın bir karap bacırayıp| sol tarabın bir karap| kalbık erdin bir tüyrültüp keleçelep| çiyinden sırt turgan kalıbında| oŋ qolunun baş barmağına| to: tekenin çabısınan iylenip tigilgen| barmak kabın kiyip| şaşılbay büçüsün baylap| anda da oŋ tarabın bir karap dögürsüy| sol tarabın bir karap| arsayıp içke kirdi| ordogo salıngan çükölördün bardığı| calaŋ kulca eŋkesi| bala manas barbayıp| içke kirip| otuz eki üçtünün

tobu toluk buzulbay| üç tört eŋke çetke çıga bergenin çabıttap| dodonu kaçan| kantip buzsam dep| oyun ıntızarlıgı kızıp| közü kızarıp| obolu oŋ tizesin cerge koyup| komoyo oturdu da| oŋ kolun eŋke canında catkan tompoygo sunup| çiyinden sırt zirildep karap turgan baldardın siygisin keltirip| degele eç kimdi togotpoy| degele canına çımın çirkey colotpoy| birdi çertti|

Кыргыз тилинин интонациялык түзүлүшү
Интонация жөнүндө түшүнүк

Интонация - тилдин суперсегменттик бирдиктеринин ичинен эң татаал табигый кубулуш. Ал тилдин фонетикалык, семантикалык жана синтаксисттик түзүлүшү менен бирдей өнүгүп, өзгөрүп турат. Адамдар кандайдыр бир белгилүү шартта бири-бирине бир нерсе айтуу зарылчылыгы туулгандан баштап интонация жаралган. Бул татаал кубулуш муун, басым, тыным, үн ыргагы, темп, тембр, үн күчү, аралык, узундук жана башка акустикалык бирдиктерди өз ичине камтыйт.

Интонация - дүйнөлүк тилдер үчүн ой-сезимди, пикирди, суранычты жана башка адамдын эмоцияналдык абалын билдирүүчү универсалдуу кубулуш болуп саналат. Ал айтымдын негизги грамматикалык каражаттарынын бири болуу менен, айтымга эмоционалдык түр берип, ойдун бүтүшүн шарттап, сүйлөмдүн функционалдык түрүн аныктайт. Интонация жалаң эле сөздөрдүн тизмегин айтым түрүнө келтирбестен, өз алдынча турган жалгыз сөзгө да функционалдык маани берет. Жөнөкөй эле «от» деген зат атооч сөздү алалы. Интонациянын жардамы менен бул сөздү жай айтымга дагы, суроолуу айтымга дагы, илептүү айтымга дагы айландырууга болот: От. От? От! Адам баласынын ички сезими (эмоциясы) тил аркылуу эмес, айтым (высказывание) аркылуу жүзөгө ашырылат.

Эмоционалдуулук айтымдын коммуникативдик жана маанилик бөлүгүнүн ажырагыс бирдиги экендиги талашсыз. Ошондуктан, эмоциянын мааниси кептин интонациясына түздөн-түз тиешелүү. Адам баласы кеп аркылуу эң бир татаал сезимдерди, ойлорду билдире алат.

Интонация дегенибиз - тилдин добуштук материясы болуу менен, айтым учурунда сүйлөмдүн негизги грамматикалык каражаты катары кызмат кылып, адамдын эмоционалдык-эрктик абалын билдирүүдө өзгөчө сематикалык касиетке ээ болгон тилдик кубулуш.

Интонация тилдеги лексикалык жана формалдык-грамматикалык каражаттар сыяктуу эле ойдун материалдык суперсегменттик бирдиктеринин бири катары сезимди, эркти жана башка адамдын эмоционалдык абалын билдирет.

Демек интонация аркылуу биз кепти синтагмаларга ажыратабыз, ошондой эле интонация ар түрдүү синтаксистик конструкция менен айтымдын типтерин түзөт. Адамдын ички сезими, эмоциясы, бирүүгү болгон мамилеси тилдик каражаттардын жардамы менен интонация аркылуу ишке ашат.

Интонациянын теориялык негизги маселелеринин бири — интонациянын бирдиктери болуп саналат. Интонациянын бирдиктери ар түрдүү термин менен аталат интонема, интонациялык конструкция, интонациялык морфема. Бул терминдердин ичинен «интонема» деген терминди көбүрөөк колдонушат, анын себеби «интонема» деген термин менен «фонема» деген терминдин тил системасында аткарган кызматынын, маанилик маңызына жараша болот. Интонеманын фонемадан айырмачылыгы — интонема да фонема сыяктуу айырмалоо касиетине ээ. Анын негизги кызматы айтымдын коммуникативдик-функционалдык маанисин, модалдык оттенкаларын ажыратуу.

Интонация төмөнкүдөй алты маанилик (функциялык) касиетке бөлүнөт:

1. Коммуникативдик мааниси (функциясы) сүйлөмдүн айтымга айланышы;
2. Логикалык мааниси, сүйлөмдүн айтылыш маанисинин максаты;
3. Синтаксисттик мааниси, айтымдын коммуникативдик негизги элементтерин бөлүп көрсөтүү;
4. Модалдык мааниси, эмоциялык жана экспрессивдүү айтылыштын түрлөрү;
5. Структуралык функциясы, сүйлөмдүн ички грамматикалык түзүлүшүн аныктайт;
6. Окшоштук функциясы, тектеш жана тектеш эмес тилдер арасындагы интонациялык окшоштуктар изилденет.

Коммуникативдик функциясы. Тилдин сегменттик жана суперсегменттик бирдиктерин, синтаксистик түзүлүшүн, сүйлөмдөрдүн маанилик бөлүнүшүн, эмоционалдык оттенкаларын, сценалык кепти ж.б. изилдеген окумуштуулардын бардыгы интонациянын коммуникативдик функциясын бардык тилдер үчүн универсалдуу көрүнүш экендигин аныкташат. Интонациянын коммуникативдик функциясы айтымдын максат-мазмуну жана түзүлүшү менен тыгыз байланышта. Интонациянын коммуникативдик функциясы айтымдын комуникативдик түрлөрүнөн лексикалык составы, синтакситтик түзүлүшү жана фразанын стилдик өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Бул функция интонациянын башка функциялары менен да тыкыс байланышта. Адамдар бири-бири менен пикир алышып, сүйлөшүп жатканда жалаң эле ойлорун айтпастан кайгысын, кубанычын, шектенүүсүн, эркин дагы башка толуп жаткан ички сезимин кошо билдирет. Ошол сезим тилдин лексикалык, синтаксисттик, стилистикалык каражаттары менен бирдикте интонациянын жардамы менен билдирилет. Интонациянын жардамы

менен айтымдын маанилик мазмуну аныкталат, такталат. Төмөндө бирдей лексикалык каражаттар менен айтылган суроолуу айтымды алып көрөлү:

Асан келе жатабы? - кубаттоо
Асан келе жатабы? - таң калуу
Асан келе жатабы? - кубануу
Асан келе жатабы? - шылдыңдоо
Асан келе жатабы? - өкүнүү
Асан келе жатабы? - шектенүү

Жогорку мисалдарда ачык көрүнүп тургандай аталган айтымды ар түрдүү маанилик-мазмундук жагдайда айта берүүгө болот. Суроолуу айтым, негизинен, -бы мүчөсүнүн жалганышы аркылуу уюшулуп жаткан менен интонациянын коштоосусуз суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу -бы мүчөсү айтылыш максатын, маанисин толук ачып бербейт, тек гана жалпы суроону уюштурат. Айтымдын маанилик-максаты интонациянын жардамы менен гана ишке ашат. Демек интонация, айтымдын түрлөрүнүн ар түрдүү жагдайын, модалдык айырмачылыгын аныктоочу касиетке ээ.

Логикалык функциясы. Интонациянын логикалык функциясы интонациянын башка функцияларындай эле айтымдын лексикалык бирдиктери, синтаксистик түзүлүшү жана стилдик өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышта, карым-катнашта болот. Интонациянын логикалык функциясынын милдети - айтылып жаткан ой-пикирдин айтуучу тарабынан негиздүүсүн өзгөчө бөлүп көрсөтүү. Бардык тилдерде ойду бөлүп көрсөтүү логикалык басымдын натыйжасында ишке ашат. Демек, логикалык басым көпчүлүк тилдер үчүн универсалдуу касиетке ээ.

Синтаксисттик функциясы. Интонациянын жардамы менен, айтымдын түрлөрү жана айтымдын синтаксисттик байланышы аныкталат, такталат. Интонация сүйлөмдү фразалык жана синтагмалык бирдиктерге ажыратуу менен синтагмалык бирдиктерди бириктирип, толук кандуу сүйлөм түзүүгө шарт түзөт. Интонациянын синтаксисттик функциясы тилдин добуштук кубулушунда ушундай касиеттер менен шартталат.

Модалдык функциясы. Биз бири-бирибиз менен сүйлөшүп, пикир алышып жатканда сөздөргө, сөз тизмегине жана сүйлөмгө маани берүү менен интонацияга, болгондо да үндүн ыргагына өзгөчө көңүл бурабыз. Эгер үндүн ыргагынын айтылышы айтылып жаткан сөз менен төп келбей, карама-каршылык пайда болсо дароо эле сүйлөп жаткан кишинин ички ниетин баамдоого аракет кылабыз. Адамдын ички сезими айтымдын негизинде ишке ашкандыктан, интонациянын мааниси чоң. Ырас, ар бир *айтым айтымда*, модалдуулук коштоп жүрүү менен боло турган, болуп жаткан жана болуп өткөн чындык жөнүндө ка-

бар берет, айтучуу тарабынан кабар берилип жаткан зат, окуя, кубулуштун чын экендиги же чын эместиги, кабарланып жаткан кыймыл-аракеттин, өнүгүү-өсүү процессинин ишке ашары анык экендиги же ал жөнүндө болжолдоо, күмөн болуу ж.б.у.с. мамилелери кошо камтылат. Модалдуулук сүйлөмдө айтылган ойдун чындыкка карата болгон катышын билдирет. Интонация аркылуу сөз, сөз тизмеги, сүйлөм модалдык мааниге ээ болот. Сүйлөм менен интонациянын ортосунда шайкештик жаралат. Интонациянын экспрессивдүү функциясы ушундай көп түрдүү модалдуулук менен аныкталат.

Структуралык функциясы. Айтымдын чеги менен интонациялык бирдиктин чеги дайыма эле дал келе бербейт. Айтымдын чеги, негизинен грамматикалык ички түзүлүшү менен гана аныкталса, интонациялык бирдик грамматикалык түзүлүштөн башка, айтымдын типологиялык түрүн аныктайт, сүйлөөчүнүн тигил же бул окуяга болгон мамилесин кошо билдирет. Айтымдын структуралык түзүлүшүнө жараша интонациялык бирдиктер да өзгөрүп турат. Интонация айтымдын структурасына дагы түздөн-түз байланышы бар.

Окшоштук функциясы. Тилдин сегменттик бирдиктерине караганда суперсегменттик бирдиктери, башкача айтканда, басым, муун, интонация окшоштук касиетке ээ. Бардык тилдер үчүн ыргак жана ритм мүнөздүү болгондуктан, интонациянын окшоштук функциясы бар экендигин белгилейбиз. Ошондой эле адамдардын кубанычы, өкүнүчү, кайгысы жана башка түрдүү эмоциялары бирдей болгондуктан, жалпы тилдер арасында интонациялык жалпылыктар кездешет. Мындай окшоштуктар интонациянын окшоштук (идентификация) функциясын шарттайт.

Интонациянын жалпы табиятын, сүйлөм түзүлүшүнө болгон таасирин, айтымды аныктоочу маанисин, модалдуулугун жана акустикалык мүнөзүн карап, төмөнкүдөй жыйынтыкка келүүгө болот: интонация 1) кеп агымын айтымдарга, фразаларга ажыратат; 2) айтымды коммуникативдик түрлөргө бөлөт; 3) айтымды структуралык жактан ажыратып, сүйлөм түрлөрүнүн карым-катнашын көрсөтөт; 4) айтымды синтагмаларга ажыратат; 5) синтагмалардын ортосундагы карым-катнаш түрлөрүн аныктайт; 6) синтагмаларды бөлүкчөлөргө ажыратат; 7) сүйлөөчүнүн чындыкка болгон мамилесин билдирет.

Интонациянын составдык бөлүгү

Интонациянын составдык бөлүгүнүн компоненттери төмөнкүдөй элементтерге бөлөт:

1. Интенсивдүү элементтер:
а) интонациялык тыным;
б) интонациялык интенсивдүүлүк;

в) логикалык басым.
2. Жыштык элементтер;
а) үн ыргагы;
б) диапазон бийиктиги.
3. Темпорикалык элементтер:
а) интонациялык темп;
б) эмфатикалык созулуш.
4. Спектралдык элемент:
а) интонациялык тембр.

Интонациянын составдык элементтерин мындай бөлүштүрүү интонациянын компоненттерин толук камтыбаса да, кандайдыр бир деңгээлде системага салынганын көрөбүз. Бирок булардын ичинен интонациянын алты компоненти интонациянын негизги өзөгүн түзөт. Аларга үн ыргагы, басым, темп, үндүн күчү, тыным жана тембр кирет.

Үн ыргагы. Үн ыргагы (мелодика) интонациянын негизги, маанилүү каражаттарынын бири. Ал негизги тондун кыймылынын айтымдагы, фразадагы жогору-төмөн, төмөн-жогору багытта өзгөрүшү менен мүнөздөлөт.

Эгер сүйлөөчүнүн айтып жаткан кеби монотондуу айтылса, кулакка жагымсыз угулуп, жадатып жиберет. Негизги тон акустикада төрт деңгээл менен өлчөнөт: эң жогорку, жогорку, орто жана төмөнкү.

Үндүн эң жогору же эң төмөн айтылышы тилдик, башкача айтканда, коммуникативдик мааниге ээ эмес, ал тек гана сүйлөөчүнүн жеке өзгөчөлүгүн билдирет. Алсак аялдардын добушу эркектердин добушуна караганда эки эсеге жогору. Бирок мунун тилдик мааниси жок. Үн ыргагы айтымды синтагмаларга, фразаларга ажыратууда өзгөчө маанини ээлейт. Ал жалпы эле грамматикалык каражаттар менен айкалышта адамдын ой-сезимин, пикирин, эмоциясын толук билдирүүгө көмөктөшүп, сүйлөмдүн айтылышы боюнча түрлөргө ажыратууда негизги каражат катары кызмат кылат.

Үн ыргагы жалаң эле лингвистикалык изилдөөлөрдө гана эмес, музыка дүйнөсүндө да кеңири колдонулат. Кеп ыргагы менен музыкалык ыргактын ортосунда айырмачылыктар бар. Кеп ыргагы музыкалык ыргакка караганда, биринчиден, бир эле тондо кармалып турушу мүмкүн эмес, улам тынымсыз өзгөрүп турат. Экинчиден, музыкалык ыргактагыдай атайын өзгөчө гаммалардын аралыгы чектелбейт, үчүнчүдөн, тондун кандайдыр бир созулушу сакталбайт. Музыкалык ыргактын адамдын сүйлөө речи, анын интонациялык белгилери менен генетикалык жана тарыхый байланышта болушу музыканын ыргагына өз таасирин тийгизбей койбойт. Музыканын ыргагы сүйлөө кебине же сүйлөө ыргагына караганда интонациялык жактан байыраак жана жалпы мүнөздө болот. Музыка-

лык ыргактан кеп ыргагы сыяктуу кандайдыр бир так маалымат ала албайбыз. Музыкалык ыргакта турмуштун көп кырдаалдары - өзгөчө ыргактуу жана эмоционалдуу жагдайлары кеңири чагылдырылат. Ырас музыкалык ыргактын негизин кеп ыргагы түзөт. Кеп ыргагынын өнүгүшүнүн негизинде музыкалык ыргак жаралган.

Кыргыз тилинде үн ыргагы (мелодика) кандайдыр бир өтө музыкалуу экендиги байкалат. Кыргыз тилиндеги ыргактуулуктун, сөздөрдүн куюлушуп айтылышынын бир себеби - үндүүлөрдүн, сөздөрдүн, атүгүл айтымдардын үндөшүү законунун натыйжасы болуп саналат.

Албетте, үн ыргагы өз алдынча айтылганда эч кандай семантикалык маанини билдире албайт. Ал тилдин лексико-грамматикалык каражаттары жана интонациянын башка элементтери менен тыгыз байланышта, карым-катнашта болгондо гана семантикалык кызмат аткара баштайт. Үн ыргагы бардык тилдерге мүнөздүү болсо да, алардын калыптанышына жана акустикалык параметрлердин (мүнөздөмөлөрдүн) диапозондору, орун алмашуулары ар бир тилде айырмалуу болот.

Б а с ы м. Басым - интонациянын составдык бөлүгүнүн экинчи бир элементи. Басым өз ара: **сөздөгү** басым, **синтагмалык басым жана фразалык** (логикалык) **басым** болуп бөлүнөт. Сөз басымы, синтагмалык басым жана фразалык басым бири-бири менен тыгыз байланышта, өз ара карым-катнашта болгону менен аткарган милдети жана кызматы жагынан бири-биринен айырмаланат. Басым сөз ичиндеги муунга түшсө, же сөз ичиндеги кайсы бир муун акустикалык жактан өзгөчө бөлүнүп айтылса **сөз басымы** дейбиз.

Синтагмалык басым фразадагы сөзгө же сөз айкашына түшөт. Терминдин аталышы эле айтып тургандай фразалык же логикалык басым, негизинен, сүйлөмгө тиешелүү болуп, сүйлөмдү ритмикалык жактан уюштуруу, анын семантикалык-синтаксистик жактан айрым бөлүктөргө бөлүнүшүн шарттайт.

Сөз басымы, синтагмалык басым жана фразалык басым бири-бири менен тыгыз байланышта, өз ара карым-катнашта болгону менен аткарган милдети жана кызматы жагынан бири-биринен айырмаланат.

Кыргыз тилинде басым эреже боюнча сөздөрдүн акыркы муундарына түшөт. Сөздөргө улам мүчө жалганган сайын басым ырааттуу түрдө сөздүн аякы муунуна жыла берет: жумуш, жумушчу, жумушчулар, жумушчуларыбыз, жумушчуларыбыздын. Бул жалпы эле түрк тилдери үчүн мүнөздүү көрүнүш. Сөз басымы индоевропалык тилдер үчүн морфологиялык момент катары көрүнсө, урал-алтай тилдеринде ал жагымдуулуктун куралы гана болуп саналат, башкача айтканда, анын мындагы милдети монотондуу угулуучу муундардын катарына кулакка уккулуктуу тизмек берүү, агглютинациялык муундардын байланышын дагы ачык-айкын кылууда турат.

Кыргыз тилине орус тилинен кирген сөздөрдө, сөз тизмегинде басым кандай болсо, ошо бойдон сакталып калат: автомат, автор, буфет, газета, гимнастика, диктатура, командировка, мамочка, молотилка, номер, опера ж.б. Ал эми кеп агымында унгуга мүчө уланганда басым мүчөгө өтүп кетет: автобус-та, газета-лар, автор-лор, парта-лар ж.б.

Сөз басымынын функциясы - сөздөрдөгү тыбыштардын чынжырчасын уюштуруучу болуп саналат. Басымдуу муун басымсыз муундарды топтоштурган борбордук милдетти аткарат. Басым артикуляциялык жана акустикалык каражаттардын, комбинациялардын жалпы комплекстүү жыйындысы менен мүнөздөлөт.

Адабий тилдин нормасы менен айтылган фразада сөздөр фонетикалык, синтаксисттик жана маанилик жактан байланышып, сүйлөмдөгү сөздөр өз ара маанилик бирдиктерди түзүп, синтагмалык бирдиктерге бөлүнүшөт. Синтагмалык бирдиктер структуралык түзүлүшү жагынан көп кырдуу. Мындай көп кырдуулук тилдин ички жана тышкы мыйзамдарына баш ийип, тилдик каражаттардын натыйжасында чектелген моделдерди жаратат. Алардын ар бири өз-өзүнчө фонетикалык ажырагыс бөлүктү жаратат. Мисалга төмөнкү айтымды алып көрөлү:

Ошобу дедим ошого, ошого кудай кошобу?

Үн ыргагы жана басымдын мүнөзү боюнча бул фразаны эки синтагмалык бирдикке ажыратууга болот. Биринчи синтагмалык бөлүк “Ошобу дедим, ошого”, бул бирдикте басым акыркы “ошого” деген сөзгө түшүп жатат; экинчи синтагмалык бирдик “ошого кудай кошобу?”, бул синтагмалык бирдикте дагы басым “ошого” деген сөзгө түшүп жатат. Биринчи «ошого» деген сөз синтагмалык бирдиктин аягында айтылып, үн ыргагы көтөрүңкү чыкса, экинчи «ошого» деген сөз синтагмалык бирдиктин башында айтылып, үн ыргагы көтөрүңкү айтылып жатат. Синтагмалык басым синтагмалык бирдиктин аягына жана башына түшүп жатат, демек, синтагмадагы кайсы бир сөздүн көтөрүңкү айтылышын **синтагмалык басым** дейбиз. Синтагмалык басым түшкөн сөз коммуникативдик маанилүү элемент болуп саналат жана калган синтагмадагы сөздөр ага ыкташат. Фразадагы синтагмалардын чектелиш каражаты бир жагынан үн ыргагынын айтылышына жараша болсо, экинчи жагынан басымга, тынымга байланыштуу болот. Басым үн ыргагы менен кошо айтылганда гана синтагмалардын чегин ажыратат.

Синтагмалардын айкалыштарындагы үн ыргагынын кыймылын, негизинен, төрт топко бөлүштүрүүгө болот:

1. Биринчи синтагманын бүтүшүндө үн ыргагы көтөрүңкү айтылат, экинчи синтагмада да үн ыргагы көтөрүңкү тондон башталат;

2. Биринчи синтагманын аягында үн ыргагы төмөндөйт, экинчи синтагманын башталышы көтөрүңкү үн менен айтылат;

3. Биринчи синтагманын аягы көтөрүңкү үн менен бүтүп, экинчи синтагма жогорку тондон башталып, фразанын аягында төмөндөйт;

4. Биринчи синтагманын аягында үн ыргагы төмөндөп, экинчи синтагма төмөнкү тондон башталат.

Фразалык (логикалык) басым интонациянын башка элементтери - үн ыргагы, тыным, темп жана башкалары менен айкашканда гана сүйлөөчүнүн айтып жаткан ой-пикирин, ички сезимин толук билдирип, кайсы ойду баса белгилеп жаткандыгын аныктайт. Фразалык басым сүйлөм ичиндеги бир же бир нече сөзгө түшүшү мүмкүн. Фразалык басым кайсы сөзгө же синтагмага түшүп жаткандыгы көбүнчө айтымдын контекси, маанаси аркылуу билинет.

Тула боюн калчылдатып келген ачуу менен ызага чыдамы түгөнүп, ичтен кайнап чыккан жинин албай, эриндери дирилдей күлдү.

- Кана? - деди, дирилдеген эриндерин баса албай Сегизбаевди акшыя карап.

- Дагы эмне демексиң?

- Бул эмне деп сүйлөшкөнүң, **Танабай?** - деп Чоро ортого түшө калды.

- Кой. Ишиндин **жөн жайын** түшүндүрүп бер. (Ч.А., «Гүлсарат»,141).

Бул айтым түрмөктөрүндөгү фразалык басым «Кана?», «Эмне демексиң?», «Танабай», «Жөн жайын» деген сөздөргө жана сөз айкаштарына түшүп жатышат. Демек фразалык (логикалык) басым эч качан эмоционалдык жактан нейтралдуу болбойт. Ал айтым ичиндеги кайсы гана сөз же сөз айкашы болбосун эмоционалдык түр берип, кайсы бир ички сезимди бөлүп көрсөтүүгө шарт түзөт. Синтагмаларга түшкөн фразалык басымдын натыйжасында лексикалык каражаттары бирдей эле айтымдар маанилик жактан өзгөргөнүн көрөбүз.

Мисалы: Китеп **столдун үстүндө** жатат.

К и т е п столдун үстүндө жатат.

Биринчи айтымда столдун үстүндө китеп жатканын туюнсак, экинчисинде, китеп башка жакта эмес, столдун үстүндө гана жатканын билдик.

Интонациянын негизги элементтеринин бири болгон фразалык басымды сөз басымы, синтагмалык басым менен карама-каршы коюу мүмкүн эмес. Алар өз ара тыгыз баланышта. Сөз жана синтагмалык басымсыз фразалык басым айтылбайт. Мындай касиет алардын жалпылыгын түзөт.

Үндүн күчү. Физикалык көз караштан алганда үндүн күчү - үн толкуну таралган багытка перпендикулярдуу бирдик аянт аркылуу өтүүчү үн толкунунун орточо энергиясы. Үн күчү анын басымына, чөйрөсүнүн касиетине жана толкундун формасына көз каранды.

Үндүн күчү менен үндүн басымынын ортосунда квадраттык көз карандылык бар: үндүн басымы 2 эсе көбөйсө, үндүн күчү 4 эсе көбөйөт. Үндүн ар кандай басымынын угуу органдарына тийгизген таасирин изилдөөдө үндүн күчүнүн төмөнкү жана жогорку чегин аныктайбыз. Төмөнкү чеги - үндүн кулакка угулуу чеги, жогорку чеги - үндүн кулакты тундуруу чеги. Үндүн кулакка угулуу чеги

деп үндүн, добуштун кулакка араң эле угулушун айтабыз. Эгер үндүн басымы бир аз кичирейсе, анда үн кулакка угулбай калат. Башкача айтканда үндүн угулуу чеги - үндүн кулакка угула турган эң төмөнкү басымы. Үндүн басымы улам жогорулап отуруп, акыры бир мезгилде кулакты тундурган абалга жетет. Бул үн басымынын кулакты тундурган чеги деп аталат.

Үндүн энергиясынын динамикалык структурасы болуп созулуш, жыштык жана үндүн күчү эсептелет.

Созулуш (Т м/сек). Созулуш деп кептин максималдуу жана минималдуу убакыт ичиндеги айтылган учурун айтабыз. Эксперименттик фонетикада кептин үзүмүнүн созулушун миллисекунда, башкача айтканда, секунданын миңден бир үлүшү менен өлчөйт. Тыбыштын созулушу кептин тездигине, басымга жана башка факторлорго жараша болот.

Жыштык (F нт). Үн - термелүүнүн натыйжасы, ошондуктан толкундар ар кандай термелет, кээси жай, кээси бат. Мындай толкундар термелүү жыштыгы менен мүнөздөлөт. Жыштык үндүн бийиктигин, үн түйүндөрүнүн термелүү жыштыгын аныктайт. Башкача айтканда, үндүн күчү термелүүнүн санына байланыштуу болот. Термелүүнүн көлөмү чоң болсо үн күчтүү, канчалык кичине болсо, үн күчсүз болот. Жыштык деген түшүнүккө убакыт да кирип кетет, анткени толук термелүү кандайдыр бир мезгилдин ичинде ишке ашат. Үндөрдүн термелиши герц /гц/ менен өлчөнөт. Бир гц деп бир секунданын ичинде толкундун бир жолу термелүүсүн айтабыз. Демек үн жыштыгы деп убакыт бирдигиндеги термелүүнүн санын түшүнөбүз. Маселен, үндүн термелүү жыштыгы 1 гц болсо, анда 1 сек. убакытта үн түйүнү 1 жолу толук термелет дегенди билдирет. Ал эми үн түйүнү 1 секундада 250 жолу термелсе, жыштыгы 250 гц болгон үн чыгат.

Тембр. Үндөр негизги тондон жана ага гармоника кошумча болуп татаал үндөн турат. Негизги тон менен гармониканын салыштырмалуу күчүнүн карым-катышы үндүн сапаттык белгисин түзөт. Ал **тембр деп** аталат. Тембр сүйлөөчүнүн жеке белгисин айырмалап көрсөтөт. Тембрди терең изилдөө үчүн аны жарык сыяктуу жыштыктарга бөлүп, үч түрлүү моделде көрсөтүү талапка ылайык.

Тембрдин ар түрдүүлүгү интонациянын коммуникативдик функциясына эч кандай таасирин тийгизбестен, кайсы бир эмоционалдык акыбалды билдиргенде гана үндүн өзгөчөлүгүн аныктайт.

Тембр кеп агымын уюштуруп, сөз айкалыштарына ажыратпайт жана интонациялык бирдиктерди өз ара байланыштырбайт. Ал тек гана үндүн жагымдуулугун же жагымсыздыгын аныктайт.

Тыным. Интонациянын составдык элементтеринин ичинен тынымды өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Кеп агымында өзүнүн аткарган функциясына карата тыным өз ара синтаксистик эмес физиологиялык тыным, эксперттүү маани-

синдеги тыным, ажыратуучу тыным, синтаксисттик тыным, баяндоочтук тыным, байланыштыруучу тыным жана ритмдик тыным болуп бөлүнөт.

Синтаксисттик эмес тыным, же физиологиялык тыным кеп агымында физиологиялык, психологиялык жана ойдун логикалык жактан үзүлүш себебинен пайда болот. Башкача айтканда, сүйлөөчү, айтып жаткан оюн андан ары улантуу үчүн же кандайдыр бир психологиялык жагдайдын натыйжасында пайда болгон тыным. Сүйлөп жаткан адам 9 сөздүү айтымдан кийин сөзсүз физиологиялык тыным жасайт. Эксперттүү маанисиндеги тыным биринчи айтымда козголгон ой ага катар келген экинчи айтымда да уланарын, толукталарын билгизет. Мындай тыным көбүнчө бир өңчөй мүчөлүр катышкан айтымдарга мүнүздүү. Мисалы: Интонациянын составдык компонеттерине төмөнкүлөр кирет: үн ыргагы, басым, үн күчү, тыным ж.б. Ажыратуучу тыным - сүйлөм менен сүйлөмдү бири-бирinен ажыратып турат. Көчмөн кыргыздардын чарбалык турмушунда аңчылык маанилүү ролду ойнойт. Синтаксисттик тыным — айтым элементтерин бири-бирinен ажыратып туруучу синтаксисттик катышта колдонулат. Кыргыздар - Борбордук Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Алар Сибирдин көчмөн урууларынын биринчи бирикмесин - кыргыз каганатын түзүшкөн. Ремалык тыным бул айтым элементтеринин арасына келип, кыргыз тилинде көбүнчө макал-лакаптардын арасына келет. Ата сөзү - ар намыс. Мекенди коргоо - ыйык милдет. Байланыштыруучу тыным тең байланышты чыңап, айтым ичинде интонациялык негизги өзгөчөлүк катары сыпатталат. Ритмдик тыным ыр саптарындагы ритмика менен тыгыз байланыштуу болот. Ритмикалык бөлүкчөлөрдүн чектери кайсы жерге келсе, ошол жерде тыным жасалат, мындай учурларда ыр жолдорундагы цензура паузалардын орундары бирде грамматикалык паузалардын ортосунда тушма-туш келип, бирде туш келбей кайчы өтүп кете берет. Интонациялык эмес тыным бир нече бөлүккө бөлүнөт: кырдаалдык тыным, жекелик (индивидуалдык) тыным жана физиологикалык тыным болуп. Кырдаалдык тыным кандайдыр бир айтып жаткан ойду жаздыруу үчүн же сүйлөөчүнүн эркин аткаруу үчүн атайылап жасалат. Мындай тыным, көбүнчө жат жазуу жазып жатканда же команда бергенде колдонулат. Какай-гыла! Түздөн-гүлө! Тургула! ж.б.

Темп. Темп аткарган кызматы боюнча, башкача айтканда, функциясы боюнча төрткө бөлүнөт: 1) аныктагыч темп; 2) кырдаалдык темп; 3) индивидуалдык темп; 4) интонациялык темп. Тилге же анын формаларына (диалектилерине) тиешелүү темпти аныктагыч темп деп айтабыз. Кырдаалдык (ситуациялык) темп деп, кеп элементтеринин кырдаалга жараша өзгөрүшүн айтабыз. Лектор лекция окуп жатканда айтып жаткан ою түшүнүктүү болуш үчүн жай темп менен окуйт. Күндөлүк практикадан байкалгандай орус тилине караганда кыргыз тилинин темпи батыраак.

ЛЕКСИКОЛОГИЯ

Адамдар пикир алышуу үчүн сүйлөмдөрдү пайдаланышат. Сүйлөмдөр сөздөрдөн түзүлөт. Сөздөр жана жана аны түзүүчү элементтер (уңгулар жана мүчөлөр) тыбыштардан куралат. Бирок тилдеги ар кандай эле тыбыштардын куралмасы (комплекси) сөз боло албайт. Маселен “алма” дегенди сөз деп карайбыз да “алра” дегенди сөз дебейбиз. Сырткы көрүнүшү боюнча алганда бул экөө бирдей сандагы тыбыштардан, бирдей муун типтеринен турган өз алдынча тыбыштык комплекс болуп эсептелет. Бирок “алма” - өз алдынча сөз, анткени мунун тийиштүү мааниси бар. Ал эми “алра” болсо тыбыштык комплекс экендигине карабастан, сөз боло албайт, анткени анда эч кандай маани жок. Демек, сөз болуш үчүн, тыбыштык комплекс белгилүү бир мааниге ээ болуш керек. Эч кандай маани менен байланышы болбогон курулай тыбыштык айкалыш сөз болуу касиетине ээ эмес.

Ошентип, сөз дегенибиз көбүнчө бир нече тыбыштан куралып, белгилүү бир мааниге ээ болгон жана кепте өзүнчө бир бүтүн катары колдонулган тилдин эң маанилүү бирдиги болуп эсептелет.

Тилибиздеги кээ бир сөздөр жалгыз тыбыштан да турат. Мисалы: а I “ал” деген ат атоочтун кыскарган формасы; а II аң-таң калгандыкты, өкүнгөндүктү, нааразылыкты билдирүүчү сырдык сөз; а III — сүйлөмдөрдү байланыштыруучу байламта; а IV - күчөтүү, ырастоо маанисин билдирүүчү бөлүкчө; аа- таң калгандыкты, кейигендикти, өкүнгөндүктү, бир нерсени эске түшүргөндүктү билдирген сырдык сөз; и - кандайдыр бир нерсе жөнүндө суроо алдында, кубаттоо иретинде ж. б. ички сезимди билдирүү үчүн колдонулган сырдык сөз; о - таңдануу, кубануу, кубаттоо, жактырбоо, өкүнүү сыяктуу ички сезимди билдирүү үчүн колдонулуучу сырдык сөз; оо - бир жагына кыйшайуу, бир жагына карай оордук абалда болуу; бир жактан экинчи жакка которулуу; жер которуу; уу I — ууктуруучу зат; уу II - мергенчилик, аңчылык; ээ - кожоюн; сүйлөмдүн ээси ж. б.

Бирок мындай сөздөр аз. Негизинен сөздөр бир нече (эки же андан көп) тыбыштардан куралат. Эгер сөз тыбыштардан турбаган болсо, анда аны бирөөгө айтууга, айтылган сөздү экинчи тарап угуп кабыл алууга же сөздү тамгалар аркылуу жазууга, басмага түшүрүүгө мүмкүн болбос эле. Ошентип, тыбыштар сөздүн материалдык формасы болуп саналат. Ал эми маани болсо сөздүн ички маңызын, мазмунун түзөт. Сөз маани аркылуу гана адамга түшүнүктүү боло алат. Маани аркылуу гана биз тоо, таш, жер, суу, киши, жаратылыш, акылмандык, жакшы, жаман, кел-, кет- ж. б. сыяктуу сөздөрдүн эмнени билдирип жатканын түшүнө алабыз.

Сөз – тилдин негизги элементи. Сөздөн ар кандай сөз тизмектерин, сүйлөмдөрдү түзүүгө болот. Сүйлөм аркылуу адамдар бири-бирине ой-пикирин айтып, байланыш-катыш жасашат. Ал эми пикир алышуу, бири-биринин оюн түшүнүү коом үчүн эң зарыл. Мына ошол зарылдыктан улам гана адам баласынын тили пайда болот.

Белгилүү бир тилдеги сөздөрдүн бардыгы биригип келип, ал тилдин сөздүк курамын же лексикасын түзөт. Кыйла кылымдык өнүгүүнүн натыйжасы болгон тилибиздин сөздүк курамы татаал, бай жана ар түркүн. Сөздүк курам же лексика жөнүндөгү тил илиминин бир бөлүгү лексикология деп аталат. Лексикология тилдин сөздүк курамын бүтүндөй бир система катары карап, аны ар тараптан текшерип үйрөтөт жана ошол милдетине жараша ал өзүнчө төмөнкүдөй маселелерди камтыйт.

Сөздөрдүн маанилик жагы, башкача айтканда, сөздүн мааниси деген эмне, анын кандай типтери болот, маанилери кандайча өзгөрөт, жеке маанилүү жана көп маанилүү сөздөр кайсылар, алардын пайда болуу жолдору, сөздөрдүн маанилик жактан өз ара калыптары, башкача айтканда, омоним, синоним, антонимдер жөнүндөгү маселелер лексикологиянын семасиология бөлүмүндө изилденет. Семасиология лексикологиянын жөнөкөй гана бөлүмү болбостон, эң маанилүү бөлүмү болуп эсептелет, анткени сөздүн мааниси, образдуу айтканда, сөздүн "жаны" болот.

Сөздөрдүн чыгыш тегин, лексиканын тарыхый жактан калыптаныш жана өнүгүш маселелерин текшерүү да лексикологиянын милдетине кирет. Ошого байланыштуу тилдеги эскирген жана жаңы лексиканы, алардын жаңыдан пайда болуу жана сөздүк курамдан чыгып калуу себептерин да ушул лексикологияда карайбыз. Лексикология тилдин лексикасынын колдонулуш чөйрөсүнө карата бөлүнүштөрү жана стилдик жактан колдонулуш өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүнү да өз ичине камтыйт. Ошондой эле тилдеги туруктуу сөз айкаштары лексикологиянын өзгөчө бөлүмү болгон фразеологияда окуп үйрөнүлөт. Лексикология менен тыгыз байланыштуу тил илиминин бир бөлүмү лексикография. Мында сөздүктөрдү түзүүнүн теориясы, практикасы жана методикасы үйрөтүлөт. Лексикология тилдин сөздүк курамын азыркы кездеги абалында да сыпаттап текшерүүсү же өсүп-өнүгүү абалында тарыхый жактан да үйрөтүшү мүмкүн. Мына ушуга карай сыпаттама жана тарыхый лексикология болуп экиге болүнөт. Бул курста азыркы кыргыз тилинин бөлүгү катары сыпаттама лексикология өтүлөт. Бирок азыркы тилдеги лексикалык айрым кубулуштардын табиятын туура түшүнүү үчүн кээ бир учурларда тарыхый экскурс жасалышы да мүмкүн.

Сөз жана түшүнүк

Адамдын ойлоосунда заттардын жана көрүнүштөрдүн жалпы жана маанилүү касиеттерин, белгилерин, байланыш-катыштарын чагылдырган түшүнүктөр пайда болот. Бул түшүнүктөр тилде сөз аркылуу туюнтулат, башкача айтканда, ар кандай түшүнүктөр аталышка ээ болот. Демек, сөз — бул түшүнүктүн аты. Бирок дайыма эле түшүнүк менен сөз бири-бирине туура келе бербейт. Бир эле сөз бир түшүнүктү да, бир нече түшүнүктү да туюнтат. Ошондой эле ойлоонун формасы катары түшүнүк жалпы адамзаттык болсо, тилдин бирдиги катары сөз - улуттук көрүнүш. Ошондуктан бирдей эле түшүнүктөр ар башкача.

Сөздүн мааниси жана анын типтери

Сөз - эки жактуу көрүнүш. Сөздүн тыбыштык жагы анын сырткы формасы болот да, мааниси анын ички мазмунун түзөт. Сөздүн тыбыштык жагы аркылуу адамдар аларды бири-бирине айтууга, бири-биринен угууга (жазууда болсо, тамгалар аркылуу белгилөөгө, окууга) мүмкүнчүлүк алса, анын мааниси аркылуу адамдар чындыктагы көрүнүштөрдү, нерселерди, буюмдарды туюнта алышат. Демек, сөздөрдүн тыбыштык жагы менен анын маанисинин ажырагыс бирдиги аркылуу гана адамдар өз ара байланыш жасоо, бири-бирин түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ошол себептен сөз тилдин негизги бирдиги болуп эсептелет.

Сөздүн угулушу, башкача айтканда, тыбыштык жагы менен чындыктагы белгилүү көрүнүштүн ортосундагы тарыхый байланыш, катыш **сөздүн лексикалык мааниси болот.**

Маселен, к, и, т, е, п деген беш тыбыштын ушул тартипте тизмектешип келип айтылышы, угулушу (жазылышы, окулушу) менен "басмадан мукабаланып чыгарылган, баракту, түрдүү мазмундагы чыгармалардын чыйындысы" жөнүндөгү түшүнүктүн ортосундагы адамдардын аң-сезиминде тарыхый жактан бекемделген байланыш, катыш ошол китеп деген сөздүн лексикалык мааниси болуп эсептелет. Мында сөздүн угулушу менен туюнтулуп жаткан түшүнүктүн ортосунда кандайдыр бир табигый байланыш бардай сезилет. Чындыгында андай эмес. Муну туура сезиш үчүн төмөнкүдөй эксперимент жасап көрөлүк кыргыздар менен бирге кыргыз тилин таптакыр билбеген башка улуттагы адамдарды чогуу коюп туруп, жогоруда кеп болгон китеп деген сөздү айтсак, алардын бардыгы тең эле бирдей угат, бирок кыргыздар укканын дароо китептин түшүнүгү менен байланыштырат, ал эми кыргыз тилин билбеген адамдар аны эч кандай түшүнүк менен байланыштыра алышпайт. Алар үчүн "китеп" деген угулуш жөн

гана тыбыштардын чогултундусу болот, ал эч кандай маанига ээ эмес, демек, сөз да боло албайт. Качан гана "китеп" деп айтып, китепти көрсөтө турган болсок, бул учурда китеп деген сөздүн мааниси алар үчүн да түшүнүктүү болуп, ал сөзгө айланат. Экспериментибизди жыйынтыктап айтканда, сөздүн маанисин сөздүн угулуш, тыбыштык жагы менен чындыктагы көрүнүштүн ортосундагы байланыш табигый байланыш эмес, адамдын аң-сезиминде калыптанган тарыхый байланыш экен. Ошол себептен сөздүн маанилери менен алардын тыбыштык курамынын ортосунда омонимдик жана синонимдик катыштар келип чыгат.

Тилдеги сөздөрдүн көпчүлүгү лексикалык маанига ээ болушат, башкача айтканда, нерселерди, буюмдарды, кыймыл-аракетти ж. б. атайт. Мындай сөздөр **толук маанилүү сөздөр** деп аталат. Бул зат атоочтор *(таш, кум, жер, тоо, суу, китеп, дептер, бычак, тумак, өтүк, жаан, шамал, акыл, достук, киши, бала, кыз, студент, мугалим, жылкы, кой, карышкыр, жолборс ж. б.)* сын атоочтор *(кызыл, көк, жашыл, кара, ак, ачуу, таттуу, кычкыл, узун, ийри, тоголок, учтуу ж. б.)* сан атоочтор *(бир, эки, үч, он, жыйырма, бешинчи, отузунчу, жыйырма- жыйырма беш, жүзгө жакын)* ат атоочтор *(мен, сен, ошол, ушул, тигил)* этиштер *(бар-, кел-, отур-, тур-, ал-, бер-, жаз-, оку-, көр-, бил-, жүгүр иште)*, тактоочтор *(өйдө, төмөн, аз, көп, ылдам, жай, бүгүн, эртең)* жана тууранды сөздөр *(жарк-журк, тарс-турс, элең-элең, дүп-дүп, шалдыр-шулдур)* кирет.

Бирок бардык эле сөздөр лексикалык маанига ээ эмес, алар жогоркудай чындыктагы көрүнүштөрдүн аттарын аташпастан, алардын ортосундагы байланыш, катыштарды көрсөтөт, аларга кошумча маани беришет, башкача айтканда, жардамчы кызмат аткарышат. Ошондуктан булар **кызматчы сөздөр** деп аталышат да, буга байламталар *(жана, менен, да, же, бирок, себеби, анткени), жандоочтор (чейин, дейре, жөнүндө, туралуу, үчүн), бөлүкчөлөр, модаль сөздөр (го, гана, эле, балким, албетте, сөзсүз, шекилдүү)* кирет.

Сырдык сөздөр жөнүндө өзүнчө айтууга болот. Булар нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн, кыймыл-аракеттин, сандын белгинин аттарын да атабайт жана сөздөрдүн ортосундагы грамматикалык байланышты да көрсөтпөйт. Алар адамдагы ички сезимди, эркти билгизет да, интонациялык жактан өзгөчөлөнүп турат.

Лексикалык толук маанилүү сөздөрдүн берген маанилери да бир кылка эмес. Ошондуктан аларды бир канча типке бөлүп карайбыз.

1 Конкреттүү жана абстрактуу маанилүү сөздөр

Сезүү органдары *(үгүү, көрүү, даам билүү, жыт билүү, жана түюу органдары)* аркылуу кабыл алууга мүмкүн боло турган конкреттүү нерселерди, түшүнүктөрдү атаган сөздөрдү конкреттүү маанилүү сөздөр дейбиз. Мисалы: жыгач, айнек, жылдыз, кант, сүт, суук, ысык, таттуу, ачуу, катуу, жумшак ж. б.

Бирок бардык эле көрүнүштөрдү, белгилерди көз менен көрүп, кулак менен угуп, тил менен даамдап, мурун менен жыттап, тери менен туюуга мүмкүн эмес. Алар адамдардын акылында жалпыланып гана түшүнүлөт. Мындай түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр абстрактуу маанилүү сөздөр деп аталат. Мисалы: ой, кыял, билим, ниет, тилек, жакшылык, жамандык, акылдуулук, наадандык, адамкерчилик, жөндөмдүүлүк ж. б.

Конкреттүү маанидеги сөздөр да, абстрактуу маанидеги сөздөр да жалпыланган түшүнүктү билдирет. Маселен: терезе,дарак, стол, үй, дей турган болсок, алардын ар кайсынысы конкреттүү бир гана терезени, же даракты, же столду, же үйдү билдирбестен, жалпы эле терезе, дарак, стол, үй, жөнүндөгү жалпыланган түшүнүктү берет. Бул түшүнүктөрдүн, нерселердин, буюмдардын ар биринин ар башка көптөгөн түрлөрү болот. Алсак, үй эски же жаңы, чоң же кичине, кыштан же жыгачтан салынган, бир же бир нече кабат ж. б. түрдө болушу мүмкүн. Бирок анын бардыгы жалпыланып, бир гана сөз менен айтылат да, ал аркылуу биздин ойлообузда үй жөнүндө белгилүү бир түшүнүк пайда болот.

2. Сөздүн номинативдик жана туунду маанилери

Сөздүн чындыктагы затка, көрүнүшкө кыймыл-аракетке белгиге сапатка тике багытталган негизги, тике мааниси номинативдик маани деп аталат. Маселен, бет деген сөздүн "адамдын башынын алдыңкы жагы", "ак деген сөздүн "кардын, сүттүн өңүндөй түс" деген маанилери номинативдик маанилер болот. Бет, ак деген сөздөрдү контексттен тышкары жеке өзүн гана айтсак, иралдыда эле жогоруда биз келтирген маанилерди түшүнөбүз. Ошондуктан бул маанилер адепки уютку маанилер болуп эсептелет.

Тилдин өнүгүү процессинде номинативдик мааниден ошол маани менен кандайдыр бир окшоштук, жакындык байланышы бар туунду маанилер пайда болот. Адепки номинативдик мааниден келип чыккан кийинки маани туунду маани деп аталат. Жогорудагы эле бет деген сөздүн «жердин бети, тоонун бети, китептин бети» деген сыяктуу, ак деген сөздүн «таза, адал, күнөөсүз, айран-сүт, көздүн чечи, чачтын агы» деген сыяктуу маанилери туунду маанилер болот. Туунду маанилер номинативдик маанилер аркылуу туюнтулган түшүнүктөр сыяктуу эле ошол түшүнүк менен кандайдыр бир байланышы бар башка түшүнүктөрдү туюнтат.

3. Сөздүн түз жана өтмө маанилери

Сөздөр түз мааниде жана өтмө мааниде да колдонулат. Объективдүү чындыктагы кубулуштарга, нерселерге, кыймыл-аракетке ж. б. тике багыттгалган жана аларды билдире турган сөздүн лексикалык мааниси түз маани деп аталат. Түз маани номинативдик да, туунду да болушу мүмкүн. Маселен, алтын деген сөздүн түз мааниси «кымбат баалуу сары түстүү жаркырак металл, химиялык элемент»: «Алтын, күмүш эшилген кендериң бар Ала-Тоо» (Ж. Б.). «Алтын чирибейт, акыл азбайт» (макал). Ал эми сөздүн түз маанисинен башка дагы нерсени, кубулушту, сапатты образдуу, эмоциялуу туюнтуу үчүн колдонулган маанилери өтмө маани деп аталат. Маселен, ушул эле алтын деген сөз «кымбат, баалуу, сонун, эң жакшы» деген өтмө мааниде колдонулат: «Ала-Тоо жериң алтын, Биле элек элиң баркын» (А. Т.). «Алтын билим, өнөрдүн Сүтүн берген мугалим» (Ж. Б.). «Айтканың кантип унутам Сендей алтын баланын» (Олжобай менен Кишимжан»). «Эсил алтын жаштыкты Эскерип обон салалык» (Жең.). Ошондой эле «сары түстүү» деген маанини да билдирет. «Эр азыгы – элден, бөрү азыгы – жолдон» (макал) дегенде азык «тамак, тамак - аш, жем» деген түз мааниде. «Окуу – билим азыгы, билим – ырыс азыгы» (макал) дегенде өтмө мааниде колдонулду.

Өтмө маани образдуулукту, эмоциялуулукту, элестүүлүктү, тактыкты берүү үчүн көркөм адабиятта, поэтикалык чыгармаларда, фольклордо адабий троп катары, ошондой эле оозеки кепте да кеңири колдонулат.

Сөздүн туунду маанилеринен айырмаланып, өтмө маанилердин бардык колдонулуш учурлары сөздүктөргө каттала бербейт. Тилде колдонулуп, туруктуу мүнөзгө ээ болуп калган өтмө маанилер сөздүктөргө киргизилет.

БЕЛ 1. Дененин жамбашка жакын ичкерээк тартып кеткен арка жак бөлүгү, арканын жамбашка жакын бөлүгү. Кыпча бел. Бураң бел... 2. Бир нерсенин орто чени, орто бөлүгү. Чайнектин белине чейин суу куюп, чай кой. 3.өт. Жөлөк, таяныч, тирек. Уул жакшы өссө, атага бел (Т.С.). 4. Тоо кыркаларынын ашып өтүүгө ылайык келген жону, кайкыраак жери. Ашуусу болбой, бел болбойт (Тог.).

Сөздүн грамматикалык мааниси.

Сөздөр жекече колдонулбастан, грамматиканын карамагына түшүп, сүйлөм тизмегинде колдонулат. Бул учурда сөздүн лексикалык маанисинин үстүнө сөздөрдүн ортосундагы катнаштарды көрсөткөн грамматикалык маанилер да коошулат. Мисалы, «Бу баланын эки жомогу боло турган» (Ч.А) деген сүйлөмдө бу, бала, эки, жомок, бол, тур деген сөздөрдүн жеке лексикалык маанилеринен башка бу - атооч жөндөмөдөгү шилтеме ат атооч, сүйлөмдүн аныктооч мүчөсү

, баланын - илик жөндөмөдөгү зат атооч, сүйлөмдүн аныктоочу, эки - эсептик сан атооч, аныктооч, жомогу - III жакка таандык атооч жөндөмөдөгү зат атооч, сүйлөмдүн ээси, боло турган - өткөн чактагы татаал этиш, сүйлөмдүн баяндоочу экендигин көрсөткөн грамматикалык маанилер да кошулду.

Сөздүн лексикалык мааниси менен грамматикалык маанилери өз ара тыгыз байланыштуу. Лексикалык маанисине карата сөздөр белгилүү грамматикалык мааниге ээ болот. Сөздүн грамматикалык маанилери тил илиминин грамматика (морфология, синтаксис) бөлүмүндө окуп үйрөнүлөт.

Жеке маанилүү жана көп маанилүү сөздөр

Тилибиздеги сөздөр жеке маанилүү да жана көп маанилүү да болушат. Башкача айтканда, сөз катары кызмат аткарган бир тыбыштык комплекс бир эле түшүнүктү туюнтса, **жеке маанилүү сөз** же **моносемия** деп аталат. Мисалы: *аары* – гүлдүн ширесин чогултуп, аны балга айландыруучу чымын-чиркейдин бир түрү; *абажур* – жарыкты топтоп чагылдыруу үчүн лампанын үстүнө кийгизилүүчү калканч; апкыт – бут кийимдин согончокко туура келген арткы катуу бөлүгү; араа – жыгачты, металлды кесүү үчүн колдонулуучу курч темирден жасалган тиштүү аспап; балка – бир нерсени ургулоо, кагып киргизүү үчүн колдонуучу сабы бар аспап, балык – сууда сүзүүгө ылайыкталган канатчалары, куйругу бар, бакалоору менен дем алуучу омурткалуу суу жаныбары; жамгыр майда тамчы түрүндө асмандан түшкөн суу; жамбы – ар түрдүү формада жана ар кандай салмакта уютулган, мурунку убакта акча ордуна жүргөн күмүш; зайып – аял, жубай; зыкым – колунан эч нерсе чыкпаган катуу баш, сараң, бийтир; кабелтең – дене түзүлүшү, көрүнүшү москоол, бакыбат, күч-кубаттуу ж.б. Бул келтирилген мисалдагы сөздөр жалпыга маалым, жалпы колдонулган бир гана мааниге ээ болушат. Бирок бул сөздөрдү конкреттүү кырдаалда башка өтмө мааниде да колдонуу мүмкүн. Анда бул жалпы тилдик маани эмес, жекече колдонулган маани болуп калат.

Мезгилдин өтүшү менен сөздөрдүн маанилери кеңейип, дагы кошумча жаңы маанилерге ээ болушу мүмкүн. Бул учурда бир эле тыбыштык комплекс мурдагы билгизген түшүнүк менен жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү да туюнтуп калат. Маселен, адамдын же жаныбарлардын көрүү органын билгизген көз деген сөз өзүнүн алгачкы маанисинен башка да ийненин көзү, терезенин көзү, тузактын көзү , булактын көзү, жаранын көзү, куржундун көзү, күндүн көзү, шакектин көзү, кездеменин көзү, картошканын көзү деген сыяктуу бир нече түшүнүктү атап калды. Демек, мында көп маанилүү сөз же **полисемия**[1] пайда болду.

Сөздүн көп маанилүүлүгү дегенибиз бир эле сөздүн бир нече мааниге ээ болуу жөндөмдүүлүгү, башкача айтканда, сөз катары кызмат аткарган бир эле

тыбыштык комплекстин бир нече түшүнүк үчүн материалдык оболочка болуу мүмкүнчүлүгү эсептелет. Мисалдар келтирелик: Бир эле баш деген сөз төмөндөгүдөй маанилерди билдирет: 1.адамдын, жаныбарлардын башы *(орган)*; 2.эгиндин башы; 3. ист. начальник, башчы *(жүз башы, кербен башы)*; 4.бир нерсенин жогорку бөлүгү, чокусу *(тоонун башы, теректин башы)* 5.бир нерсенин баштапкы *(суунун башы, иштин башы, айдын башы);* 6.бир нерсенин учу *(үч колунун башы менен тууралган эттен бир алды);* 7.адам, жан *(адамдарды саноодо: биздин үй-бүлө беш башпыз)* 8.даана *(кээ бир нерселерди саноодо: бир баш пияз)* ж.б. Кол: 1.адамдын эки ийнинен баштап, манжаларынын учуна чейинки мүчөсү; 2.малдын алдыңкы буту; 3.беш манжа; 4 кимдир бирөөнүн жазуудагы, тамга тартуудагы өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүгү ж. б. маанилерди билгизет.

Тилдеги сөздөрдүн көпчүлүгү көп маанилүү болушат. Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү - тилдин ажырагыс касиеттеринин бири. Мына ушул касиет гана тилдеги жаңы сапаттын эволюциялык түрдө акырындык менен өнүгүшүн, эски сапаттын андан да акырындык менен сүрүлүп чыгарылышын жана, ошонун натыйжасында, тилдин адамдар ортосундагы катнаш каражаты катары узакка жашашын жана үзгүлтүксүз аракеттенүүсүн камсыз кылат. Эгерде жаңыдан пайда болгон ар бир түшүнүк өзүнчө айрым-айрым тыбыштык комплексти талап кыла турган болсо, анда тилдин сөздүк курамы ал тилде сүйлөгөн коллективдин мүчөлөрү үчүн өздөштүрүүгө күч жеткис зор өлчөмдө болор эле жана тилдеги абдан тез өсүү, сөзсүз, коомдук турмушта пикир алмашууга кыйынчылык туудурмак.

Көп маанилүүлүк чындыктагы көрүнүштөрдүн биринин атынын экинчисине өтүшүнүн, башкача айтканда, семантикалык өнүгүүнүн натыйжасы болуп эсептелет. Сөздөрдүн семантикалык өнүгүү процесси-адамдын ойлоосунан келип чыккан түшүнүктү сөз аркылуу туюнтуунун негизги амалдарынын бири. «Адам түшүнүгү кыймылсыз эмес, кайра дайыма кыймылда болуп турат, бири-бирине өтүп, бири-бирине куюлуп турат. Мунсуз ал жандуу турмушту чагылтып көргана жаңыдан жасалган фонетикалык сөз менен туюнтулбастан, сөздүн жаңы маанилери аркылуу да туюнтулат. Тилдин байлыгы анын сөздүк курамында болгон сөздөрдүн санына гана эмес, ал сөздөрдүн берген маанилерине да жараша болот. Бул тууралуу академик Л. В. Щербанын «Сөздөр бир нече мааниге ээ болот деп ойлоо туура эмес, бул, чынын айтканда, формалдуу жана ал турсун тек гана типографиялык көз караш. Чындыгында белгилүү фонетикалык сөз канча мааниге ээ болсо, ошончо сөз бар» деп образдуу айтканын эске алсак орундуу

Көп маанилүүлүктүн пайда болуу жолдору

Жаңы мааниге ээ болгон сөздөр ошол сөздүн мурдагы маанилерин да кошо сактоо менен сөздөгү көп маанилүүлүктү пайда кылат. Жаңы пайда болгон маани менен бирге мурдагы маанилердин катар жашашы сөздүн негизги маанисинин туруктуулугуна жараша болот. Сөздүн маанисинин туруктуулугу өз кезегинде туюнткан түшүнүгүнүн туруктуулугу менен шартталат.

Тилде мурдатан жашап келе жаткан сөздүн жаңы мааниге ээ болушу, башкача айтканда, нерсенин, буюмдун, белгинин, кыймыл-аракеттин атынын жаңы пайда болгон нерсеге, буюмга, белгиге, кыймыл-аракетке өтүшү башаламан эле туш келди өтө бербестен, ошол сөз аркылуу туюнтулган эски түшүнүк менен жаңы пайда болгон түшүнүктөрдүн ортосундагы окшоштук, жакындык, ордун басуучулук, жалпылык жана жекелик ассоциацияларынын негизинде өтүшөт. Булардын ар бирине өз өзүнчө токтолобуз.

1. Метафора. Жаңы пайда болгон тигил же бул түшүнүк, ошол түшүнүк менен кандайдыр бир белгиси (формасы, өңү-түсү, көлөмү, чондугу же башка бир сапаты, кыймыл-аракетинин мүнөзү, аткарган кызматы) боюнча окшош эски түшүнүктү атаган сөз аркылуу туюнтулат. Бул жаңы маанинин **метафора** ыгы менен пайда болушу деп аталат. Метафоралык ык - көп маанилүүлүктү пайда кылуунун негизги ыгы. «Сөздүн лексикалык мааниси, – деп жазат бул жөнүндө проф. Е. М. Галкина-Федорук, – көп учурда нерсе менен ошол нерсенин кандайдыр бир маанилүү өзгөчөлүгү аркылуу байланышат. Нерселер өз ара бири-бирине окшош болгондуктан, нерсени атоо үчүн көп убакта мурда эле болгон сөз колдонулат». Мисалы, мүчө деген сөз мурда дене бөлүктөрүнүн маанисинде колдонулган. Азыр тирүү организмдин дене бөлүктөрүнүн маанисинде колдонулуу менен бирге, ага окшоштурулуп, бул сөз коомдун, уюмдун жана башкалардын мүчөсү деген мааниде да колдонулат. «Өзүлөрүнүн сунуштарын Өкмөттүн башка мүчөлөрү да айтышты» Жазуучулар союзунун *мүчөсү*. Академиянын анык мүчөсү. Ошондой эле мүчө деген сөз окшоштук ассоциациянын негизинде термин катары грамматикада, математикада да колдонулат. *Сөз мүчөсү. Сүйлөм мүчөсү* (грамматикалык термин). *Көп мүчө. Бир мүчө* (математикалык термин).

Уюл мурдагы маанилери боюнча адамдын төбөсүндөгү же жылкынын маңдайындагы чачтын, жүндүн уюлгуп, буралган жерин жана жыгачтын уюлгуп, буралган жерин билгизген. Кийин адамдын төбөсүндөгү уюлду жер шарынын полюстарына окшоштуруунун натыйжасында уюл деген сөз жаңы мааниге ээ болду. Түндүк *уюл*. Түштүк *уюл*.

Тирүү организмдин, өсүмдүктөрдүн муундарына окшоштуруп, кыргыз тилинде өз эне тилинин грамматикасынын, фонетакасынын түзүлүшү менен сөздө-

гү бир жолку дем чыгаруу менен айтылган тыбыш же тыбыштардын тизмеги муун деп аталды. «. . . сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ал сөз ошончо *муунга бөлүнөт*». (Э. Абдулдаев ж. б. Кыргыз тили).

Ушундай эле окшоштук ассоциациясынын негизинде *уңгу* деген сөз да грамматикалык термин катары алынган. *Уңгу* мурда кетмендин, же найзанын, же башка куралдардын сапка саптала турган бөлүгүнө карата гана колдонула турган. Мисалы: «Алтын жаак айбалта, *уңгусу* алтын сай болот» (“Манас”). Куралдын бул негизги бөлүгүнүн аты сөздүн түпкү составдык бөлүгүнө да берилген. «*Уңгу* — сөздүн морфемалык составындагы негизги элемент» (Э. Абдулдаев ж б. Кырыз тили).

Жаа деп аталган атуу куралынын сырткы окшоштугуна карап, математикада хорда менен тартылган айлананын кесиндиси да жаа деген термин менен аталат.

Кайсы бир кыймыл-аракет процесси мүнөзү боюнча башка бир кыймыл-аракеттин процессине окшош болуусу ыктымал. Мына ошол окшоштуктун натыйжасында тилдеги бир кыймыл-аракетти туюнткан эски тыбыштык форма экинчи башка бир кыймыл-аракетти туюнтуу үчүн да колдонулат. Мисалы: бас - деген этиштин «үстүнөн ыктоо, ныгыруу» (*кийиз басуу, кырман басу, чөп басуу)* деген мурдагы маанисинен «басмадан чыгаруу» *(китеп басуу)* деген, котор – деген этиштин «алмаштыруу, ордуна башканы коюу, оодаруу» деген маанисинен «бир тилдеги текстти, оозеки сүйлөшүүнү башка тилдин каражаты менен берүү» *(китеп которуу)* деген, тер – деген этиштин «жыйноо, чогултуу, иргеп алып таштоо» деген маанисинен «арип терүү» деген, өндүр деген этиштин «эгин өндүрүү, угут өндүрүү» деген маанисинен «продукция өндүрүү деген» этиштин «кандайдыр бир нерсени ич жактан сыртка алып чыгуу» деген маанисинен «басмада жарыялоо» *(китеп, макала чыгаруу)* деген, аткар – деген этиштин «орундатуу, орундоо, жүзөгө ашыруу» деген маанисинен «музыкалык чыгарманы же ролду аткаруу» жана жарыш-мелдеш – деген сөздөрдөн «ат чабуу же жөө чуркоо жагынан мелдешке чыгуу; балбандардын, баатырлардын күчүн сыноо үчүн болгон мөрөй» деген маанилеринен «эмгекте, спортто жарышуу, мелдешүү» деген маанилери революциядан кийинки эле мезгилдерде аталган сөздөрдүн мурдагы турмуштук маанилерине окшоштуруунун натыйжасында болгондуктарын сезүү кыйын эмес.

Дагы бир мисал. Тарыхый жактан мурда бийлик деген сөз эски коомдук түзүлүшкө байланыштуу түшүнүктү туюнткан. Бул сөз бий деген уңгудан жана -лык деген сөз жасоочу мүчөдөн туруп, «бийдин абалын же кызматын» билгизген. Кийин бул сөздүн тар мааниси кеңейип, «мамлекетти башкаруу укугу, саясий үстөмдүк» деген мааниге өткөн. Бийликтин үч бутагы. Мыйзам чыга-

руу *бийлиги*. Аткаруу *бийлиги*. Сот *бийлиги* ж.б. Мында бул сөздүн генетикалык мааниси «жөнөкөйлөшүү» процессинин натыйжасында реалдуу маанисинен сүрүлүп чыккан.

Лексикалык метафораны поэтикалык метафорадан айыра билүүбүз керек. Лексикалык метафора тилде биротоло калыптанган, жалпы кабыл алынган, туруктуу колдонулган туунду маани болуп эсептелет. Ал эми поэтикалык метафора – көркөм чыгармада экспрессивдүү каражат катары колдонулган троптун бир түрү. Ал индивидуалдык мүнөзгө ээ, башкача айтканда, лексикалык метафора тилдик бирдик болсо, поэтикалык метафора – кептик (речтик) бирдик. Мисалы:

«Айланган тоонун *бүркүтү*
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым» (Токт.)
«Күү чертип эркин сайраган
Күкүк элем, наалыдым.
Күжүрмөн тынбай чуркаган
Кулук элем, талыдым» (Токт.)
«Төрткө жашы барганда
Таңга маал торгойдой
Сайрап турган балалык.
Жоогазындай жайлоодо
Жайнап турган балалык» (Жең.).

Жогорку ыр саптарында Токтогул өзүн айланган тоонун *бүркүтүнө*, эркин сайраган *күкүккө*, тынбай чуркаган *күлүккө* окшоштуруп, поэтикалык көп мааниллүүлүктү пайда кылган. Жең. болсо, балалыкты торгойдун *сайраганына*, жоогазындай *жайнаганына* окшоштуруп, сайроочу куштун, гүлдөөчү өсүмдүктүн кыймыл-аракет процессин адам баласынын балалык курагына окшоштурган.

2. Метонимия. Тилде мурдатан белгилүү болгон аттар жаңы нерселерге, түшүнүктөргө окшоштук ассоциациянын негизинде гана өтпөстөн нерселердин өз ара жакындык (мезгилдик, мейкиндик боюнча, логикалык жакындык же башка ички байланыш боюнча) ассоциациясынын негизинде да өтөт. Бул жаңы маанинин **метонимия** ыгы боюнча келип чыгышы болот. Мисалы: «60 минутага барабар убакыт» жана «суткалык убакытты өлчөө үчүн колдонулуучу прибор» (Кол *саат*. Чөнтөк *саат*. Дубал *саат*) деген түшүнүктөрдүн *саат* деген бирдей ат менен аталышы ушул түшүнүктүн ортосундагы ички байланыштын натыйжасында келип чыккан, тактап айтканда, биринчи түшүнүк - убакыт бирдиги, экинчиси ошол убакытты өлчөөчү прибор.

Ай деген сөздүн «күн нуруна чагылышып жаркырап көрүнүп туруучу асман телосу». *Ай* нуру бизге төгүлдү, Алтыным ашчы көңүлдү (элдик ыр) деген мааниси менен «Жылдын он экиден бир бөлүгүн көрсөтүүчү мезгил» (январь *айы*, февраль *айы* ж.б.) деген экинчи мааниси да жакындык байланыштан келип чыккан. Анткени жылдын айларга бөлүнүшү Ай планетасынын улам жаңырып көрүнүү мезгилине негизделген.

Жер жана башка планеталар тегерегинде айланып жүрүүчү, жылуулук, жарык таратуучу асман телосун туюнтуучу Күн деген сөздөн жакындык ассоциациянын негизинде төмөнкүдөй дагы бир нече маанилер келип чыккан:

1.Эртеден кечке чейинки сутканын бир бөлүгү. (Кун узара баштады); 2.Сутка, 24 саатты ичине алган мезгил (январь айы 31 күн), 3.Жалпы эле убакыт, мезгил, учур «Күлүк күнүндө, тулпар тушунда» (макал); 4.Өмүр, жашоо, тиричилик, турмуш. «Балыктын күнү көл менен, жигиттин күнү эл менен» (макал); 5. Белгилүү окуяга арналган дата (1-Май - эмгекчилердин эл аралык күнү); 6.Аба ырайы, жаан- чачын. «Күн бүркөк, себелеп жаап турат» (К. Б.). «Күүгүм кире күн дыбырап жаап кирди» (Н. Б.)

Жибек – 1.Тыт жыгачынын жалбырагы менен азыктанган курттардан өндүрүлүп алынуучу жылмакай була, жип (келеп *жибек*); 2. ушул жиптен токулган кездеме *(жибек* көшөгө, *жибек көйнөк)*.

Поэтикалык метонимия да адабий чыгармада образдуулукту, экспрессивдүүлүктү бериш үчүн көркөм каражат катары айрым авторлор тарабынан колдонулуп, тилде калыптанган лексикалык метонимиядан айырмаланат: Мисалы: «Жазуучулук келечегим жөнүндө көп ойлойм. *Лермонтовду* окуп-окуп таң калам» деген А.Осмоновдун күндөлүгүнөн алынган сүйлөмдө автордун аты менен анын чыгармалары туюнтулуп жатат.

3. Синекдоха. Бир эле аттын бүтүндүн жана анын бөлүгүнүн аты катары колдонулушу **синекдоха** болот. Маселен: *баш* деген сөз «адамдын дене бөлүгүн» атоо менен бирге «адамдын өзү» деген маанини да билгизет:

1. *Баш* кесмек бар, тил кесмек жок» (макал); 2. «Баштык ичпейт, *баш* ичет» (макал). Мында биринчи мисалда *баш* адамдын дене бөлүгүн билгизсе, экинчисинде адамдын өзүн түшүндүрүп жатат. «Мал берди кудай, *башым* аз, жалгыз балам Бокмурун» (»Манас»), Биздин үй-бүлө беш *баш* эле.

Ошондой эле *көз* деген сөз «адамдын, жаныбарлардын көрүү органын» атоо менен «ошол *көздүн* ээсинин так өзү» деген маанини да билгизет. I. «Баш - акылдын кабы, *көз* - жандын айнеги» (макал). Мында көз адамдын көрүү органынын маанисинде бөлүктүн атын билгизди; 2. «*Көзү* жоктун өзү жок» (макал); *Көзү* жокто эле жамандай бериш болбойт; Саткан жерден койдун көзү таанылып,

анын уурулугу чыгып калды; Уурдалган буюмдун *көзү* табылды. Кийинки мисалдарда *көз* адамдын, малдын, буюмдун өзүн - бүтүндү билгизип жатат.

Дагы бир нече мисал келтирелик: *Алма* – 1 мөмө жыгачы. «*Алма*, өрүгү көтөрө албай мөмөсүн, денин жыйып жүгүнгөнүн көрөсүң» (А.Т.); 2. ушул жыгачтын мөмөсү. «Көмкөрүлгөн чыныдай кызыл *алма*, Чөмүлгөнсүң жыпарга кайсы жайда» (Т.Ү). Мында бүтүндүн аты да, бөлүктүн аты да *алма* аталып жатат.

Туяк - 1. малдын бутунун жерди басуучу мүйүздүү бөлүгү. «Чоңтору чарадай *туяктары* менен. . . каражолду тап-тап басат» (Т. С.); 2. Малдын өзү. Анын анча-мынча майда *туягы* бар. 3. «бала, эркек бала» деген өтмө мааниде да колдонулат. Мисалы, Жеңижоктун «Балам жок» деген ырында:

«Аргымак жалы кайрылса,
Арман эмей эмине.
Артында туяк калбаса,
Арман эмей эмине.
Тобурчак жалы кайрылса,
Арман эмей эмине.
Өзүндөн туяк болбосо,
Күйүт эмей эмине».

Бул ырда да *туяк* деген бөлүктүн аты бүтүндүн аты катары колдонулду. Эми жалпынын аты жекенин аты катары колдонулушуна мисал келтирели: *куш* - жалпы эле канаттуулардын аты. Үй *куштары*. Суу куштары. Сайроочу *куштар*. Кекилик, чил сыяктуу илбээсиндерди алуучу жырткыч канаттуу. «Мүнүшкөр болгон адамга. Алгыр чыккан *куш* жакшы» (К. Ж.) «Карчыганын ургаачысы» деген маанини да билгизет. «*Куш* - ургаачы, чүйлү - эркек - бир уянын баласы» (фольк.).

Синекдоханы метонимиянын өзгөчө түрү катары караган пикирлер да бар. Чындыгында эле метонимияда да, синекдохада да өз ара жакын түшүнүктөр бирдей ат менен аталат. Бирок метономиядагы жакындык, мейкиндик, мезгилдик жана логикалык байланышка негизделсе, синекдохада жакындык бүтүн менен бөлүктүн, жалпы менен жекенин ортосундагы байланышка негизделет. Ошондуктан синекдоха метонимиядан ажыратылып, полисемиянын өзүнчө тиби катары каралат.

ОМОНИМДЕР

Кыргыз тилинде тыбыштык жактан бирдей болуп, бирок ар башка маанилерди билдириши жактан көп маанилүү сөздөргө окшош көрүнүш — омонимдер бар. Бирок бул окшоштук сырткы гана окшоштук. Көп маанилүү сөз (полисемия) менен **омонимдер** бири-биринен айырмаланышат. Полисемияда маанилердин айырмасы бир сөздүн ичинде болот да, ал маанилер бири-бирине көз каранды болуп, өз ара бир өзөккө биригишет. Ал эми омонимдер болсо, тыбыштык жактан бирдей болгон ар башка сөздөр. Алардын ортосунда азыркы учурда генетикалык жана семантикалык эч кандай байланыш жок. Же болбосо, тилибиздин өнүгүшүнүн өткөн мезгилдеринде көп маанилүү сөздөр болсо да, азыркы кезде ал маанилердин ортосундагы байланыштар үзүлүп, тилдин ээси болгон элдин эсинде сакталбай унутулуп калган. Демек, **омоним** деп бир тилдин ичиндеги тыбыштык курамы окшош, бирок мааниси ар башка сөздөрдү айтабыз.

Азыркы котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдүн бардыгында дээрлик көп маанилүү сөздөр бир сөздүк макаланын ичинде берилип, сөздүн маанилери араб цифрасы менен ажыратылат.

Аалам I. Асман мейкиндиги, андагы жалпы планеталар, жылдыздар. *«Адамдар эзелтен бери ааламга учуп чыгууну эңсешкен эле»*. 2. Бүткүл жер жүзү, дүйнө жүзү. *«Ааламга топон суу келсе, Асырап турган көп элди Көтөрүп алчу кемеге» («Семетей»).*

Ал эми омоним сөздөрдүн ар бири өзүнчө сөздүк макала түрүндө берилип, алар рим цифрасы менен белгиленет. Маселен, «кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн» (1969, 1984) омонимдерге төмөнкү мисалдарды келтиребиз:

От I *зат.* Тутанып күйүп турган газ, жалын. ... *Кызартып көлкүлдөтүп отко салып, Чоюнду саймалантып жатат курап* (Ж.Б.). 2. Жарык берүүчү приборлордун нуру, жылтылдаган жарык. *Араң гана лампочкадан Бүлбүлдөгөн от жанат* (Ж.Б.).

От II *зат.* Жашаң чөп. *«Кычан кунанды от жерге аргамжылап коюп, үйлярды жөө тосмолойт».* (Ш.Б.) 2. Жылкынын айрым үйүрү. *«Ошо күндө келбесе, От-оту менен жылкыңды Оюм менен тиемин».* («Курманбек»).

От III алакандын оту. Беттин оту. (КТТС).

Аз I Көлөм, сан ж. б. жагынан кичине, көп эмес, кемчил жагы бар, жетише бербеген.... *Жигитке жетимиш түрлүү өнөр аз* (макал).

Аз II. I. Тентүү, каңгуу, бозуп кетүү. *«Азып кетип айылдан Абаке Кошой акыры. Аман көрдум өзүңдү»* («Манас»). 2. Арыктоо, жүдөө тартып, өңүнөн, этинен түшүү, жабыгуу. *«Көптөн бери жол жүрүп, өзү биз азып калдык»* (М.Э.). 3.Жакырдануу, түгү жок кедей болуу, жардылануу. *«Азаматтын азганы - көчкөндө жөө басканы»* (макал).

Сан I *зат.* Буттун жамбаштын тизеге чейинки бөлүгү. *Буттарың буура санындай, мурдагы жаштык барында, Булкушар балбан табылбай* (Токт.).

Сан II *зат.* I.Эсеп ишин жүргүзүүгө, бир нерсенин эсебин, канча экенин көрсөтүүгө колдонулган түшүнүк. *Бүтүн сан. Так сан. Жуп сан, Бөлчөктүк сан.* 2. Газета, журналдын улам чыгып турган белгилүү кезеги, номерлери. 3. грам. Көптүктү же жекеликти билдирүүчү морфологиялык каражаттар менен берилген грамматикалык категория. *Жекелик сан. Көптук сан.* 4. Өтө көп, эсеп жеткис. . . *«Сан гүлдөн башы адашты»* (Т.С).

Сан III сан-сан болу. *«Көк дүрүйө көйнөгү , сан-сан болуп бөлүнүп»* (Эр Төштүк»).

Сан IV зат. *«Барк, атак-даңк». «Кейитермин жаныңды, кетирермин саныңды»* (КТТС).

Жар I Жубайлардын бири, аялы же күйөөсү... *«Азамат эрге табылса, Айнектей сулуу жар кызык»* (Токт.).

Жар II: Мойну жар бербөө...

Жар III. Бир жагын суу жеп же урап калган тик жер, кемер, суунун кемерленген бийик жээги, тоонун бир жагы урап калган бети... *Жаза басса ат туягы Жардан таштар куланат* (Ж.Б.).

Жар IV. Жарчы аркылуу жарыяланган, айтылган кулактандыруу, оозеки жарыя кылынган кабар. *Ошондо Көкөтөйдүн Бокмурун, Калкка жарын угузду* ("Эр Төштүк"),

Жар V 1. Жыгачты, кандайдыр бир башка нерселерди бөлө чаап ажыратуу, жаракалоо, чаап, уруп, бөлүктөргө бөлүү. *«Чоң балта менен килейген бир дүмүрдү жарып кирди»* (Н.Б).

2. Айыра чабуу, айрылган, тилинген абалга келтирүү. *«Тоголотуп тепкилеп, Жара чапкан бетти деп* (Тог.).

3. Талкалоо, жарылуучу заттарды колдонуу менен бузуу, кыйратуу... *Кара зоону как жарып, Түбү менен оодарып* (Калык).

4. Дал ортосунан бөлүп кирүү, аралап өтүү. *«Алда кайдан үркөн жылкы көчөнү как жара тобу менен дүрбөп өттү* (Ч.А.).

5. Абдан белгилүү болуу, кеңири тароо (көбүнчө атак-даңк жөнүндө)... *Атагы чыгып жер жарып, Алышкан жоону жеңелик* («Эр Табылды»).

Омонимдер маанилери боюнча жана чыгыш теги боюнча эч байланышы жок сөздөрдүн тыбыштык жактан кокусунан дал келип калышынан да жана полисемиянын бузулушунун натыйжасында да келип чыгат.

Омонимдердин пайда болуу жолдору

Омонимдердин пайда болуу себептери ар түрдүү. Кыргыз тилинде омонимдер негизинен төмөнкү жолдор менен пайда болот:

1. Башка тилдерден кабыл алынган сөздөр менен кыргыздын төл сөзүнүн же башка тилден кирип, кыргыз лексикасында мурдатан колдонулуп жүргөн сөздөрдүн тыбыштык жактан окшошуп калышынан омонимдер пайда болот. Мисалы:

Аба I. Ага, байке, жалпы эле өзүнөн улуу эркек адамдарга кайрылганда айтылуучу сөз. Бекбай абабыз кары киши (Ж.М).

Аба II. Көбүнчө азот менен кислороддун кошундусунан туруп, жердин атмосферасын түзүүчү газ сыяктуу зат.

Айран I. Сүттөн уютулуп жасалган тамак . Айран ичкен кутулду, челек жалаган тутулду (макал).

Айран II. Таң калгандык, аң-таң болгондук. Айткан кеби орунсуз, Адам айран ишине (Тог.).

Айт I. Өзүнүн оюн сөз менен түшүндүрүү, бир нерсе жөнүндө баяндоо, сүйлөө. Алды менен билип алып, анан айт (Ч.А.).

Айт II. Ислам дининдеги элдердин жылына бир жолу өткөрүлүүчү майрамы. Айттын болгонунан болоту кызык (макал).

Бал I. Ширелүү өсүмдүктөрдөн аарылар аркылуу иштелип чыгылган, сары-гыч түстөгү илээшкек коюу таттуу зат. Кумшекер, каймак, бал менен Дасторкон кенен жайышкан (М.Т.).

Кез I. Белгилүү бир учур, мезгил, маал. Кедейлер сага сөз келди, айта турган кез келди (Тог.).

Кез II. Узундугу 0,71 метрге туура келген өлчөм, чен. «Үч кез дубалы мыктап салынган бак-даракту короолор биздики» (Ч.А.)

Кез III. Ааламды кыдыруу, жер арытуу. Дүйнөнү кез.

2.Фонетикалык деформациянын натыйжасында, башкача айтканда, мурун тыбыштык көрүнүшү ар башка болгон сөздөр фонетикалык жактан өзгөрүүнүн негизинде омонимдерге айланат. Мисалы:

Буу I. Суу ж.б. суюктуктар ысыганда, кайнаганда же тердегенде денеден бөлүнүп чыккан газ, газ сыяктуу зат; «Көбүнчө пилла түрүүчү цехтерге ысык суу жана буу дайыма керек» (С.С.).

Буу II. Бир нерселердин оозун, эки учун бекитип байлоо. Каптын оозун буу.

Жаа I. Дого сыяктуу ийилип, эки башы кайыш же жип менен кере тартылып, жебе менен агууга ылайыкталган курал. Жаа атуута ыктуусуң, Төштүк. Мергендик жакка шыктуусуң, Төштүк («Эр Төштүк»).

Жаа II Жамгыр, кар, мөндүр түшүү. Жаа, жаа, жамгырым, жумшарт эгин тамырын (А.О.).

Аяк I. Бут. Аяк талды.

Аяк II. Жыгачтан тегерек оюп жасалган идиш. *«Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет»* (макал).

3.Полисемиянын өнүгүшүнүн түпкү натыйжасынан, башкача айтканда, көп маанилүү сөздөрдүн айрым маанилеринин бири-биринен алыстап, өз ара байланышы үзүлүп калган түшүнүктөрдү берип калышынан же конверсия процессинин натыйжасында өзүнүн морфологиялык курамын өзгөртпөстөн туруп эле, башка сөз түркүмүнө өтүү менен да омонимдер пайда болот. Алсак, төмөнкү омонимдик катарлар мурунку жалпы маанилердин ажырап кетишинен пайда болгон:

Көк I. Көгөргөн түс - сын атооч. Көк асман. Көк шибер.

Көк II. Асман - зат атооч. «Көктөн жалгыз жылдыз учту» (Ч.А.) Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт (макал).

Көк III. Малдын чылгый терисинен тилинип алынган ичке кайыш тасма – зат атооч. Кереге көктөөчү көк.

Көк IV. Жашыл чөп, от – зат атооч. «Жаңыдан көк кылтая баштаганда аба тазара түшкөн» (Т.С.).

Көк V. Өз билгенин бербеген, айтканынан кайтпаган, өжөр, кежир – сын атооч. Айткан кебин бербеген, Адамдан башка көк болот (Тог.). Эр болсоң көк бол, сөзүңө бек бол (макал).

Кош I. Эки түгөй, жуп, эки даана - сын атооч. Кош ооз мылтык. Кош колдоп учурашты. Коркконго кош көрүнөт. (макал).

Кош II. Бир нерсеге кошумча кылуу, көбөйтүү, бириктирүү – этиш. Экиге экини кош. «Кысталганда Мендиштин акылына акыл кош» (К.Ж.).

Кош III. Соко, соконун унаасы, шайманы, жер айдоо – зат атооч. «Алайда кыш узак болот да, кош кеч чыгат» (К.Ж.). Жалгыз өгүз кош болбойт, жаакташкан дос болбойт. (макал).

Кош IV. Арабага, сокого өгүздү, атты чегүү - этиш, *«Араба кошуп, ат айдап, кандайсың буудай тартканга»* (О.Б.).

Кош V. Бирөөнүн иши, кыял-жоругу, турмушу ж.б. жөнүндө жамактап айтып ырдоо, ыйлоо – этиш. *«Султаным атам өттү деп, үйүңдө кошуп ким калат»* (К.Ж.).

Ач I. Тамак ичпеген, наар албаган, ачка – сын атооч. *«Курсак ач, кийим жыртык, ... балдар шекер деген эмне экенин билбейт»* (Ч.А).

Ач II. Ачка болуу, курсагы ачуу - этиш. *«Курсактары ачса, аны да сезишпеди»* (Т.С.).

4. Морфологиялык каражаттар да омонимдердин пайда болушунда чоң мааниге ээ. Атап айтканда, уңгу түрүндө турганда бири-биринен айырмаланган

сөздөрдөн сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен жаңы маанидеги сөз жасалганда, тышкы формалары жагынан окшошуп, омоним сөздөр чыгып калат. Маселен, ач- жана ачы- деген башка уңгудан -ын мүчөсүнүн жалгануусу менен ачын I «жамынчысы ачылып калуу, ачык жатып калуу» деген (жуурканын ачынды) жана ачын II «ызалыктан, ачуусу келгендиктен жаалдануу, жанына батуу» деген (Жаны ачынгандын жанына барба – макал) омоним сөздөр пайда болду.

Ошондой эле, кары- жана карга – деген сөздөрдүн биринчисине -ган, экинчисине -ын мүчөлөрүн жалгоо менен карган I «кары, картайган, улгайган» (карган киши) жана карган II «актыгын, айыптуу эмес экендигин билдирүү же актануу иретинде өзүнө карата каргыш айтуу» (Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат - макал) деген омонимдердин жаралганын көрөбүз.

Жылы- жана жыл- деген этиштерден жылуу I «муздак эмес» *(Жылуу суу. Күн жылуу болду)*, жылуу II «ордунан козголуу, акырын кыймылдоо» (Артка жылууга болбойт) деген омонимдер жасалган.

Омонимдерди пайда кылуучу мындан башка себептер, жолдор да болушу мүмкүн. Биз жогоруда негизгилерине гана токтолдук.

Омонимдердин түрлөрү

Кыргыз тилиндеги бири-бири менен омонимдик катышта болгон сөздөр морфемалык курамы жагынан да, грамматикалык формалары жана сөз түркүмдөрүнө тиешелүүлүгү боюнча да бирдей эмес. Жалпысынан омонимдик катарды түзгөн сөздөрдү төмөнкүдөй айрым белгилерине карата бир нече топторго бөлүп көрсөтүүнү ылайык көрөбүз.

I. Морфемалык курамы боюнча омонимдер тубаса жана туунду болуп бөлүнөт.

1. Тубаса омонимдер. Буга тилибиздин өнүгүшүнүн азыркы абалында уңгу жана мүчөгө ажыратууга мүмкүн болбогон омонимдер кирет. Мисалы:

Аз I. *Аз болсо да, саз болсун (макал).*

Аз II. *Өңдөн аз.*

Без I. *Эттин бези.*

Без II. *Бекерчиден безе кач (макал).*

Үй I. *Балалуу үй базар, баласыз үй мазар (макал).*

Үй II. *Чөп үй ж.б.*

Бир муундуу сөздөрдөн болгон омонимдердин көпчүлүгү дээрлик тубаса омонимдер болушат.

2. Туунду омонимдер. Мындай омонимдерди морфемалык бөлүктөргө бөлүүгө болот. Мисалы:

Жарык I. *(жар+ык). Жердин жарыгынан чыга калгандай.*

Жарык II. *(жары+к). Бир үйдүн жарыгы бир үйгө түшпөйт (макал).*

Курак I. *(кура-к). Курак төшөк. Курак туш кийиз.*

Курак II. *(кур-ак). Алтымыш менен жетимиш - абышканын курагы.*

II. Өз ара бири-бирине омоним болгон сөздөр сөз түркүмдөрүнө тиешелүүлүгү боюнча, демек, грамматикалык формалары боюнча да ар түрдүү.

1. Бир грамматикалык-семантикалык категорияга (бир сөз түркүмүнө) тиешелүү болуп, тыбыштык жактан бардык сөз формалары боюнча дал келип, лексикалык жактан гана айырмаланган омоним сөздөр лексикалык толук омонимдер болот. Маселен, конок I «мейман», конок II «таруу сыяктуу майда дандуу кара эгин» жана конок III «көздүн сезгенишинин натыйжасында каректи басып калган кичинекей ак чел» деген сөздөр бир сөз түркүмүнө – зат атоочко тиешелүү бардык грамматикалык формалары (жөндөмө, таандык, сан) боюнча тыбыштык жактан (айтылыш жана жазылышы боюнча да) дал келишет. Дагы бир мисал:

Сыр I *(зат атооч). «Дарбазасы жашыл сыр менен сырдалган үй».*

Сыр II *(зат атооч). Көңүлдөгү сырды көз билет (макал).*

Сыр III *(зат атооч) – «сүт продуктысынын бир түрү».*

2. Ар башка сөз түркүмүнө тиешелүү болгон жана айрым гана грамматикалык формаларында (көпчүлүк учурда бир гана сөз формасында) тыбыштык жактан бири-бирине дал келип, калган формалары боюнча тыбыштык жактан туура келбеген омонимдик катарлар **толук эмес омонимдер** болушат. Мындай омонимдерди омоформалар деп да аташат.

Маселен, кой I деген зат атооч менен кой II деген этиштин түп уңгу түрүндөгү формалары, ошондой эле зат атоочтун жекелик сандагы табыш жөндөмө формасы *(койду бак)* менен этиштин жекелик сандагы айкын өткөн чак формасы *(китепти столго койду)* гана омоним болуп, зат атоочтун башка сөз формалары *(койдун, койго, койдо, койдон, коюм, коюң, койлор ж.б.)* менен этиштин сөз формалары *(койгон, коёт, коёмун, коёсуң, коюшат, коюп ж.б.)* омоним боло алышпайт.

Кыргыз тилинде омонимдик катарлардын көпчүлүгүн ар башка сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөр түзөт. Мисалдар келтиребиз:

Кара I *(этиш) «Жигит айтты: тике кара көзүмө. Ишенбеймин, ишенбеймин сөзүңө»* (Т.Ү.).

Кара II *(сын атооч). «Үйгө кирди, алды кара шамшарды, Сөзгө келбей, эне кардын аңтарды»* (Т.Ү.)

Ал I *(ат атооч) «Ал олуялар бар экенине ишенчү эмес* (М.Б.)

Ал II *(этиш). «Бир сом берсем уят, үч сом ал дейин»* (М.Б.)

Тоң I *(зат атооч). Жерге тоң түштү.*

Тоң II *(этиш). Күн караган суукка тоңот, бай караган ачтан өлөт. (макал).*

Той I *(зат атооч). Көп менен көргөн той (макал).*

Той II *(этиш). Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт (макал).*

Ой I *(зат атооч). Ой – сөздүн сандыгы (макал).*

Ой II *(зат атооч). «Ой-тоо бүт карга чулганган».*

Ой III *(сырдык сөз). «Ой, сен кайдан чыга калдың?»*

Ой IV *(эташ). Кашык ой. Шырдак ой.*

Бак I *(зат атооч). Жемиш багы. Алма бак.*

Бак II *(зат атооч). Майданда жүргөн жериңде, бак консун сенин башыңа (фольклор)*

Бак III *(этиш) Эсиң кетсе, эчки бак* (Токт.).

Толук жана толук эмес омонимдерден омографтарды жана омофондорду айырмалай билүүбүз керек. Жазылышы бирдей, бирок айтылышы жактан айырмаланган сөздөр омографтар[1] деп аталат. Мисалы:

Карта I.Жылкынын майлуу жоон ичегиси. *«Семиз тай союлуп, казанга казы менен карта толтура салынган»* (К.Ж.).

Карта II Жер бетинин кагазга түшүрүлгөн чиймеси. *Географиялык карта. Жер шарынын картасы.*

Бак I Бир түп же көп жыгач. *Бак тикти. «Бак ичи кызыл-тазыл гүлгө оронгон»* (А.Б.).

Бак II Суюктук куюлуучу темир идиш. *Бензин куюлган бак.*

Арка I Дененин арт жагы, жон жагы, омурткалар турган бөлүгү. *«Ат аркасын суутуп, эки-үч күн туралы!»* («Олжобай менен Кишимжан»).

Арка II Архитектуралык термин. Эки дубалдын же эки таянычтын догого окшоп ийилип келип кошулган жери.

Бул мисалдардагы сөздөр окшош жазылганы менен, айтылышы жактан бирдей эмес. Булардын окшоштугу тилдин орфографиялык нормалары менен байланыштуу.

Айтылышы бирдей, бирок жазылышында айырма болгон сөздөр **омофондор** деп аталат. Мисалы: *Күл* – заттын күйүп бүткөндөн кийинки калдыгы. *Гүл* – өсүмдүктүн гүлү, гүлдүү – өсүмдүк. *«Шылтоо кылып, чочубасын дегенсип, Жакаңдагы кызыл гүлдөн жыттадым»* (Мид. А.). Айтылганда күл көбүнчө гүл болуп угулат.

Сулуу - өндүү-түстүү, өңү-түсү, мүчөсү келишимдүү, татынакай. *«Тунук сулуу Канышай, Он алтыда, өзү жаш»* («Курманбек»). Сулу - даны көбүнчө жем үчүн колдонулуучу дан өсүмдүгү жана анын даны. *«Жемдик арпа, сулу кампада толуп турду»* (С.С.). Оозеки сүйлөөдө экөө тең эле сулуу түрүндө айтылат.

Карындаш - эркек адамдын кичүү кыз бир тууганы. *Карандаш* - калем. Оозеки сүйлөөдө бул экөө тең карындаш болуп айтылат. Кыргыз тилинде омографтар, өзгөчө омофондор аз кезигет.

[1] Омограф — гр.homos "бирдей"+grapho "жазамын" деген сөздөрдөн.

СИНОНИМДЕР

Сырткы тыбыштык форма менен ички мазмундун ортосундагы катыш боюнча көпчүлүк учурда синонимдерди омонимдерге карама-каршы коюшат. Омонимдердеги окшоштук тыбыштык жактан болсо, синонимдерде маани боюнча окшоштук бар.

Синоним деп бир тилдин ичиндеги негизги мааниси боюнча окшош же бири-бирине өтө жакын, бирок тыбыштык курамы боюнча, ошондой эле кошумча маанилери же стилистикалык өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланган сөздөрдү айтабыз.

Кыргыз лексикасы синонимдерге өтө бай. Тилдин жалпы лексикалык байлыгы ошол тилдеги синонимдердин байлыгы менен да өлчөнөт.

Синонимдер төмөндөгүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

1.Синоним сөздөрдүн биринчи мүнөздүү белгиси болуп, жалпысынан бир гана түшүнүктү же бири-бирине өтө жакын түшүнүктөрдү билдириши эсептелет.

2.Синонимдердин экинчи белгиси - алардын тыбыштык курамы жактан ар башка болушу.

3.Сырткы формасына, тыбыштык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, синонимдердин маанилештиги алардын бир сөз түркүмүнө тиешелүү болушуна алып келет. Синонимдеш сөздөр эки башка сөз түркүмдөрүнөн кезикпейт. Мисалы: *адам – киши, асман – көк, акыл – эс, кептер – көгүчкөн, кант – шекер, шаар – калаа, аспап – курал-жарак – шайман, эл – калк –журт – калайык, эр – баатыр, арга - амал – айла* (зат атооч), *кооз – сулуу – көркөм, көйрөң – мактанчаак – желөпкө* (сын атооч); *адаш - жаңыл, сама - дегде – эңсе, кубан - сүйүн* (этиш); *илгери – мурун, башка – бөлөк, айрыкча - башкача – бөтөнчө – өзгөчө – бөлөкчө, бат - тез - дароо -ылдам – чапчаң – заматта* (тактооч); *сыяктуу - шекилдүү, чейин - дейре, тууралуу – жөнүндө* (жандооч) ж.б.

4.Синоним сөздөрдүн семантикалык жактан окшоштугу жана грамматикалык жактан бир категорияга (бир сөз түркүмүнө) тиешелүүлүгү алардын синтаксистик бирдей функцияны аткарышын шарттайт, б.а. сүйлөмдүн бир мүчөсүнүн милдетин аткарат.

Бирок синонимдер бир түшүнүктү билдирип, бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгону менен, алар бири-биринен ар биринин өзүнө тиешелүү кошумча маанилери, колдонулуш чөйрөсү, стилистикалык өзгөчөлүгү, башка сөздөр менен болгон айкашуу мүмкүнчүлүгү боюнча айырмаланышат. Маселен, *сулуу – өңдүү – түстүү – чырайлуу – кооз – көркөм - көрктүү* деген сын атоочтор - сулуулукка, кооздукка, көркөмдүккө байланыштуу түшүнүктү билгизген маанилери жакын сөздөр. Булардын ичинен *сулуу* деген сөз *сулуу кыз, сулуу келин, сулуу жигит,*

сулуу жылкы, сулуу куш, сулуу жер болуп, адамга да, айбанга да, канаттууга да, жер, сууга да тиешелүү сапатты билгизип, семантикалык жактан кеңири колдонуш чөйрөсүнө ээ болсо, *өңдүү-түстүү, чырайлуу* деген сөздөр негизинен адамга гана тиешелүү сапатты туюнтат. Ал эми *кооз, көркөм, көрктүү деген сөздөр кооз чымчык, кооз сайма, кооз жасалга, көркөм адабият, көркөм чыгарма, көркөм, көрктүү кийим болуп,* адамдан башка жандуу, жансыз заттарды, абстрактуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр менен гана тизмектеше алат.

Адам, киши деген сөздөр мааниси жана колдонулушу жактан негизинен бирдей болуп, бирин-бири алмаштыра ала тургандыгына карабастан, *адамзат, адам баласы, адам ата болуп айтылат да, кишизат, киши баласы, киши ата* болуп колдонулбайт.

Ошондой эле, *көтөрүп турган асманың болсо, ташпап жибер!* деген сөз айкашындагы асман деген сөздү ага синонимдеш көк деген сөз менен алмаштырып, *көтөрүп турган көгүң болсо, ташпап жибер!* деп айтууга болбойт. *Тескерисинче, Төбөсү ачык көк урсун!* деген эски антты *Төбөсү ачык асман урсун!* деп өзгөртүп колдонууга мүмкүн эмес.

Демек, синоним сөздөрдү дайыма эле биринин ордуна экинчисин колдоно берүүгө болбойт. Ар кандай синоним болгон сөздүн өзүнө тиешелүү кошумча мааниси болот. Ошондуктан синоним сөздөрдү өз орду менен колдонуу керек.

Эгер синоним сөздөр кошумча мааниси боюнча бири-биринен айырмаланбаган болсо, анда тилде алардын ичинен бирөө гана калып, калганы колдонулуудан чыгып калар эле. Маселен, 30-жылдары Орус тилинде, ошондой эле кыргыз тилинде да, *аэроплан, самолёт* деген сөздөр бирдей колдонулган болсо, кийин *аэроплан* колдонулуудан чыгып калды да, тилде ал түшүнүктүү *самолёт* гана жеке ээледи.

Бир эле көрүнүштү, нерсени, сапатты, кыймыл-аракетти ж.б. туюндурууда өз ара катышта болгон сөздөрдүн тобу синонимдик катар деп аталат. **Синонимдик катар** эки сөздөн да жана андан көп сөздөрдөн да турат. Мисалы: *адам–киши, адаш-жаңыл, ажыра–айрыл, азыр–эми, айлан–тегерен – эки сөздөн, бой–тулку – дене, иш–кызмат – жумуш,. доомат–милдет – док – үч сөздөн, атак– даңк–мартаба–даража – төрт сөздөн, бет–жүз–ирең– өң–ажар–дидар*–алты сөздөн туруп синонимдик катарларды түздү.

Синонимдик катарлардын курамы ачык болушат, башкача айтканда, өз ара синонимдик катышта болгон сөздөрдүн саны туруктуу эмес, алар жалпы эле тилдин лексикалык өнүгүш процессине жараша өзгөрүлүп, толукталып турушу мүмкүн.

Синонимдер полисемия кубулушу менен тыгыз байланышта болот. Полисемиянын ар башка маанилери ар башка сөздөр менен синонимдик катарды түзө

алат. Мисалы: *аалам деген сөз* «бүткүл жер жүзү, дүйнө жүзү» деген мааниде *дүйнө, жер жүзү, дүйнө жүзү, жаан* деген сөздөр менен синонимдик катарды түзсө, «асман мейкиндиги, андагы жалпы планеталар, жылдыздар» деген мааниде космос деген сөз менен синоним болот.

Ат деген сөз «адамга энчиленип берилген ат» маанисинде ысым, «жер -сууга, мекемеге, газета-журналдарга ж.б. берилген ат» маанисинде наам деген сөздөр менен синонимдик катарда болсо, *«элге белгилүү болуу, таанылуу»* маанисинде *атак, даңк, даңаза* деген сөздөр менен синонимдик катарды түзөт. *«Атың чыкпаса, жер өрттө», «Жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска»* деген макалдарда ат энчиленген ат, ысым, наам эмес, атак, даңк, даңаза жөнүндө айтылып жатат. Мындан ар кайсы сөздөрдүн, сөз топторунун өз ара лексикалык байланыштарынын, катыштарынын татаал жана ар түрдүү экендигин көрүүгө болот жана бул көрүнүш лексикалык системалуулуктун мыйзам ченемдүү көрүнүшү болуп эсептелет.

Синонимдердин пайда болушу

Кыргыз тилиндеги синонимдер негизинен төмөндөгүдөй жолдор менен пайда болот:

1. Синонимдердин пайда болушунда негизги булактардын бири болуп кыргыздын төл сөздөрү эсептелет. Кыргыздын айрым төл сөздөрү уңгу түрүндө туруп, бири-бири менен синонимдеш болот. Мисалы: *эр-баатыр, эп-ык, кек-өч, бут-аяк, тамак-аш, чий-сыз, чал-абышка-карыя, алыс-узак-ыраак, калп-жалган* ж.б.

2. Сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу синонимдер түзүлөт. Мындай туунду синонимдер кыргыз тилинде эки түрдүүчө кездешет:

а) Бир уңгудан маанилеш мүчөлөрдүн жалгануусу менен синоним сөздөр жасалат. Мисалы: *-лык жана -чылык тынчтык-тынччылык, жаштык-жашчылык, жолдоштук–жолдошчулук, мүмкүндүк–мүмкүнчүлүк, жоктук–жокчулук, эсендик –эсенчилик* ж.б. *-сыз жана бей- мүчөлөрүнүн жалгануусу менен: күнөөсүз-бейкүнөө, камсыз-бейкам, адепсиз-бейадеп, убаксыз-бейубак, капарсыз-бейкапар ж.б. -чы жана кер кызматчы- кызматкер, жумушчу-жумушкер, пахтачы-пахтакер* ж.б.

б) Ар башка уңгулардан бирдей мүчөнүн жалгануусу менен да синонимдер түзүлөт. Мисалы: *-чы кароолчу–күзөтчү, жүргүнчү–жолоочу, аңчы-мергенчи, калпычы-жалганчы, жардамчы-көмөкчү* ж.б. *-чылык* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *айырмачылык – өзгөчөлүк. -ыч* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *сүйөнүч-таяныч-жөлөнүч, кубаныч–сүйүнүч. -чаак* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *эринчээк–ышынчаак. -лык* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *зордук-зомбулук, ооздук -суулук.*

-ла мүчөсүнүн жалгануусу менен: *далдала–калкала. -ыш* мүчөсүнүн жалгануусу менен: *айкалыш–кучакташ, бурулуш–имерилиш* ж.б.

3. Адабий тилдин жардамчы булагы болгон жергиликгүү диалектилер да синонимдерди түзүүдө белгилүү мааниге ээ. Бир эле буюмду, түшүнүктү жергиликтүү диалектилерде, говорлордо адабий тилден башкача атоонун натыйжасында тилдин сөздүк курамында синонимдер пайда болот. Мисалы: *чака* (ад.) - *челек, пакыр* (түшт.д.), *жумуртка* (ад.) *-тукум (түшт.д.), уй (ад.) - сыйыр* (түшт.д.), *жоолук* (ад.) - *оромол* (түшт. д.), *темене* (ад.) - *жувалдыз* (түш.д.), *бал* (ад.) - *асел* (түшт.д.), *кычкач* (ад.) - *лакшегер - аташкурөк* (түшт.д.) ж.б.

4. Кыргыз тилиндеги синонимдердин пайда болушунун негизги булактарынын бири башка тилдерден кирген сөздөр болуп эсептелет. Башка элдердин тилдеринен кирген сөздөр кыргыздын кээ бир сөздөрү менен маанилеш келип, алар менен параллель колдонулуп, синонимдерди түзөт. Мисалы: *адам* (ар.) - *киши* (төл), *асман* (ир.) - *көк* (төл), *калк* (ар.) - *эл, журт* (төл), *аял – зайып* (ар.) - *катын* (төл), *акыл* -(ар.) - *эс* (төл), *нан* (ир.) - *токоч* (төл), *кеп* (ир.) *-сөз* (төл), *кептер* (ир.) — *көгүчкөн* (төл), *пешене* (ир.) *маңдай* (төл), *кожоюн* (ор.) - ээ (төл), *диктант* (ор.) — *жат жазуу* (төл), *разведчик* (ор.) – *чалгынчы* (төл) ж.б.

Кыргыз тилине башка тилден кабыл алынган сөздөр өз ара синонимдерди түзүшү да мүмкүн. Мисалы: *шекер* (ар.) - *кант* (ар.), *аэроплан* (ор.) - *самолет* (ор.), *врач* (ор.) – *доктор* (ор.), *кирпич* (ор.) - *кыш* (ир.), *мугалим* (ар.) – *педагог* (ор.) ж.б.

5. Кыргыз тилинде жеке сөздөгү синонимдер менен катар фразеологиялык айкаштардан түзүлгөн синонимдер да бар. Мисалы: *Кылдан кыйкым табуу - жумурткадан кыр чыгаруу; Күлүн көккө сапыруу - ташын талкан кылуу - тополоңун тоз кылуу; эгиз козудай - союп каптап койгондой - эки тамчы суудай; ашкан чебер — колунан көөру тогүлгөн;* ж.б.

Фразеологиялык синонимдер жеке сөздөгү синонимдерден бири-биринен ажырагыс бир нече сөздөрдүн туруктуу айкашынан тургандыгы менен айырмаланат. Бул айкаштардын жардамы менен бир эле ойду, түшүнүктү ар түркүн кылып, көркөм, эмоциалдуу, экспрессивдүү, образдуу кылып берүүгө болот.

Фразеологиялык айкаштар өз ара да жана жеке сөздөр менен бирге да бир синонимдик катарды түзөт. Мисалы: *бат-тез-дароо-ылдам-чапчаң-көз ачып жумганча-бир заматта-алеки заматта-каш-кабактын ортосунда- айта-буйта дегиче; сүйүнүү-кубануу-маңдайы жарылуу- кубанычы койнуна батпоо-жүрөк жарылуу-төбөсү көккө жетүү-чечекейи чеч болуу; өкүнүү-бармак тиштөө-оозун кармоо; калп -жалган -беш өрдөгүн учуруу* ж.б.

6. Тилибизде синонимдердин пайда болушуна эвфемизм, табу, тергөө сөздөр да себепчи болгондугун көрөбүз.

Чөйрөгө, шартка ылайыксыз айрым одоно, осол сөздөрдү башка бир ылайыктуу, сылыгыраак сөздөр менен алмаштырып айтуу үчүн эвфемизм сөздөр колдонулат жана ал эвфемизм сөздөр өздөрү алмаштырган сөз менен биригип, синонимдик катарды түзөт. Маселен, *өлдү* деген эле түшүнүктү *дүйнөдөн өттү, дүйнөдөн кайтты, көз жумду, каза тапты, каза болду, жер жазданды, о дүйнө кетти, жан таслим болду, үзүлдү, чарчады (жаш балага карата)* деген сыяктуу эвфемизмдер аркылуу берүүгө болот. Буга мисал катары Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында *«өл»* деген түшүнүктү кандай эвфемизмдик синонимдер аркылуу берилгендигин карап көрөлүк: «Байдалыны *өлдү* деген кагаз Мырзакулдун жанында» (Бетме-бет). Көрсө Касымдын кара кагазы жарым ай мурун колхозго келген экен, Москвадан нары чабуулда, Ореховка деген кыштакта каза тааптыр» («Саманчынын жолу»), «Тотойдун күйөөсү Байдалы Сталинградда курман болду ден кагаз келген» (Бетме-бет). «Мынакей, эми согушта жүрүп, алда качан кабарсыз-дайынсыз кетип, *курман болдуң»* («Саманчынын жолу»). «Дүйшөн кардыккан, мүдүрүлгөн үн менен: -Биздин Ленин атабыз *дүйнөдөн кайтыптыр*, балдар - деп угузду» («Биринчи мугалим»).

Ошондой эле, *тууду* деген сөз *төрөдү, көз жарды, боюнан бошонду, кош колун бооруна алды; бооз* деген сөз *кош кабат, кош бойлуу, жүктүү, боюнда бар, эки кат; туубас* деген сөз *согончогу канабаган* деген сөз айкашы менен, ал эми талгак деген сөздүн орду кош көңүл сыяктуу эвфемизмдер менен берилет да, тилде синонимдерди пайда кылат.

Эвфемизмдер - тилдеги жакшы көрүнүш. Ал кебибизди жатык жана эмоциялуу кылат. Тилибиз эвфемизм сөздөргө канчалык бай болсо, кебибиз ошончолук сылык жана жагымдуу болот да, ар кандай одоно, чөйрөгө ылайыксыз нерселер жөнүндө да, ыңгайсыз абалда калтырбастан эле, жакшынакай түшүндүрүүгө болот. Буга мисал катары Коргоол ырчынын Токтогулга анын баласынын өлгөнүн угузган ырынан үзүндү келтирели:

«Жапасы күчтүү замана
Жабыркатты адамды.
Сен алыстан келгенче,
Аткардык жалгыз баланды.
Учук өтпөс ийнеден,
Уулуң Топчу жалгызды
Учурдук жалган дүйнөдөн.
Жибек өтпөс ийнеден,
Жибердик жалган дүйнөдөн.
Күлгүндү кийип кирдеткен,
Күлүктү минип тердеткен,

Күкүгүң жалгыз Топчубай
Күн тийбес сапар жол кеткен».

Бирок эвфемизмдерди билгичтик менен өз ордунда колдонгон учурда гана жагымдуу таасир берет. Эвфемизмдер адамга карата гана колдонулат. Эгер айбандарга карата *ит өлдү, бооз кой, уй тууду* дегендин ордуна *ит каза болду, боюнда бар кой, уй төрөдү* деп, эвфемизмдерди колдонсок, күлкү келерлик сандырак келип чыкмак. Ошондуктан ар бир сүйлөөчү өз кебине өтө дыкаттык менен мамиле кылып, сөздөрдү орду менен колдоно билүү жогорку маданияттуулуктун белгиси болуп эсептелет.

Тилдеги эвфемизм сөздөргө жакын дагы бир көрүнүш - **табу**. Мифологиялык, диний ишенимдердин, ырым-жырымдардын натыйжасында айтууга, колдонууга тыюу салынган сөздөр табу болот. Табу экономикалык, маданий, дүйнө таануу деңгээли төмөн болгон элдердин тилинде көп учурайт. Кыргыз тилинде бул көрүнүш жокко эсе. Айрым гана улгайган адамдардын кебинде кээ бир жугуштуу ооруларды өз аттары менен атабастан, башкача атагандарын байкоого болот. Мисалы, *чечек дегендин ордуна улуу тумоо, чоң жарыктык, баягы жарыктык, баягы* деген, *чыйкан* дегендин ордуна *сыздоок* деген, *келте* дегендин ордуна *кара тумоо* деген, *кызылча* дегендин ордуна *кызамык* деген сыяктуу сөздөрдүн колдонулушу табу болуп эсептелет. Ошондой эле айрым жырткыч айбандарды да табу аркылуу атаган учурлар бар. Мисалы, малчылар көп учурда *бөрү, карышкыр* дегендин ордуна *ит-куш* деген табуну колдонушат. Мында да тыюу салынган сөздөр менен алардын ордуна колдонулган сөздөр синонимдик катарды түзөт.

Тергөө сөздөр дайыма эле орундуу колдонула бербейт экен. Акындар аларды мыскылга алып, ыр да жазып жүрүшөт.

Кош сөздөрдүн түзүлүшүндө синоним сөздөрдүн мааниси чоң. Алсак, төмөнкүдөй кош сөздөр жалаң синоним сөздөрдүн эсебинен түзүлгөн: *ар-намыс, аман-эсен, акыл-эс, кайгы-капа, эл-журт, кайгы-муң, курбу-курдаш, тамак-аш, жарды-жалчы, оору-сыркоо, бөлөк-бөтөн, куч- кубат, кылык-жоруk* ж.б. Синонимдеш кош сөздөр жөн эле катар келип айтылбастан, бири экинчисинин маанисин толуктап, жалпылоо, жамдоо идеясын билдирет.

Синонимдердин бөлүнүшү

Айрым окуу китептеринде, окуу куралдарында синонимдердин өзүнчө түрү катары **толук же абсолюттук синонимдер** деп да бөлүштүрүп жүрүшөт. Бирок тилибиздеги синонимдик катарды түзгөн сөздөрдү карап көрсөк, алардын дээрлик бардыгы тең эле бир түшүнүктү билдирип, бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгон

менен, биринин ордун бири дайыма эле алмаштыра албай тургандыгын байкоого болот. Синонимдеш сөздөр өз ара бири-биринен кандайдыр бир кошумча мааанилеринин (оттенокторунун), эмоционалдык-экспрессивдүүлүк түсүнүн болушу менен, кептин тигил же бул стилине тиешелүүлүгү, тилде колдонулуу даражасы боюнча жана башка сөздөр менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө жараша айырмаланышат. Тилде синонимдердин жашашынын негизги себеби да ушул болуу керек. Эгерде синоним болгон сөздөр абсолютуу түрдө бирин-бири алмаштыра ала турган болсо, анда ал тилде артыкбаштыкты түзүп, бири экинчисин сүрүп чыгарып коюшу мыйзам ченемдүү болмок. Демек, синонимдерди түрлөргө бөлүштүрүүдө абсолюттук синонимдер жөнүндө эмес, семантикалык-стилистикалык синонимдер жөнүндө сөз кылуу жөндүү болчудай.

1. Семантикалык синонимдер. Жалпы түшүнүгү бир болгон менен кошумча мааанилери жактан айырмаланган сөздөр семантикалык синонимдер болушат. Мисалы, *мугалим - окутуучу - педагог* деген синонимдик катарды алсак, мугалим көбүнчө «мектептерде сабак берген адис» маанисинде колдонулса, *окутуучу* «атайын жана жогорку окуу жайларында сабак берген адис» маанисинде колдонулат. Ошондой эле окутуучу «устат, үйрөтүүчү» деген өтмө мааниде да колдонулат. Мисалы: «Токтогул жалаң гана улуу акын, композитор болбостон, улуу *окутуучу* да болгон» (Ж.Б.). Педагог жогорку экөөнүн тең маанисин өз ичине камтып, «окутуу жана тарбиялоо иштерин кесип кылып алган адам» катары кеңири маанини берет.

Жамгыр - жаан деген синоним сөздөр жалпысынан «майда тамчы түрүндө асмандан түшкөн суу» деген бир түшүнүктү берсе да, жамгыр кара деген сын атооч менен айкашып, кара жамгыр болуп, «чоң-чоң тамчы түрүндө шатырата катуу жааган жамгыр» деген мааниде колдонулса, жаан ак деген сын атооч менен айкашып келип, ак жаан түрүндө «майдалап акырындан жаап отуруп узакка созулган жамгыр» маанисинде колдонулат.

Эшик - каалга деген синонимдеш сөздөрдүн жалпы мааниси «үйгө, короого кирүүчү жердеги ачылып-жабылын туруучу эшик» маанисинде эшик ачылды, эшик жабылды, эшиктин туткасы жана каалга ачылды, каалга жабылды, каалганын туткасы болуп, биринин ордун экинчиси алмаштыра алган менен, эшик каалгадан айырмаланып, «үйдүн сырты, айлана-тегеректеги» деген маанини да берет. Ошондуктан *«Мен эшикке чыктым», «Эшикте кишилер жүрөт»* деп айтылат да, *«Мен каалгага чыктым», «Каалгада кишилер жүрөт»* деп айтылбайт.

Синонимдик катышта болгон сөздөрдүн ортосундагы семантикалык айырмачылык дайыма эле ачык сезиле бербейт. Көпчүлүк учурда алардын айырмачылыктарын кеңири контекстик курчоодо гана аныктоого болот.

2. Стилистикалык синонимдер. Буга семантикалык маанилери бирдей, бирок кептин тигил же бул стилине тиешелүүлүгү же эмоционалдык экспрессивдүүлүк түскө ээ болушу менен бири-биринен айырмаланган синонимдик катардагы сөздөр кирет. Мисалы: *кичине-кичинекей-тырмактай-кенедей-кымындай-мыйтымдай-быйтыкый* деген синонимдик катарды алсак, жалпысынан «көлөмү, саны, салмагы чоң эмес, аз санда» деген түшүнүктү билдирет. Булардын ичинен кичине бейтарап абалда болуп, бардык стилде бирдей колдонулат. Кичинекей, тырмактай кенедей-кымындай өтө кичирейтүү оттеногун берип, көркөм адабиятта көбүрөөк колдонулса, мыйтымдай, быйтыкый эркелетүү маанисин берип, оозеки кепке тиешелүү болот.

3. Семантикалык-стилистикалык синонимдер. Синонимдик катардагы сөздөр өз ара бири-биринен семантикалык кошумча маанилери боюнча да, ошондой эле стилистикалык мүнөздөрү боюнча да айырмаланган семантикалык-стилистикалык синонимдерге кирет. Мисалы, *даамдуу-таттуу-ширин-ширелүү* деген синонимдик катардагы сөздөрдү алсак, лексикалык жактан «жакшы даамы бар» деген жалпы бир түшүнүктү билдирет. Ошону менен бирге эле алардын ар бирине тиешелүү семантикалык жана стилистикалык айырмачылыктары да бар. Даамдуу деген сөз жалпы эле «тил аркылуу сезилген татыгы, татымы бар» деген бейтарап мааниде кеңири колдонулат. Даам ачуу, таттуу, кермек, кычкыл ж.б. болушу мүмкүн. Ал эми таттуу жалпы эле даам эмес, «кантка, балга ж.б. мүнөздүү даамы бар» деген кошумча маани берет, колдонулушу жагынан бейтарап абалда болот. Ширин бул маанини дагы күчөтүп көрсөтөт. Ширелүү жалпысынан даам жөнүндөгү түшүнүктү берүү менен бирге «шireси бар» деген кошумча оттенокко да ээ. Ошондой эле ширин, ширелүү көркөм сөздө көбүрөөк колдонулат. Бул синонимдик катардагы сөздөр өтмө маанилери боюнча да сүйлөнгөн сөзгө карата колдонулуп, семантикалык жана стилистикалык жактан бири-биринен өзгөчөлөнүшөт. Тактап айтканда, даамдуу, ширелүү сөздүн маани, мазмун, маңыз жагына тиешелүү сапатты билдирсе, таттуу, ширин сөздүн укку-луктуулук, жагымдуулук, кызыктуулук, сүйкүмдүүлүк жагына тиешелүү сапаты туюнтат.

Кыргыз лексикасы бүгүнкү күнгө чейин стилистикалык жактан, ошондой эле семантикалык жактан да, атайын иликтөөгө алына элек. Ошондуктан синонимдик катарды түзгөн сөздөрдүн ортосундагы семантикалык жана стилистикалык оттеноктор ийне-жибине чейин так жиктелди деп кесе айта албайбыз.

Контексттен сыртқары өз бетинче туруп эле бири-бири менен синонимдеш болгон сөздөр **нагыз синонимдер** деп аталат. Нагыз синонимдерге мисал кылып жогоруда келтирилгендердин бардыгын көрсөтүүгө болот. Өзүнүн түз маанисинде туруп эле бири-бирине синонимдеш болгон сөздөр менен катар кээ бир сөздөр белгилүү контекстте гана өзүнүн түз маанисинде эмес, өтмө мааниде экинчи бир

сөзгө синоним болуп калат. Булар **контекстик синонимдер** деп аталат. Контекстик синонимдердин нагыз синонимдерден айырмасы – белгилүү бир контекстте, башкача айтканда, сүйлөм ичинде, гана бири-бирине синонимдик катышта болот. Эгерде ал синоним болгон сөздү сүйлөмдөн ажыратып, өзүнчө алсак, синонимдик маанисин жоготот.

Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашкандагы ырынан үзүндү:

Мен кеткенде төрт жашар,
Аркамда калган *чырагым,*
Учуп кеткен *булбулдун*
Ордун сыйпап турамын.
Келтирип айттым саламды,
Келип көрдүм, Эшмамбет,
Кетмен-Төбө калаамды.
Келсем да, тирүү көрбөдүм,
Керээзим жалгыз баламды.

Бул үзүндүдө контекст боюнча *бала, уул* деген сөздөргө *булбул,* күкүк, *чырак* сыяктуу өтмө мааниде пайдаланылган сөздөр да синонимдеш болуп колдонулду, бирок контексттен тышкаркы учурда булар өз ара синонимдеш сөздөр эмес. Контексттик синонимдер синонимдик сөздүктөргө катталбайт.

Кептин көркөмдүгүн, экспрессивдүүлүгүн түзүүдөгү тилдик негизги каражаттардын бири синонимдер болуп саналат. Тилибиз синонимдерге канчалык бай болсо, ал ошончолук ийкемдүү, көркөм болот. Адамдар синонимдерди оюн так, ачык берүү, бир эле сөздү кайра кайталай бербөө үчүн колдонушат.

Мисалы: *«Ай десе арксыз, күн десе көрксүз»* деген жорго сөздө *арксыз, көрксүз* деген сөздөр арктын (нарктын), көрктүн жоктугун, кемдигин, жетишсиздигин эмес, тескерисинче «өтө нарктуу», «өтө көрктүү», «наркы, көркү ашыкча» деген мааниде колдонулуп жатат. Ал эми -сыз мүчөсү башка учурда дайыма жалганган сөзүнө терс маани берип, жоктукту, кемчиликти, жетишсиздикти билдирет: арксыз кеп, нарксыз жорук, көрксүз имарат ж.б. Ошондой эле байы- деген сөз «дүнүйөгө байыды», «тажрыйбасы байыды» деген сөз айкаштарында «көбөйдү» деген мааниде колдонулса, «сүт байыды», «суу байыды» дегенде «азайды» деген маанини берет; кызматка ал - кызматтан ал, машинеге түш - машинеден түш деген сөз айкаштарындагы ал-, түш- деген сөздөр да энантиосемияга мисал боло алат. Энантиосемия көрүнүшү тилде анчалык көп учурабайт.

Синонимдер сыяктуу эле антонимдер да **нагыз антонимдер** жана **контексттик антонимдер** болуп бөлүнөт.

Контексттен тышкары өз бетинче турганда эле бири-бирине карама- каршы мааниде колдонулган сөздөр **нагыз антонимдер** деп аталат. Мындай сөздөрдүн бирин айтуу менен экинчисин да эске түшүрө алабыз. Маселен, узун дегенди айтуу менен кыска дегенди, ачуу дегенди айтуу менен таттуу дегенди, аз дегенди айтуу менен көп дегенди, чоң дегенди айтуу менен кичине дегенди дароо эске түшүрө алабыз. Нагыз антонимдер тилде туруктуу мүнөзгө ээ болуп, сүйлөөчүлөр тарабынан дайыма карама-каршы мааниде колдонулат жана алар антонимдер сөздүгүнө киргизилет.

Өз бетинче турганда карама-каршы мааниде болбогон, бирок белгилүү контекстке байланыштуу гана карама-каршы мааниге ээ болгон сөздөрдү **контексттик антонимдер** дейбиз. Мисалы, «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат» деген макалдагы билек менен билим, бир менен миң өз алдынча антоним эмес, ушул контексттин ичинде булар бири-бири менен антоним болушат. Ошондой эле «Теректей бой бергенче, теменедей акыл берсин» деген макалда да теректей-теменедей, бой-акыл дегендер контекстик антонимдер болуп эсептелишет. Контексттик антонимдер макалдарда эле колдонулбастан, поэзиялык жана прозалык чыгармаларда колдонулгандыгын көрөбүз. Мисалы:

Ынак жолдош жүрөгүндүн кымбаты,
Ынак жолдош тилегиндин сырдашы.
Жаман жолдош кадырыңды кетирет,
Жаман жолдош жалыныңды өчүрөт.

(О.Б.)

Бул контекстте *ынак* жана *жаман* бири-бирине карама-каршы мааниде турат, бирок бул эки сөздү контексттен тышкары ала турган болсок, анда антоним

боло алышпайт. «Артынан карасаң пионер, алдынан карасаң пенсионер» (М.Б.). Бул сүйлөмдө пионер жана пенсионер деген сөздөр өзүнчө алганда карама-каршы мааниде эмес, ал эми контексттеги маанисин алганыбызда, артынан карасаң жаш (пионер), алдынан карасаң кары (пенсионер) деген мааниде алынган.

Мен *ыйлабайм, капа тартып турганда,*
Мен *кубанбайм, бак-дөөлөткө тунганда.*
Дарым ушул, кайгы жана шаттыкка
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым ууртам музыка! – деген Алыкул Осмоновдун атактуу ырынан алынган куплет бүт дээрлик контекстик антонимдерден түзүлгөн: *ыйлаба – кубанба, капа тартып турганда – бак-дөөлөткө тунганда, кайгы-шаттык.*

Контекстик антонимдер тилдик туруктуу көрүнүш эмес, кептик (речтик) кырдаалга жараша колдонулат. Ошондуктан алар антонимдик сөздүктөргө киргизилбейт.

Антонимдердин стилистикалык жактан колдонушу

Адабий чыгармаларда, фольклордо көркөм каражат катары антонимдердин стилистикалык жактан аткарган кызматы чоң жана кеңири колдонулат. Ар кандай стилистикалык милдет аткаруу менен ойду эмоциялуу, образдуу кылып берүүдө антонимдерге зор роль таандык.

Антонимдердин семантикалык негизине реалдуу турмуштагы карама-каршылыктар жата тургандыктан, көркөм чыгармаларда алар көбүнчө контрасттык образды, түшүнүктү туюнтуунун каражаты катары кеңири колдонулат. Бирок антонимдердин стилистикалык кызматы муну менен гана чектелип калбайт. Ар кандай синтаксистик конструкцияларда антонимдер ажыратуу, бириктирүү, күчөтүү, толуктоо, аныктоо, кыймыл-аракеттин, ал-абалдын туруктуулугун, өзгүлтүксүздүгүн, алмашууларын көрсөтүү милдеттерин аткарат.

Антоним сөздөрдүн катышуусу менен түзүлгөн стилистикалык фигуралардын негизгиси антитеза болуп эсептелет. Антитезада контарсттык карама-каршы ойлор, пикирлер, түшүнүктөр, көрүнүштөр, сапаттар, көркөм образдар бири-бирине каршы коюлат. Мисалы: Момуш шамшарын сол жаккы койнуна катып, тапанчасын оң жаккы чөнтөгүнө салды (К.Ж.). Козудай чөбүрөгөн жыйырма-отуз бала быягынан айтып отурса, тыягынан кайра унутуп отурат (М.Б.). Аларман менен сатармандын ортосундагы кудайы калыс киши (М.Б.). Андан калса батыш жагы балык жон болуп, чыгыш жагы кесе чапкандай тик (М.Б.).

Акын Токтогул Сатылганов өзүнүн чыгармаларында, өзгөчө терме, санат ырларында, жакшы жана жаман, оң жана терс көрүнүштөрдү бири-бирине салыштырып, антитеза катарында колдонгон. Мисалы:

Жаман адам белгиси,
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси,
Эл камы үчүн күйүнөт.
Келериңде дүнүйө,
Булутсуз тиген күндөйсүң.
Кетериңде дүнүйө,
Булут баскан түндөйсүң.
Тууганына батпаган,
Душманына жалынат

Антонимдер элдик оозеки чыгармаларда, макал-лакаптарда да көп колдонулат. Булар ар кандай көрүнүштөрдү бири-бирине салыштырып, сүйлөмдүн таасирдүүлүгүн күчөтөт. Мисалы:

Жарымы *жалган*, жарымы чын.
Жарандардын көөнү үчүн...
Көбү *төгүн*, көбү чын
Көпчүлүктүн көөнү үчүн *("Манастан")*

Жакшыдан жаман туулса-чыгаша, жамандан жакшы туулса-киреше. Уруш-талаш душмандыктын белгиси, келиш-кетиш туугандыктын белгиси. Билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы. Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе.

Антонимдик маанидеги сөздөр контекстте бири-бирине карама-каршы гана коюлбастан, алардын синтаксистик конструкциясына жараша **ажыратуу, бириктүү** функцияларын да аткарып калышы мүмкүн. Маселен, "Эки арганын бири: же кармашта ажап болуп тирүү калганын, же кармашта жатып өлгөнүн" (Ч.А.) деген сүйлөмдө антонми сөздөр карама-каршы түшүнүктөрдүн бир мезгилде жашоосун жокко чыгарып, ажыратып жатат. Ал эми "Эски менен жаңы дешип койсоңуз болот" (М.Б.) деген сүйлөмдө карама-каршы эки саптын бир мезгилде катар жашаганын көрсөтүп, бириктирип жатат. Мында абалдын, процесстин, көрүнүштүн, сапаттын, мамиленин карама-каршы жактарынын экөө тең камтылат да, туруктуулук, үзгүлтүксүздүк, өзгөрбөстүк, жалпылык маанилери берилет. Мисалы:

Беделдин *аркы* жагы, *берки* жагы,
Жок экен шол ашууда чөптүн даны (Ы.Ш.)

Бул ырда карама-каршы жактардын айырмасы жок, бирдейлиги, жалпылыгы көрсөтүлүп жатат.

Омар Хайямдын: *"Падыша* бол, *кайырчы* бол баары бир,
Өлүм үчүн бирдей сенин катарың"

деген рубаисинде (эки сап ырлар) контексттик антонимдер түшүнүктөрдүн ортосундагы карама-каршылыкты жоюп, аларды бир катарга коюп жатат.

Антонимдер жалпылоочу кош сөздөр катары да колдонулуп, экспрессивдүүлүктү күчөтөт. Мисалы: «Мен калп-чын экенин текшергим келди» (М.Б.). «Карачы тиги карыпты, жайы-кышы көрүнгөнгө чааракер» (К.Ж.). «Аркы-беркини билгендер, Темирболот менен Лизаны сүйгөндөр... жакшылыктан үмүт этишти» (К.Ж.). «Улуу-кичүү кишилердин бардыгын сыйла» (К.Ж.).

Ысык-Көл, ата-журттун күчүн сынап,
Өзүнчө *ойдо-төмөн* жүрүш кылат. (А.О.).

Карама-каршы көрүнүштөрдүн, касиеттердин, сапаттардын жана башкалардын ырааттуу түрдө кезеги менен алмашып турушун көрсөткөн стилистикалык фигура алмашуу болот. Мисалы: Бакыт жолу бирде ийри да, бирде түз (А.О.) «Дүйшөндүн карааны өйдө бир өтүп, күн батарда ылдый бир түшүп турду» (Ч.А).

Алмашуу жалаң нагыз антонимдерден гана түзүлбөстөн, контексттик антонимдерден да түзүлөт. Мисалы:

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Жарга уруп, жаркылдаткан жаштык отун. (А.О.).

Турмушта карама-каршы көрүнүштөр жана башкалар өз ара бирине-бири өтүшүп турат. Мына ушул диалектикалык башталышты (принципти) берүүдө **карама-каршылыктарды окшоштуруу, айландыруу, өз ара аракеттештирүү** сыяктуу стилистикалык фигуралардын ролу абдан чоң. Мисалы:

Жаш карыга айланып,
Сүйгөндөр сүйүү сагынат (С.Э.)

Аталган фигуралар элдик оозеки чыгармаларда, макал-ылакаптарда кеңири учурайт. Мисалы: *Ачуунун таттуусу бар, жумшактын катуусу бар. Арыктын семизи бар, ачтын тогу бар. Улук болсоң, кичик бол.*

Жаратылыштын, турмуштун ар кандай көрүнүштөрүндөгү, каармандардын жүрүм-турумундагы жана мүнөзүндөгү олку-солкулукту, туруксуздукту, дайын-

сыздыкты, күңүрттүктү так, даана сүрөттөп берүүдө стилистикалык нейтрализациянын мааниси өтө чоң. Мисалы: «Же жаманга кошулбай, же жакшыга кошулбай, белгисиз калуудан корком» (Б.Ж.)

Бул фигура ортозаар, эт менен челдин ортосундагы арабөк адамдын образын түзүү үчүн сатиралык чыгармаларда көбүрөөк колдонулат.

Бири-бири менен логикалык жактан сыйышпай турган, бирин-бири жокко чыгаруучу түшүнүктөрдү туюнта турган сөздөрдүн айкашы **оксюморон** деп аталат. Мисалы: *тирүү өлүк, тилдүү дудук, көздүү сокур, жаман жакшы, иттей сонун, арбын туруп аз болуу, тугөл туруп кемүү, эскинин жаңысы, акылдуунун акмагы, чечендин тантыгы, алдуу алсыз* ж.б.

Мисалы: "Жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок" дегендей, өздөрү бекерпоз болуп, күндө ичкиликтен өзү чогула калган стакандаш тирүү өлүк тааныштары көп болот" ("Периштем"). "Ботосун жоготкон боз ингендей мандайында тирүү өлүк болуп турган уулуна жете албай сыздап турду, көргөндөрдүн сай-сөөгүн кошо сыздатып" ("Кылмыш жана жаза").

Кээде оксюморон бүтүндөй сүйлөм аркылуу да берилет. Мисалы:

Адамга кереги жок көптүн деле,
Жана ага канчалык көп керек нерсе. (О.С.)

Оксюморондун негизги милдети болуп автордун сүрөттөлүп жаткан нерсеге карата жекече мамилесин, баасын билдирүү эсептелет.

Антонимдердин стилистикалык максатта колдонуу жогорудагылар менен эле чектелбеши мүмкүн. Аларды кеңири жана орундуу колдоно билүү кебибизди таасирлүү жана семантикалык жактан бай кылат.

Кыргыз лексикасынын тырыхый жактан калыптанышы

Азыркы кыргыз тилинин лексикалык курамы чыгыш теги боюнча ар түрдүү. Ал кыргыз элинин тарыхый өнүгүшү жана материалдык өсүшү менен тике байланыштуу. Кыргыз лексикасынын негизин кыргыз тилинин өзүнүн төл лексикасы түзөт. Бул төл лексиканын катмарына жеке эле кыргыз тилинин өзүнө тиешелүү сөздөр кирбестен, башка тектеш тилдер менен орток болгон сөздөр да кирет.

Ошону менен бирге кыргыздар өзүнүн кыйла кылымдык өнүгүү тарыхында башка элдер менен ар түрдүү экономикалык, саясий жана маданий байланыштарды түзүп келишкен жана ал элдердин тилдеринен көптөгөн сөздөр кирип, кыргыз тилинин лексикасын байыткан. Мына ушинтип, кыргыз лексикасы жалпысынан эки чоң катмардан: 1) кыргыз тилинин төл лексикасынан жана 2) сырттан келип кирген лексикадан турат.

Кыргыз тилинин төл лексикасы

Кыргыз тилинин төл лексикасы өз ара бир нече катмарларды түзөт.

1. Кыргыз тилинин төл лексикасынын эң байыркы катмарына кыргыз тили (ошондой эле башка бардык түрк тилдери) менен **алыскы тектеш** монгол (ал гана эмес тунгус, маньчжур) тилдерине орток болгон сөздөр кирет. Түрк жана монгол тилдеринин ортосундагы мындай лексикалык жалпылык аталган тилдердин түпкү тегинин бир болгонунун натыйжасында пайда болгон. Көп миңдеген жылдар мурда азыркы тектеш тилдердин ээлеринин ата-бабалары тыгыз байланышта бирге жашашкан жана бир тилдик жалпылыкты түзүшкөн.

Бул тууралуу академик Б.Я.Владимирцов: «... монгол тили менен түрк жана тунгус тилдеринин теги бир, аны шарттуу түрдө **алтай тили** деп атоого болот. Алтай тили белгисиз, бирок алтай тилдери, башкача айтканда, алтай тилинин өнүгүш процессинде келип чыккан монгол, түрк жана тунгус тилдери белгилүү»[2] деп жазган.

Мындай лексикага турмуштук эң маанилүү түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр кирет. Мисалы: **дене мүчөлөрүнүн аттары:**

1) Кырг., алт., каз.. ж.б. бел, түркм., як. биил, бур. монг. бэлху- ухэ(н), сал. монг. бел (тоонун боору).

2) Кырг. жүрөк. түркм., өзб. ж.б. йурэк, жазм. монг. жирукен, бур. монг. зуурхэ(н).

3) Кырг. мүчө, каз. мүше, түрк. мүче, бур. монг. мусэ.

4) Кырг., каз., өзб., түркм. ж.б. сакал, башк. сахал, бур.монг. hахал.

5) Кырг., алт. сөөл, каз. сүйел, өзб., түркм. сиңңил, монг. сөөл.

6) Кырг., алт. томук, каз. тобык, бай. уйг. товык, түрк. топук, жазм. монг. тойиг.

7) Кырг., каз. ж.б. кабырга, түркм. хапырга, монг. хабирга, бур. монг. хабирга.

8) Кырг., алт. бөйрөк, каз. бүйрек, өзб. бүйрэк, түркм. bevrek, жазм. монг. бегере, бур. монг. бөөрө.

9) Кырг. омуроо, каз. омурау, жазм. монг. омургу(н), аз.монг. омруу.

10) Кырг., каз. ж.б. мандай. түркм., өзб. ж.б. маңлай, бур. монг. маңлай.

11) Кырг. таман, каз. табан, түркм. дабаан, азерб. дабан, бур. монг. табгай.

12) Кырг., алт., орх., каз., өзб. ж.б. кан, түркм. гаан, як. хаан > кана-, гаана-, сал. бур.монг. хана.

[2] Владимирцов Б.Я. Сравнительная грамматика монгольского письменного языка и халхского наречия.-Л., 1929, 45-бет.

Тууган-туушкандыкка байланыштуу терминдер:

1) Кырг., каз. абысын,өзб. авсын, бур.монг. абыһан.

2) Кырг.,каз.,өзб., алт.ж.б. ага, түрк. аага, бур. монг. аха, монг. (халх) ахха, сал. каз., кырг. агай, бур. монг. ахай.

3) Кырг., каз., турк. ж.б. бажа, бай. уйг. пажа, азерб. бачанаг, бур. монг. база.

4) Кырг., алт. бөлө, каз. бөле, бур. монг. бүле.

5) Кырг., алт., жээн, каз. жиен, өзб. диал. жийен, бай. уйг. йегин. түрк., түркм. йэген, жазма.монг. жиге, халх. зээ.

Эмгек куралдарынын аттары:

1) Кырг.,бай. кырг., каз., өзб., ж.б. балта, алт. малта, түркм. палта, бур. монг., халх балта.

2) Кырг. бургу, каз., түркм. бургы, өзб. бурау, бур. монг. бургы

3) Кырг. бүлөө, түркм. билеги, жазм. монг. билегү, бур. монг. бүлүү.

4) Кырг. тегирмен, каз. дийирмен, түркм. дегирмен, жазм. монг. тегерме, бур. монг. тээрме.

5) Кырг., каз., өзб., түркм. ж.б. тор, монг. тор.

6) Кырг., алт., каз. ж.б. капкан, түркм. капан, бур. монг. хабхаа(н).

Үй айбандарынын аттары:

1) Кырг., түрк., өзб., алт., каз. ж.б. айгыр, бай. уйгур адгыр, хак.(саг) аскыр, як. атыр, монг. ажирга, бур. монг. азарга.

2) Кырг., орх., бай. уйг., каз., түркм. ж.б. бука, бур. монг. буха, монг. буга.

3) Кырг., буура, бай. уйг., өзб. ж.б. бугра, каз. буура, бур. монг. буура ~ буйра, жазм. монг. бугра.

4) Кырг., түрк., каз. ж.б. теке, чув. таки, бур. монг. тэхе.

5) Кырг. бооз, өзб., түркм. ж.б. богаз, каз., тат. бууаз, бур. монг. боод, халх. богос.

6) Кырг. бото, каз., түркм., бай. уйг. ж.б. бота, бур. монг. ботого(н).

7) Кырг., түркм., каз. ж.б. байтал, монг. (халх) байтасун.

Албетте, аталган тилдерде бул сөздөрдүн тыбыштык жана маанилик жактарынан анча-мынча айырмачылыктары болушу мыйзам ченемдүү.

Азыркы кыргыз тилинде жалпы түрк жана монгол тилдерине гана эмес, тунгус-маньчжур тилдерине да орток болгон лексиканын бар экендигин көрөбүз. Мисалы: кыргыз жана башка түрк тилдеринде *бука “бык”, монг. буха, маньчж. буха \\ буху “зверь”, “олень”, бука “баран”; кырг. ж.б. түрк тилдеринде болчж. бола- “жарить”. Кырг. ж.б. түрк тилдеринде талаа \\дала “степ”, монг. тала “долина”, маньчж. тала “степ, долина”.*

2. Түрк тилдери чыгыш теги жагынан жана типологиялык белгилери боюнча өз ара **жакын тектеш** тилдердин тобун түзөт. Ошондуктан алар фонетикалык, грамматикалык жактан гана өз ара жакын болбостон, жалпы орток лексикага да ээ болушат. Кыргыз тилинин төл лексикасынын негизин, жогоруда айтылган алыс тектеш тилдерге орток лексика менен бирге, төмөнкүдөй жалпы түрк тилдерине орток лексика да түзөт (бирок ал сөздөр бардык эле түрк тилдеринде тыбыштык жагы бирдей болуп колдонулбайт). Мисалы:

а) *тоо, таш, жер, суу, көл, күн, түн, ай, киши, бала, кыз, уул, келин, эне, ата, ини, баш, аяк, мүйүз, ат, тон, ээр, жүк, иш, жол, эл* сыяктуу зат атооч сөздөр бардык түрк тилдерине орток;

б) *бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, сексен, токсон, жүз, миң* деген сан атооч сөздөр жалпы түрк тилдеринде бар.

в) *мен, сен, ал, бул, сиз, өз деген* ат атоочтор түрк тилдеринин бардыгында колдонулат.

г) *кара, ак, көк, кызыл, жашыл, сары* деген сыяктуу түстү көрсөтүүчү сын атоочтор да бүт түрк тилдерине тиешелүү;

д) *ал-, бер-, кел-, бар-, кир-, кир-, чык-, айт-, тап-* жана башка этиш сөздөрдүн бардыгы дээрлик жалпы түрк тилдери үчүн орток лексика болот.

Келтирилген мисалдар бардык түрк тилдеринин түпкү негизи бар экендигин далилдейт. Азыркы түрк тилдери (кыргыз, казак, өзбек, азербайжан, түркмөн, татар, башкыр ж.б.) бир негиз — тилден пайда болгон.

3. Түрк тилдеринин ичинен **эң жакын тектеш** тил болуп, кыргыз жана алтай (тоолук алтайлыктардын тили) тилдери эсептелет. Алар түрк тилдеринин ичинде өзүнчө к ы р г ы з — к ы п ч а к тобун түзөт. Бул тилдер фонетикалык жана грамматикалык бир топ белгилер боюнча башка түрк тилдеринен айырмаланат. Ошону менен бирге азыркы мезгилде коңшулаш казак, өзбек, уйгур тилдеринде жок, бирок кыргыз жана алтай тилдерине орток бачым, кокуйла, чурка, таң (“билбейм” деген мааниде) деген сыяктуу сөздөр бар. Мындан башка да тебетей, мээлей, жоолук, жууркан, кур деген сөздөр казак, өзбек тилдеринен айырмаланып, кыргыз жана алтай тилдеринде бирдей.

Бул сыяктуу фактылар классификациялык тобу бир болгон кыргыз жана алтай тилдеринин эң жакын тектештигин ачык айкын көрсөтүп турат.

4. Кыргыз тилинин төл лексикасынын дагы бир катмары болуп, XV кылымдын экинчи жарымынан тартып, кыргыздардын азыркы жашап турган аймагында эл катары калыптанган мезгилинен бүгүнкү күнгө чейин, кыргыз тилинин ички өнүгүү процессинин натыйжасында, өз бетинче пайда болгон сөздөрү эсептелет. Мындай сөздөрдү **нагыз кыргыз тилинин төл сөздөрү** деп атасак болот. Ми-

салы: *ийгилик, ийгиликтүү, жыйынтык, жыйынтыктоо, жыйналыш, кеңешме, жетекчи, жетекчилик, өндүрүү, өндүрүш, тоолуу, тоолук* ж.б.

Нагыз кыргыз тилине тиешелүү сөздөрдү жасоого жалаң гана кыргыздын мурдатан келаткан тилдик төл каражаттары эле кызмат кылбастан, ошондой эле башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөз жасоо элементтери (уңгулар, мүчөлөр) да база боло алат. Анткени башка тилден өздөштүрүлгөн тилдик каражаттардан кыргыз тилинин сөз жасоо мыйзам ченемине ылайыкталып сөздөр жасалган жана жасалып да жатат. Мисалы: азар түмөн (ир.-кырг.), ак уруу (ар.-кырг.), ала көөдөн (кырг.-ир.), алабарман (кырг.-ир), алдакандай (ар.-кырг.), анткор (кырг.-ир.), асанкайгы (ар.-кырг.), арбайы суук (ар.-кырг.), ашкана (кырг.-ир.), бейбаш (ир.-кырг.), боорукер (кырг.-ир.), жабырка (ар.-кырг.), жарадар (кырг.-ир.), жарнама (кырг.-ир.), жат жазуу (ир.-кырг), кайберен (ар.-кырг.), камбар ата (ар.-кырг.), кертбаш (ир.-кырг.), көйкашка (ир.-кырг.), кыз бурак (кырг.-ир.), кырк чилтен (кырг.-ир.) ж.б.

Мисалдардан көрүнгөндөй, жогоруда келтирилген сөздөр тилибизде алда канча мурда кирген араб, иран сөз жасоо элементтеринин кошулушунан морфологиялык жана синтаксистик жолдор аркылуу жасалган. Бул процесс кыргыз жазма адабий тилинин түзүлүшү менен андан ары улантылып, дагы көптөгөн жаңы сөздөр жасалууда. Мында кыргыз тилинин, ошондой эле иран, араб тилдеринин сөз жасоо каражаттары менен бирге орус тилинен жана орус тили аркылуу кирген сөз жасоо каражаттары да активдүү кызмат аткарууда. Мисалы: адистештирүү, менчиктештирүү, кыймылдаткыч, муздаткыч, автоматташтыр, автоматташтыруу, райондоштуруу, компьютерлештирүү, электрлештирүү, традициялуу, традициялуулук, тракторчу, тракторчулук, тракторлоштуруу, транспорттоо, транспорттук, транспортчу ж.б.

Бул сыяктуу сөздөрдүн айрымдары башка түрк тилдеринде, өзгөчө коңшулаш өзбек, казак, уйгур ж.б. тилдерде, бири-бирине окшош болуп калышы да ыктымал. Бирок мындай көрүнүштөр кыргыз тилиндеги жогорку сөздөрдүн жасалышынын өз бетинчелигин жокко чыгарбайт.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилинин төл лексикасын жеке гана нагыз кыргыз тилине тиешелүү сөздөр түзбөстөн, эң жакын тектеш кыргыз-кыпчак тобуна, жакын тектеш түрк тилдерине жана алыскы тектеш алтай тилдеринин бутагына кирүүчү монгол, тунгус-манчьжур тилдерине орток болгон сөздөр да түзөт.

Кыргыз тилиндеги сырттан кирген сөздөр

Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү тарыхында көп элдер менен ар кандай (аймактык, саясий, экономикалык, маданий) карым-катнашта болуп келген. Ошонун натыйжасында кыргыз лексикасына башка элдердин талдеринен көп сөздөр келип кирди.

Бир тилден экинчи тилге сөздөр эки түрдүү жол менен — оозеки түрдө жана жазуу аркылуу кирет. Элдердин ортосундагы оозеки катнашуунун натайжасында бир тилден экинчи тилге кирген сөздөр башка тилдик чөйрөгө келгенде фонетикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болот. Башкача айтканда, сырттан кирген сөздөр кабыл алган тилдин фонетикалык законуна ылайыкталат. Алсак, иран тилдеринен кирген соода (таж. савдо), баа (таж. бахо), өнөр (таж. хунар), шаар (таж. шахр), араб тилинен кирген сапат (ар. сифат), оокат (ар. авкат), мектеп (ар. мактаб), текебер (ар. такабур), жооп (ар. жабаб), жыныс (ар. жинс), революцияга чейин орус тилинен кирген самоор (ор. самовар), сот (ор. суд), чиркөө (ор. церковь), каамыт (ор. хомут), чыт (ор. ситец), абак (ор. гауптавахта), атбекет (ор. адвокат), боштоо (ор. почта), боштообай (ор. почтовой), биргөбөр (ор. приговор) ж.б. сөздөр, жогоруда айтылгандай, кыргыз лексикасына тыбыштык түрүн өзгөртүү аркылуу өткөн. Ошондой эле бир тилден экинчи тилге сөздөр оозеки түрдө өткөн учурда маанилик жактан да өзгөрүүгө дуушар болуп, семантикасы кеңип, же тарып кириши мүмкүн.

Мисалы, орус тилиндеги эски административдик-аймактык бөлүнүштү билгизген волость деген сөз кыргыз тилине болуш болуп кирип, орус тилиндеги маанини билгизүү менен бирге ошол «болушту башкаруучу мансап адамы» деген мааниге да ээ болгон.

Ал эми жазма адабият аркылуу келип кирген сөздөр фонетикалык жактан анчалык өзгөрүүгө учурай бербейт. Атап айтканда, кыргыздын жазма адабий тили түзүлгөндөн кийинки мезгилде орус тилинен кыргыз тилине кирген сөздөр орус тилинде кандай айтылып, кандай жазылган болсо, ошол калыбында дээрлик өздөштүрүлүүдө.

Ошондой эле, сөздөр бир тилден экинчи тилге тике кириши да жана башка тилдер аркылуу кириши да мүмкүн. Мисалы, азыркы кыргыз тилине пароход, паровоз, самолет, луноход, совет, совхоз, комсомол, рабфак, вуз, сеялка, спутник, миноносец, обой, варенье, голубцы, антоновка деген сыяктуу орус сөздөрү тике кирсе, ошол эле орус тили аркылуу эң көп илимий-техникалык, коомдук-саясий, спорттук, согуштук, искусствого ж.б. байланыштуу терминдер башка тилдерден кирген.

Мисалы: грек тилинен грамматика, фонетика, лексикология, комедия, базис, галактика, металл; латын тилинен аудитория, декан, каникул, экзамен, цемент, арена, цирк, глобус, автор, депутат, акция; немец тилинен атака, командир, лагерь, штаб, бухгалтер, процент, галстук, шляпа; англис тилинен биржа, вокзал, троллейбус, трамвай, лидер, митинг, парламент, баскетбол, спортсмен, футбол, финиш, хоккей, лифт, бифштекс; француз тилинен батальон, гарнизон, эскадра, агрессия, ассамблея, пальто, актер, жонглер, пьеса, режиссер; италян тилинен тенор, опера, ария, бас, флейта, дует, кантата, балкон ж.б.

Араб сөздөрү да кыргыз тилине негизинен түрк жана иран тилдеринде сүйлөгөн коңшу элдердин тилдери аркылуу келип кирген. Аралык тилдер аркылуу кабыл алынган сөздөр бир тил аркылуу да же бир нече аралык тилдер аркылуу да кириши мүмкүн. Сөздөр бир тилден экинчи тилге ар башка аралык тилдер аркылуу да өтө берет. Маселен, грек тилинен кыргыз тилине сөздөр негизинен европалык тилдер, атап айтканда, орус тили аркылуу келип кирген болсо, калем, калемпир, апийим деген грек сөздөрү чыгыш элдеринин - тажик, өзбек тилдери аркылуу кирген. Кээ бир сөздөр бир тилден экинчи тилге өтүп, бир канча мезгилден кийин мурунку тил ал сөздөрдү кайра кабыл алган учурлар да болот. Мисалы, түрк тилдеринен орус тилине кирген батрак, барабан, атаман, караул, карандаш, лапша, стакан, товар, чабан деген сыякгуу сөздөр кыргыз тилине орус тилинен кайра кирди.

Кыргыз тилинин лексикалык курамында монгол, иран, араб, орус тилдеринен кирген көп сөздөр бар. Мындан башка бирин-экин санскрит, кытай, тибет жана башка тилдерге тиешелүү сөздөрдү да учуратабыз.

Монгол тилдеринен кирген сөздөр

Жалпы түрк жана монгол тилдеринин генетикалык тектештигине байланыштуу болгон орток лексикадан башка да кыргыз тилинин сөздүк курамында монгол тилдеринен келип кирген сөздөрдүн бар экендигин көрөбүз. Мындай сөздөргө мисал кылып, *алтын, аяк, аймак, бараан, туулга, канчык, шыраалжын, талкуу, унаа, келегей, салаа, канжыга, сонун, каалга, белен, топчу, керээз, кылжыр, таар, босого, кыргоол, кулан, дарга* жана башкаларды көрсөтүүгө болот. Бул сөздөр түрк жана монгол тилдери өз бет алдынча айрым-айрым тилдерге бөлүнүп кеткен мезгилден кийин, ал тилдердин ээлеринин ортосунда болгон ар кандай тарыхый байланыштардын натыйжасында келип кирген. Мындай сөздөрдү орток лексикадан айырмалоочу белги катары алардын көпчүлүгүнүн монгол тилинде туунду сөздөр экендиги жана аларды түзүүчү элементгердин түрк тилдеринде жоктугу эсептелет.

Кыргыз тилиндеги монгол сөздөрүнүн кирүү мезгилин, ордун аныктоо кыргыз тил илиминде али чечиле элек талаш маселелерден. Академик И.А.Батманов кыргыз тилине монгол лексикасы үч мезгилде: 1) кыргыздар менен монголдордун ата-бабаларынын Алтайдагы байланыш мезгилинде; 2) XIII кылымдагы монголдордун кыймылынын мезгилинде; 3) кыргыздардын ойроттор менен жана жети-суулук калмактар менен болгон өз ара катнашынын мезгилинде жана эки түрдүү жол менен: а) кыргыздар менен монголдордун (же алардын ата-бабаларынын) тике оозеки катнашуусунун натыйжасында, б) башка тилдер аркылуу келип кирген деп көрсөтөт. Ал эми академик Б.М.Юнусалиев «Кыргыз лексикологиясында» жогоруда мисалга келтирилген монгол сөздөрүнөн керээз, топчу, кылжыр, таар, сонун, келегей, белен сыяктуулардын алтай жана кыргыз тилдеринен башка түрк тилдеринде, ошонун ичинде азыркы мезгилде кыргыз тили менен тыгыз байланышта болгон уйгур, өзбек жана казак тилдеринде да жок экендигин негизге алып, байыркы кыргыз жана монгол тобундагы тилдерге гана орток болгон мындай лексика бул тилдердин ээлеринин ортосунда болгон тилдик катыштын натыйжасында, азыркы кыргыздардын ата бабалары Теңир-Тоого (Тянь-Шанга) оошуп келүүдөн алда канча мурда Монголияга жана Бурятияга жакын жашап турган мезгилде келип кирген болуу керек деген жыйынтыкка келет да, калган бардык божомолдорду, ошонун ичинде XII-XIII кылымдагы монголдордун басып алган мезгилинде Орто Азиядагы түрк тилинде сүйлөгөн элдерге сиңип кеткен монгол уруулары аркылуу кириши жөнүндөгү мүмкүнчүлүктү да жокко чыгарат. Андай болбогондо этностук курамына монгол тилинде сүйлөгөн кыйла уруулар кирген казактарда да, өзбектерде да жогорудагы аталган сөздөрдүн болушу тийиш эле деп көрсөтөт. Бирок кийин чыккан «Кыргыз тилинин тарыхы боюнча пикирлер» деген макаласында аталган сөздөрдүн ичинен белен, сонун, сонурка, каалга жана башкаларды гана байыркы кыргыз доорунда (болжолу, мезгил жагынан биздин заманга чейинки II кылымдын акырынан биздин жыл эсептөөнүн сегиз-тогуз кылымын ичине алат) монгол тилдеринен тува, хакас жана алтай тилдери менен бирге кабыл алган сөздөр дейт да, темене, шибеге, топчу, таар, керээз, салаа, унаа, келегей жана башка сөздөрдү орто кыргыз доорунда (X кылымдан XV кылымга чейин) кыргыз-алтай жалпылык мезгилинде кирген деп белгилейт.

Кыскасы, бул маселе али чечиле элек, атайын кеңири изилдөөнү талап кылуучу татаал маселе болуп эсептелет.

Иран тилдеринен кирген сөздөр

Кыргыз тилине иран жана араб сөздөрүнүн кабыл алынышы негизинен кыргыздардын Теңир-Тоого (Тянь-Шанга) келген мезгилинен тартып башталган. Бирок иран тобундагы тилдерден тике же уйгур тили аркылуу кирген айрым сөздөр кыргыз тилинин сөздүк курамында Саян-Алтай доорунда эле болушу мүмкүн деген пикирлер да бар.

Айрым кыргыз урууларынын жана уруктарынын Фергана өрөөнүнүн чегине, Памирге жана Гисарга өткөн мезгилинен, башкача айтканда, XVI кылымдын башынан тартып, иран тилдеринен кыргыз лексикасына өткөн сөздөр көбөйө баштайт. Бул жерде кыргыздар иран тилдеринде сүйлөгөн элдердин бири болгон тажиктер менен тикеден тике байланыш катышта болот.

Иран сөздөрү кыргыз тилине ар кандай жолдор менен кирген: а) кыргыздардын тажиктер менен тикеден тике катнашынын натыйжасында, б) Орто Азиянын башка элдери (өзбектер, уйгурлар) аркылуу, в) анча-мынчасы мурдагы сабаттуу адамдар аркылуу фарсча китептерден да өтүшү мүмкүн. Кээ бирлери согдий, а балким, тохар лексикасынан калган калдык түрүндө болушу да мүмкүн.

Иран тилдеринен кирген сөздөрдү колдонулуш чөйрөсүнө карай төмөнкүдөй топторго бөлүштүрүп кароого болот:

1) соода-сатыкка байланыштуу сөздөр: соода, баа, арзан, майда, тараза, пул, нарк, базар, пайда ж.б.;

2) бакчылыкка байланыштуу сөздөр: бак, дарак, тыт, мөмө, шабдалы, анар, анжыр, мейиз, данек, мисте, долоно, бадам, алча ж.б.;

3) бакчачылыкка байланыштуу сөздөр: дарбыз, бадыраң, пияз, сабиз, шалгам, турп, анделек ж.б.;

4) эгинчиликке жана техникалык өсүмдүктөргө байланыштуу сөздөр: дан, пахта, жүгөрү, зыгыр, мурч, кенеп, беде, кырман, амбар ж.б.;

5) үй курулушуна байланыштуу сөздөр: терезе, ылай, шып, устун, тактай, мык, дубал, чатыр, керней, айбан, аспап, астана, балакана, далис, мор, пайдубал, сарай ж.б.;

6) адамдардын кесибин, кызматын, тууган туушкандыгын билгизүүчү сөздөр: уста, зергер, багбан, соодагер, мурап, чабандес, акын, апыз, наабай, мейман, баба, небере, перзент ж.б.;

7) жаныбарлардын жана мифтик жандыктардын аттары: маймыл, жөжө, короз, мекиян, илегилек, келемиш, кептер, ажыдаар, бактек, булбул, кене, тоту ж.б.;

8) дене бөлүктөрүнүн аттары: дене, көөдөн, кал ж.б.

9) куралдардын, үй буюмдарынын, кийим-кечелердин, нерселердин аттары: кетмен, дүкөрт, замбирек, канжар, дутар, паранжы, парда, шейшеп, дасторкон, чынжыр, дептер, кулпу, сыя, байтеше, бейкасам, бокчо, болот, дандыр, казан, калбыр, кашык, килем, маасы, манат ж.б.;

10) убакытка, мезгилге байланыштуу сөздөр: ишемби, жекшемби, дуйшөмбу, шейшемби, бейшемби, чилде, бешим, апта, куптан ж.б.;

11) оору жана дары-дармектердин аттары: дарт, шал, дары, апийим, заар, мумия, дарыгер, чардары ж.б.;

12) тамак-аш аттары: мастава, палоо, чучпара, кебеп ж.б.;

13) табият көрүнүштөрүнүн аттары: асман, дарыя, сел, баар ж.б.;

14) динге байланыштуу сөздөр: багымдат, бут, буткана, жайнамаз, кожо, мурут, кудай, намаз, орозо, парбадигер, пери, периште, тозок ж.б.;

15) абстракттуу маанидеги сөздөр: чарба, дыйкан, өнөр, наам, мээр, бак, бакыт, бакты, дарман, эреже, кеп, док, душман, мас, арман, ж.б.;

16) сын атооч, тактоочтордон: нооча, назик, майин, серт, таза, тез, чанда, чарчы, чогоол, шайкеш, ширин, шок ж.б.

Араб тилинен кирген сөздөр

Кыргыз элинин Борбордук Тянь-Шанга оошуп келиши менен коңшу элдер аркылуу ислам дини кыргыздар арасына да тарай баштайт. Кыргыз элинин ислам динин кабыл алышы кыргыз тилинин лексикасына араб сөздөрүнүн кириши себепчи болот.

Иран сөздөрүнүн айрымдары кыргыз тилине тажиктерден тике кирген болсо, мындан айырмаланып, араб сөздөрү кыргыз тилине коңшу тажик, өзбек, уйгур, татар тилдери аркылуу гана келип кирген, себеби кыргыздар арабдар менен эч качан тике байланышта болгон эмес. Арабдар Орто Азияны басып алат, анда үстөмдүк кылып турган мезгил, болжол менен VIII-X кылымдарга туура келет. Кыргыз тилиндеги ар бир араб сөзү, сөзсүз бардык башка, орто азиялык тилдерде кезигет. Мындан башка да, *кадырман, акылман, жоопкер, айыпкер, мээнеткеч, аракеч, арабакеч, кусадар, илимпоз, адамзат, асылзат, аялзат, аялмет, ажайыпкана, ажааткана* деген сыяктуу сөздөр кыргыз тилине ушул формасында даяр бойдон келип кирген. Ал эми бул сөздөрдүн уңгулары араб сөздөрү болуп эсептелип, -көй, -мал, -кер, -кеч, -дар, -поз, -зат, -мет, -кана деген мүчөлөрү иран тилдерине тиешелүү. Демек, бул араб сөздөрү кыргыз тилине тике кирбестен, коңшу элдердин тилдери аркылуу келип киргендигин көрсөтөт.

Араб тилинен кыргыз тилине кирген сөздөрдүн көпчүлүгү динге байланыштуу сөздөр болуп эсептелет. Мисалы: *дин, калпа, имам, айт, дооран, садага, куран, бата, келме, дуба, жаназа, битир, шайтан, сыйкыр, жин, арбак, ажы, азан, акырет, алла, даарат, ислам, жаннат, зыярат, кыбыла, кыямат, медресе, мечит, молдо* ж.б.

70 жыл чамалуу мезгил ичиндеги атеистик идеологиянын кесепетинен диндик түшүнүктөр турмушубуздан четтеп, бул түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр да сейрек колдонулуп, тилибиздин пассивдүү сөздүк курамына бара жаткан эле. Азыркы кезде динге карата мамилебиз түп тамырынан өзгөрүлүп, диндик каада-салттардын кайра калыбына келе башташы тилибиздеги диндик лексиканын да жанданышына өбөлгө түзүүдө.

Диндик түшүнүктөргө байланышкан сөздөрдөн башка тилибизде кеңири колдонулган төмөнкүдөй араб сөздөрүн көрсөтүүгө болот:

1) абстрактуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр: *айла, абал, акыйкат, алек, азап, аалам, адат, адеп, адал, адилет, ажат, айып, акыл, аманат, апаат, аракет, балаа, баам, дүйнө, далил, далалат, даража, зээн, кайрат, кубат, касиет, кабар, куса, калп, максат, медет, маселе, маданият, сабыр, тартип, тарбия,*

тарых, табият, талап, шарт, убайым, убада, укук, урмат, ылааажы, ыклас, ынтымак, ынтызар, ыктымал, ызаа, ыктыяр ж.б.;

2) илим-билимге, маданиятка байланыштуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр: *алиппе, арип, адабият, барак, даре, жадыбал, илим, кагаз, кат, китеп, мектеп, мугалим, макала, нуска, сабат, сабак, санжыра, сүрөт, таалим, тажрыйба* ж.б.;

3) буюмдардын, нерселердин, табият көрүнүштөрүнүн аттарын билгизген сөздөр: *аба, аспап, атыр, набат, шекер, кант, супура, саат, седеп, шам, шамал, халба, доол, жылааажын, зат, зилзала, мухит, табак, себет* ж.б.;

4) коомдук-саясий түшүнүктөргө байланыштуу сөздөр: *мамлекет, мекеме, милдет, арыз, коом, саясат, укук, казына, аскер, жамаат, жумурият, мыйзам, мажлис, оорук, өкмөт, өкүм, султан, так, увазир* ж.б.;

5) адамдардын кесибин, социалдык абалын, тууган-туушкандык катышын билгизген сөздөр: *касап, өкүл, табып, кызмат, кембагал, кесип, зайып, дамбылда, букара, аким, аалым* ж.б.;

6) жан-жаныбарлардын, курт-кумурскалардын аттарын билгизген сөздөр: *пил, тоос (павлин), айбан, айбанат, саратан, мите* ж.б.;

7) дене бөлүктөрүнүн аттары: *алкым, кулкун* ж.б.;

8) мезгилге, мейкиндикке байланышкан сөздөр: *убакыт, жума, тарап, дигер, мөөнөт, кылым* ж.б.;

9) сын атооч, тактооч сөздөрдөн: *ажайып, азамат, алмустак, бекем, дайым, мажирөө, текебер* ж.б.;

Азыркы кыргыз тилинин лексикалык курамында миңге жакын араб сөздөрү бар. Булардын бардыгы кыргыз тилинин грамматикалык закондоруна, фонетикалык нормаларына ылайыкталып кабыл алынган.

Кыргыз тилинин сөздүк курамында жогоруда айтылган монгол, иран, араб сөздөрүнөн бөлөк да башка чыгыш элдеринин тилдеринен коңшу элдердин тилдери аркылуу, дүңгандардан тике эле келип кирген көп сөздөр кезигет. Алсак, санскриттен арашан, бакшы, бодо, тибет тилинен ылама (лама), кытай тилинен доотай, жамбы, жиң, канжа, улуу (“ажыдаар”- он эки жылдык айбанат циклиндеги жылдын бешинчи айы), шаң (даңаза), шаңыя, жусай, дуудун (жибек кездеме), дууду (провинциянын начальниги, генерал-губернатор), жаңжуң, жармак (кытайдын ортосу тешик тыйыны), жады (чөп, саман туурагыч курал), жоозы (тамак коюла турган жапыз үстөл), дүңган тилинен кокозо, чанжы, момо, ылаңман, фунчоза ж.б. сөздөрдүн киргендиги буга мисал боло алат.

Орус тилинен кирген сөздөр

Орус сөздөрүнүн кыргыз лексикасына өтүшү Октябрь революциясынан алда канча мурун эле, XIX кылымдын элүүнчү жылдарында, кыргыздар Орусиянын карамагына өткөн мезгилден тартып кире баштаган. Ал процесс узакка созулуп, анын башаты XVIII кылымдын акыркы чейрегинде Атаке баатырдын демилгеси менен Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш кыргыздарынын Санкт-Петербургга, Екатерина IIге өздөрүн колдоого алууну өтүнүп, элчилик жиберген мезгилден башталат. XIX кылымдын алгачкы отуз жылы ичинде кокондук агрессиянын түздөн-түз коркунучунан улам кыргыздар кайрадан Орусияга колдоого алуусун өтүнүп бир нече жолу кайрылышат. Бирок Кокон кандыгы озунуп аракеттенип, кыргыздар ага убактылуу баш ийип берүүгө аргасыз болушат. Ошондой эле Циндик Кытай кыргыздар үчүн олуттуу коркунуч туудурган. Цинь эмиссарлары Ысык-Көлгө келишип, Кытай үстөмдүгүн орнотууга катуу аракет жасашкан.

Кыргыз урууларынын ортосундагы кандуу кагылыштар да элди оор бүлгүнгө учураткан. Ушундай кыйын кырдаалда кандайдыр бир күч- кубаттуу жана калыс колдоочу зарыл керек болду. Мындай колдоочу жалгыз гана Орусия мамлекети болчу.

Кыргызстандын Орусияга кошулуш процесси (1855-жылдан 1876- жылга чейин) жалпы жонунан баалай келгенде узакка гана созулбастан, карама-каршылыктуу, бир мааниде эмес, жана татаал болгон. Демилге адегенде, XVIII жүз жылдыкта эле, кыргыздар тарабынан башталып, алар Орусияга өздөрүн колдоого жана букаралыкка алууну өтүнүшүп, бир нече ирет элчилик жиберишкен. Кийин Орусия да Кыргызстанга соода жолу катары экономикалык жана стратегиялык пункт катары саясий жактан кызыга баштаган.

Кыргыз урууларынын Орусияга кошулуу процесси алгачкы учурларда тынчтык жол менен жүрүп, алар өз ыктыярлары менен биринин артынан бири Орусия букаралыгын алуу жөнүндө ант беришип, Кокон хандыгынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышып, орус аскерлерин жардамга чакырып жатышкан. Түндүк Кыргызстандын Орусияга кошулушу негизинен мына ушундайча болгон.

Түштүктө кырдаал башкача түзүлдү. Бул жакта кыргыздар биринчилерден болуп хандын эзүүсүнө каршы көтөрүлгөндө алар түркстандык бийликтерге өздөрүнүн элчилерин жана каттарын жиберишип, хандык эзүүдөн кутулууга жардам берүү жөнүндө өтүнүчтөр менен кайрылышкан. Орусиялык бийликтер болсо, Кокон менен түзүлгөн келишимге ылайык, хандык бийликти колдошкон. Көтөрүлүшкө чыккан кыргыздар менен болгон күрөштүн жүрүшүндө Кокон хандыгынын мурдагы аймагы бүт бойдон иш жүзүндө орустун куралынын күчү менен каратылып алынып, Орусияга кошулган.

Кыргызстандын Орусияга кошулушу менен, биринчиден, саясий жактан Кыргызстандын өзүнөн көбүрөөк артта калган коңшулаш чыгыш мамлекеттери жана Британ империясы тарабынан кулга айландыруу коркунучу жоюлган; экинчиден, кыргыз элинин чарбалык жана маданий жактан өнүп-өсүшүнө тескери

таасир тийгизип жаткап кыргыздардын өздөрүнүн арасындагы феодалдык уруу, уруктук ички чыр-чатактар, касташуулар, уруштар токтотулган; үчүнчүдөн, Кыргызстанда кулчулук деген жок кылынып, кул сатуу токтотулуп, Кыргызстанга Орусия империясынын жалпы мыйзамдары таркатылды. Жаңы административдик-аймактык бөлүштүрүү патриархалдык, урук-уруулук тушоолордон кутулуудагы алгачкы кадам болду.

Экономикалык жактан Кыргызстан чыгыштын орто азиялык хандыктарына жана феодалдык коңшулаш мамлекеттерине караганда экономикалык өнүгүшү бир кыйла жогорку деңгээлде турган капиталисттик мамлекеттердин экономикалык процесстерине тартылды.

Кыргыз көчмөндөрүнүн, жарым көчмөндөрүнүн арасында отурукташууга өтүү күч алды. Акырындык менен көчүрүлүп келгендердин жана жергиликтүү калктын чарбачылыгында капиталисттик уклад түзүлө баштады. Көчүрүлүп келген орус дыйкандарынын таасири менен чарбачылык турмушунда дыйканчылыктын ролу итабар жогорулады, ал өзгөчө кедей кембагалдардын арасында бир кыйла кеңири тарады.

Орусияда капитализмдин өнүгүшү Кыргызстандын да экономикасынын жанданышына, өндүргүч күчтөрүнүн өсүшүнө, натуралдык жана жарым натуралдык чарбанын негизинин бузулушуна, товардык акча мамилелеринин өркүндөшүнө таасирин тийгизди.

Акырында, маданий жактан алганда орус жана чет элдик окумуштуулар тарабынан Кыргызстандын тарыхын, анын жерин, жаратылышын, өсүмдүктөр жала жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө иштери күч алды. Маданияттардын өз ара карым-катнашы кыргыз элинин менталитетине жакшы таасир тийгизди, орус маданияты аркылуу дүйнө кыргыз эли жөнүндө биле баштады[3].

Орусияга кошулгандан кийинки жылдарда кыргыз турмушуна сиңе баштаган жаңылыктарга, административдик түзүлүшкө, экономикалык жана маданий жактан болгон түрдүү өзгөрүүлөргө карата кыргыз тилинин лексикалык курамы орус тилинин таасири астында байып жаңы сөз каражаттары менен толкутала баштады.

Революциядан мурдагы мезгилде орус тилинен келип кирген сөздөрдү тематикалык жактан төмөндөгүдөй топторго бөлүп көрсөтсөк болот:

1) административдик-мамлекеттик башкарууга байланыштуу сөздөр: *болуш, оез-үйөз-үйез, ыстарчын-старчын, гүбүрнадыр-губернатор, жандарм, кинез (князь), сот, судья, закун-закон, сыйаз-сьезд, полицей, адбакет-адвокат, кемессия, партия, облус, участке, бристап-пристав, дума, бесир (писарь), түрмө, абак-набакты-навак (гаупвахт), биргөбөр-приговор, кеңсалар-кеңселер (канцелярия)* ж.б.;

[3] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы. 152-154-беттер.

2) согуш ишине байланыштуу сөздөр: *салдат-солдат, жандарал-жандыраалы (генерал), майыр (майор), войсковой старчын, керенеч (карнач-кароол начальниги), отряд, чен (чин), бардаңке (берданка), бистон (пистон)* ж.б.

3) иш кагаздарына байланыштуу сөздөр: *дабарнес (доверенность), кинег (книга), исписке (список), көпүйө (копия), опус (опись), быратакол-бүртөкөл (протокол)* ж.б.;

4) транспорт жана башка катнашуу каражаттарына байланыштуу сөздөр: *машине, станса, бекет, повозка, тилграм-телеграмма, телефон, почто, почтобай (почтовой), белет, электрик, воздушный шар;*

5) өнөр жайга, техникага байланыштуу сөздөр: *зоот-завод, баврике (фабрике); ж.б;*

6) дыйканчылыкка, эмгек шаймандарына байланыштуу сөздөр: *соко, картөшкө, капуста, сирень, саржан (сажень); ж.б;*

7) маданиятка, илим-билимге байланыштуу сөздөр: *арген, (орган<гр.орган — музыкалык аспап), керемафон-грамофон, телескоп, кезит, журнал;*

8) үй буюмдарына, кийим-кечекке, тамак-ашка жана башкага байланыштуу сөздөр: *самоор, чайнек, бөтөлкө, панар (фонарь), порум-борум (форма), көлөч-келеч (галоши), бөлкө, бопорос (папирос);*

9) соода-сатыкка, өлчөө бирдиктерине байланыштуу сөздөр: *көпөс-көпөш (купец), жармаңке (ярмарка), расход, бут (пуд);*

10) айлардын, убакыт бирдиктеринин орусча аттары: апрель, март, мүнөт; ж.б;

11) орус шаарларынын, калктарынын аталыштары: *Омский, Томский, мужук, какол, орус* ж.б.

Революциядан мурда орус тилинен кирген сөздөрдүн саны да, колдонулуш чөйрөсү да чектелүү болгон.

Революциядан кийинки мезгилде орус тилинен кабыл алуунун мүнөзү, темпи, көлөмү жана жолу таптакыр жаңыча өзгөрдү. Жаңы коомдук түзүлүштү мүнөздөөчү коомдук-саясий терминдер менен катар, илимий-техникалык терминдердин көпчүлүгү дээрлик орус тили аркылуу кабыл алынган интернационалдык терминология болуп эсептелет. Азыр орус тилинен жана орус тили аркылуу кабыл алынган сөздөр колдонулбаган турмуштун бир дагы чөйрөсү жок десек аша чапкандык болбойт. Революцияга чейинки кабыл алунун бирден-бир жолу болуп оозеки кабыл алуу гана эсептелсе, Совет бийлигинин мезгилинде орустар менен кыргыздар өнөр жайда, айыл чарбасында, маданий-агартуу мекемелеринде, мамлекеттик-коомдук иштерде жана башка жайларда бирге эмгектенүүнүн натыйжасында сөздөрдү оозеки түрдө кабыл алуу менен бирге, кыргыз элинин улуттук жазма адабий тилинин өнүгүшүнүн натыйжасында жазуу аркылуу бүгүнкү күн

үчүн негизги жол болуп калды. Кыргыз тилинин орус тилинен кирген сөздөрдүн эсебинен байышында котормо адабияттын биринчи кезекте, коомдук-саясий, илимий-техникалык адабияттарды, мамлекеттик-өкмөттүк документтерди, окуу китептерин, окуу куралдарын которуунун мааниси абдан чоң. Орус сөздөрүнүн кыргыз тилине тынымсыз кирип жатышында радио менен телекөрсөтүү, башка массалык маалымат каражаттары да зор роль ойноодо. Кыргыз тилинин лексикасы азыр орус тилинин эсебинен эбегейсиз байыды жана ошонун натыйжасында өзүнүн коомдук катнашуу каражаты катары жөндөмдүүлүгүн чексиз арттырды.

Булардын бардыгы кыргыз тилинин грамматикалык законодоруна, фонетикалык нормасына ылайыкталып кабыл алынган.

Бүгүнкү күндө биз архаизм деп эсептеген көп сөздөр 20-30-жылдарда кадыресе эле сөздөр болгон жана жазуучулар тарабынан алар чыгармага атайын стилистикалык түс берүү үчүн эмес, жөнөкөй гана тилдин номинатавдик каражаты катары пайдаланылган. Маселен, 1922-жылы жазылган Тоголок Молдонун «Алга, алга» деген ырындагы: Ленин туусун колуңа карма! **Өзгөрүштү** ырдап, өз элине жарда, же 1918-жылы жазылган Ысак Шайбековдун «Большевиктер партаясына» деген ырындагы: Кубанам **уруяттын** келгенине, Большевик падышаны жеңгенине, же Аалы Токомбаевдин 1924-жылы жазган «Өкмөт ээлерине» деген ырындагы: **фабрик**, зоотто иштеген, өпкөсүн оозго тиштеген, жумушчулар, тургула деген үзүндүлөрүндө асты сызылган сөздөрдүн өзгөруш, уруят, фабрик, зоот болуп айталышы өз мезгили үчүн архаизм эмес эле.

Кыргыз тилиндеги эскирген жана жаңы лексика

Объекивдүү чындыктын конкреттүү көрүнүшү катары тил тынымсыз өсүп-өнүгүүдө болот. Тилдин башка денгээлдерине караганда адамдардын өндүрүштүк практикасы менен тикеден-тике катышта болгон сөздүк курам өзгөчө өзгөрмөлүү келет. Ал адамдардын өз ара катышуу талабын камсыз кылуу үчүн дайыма жаңы сөздөр менен толукталып, ошону менен бирге катнаш үчүн зарыл болбой калган сөздөрдөн бошонуп да турат.

Тилде эскирүү жана жаңылануу процесси дайыма болуп туруучу көрүнүш болгону менен, тилдин лексикалык көрөңгөсүн эзелден бери жашап келе жаткан жана жашай бере турган, тилдин ээси болгон элдин калың катмарына толук түшүнүктүү жана кеңири колдонулуучу активдүү сөздөр түзөт. Демек, тилибиздин лексикасын тарыхый өнүгүшү жактан шарттуу түрдө эки чоң топко: активдүү жана пассивдүү лексикага бөлүүгө болот.

Активдүү лексикага күнүмдүк турмушубузда кеңири колдонулган, кыргыз тилинде сүйлөгөн бардык адамдар үчүн мааниси толук түшүнүктүү жана азыркы учурда эскилик же жаңылык белгилери сезилбеген сөздөр кирет.

Пассивдүү лексикага азыркы учурда эскирүүгө дуушар болуп, күнүмдүк турмушубузда таптакыр колдонулбай калган, же болбосо, тилибизде жаңылыгы менен эл арасына кеңири тарай элек мааниси бардык адамдарга толук түшүнүктүү эмес сөздөр кирет. Кыргыз тилиндеги пассивдүү лексика, өз кезегинде, эскирген сөздөргө (историзмдерге, архаизмдерге) жана жаңы сөздөргө – неологизмдерге бөлүнөт.

Эскирген лексика жана анын түрлөрү

Тилдин лексикасынан сөздөрдүн жана анын маанилеринин эскирип чыгып калышы - тилдин өнүгүшүндөгү узак убакытты талап кыла турган татаал процесс.

Кээ бир сөздөр тилдин өнүгүшүнүн бир мезгилинде активдүү колдонулуп келип, бара-бара пассивдешип, акыры таптакыр элдин эсинен чыгып калышы, же кош жана кошмок сөздөрдүн, туруктуу сөз тизмектеринин, макал-ылакаптардын компоненти катары гана колдонулушу мүмкүн. Маселен, *арык-торук, бала-чака, кир-коок, кыз-кыркын, абысын-ажын, чогуу-чараан, уруш-кериш, сорпо-шилең, кеп-келеч, жаан-чачын, каргыш-илкиш, төркүн-төз деген сыяктуу кош сөздөрдүн экинчи сыңарлары, кара өзгөй, кара мүртөз, кеч курун, калы килем, өрө кийиз, чар карга, коң карга, ак жуумал, бир жаңсыл, төрт түлүк, көк шилти, жай баракат, орто саар, төш жары, өнө бою* деген кошмок сөздөрдүн *тутумундагы өзгөй, мүртөз, курун, калы, өрө, чар, коң, жуумал, жаңсыл, түлүк, шилти, баракат, жары, өнө* деген бөлүктөрү, *чайыттай ачык, сай сөөгү сыздоо, бите карын, орой көзү чарай, суй жыгылуу, кырды бычак, жер жеберине жетүү, керегеси кердеп, азат бою тик турду, сөөгү сөпөт болду* деген фразеологизмдердин курамындагы *чайыт, сай, бите, суй, кырды, жебер, азат, сөпөт* деген, *«Ай! дээр ажа жок, кой! дээр кожо жок», «Ар кимдин жери – өзүнө мисир», «Жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт, жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт», «Кыздын эркеси – бөздүн торкосу»* деген макалдардын *ажа, мисир, торсук, бөз, торко* сыяктуу компоненттери азыркы кыргыз тилинде өз бет алдыларынча колдонулбайт. Алардын айрымдарынын маанилерин байыркы эстеликтердин жана тектеш тилдердин берген маалыматтары боюнча гана аныктоого мүмкүн. Мындай компоненттер кыргыз тилинин өнүгүшүнүн өткөн мезгилдеринде кеңири колдонулган да, кийин түрдүү себептер менен биротоло унутулуп, туруктуу комплекстин курамында гана сакталып калган.

Башка бир сөздөр тилдин активдүү запасынан чыккан менен, али элдин эсинде сакталып, же күнүмдүк кепте катышпаганы менен, тигил же бул кырдаалга жараша элдик оозеки адабиятта, көркөм адабиятта, тарыхый чыгармаларда азыр да колдонула берет.

Сөздөрдүн эскириши коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү, өндүрүштүн, маданияттын, илим менен техниканын жана ошого байланыштуу адамдардын ички дүйнөсүнүн, көз карашынын өнүгүшү менен шартталган тилден сырткары **экстралингвистакалык** фактор менен да жана тилдин ички спецификалык закон ченемдүүлүктөрү менен шартталган **интралингвистикалык** факторлор менен да байланышат.

Тилдеги эскирүү дайыма эле бир калыпта, бирдей темп менен түз сызык боюнча кете бербейт. Өзгөчө эски коомдук-саясий түзүлүшкө, жашоо-тиричиликке байланыштуу болгон сөздөр коомдук формациялардын алмашышы менен өтө көп санда эскирүүгө дуушар болот. Октябрь революциясынан кийин кыргыз тилинде эң көп сөздөр эскирип, активдүү сөздүк курамдан чыгып калган. Ошондой эле СССРдин кыйроосу менен Кыргыз Республикасынын көз карандысыз эгемендүү мамлекет болуп, экономикалык структурасынын жаңыланышы да мурдагы коомдук-саясий түзүлүшкө байланыштуу көптөгөн сөздөрдүн акырындык менен пассивдешип, эскире башташын шарттады.

Бирок эскирген, ал гана эмес биротоло жок болуп кеткен сөздөр да азыркы тилде жанданып, жаңыдан түз же өтмө маанилерге ээ болушу, жаңыча стилистикалык мүнөзгө жана колдонулуш чөйрөгө өтүшү мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, тилдин лексикасынан тигил же бул сөздүн чыгып калуу себептери, шарттары бардык эле учурда бирдей эмес жана «эскирген» деп аталган сөздөрдүн эскирүү даражасы, алардын азыркы учурда колдонулушу да ар түркүн. Ошондуктан эскирген лексиканы алардын эскирүү себептерине, бүгүнкү күндөгү тилде колдонулуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана стилистикалык функциясына жараша **историзмдер** жана **архаизмдер** деп экиге бөлүп карoo зарылчылыгы келип чыгат.

Историзимдер

Элдин өткөн турмушуна байланыштуу түшүнүктөрдүн жоюлушу менен бирге активдүү сөздүк запастан чыгып, бирок белгилүү тарыхый доордун көрсөткүчү катары али азыркы тилде колдонулган сөздөр историзмдер болот.

Историзмдер төмөнкүдөй белгилер менен мүнөздөлөт:

1) Историзмдердин тилдин активдүү запасынан чыгышы экстра- лингвистикалык факторго, башкача айтканда, коомдун социалдык-саясий, маданий өнүгүш тарыхына байланышат. Ошол себептен ал элдин өткөндөгү жашоо турмушунун ар түрдүү дооорлорун, мезгилдерин тике мүнөздөөчү касиетке ээ. Историзмдер элдин өткөндөгү коомдук-саясий турмушуна, жашоо тиричилигине, эл аралык карым-катнашына, согуш иштерине жана башкаларга байланыштуу болгон сөздөрдүн ар кандай лексикалык-семантикалык топторун өз ичине камтыйт.

2) Историзмдер азыркы учурда эскирүүгө дуушар болгон нерселердин, буюмдардын, түшүнүктөрдүн бирден-бир аталышы болуп эсептелет. Ошондуктан ал өзү атаган реалий менен бирге эскирет да, анын азыркы тилде эч кандай синоними, варианты болбойт.

3) Эскирген түшүнүктүн бирден-бир жекече аталышы болгондуктан, өткөн доорду сүрөттөөгө арналган көркөм, тарыхый, илимий чыгармаларда авторлор историзмдерди колдонбой коё албайт жана алардын бардыгында бирдей номинативдик функцияны аткарат.

4) Историзмдердин азыркы тилде синоними болбошу жана эскирген түшүнүктү жекече аташы анын көркөм чыгармаларда доордун колоритин түзүү үчүн автордук баяндоо менен каармандардын кебине бирдей эле тиешелүү болушуна мүмкүндүк берет.

Историзм болгон лексикалык бирдиктерди алардын структуралык түзүлүшүнө жана мазмунуна карай өз ара **лексикалык историзмдер, семантикалык историзмдер, фразеологиялык историзмдер** деп бөлүштүрүүгө болот.

Эскирген түшүнүккө байланыштуу историзмге айланган жекече лексеманы лексикалык историзм деп атайбыз. Буга *хан, бек, нөкөр, күрсү, соот, туулга, айбалта, сырбараң, наркескен, добулбас, чыңыроо, накери, ордо, чеге, зоолу, зындан, бакшы, жайчы* сыяктуу эски түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр кирет.

Эгер эскирген түшүнүктөр менен бүтүндөй сөз байланышпай, анын айрым гана мааниси эскирүүгө дуушар болсо, анда **семантакалык историзм** же **историзм-маани** деп атоо туура болот. Маселен, жигит деген сөз «улан, бойго жеткен эркек бала, эр жеткен эркек» жана «эр, тайманбаган адам, азамат» деген маанилеринде азыркы тилде кеңири колдонулса, анын «манаптын, болуштун жана бийлөөчү таптын кызматын кылып, жандап жүргөн адам, малай» деген мааниси семантакалык историзмге айланган; саан деген сөздүн «саала турган мал», «саала турган, саалуучу учуру жеткен маал, убак» деген азыркы маанилеринен башка «күчүн сатып эмгектенген акысы үчүн убактылуу сүтүн ичишке алынган мал» деген мааниси да болгон. Ошондой эле эски коомдук түзүлүшкө байланыштуу болгон желдет жана кул деген сөздөр өздөрүнүн түз маанилеринде историзмге өткөн менен «ырайымсыз, таш боор, зулум» жана «бирөөнүн эркинен чыкпаган, бирөөнүн айтканын ээрчиген, өз алдынча, өз эркинче аракети болбогон адам» деген өтмө маанилеринде азыркы учурда кеңири колдонулат.

Элдин турмушундагы эскирген түшүнүктөрдү туюнткан тилдеги туруктуу сөз тизмектери **фразеологиялык историзмдер** деп аталат. Маселен, сөөгү менеки, эти сеники (баласын окутуу үчүн молдого берерде айтылуучу сөз), журт агасы (уруудагы, уруктагы жогорку мансаптуу адам), таман акы (көбүнчө мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү акы), балта чабар (айбалта менен куралданган аскерлер),

бел куда (төрөлө элек балдарына кудалашуу), бешик куда (бешиктеги балдарына кудалашуу), боз дөбө (жоонун жеке балбандары беттешүүчү дөбө), чөп ооз (жайлоодон пайдалангандык үчүн алынуучу акы), акыр заман (диний түшүнүк боюнча дүйнөдө жашоо тиричилиги токтолуу мезгили), капилет дуйнө (диндик түшүнүктө жалган дүйнө), кызыл чок (жергиликтүү башкаруу органдарынын чабарманы) деген сыяктуу туруктуу сөз тизмектери элдин өткөндөгү жашоо тиричилигине, ишенимдерине, башкаруу иштерине байланыштуу болгондуктан, азыркы сөздүк курамда өтө сейрек учурайт.

Кыргыз тилинде элдин өткөндөгү жашоо турмушунун ар түрдүү дооролорун, мезгилдерин мүнөздөөчү эң көп историзм сөздөр бар.

Историзмдер эскинин элесин берген элдик оозеки чыгармаларда кеңири кездешет. Маселен, кыргыз элинин өткөн кылымдардагы турмушу жөнүндөгү монументалдуу эстелиги, анын өмүр жолу жөнүндөгү өзүнчө бир энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунан ар кандай титулдарды, согуштук чиндерди, курал-жарактарды, кийимдердин, буюмдардын аттарын, коомдук түзүлүшкө байланыштуу түшүнүктөрдү жана мифологиялык, диний түшүнүктөрдү жана башкаларды билгизген төмөндөгү историзм сөздөрдү көрсөтүүгө болот:

Бели катуу бирөөнү,
Бек көтөрүп коёлук.
Калкка кабар салалык,
Кайраты бар бирөөнү.
Кан көтөрүп алалык.

Аны көргөн маңгулдар,
Улуу черүү кол менен,
Жоонун изин басыптыр.
Нескара акыл чыгарды,
Нөөкөрлөрү кубанды.
Он эки жайсаң ээрчишкен,
Ойрон Жолой көрүнөт.

Ошондой эле жазуучулар элдин өткөн турмушун, өткөн доордун колоритин түзүү үчүн көркөм чыгармаларда, өзгөчө тарыхый көркөм чыгармаларда, автордук баяндоодо да, персонаждардын кебинде да мындай сөздөрдү кеңири колдонушат. Бул жагынан «Сынган кылыч» аттуу тарыхый романда Төлөгөн Касымбеков чоң ийгиликке жетишкен. Ал кыргыз элинин Кокон кандыгынын мезгилиндеги турмушун таамай сүрөттөө, доордун нагыз атмосферасын так чагылтып көрсөтүү үчүн сүрөттөлгөн мезгилге мүнөздүү аскер башы, удайчы, сарбаз, аталык, жүз башы, паңсат, бий, саркер, өкүмдөр, сыпай, миң башы, казый, датка, кушбеги, каракелтек, миршаб, карачапан деген сыяктуу историзмдерди билгичтик менен колдонгон.

Кыргыз элинин падышалык Орусиянын кол астында турган мезгилиндеги турмушуна арналган Касымалы Жантөшевдин «Каныбек», Аалы Токомбаевдин «Таң алдында», Мукай Элебаевдин «Узак жол» романдарынан жана башка чыгармалардан *падыша, ак падыша, губернатор, болуш, старчын, оёз-үйөз, полиция, пристав, стражник, көпөш, писир, тилмеч, кызыл чок, атаман, жасоол, жатакчы, мужук, каторжан, жазалоо отряды* жана ушул сыяктуу башка мүнөздөгү историзмдерди жолуктурабыз.

Историзмге жалаң гана революцияга чейинки айрым түшүнүктөргө байланыштуу сөздөр эле өтпөстөн, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында пайда болгон кээ бир сөздөр да өткөн. Мисалы:

Жарыялайм Советтердин бийлигин,
Ревкомдун тапшырмасы боюнча. (А.Т.)

Оштогу *ЧКнын* адамдарынын жана Акмат менен Анна жолдоштордун айтууларына караганда да бул чын (К.Ж); Жогор жактан берилген нусконун негизинде Күн-Чыгыш айылында ыктыярдуу *отряд* уюшулуп, ага каалаган жаштар жана каалаган дыйкан адамдары жазылышты; Бузуку *бандит* эл душмандарын кыраакы саясы башкарма ушул баштан камакка алса деп сураймын (Т.С.) ж.б.

Бул сөздөр белгилүү доорду мүнөздөөчү касиетке ээ, ошондуктан аларды азыркы учурда колдонулган башка сөздөр менен алмаштырып берүүгө мүмкүн эмес. Булардын стилистикалык эмоциялуулугу да ушунда.

Архаизимдер

Историзмдерден айырмаланып, элдин турмушундагы түшүнүктөрдүн, нерселердин эскириши менен бирге эскирбестен, түшүнүк ошол бойдон калып, ордун башка сөзгө бошотуп берүү менен, тилдин активдүү сөздүк курамынан биротоло чыгып, элдин күндөлүк кебинде такыр унутулуп калган сөздөр жана маанилер архаизмдер деп аталат.

Архаизмдерди мүнөздөөчү белгилер төмөндөгүлөр:

1) Архаизмдердин эскириши көбүнчө лингвистикалык факторлорго байланыштуу, башкача айтканда, тилден тигил же бул сөздүн чыгып калышы ал сөз аркылуу туюнтулган кандайдыр бир түшүнүктүн эскириши менен шартталбастан, синоним, полисемия, варианттуулук сыяктуу тилдик көрүнүштөр менен байланышат. Тактап айтканда, тилде синоним болгон сөздөр бири-бирине абсолюттуу дал келсе, алардын ичинен бирөө гана калып, калганы колдонуудан чыгып калат

(бирок тилде мындай көрүнүштөр өтө сейрек учурайт). Маселен, 30-жылдары орус тилинде, ошондой эле кыргыз тилинде да, аэроплан, самолет деген сөздөр бирдей колдонулуп келген болсо, кийин аэроплан колдонуудан чыгып калды да, тилде ал түшүнүктү самолет гана жеке ээледи. Же болбосо, кийинки эле жылдары окуучу деген сөздүн «мектепте окуган бала» жана «китеп, газеталарды окуй турган адам» деген маанилерин бири-биринен так айырмалоо үчүн кийинки маанисинде окурман деген уңгулаш сөз колдонула баштады. Натыйжада окуучу деген сөздүн экинчи мааниси эскирүүгө учурап, кош маанилүү сөздөн жеке маанилүү сөзгө өттү.

Архаизмдердин тилдин сөздүк курамынан сүрүлүп чыгып калуу жана алардын ордуна башка сөздөрдү колдонуу себептерин түшүндүрүү историзмдерге салыштырганда алда канча татаал нерсе, ал атайын лингвистикалык изилдөөлөрдү талап кылат.

2) Архаизмдер азыркы учурдагы жашап жаткан көрүнүштөрдүн эскиче аталышы болгондуктан, анын азыркы тилде сөзсүз синоними же варианты болот. Ал өзү атаган чындыкты түшүндүрүүчү азыркы тилдеги сөз менен статистикалык-семантикалык катнашты түзөт да, аны менен бирге бир лексикалык системага кирет. Демек, мындан айтылуучу ойго жараша синонимдик катнашта турган архаизм менен азыркы тилдеги сөздүн ылайыктуусун тандап алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

3) Архаизмдердин азыркы тилде синоними бар болгондуктан, теориялык жактан алганда, тарыхый темага арналган көркөм чыгармаларда аларды азыркы сөздөр менен алмаштырууга толук мүмкүн болор эле, анткени архаизмдер конкреттүү тарыхый доорду тике мүнөздөй албайт. Бирок жазуучулар көп учурда чыгармалардагы тарыхый боёкту күчөтүш үчүн кадыресе номинатавдик функцияда эмес, стилистикалык максат менен архаизмдерди пайдаланышат.

4) Архаизмдер историзмдер сыяктуу тарыхый колорит түзүүнүн гана каражаты болбостон, каармандарды кеби жактан мүнөздөөнүн жана айтылган сөзгө экспрессивдүү-эмоциялуу түс берүүнүн да каражаты болуп кызмат аткарат. Алар автордун кебинде окуя каармандын көз карашында байланып жаткан учурда колдонулат.

Историзимдер тилдин лексикалык деңгээлине гана тиешелүү көрүнүш болсо, «архаизм» деген термин менен тилдин фонетикалык жана грамматикалык (морфологиялык, синтаксистик) түзүлүшүнө байланыштуу көрүнүштөр, б.а. тилдин тарыхый өнүгүшүндө колдонуудан чыгып калган айрым тыбыштык жана грамматикалык каражаттар да аталат.

Архаизм болгон сөздөр элдин эсинен биротоло чыгып, анын ордуна азыркы тилдеги синоними колдонулгандыктан, үзгүлтүксүз жазма традициясы болбогон тилдерден андай сөздөрдү табуу жана анын азыр ордун баскан эквивалентин так көрсөтүп, кийинки сөз менен алмашуу мезгилин, себебин аныктоо кыйынчылык туудурат. Кыргыз тилинин өнүгүшүнүн бардык учурун мүнөздөй алуучу жазма эстеликтердин жоктугу кыргыз тилинде мурда колдонулуп, кийин ордун башка сөздөргө бошотуп берген сөздөрдүн изин табуу көп учурда мүмкүнчүлүк бербейт. Ошол себептен биз кыргыз элинин улуттук жазмасынын пайда болуш мезгилинен бери карай, көбүнчө коомдук-саясий, илимий жана официалдуу терминдерде пайда болгон архаизмдер жөнүндө сөз кылуу менен гана чектелебиз.

Октябрь революциясынан кийин гана калыптана баштаган улуттук жазма адабий тили менен бирге кыргыздын коомдук-саясий жана илимий терминологиясы да түзүлө баштады. Бардык эле жаңыдан түзүлгөн нерселер сыңары кыргыз тилинин терминологиясы да дароо өз жайында боло койгон жок. Жаңыдан түзүлүп жаткан терминдердин бир кыйласы, албетте, өздөрү туюнткан түшүнүктөрдүн маңызын бере албады. Уламдан-улам такталып, жаңы терминдер менен алмашылып, мурункулары тилдин сөздүк курамынан чыгуу менен архаизмге айланды.

Тилден сөздөрдүн эскирип чыгып калышы бир деңгээлде болбойт. Кээ бир сөздөр бүтүндөй колдонуудан чыгып калса, экинчи бирлеринин айрым маанилери архаизмге айланат да, калган же жаңыдан ээ болгон маанилери менен тилде жашоосун уланта берет, үчүнчү бирлери сырткы гана тыбыштык формасын өзгөртөт да, мурдагы айтылышы тилде колдонулбай калат, ал эми төртүнчү бирөөлөрүнүн сөз жасоочу формасы өзгөрүүгө учурап, мурунку морфологиялык калыбында эскирүүгө дуушар болот. Мына ушуга карай кыргыз тилиндеги лексикалык архаизмдерди эскирүү даражасына жана азыркы тилде жашап жаткан синонимдери же варианттары менен болгон катышына жараша нагыз лексикалык, семантикалык, лексика-фонетикалык, лексика-морфологиялык архаизмдер деп өз ара топторго бөлүштүрөбүз.

Ордун толук бойдон башка сөзгө бошотуп берүү менен, бүтүндөй колдонуудан чыгып калган сөздөр нагыз лексикалык архаизмдер деп аталат. Буга мисал кылып, *аалым* (окумуштуу), *абырак* (сылыктык, жөн билгилик), *автобаян* (автобиография), *ажайыпкана* (музей), *баяндама* (доклад), *бозгун* (эмиграция), *бозгунчу* (эмигрант), *дарыскана* (аудитория), *жаныпма* (фельетон), *жарнама* (приказ), *зарынчылык* (романтика, романтизм), *имла* (орфография), *коолу* (токтом, чечим), *сынып* (класс), *төңкөрүш* (революция) сыяктууларды көрсөтүүгө болот. Нагыз лексикалык архаизмдерге жалаң эле жеке лексемадан турган жөнөкөй сөз түрүндөгү архаизмдерди гана киргизбестен, эки уңгунун биригишинен турган кошмок сөз түрүндөгү архаизмге айланган атоолорду да киргизебиз. Буга мисал катары Кеңештер бирдиги же *Кеңештер союзу* (Советтер союзу), *айыл кеңеш*

(селолук Совет), *бирикме чарба* (колхоз), *жай байлык* (жеке менчик), *тегизчил турмуш* (социализм), *өкүмөт өнөрү* (өнөр жай), *кыр көрсөтүү* (демонстрация), *сөз жарыштыруу* (дискуссия), *чоң чогулуш* (митинг), *түп киндик* (борбор), *жер майы* (нефть), *жер тиргизүү* (меллиорация), *кан аралаштыруу* (метистештирүү), *чоң кырчоо* (экватор), *от араба* (поезд), *тил кат* (расписка), *кара кашка* (квитанция) сыяктууларды көрсөтүүгө болот.

Тилден бүтүндөй сөз чыкпастан, анын айрым гана мааниси архаизмге айланып, калган же жаңыдан ээ болгон маанилери менен тилде жашоосун уланта берсе, мында семантикалык архаизм же архаизм-маани келип чыгат. Маселен, бүгүнкү күндө да тилибизде кеңири колдонулган бир кыйла сөздөрдүн ушул эле кылымдын 20-30-жылдарында башка да маанилерде колдонулгандыгын жана ал маанилердин азыр эскирип калгандыгын ошол кездерде чыккан газета-журналдардан алынган мисалдардан, чыгармалардан көрө алабыз. Алсак, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле пайда болгон башкарма деген сөз «Эркин Тоодо» азыркы берген маанилеринен башка «редакция» деген мааниде да колдонулган. Мал деген сөз «товар» маанисинде да колдонулган. Топурак деген сөз «территория» маанисин да билгизген. Эсеп деген сөз төмөнкү сүйлөмдө «отчет» деген мааниде берилген: Муну үчүн барлык кемитет калк алдында кылган ишинен эсеп берүүгө тийиш («Э.-Т.»).

Азыр жаңы тыбыштык формага ээ болуу менен, мурунку кебетесинде эскирүүгө дуушар болгон сөздөр лексика-фонетикалык архаизм деп аталат: «Эркин Тоо» кезитинин түпкүлүктүү мээлеген максаты: калың кыргыз калкын, анын ичинде кедей-кембагал шордууларынын көзүн сайасы агым менен тааныштырып, тарбияламак («Э.-Т.»). Орус кыштактарына шайлоо өткөрүү үчүн болуштук шайлоо кемесийасы жана кызматкерлери менен кең жыйналыш кылып, өзүбүз кыргыз селенийаларына кеттик («Э.-Т.»). Жалгыз болуштук аткаруу кемитети ыраак жерде болгондуктан, айыл иштерге керегинче тааныша албайт («Э.-Т.»). Бул мисалдардагы кезит, кемесийа, кемитет деген сөздөр адабий тилде лексика-лык-фонетикалык архаизмге айланып, интеллигенттер, жаштар тарабынан азыр бул сөздөр толук орус тилинин нормасында өздөштүрүлүшүнүн натыйжасында жазма жана оозеки кепте тең газета, комиссия, комитет, кооператив түрүндө гана колдонулат.

Ошондой эле мурдатан оозеки чыгармаларда жолуккан кээ бир жер-суу аттары, элдердин аттары азыркы адабий тилде фонетикалык жаңы түр алып, мурдагы аталышы архаизмге өткөндүгүн байкоого болот. Мисалы:

Бирөөнү айдайм Оролго,
Бирөөнү айдайм Эренге,
Бирөөндү түшүрөм акыр тереңге

Туурасы Эртиш суу болсун,
Аягы Орол тоо болсун.
Бир чети Тебит чөл болсун.

Эки күнү жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,

Маңгулга кирип кетиптир (“Манастан”).
Оогандын элин Курманбек,
Калмактардай ойлойбу (“Курманбек”).

Мындагы *Орол, Эрен, Эртиш, Тебит, Маңгул, Ооган* деген аттар азыр *Урал, Иран, Иртыш, Тибет, Монгол, Афган* болуп колдонулат.

Азыр колдонулган сөз менен уңгулаш болуп, андан сөз жасоочу мүчөсүнөн гана айырмаланган архаизмдерди лексика-морфологиялык архаизм дейбиз. Маселен, бүгүнкү күндөгү адабий тилибиздеги жумушчу, уюм, башчы, социалисттик, капиталисттик,капитализм деген сөздөрдүн ордуна мурда ушул эле сөздөргө уңгулаш, бирок мүчөсү боюнча айырмаланаган жумушкер, уюк, баштык, сатсыйалчыл, капиталчыл деген сөздөр колдонулуп келгендигин төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот: Партийаны жумушкерлер менен күчөтүү иштери башка тетик менен жүрө бермекчи болду (“Э.-Т.”,1926, 11-январь). Облустук партийа кемитетинин үгүт-насыйат бөлүмүнүн баштыгы Айтмат уулу (“Э.-Т.”,1926,18-январь). Чет мамлекеттерде сатсыйалчыл курулуш жок. Анда капиталчыл өкүм сүрөт (“Э.-Т.”, 1927, 1-май).

Жазуучулар көркөм чыгарманын каармандарын сүрөттөлүп жаткан мезгилге, учурга ылайык тил менен сүйлөтүш үчүн тилдик көркөм каражат катары архаизмдерге да кайрылышат. Маселен, кыргыз айылында колхоз курулушун сүрөттөгө арналган Т.Сыдыкбековдун “Тоо арасында” романынан төмөнкүдөй архаизмдерди учуратабыз: - Айыл кеңештин мекемеси кайда? — Мына, бирикме чарбаны кандай өткөрүү жөнүндөгү маалыматты кезиттен уктуңар..

Мында сүрөттөлгөн мезгилге мүнөздүү, бирок азыр сельсовет, колхоз деген сөздөр менен алмашылган архаизмдерди пайдалануу аркылуу авторлор чыгармаларынын каармандарынын учурга ылайык кебин түзүүгө жетишкен. Бирок архаизмдерди стилистикалык максатта багындырбай, автордук баяндоодо колдонууга болбойт, анткени ал түшүнүктүн учурдагы закондуу туюндуруучусу болгон синоними тилде азыр жашап жатат. Ал эми көркөм чыгарма бүгүнкү күндүн окурмандарына арналат. Ошону менен бирге көркөм чыгармаларда жолуккан архаизмдердин бардыгы стилистикалык максатта колдонулган экен деп түшүнүүгө болбойт. Бүгүнкү күндө биз архаизм деп эсептеген жогорудагы көп сөздөр

20-30-жылдарда кадыресе эле сөздөр болгон жана жазуучулар тарабынан алар чыгармага атайын стилистикалык түс берүү үчүн эмес, жөнөкөй гана тилдин номинативдик каражаты катары пайдаланылган. Маселен, 1922-жылы жазылган Аалы Токомбаевдин 1924-жылы жазган “Өкмөт ээлерине” деген ырындагы:

фабрик, зоотто иштеген,
өпкөсүн оозго тиштеген,
жумушчулар, тургула

деген үзүндүлөрүндө өзгөрүш, уруят, фабрик, зоот болуп айтылышы өз мезгили үчүн архаизм эмес эле.

Неологизмдер

Коомдун тынымсыз өнүгүшү менен бирге тилдин лексикасында жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн жаңы сездөрдүн, жаңы сөз тизмектеринин жана жаңы маанилердин пайда болушу талап кылынат. Тилдин лексикалык өнүгүшүнүн мына бул процесси неологизмдердин тарыхый өсүш шарттарына, анын пайда болуу ыктарына жана чыккан булактарына көз жүгүрткөнүбүздө даана байкалат.

Тилди жараткан жана анын ээси болгон элдин коомдук-саясий турмушундагы маанилүү тарыхый окуялар менен чектелген белгилүү бир мезгилинде пайда болгон адабий тилдеги жаңы сөздөр, жаңы туруктуу сөз тизмектери жана жаңы маанилер **неологизмдер** деп аталат.

Тилдин активдүү лексикалык курамына өтүп, тилде кеңири колдонулуп, мааниси жалпы калайыкка жеткиликтүү болгонго чейин неологизмдер пассивдүү сөз каражаттары катары гана колдонулат.

Неологизм деген түшүнүктү тилдин өнүгүшүнүн бүгүнкү күнкү гана абалына карата түшүнбөстөн, ар кандай белгилүү тарыхый мезгилдеги тилдин абалына карай түшүнүүгө тийишпиз. Анткени, коомдун өнүгүшүнүн бир учуру үчүн жаңылыгы, кадимкидей эместиги сезилип турган сөз мезгилдин өтүшү менен элдин сезиминде кадыресе эле сөзгө айланып, кеңири колдонулуучу лексиканын катарына өтүп кетет. Маселен, кыргыз тили үчүн Совет бийлигинин алгачкы мезгилинде неологизм болуп эсептелген *совет, партия, коммунист, большевик, комсомол* деген, айыл чарбаны коллективдештирүү мезгилиндеги *колхоз, совхоз, колхозчу, бригада, звено, трактор, комбайн, эмгек күн* деген, Улуу Ата мекендик согуштун мезгилиндеги *истребитель, катюша, дот, дзот, фашист, фашизм* деген сөздөр бүгүнкү күн үчүн эч кандай жаңы катары сезилбейт. Космосту өздөштүрүү мезгилинин неологизмдери болгон *космонавт, аэронавт, космостук корабль, космодром, учкуч-космонавт, спутник, ракета алып жүрүүчү, ракета кыймылдаткыч* сыяктуу сөздөр бара-бара неологизм болуудан калып баратат. Бүгүнкү күндүн неологизмдери болуп саналган *рынок экономикасы, акция, акция индекси, акционер, акционердик коом, акциз, акциз салыгы, бааны либералдаштыруу, бартер, брокер, брокердик контора, валюта рыногу, имидж, инвестиция, инфраструктура, индексация, концерн, корпорация, купон, маркетинг, менеджер, менеджмент, презентация, приватташтыруу, фермер, фирма, холдинг- компания, чартер, эркин экономикалык зона, офис* деген сыяктуу сөздөр белгилүү мезгилдин өтүшү менен неологизм болбой калышы мүмкүн. Ал гана эмес, айрым неологизм сөздөр эскирген сөздөрдүн катарына өтүп кетиши да ыктымал. Маселен, кыргыз тилинде Октябрь революциясынан кийин пайда болгон *ревком* (революциялык комитет), *союз кошчу, жаңы үнөм саясаты, эл комиссариаты, ыктыярдуулар отряды* деген сыяктуу сөздөр бүгүнкү күн үчүн эскирген сөздөрдүн катарына кирет. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болуп, коммунистик идеологиядан, социалисттик чарба жүргүзүүдөн баш тартышы, жаңы коомдук-экономикалык түзүлүшкө багыт алышы 90-жылдарга чейин эле ыйык сөз катары ардакталып келген *Советтик Социалисттик Республикалар Союзу - СССР, Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы - Кыргыз ССРи, Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы - КПСС, комсомол, пионер, октябрят, социализм, социалисттик чарба, колхоз, совхоз* деген сыяктуу сөздөрдүн келечекте кыргыз тилинин активдүү сөздүк курамынан чыгып, пассивдүү лексикасынын катарына өтүп кетиши күмөнсүз болуп калды.

Кыргыз тилиндеги неологизмдер эки булактын негизинде пайда болуп жатат.

1. Ички булактын эсебинен, башкача айтканда, кыргыз тилинин мурдатан колдонуп келе жаткан тилдик каражаттарын пайдалануу менен жасалууда. Ички булактын эсебинен пайда болгон неологизмдерди өз кезегинде дагы экиге бөлүп көрсөтүүгө болот:

а) жалпы тилдик булактын негизинде пайда болгон неологизмдер: *демөөр, демөөрчү* (спонсор), *ишкер, ишкердик* (предприниматель/предпринимателдик), *менчиктештирүү* (приватизация), *дыйкан чарба, эмкана* (поликлиника), *майдангер* (фронтовик), *сапар* (визит), *сынак* (конкурс) ж.б.

б) диалектилик булактын негизинде пайда болгон неологизмдер: *ижара* (аренда), *ижарачы* (арендатор), *идара* (мекеме, канцелярия), *буйрутма* (заказ), *астана* (босого), *токсондук* (квартал), *маара* (финиш) ж.б.

Коомубузда жүрүп жаткан демократиялаштыруу процесси өзүнүн таасирин жазма адабий тилибизге да тийгизип, мурда диалект, говорлордо гана колдону-

луп келген көптөгөн сөздөр адабий тилдин энчисине айланып, жаңы сөз катары колдонулуп жаткандыгын жогорудагы мисалдар тастыктайт.

2. Сырткы булактын эсебинен кыргыз тилинде абдан көп неологизмдер пайда болууда:

а) Орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден кирген неологизмдер. Кыргыз тилинде неологизмдердин пайда болушунда, мурдагы Совет бийлигинин мезгилиндегидей эле, азыркы учурда да орус тилинен жана орус тили аркылуу башка тилдерден кирген сөздөр басымдуулук кылууда. Ошону менен бирге алар коомдук турмушубуздун бардык тармактарына: *саясатка, экономикага, маданиятка, илимге, техникага* жана башка чөйрөлөргө бүт таралууда. Мисалы: *премьер-министр, вице-премьер министр, Саммит, мэр, акция, акционер, брокер, имидж, боевик, триллер, шоу-концерт, сериал, кикбоксинг, компьютер, бизнес, бизнесмен, волонтер* ж.б.

б) Тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден кирген неологизмдер. Кыргыз элинин көз карандысыз эркин мамлекетинин түзүлүшү, улуттук өз алдынчалыгынын өөрчүшү түрк тилдүү элдер менен тике катнаш, байланыш жасоосуна толук шарт түздү. Ошонун натыйжасында кыргыз тилине кийинки эле жылдары тектеш тилдерден жана алар аркылуу башка тилдерден (көбүнчө иран, араб тилдеринен) бир кыйла жаңы сөздөр келип кирди. Атап айтсак, казак тилинен *ардагер* (ветеран), *аялдама* (остановка), *балмуздак* (мороженое), *эгемендик* (суверенитет), *эгемендүү* (суверенитеттүү), *мунай, мунайзат* (нефть), түрк тилинен *башбакан* (премьер-министр), *учак* (самолет), *пайыз* (процент), өзбек тилинен *минбар* (кафедра), *расмий* (официалдуу) *рух, рухий* (дух, духовный), *ахлак* (этика, мораль), *амалий* (практикалык), *назарий* (теориялык) сыяктуу сөздөр кирди.

Жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн тилде бүтүндөй сөз пайда болдубу, же мурдатан эле колдонулуп келе жаткан сөз гана жаңы мааниге ээ болдубу, ушуга карай неологизмдер **лексикалык** жана **семантакалык** неологизм болуп экиге бөлүнөт.

Лексикалык неологизмдерге жогорудагыдай даяр түрдө башка тилдерден кабыл алынган сөздөр да, ошондой эле кыргыз тилинин сөз жасоо каражаттарын пайдаланып жаңыдан жасалган сөздөр да кирет.

Лексикалык неологизмдер тилдеги мурдатан эле колдонулуп келген сөз жасоочу элементтердин (уңгу жана сөз жасоочу мүчөлөрдүн) жаңы биригүүсү менен, башкача айтканда, морфологиялык жол менен да, уңгулардын жаңы коштулуусу менен синтаксистик жол менен да жасалышы мүмкүн.

1. Морфологиялык жол менен жасалган неологизмдер: *ишкердик, ишкердүүлүк, демөөр, демөөрчү, менчиктештирүү, эмкана, майдангер* жб.

2. Синтаксистик жол менен жасалган неологизмдер: *мамлекеттен ажыратуу, дыйкан чарба, кичи ишкана, орто ишкана, биргелешкен ишкана, аралаш менчик, келишим баа, айыл өкмөтү* ж.б.

Жаңы түшүнүктөрдү туюнтуу үчүн, тилде бүтүндөй жаңы сөз жасалбастан, мурдатан колдонулуп келе жаткан сөз жаңы мааниге ээ болушу мүмкүн. Мындай жол менен семантакалык неологизмдер пайда болот. Маселен, 1993-жылдын 10-майына чейин «сом» жана «тыйын» деген сөздөр орусча «рубль» жана «копейка» деген акча бирдигинин жана майда акчанын кыргызча эквиваленти катары колдонулуп келсе, Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын киргизилиши менен, алар жаңы мааниде колдонулуп калды. «Сом» жана «тыйын» деген сөздөрдү акча бирдиги катары кыргыздар байыркы мезгилдерден бери эле колдонуп келгендигин тарыхый маалыматтар ырастайт.

Сапар деген мурда «саякат, алыскы жол» маанисинде болсо, азыр «визит» маанисинде да колдонула турган болду. Губернатордун сапары Кыргыз өкмөтү менен кызматташуу келишимине кол коюусу менен аяктады («ZK»).

Жамаат мурда «коом, чөйрө, топ» маанисиндеги эскирген сөз болсо, азыр «коллектив» маанисине өтүп колдонула баштады.

Азыркы кыргыз тилинде кыйла жаңы сөздөр, жаңы туруктуу сөз айкаштары жана жаңы маанилер калька аркылуу пайда болууда.

Калька деп башка тилдеги сөздүн жана туруктуу сөз айкашынын структуралык же семантакалык үлгүсү боюнча экинчи бир тилде да өзүнүн ички каражатарын пайдаланып, жаңы сөз, жаңы туруктуу сөз айкашынын жасалышы жана жаңы маанинин пайда болушу аталат. Калькалап жаңы сөз жасоодо кыргыз тили үчүн да, мурдагы советтик башка элдердин тилдериндей эле, орус тили үлгү болуучу тал катары кызмат кылууда.

Жалпысынан калька семантикалык жана структуралык болуп экиге бөлүнөт:

1.Семантакалык калька. Негизги номинативдик маанилери боюнча бирдей болгон башка тилдеги сөздүн кандайдыр бир өтмө маанисинин үлгүсүндө экинчи бир тилдеги сөздө да ошол өтмө маанинин пайда болушу семантикалык калька деп аталат. Семантакалык калька тыбыштык көрүнүшү боюнча жаңы сөз же жаңы сөз айкашын жасабастан, тилдин лексикасында мурдатан колдонулуп келе жаткан сөздү гана кошумча маани менен байытат. Мисал катары төмөнкүлөрдү көрсөтсөк болот: кызыл, ак деген сын атооч сөздөрдүн биринчисинин «революциячыл», экинчисинии «контреволюциячыл» деген маанилери орус тилиндеги красный жана белый деген сөздөрдөн калькаланган. Орус тилинде бул маанилер граждандык согуш мезгилинде чыккан. 1917-жылы Октябрь революциясы жеңип чыккандан кийин али багынууну каалабаган капиталисттер менен помещиктер Америка Кошмо Штаттарынын жана башка капиталист мамлекеттердин жарда-

мы менен армия уюштуруп, советтик өлкөгө каршы согуш башташкан. Бул контреволюциячыл армияны ак же ак гвардиялык деп атай турган болушкан. Себеби, он эки жыл илгери, 1906-жылы Финляндияда капиталисттер жумушчулардын революциячыл кызыл гвардиялык отряддарына каршы жендерине ак повязка тагынып жүргөн буржуазиялык милицияны түзүшкөн. Кийинчерээк контреволюциячыл армия түзүлгөн кезде, аны да ак деп аташты. Жалпы эле ал кезде революцияга каршы болгондорду актар дей турган. Ал эми советтик өлкөнүн жаш армиясын Жумушчу Дыйкан Кызыл Армиясы, же кыскартыш РККА деп аташчу. Бир тилдеги сөз же Себеби кызыл түс эзилген эмгекчи элдин эркиндик үчүн болгон күрөштө төккөн кызыл канын эске салып, эркиндик үчүн болгон күрөштүн символу катары эсептелген.

Кыргыз тилинде, орус тилиндегидей эле, 20 -30-жылдары жогоруда айтылган маанилерде кызыл, ак деген сын атоочтор жана алардын субстантивдешкен формалары кеңири колдонулган. Ошол мезгилдерди сүрөттөөгө арналган көркөм чыгармалардан муну кеңири жолуктурабыз: Ал туура төрт жыл кызыл армия катарында, адегенде актарды сүргүндөп, кийинки бир-эки жыл басмачылар тобу менен күрөштү (Т.С.).

Ал эми сол (же солчул) деген сөздүн «алдыңкы», «революциячыл» деген жана оң (же оңчул) деген сөздүн «консервативдүү», «реакциячыл» деген саясий маанилери орус тилинде левый, правый деген сөздөрдөн калькаланган. Орус тилиндеги бул маанилер өз кезегинде француз тилинен алынган семантикалык калька болуп эсептелет. Француз тилинде бул сөздөрдүн жаңы маанилери 1789-1793-жылдардагы француздук буржуазиялык революциянын мезгилинде пайда болгон. Конвентте (өкмөттүк кеңешмеде) ал кездеги прогрессивдүүрөөк монтаньярлардын партиясы сол тарапта, консервативдүүрөөк жирондисттерден партиясы оң тарапта отурушкан. Ошондон тартып «сол» деген түшүнүк «алдыңкы», «революциячыл» деген түшүнүк менен, «оң» болсо «консервативдүү», «реакциячыл» деген түшүнүк менен байланыштырыла баштаган.

Кыргыз тилиндеги сол (солчул) жана оң (оңчул) деген сөздөр жогоркудай мааниде котормо адабиятта, өзгөчө саясий котормо адабияттарда бир топ кеңири колдонулат.

Күрөш, агым, толкун, мектеп деген сөздөрдүн коомдук-саясий маанилеринин пайда болушу жана айлана деген сөздөрдүн илимий термин катары колдонулушу да ушул сөздөрдүн орусча эквиваленттерине байланыштуу.

2. Структуралык калька. Башка тилдеги сөздүн же туруктуу сөз айкашынын структуралык үлгүсү боюнча өз тилинин каражаттарын пайдаланып, жаңы сөз же жаңы туруктуу сөз айкашын жасоо структуралык калька болот. Маселен, кыргыз тилиндеги келишим баа - договорная цена, чакан ишкана - малое предприятие, аралаш менчик - смешанная собственность, баалуу кагаздар - ценные бумаги, биргелешкен ишкана - совместное предприятие, жеке үй-бүлөлүк ишкана - частно-семейное предприятие, сатуудан алынуучу налог - налог с оборота, элдик ишкана - народное предприятие, таза пайда - чистый прибыль деген орус сөздөрүнөн калькаланган.

Структуралык калькалардын ичинде жогорудагы мисалдарда келтирилген толук калькалар менен катар жарым калькалар да бар.

Бир тилдеги сөз же сөз айкашы экинчи тилге толук которулбастан, жарым-жартылай гана которулса, жарым калька деп атайбыз. Мында жаңы сөздү же жаңы сөз айкашын түзүүчү материалдык элементтер болуп эне тилдин өзүнүн ички ресурсу да жана сырттан кабыл алынган унгулар же негиздер да кызмат кылат. Мисалы: *акционердик ишкана (акционерное предприятие), акционердик коом (акционерное общество), акциз салыгы (акцизный налог), антимонополдук чаралар (антимонопольные меры), арендалык ишкана (арендное предприятие), арендалык подряд (арендный подряд), баа индекси (индекс цен), биржалык келишүү (биржевые сделки), жашоо-тиричилик минимуму (прожиточный минимум), фермердик чарба (фермерское хозяйство), эркин экономикалык зона (свободная экономическая зона), кеп баллдуу система (многобалльная система), кичи бизнес (малый бизнес), орто бизнес (средний бизнес) ж.б.*

Ар бир тилдин сөз жасоо ыгында экинчи тилде кайталана бербей турган бөтөнчөлүктөр болот. Көпчүлүк учурда типологиялык (структуралык) жактан айырмаланган тилдердин ортосунда абсолюттук дал келүү мүмкүн эмес. Тигил же бул сөздүн калька аркылуу пайда болушун аныктоодо тилдердин ортосунда болгон тарыхый байланышты да эске алуубуз керек.

КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН КОЛДОНУЛУШ ЧӨЙРӨСҮНӨ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Кыргыз тилинин жалпы лексикасы колдонулуш чөйрөсүнө карай эки чоң топко – бүткүл улуттук жамаатка бирдей түшүнүктүү болгон ж а л п ы э л д и к л е к с и к а г а жана белгилүү аймакта жашаган же белгилүү кесип боюнча байланышкан адамдардын жамааты үчүн гана мүнөздүү болуп, колдонулуш чөйрөсү чектелген ж а л п ы э л д и к э м е с лексикага бөлүнөт.

Кыргыз тилинин сөздүк курамынын эң негизги бөлүгүн бардыгына кеңири түшүнүктүү жана кеңири колдонулган жалпы элдик лексика түзөт. Тилдин лексикалык уюткусу болгон жалпы элдик лексикасыз тилдин өзүнүн жашап турушу жана адамдардын ортосундагы пикир алышуунун эң маанилүү каражаты катары кызмат аткарышы мүмкүн эмес. Ал бүткүл улуттук жамааттын бардык мүчөлөрү

үчүн зарыл болгон турмуштук маанилүү түшүнүктөрдү туюнткан сөздөрдүн бардыгын өз ичине камтыйт.

Жалпы элдик лексика жалпы улуттук адабий сөздүктүн негизин түзөт. Мындагы сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгү колдонулуш жагынан өтө туруктуу келет жана бардык стилде бирдей колдонула берет.

Колдонулуш чөйрөсү чектелген сөздөр кандайдыр бир территориялык же социалдык жактан бириккен белгилүү адамдардын тобуна таандык болот. Диалектик, профессионалдык, терминологиялык, жаргондук лексиканын фактылары мына ушундай мүнөздө.

Диалектизмдер

Жалпы улуттук кыргыз тили өзүнүн азыркы өнүгүш этабында эки түрдүү формада: жогорку адабий тил формасында жана жергиликүү диалект, говорлор сыяктуу төмөнкү формасында жашап жатат.

Кыргыздын жалпы улуттук жазма адабий тилинин негизине кыргыз тилинин структуралык бардык деңгээлдери боюнча жалпы элдик мүнөзгө ээ болгон түндүк диалект алынган.

Ошону менен бирге кыргыз адабий тили азыр жашап жаткан түндүк жана түштүк диалектилердин, ошондой эле алардын курамына кирген говорлордун эч бирине толук дал келбейт.

Эгерде фонетикалык жана грамматикалык белгилер боюнча адабий тилдик норма менен диалектилик өзгөчөлүкгөрдү айырмалоо бир кыйла жеңил болсо, лексикалык өзгөчөлүктөр жөнүндө аны кесе айтуу көп учурда кыйынчылык туудурат. Бул кыйынчылык төмөнкү шарттарга байланыштуу.

Биринчиден, адабий тил менен диалект, говорлордун лексикалык айырмачылыгы фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүнө салыштырганда сан жагынан өтө эле көп жана лексика-семантикалык тематикасы боюнча бир кыйла чаржайыт. Анткени грамматикалык, фонетикалык өзгөчөлүктөр системалуу мүнөзгө ээ, ал эми лексикалык өзгөчөлүктөр көп учурда конкреттүү жеке сөз менен байланышат.

Экинчиден, кыргыз адабий тили жаш адабий тилдердин катарына кирет жана азыр да көбүнчө лексикалык жактан жадылануу процессин башынан өткөрүп жатат. Ошол себептен адабий норма катары калып алган сөздөр менен бирге али диалектилик тагы кете элек аралык көрүнүштөгү сөздөр да бар. Маселен, *агат* (эгэт), *ок. арык, гозо, гозопая, жегене, шалыпая, пиша, писта, гулдесте, гулзар, гулчамбар, айван, шып, адамзаада, инсан, астейдил, лазим, маара, набыт, ороцистикалык чыгармаларда, сын макалаларда, айыл чарба жөнүндө китепчелерде,*

лекция, докладдарда, радио же телеберүүлөрдө, ошондой эле көркөм адабиятта бир топ эле активдүү колдонулуп жүргөндүгүн байкайбыз. Ошону менен бирге бул сөздөрдүн жергиликтүү диалектилик мүнөзү да айкын сезилет;

Үчүнчүдөн, кыргыз тил илиминде, ошондой эле жалпы лингвистикалык адабиятта «диалектилик сөз», «диалектилик лексика» жана «диалектизм» деген терминдер жана алар туюнткан түшүнүктөр жөнүндө бирдиктүү так пикирлер жок. Айрым изилдөөчүлөр «диалектизм» деген түшүнүктү жөн эле жергиликтүү аймактык диалектиге, говорго тиешелүү сөз катары түшүндүрүшөт.

Башка бир изилдөөчүлөр «диалектизм» деген түшүнүктү жөн эле жергиликтүү аймактык диалектиге, говорго тиешелүү сөздөр же диалектилик лексика эмес, адабий тилде колдонула турган диалектилик сөз катары карайт. Маселен, В.Н.Прохорова: «диалектизмдер... адабий тилдин курамында колдонулган жергиликтүү диалекталерге таандык сөздөр»[4] деп аныктайт. Бирок бул аныктаманы да толук жана так деп эсептөөгө болбойт. Мындагы так эместик «адабий тил» менен «көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктөрдү чаташтыруудан келип чыгып отурат. Эгерде диалектилик сөз адабий тилге кирген болсо, анда ал адабий сөздөрдүн катарына өтүү менен диалектизм болуудан калат. Диалектилик сөз стилистикалык максат менен көркөм чыгарманын тилине кирип калса жана ал ошону менен бирге адабий тилдин нормасы болуп эсептелбесе, анда ал диалектизм бойдон калат. Анткени көркөм адабияттын тилинде учураган тилдик сүрөттөө каражаттарынын бардыгы эле адабий нормага туура келе бербейт жана адабий тил менен көркөм чыгарманын тили адамдар жамаатынын тилдик катнашуу каражатгарынын адабий эмес формаларына карата ар башкача мамиледе болот. Көркөм чыгарманын тилинде жалпы улуттук тилдин негизин түзгөн адабий тилдин материалдарынан башка «карапайым тилдин», жергиликтүү диалект, говорлордун элементтери да кездешет. Демек, диалектизм дегенди жалпы улуттук тилдин курамында жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү берүү үчүн көркөм чыгармаларда атайын стилистикалык максат менен колдонулган тилдик көркөм каражат катары түшүнөбүз.

Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларында колдонулган диалектизмдерди кайсы спецификалык белгилеринин берилгендигине карай аларды төмөнкүдөй типтерге бөлүштүрүп кароого болот.

Жергиликтүү диалектилерге, говорлорго тиешелүү лексиканын көркөм чыгармада колдонулушу лексикалык диалектизмдер деп аталат. Лексикалык диалектизмдердин мүнөзү бир түрдүү эмес.

Кээ бир лексикалык диалектизмдер адабий тилдеги сөздөргө абсолюттуу синоним болушат. Башкача айтканда, адабий тилдеги сөз менен диалектидеги

[4] Прохорова В.Н. Диалектизмы в языке художственной литературы.-М.:1957, 4-бет

сөз бир эле түшүнүктү берет. Мисалы: диал. илеп//ад. эрин «Илептери кеберсип, кара сур өңү түнөрөт» (Ш.А.); диал. ука//ад. ини «Өзүм сүйүнчүлөгөн үкамдин ачыктан ачык шылдындап, кемсинткен кылыгына ушундай жаным кашайды»; диал. астана//ад.босого «Он эки кыз 1-класстын астанасын кошо аттап, ошол жоон топ кыздан үчөөбүз гана калдык» (К.Боб.); диал. асел//ад. бал «Жыйын асел аарынын уюгундай күңгүрөп баратты»; диал. барик//ад жалбырак «Жолбун жел бариктерди акырын шыбыратып, кайта дым болуп жоголуп кетет» (Т.К.). Лексикалык диалектизмдердин мындай түрүн нагыз лексикалык диалектизмдер деп атоого болот.

Диалектилик лексиканын экинчи бир түрү – жергиликтүү элдин турмуш шарттарына, чарбачылыгына, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө, үрп-адатына гана тиешелүү болгон нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн аттарын атаган сөздөр. Бул сыяктуу түшүнүктөрдүн аттары бүткүл улуттук жамаатка белгисиз болот. Мындай диалектизмдердин адабий тилде абсолюттук синоними болбойт. Диалектизмдин бул түрү этнографиялык диалектизмдер деп аталат.

Лексикалык диалектизмдердин үчүнчү түрү – **семантикалык диалектизмдер.** Буга тыбыштык формасы боюнча адабий тилдеги сөзгө туура келип, бирок мааниси боюнча адабий тилден өзгөчөлөнүп турган сөздөр кирет. Мисалы: Айзада каракөз башатка эки челек («чака» маанисинде) ийиндеп сууга келди (Т.К.). Тарткынчыктатып жетелеп, торпокту («музоо» маанисинде) аркандап келди (К.Боб.). Төлөнбай миңбашы... көрпөнүн («төшөк» маанисинде) үстүндө жатат (М.А.).

Көркөм адабиятта лексикалык диалектизмден башка жергиликтүү говорлорго тиешелүү туруктуу сөз айкаштарынын – фразеологизмдердин колдонулган учурларын да жолуктурабыз. Мисалы: Аптапта катык жалашканбыз (Ш.Л.). Чучбараны кам ойлогон боз баш кыз акыл ашкысы бар мага (Ш.А.).

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү диалектилерди, говорлордун жалаң гана лексикалык өзгөчөлүктөрү чагылдырылбастан, фонетикалык жана грамматикалык (морфологиялык жана синтаксистик) деңгээлдеги өзгөчөлүктөрү да чагылдырылгандыгын көрөбүз.

Көркөм чыгармада берилген жергиликтүү диалектилердин, говорлордун тыбыштык өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылганда, төмөнкү эки учурду эске алуубуз керек. Эгерде тигил же бул тыбыштык өзгөчөлүк белгилүү диалектин же говордун бүтүндөй фонетикалык системасына мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдү чагылдырса, анда бул нагыз фонетикалык диалектизм болуп эсептелет. Буга төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот.

1) Түштүк диалектиге тиешелүү тогузунчу ә, ӛ фонетикаларынын чагылышы. Кыргыз алфавитинде ә, ӛ тыбыштарын белгилей турган атайын тамгалар болбогондуктан, бул көрүнүш чыгармаларда графикалык жактан бир сөз ичиндеги жанаша муундарда тил арты а менен катар тил алды и же э(е) үндүүлөрүн берүү аркылуу белгиленген. Мисалы: Ар кимиси ар нерсени айтып, ... Кудаяркандын башы чындап каңгы болду. Көзү жок жерде ким көрүнгөн шакебелеп, атаны жаман калдин тилегин көр дешип, күлүп жүрүштү. Майли... мен эки рекет намаз окуп алайын (Т.К.).

2) Адабий тилдеги эринчил созулмалардын ордуна түндүк диалектинин Талас, түштүк диалектинин Чаткал, Ала-Бука, Аксы жана ичкилик говорлоруна мүнөздүү эринчил дифтонгдордун берилиши. Адабий тилдеги эринчил вв, оо, уу, уу созулмаларынын ордуна колдонулган дифтонгдор көркөм чыгармаларда көбүнчө *өвү, өбү, өб, өбө обу, оу, уба, увү, уб, ау* тыбыш айкалыштары аркылуу берилген. Мисалы: Эки эгиздин бирөвүн кем жараткан, сен дүйнө (ад.бирөө). Сөздү эмнеден баштарды билишпей, экөбү тең салбырап отуруп калышты (ад. экөө). Ошол бойдон унчугушкан жок, үчөбү үңкүрдүн оозуна барышты (ад. үчөө). –Бу кайран сары атымдын төлөбү! - деди Кулкиши жаркылдай (ад. төлөөсү) (Т.К.). Өлүктү эстеп мусапырларга аш берүү – чоң собоп болот деп укчу элем (М.А.). Шералинин үстү-башын ушу убакка чейин эл көргүдөй кылып обуштуруп койбогондугу үчүн ичинен Нүзүпкө кине ойлоп кетти (ад. ооштуруп). Кожо башын кылтылдатып: -Тоуба, тоуба... – деп жакасын карманды (ад. тооба). Көк теректер желге шаулдап, туш-туш жактан гүлдүн, балдын жыты буруксуп келип жатты (ад. шуулдап. Т.К.).

Кээде эринчил дифтонг созулма үндүү сыяктуу эле эки окшош үндүү тамга менен жазылып, бирок ага тыбышы менен башталган мүчө жалганганда, мүчөнүн башындагы н тыбышы д тыбышына өткөрүлүп берилген. Мисалы: ... жыландын куйругундай гана эч шыбыртсыз тууду ээрчигиле (ад. тууну). Акыр кыямат жакындап калганбы дейм, жашы улуудан насаатын жаштар терс алып, жамандык катары көрүп, пурсатына кыспай турган болду (ад. улуунун, Т.К.). Көркөм адабияттан адабий тилдеги эринчил созулмалардын ордуна, дифтонгдордон башка тыбыштык өзгөчөлүк катары, түштүк говорлорунун көпчүлүгүнө мүнөздүү байыркы ғ, г тыбыштарынын каткалаңга айланган формасын да учуратабыз. Мисалы: Улук даражалуу, мусулман баласынын бир ишеничи, Мирза Насирдинбек жээнчеринин урматы үчүн көкбөрү алып чыкты. Бул улук сыйдын, кадырдын белгиси! – деп жаш мырзанын көңүлүн тындырды (ад. улуу). – ... Эликке чыгып, али келин сынын бузбайт (ад. элүү). – Чеч белбакты бери! – деди Нүзүп ага. Шерали унчукпай эски белбагын чечип берди. Нузуп белбак менен эки чокойду

кошоктоштуруп бекем байлатты (ад. белбоо, Т.К.). Ат кечикте катары менен төрт темирчи уста бар (ад. кечүү, М.А.).

3) Адабий тилде белгилүү позициялык шартка жараша сөз башындагы кош эринчил оозчул жумшак б тыбышы кош эринчил мурунчул м тыбышына өткөн болсо, түштүк говорлорунда көбүрөөк мурдагы түрүндө сакталып калган. Түштүк темасына арналган чыгармалардан бул тыбыштык өзгөчөлүктү да учуратабыз. Мисалы: Исхак башын жерге салып, бууну калтырап, оозуна эчтеме кирбей, көпкө унчуга албады (ад. муун). «Жакшыдан бөөн, а жамандан жахан деген ушубу?...» деген ойго кетип турду (ад. мөөн, Т.К.).

4) Түндүк диалектинин Ысык-Көлдөн башка бардык говорлорунда, башкача айтканда, Чүй, Тянь-Шань, Талас говорлоруна жана түштүк диалектинин түндүк жана түндүк-чыгыш (Чаткал, Алабука, Аксы, Кетментөбө) говорлоруна мүнөздүү з тыбышы менен с тыбышынын алмашылып айтылыш учурлары да көркөм чыгармаларда кездешет. Мисалы: Абил бий.. жээги күмүш кызыл кырма кесени кесеги келгенде алып, ... дагы эле ойдон бөлүнө албай, ой толгоо тартып отуруп калды (ад. кезек, Т.К.). Оозунан өжөк-өжөк жин атып, ... кайра үч бүктөлүп түйүлө токтой калып, кайра кузуп, ичеги-карды үзүлүп, жаны чыгып баратты (ад. кусуп, Ч.А.).

Адабий чыгармаларда жолуккан нагыз фонетикалык диалектизмдер ушуну менен эле чектелбейт. Бирок келтирилген мисалдар деле кыргыз көркөм адабиятында мындай тыбыштык өзгөчөлүктөрдүн канчалык деңгээлинде кеңири чагылдырылгандыгына далил боло алат.

Эгерде адабий тилден айырмаланган тыбыштык өзгөчөлүк тигил же бул диалектинин же говордун бүтүндөй фонетикалык системасына тиешелүү болбой, бирин-эки сөз менен гана чектелсе, анда сөз лексика-фонетикалык диалектизм жөнүндө болуу керек. Көркөм чыгармалардан бир нече мисалдар келтирелик: - Бий тууру айтат (ад. туура, Т.К.).

Тууган жер, аман тургун, колду келе!
Балдарың, сени тыштап кетмек беле? -

(ад. ташта, Т.Кож). - Жиендериңиз эч кимдин чекесин жылыткан жок, бий - деди (ад. жээн). Эки колу, эки буту кара темир жынжыр менен чидерленип,... төрт жакка керип алышкан (ад. чынжыр). -Мадылым, мүнүшкөр тууганыңдын колунан мынтык коргондой болдум беле? (ад. мылтык)... дарбиясы болбой иштин көзүн билбей турса, ушул учурда хам башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот (ад. тарбия, Т.К.). ... көпчүлүгүнүн башындагы допулары гана жаңы (ад. топу, М.А.).

Чөңөр кирип бутуна
Араң келди сороктоп

(ад. чөмөр) (Т.Кож.). Өтөгү күдүрөйгөн жаңак, ак чечектүү бадал (ад. жаңгак). Иса оулия күймөнүп, чекесин алтын менен чегелеген, түбү чукур кичинекей чөйчөккө кумурадан бирдемени куя баштады (ад. чуңкур). Төбөсү бийик, кайырмасындагы көрпөсү ничке келген бөрк (ад. ичке, Т.К.).

Кимдин, кимдин дарды өттү?
Көз жашын жигит көлдөттү (ад. дарты, М.А.).

Көркөм адабияттын материалдарынын негизинде эле диалектилердин, говорлордун фонетикалык өзгөчөлүктөрүн нагыз фонетикалык жана лексика-фонетикалык диалектизмдерге бөлүштүрүү бир кыйла шарттуу болушу да мүмкүн. Анткени көркөм чыгармаларда жалпы улуттук тилдин курамындагы диалектилик өзгөчөлүкүтөрдүн толук чагылдырылышы мүмкүн эмес жана анын зарылдыгы да жок. Анын үстүнө, көркөм адабиятта диалект, говорлордун фонетикалык өзгөчөлүктөрүнүн тигиниси да, мунусу да жергиликтүү калктын тил өзгөчөлүгүн берүү максатын көздөп, стилистикалык жактан бирдей эле функция аткарат.

Көркөм адабияттагы сөздүн морфологиялык өзгөчөлүгүнө байланышкан диалектизмдер да фонетикалык диалектизмдер сыяктуу **нагыз морфологиялык** жана **лексика-морфологиялык диалектизмдерге** бөлүнөт. Диалект, говорлордун көбүнчө сөз өзгөртүү системасына тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрүнүн көркөм чыгармада берилиши нагыз морфологиялык диалектизм болот.

Кыргыз жазуучуларынын көркөм чыгармаларынан диалект, говорлордун сөз өзгөртүү системасына байланыштуу төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдү көрөбүз:

1) Түштүк диалектинин көбүнчө түштүк-батыш (ичкилик) говорлоруна мүнөздүү таандык уландынын III жагында турган зат атоочтордун барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө өзгөчө жөндөлүшү. Мисалы: –Күмбөз айланасыга көп жыл жашай турган чынар терек сайдым (ад. айланасына). Өз калкыны кор тутуп, залим болду падыша.,. (ад. калкын, Т.К.).

2) Адабий тилден айырмаланып, кээ бир көркөм чыгармалардын текстинде этиштик мамилелерди уюштуруучу айрым мүчөлөр түшүп калган түрүндө берилсе, кээде, тескерисинче, кошулуп берилген. Мисалы: .... тийбегени ташка урунуп чырылдап, тескери кайып кетип жаткан октун чуусу кулагын жаңырды (ад. жаңыртты). Бекназар колундагы кесе менен Абилди уруп жиберди да, унчукпай эшикке чыга жөнөлдү (ад. жөнөдү, Т.К.). Ошол замат эле молдолор, имамдар, мударистер, өзүнүн жан-жөкөрлөрү элдин арасына таралды (ад. тарады, М.А.).

3) Айрым көркөм чыгармаларда адабий тилдеги чакчылдын -ып мүчөсүнүн ордуна ниет ьңгайдын -макчы мүчөсү колдонулган. Мисалы: Аны көрмөкчү

саркерлер, бектер аттарынан күбүлүп түшүп, артынан шашылып жөнөштү (ад. көрүп, Т.К.).

4) Адабий тилге мүнөздүү -ганы формасындагы максат чакчылдын орду-на көркөм чыгармалардан негизинен түштүк-батыш говорлоруна мүнөздүү жана түндүк диалектинин кээ бир пункттарында да параллелдүү форма иретинде кез-дешкен -галы формасын да учуратабыз. Мисалы: Бизди шектүү кишилер ката-рында эсетеп, өз жолубузга салгалы жатышабы? - деп өз ичибизден ар түрдүү нерселерге жоруп отурдук (ад. салганы, М.А.).

5) Этиштин татаал учур чагын уюштурууда көмөкчү этиштин функция-сында колдонулуучу жат, отур, тур, жүр деген этиш сөздөр менен катар түндүк диалектинин Талас, төмөнкү Чүй говорлорунда жана түштүк диалектинин түн-дүк-батыш (Чаткал, Алабука, Аксы) говорлорунда бул төрт этиштин узарган формасы да жат//жатыр-// жатыры-, отур-// отуру-, тур-//туру-, жүр-//жүрү болуп параллель колдонулат. Мисалы: – Кудай бербесе, Султанмаамыт бекер чабылып жатыры... (ад. жатат, Т.К.).

Төбөсүндө күндөн тоскуч чатыры,
Күйгөн түштө кулак байлап жатыры (ад. жатат, Т.Кож.).

– Кишинин кебин укпай, эмне деп дөөдүрөп отуру бу! ... (ад. отурат, Т.К.). ... көзү чекирейип, талашка түшкөн ат кайда туру экен дегендей, алдыртан серп салып, топко акырын салам айтып келди Абил бий (ад. турат). –Жүрү да бир тен-тек (ад. жүрөт, Т.К.).

Тигил же бул диалектинин, говордун бүтүндөй сөз өзгөртүү системасына тиешелүү болбой, диалектилик мүнөздөгү жекече сөздөргө байланышкан мор-фологиялык көрүнүштөр лексика-морфологиялык диалектизмдер деп аталат. Лексика-морфологиялык дилектизмдерге диалектилик сөз менен адабий тилдеги сөздүн үнгусу окшош келип, көбүнчө сөз жасоочу мүчөсү же сөз жасоо струк-турасы боюнча айырмаланат. Мисалы: - Бүркүтүндү үксүйтүп тыттын башына кондуруп койсоң болду, ошондо эле чымчык атпай бул чөлкөмгө жолобой калат (ад. аттуу). Ала-Тоо коюну азбы? Табылар бизге баш катар бир бурчек (ад. бурч, Т.К.). Менин Ошто эң кадырдан өзбек досум бар (ад. кадырлуу, М.А.).

Лексика-морфологиялык диалектизмдердин катарына диалект, говор-лордун сөз өзгөртүү жана сөз жасоо структураларына байланышкан жекече көрүнүштөрдөн тышкары сырдык сөз, жандооч, бөлүкчө сыяктуу грамматика-лык категорияларга тиешелүү жекече өзгөчөлүктөрдү да кошууга болот.

Мисалы: – Ка, өзүнүн шору... Казыкка! – деп катуу айтып бурулуп басып кетти (сырдык сөз «мейли» деген мааниде). Өз эл, өз журт, качан болсо да ала-канда кү?! (ырастагыч мааниде колдонулат, Т.К.).

Кыргыз адабий тили менен анын диалект, говорлорунун ортосунда син-таксистик айырмалар дээрлик жок. Айрым гана байламтага тиешелүү диалек-тилик-говордук өзгөчөлүктөрдү морфологиялык өзгөчөлүк эмес, синтаксис-тик өзгөчөлүк катары кароо жөндүүдөй. Анткени байламталар жеке сөздүн структуралык түзүлүш чегинен чыгып, сүйлөм ичиндеги сөздөрдү жана кош-мо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырып, синтаксистик категория катары кызмат аткарышат. Кээде байламталардын өз-гөчөлүктөрү сүйлөмдөгү сөздөрдүн, баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн айка-лыш конструкцияларына, орун тартибине өзгөртүү киргизиши мүмкүн.

Кыргыз жазуучулары өз чыгармаларында төмөнкүдөй диалектилик бай-ламталарды колдонушкан:

1) Хам // һэм //йэм//эм/ байламтасы. Бул байламта түштүк говорлордо ак-тивдүү колдонулат да, аткарган функциясы боюнча адабий тилдеги да байламта-сына туура келет. Мисалы: ... ушул учурда хам башка бир жетик адамды ханга аталык бийлигине чакырса болот (Т.К.).

2) Амалейким байламтасы. Бул байламта адабий тилдеги бирок, анткени ме-нен, эгерде деген байламталарга жана чындыгында, сыягы деген модаль сөздөргө да туура келет. Мисалы: Амалейким, чөбүндү билбейм: оягын өзүң карап көр. Амалейким, ошол силердин айылыңыздардагы кишилердин төрөсү (М.А.).

3) Ки байламтасы да түштүк говорлорунда бир кыйла активдүү колдонулат жана бардык учурда багынычтуу сүйлөмдөрдү баш сүйлөм менен байланышты-рып, маниси жактан ар түрдүү функция аткарат.

Мисалы: ... чоң кудайдын каалоосу ушул экен ки, биз эмес сиз желдеттин алдына түшө турган болупсуз. - ... Адалаты ушул ки, бийлик эгесинин бир ооз макулдугун алып коюу зарыл... – Булардын ортосу ушундай чаташкан ки, бир жагы кыйрамайынча тынчылык болбойт.

– ... Менин сизге жан тартып айтар кеңешим ушул ки, бек, Болот- ханды тез бошотуп бергениңиз оң (Т.К.).

Ошондой эле ки байламтасы бөтөн сөздүн ар кандай түрлөрүн берүү үчүн да кең түрдө пайдаланылат. Мисалы: - ... Эң акыры сизден ушуну өтүндү ки, колбашчы дарбазалардан аскерлерин нарыраак тарта турсун, алсызга ырайым ойлоп, чыгып кетүүгө жол берсин деди (Т.К.).

Кыргыз көркөм адабиятында жергиликтүү колоритти түзүү, турмушту реалдуу сүрөттөө, персонаждардын тилин индивидуалдаштыруу, сүрөттөөнүн объектисин этнографиялык жактан сыпаттоо, предметти кыска, так атоо, эмо-циялык-экспрессивдик оттеноктору берүү, образдуулукту күчөтүү жана сино-нимдик катарларды пайда кылуу сыяктуу стилистикалык максат менен түштүк темасына арналган Т.Касымбековдун «Сынган кылыч», «Келкел», М.Абдука-

римовдун «Жашагым келет», «Жаңырык», М.Борбугуловдун «Элеттик жигит», Ш.Абдырамановдун «Дыйкандар», «Тагдыр» романдарында, К.Бобуловдун «Түштүк кызы», М.Ганаровдун «Кара-Көлдүн каздары» повесть, аңгемелеринде диалектизмдер бир кыйла кеңири колдонулат. Бирок жалпы кабыл алынган адабий нормадан мындай чегинүүлөр сөз устаттарынан чоң чеберчиликти, өтө кылдаттыкты талап кылат.

Айрым жазуучулар өздөрүнүн чыгармаларында стилистикалык зарылдыксыз эле, адабий тилдин нормасына залал келтирип, диалектизмдерди натуралистик менен колдонгон учурлар да кездешет.

Профессионализмдер

Кандайдыр бир өндүрүштүк ишмердигине, адистигине же кесибине байланыштуу бириккен адамдардын белгилүү жамаатынын кебине тиешелүү болгон сөздөр **профессионализмдер** деп аталат.

Кыргыз тилинин сөздүк курамына, башка тилдердегидей эле, жалпы элге кеңири түшүнүктүү эмес, кесиби боюнча байланышкан адамдардын кебинде гана кеңири колдонулган жана ошолор үчүн түшүнүктүү болгон сөздөр да кирет. Мына ушул кесип менен байланыштуу сөздөр профессионалдык лексикага же профессионализмдерге жатат. Кыргыздар байыркы мезгилдерден бери эле мал чарбачылыгы, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, аңчылык, кийинчерээк бакчылык, бакчачылык, пахтачылык, жибекчилик, тамекичилик сыяктуу ар түрдүү кесиптер менен күн өткөрүп, турмуш кечирип келишкен. Ошон үчүн кыргыз тили ар кандай кесипке байланышкан сөздөргө бай. Атап айта турган болсок: жалпы мал чарбачылыгына байланыштуу *кой, козу, токту, борук, соолук, ирик, кочкор, козу кочкор, эчки, улак, чебич, серке, теке, уй, музоо, торпок, кунаажын, букачар, огуз, ноопаз, бука, жылкы, бээ, ат, кулун, жабагы, кунан, байтал, бышты, асый, айгыр, аңги, төө, тайлак, нар, каймал, инген, буура, чабан, жайыт, жайлоо, кыштоо, отор, төл, кашар, сакманчы* деген сыяктуу, бээ байлап, кымыз ачытууга байланыштуу желе, нокто, тегээ, чанач, сабаа, бишкек, конок, көөкөр, саамал ж.б. сөздөр кыргыз элинин эзелки ата кесибине байланыштуу болгондуктан, алар жалпы элдик мүнөзгө ээ. Ал эми пахтачылыкка байланыштуу шүдүгөр (чигит эгүү үчүн айдалып даярдалган жер), *чигит* (пахтанын уругу), *чигит суу* (чигит эгилгенден кийинки жиберилүүчү суу), *агет* (чигитке суу кетүүчү арыкча), *жагана* (пахтанын суюлтулушу), *шана, шаналоо* (пахтанын бүр алышы), *чеканка* (пахтанын бою узарып кетпес үчүн үстүнкү бүчүрлөрүнүн учун үзүп туруу), *косек* (ачыла элек же чала ачылган пахта чанагы), *чанак* (ачылган пахта кутучасы), *гозо* (пахта өсүмүдүгү), *гозопая* (пахтанын куурайы) сыяктуу сөздөр; тамекичиликке байланыштуу *бал* (тамеки тигилген майда арыкчалар), *дымкана//жер төлөө* ж.б. сөздөр; аңчылыкка, мүнүшкөрлүккө байланыштуу *тузак, капкан, салбуурун, чуурутма, туур, томого, тосот, упчун, колбоор, муз мурут, карачык, бака баш, иленин чөлү, бөксөнүн чөлү, ак күп, бозум түлөк, ым түлөк, кум түлөк, ыл түлөк, таш түлөк, барчын* деген сыяктуу сөздөр колдонулуш жагынан чектелип, жалпы элдик мүнөзгө ээ эмес. Демек, кесиптин жалпы элдик же чектелген мүнөзүнө жараша ал кесиптерге байланыштуу түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр да жалпы элдик жана жалпы элдик эмес болуп бөлүнөт экен. Ошондуктан профессионализмдер же профессионалдык лексика жөнүндө сөз кылганда, жалпы эле кесипке байланыштуу сөздөр туурасында эмес, колдонулуш чөйрөсү чектелген кесипке байланыштуу сөздөрдү атаганыбыз жүйөлүү болчудай.

Бирок профессионализмдердин бардыгы эле жалпы кыргыз элине таптакыр түшүнүксүз сөздөр деп айтууга болбойт. Бул же тигил өндүрүштүк тармак, кесип боюнча заттардын аттарын, көрүнүштөрүн, процесстерин көрсөтүүчү профессиоиалдык сөздөр башка адамдар үчүн түшүнүктүү болсо да, ошол кесиптеги адамдарга гана таандык. Башка кесиптеги адамдар ал сөздөрдүн көбүн түшүнүшөт жана өздөрүнүн кептеринде колдонулушу да мүмкүн, бирок сейрек колдонулат. Профессионалдык сөздөрдүн кээ бирлеринин колдонулуш чөйрөсү кеңейип, белгилүү кесиптеги чөйрөдө гана эмес, кеңири колдонулуп, жалпы элдик сөзгө айланып да кетет. Мисалы: *пахта, гозо, була, чигит, шалы, эриш, аркак, тузак, туур, барчын* деген сыяктуу ар түрдүү кесипке байланышкан сөздөр элдик турмушка кеңири кирип, жалпы элдик сөздүктүн энчисине айланды.

Профессионалдык сөздөрдүн да диалектилик сөздөр сыяктуу колдонулуш чөйрөсү чектелген болот деп айтгык. Бирок профессионалдык сөздөр диалектилик сөздөрдөн олуттуу түрдө айырмаланат:

1) Диалектилик сөздөрдүн чектелиши территориялык жактан болсо, профессионалдык лексиканын чектелиши социалдык жактан болот;

2) Диалектилик сөздөр адабий тилдин лексикасына кирбейт, профессионалдык лексика адабий тилдин лексикасына кирет.

Көркөм чыгарманын мазмуну кайсы кесипке байланыштуу алынган болсо, ошого жараша кездешет. Алып айтсак, чыгарманын каарманы устабы же аңчыбы, пахтачыбы же багбанбы, шахтербу же студентпи, врачпы же койчубу, ошого карата алардын кептеринин, кээде чыгарманын мазмунуна карата автордун кебинен да профессионализм сөздөрдү кездештирүүгө болот. Маселен, Тоголок Молдонун «Устанын аялынын кошогунда»:

Балкасы менен зар чапкан,
Бармагы менен мал тапкан...
Балаңа калды мүлк болуп,

Болоттон соккон барсканың...
Дөөшүң калды темирден,
Көзү ачык кетти өмүрдөн

– деп, кызматын жана ал урунган аспаптарды ачык көрсөтөт. Ал эми «Дыйкандын аялынын кошогунда» шайман, тиркээч, буурусун, сугатчы, орокчу деген сыяктуу дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр учурайт. Мисалы:

Буурусунун буктурган,
Кара жерге суктурган. ; ,

Пахтачылыкка байланыштуу чыгармаларда: Артык... беш-алты чеңгел пахта терип, аны этегине таштап, анан экинчисине өтүп кетет. (Ш.А.). Ж.Бөкөнбаевдин шахтерлорго арналган «Кызыл-Кыя» аттуу чыгармасында:

«Чап кайлоңду, чап кайлоңду,
Дагы эпкиндеп арталык» -
Деген үндөр миң миллион,
Жер алдында жар салып.
Ал забойщик эр кажыбас,
Ал эмгектин балбаны.
Жылтыр-жылтыр ар кай жерде.
Карбиттери колдогу

– деп, *кайло, забойщик, карбит* деген сыяктуу шахта ишине байланыштуу сөздөрдү пайдаланса, С.Сасыкбаевдин «Таңкы гудок» деген китебинде откатчица (шахтадан казылган кенди ташып чыгаруучу), эстакада (тирөөчтөргө же мамыларга салынган көпүрө), чоюн эритүүчү формовщик, токарь деген сыяктуу ар түрдүү кесипке байланыштуу сөздөр колдонулган. Ошол эле автор «Фабрика кызы» деген чыгармасында запарщица (тканды булоо аркылуу иштеп чыгаруучу), ловитель (ыргытылган пилланы тосуп алуучу), мотальщица(жип түрүүчү) деген сыяктуу кесиптик сөздөрдү колдонот. Мисалы: - Запарщицанын кызматын бир аз боолголоп калдыңызбы, Шарипа?.. Станокторду кыдырып келе жаткан мастер Кадыржан ловителдерге пилла ыргытууга үлгүрө албай калган мотальщицаны карап добуштанды.

Автор өз чыгармасында профессионализмди колдонуу менен, алардын кайбирлери өндүрүштүн башка тармактарынын өкүлдөрү үчүн түшүнүксүз экендигин эске алып, андай сөздөрдүн маанисинин түшүндүрмөсүн бере кетүү керек.

Термин жана терминология

Профессиоиалдык лексика белгилүү кесипке байланыштуулугу жагынан терминдерге жакын. Ошондуктан профессиоиалдык сөздөр менен терминдерди бириктирип, **атайын лексика** деген ат менен да аташат. Ошону менен бирге терминдер бир катар белгилери боюнча профессионалдык лексикадан айырмаланат.

Термин деп илимдин, техниканын, искусствонун, чарбанын жана экономиканын жана башкалардын тармактарына тиешелүү атайын түшүнүктөрдү так атоо үчүн колдонулган сөздү же сөз айкашын айтабыз. Терминдер көп маанилүүлүктүн, өтмө маанилүүлүктүн, экспрессивдүүлүктүн жоктугу менен термин эмес сөздөрдөн, ошонун ичинде профессиоиалдык лексикадан да, айырмаланат. Тактап айтканда, бир илимдин же техниканын тармагындагы бир термин бир гана түшүнүктү туюнтуп, бир гана маанилүү болушу керек. Бирок бир тармак ичинде да бир эле терминдин көп маанилүү болуп калган учурлары жок эмес. Маселен, кыргыз тил илиминде мүчө деген термин сөз мүчөсү, сүйлөм мүчөсү болуп көп мааниде колдонулат. Мындай көрүнүштү илимдин башка тармактарынан да байкоого болот.

Ошондой эле терминдердин өз ара синоним болуп колдонгон учурлары да бар. Алыска барбай эле, кыргыз тилинин фактыларына кайрыла турган болсок, лингвистика //тил илими, аббревиатура//кыскартылган сөз, аккомодация //ыңгайлашуу, сингармонизм //үндөшүү, ассимиляция //окшошуу, диссимиляция // окшшпоо, аффикс //мүчө, семантика //маани ж.б. терминдер мыйзамдуу көрүнүш катары синоним болуп колдонулуп келе жатат. Мисалдардан көрүнгөндөй, катар колдонулган терминдердин бир түгөйү эл аралык термин болсо, экинчиси улуттук тилдеги эквиваленти болуп саналат.

Терминдердин профессиоиалдык сөздөрдөн болгон экинчи айырмачылыгы: терминдер тигил же бул түшүнүктү так атоо үчүн тилдик закон ченемдерге, эрежелерге ылайыкталып, лексикалык моделдердин үлгүсүндө атайын иштелип чыгат жана мамлекеттик же илимий мекемелер тарабынан официалдуу түрдө кабыл алынат, ал эми профессионалдык сөздөр официалдуу кабыл алынбайт жана стихиялуу түрдө өнүгөт. Терминдердин пайда болушу жана өнүгүшү ар бир илим, техника, өндүрүш тармагындагы жылыштарга байланыштуу болот. Жаңы илимий, техникалык түшүнүктөрдүн пайда болушу менен дароо бир мезгилде аларды атоо үчүн илимий-техникалык терминдер пайда болуп турат да, кандайдыр бир өлчөмдө ар бир илимдин деңгээлин да чагылдырат.

Ар бир илимдин, техниканын, искусствонун ж.б. тармагындагы терминдердин жыйындысы *терминология* деп аталат.

Илимдин, техниканын ж.б. ар кайсы тармактарына тиешелүү терминдерден мисал келтирелик:

а) коомдук илимдер боюнча - *материя, аң-сезим, диалектика, революция, партия, капитализм, социализм, коммунизм, базис, надстройка, экономика, эмгек өндүрүмдүүлүгү, өндүрүштүк мамиле, диктатура, пролетариат* ж.б.

б) физика боюнча - *механика, оптика, атом энергиясы, магнит талаасы, салыштырма салмак, чыңалуу, катыш идиштер, инерция, ылдамдык, магнетизм, корпускула, фосфоресенция, кванттык электродинамика, термоэлектрондук эмиссия* ж.б.

в) математика боюнча - *синус, косинус, үч бурчтук, квадрат, параллелепипед, теңдеме, дифференциал, интеграл, плюс, минус, тамыр, көптүк, туюнтма, амал, бөлчөк, бөлүү, көбөйтүү, көбөйтүндү, сумма* ж.б.

г) химия боюнча - *кислота, щелочь, окисление, водород, кислород, инерттуу газ, реакция, реактив, реактивдуулук, гидролиз, полиморфизм, иодометрия* ж.б.

д) биология боюнча - *микроорганизм, эмбрион, эмбриология, шарттуу жана шартсыз рефлекс, ботаника, зоология, омурткалуулар, сойлоп жүрүүчүлөр, чаңдашуу, анабиоз, , фикус* ж.б.

е) медицина боюнча - *ангина, диагноз, стрептоцид, наркоз, хирург, окулист, профилактика, грипп, миокард, пинцет, детрит, серотерапия, фиброма, лейкемия* ж.б.

ж) техникалык илимдер боюнча - *экскватор, бульдозер, техника, дизель, турбина, космос, кыймылдаткыч* ж.б.

з) айыл чарба илимдери боюнча - *агроном, агрономия, айыл чарба машиналары, ветеринария, ветврач, зооинженерия, зооветэреже, мелиорация, комбайн, трактор, которуштуруп айдоо* ж.б.

и) лингвистика боюнча - *лексика, фонетика, фонема, сингармонизм, грамматика, грамматикалык түзүлүш, сүйлөө, сүйлөм мүчөлөрү, сөз түркүмдөрү, зат атооч, сын атооч, этиш, атоочтук, чакчыл, тактооч, морфема, орфография, орфоэпия, омоним, синоним, антоним* ж.б.

к) адабият таануу боюнча - *поэма, проза, роман, повесть, сюжет, композиция, жанр, эпос, лирика, драма, комедия, трагедия, эпилог, пролог, кульминация, аңгеме, жомок, ыр, ыр түзүлүшү, реализм, рифма* ж.б.

л) саясий дипломатиялык терминдер - *сессия, пленум, чечим, токтом, нота, билдирүү, коммюнике, келишим, договор, элчи, консул, депутат, аткаруу комитети, автономия, эл аралык абал* ж.б. Булар официалдуу лексика деп да аталышат.

м) согуштук терминдер - *авиация, артиллерия, рота, батальон, эскадрон, пулемет, бронемашина, фланк, тыл* ж.б.

н) басма иштерине байланыштуу терминдер - *набор, басма, сигналдык экземпляр, корректор, курсив, шрифт, наборщик* ж.б.

о) спорттук терминдер - *футбол, баскетбол, хоккей, тайм, гол, дарбаза, дарбазачы, күйөрман, гроссмейстер, шахмат, чемпион, старт, финиш* ж.б.

Жогоркудай илимдин, техниканын ж.б. тармактарына тиешелүү терминдердин ичинен кай бирлери эл арасында кенири колдонулат, экинчи бирлери ошол кесиптеги адистер үчүн гана түшүнүктүү болушу мүмкүн.

Кыргыз тилинин терминологиясы Октябрь революциясынан кийинки мезгилде гана иштелип чыгып, калыптанды. 1926-жылы терминологиялык комиссия түзүлүп, ошондон бери ийгиликтүү иштеп келе жатат.

Жаргондук-арготикалык сөздөр

Жалпы кызыкчылыктары, иштеген иштери, коомдогу ал-абалы боюнча биригкен адамдардын социалдык айрым топторунун тар чөйрөсүндө колдонулган атайын сөздөр жаргондор деп аталат. Жаргондор көбүнчө жалпы элдик тилде белгилүү сөздөрдү маанилик, же тыбыштык, же морфологиялык жактан атайылап бузуп колдонуунун натыйжасында пайда болот.

Жаргондор студенттердин, окуучулардын кебинде же башка бир кесиптик тар чөйрөлөрдө колдонулат. Маселен, студенттердин кебинде «экзаменден өтпөй калуу» маанисинде кулоо (кулап калуу), жыгылуу (жыгылып калуу) деген сөздөр колдонулат: Деги оозекиге бышык даярданчы, кыядан учкан төөгө окшоп, дардайып кулайсыңбы деп менде жан жок (К.О.). Эгер жооп бере албасаңар экөөңдү тээп, кулатат элем (М.Б.). Ошондой эле Жалпы студентгердин кебинде «академиялык карыз» куйрук, «орто баа" эл аралык баа, «жаман баа» кайырмак деген жаргондор менен айтылат.

Жаргондор туруксуз, өзгөрмөлүү келет, тактап айтканда, бир эле түшүнүктү, нерсени, буюмду ар башка жердеги бирдей чөйрөдөгү топтор ар башкача айтышы мүмкүн. Мисалы үчүн Ысыккөл университетинин филолог студенттеринин жаргондоруна көңүл буралык: *«студент»–«тагдырдын өгөй балдары», «староста» – старчын, «аудитория» – илимий кашар, «куратор» – көңүл жубатар, «лекция» тихий час , «үч жуп сабак» – үч убак намаз, «вахтерша» – байлоодогу бульдог, «экзаменатор» – Аңкүр-Маңкүр, «коңгуроо» – чырр жыргал!!!, «парта» – Орхон- Енисей таштары, «биринчи курстун студенттери» – «Эрте келген турналар», «бешинчи курстун студенттери» – «Каркыралар кайтканда», «сессиядан кийин» – «Адам болгум келет», «сессия» –«Дүйнөнү дүңгүрөткөн он күн», «окуу залында отуруп окуу» – «Дүйнө бизди жаңыртат, биз дүйнөнү жаңыртабыз», «Экзаменден карызы бар студент» – «Жараланган жүрөк», «экзамен» – «Ажал ордуна», «Кош Ала-Тоо, уулуң кетти майданга», «мыкты окуган студент» – ак жүрөк, «доска» – элеси жок сүрөттөр, «комендант аял» – септүү селки, «факультеттин деканы жана окутуучулары» – «Али-баба жана кырк каракчы»,*

«стипендия» – «Өлбөстун үрөнү», «сессия» – «Кыл көпүрө», «фронт», «тааныш окутуучу» – домкрат, «Диплом» – «Күттүргөн жаз да келер», «тааныш окутуучу аркылуу баа койдуруп алуу» – тептируу ж.б. Ош университетинде колдонулган жаргондор: кеселман – «абитуриентке кирүү экзаменинде жардам берүүчү адам», тамак акы, мандай тер – «абитуриентге окууга өткөрүүгө берген жардам үчүн алган пара».

Жаргондун бир түрү катары көбүнчө кылмыш дүйнөсүндө колдонулган жашыруун сөздөр *арго* деп аталат.

Жаргондордун, арготизмдердин пайда болушу профессионализмдерден айырмаланып, илимдин, өндүрүштүн, эмгектик ишмердүүлүктүн таламдары менен, коомдук жыргалчылыктын адептүүлүк идеясы менен эч кандай байланышы жок. Студенттердин, окуучулардын, жалпы эле жаштардын айрым бир катмарлары өздөрүнүн жаргондорун, арготизмдерин чыгарып, аларды таратуу менен, окууга көңүл коштукту, улууларды урматтабагандыкты, коомдогу баалуулуктарды сыйлабагандыкты билгизишет. Ошондуктан жаргондор, арготизмдер эч качан кубаттоого арзыбайт, тилдин адабий нормасын бузат.

Арготизимдерди , ошондой эле жаргондук лексиканы колдонуу тилди булгайт. Көркөм адабий чыгармаларда айрым персонаждардын тил өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө үчүн, кылмышкерлердин, уурулардын түрмөдөгүлөрдүн турмуш-тиричилигинин жашыруун жактарын сүрөттөө үчүн, жаргондук, арготикалык лексиканын айрым элементтери колдонулганын көрөбүз. Атап айтсак, жазуучу Мелис Макембаевдин кылмыш дүйнөсүн сүрөттөөгө арналган «Караколдун түрмөсү», «Бөрүлөрдүн чыйыры», «Зона», «ЗЭК», «Карышкырдын белети», «Кайыктардын көрүстөнү», «Эски түрмөнүн ыйы» аттуу чыгармаларында төмөнкүдөй арготизмдер колдонулган: зэк -«заключенный» деген сөздөн алынган, соттолгон адам, нара, шконка - камактагылар уктоочу, темирден ширетип жасалган керебет, кепе, хата - камера, селсаяк – орусча «бродяга», камактагылар өздөрүн кылмыш дүйнөсүндө ушинтип айтышат, братва, тууган – түрмөдөгүлөр бири-бирине ушинтип кайрылышат, аштоо, кормушка – эшиктеги тамак берилчү төрт бурчтуу оюк, баланда – түрмөнүн тамагы, баландер - тамак ташыган камактагы адам, мент жалпы жонунан «милиция» деген мааниде.

Мисалдардан көрүнгөндөй, жогорудагы арготизмдер орус тилиндеги же орус тилинен калькаланган сөздөр болуп эсептелет. Демек, кыргыз тилинде өз бетинче кылмыш дүйнөсүнө тиешелүү арготизм сөздөр калыптанган эмес.

КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНЫН СТИЛИСТИКАЛЫК КАТМАРЛАРЫ

Азыркы кыргыз тилинин лексикасы чыгыш теги, эски жана жаңылыгы, колдонулуш чөйрөсүнүн ар түрдүүлүгү жагынан гана эмес, экспрессивдүү-эмоциялуулук жана стилистикалык жагы боюнча да татаал жана көп кырдуу мүнөзгө ээ. Анткени сүйлөгөн же жазган адам тигил же бул нерсени, көрүнүштү жөн эле атап гана койбостон, ал нерсеге, көрүнүшкө карата белгилүү бир мамилесин билгизиши да мүмкүн. Ошого байланыштуу тилдеги сөздөрдүн бардыгы эле оозеки кепте да, жазма кепте да бирдей даражада колдонула бербейт. Ачык айтканда, кай бир сөздөр оозеки кепте да, жазма кепте да бирдей активдүү колдонулса, кайсы бирөө оозеки кепте гана колдонулуп, жазма кепте колдонулбайт же белгилүү максатка ылайык гана аз санда колдонулат. Анын тескерисинче, кээ бир сөздөр жазууда пайдаланылып, оозеки кепте пайдаланылбайт, же сейрек пайдаланылат. Ошондуктан лексиканын стилистикалык системасы менен да таанышууга тийишпиз.

Азыркы кыргыз тилинин сөздүк курамындагы сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүнүн пайда болуш доору менен булагы, жасалыш ыкмасы, колдонулуш чөйрөсү гана эмес, экспрессивдүү-эмоциялуулук жана стилистикалык колдонулушу боюнча да өзгөчөлүккө ээ экендигин байкоого болот. Мисалдар келтирелик: чоң-зор-олчойгон-килейген деген синонимдик катардагы сөздөрдү алып карасак, бул сөздөр жалпысынан бир түшүнүктү туюнткан менен, алардын ар бири өзүнчө кошумча мааниге ээ. Чоң деген сөздү бардык учурда эле бирдей жалпы колдонууга болсо, зор көбүнчө жазма кепте, олчойгон, килейген көбүрөөк оозеки сүйлөө кебинде колдонулат. Ошондой эле күжүрмөн-эмгекчил-эпкиндүү, бала– перзент–туяк, жаман–начар–оозго алгыс–колго алгыс деген сыяктуу синонимдик катардагы сөздөрдү алсак, ар бир катардагы сөздөр тилдик жактан өз ара бири-биринен айырмалангандыгын көрөбүз. Маселен, эмгекчил, бала, жаман деген сөздөр жалпы колдонулса, күжүрмөн, эпкиндүү, начар жазма кепке, перзент, туяк, оозго алгыс, колго алгыс оозеки кепте көбүрөөк колдонулат. Мисалдардан көрүнгөндөй, тилдеги сөздөрдүн стилистикалык катмары синонимика маселеси менен да тыгыз байланышта каралууга тийиш экен.

Лексиканын стилистикалык катмарлары жана сөздөрдүн экспрессивдүүлүк, эмоциялуулук маанилери ар түрдүү. Адамдар белгилүү бир мазмунду берүү үчүн ал тууралуу жөн-жайынча гана айтып койбостон, ага карата өз мамилесин, ички сезимин (канааттануусун, кубаттоосун, жакшы көргөнүн, жактырганын,эркелетүүсүн, кубангандыгын, сүйүнгөндүгүн, суктануусун, буларга карама-каршы жаман көрүүсүн, кекээрленгенин, какшыктоосун, кагуусун, карасаноосун ж.б. ички сезим, мамиле даражаларын) билгизүү үчүн да аракет жасашат. Бул үчүн

тилде кептин (речтин) белгилүү стили талап кылынат. Стиль деп тил каражаттарын, анын ичинде сөздөрдү да, белгилүү шартта, максатка жана зарылчылыкка карата түрдүүчө ык менен колдонуунун жолун айтабыз. Жаза турган же сүйлөй турган адам жалпы элдик тилдин запасынан, мүмкүн болушунча, таасирдүү, көркөм, образдуу жана алдыга коюлган максатка жарамдуу деп эсептелген тил каражаттарын ылгап алат. Муну менен кабарлоочу (жазган же сүйлөгөн адам), айталык, окумуштуу болсо, жалаң илимий стиль менен, акын-жазуучу көркөм адабияттын стили менен, журналист публицистикалык гана стиль менен баяндайт деп түшүнүүгө болбойт.

Лексиканын стилистикалык чеги ар дайым бир калыпта турбайт. Оозеки сүйлөшүү лексикасы жазма кептин лексикасына, официалдуу иштиктүү стилдин лексикасы публицистикалык, илимий стилдердин лексикалык катмарларына өтүп кетиши, же анын тескерисинче болушу ыктымал. Ал эми көркөм адабият жогоруда аталган стилдердин лексикалык каражаттарын стилдик элемент катары өз ичине толук камтый алат. Ошондуктан лексикалык жагынан өзгөчө көркөм адабияттын стили көп катмарлуу келет. Ошондой болсо да, жазуу жана оозеки түрдө берилүүчү ар түрдүү ой, зарылчылыкка ылайык, өздөрүнө мүнөздүү стилдик өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Ар бир стилдин өзүнө тиешелүү экспрессивдүү бөтөнчөлүгү бар. Маселен, эмоциялык (ички сезимдик) маани илимий стиль үчүн жараксыз деп эсептелсе, көркөм адабияттын стили үчүн ал көбүрөөк керектелүүчү белгилерден болуп саналат.

Кайсы тилде болбосун, анын адабий формасы канчалык өнүккөн болсо, тил каражаттарынын стилдик колдонулушу да ошончолук татаал системада болот.

Кыргыз тилиндеги сөздөрдү жогоркудай түрдүүчө ык менен ар кандай стилдик системада колдонулушуна карата: кептин бардык стилдеринде, жанрларында жалпы колдонулуучу нейтралдык (бейтарап) лексика жана тигил же бул стилге ылайык спецификалык өзгөчөлүгү бар стилистикалык жактан чектелген лексика деп эки чоң топко бөлөбүз. Төмөндө булардын ар бирине жекече токтолобуз.

1 Нейтралдык (бейтарап) лексика

Кеп стилдеринин бардыгында кеңири колдонулуучу лексиканын катмары нейтралдык (бейтарап) лексикага кирет Тилдеги сөздүк курамдын негизги жана көпчүлүк бөлүгүн нейтралдык лексика түзөт. Лексиканын бул катмары оозеки кепте да, жазма кепте да кеңири колдонулат. Нейтралдык лексиканын мындай деп аталышы анын экспрессивдүү көркөм сөз каражатталры катары колдонулушунан эмес, кептин бардык стилине негиз болуп, оозеки сүйлөшүү стилинде, иш кагаздарынын жана публицистикалык стилдеринде, илимий-техникалык стилдерде, көркөм адабияттын стилинде жалпы колдонулгандыгында. Ошондуктан мындай сөздөр окуу китептеринде, окуу куралдарында ар түрдүүчө термин менен – стилдер аралык, жалпы колдонулуучу сөздөр,нейтралдык (бейтарап) лексика болуп аталып жүрөт. Нейтралдык лексика өзүнүн жалпыга түшүнүктүүлүгү, жөнөкөйлүгү, ачыктыгы, тактыгы менен айырмаланат, анын көркөмдүгү да ушунда. Мындай сөздөрдү кандай тилде болбосун, ошол тилдин ээси болгон адамдар өздөрүнүн турмушунун бардык чөйрөлөрүндө кеңири пайдаланышат. Бул сөздөрдүн көпчүлүгү сөздүк курамда көптөгөн кылымдар бою жашап, азыркы кыргыз тилинде да пикир алышуунун активдүү курулуш материалы катары колдонулуп келе жатат. Ошондуктан эне тилибиздин түпкү негизин түзгөн лексикалык катмар да ушул кадимки жөнөкөй сөздөр болуп эсептелет. Нейтралдык лексикага бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү чындык турмуштун негизги көрүнүштөрүнүн: буюмдардын, кубулуштардын, түшүнүктөрдүн, кыймыл-аракеттин, ал-абалдын, сын-сыпаттын, сан- өлчөмдүн аттары ж.б. кирет. Жер, суу, таш, топурак, тоо, кол, кар, жаан, күн, түн, кыш, жай, иш, сөз, китеп, мектеп, согуш, тынчтык, кыз, бала, ата, эне, уйку, кайгы, капа, түз, ийри, шайыр, акырын, катуу, ысык, муздак, ак, кара, көк, кызыл, ачуу, таттуу, жөө, атчан, эртең, кечинде, бүгүн, отуруу, жазуу, сүйлөө, кел, кет, ал, бер, иште, оку, бир, эки, он, жыйырма, элүү, жүз ж.б.у.с. сөздөр буга мисал боло алат. Мына ушундай кадимки жөнөкөй сөздөрдүн жардамы менен сөз чеберлери тарабынан ачык-айкын көңүлдөгүдөй образ түзүлөт. Нейтралдык лексиканын мындай сапаттары жөнүндө А.П.Чехов Максим Горькийге жазган каттарынын биринде «Жаратылышты сүрөттөөдөгү көркөмдүк, ачыктык «күн батты», «караңгы кире баштады», «күн жаап жатат» деген сыяктуу гана эң жөнөкөй фразалар аркылуу жетишилет» деп белгилеген.

2 Стилистикалык жактан чектелген лексика

Кыргыз тилинин сөздүк курамында жогоркудай жалпы колдонулуучу нейтралдык лексика менен бирге стилистикалык жактан чектелген жана эмоциялуу-экспрессивдүү мааниге ээ болгон сөздөр да бар. Мындай сөздөр оозеки кепте да, жазма кепте да кездешет. Мына ушуга карай аларды турмуштук оозеки — сүйлөшүү лексикасы жана китептик лексика деп экиге бөлүүгө болот.

1) Турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасы. Бул лексика жөнөкөй гана ээн-эркин аңгемеде (өз ара сырдашкан маекте, турмуш-тиричиликке байланышкан тар чөйрөдө, үй ичинде ж.б. учурларда) колдонулат. Кептеги жөнөкөйлүк, аздыр-көптүр эркиндик, тилдик нормалардын сөзсүз түрдө талап кылынбастыгы

бул сөздөргө мүнөздүү. Алардын көпчүлүгү оң же терс маанидеги эмоцияга ээ болушат.

Турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасы экспрессивдүүлүктү талап кылбаган иш кагаздарында жана илимий иштерде дээрлик колдонулбайт. Колдонулса да кай бир факт катары өтө аз санда колдонулушу мүмкүн. Ал эми көркөм адабияттын жана публицистиканын стилинде белгилүү максатта колдонулуп, контекстке жөнөкөй, эркиндик түр берип, өзүнчө элемент катары сезилип турат.

Турмуштук оозеки-сүйлөшүү лексикасынын өзүн да эки түргө бөлүп карайбыз: жалпы элдик турмуштук - сүйлөшүү лексикасы жана колдонулуш чөйрөсү чектелген турмуштук - сүйлөшүү лексикасы. Колдонулуш чөйрөсү чектелген турмуштук сүйлөшүү лексикасына диалектилик сөздөр, профессионализмдер, жаргондор жана арготизмдер кирет. Бул сөздөр кепте китептик лексика менен бирдей даражада колдонулбаган сыяктуу эле, жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасы менен да бирдей даражада колдонулбайт. Диалектилик сөздөр, профессионализмдер, жаргондор жана арготизмдер жөнүндө жогоруда айтылган. Бул жерде жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасы жөнүндө гана сөз кылабыз.

Жалпы элдик турмуштук сүйлөшүү лексикасы кептин бардык стилинде колдонулуучу нейтралдык лексикадан өзүнүн экспрессивдүү стилистикалык мааниси менен айырмаланат. Экспрессивдүүлүктүн негизги компоненти болуп эмоциялык баалоо эсептелет. Эмоциялык баа берүү субъектинин (жеке же коллективдүү) кандайдыр бир объектинин баалуулугу жөнүндөгү пикирин өзүнө камтыйт. Оң баа берүү жактыруу, мактоо, эркелетүү, сүйүнүч, кубаныч жана башка ушул сыяктуу он сапаттагы эмоция аркылуу берилсе, тескери баа берүү жактырбоо, жек көрүү, кыжырдануу, туталануу, жини келүү, кордоо, кемсинтүү сыяктуу терс эмоция аркылуу адамдын кебинде, кебете-кешпиринде чагылдырылат. Ушуга карата эмоциялык баалоо маанисиндеги сөздөрдү да оң эмоциялуу сөздөр жана терс эмоциялуу сөздөр деп экиге бөлүп карайбыз.

Оң эмоциялуу сөздөргө жактыруу, эркелетүү, кумарлануу сезимдерин билдирген сөздөр кирет. Маселен, *өзүнө жакын адамдарга карата жакшы көрүү сезими менен эркелетүүчү сөздөр: энеке, энекебай, атаке, атакебай, эжеке, эжекебай, кулунум, чырагым, жалжалым, жаным, ботом, берекем, эркем, алтыным, күнүм, айым, жан биргем, көгүчкөнүм, кутманым, жайдарым, жөлөгүм, медерим, медетим* ж.б.

«Эмгектеп жетип, уулунун мойнунан кор-кор жыттап, ичи эзилет: *О, кагылайын, о кагылайын... кубатым, ырысым...»* (Т.К.)

Кээде түз мааниде алганда терс, жактырбаган же кемчиликти көрсөтүүчү сөздөрдү өтмө мааниде колдонуп, көбүнчө балдарга карата эркелетүү маани берилет: бучугум, күчүгүм, тантыгым, жаманым, мышыгым, тентегим ж.б.

«Бүкөнтай - *бучук* мурун үч жашар кыз,
Бир күндө жүз жыгылып, жүз басар кыз» (А.О.)

— Күчүгүм, күчүгүм! Көрдүңбү, кичинекей бөлтүрүктөр сага ойнойбуз деп келишкен турбайбы» (Ч.А.).

«-Оо, окшошкон жамандар, ушундай дайыма ынтымак, бири-бирине арка болуп өскүлө» (К.Боб.).

Терс эмоциялуу сөздөргө адамды, нерселерди, көрүнүштөрдү жактырбоо, жек көрүү, барк албоо, тоготпоо, жийиркенүү, кемсинтүү, шылдың, какшык сыяктуу сезимдерди туюнткан сөздөр кирет. Шылдың, жактырбоо, кемсинтүү иретиндеги сөздөр: кайран, ойсеке, экилүү, шалпайган, сандалган, үтүрөйгөн, келесоо, макоо, жинди, байкуш, кешиги жок, итаяктай, жалжайган, куу тумшук, атаңа наалат, жугундукор, акмак, дөдөй, аяк бошотор ж.б. Мисалы: «Же мурда, же кийин туулбай, ушу заманга туш келгенин кара, куу тумшук» (Э.Т.)» – Уйкуну бузду, атаңа наалаттар, – деп ачуулана бурк этти ал, карышкырларга, иттерге, аларга байланышкандардын баарына таандык кылып, – доңуз экен да Базарбай, доңуз экен» (Ч.А) « — Жаның, чыгап баратабы, чүчөк– деди ал маңдай тишин кашкайта күлүп, тилин бултуйта көрсөтүп, шылдыңдап. – Кыйратып ийдиң беле? Кошо чапкылагандан башка эмне кылдың? Уйку, тамак. Ох, аяк бошотор!» (К.О.).

« — Сен, акмак, бизди, Кудай менен коркуткуң бар ээ? Кудай менен биздин көзүбүздү чукуюн деген экенсиң, сандалган ит Сенин бийлигиң азыр менде - кудайындан кеч, болбосо өлөсүң, ит» (Ч.А.).

Какшык иретиндеги сөздөр. Какшыктоо – терс эмоциялуулуктун өзгөчө бир түрү. Мында сүйлөөчү адам айта турган оюн тике айтпастан, кыйыр түрдө, өз ички абалын, мамилесин сөзсүз чагылдыруу менен билдиришет. Буга «олуя», «билгич», «билерман», «кабылан», «жолборс», «көзгө басар», «мыкты», «оён», «кылтамак» ж.б.у.с. сөздөр кирет.

Орой сөздөр: каңкылдаба, үрбө, атасынын башы, соргок, ырайы суук, кокуй алат, көтү жер жыттабаган, көк тиште, өлүгүңдү көрөйүн, өлүгүңө отурайын, көзүңө ак түш, канчык, мээси жок, бок жептир, кызыталак, баччагар, обу жок, көталакы, сандырактаган, тамтаңдаган, садагам кет ж.б. Мисалы: –«Жаркын айым селдейе түштү: –Таш оозуңа! – деди ал эринин көзүн тиктеп, - ой, сен эмне дейсиң?

Шерали кабагын түшүрдү:

– А ошо... күнөөсү башынан ашып кеткен экен...

– Кокуй, өлүгүңдү көрөйүн, жарым эс,.. чын айтып отурасыңбы? (Т.К.).

«– Көзүң аккыр, көзүң аксын! Эй, Кунанбай, арбак кана. Каргыш тийгир! - деп Бөжөй кыйкырды» (Мух.А.).

Жалпы элдик сүйлөшүү лексикасын жогоркудай стилистикалык топторго бөлүштүрүү да шарттуу, алардын ортосундагы чек туруксуз, өзгөрмөлүү. Белгилүү шартка жана убакытка байланыштуу бири-биринин карамагына өтүп кете бериши ыктымал. Алсак, катын деген сөз пайда болгон өз шартында (хан+тун - хандын аялы») жалпы элдик тилге кирсе, азыркы кезде адабий тилдин нормасынан четтеп, карапайым, ал тургай орой сөзга айланып бара жаткандыгын көрөбүз. Көркөм чыгармалардын тилинде бул сөздү биз көбүнчө терс мүнөздөгү адамдардын кебинен байкайбыз.

2) Китептик лексика. Китептик лексикага көбүнчө жазма кепте колдонулушу менен мүнөздөлгөн сөздөр кирет жана ушул жагынан оозеки сүйлөшүү лексикасына карама-каршы коюлат. Китептик лексикага адабий тилдин нормаларынын милдеттүү түрдө сакталышы талап кылынган публицистикалык жана илимий чыгармаларда, иш кагаздарында, официалдуу документтерде колдонулуучу сөздөр жатат. Китептик лексика коомдук ой жүгүртүү менен тыгыз байланыштуу. Ошону менен бирге китептик лексиканы оозеки кепте таптакыр колдонулбайт деп кароого болбойт. Докладдарда, лекцияларда, официалдуу чыгып сүйлөөлөрдө жана башкаларда кеңири колдонулат. Бирок ал оозеки кепте колдонулуу менен, өзүнүн китептик мунөзүн сактайт.

Китептик лексикага, биринчи иретге, бардык коомдук-саясий жана илимий-техникалык терминдер кирет. Коомдук-саясий, илимий-техникалык терминдердин кыйласы мектептер, окуу китептери, окуу куралдары, илимий докладдар, лекциялар аркылуу эл арасында кеңири масштабда колдонулат. Ошондуктан алар кээ бир учурда нейтралдык лексикага да кирип кетет. Маселен, *партия, демократия, республика, техника, трактор, комбайн, самолет, сессия, пленум, чечим, билдирүү, сот, прокурор* сыяктуулар китептик мүнөзүн жоготуп, жалпы колдонулуучу лексиканын катарына өтүп кеткендиги байкалат.

Китептик лексикага иш кагаздарына жана официалдуу документгерге тиешелүү токтом, чечим, билдирүү, кайрылуу, кол коюу, кабыл алуу, жогоруда көрсөтүлгөндөй, төмөндө кол коюучулар, токтом кылат, чечим кабыл алды, кезиденция сыяктуу сөздөр жана сөз айкаштары да кирет.

Китептик лексикага көбүнчө публицистикалык жана көркөм чыгармаларда колдонулуп, кепке көтөрүңкү тон берүүчү төмөнкүдөй салтанаттуу—риторикалык сөздөр, сөз айкаштары да кирет: шыктанган эл, күжүрмөн эмгек, бузулбас достук, кажыбас кайраттуулук, салтанаттуу кырдаал, өлбөс-өчпөс даңк, майтарылбас миз, жоготууга учуроо, курман болуу, улуу жеңиш, кыйраткыч сокку, унутулгус күн, жыргалчылык үчүн, ишеним менен, эркиндик, тендик, тең укуктуулук ж.б.

Публицистикалык лексикага оң эмоция берүүчү сөздөрдөн башка идеологиялык жактан жат түшүнүктөрдү билдирген терс эмоциялуу сөздөр да кирет: империализм, шовинизм, басып алуучулук, талоончулук, агрессия, фашизм, колониализм, неоколониализм, популизм, трайбализм ж.б. Лексиканын жогоркудай топтору нейтралдык лексика менен окшош келет, бирок андан экспрессивдүүлүгү менен бөлүнүп турат.

Көркөм чыгармаларда өткөн доордун духун, элесин берүү үчүн колдонулган эскирген сөздөрдү жана өзүнчө көркөм каражат катары пайдаланылган индивидуалдык-стилистикалык неологизмдерди да китептик лексикага кошууга болот. Булар жөнүндө жогоруда сөз кылганбыз.

Ошондой эле китептик лексикага **экзотикалык лексика** да кирет.

Экзотикалык лексика дегенибиз чыгыш теги боюнча башка тилге тиешелүү болуп, башка элдин жашоо-турмушун, тиричилигин, коомдук түзүлүшүн, улуттук өзгөчөлүгүн көрсөтүү үчүн публицистикалык жана көркөм чыгармаларда, илимий эмгектерде колдонулуучу сөздөр болот. Көркөм чыгармаларда экзотизмдер жалаң гана биздин турмушубузга мүнөздүү болбогон нерселерди, көрүнүштөрдү сүрөттөө үчүн эмес, жергиликтүү колоритти жана персонаждардын кебинин өзгөчөлүгүн берүү үчүн да колдонулат. Маселен, Аалы Токомбаев кыргыз элинин 1916-жылкы падышачылыкка каршы көтөрүлүшүн баяндаган «Таң алдында» аттуу романында кытай турмушуна байланыштуу окуяларды сүрөттөгөн учурда төмөнкүдөй экзотикалык сөздөрдү колдонот.

«Бекитип эки жылга башын байлап,
Токону малайлыкка алды дорго».

«Алымкул Үрүмчүгө кетти дегин,
Доотайга билдирем деп элдин жайын».

«Төлөктүн күнү тууган, адам сатат,
Шаңыя, доотайына жүзү жарык...»

«Бир күмүш зээрин берди, кошуп даачан,
«Адашым аман бол» деп колдон алып».

ЛЕКСИКОГРАФИЯ

Жалпы маалымат:

Атайын илимий адабияттарда лексикографиянын үч мааниси катталып келет. 1. Сөздүктөрдү түзүү илими.

2. Тигил же бул тилдин лексикалык байлыгынын түрдүү сөздүктөргү чогултулушу.

3. Тигил же бул тилге же билимдер тармагына тиешелүү болгон сөздүктөрдүн жыйындысы.

Ошентип, лексикография (грекче ***lexikos*** — сөз; жана ***grapho*** — жазам) сөздүн кең маанисинде сөздөрдү чогултуу, сөздүк жаратуу илимин, ал эми сөздүн тар маанисинде сөздүктөр тобун, сөздүктөрдүн түрлөрүн билдирет.

Тилдеги сөздөрдү жыйноо, сөздүктөрдү түзүү ыкмаларын изилдеп, үйрөтүүчү лексикологиянын бир бөлүмүн лексикография деп атайбыз.

Ошентип, лексикография сөздөрдү жөн гана чогултуу, сөздүктөрдү жаратуу эле эмес, сөз чогултуунун, сөздүк жаратуунун теориялык жоболорун да иштеп чыга турган илим болуп саналат. Ал лексикологиянын башка бөлүмдөрү (семасиология, фразеология, терминология, ономастика) менен тыгыз байланышта болуп, алардын катарында турат. Эгерде ономастика энчилүү аттарды, терминология ар түрдүү тармактардагы терминдерди, этимология тилдик бирдиктердин келип чыгыш тегин, фразеология фразеологизмдерди жана семасиология сөз маанилерин изилдеп үйрөтсө, лексикография тилдин лексикалык байлыгын чогултуу, аларды бардык маанилери менен ар түрдүү максаттарда каттап чыгуу, ар кандай сөздүктөрдү жаратуу маселелерин ишке ашырып, изилдеп үйрөтөт.

Тилдеги лексикалык бирдиктерди (сөздөрдү, терминдерди, туруктуу сөз айкаштарын) жыйноонун, алардын маанилерин ачып, атайын сөздүктөргү топтоп иштеп чыгуунун мааниси зор. Анткени, тилдин лексикалык байлыгы, пикир алышуунун куралы экендиги андагы сөздөрдүн молдугу, арбындыгы менен ченелет. Мындай жумуштун реалдуу көрүнүшү лексикалык бирдиктерди (сөздөрдү, терминдерди, туруктуу сөз айкаштарын) жыйнап чыгуу, көлөмдүү сөздүктөрдүн жаралышы аркылуу, башкача айтканда, лексикография аркылуу ишке ашат. Бардык лексикалык бирдиктер чогултулуп, алардын маанилери катталып, түшүндүрүлүп чыкканда гана ошол тилде ар кандай жазма иштерин жана илим изилдөө жумуштарын жүргүзүүгө ыңгайлуу шарт түзүлөт.

Ал гана эмес, азыркы техникалык каражаттардын сөз менен иштөөсү, автоматтык түрдө бир тилден экинчи бир тилге котормо иштерин жүргүзүү ж. б. жумуштар үчүн тилдин лексикалык корунун фондун түзүү, ал үчүн бардык сөздөрдү алардын бардык айтылыш формаларын бирин да калтырбай каттап чыгуу талап

кылынат. Лексикографиялык жумуштар гана тилди техникалык каражаттардын жардамы менен ийкемдүү жана ыңгайлуу пайдалана алууга, жөнөкөй сөз менен айтканда, электрондук эсептегич машинелердин, компьютердин миңдеген мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланып иштетүүгө шарт түзөт.

Лексикографияда тилдеги кадыресе сөздөрдү гана эмес, энчилүү аттарды да, терминдерди да, туруктуу сөз айкаштарын да чогултуп, бардык маанилерин тактап чыгып, аларды камтыган ар кандай сөздүктөрдү жаратуу зарылчылыктары бар. Мына ошол лексикалык бирдиктердин маанилерин толук камтып көрсөтүү гана эмес, аларды башка бир тилге которуп, жаралыш, келип чыгыш тарыхын аныктап, туура жазылышын жана туура айтылышын иштеп чыгуу деген сыяктуу милдеттер да лексикографиянын алкагына кирет.

Лексикография тил илиминин сөздөрдү жыйноо, сөздүктөрдү түзүү ыкмаларын изилдеп, үйрөтүүчү бөлүмү болгондуктан анын негизги объектиси сөз болуп эсептелет. Сөз өзү лингвистиканын дээрлик бардык бөлүмдөрүнө объект катары кызмат кылат. Бирок ал тил илиминин ар кайсы бөлүмдөрүндө ар башка маанайларда катталып, иликтенип жана изилденип келет.

Ошондуктан, сөздүн лексикографиянын объектиси болушунда анын өзгөчөлүктөрү бар. Лексикографияда сөздөр грамматикалык түзүлүшүнө, грамматикалык өзгөрүү жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан туруп объект болот. Биерде сөздөр туюндурган маанилери менен келип, болгондо да түз болобу, өтмө болобу, экспрессивдүү-эмоционалдык болобу, каймана болобу, бардык маанилери менен келип иликтөөнүн объектиси болот. Мындай маанилерди жалпысынан лексикалык маанилер деп айтабыз.

Сөздүн лексикалык мааниси — акыйкатты, жалган дүйнөнү (объективдүү дүйнөнү) чагылдыруунун эң негизги каражаты. Жалган дүйнө (объективдүү дүйнө) менен акыйкат өтө татаал болгондой эле сөздөрдүн маанилери да өтө ар түрдүү жана өтө татаал болот.

Дайыма сөз менен түшүнүк өз ара ажырагыс биримдикте, ошондуктан лексикографияда сөз баарыдан мурда тутумдук түзүлүшү, башкача айтканда, материалдык жагы менен көрүнөт. Мына ушул акыркысы анын объект экендигинин эң негизги белгиси болуп саналат. Анткени, тигил же бул лексикографиялык эмгектин жаралышы үчүн тилдик каражаттардын кайсынысы (сөзбү, жөнөкөй сөзбү, татаал сөзбү, туруктуу сөз айкаштарыбы, сөз мүчөлөрүбү) чогултулат, ошого жараша анын объектиси өзгөрө берет. Ошол объектини кандай максатта чагылдыруу керек (түшүндүрүү үчүнбү,туура башка тилге которуу үчүнбү, жазылышын же айтылышын көрсөтүү үчүнбү) экендиги да объектинин өзгөрүшүнө же түрлөнүшүнө таасир этип жүрүп олтурат.

Лексикографиянын негизги максаты тилдин лексикалык бирдиктерин, башкача айтканда, сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын (фразеологизмдерди) чогултуу, аларды иреттүү, маанилерин ачып талдоо, башка тилге которуу же туура жазылышы менен туура айтылыш турпаттарын көрсөтүп сөздүк жаратуу болуп эсептелет. Мына ушул максаттарга жараша лексикографиялык изилдүүлөр өтө ар түрдүү болот.

Ошентип, сөздөр, туруктуу сөз айкаштары түрдүү максаттарда чогултулат. Биринчиден, алар башка тилге которуу үчүн чогултулат. Мунун натыйжасында котормо сөздүк жаралат. Бир тилди экинчи бир тилге которуп сөздүк жаратуу үчүн алардын биринчисинин дээрлик бардык сөздөрүн, же кур дегенде активдүү лексикасын чогултуу талап кылынат. Экинчиден, сөздөрдү же туруктуу сөз айкаштарын алардын маанилерин ачып, талдап чыгып, түшүндүрүү үчүн чогултулат. Мындай максаттын артында түшүндүрмө сөздүк жаралат. Бул максат да тилдеги бардык сөздөрдүн, же кур дегенде активдүү лексиканын чогултулушун талап кылат. Үчүнчүдөн, сөздөрдү же туруктуу сөз айкаштарын алардын туура жазылыш, туура айтылыш турпаттарын сунуш кылып көрсөтүү үчүн чогултулат. Мындай учурда алардын бардыгынын гана эмес, жазылышы, же айтылышы таталл болгон формалары да кошо чогултулуп, сөздүккө катталып сунуш кылынат.

Диалектологиялык изилдөөлөр үчүн тилдеги бардык сөздөр эмес, түрдүү аймактарда гана айтылып, адабий тилде айтыла бербеген сөздөр, сөз варианттары чогултулат. Ал эми этимологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө тектеш тилдердин жана байыркы эстеликтердин материалдары кошо чогултулуп, салыштыруларга, изилдөөлөргө объект болуп берет. Мындайда грамматикалык каражаттардын да чогултулушу талап кылынат, анткени, этимологиялык иликтөөлөрдө сөздүн, же туруктуу сөз айкашынын тутумдук түзүлүштөрү да терең талдоого кириптер болот.

Лексикографиянын негизги максатынын бир тарабы болуп өз алдынча сөз менен анын ар кандай формаларын айырмалап көрсөтүү болуп саналат. Тилдин жандуу көрүнүшүндө сөздөрдүн түрдүү маанилерди (лексикалык да, грамматикалык да) туюндурар турпаттарга ээ болуп, бир бүтүндүктү түзүп турган ар кандай көрүнүштөрү сөз формалары болот. Башкача айтканда, сөз формалары — сөздүн морфологиялык жактан түрлөнүштөрү.

Лексикографиянын мына ушундай ар түрдүү максаттары изилдөөчүнүн, башкача айтканда, лексикографтын алдына тилдин бардык бөлүмдөрүн, ал гана эмес, тектеш тилдердин жана байыркы эстеликтердин да лексика-грамматикалык бирдиктерин, грамматикалык мыйзамдарын, табиятын терең өздөштүрүп чыгуу милдеттерин койот.

Лексикографиянын негизги принциптери сөздөрдү, же башка тилдик бирдиктерди кантип, кандай түзүлүштө чогултууга жана лингвистикалык болобу, энциклопедиялык болобу, сөздүктөрдүн жаралыш мазмунуна, өзгөчөлүктөрүнө жараша болот. Ошентсе да аларды жалпысынан төмөндөгүдөй түрлөргө ажыратып карасак болот.

1. Лексика-семантикалык принцип.
2. Фонемалык, же тыбыштык принцип.
3. Морфемалык принцип.

Лексика-семантикалык принципте лексикографиялык иликтөөлөрдү жүргүзүү жана сөздүктөрдү жаратуу үчүн тилдик бирдиктер лексикалык маанилерине карата чогултулат. Сөздөрдө, туруктуу сөз айкаштарында өтө ар түрдүү лексикалык маанилер болот: түз маани, өтмө маанилер, эмоционалдык маанилер, экспрессивдүү маанилер, модалдык маанилер. Ар бир тилдик бирдиктин бардык маанилери катталып жыйналышы, конкреттүү мисалдар менен коштолуп түшүндүрүлүшү шарт. Бул принцип көбүнчө түшүндүрмө жана котормо сөздүктөрдүн түзүлүшүндө колдонулат.

Фонемалык, же тыбыштык принцип тилдик бирдиктердин тыбыштык түзүлүшүнүн, андагы фонемалардын так жана даана берилишин шарттайт. Тилдик материалдар айтып берүүчүлөрдүн (информаторлордун) тилинде (оозунда) кандай айтылса, ошол турпаты менен катталып чогултулат. Мындайда айтып берүүчүнүн (информатордун) кайсы аймактан экендиги, билими, жаш жана кесиптик өзгөчөлүгү, физиологиялык өзгөчөлүгү да байкалбай койбойт. Материалдар мына ушул өзгөчөлүктөрдү бузбай, так өзүндөй кылып жазылып алынып жыйналышы керек. Мындай принцип түрдүү көрсөтмө сөздүктөрдү (орфографиялык, орфоэпиялык) жана диалектологиялык сөздүктү түзүүдө колдонулат.

Морфемалык принцип сөздөрдүн жана туруктуу сөз айкаштарынын тутумдук түзүлүшүн аныктап иш жүргүзөт, башкача айтканда, материал чогултуу жумуштары тилдик каражаттардын тутумундагы мүчөлөргө көңүл бөлүп, аларды ажырата алууну эске алып жүзөгө ашат. Белгилүү болгондой, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн тутумундагы мүчөлөр оңой эле ажыратыла берет, ал эми кээ бир сөздөр мүчөлөргө ажырай бербейт, же мүчөлөргө ажыратуу кыйын. Бирок, алар деле тарыхый жактан бир нече тутумдарга ажырап кетиши мүмкүн. Лексикографиялык жумуштарда сөздөрдүн жана туруктуу сөз айкаштарынын мына ушул жагына маани берилет. Алардын тутумундагы мүчөлөр ажыратылып көрсөтүлүп чогултулат. Мүчөлөнбөй турган, же мүчөлөнүшү кыйын болгон сөздөргө, алардын тутумундагы компоненттерге дал келген тектеш тилдердеги, байыркы жазма эстеликтердеги каражаттар кошо катталып иш жүрөт.

Морфемалык принцип менен материал чогултуунун натыйжасы морфемалык, этимологиялык жана башка типтеги сөздүктөрдүн илимий салмагын арттырат. Сөздөрдүн жана туруктуу сөз айкаштарынын бардык маанилерин, тутумдук түзүлүшүндөгү маанилерин да аныктап чыгууга жардам берет.

Сөздүктөр. Сөздүктөрдүн түрлөрү.

Тилдеги сөздөрдүн жыйналып, белгилүү бир тартипке келтирилиши сөздүк болот. Сөздөр илимий изилдөө иштерин жүргүзүү, туура жазуу жана туура айтуу көрүнүш үлгүлөрүн берүү, лексикалык бирдиктердин маанилерин ачып түшүндүрүү, аларды башка бир тилге которуу жана башка максаттарда чогултулуп, иреттелип түрдүү сөздүктөр жаралат.

Илим-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн сөздөрдү алардын лексика-тематикалык топтору боюнча чогултуп жыйнайбыз да, алардын ар түрдүү маанилерине, тутумдук түзүлүшүнө, келип чыгышына же бир башка жактарына илик жүргүзүп, лингвистикалык атайын изилдөөлөрдү жүргүзөбүз. Көпчүлүк эмгектерде илимий тыянак, баяндоо, талдоолордун аягында ошол максатта чогултулган сөздөрдүн атайын сөздүк сымал глоссарий же түшүндүрмөлөр деп аталган тиркемелери берилет. Булар да максаттуу сөз чогултуу, же болбосо, лексикографиялык атайын иштелген жумуш болуп эсептелет.

Сөздөрдү туура жазуу көрүнүш үлгүлөрүн берүү, маанилерин ачуу же башка бир тилге которуу үчүн чогултканда мүмкүн болушунча тилдеги бардык сөздөрдү жыйноо, аларды белгилүү тартипке (мисалы, алфавиттик, тематикалык-алфавиттик) келтирип, сөздүк түзүү максаты алдыга коюлат. Натыйжада тиешелүү бир максатты аркалаган атайын сөздүк жаралат. Лексикографияда сөздүктөрдүн бири-биринен айырмаланган эки чоң тобу бар.

1. Энциклопедиялык сөздүктөр.
2. Лингвистикалык сөздүктөр.

Булардын биринчисинде курал-жарактар, буюмдар, кубулуштар, географиялык жана астрономиялык объектилер, окуялар, атактуу адамдар ж. б. жөнүндө, ал эми экинчисинде болсо, тилдеги сөздөр, туруктуу сөз айкаштары тууралуу сөз болот. Энциклопедиялык сөздүк түшүндүрүү, маалымат берүү, баяндоо милдеттерин аткарат, ал эми лингвистикалык сөздүктөр болсо, мына ошол түшүндүрүү, маалымат берүү милдеттери менен кошо лексикалык бирдиктердин маанилерин ачуу, анын эмне экенин чечмелөө, кайдан келген, кантип жаралган жагдайларын аныктап чыгуу, туура жазуу жана туура сүйлөө нормаларын көрсөтүү максаттарын да көздөйт.

Энциклопедиялык сөздүктөргө зат атооч сөздөр: жалпы аттар жана көбүнчө энчилүү аттар (өлкөлөрдүн, белгилүү инсандардын, жер-суулардын ж. б. аттары) алфавиттик тартип менен камтылып, маалымат берилет. Лингвистикалык сөздүктөргө болсо бардык сөз түркүмдөрүнүн сөздөрү камтыла берет. Бирок, зат атоочтун энчилүү аттар тобу кийирилбейт.

Энциклопедиялык сөздүктөр

Адамзат турмушундагы жана бу жалган дүйнөдөгү (объективдүү дүйнөдөгү) бардык кубулуштар, көрүнүштөр, географиялык жана астрономиялык аталыштар, окуялар, абстракттуу түшүнүктөр, жаныбарлар, өсүмдүктөр, курал-жарактар, буюмдар, чыгаан адамдар, алардын чыгармалары тууралуу сөз кылып, аларды окурмандарга түшүндүрүп тааныткыч милдеттерин аткарган китеп энциклопедиялык сөздүк деп аталат.

Энциклопедия (грекче en + kiklos — айлана чөйрө, алкак; paideia — агартуу) баарын билген, илимдердин бардыгын өздөштүргөн деген маанини берет да, сөздүк деген аныкталгычы айтылбаса деле сөздүк (энциклопедиялык сөздүк) маанисинде колдонула берет.

Энциклопедиялык сөздүк адамзат коомунун бардык тармагын же бир эле мамлекеттин (аймактын) гана ар тараптуу турмушун, ички-тышкы саясатын, жаратылышын чагылдырышы да мүмкүн. Мындан тышкары адам турмушунун же илимдин кайсы бир тармагын гана толук камтыган сөздүктөр да болот. Ошондуктан энциклопедиялык сөздүктөрдү аларда камтылган материалдарына, алдыга койгон максаттарына жараша түрлөргө ажыратабыз. Көлөмүнө, камтыган материалдарынын аз же молдугуна жана баяндоолорунун кыска же кенендигине карата ***чоң энциклопедия*** *жана* ***кичи энциклопедия*** *болуп бөлүнөт. Алдыга койгон максатына, чагылдырган объектисине жараша* ***тармактык энциклопедиялар*** *жана* ***аймактык энциклопедиялар*** болуп ажыратылат.

Чоң энциклопедия

Адам коомунун бардык тармактарын, анын экономикалык жана саясий өсүп-өнүгүү этаптарын, социалдык көрүнүштөрүн чагылдырган түшүнүктөрдү, жаратылышты, нерселерди, окуяларды терендетип түшүндүрүп кенен баяндаган көлөмдүү сөздүк чоң энциклопедия деп аталат.

Кыргыз тилинде чоң энциклопедия болуп бир гана сөздүк — Кыргыз Совет Энциклопедиясы жарык көргөн. Бүткүл адамзат тарыхын, байыркы жана азыркы дүйнөнү, бардык өлкөлөрдү, бүткүл ааламды, асман телолорун, жер бетиндеги аталыштарды, улуу инсандарды, ири чыгармаларды, илимий ачылыштарды, белгилүү окуяларды, жаныбарларды, өсүмдүктөрдү чагылдырган кыргызча бул чоң энциклопедия 6 томдон туруп, 1976-1980-жылдары жарыяланган.

Кичи энциклопедия

Адам коомунун өсүп-өнүгүшүн, узак тарыхын, социалдык-экономикалык, маданий жана илимий-техникалык жетишкендиктерин, Жер шарын, бүткүл ааламды ж. б. кыска-кыска макалалар менен так маалымат берип чагылдырып, көлөм жагынан чакан болуп жарыяланган энциклопедиялык сөздүктөр кичи энциклопедия болуп эсептелет. Кичи энциклопедиялар көбүнчө тармактык жана аймактык арналуу сөздүктөргө мүнөздүү. Мисалы, медициналык, адабияттык, философиялык, лингвистикалык, мифологиялык жана башка энциклопедиялык сөздүктөрдүн кичи энциклопедия (кыска) формалары бар. Кыргыз тилинде кичи энциклопедиялык сөздүктөрдүн бир нече түрлөрү жарык көргөн.

Адамзат турмушунун, жаратылыштын, коомдук көрүнүштүн же илим-билимдин тигил же бул тармагынын бирине гана тиешелүү болгон аталыштарды, түшүнүктөрдү чагылдырган энциклопедиялык сөздүктөрдү тармактык энциклопедиялар деп айтабыз.

Булар конкреттүү бир илим тармагына же турмуш-тиричиликтин бир тарабына арналып жазылып, ошол тармак боюнча бардык түшүнүктөрдү кеңири камтып түшүндүрөт. Мисалы, медицина, адабият, философия, лингвистика, биология, айыл-чарба, денсоолук, үй тиричилиги же кайсы бир автордун чыгармачылыгына арналып жазылган энциклопедиялык сөздүктөр тармактык энциклопедиялар болуп эсептелет. Мындай сөздүктөр көлөм жагынан чакан болгону менен бир эле тармак боюнча кеңири түшүнүк берип, ошол тармактын ар түрдүү майда маселелерине чейин чагылдырып маалымат берет. Кыргыз тилинде тармактык энциклопедиялык сөздүктөрдүн бир нече түрлөрү жарык көргөн.

Аймактык энциклопедия

Энциклопедиялык сөздүктөрдүн мындай түрү кайсы бир аймактын, шаардын, областтын же конкреттүү бир мамлекеттин турмуш-шартын, тарыхын, жаратылышын, илим-билимин, маданиятын жана экономикалык өсүп-өнүгүшүн мүмкүн болушунча толук камтып таанытып түшүндүрөт. Аймактык энциклопедиялардын таанытуу, үйрөтүү жана түшүндүрүү мүмкүнчүлүктөрү кенен болот. Анткени алар чектелүү аймактын гана жаратылышын, кен байлыктарын, тарыхын, илим-билимин, маданиятын, турмуш-тиричилигин чагылдырат. Мындай сөздүктүн чоң энциклопедия формасы өтө терең иликтөөлөр менен ишке ашып, баяндоолору абдан кенен болот. Кичи энциклопедия формалары деле аймак чектелүү болгондуктан кыска-кыска болсо да абдан көп фактылар камтылып, таанып-билдирүүчүлүк мүмкүнчүлүгү кеңири болуп жазылат.

Кыргыз тилинде аймактык энциклопедиялык сөздүктөрдүн бир нече түрлөрү жарык көргөн.

Лингвистикалык сөздүктөр

Тилдик бирдиктерди (сөздөрдү, морфемаларды, туруктуу сөз айкаштарын) жыйнап, белгилүү бир тартипке салып, түшүндүрмө, көрсөтмө же башка бир тилге которгон милдеттерди аткарган сөздүктөр болот, мына ошолорду лингвистикалык сөздүктөр дейбиз. Лингвистикалык сөздүктөрдүн предмети кадимки эле сөздөр, фразеологизмдер же сөз мүчөлөрү болуп эсептелет. Анткени, булар ошол сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын (фразеологизмдердин) же морфемалардын (сөз мүчөлөрүнүн) маанилерин талдап түшүндүрөт, башка бир тилге которуп берет же туура жазылышын (туура айтылышын), башка бир касиеттерин көрсөтүп кызмат кылат.

Мына ушундай кызматына, маалымат берүү маанисине жана алган багытына жараша лингвистикалык сөздүктөрдү үч топко бөлсөк болот (таблицаны караңыз).

1. Котормо сөздүктөр.

2. Түшүндүрмө сөздүктөр.

3. Көрсөтмө сөздүктөр.

Лингвистикалык сөздүктөрдүн ар кандай максатта жана ар кандай мазмунда, түрдүү формаларда жаралышына кандайдыр эреже, чек коюлбайт. Ошондуктан, айрым сөздүктөр түшүндүрмө сөздүктүн да, котормо сөздүктүн да, көрсөтмө сөздүктүн да милдетин аткара бериши мүмкүн. Мисалы, К. Юдахин түзгөн «Кыргызча-орусча сөздүк» котормо сөздүк болуу менен бирге, кандайдыр деңгээлде кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн милдетин да аткарып кетет.

Ал эми Э. В. Севортяндын «Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү» ар бир сөзгө кеңири талдоо жүргүзүп, түшүндүрмө сөздүктүн да, котормо сөздүктүн да милдетин аткарар деңгээлде жаралган. Сөздүктө жалпы түрк тилдерине орток сөздөр, сөз формалары тектеш тилдердин, байыркы жазма эстеликтердин материалдарына салыштырылып, алардын лексика-грамматикалык маанилери кеңири талдоого алынган, бул түшүндүрмө сөздүктүн милдетин аткаргандыгы. Ошону менен бирге эле жалпы түрк тилдерине орток сөздөр, сөз формалары орусчага которулуп берилген, мындан тышкары тектеш тилдердин фактыларынын бири-бирине салыштырылышынын өзү деле котормо иши болуп эсептелет.

Котормо сөздүктөр

Котормо сөздүктөр бир тилдин материалдарын (сөздөрүн, сөз мүчөлөрүн же туруктуу сөз айкаштарын) экинчи бир тилге которуп берүү милдетин аткарат. Мындай сөздүктөр адатта ошол которулуучу жана которуучу тилдердин өздөрүнүн аттары менен аталат. Мисалы, кыргызча-орусча сөздүк, кыргызча-о-

русча-немисче сөздүк, орусча-кыргызча сөздүк, лингвистикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү ж. б.

Котормо сөздүктөр которулуучу жана которуучу тилдердин санына жараша эки тилдүү сөздүктөр жана көп тилдүү сөздүктөр болуп айырмаланышат. Кыргыз тилинде котормо сөздүктөрдүн мындай түрлөрүнүн экөө тең бар. Мисалы, К. Юдахин түзгөн «Кыргызча-орусча сөздүк» (1940, 1965), ал редакциялаган «Орусча-кыргызча сөздүк» (1957) — эки тилдүү сөздүктөр. Ал эми Ахмед Бижан Эржиласундун жетекчилиги менен жарыяланган «Түрк лехжелеринин[5] салыштырма сөздүгү» (Анкара, 1991) көп тилдүү сөздүктөр тобуна кирет.

Котормо сөздүктүн көлөмүнө жана которулуучу тилдердин санына чек коюлбайт. Бир тилдин сөздөрүн бир эле тилге же бир нече тилге которуп сөздүк жаралышы мүмкүн. Котормо сөздүктө которулуучу тилдин лексикасы мүмкүн болушунча толук чагылдырылып, аны берки тилге сөзмө-сөз жана мааниси боюнча которуп ишке ашырат. Мындай учурда которулган тилдин дээрлик бардык сөз байлыгы чагылдырылып, окуучунун тил үйрөнүү аракетин кыйла жеңилдетет. Атап айтсак, К. Юдахин түзгөн «Кыргызча-орусча сөздүктүн» экинчи басылышы (1965) кырк миңдей кыргыз сөзүн котормо объектисине айландырып, мына ушундай милдетти аркалап келет. Кээде котормо сөздүк тилдеги дайыма колдонулуп жүргөн сөздөрдү гана, башкача айтканда, активдүү лексиканы гана, которуп, сөздүк китеп чакан жана пайдаланууга ыңгайлуу болуп жаралат. Кыргызча-орусча эки тилдүү мындай чакан котормо сөздүк Э. Абдулдаев тарабынан түзүлүп, 1994-жылы жарык көргөн.

Котормо сөздүктөрдүн кандайдыр чектелүү гана кабар берип, илимдин кайсы бир тармагына тиешелүү сөздөрдү эле чагылдырган атайын арналуу түрү да болот. Мындай сөздүктөр терминологиялык сөздүктөр деп аталып, өнүгүп келе жаткан тилге өнүккөн тилдердин жагымдуу таасирин кабыл алууга көмөк көрсөтөт. Кыргыз тилинде илим менен техниканын жана маданий турмуштун ондогон тармактары боюнча жүздөн ашык терминологиялык сөздүктөр жаралган[6]. Алардын дээрлик бардыгы орусча-кыргызча котормо болуп жарыяланган сөздүктөр. Котормо сөздүктөр фразеологиялык, диалектологиялык, ономастикалык, этимологиялык ж. б. сөздүктөр да болушу мүмкүн. Чет тилдер сөздүгүнүн да котормо түрлөрү болот. Котормо сөздүктөрдүн өзгөчө түрү болуп сүйлөшмөлөр эсептелет. Булар көлөм жагынан өтө эле кыска болуп, көбүнчө жанга, чөнтөккө алып жүрүүгө ылайыкталып, күндөлүк турмуш-тиричиликтеги активдүү колдонулуп жүргөн сөздөрдү, кээде диалог иретиндеги кыска-кыска сүйлөмдөрдү камтып которуп берет. Сүйлөшмөлөр оозеки сүйлөшүүнү, кадыресе пикир алышууну ылдам жана сабаттуу өздөштүрүп, тилди ылдам үйрөнүү максатын аркалайт. Кыргыз тилинде кыргызча-орусча, орусча-кыргызча, кыргызча-англисче, кыргызча-немисче, англисче-орусча-кыргызча ж. б. ондогон сүйлөшмөлөр жарык көргөн.

[5] Түркчөдө лехже «тил, диалект, говор» деген маанилерди берет.

[6] 1981-жылга чейинки терминологиялык сөздүктөрдүн тизмесин караңыз: Орузбаева Б. Кыргыз терминологиясы. Фрунзе, 1983. 162-165-б.

Түшүндүрмө сөздүктөр

Түшүндүрмө сөздүктө тилдеги сөздөрдүн маанилери ар тараптан чечмеленип, тиешелүү мисалдар менен жабдылып, ар бир сөзгө кеңири талдоо жүргүзүлөт. Тактап айтканда, түшүндүрмө сөздүктөр сөздөрдүн, морфемалардын (сөз мүчөлөрүнүн) же туруктуу сөз айкаштарынын (фразеологизмдердин) көп кырдуу маанилерин ачып берген лингвистикалык сөздүктөрдүн тобуна кирет.

Сөздүн тар маанисиндеги түшүндүрмө сөздүккө мисал кылып «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн» (1966) көрсөтүүгө болот. Ал эми сөздүн кең маанисиндеги түшүндүрмө сөздүктөр катары ***этимологиялык, ономастикалык, омонимдик, антонимдик, синонимдик, диалектологиялык, фразеологиялык*** ж. б. лингвистикалык сөздүктөрдү атоого болот. Буларда сөздүн же туруктуу сөз айкашынын лексикалык маанилери гана эмес, келип чыгыш теги, же маанилик жактан башка сөздөргө болгон катыштыктары, же адабий тилдеги сөз формаларынан болгон өзгөчөлүктөрү, же жана башка бир белгилери кошо түшүндүрүлүп, ошого жараша ар кандай максаттагы сөздүктөр жаралат.

Котормо сөздүктөрдүн да кээ бирлери түшүндүрмө сөздүктүн милдетин аткара алат. Мисалы, Махмуд Кашкаринин «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» («Дивану лугати-т түрк», XI кылым) түрки (жалпы түрк) сөздөрүнүн арабчага котормосу болуп котормо сөздүктөр тобуна киргени менен ар бир сөзгө жүргүзүлгөн талдоолору түшүндүрмө сөздүктүн милдетин аткарып турат. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгү да түшүндүрмөлүк милдетти аткара алат, ошондуктан анын биринчи басылышы (1940) осмон түрктөр (түркиялык түрктөр) тилине которулуп, толукталып көлөмдүү болуп, экинчи басылышы (1965) Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

Көрсөтмө сөздүктөр

Сөздөрдүн, сөз формаларынын же сөз мүчөлөрүнүн (морфемалардын) адабий нормада туура айтылышын, туура жазылышын, алфавиттик оң же терс (кери) тартибин үлгү катары көрсөткөн сөздүктөр көрсөтмө сөздүктөр деп аталат.

Көрсөтмө сөздүктөргө туура жазуунун үлгүлөрүн берген орфографиялык, адабий айтылыш нормасы менен туура айтуунун транскрипциясын берген орфоэпиялык, сөздөрдү мүчөлөөнүн көрсөткүч үлгүсү катары иштелген морфемалык, активдүү жана пассивдүү болуп колдонулган сөздөрдү аныктаган жыштык жана

сөздөрдү айаккы тамгалары боюнча алфавиттик тартипке келтирип көрсөткөн кери сөздүктөр кирет. Мындай үлгүдө иштелген сөздүктөр сөз маанилерин чечмелебейт, башка тилге которбойт да. Алар практикалык гана колдонмо сөздүктөр болуп, сөздөрдүн тыбыштык турпат өзгөчөлүктөрүн, же кайсы бир башка көрүнүш үлгүлөрүн көрсөтүүчү китеп болуп саналат.

Кайсы бир тилге которуп, келип чыгыш тегин аныктап же сөз маанилерин түшүндүрүп бербегени менен иш жүзүндө көрсөтмө сөздүктөрдүн түрлөрүнүн илимий-практикалык мааниси чоң.

Кыргыз лексикографиясынын калыптанышы

Атайын сөз чогултуу, сөздүк жаратуу иштери болбогону менен биздин замандын V-IX кылымдарындагы байыркы түрк рун жазуулары деп аталган, көбүнчө ташка жазылган жазма эстеликтерде кыргыз тилинин лексикасынын да чагылдырылганын белгилөөгө болот. Ал эми атайын сөздүк жаратуу үчүн кыргыз сөздөрүн чогултуп, кагазга түшүрүү ишинин башаты Махмуд Кашкаринин өлбөс-өчпөс мурасы «Түрк тилдеринин сөз жыйнагында» жатат. Орто кылымдардын улуу лингвисти өзүнүн ошол китебинин баш сөзүндө «мен түрк элдеринин сөз билги чечендери, өздөрүнө мүнөздүү болгон уруш иштеринин чеберлери, найзакерлери, усталары, уздары менен баарлаштым. Алардын шаарларын, кыштактарын кыдырдым. Түрк, түркмөн, огуз, чигил, йагма, кыргыздардын сөздөрүн, макал-лакаптарын чогултуп жазып алдым, иреттедим, тартипке салып чыктым»[7], деп жазган.

Китептеги сөздөр түрктөрдүкү, түркмөндөрдүкү, огуздардыкы, кыргыздардыкы деген белгилер аркылуу бөлүнүп көрсөтүлбөгөнү менен автордун өзү жогорудагыдай жазып көрсөтүп, китепке ошол аталган түрк элдеринин сөз байлыктарынын камтылганында, албетте, шек жок. Ошентип, биздин эранын бир миң жетимиш эки, бир миң жетимиш жетинчи жылдарында жазылган бул улуу мураста кыргыз лексикасы алгачкы жолу чогултулуп, кагазга түшүрүлүп, сөздүк китепке киргизилген. Мындан келди, кыргыз лексикографиясынын башаты 1072-жыл деп айтууга биздин толук укугубуз бар. Албетте, ошол кездеги тил же тилдер менен азыркы тилдердин ортосундагы айырма-өзгөчөлүктөр асман менен жердей болуш керек, бирок ак кагазга кара тамгалар менен жазылган мындай эстелик фактыларды тарыхый алкактан, тарыхый шарттуулуктан туруп иликтеп, изилдеп көрүп, Мазмуд Кашкаринин сөздүгүн алгачкы лексикографиялык баалуу мурасыбыз деп эсептешибиз керек.

Дээрлик XX кылымга чейин бири-биринен даана ажыратылбай жалпы бир тил катары таанылып келген түркий тилинин тутумунда кыргыз сөздөрү

[7] Кашкари М. Дивану лугати т-түрк. 1-том. Урумчи, 1981. 2-б. (уйгурча котормосу).

мындан башка да бир топ байыркы жазма эстелик эмгектерде чагылдырылган. Алардын бардыгы араб жазуусу менен ишке ашып, бүгүнкү күнү кыргыздар өз изилдөөлөрүн орус тилинде жүргүзгөндөй, ошол кездерде түркий сөздөрүнүн түшүндүрмөлөрү же араб, же парсы тилинде гана жүргүзүлүп келген.

Азыркы түрк тилдери бири-биринен бир чоң тилдин далектилери (наречиелери) катары гана айырмаланганы XX кылымдын биринчи чейрегине чейин жарык көргөн түркологиялык эмгектердин дээрлик бардыгынын мазмунунан белгилүү болуп келет[8]. Азыркы түрк тилдерин XX кылымга чейин жашап келген түркий тилинин диалектилери (наречиелери) деп эсептеп, көлөмдүү-көлөмдүү эмгектерди жараткан орустун улуу чыгыштаануучуларынын бири В. В. Радловдун «Түрк наречиелер сөздүгүнүн тажырыйбалары» («Опыт словаря тюркских наречий») деген сөздүгүндө кыргыздардын сөздөрү ккирг. (каракыргыз наречиеси) деген белги менен берилген.

Ошентип, азыркы кыргыз тилинин наречие (диалект) катары болсо да башка түрк тилдеринен (түрк наречиелеринен) расмий түрдө бөлүнө башташын биз мына ушул сөздүктөн көрүп окуйбуз. Бирок, мунун өзү кыргыз тилинин XIX-XX кылымдарда гана өзүнчө тил болуп калыптанды дегендикке жатпайт. Демек, В. В. Радловдун сөздүгүн кыргыз лексикографиясынын расмий алфавит түзүлгөнгө чейинки калыптанышынын үлгүсү деп караганга негиз бар.

1924-жылы Россиянын составында Каракыргыз автоном облусу түзүлгөндө салттуу түрдө тартипке келтирилген атайын алфавит (реформаланган алфавит деп аташкан) кабыл алынып, мына ошондон бери карай, кыргыз тилинин сөздүк кору (сөздүк составы) максаттуу түрдө чогултула баштап, жаңы кыргыз лексикографиясына чыйыр салынган. Ошентип, кыргыз сөздөрүнөн өзүнчө арналуу сөздүк түзүү аракети XX кылымдын экинчи чейрегинен бери карай жүрүп келет. Кыргыз тилинин мындай сөздүгүн (тактап айтканда, Кыргызча-орусча сөздүктү) түзүү милдетин алдыга коюп, сөздөрдү чогултуу, орус тилине которуу ишин максаттуу баштаган окумуштуу атактуу академик Константин Кузьмич Юдахин болгон. Ал адегенде С. Е. Маловдун жетекчилиги менен В. В. Радловдун сөздүгүнөн кыргыз (кара кыргыз) наречиесинин сөздөрүн, анан Кыргызстанга келгенден кийин эл аралап жандуу кыргыз тилинин сөздөрүн чогулта баштайт. Анын мындай эмгегинен 1940-жылы көлөмдүү кыргызча-орусча сөздүк жаралды. Бул сөздүк өз учурунда түрк тилдериндеги алгачкы мыкты лексикографиялык эмгек

[8] Караңыз: Лазарев Л. М. Турецко-татарско-русский словарь наречий османского, крымского и кавказского с приложением краткой грамматики. М., 1864; Будагов Л. Сравнительный словарь турецко-татарских наречий. I-II. СПб., 1869, 1871; Wambery H. Etymologisches Worterbuch der Turko-tatarischen Sprachen. Leipzig, 1878; Вербицкий В. Словарь алтайского и аладагского наречий тюркского языка. Казань, 1884; Радлов В. В. Опыт словаря тюркских наречий. I-IV. СПб., 1888-1911.

катары бааланат. К. Юд.дин сөздүгүнүн түркия түрк тилине которулушунун[9] өзү эле анын практикалык маанисинин гана эмес, илимий салмагынын да жогорку деңгээлде экендигин айтып турат. Сөздүктү толуктап, 1965-жылы экинчи басылышын жарыялаган.

Кыргыз лексикографиясынын калыптанышына чоң салым кошуп, анын өзүнчө тармагын өнүктүргөн окумуштуу профессор К. К. Карасаев болгон. Өмүрүнүн аягына чейин сөз чогултуп, сөз маанилерин иликтеп өткөн бул атактуу окумуштуу кыргыз тилинин сөз байлыгын өтө терең билген инсан болгон. 60 миң сөз камтылган кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгүн жарыялап (биринчи басылышы 1966-ж. жарык көргөн), этимологиялык мүнөздөгү бир нече сөздүктөрдү жазган.

Азыркы кыргыз лексикографиясынын калыптаныш жана өнүгүш процессине И. А. Батманов, Б. М. Юнусалиев, Ж. Шүкүров, М. И. Богданова, Ю. Яншансин, Б. Орузбаева, Ж. Мукамбаев, Д. Исаев, Э. Абдулдаев жана башкалардын кошкон салымдары да чоң.

Азыркы кыргыз лексикографиясы

Советтик Россиянын тутумунда 1924-жылы «автономиялык область», 1926-жылы «автономиялык республика» ал эми 1936-жылы «союздук республика» деп аталып, кыргыздар дүйнөлүк өркөнияттын (цивилизациянын) казанында кайнай баштап, саясий-экономикалык жана маданий өнүгүүлөрдү баштан кечирип, кыргыз тили өзүнүн гезитине, басма сөзүнө ээ болду. Расмий алфавити түзүлүп, жазуу маданияты өнүгүп, башка тилдерди үйрөнүп билүүнүн, өздөштүрүүнүн даңгыр жолуна түшүп, кыргыз эли дүйнөдөгү өнүккөн тилдердин сөздөрүн өз тилине которуп алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Мына ушундай шарт биринчи кезекте котормо сөздүктүрдүн жаралыш зарылчылыгына алып келген.

Ошентип, азыркы кыргыз тилинин лексикографиясы өзүнүн расмий өнүгүү тарыхынын башатын XX кылымдан баштап, анын лексикасынын жыйналышы, иреттелиши жана алгачкы төл сөздүктөрүнүн жаралышы да XX кылымдын 30-40-жылдарына туура келген. Демек, азыркы кыргыз лексикографиясынын калыптана башташына кыргыз эли баштан кечирген тарыхый шарт, башкача айтканда, СССРдин тутумунда туруп, Кыргызстандын адегенде автономиялык область, анан автономиялык республика, кийин союздук республика болуп түзүлүшүнүн жана салттуу жазууга ээ болушунун таасири чоң.

XX кылымдын биринчи чейрегине чейин эле бир чоң тилдин диалектилери (В. В. Радловдун термини менен айтканда — наречиелери) катары каралып келген азыркы түрк тилдеринин өз алдынчаланып, бири-биринен алыстай башташы

[9] K.K.Judahin. Kirgiz sozlugu. Turkceye ceviren Abdullan Taymas. Cilt I (A-j), Ankara, 1945; Cilt II (k-z), Istanbul, 1948.

да мына ушул доор, мына ушул окуялар менен коштолгон. Натыйжада, түрк тилдер тобунун күнчыгыш бутагынын бири болгон кыргыз тили, социализмдин термини менен айтканда, улуттук тил катары өз өнүгүү жолуна түшүп, анын лексикасы атайын чогултулуп, ар тараптан изилденип, өзүнө гана тиешелүү сөздүктөрү пайда болду.

Азыркы учурда кыргыз тилинде сөздүктөрдүн дээрлик бардык түрлөрү бар. Көп томдук Кыргыз Совет Энциклопедиясы баш болгон бир нече тармактык жана аймактык энциклопедиялык сөздүктөрү, котормо, түшүндүрмө, көрсөтмө өндүү лингвистикалык сөздүктөрдүн дээрлик бардык түрлөрү жаралган. Азыркы кыргыз тилинин сөздүктөрү тууралуу ылдыйда атайын сөз болот.

Кыргыз тилинин энциклопедиялык сөздүктөрү. Кыргыз тилинде энциклопедиялык сөздүктөр XX кылымдын экинчи жарымынан бери карай чыга баштады. Кыргыз тилиндеги биринчи чоң энциклопедия — Кыргыз Совет Энциклопедиясы, 1976-1980-жылдары 6 том болуп жарык көргөн. Анын биринчи тому Асанбек Табалдиевдин, калган беш тому академик Б. Ө. Орузбаеванын редакциясы астында жарыкка чыккан.

Бул чоң энциклопедияда Кыргызстандын тарыхы, кыргыз элинин тарыхы, үрп-адаты, этнографиясы, географиясы, жаратылышы, адабияты, маданияты, илим-билими, коомдук-саясий жана экономикалык турмушу, ушу кезге чейинки өсүп-өнүгүш деңгээлинен туруп кеңири чагылдырылган. Ошону менен бирге бүткүл адамзат тарыхын, географиясын, адабиятын, маданиятын, илим-билимин, коомдук-саясий жана экономикалык турмушун, аалам объектилерин, Жер шарынын жаратылышын, дүйнөлүк маанидеги илимий-техникалык ачылыштарды чагылдырган макалалар да орун алган. Дүйнөгө белгилүү болгон инсандардын, атактуу окумуштуулардын, ойчулдардын, жазуучулардын, Кыргызстандын атактуу адамдарынын өмүр таржымалдары, кыскача чыгармачылыгы да чагылдырылган. Дүйнө жүзүндөгү белгилүү объектилер менен кошо Кыргызстандагы жерлердин, суулардын, тоолордун, шаарлардын, кыштактардын да аттары киргизилип, алар тууралуу маалыматтар жазылган.

Кыргыз Совет Энциклопедиясынын дүйнө таанытыкч, жаратылышты өздөштүргүч мааниси өтө чоң. Андан адамзатка, Жер шарына, ааламга тиешелүү болгон ар кандай билимдерди алса болот. Адамзат коомунун узак тарыхын, саясий-социалдык жана экономикалык өнүгүш тепкичтерин, жаратылыштын пайда болуш, өсүш, өнүгүш мыйзамдарын окуп үйрөнсө болот.

Кыргыз тилинде география, физика, математика, химия, биология, тарых, тил илими ж. б. тармактар боюнча кичи энциклопедиялык сөздүктөр да жаралган. Жогоруда белгиленгендей, буларда ошол тармактар боюнча кыска-кыска так маалыматтар берилген.

Кыргызча тармактык энциклопедиялар да жазылган. Алардын айрымдарына ылдыйда кайрылабыз. Кыргыз тилиндеги тармактык энциклопедиялардын ичинен «Манас» энцсклопедиясы (Бишкек, 1, 2-том, 1995) кыргыз лексикографиясында өзгөчө орду бар эмгек болуп эсептелет. Башка бардык энциклопедиялык сөздүктөрдөн айырмаланып, «Манас» энциклопедиясы бир гана көркөм чыгармага, элдик оозеки чыгармага, ошол чыгарманын айланасындагы ар түрдүү ойлорго арналып иштелип чыккан. Ал кыргыз элинин улуу эпосу «Манастын» бардык нускаларын (варианттарын), бардык манасайтуучуларды, «Манасты» эл арасынан жыйнап жазып алгандарды, манасизилдөөчүлөрдү, манастаануучуларды, дастандагы тарыхый-этнографиялык даректерди, географиялык объектилерди, каармандарды, тулпарларды, «Манас» тууралуу айтылган омоктуу ойлорду, көз караштарды, илимий изилдөөлөрдү өзүнө камтыган оригинал энциклопедиялык сөздүк болуп саналат. «Манас» энциклопедиясы үч миңден ашуун сөздүк макалалардан туруп, токсон беш (95) түстүү жана үч жүздөй ак-кара түстөгү сүрөттөр менен жабдылган.

Кыргызча аймактык энциклопедиялар да жазылып жарыяланган. Фрунзе шаары, Ош области, Ысык-Көл области, Нарын области, Талас области, Чүй области, Жалал-Абад области ж. б. аймактык энциклопедиялык сөздүктөр жарык көргөн. Буларда ошол өздөрүнө гана тиешелүү аймактагы географиялык объектилер, атактуу инсандар, илим-билим жетишкендиктери, элдин коомдук-саясий жана маданий-экономикалык турмушу, жеринин жаратылышы, кен байлыктары тууралуу кеңири маалыматтар камтылып жазылган. Булардын ошол аймактарды гана кеңири таанытып билдирер, үйрөтөр мүмкүнчүлүктөрү бар. Мындай энциклопедиялардын айрымдары, мисалы, Фрунзе шаары, Ош области, Ысык-Көл области ж. б. эки тилде — кыргыз жана орус тилдеринде айрым-айрым китеп болуп жарык көргөн.

Кыргыз тилинин лингвистикалык сөздүктөрү

Жазма маданияттын өнүгүш, өркүндөш ыраатында адегенде эле тилдеги сөздөрдү чогултуп, аларды жазуу, кагазга түшүрүү жумуштарында сабаттуу кылып чагылдыруу маселелери келип чыгат. XX кылымдын биринчи чейрегинде кыргыз тили мына ушундай проблемаларды баштан кечирген. Сөздөргө, алардын маанилерине терең маани берген Касым Тыныстанов алгачкы грамматикаларды жараткан болсо, В. В. Радловдун сөздүгүндөгү кыргыз сөздөрүн терип алып чогултуп жүргөн К. Юдахин кыргызча-орусча сөздүктү жаратып, кыргыз тил илиминин калыптаныш башаты түптөлүп, акырындык менен лексикографиянын өнүгүшү жана лингвистикалык сөздүктөрдүн эртерээк пайда болушу сыяктуу ийгиликтеринен улам башталган.

Кыргыз тилинин котормо сөздүктөрү

Кыргыз тилинин лингвистикалык сөздүктөрүнүн жазылып жарыкка чыга башташы XX кылымдын экинчи чейрегинен башталары жогоруда айтылды. Адегенде эле котормо сөздүктөр жаралып, кыргызча-орусча, орусча-кыргызча сүйлөшмөлөр, кыска-кыска сөздүктөр чыгып жүрүп олтуруп, Х. Карасаев менен И. А. Батманов түзгөн чакан китеп, орусча-кыргызча сөздүк Казандан 1938-жылы жарыяланып, 1940-жылы 25000 сөздү камтыган К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгү Москвадан басылып чыгып, кыргыз лексикографиясы көлөмдүү котормо сөздүк менен чоң ийгиликти колго кийирген. Чогултулган сөз байлыгынын молдугу, талдоолор, түшүндүрмөлөр үчүн катталган тилдик материалдардын, макал-лакаптардын, элдик ырлардын жана башка фольклордук материалдардын арбындыгы, алардын орусчага жогорку чеберчилик менен которулуп берилиши К. Юдахиндин эмгегинин баа жеткис ийгилиги болгон. Мындай чоң ийгиликти биз анын кыргызча-орусча сөздүгүнүн, эл аралык деңгээлде өз баасын алып, атүгүл түркиялык түрктөрдүн тилине которулушунан[10] деле байкайбыз. Автор муну толуктап, оңдоолор киргизип, 1965-жылы экинчи басылышын ишке ашырган. Биринчисинде 25 миң сөздү камтыган болсо, экинчи басылышы дээрлик эки эселенип, 40 миңдей сөз менен жарыкка чыккан. Анын баалуулугунун дагы бир жагы сөздөрдүн кайдан келген тегинин көрсөтүлгөндүгү болуп саналат. Сөздүктүн мындай маалыматтарын профессор Карбоз Дыйканов санап чыгып, өзүнчө таблица түзгөн (таблицаны караңыз). К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүнүн экинчи басылышы кезегинде СССРдин Мамлекеттик сыйлыгына да татыктуу болуп, советтик түркологияга кошкон анын зор салымы мамлекет тарабынан адилет белгиленген.

Кыргызча-орусча эки тилдүү чакан котормо сөздүк Эсенгул Абдулдаев тарабынан түзүлүп, 1994-жылы жарык көргөн.

Орусча-кыргызча эки тилдүү котормо сөздүктөрдүн алгачкысы, жогоруда айтылгандай, Х. Карасаев менен И. А. Батмановдордуку (1938). Кийин мындай сөздүктү Жапар Шүкүров, Юсуп Яншансиндер 25 басма табак көлөмүндө түзүшүп, ал бир нече ирет (1955, 1964, 1975, 1988) кайра-кайра басылышка ээ болгон. Орусча-кыргызча сөздүктүн алда канча көлөмдүүсүн Х. Карасаев, Ж. Шүкүров, К. Юдахиндер ишке ашырышып, ал 1944-жылы жарыкка чыккан. Бир нече авторлор жазып, 51 миң сөздү камтып, 1957-жылы орусча-кыргызча сөздүктүн көлөмдүү басылышы К. Юд.дин редакциясы астында ишке ашкан. Бул китеп 2000-жылы кайрадан басылып чыккан.

[10] Judahin K. K. Kirgiz sozlugu. Turkceye ceviren Abdullah Taymas. Cilt 1 (A-J), Ankara, 1945; Cilt 2 (K-Z), Istanbul, 1948.

Сөздөрдү түпкү теги боюнча уңгу маанисине карата бир уяга топтоштуруп түзүлгөн орусча-кыргызча сөздүк да жарык көргөн. Аскар Осмонкулов менен П. И. Харакоздун (Русско-кыргызский гнездовой словарь) мындай сөздүгү 12 миңден ашуун сөздү камтып, эки жолу басылып чыккан (1979, 1993).

Эки тилдүү котормо сөздүктөрдүн катарына «Орусча-кыргызча фразеологиялык сөздүк» (Абак Биялиев, Наталья Львовна Хмельницкая, 1977), «Кыргызча-орусча, орусча-кыргызча тематикалык фразеологиялык сөздүк» (Гүлнара Жамшитова, 2000), «Орусча-кыргызча жана кыргызча-орусча антонимдер сөздүгү» (Ж. Мураталиева, Н. П. Колесников, С. В. Щербаков, 1986) сыяктуу тематикалык максатта аткарылган котормо сөздүктөрдү да кошууга болот.

Кыргыз тили менен үч тилдүү котормо сөздүк да чыккан (А. М. Плутницкий, С. Шамбаев, А. Рахманов. Немецче-орусча-кыргызча сөздүк. — Фрунзе, 1974). Кыргыз тилинде илимдин дээрлик бардык тармактары боюнча орусча-кыргызча терминологиялык сөздүктөр иштелип чыгып жарыяланган.

Кыргыз тили менен башка бир катар тилдердин ортосунда котормо сөздүктүн дагы бир түрү болуп эсептелген сүйлөшмөлөр да жарык көргөн. Кыргызча-орусча, орусча-кыргызча, кыргызча-англисче, англисче-кыргызча, кыргызча-немисче, немисче-кыргызча ж. б. бир топ сүйлөшмөлөр окурмандарга кызмат кылууда.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүктөрү. ***Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.*** «Кыргыз лексикографиясында белгилүү мезгилге чейин эки тилдүү (котормо) сөздүктөр боюнча гана иш жүргүзүлүп, ал эми түшүндүрмө сөздүктөрдү жаратуу иштери болсо элүүнчү жылдардын аягында гана колго алына баштаганын»[1] эске алсак, тутумунда Э. Абдулдаев, Д. Абдылдаев, Р. Бекжанова, А. Биялиев, Д. Исаев, К. Кырбашев, Ж. Мураталиева, Ж. Осмонова, Р. К. Шамурзина жана С. Шатмановдор болгон авторлор коллективи салыштырмалуу кыска мөөнөттүн ичинде иштеп чыгып, кыргыз тилинин алгачкы түшүндүрмө сөздүгүн 1969-жылы жарыялашкан. Бул бир томдукту филология илимдеринин кандидаты Э. Абдулдаев менен филология илимдеринин кандидаты Дөөлөтша Исаевдер редакциялашкан. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү толукталып, кошумчаланып ошол эле авторлор тарабынан иштелип чыккан, бирок ушу кезге чейин биринчи тому гана 1984-жылы жарык көргөн. Кыргыз тилинин сөздүгү деген аталыш менен түшүндүрмө сөздүктүн толукталган нускасы 2010-жылы А. Акматалиевдин жалпы редакциясы менен жарыкка чыккан.

Синонимдер сөздүгү тилдеги маанилеш, маанилери боюнча бири-бирине жакын сөздөрдү чогултуп, алардын бири-бирине жакын болгон синонимдик ма-

[1] Абдулдаев Э., Исаев Д. Сөз башы. — Китепте: Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 1-том. Фрунзе: Мектеп, 1984. 5-б.

анилерин ачып, түшүндүрүп, тиешелүү мисалдар менен жабдып көрсөтөт. Тилдин лексикасын чогултуп, сөздөрдүн көп кырдуу маанилерин таап чыгып түшүндүрүүдө мындай сөздүктүн мааниси чоң. Айрыкча тилдин жазма түрүнүн ыксыз кайталоолордон алыс болуп колдонулушунда, башкача айтканда, жазма практикада синонимдер сөздүгү көп пайда келтирет. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү Шерали Жапаров, Касымбек Сейдакматовдор тарабынан түзүлүп, 1984-жылы жарык көргөн. Китепте кыргыз тилиндеги бири-бирине мааниси жакын жана маанилеш сөздөр чогултулуп, алардын синонимдик маанилери тиешелүү мисалдар келтирилип, талданып түшүндүрүлгөн.

Омонимдер сөздүгү тилдеги бирдей эле же окшош жазылышта жана айтылышта болуп, бирок ар башка маани берген сөздөрдү чогултуп, алардын маанилерин ачып көрсөтүп, тиешелүү мисалдар менен түшүндүрөт. Сөздөрдүн көп кырдуу маанилерин бири-биринен айырмалап ачып түшүндүрүп берип, мындай сөздүктүн практикалык мааниси абдан чоң. Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү 1986-жылы жарык көргөн, түзүүчү-авторлору Ж. Осмонова, Д. Исаев, Ш. Жапаров, К. Конкобаев. Жалпы көлөмү 324 беттен турган бул сөздүк 1200дөй сөз камтылып, алар алфавиттик тартипте жайгаштырылган. Омонимдик уялар айрым-айрым берилип, алардын бири-биринен айырмаланган маанилерине түшүндүрмөлөр конкреттүү мисалдардын коштоосу менен жүргүзүлүп, негизги маанинин орусча котормосу да кошо берилген.

Антонимдер сөздүгү мааниси боюнча бири-бирине карама-каршы болгон сөздөрдү жыйнап талдап, алардын маанилерин ачып түшүндүрөт. Тилдин жандуу колдонулушунда антонимдер сөздүгүнүн пайдасы чоң. Тилдик практикада бири-бирине карама-каршы келген сөздөр жандуу кептин жеткиликтүү, таасирдүү болушун камсыз кылып, тилдин ийкемдүүлүгүн арттырат. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү 1988-жылы жарыкка чыккан. Анын түзүүчүлөрү: Жапаров Ш., Исаев Д., Конкобаев К., Осмонова Ж. Сөздүк кыргыз тилиндеги бири-бирине карама-каршы болгон сөздөрдү мүмкүн болушунча толук камтып, алардын антонимдик маанилерине тиешелүү мисалдар келтирип, түшүндүрмөлөр берет. Сөздүктүн аягында бири-бири менен антонимдик катышта болгон сөздөрдүн алфавиттик тизмеси берилген.

Этимологиялык сөздүк. Этимологиялык сөздүктөр сөздөрдүн пайда болуш, келип чыгыш тарыхын, түпкү тегин, тутумундагы мүчөлөрүн (морфемаларын), мүчөлөрдүн берген маанилерин, тутумдук түзүлүшүндөгү, маанисиндеги өзгөрүүлөрдү, өнүгүүлөрдү иликтеп чечмелейт. Жалпы түрк тилдери боюнча бир нече этимологиялык сөздүктөр жаралган. Алгачкысын венгер окумуштуусу Г. Вамбери жазган. 1878-жылы жарыкка чыккан бул сөздүк «Түрк-татар тилдеринин этимологиялык сөздүгү» деп аталып, реестрдеги сөздөрдүн уңгусунун

вариантгары да немисче котормосу менен берилип иликтенген. «Основой для словника словаря послужила лексика чагатайского языка, извлеченная главным образом из крупнейшего литературного памятника «Кутадгу Билик», который Г. Вамбери называл «санскритом тюркских языков»[12], деп эсептейт К. М. Мусаев. Биздин оюбузча, Европага эртерээк белгилүү болгон татар сөздөрү да чагатай тилинен кем эмес кызмат аткарган болуш керек. Салыштырма жана иллюстративдик материал катары алтай, кыргыз[13], осмон түрк, уйгур, чагатай, чуваш, якут сөздөрү келтирилген. Орхон-Енисей жазууларынын сыры ачылып, анын байыркы түрк элдериники экени белгилүү боло элек болчу да, Европада азыркы түрк элдеринин көпчүлүгү тууралуу маалыматтар жок эле.

Г. Вамбериден 90 жылдан кийин фин окумуштуусу М. Рясянендин сөздүгү жарыкка чыккан. Бул кезде В. В. Радловдун сөздүгүндөгү түрк наречиелери бири-биринен биротоло ажырап, алыстап ар кимиси өз алдынча тил болуп калган болчу. Ошентип, 60-70 жылдар мурун диалектилер деп аталып, 90 жыл мурда Г. Вамберинин «түрк-татар тилдери» деп жазгандары М. Рясянен тарабынан «Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүнүн тажрыйбалары» деп аталып жарыкка чыкты. Мында, өзүнөн мурункулардан айырмаланып, мүмкүн болушунча төл сөздөрдү, болгондо да, автор өзү белгилегендей, аларды алтай жана урал-алтай тилдериндеги параллелдери менен чагылдырууга аракет жасалган.

1972-жылы англиялык окумуштуу Ж. Клосондун «XIII кылымга чейинки түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү» деген китеби чыгып, анда байыркы жазма эстеликтер менен азыркы түрк тилдеринин көпчүлүгүнүн материалдары кеңири пайдаланылган.

Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүнүн андан кийинкиси Э. В. Севортян тарабынан иштелип, биринчи тому 1974-жылы чыккан. «Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгү: үндүүлөр менен башталган жалпы түрк жана орток түрк негиздери» деп аталып жарыкка чыккан. Кийинки томдору үнсүздөр менен башталган сөздөрдү камтып, Э. В. Севортяндын көзүнүн тирүүсүндө үч эле тому жарыяланган. Төртүнчүсү Л. С. Левитская тарбынан жарыкка чыгып, анын ишин окуучулары улантып жатышат.

Э. В. Севортяндын сөздүгү өзүнөн мурдагы сөздүктөргө караганда камтыган сөздөрүнүн молдугу жагынан да, иликтөөгө тартылган фактыларынын арбындыгы жагынан да, баяндоо, талдоо, иликтөө ыгы жагынан да айырмала-

[12] Мусаев К. М. Лексикология тюркских языков. М.: Наука, 1984. 105-б.: «Сөздүктүн сөз тизими үчүн негизинен Г. Вамбери өзү «түрк тилдеринин санскрити» деп баа берген ири адабий эстелик «Кутадгу Биликтен» калпып алынган чагатай тилинин лексикасы кызмат кылган».

[13] XX кылымга чейинки жазма эстеликтердеги «кыргыз», «кыргыз тили» деп жазылгандардын бардыгын эле, негедир, окумуштуулар «казак», «казак тили» деп кабыл алышып, ошондой кылып оодарып жазып жүрүшөт. Биздин оюбузча XX кылымга чейин «кыргыз», «кыргыз тили» деп жазылгандардын «казактарды», «казак тилин» билдиргендигинде чек болуш керек.

нып, бардыгынан өйдө турат. Сөздөрдүн түпкү тегин изилдеп талдоодо сөздөгү мүчөлөр (морфемалар) да иликтөөгө алынып, салыштыруу үчүн байыркы жазма эстеликтерден баштап азыркы жандуу түрк тилдеринин дээрлик бардыгынын, алардын диалектилеринин фактылары да жана алтай тилдер чоң тобундагы тилдердин материалдары кошо тартылган. Сөздөрдүн, сөз мүчөлөрүнүн бардык маанилери, лексикалык да, грамматикалык да, эске алынып, маанилик өзгөрүүлөр, жылыштар өтө кылдат иликтенет.

Кыргыз тилинин жеке өзүнүн материалдары менен профессор Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» (биринчи жана экинчи китептер), «Камус наама» сыяктуу сөздүктөрү этимологиялык талдоолор менен XX кылымдын акыркы чейрегинде гана жарык көрдү. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү да ушул мезгилде жаралды. Аны белгилүү тилчи К. Сейдакматов иштеп чыгып жарыялаган. Болгону тогуз жүз жетимиш төрт сөздү камтыган бул китеп «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү» деп аталып 1988-жылы жарыкка чыккан. Автор негизинен төл сөздөрдү, анын ичинен да айрыкча лексиканын байыркы катмарына тиешелүү болгон сөздөрдү камтууга аракеттенген. Иликтөөлөрү элдик этимологиянын тажрыйбаларына жакын болуп, өзүнчө оригинал илимий негизде ишке ашкан. Китептин аягында беш тиркеме берилген. Биринчиси — этимологиялык талдоого алынган сөздөрдүн тизмеси, экинчиси — сөздөрдүн морфемалык составынын көрсөткүчү, үчүнчүсү — сөздөрдөгү тыбыштык өзгөрүүлөрдүн көрсөткүчү, төртүнчүсү — кабыл алынган сөздөрдүн көрсөткүчү, ал эми бешинчиси болсо, кыргыз тилиндеги мүчөлөр деп аталат. Ушул акыркысында кыргыз тилиндеги үч жүз сексен бир (381) куранды (сөз жасоочу мүчө) мүчө катталган. Бул тиркемелери тигил же бул сөздүн тегин, тутумундагы мүчөлөрүн (морфемаларын) аныктып, сөздүккө кирбеген башка сөздөрдүн да тегин ачып этимология жүргүзүүгө жардам берет.

Фразеологиялык сөздүктөр тилдеги туруктуу сөз айкаштарынын (фразеологизмдердин) маанилерин, пайда болуш таржымалын ачып түшүндүрөт. Кыргыз тилиндеги мындай сөздүктөрдүн алгачкылары котормо болуп жарыяланган (кыргызча-орусча, орусча-кыргызча фразеологиялык сөздүктөр тууралуу жогоруда айтылды). Фразеологиялык түшүндүрмө сөздүк бир нече авторлор тарабынан иштелип чыгып, 1980-жылы жарыяланган. Анын толукталган варианты Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин басмасы тарабынан экинчи басылышы катары ишке ашкан.

Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» (1 жана 2-китеп), «Камус наамелерин» өзгөчө типтеги эмгектер катары карап, фразеологиялык түшүндүрмө сөздүктөрдүн катарына кошсок да болот. Бул сөздүктөрдө кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди да, учкул сөздөрдү да, өзгөчө маани берген айрым туруктуу сүйлөм айтылыштарын да, жана алардын колдонулган булактарын да көрсөтүп маанилик

талдоолор жүргүзүлгөн. Ал эми анын «Өздөштүрүлгөн сөздөрү» башка тилдерден, айрыкча араб жана иран тилдеринен келип кирген сөздөргө түшүндүрмөлөр берет.

Диалектологиялык сөздүк тилдеги жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү, башкача айтканда, диелектилик сөздөрдүн маанилерин ачып, алардын кайдан келгендигине, кантип пайда болгондугуна түшүндүрмө берет. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгүн белгилүү тилчи Жээнбай Мукамбаев түзүп, 7 томдук кылып басмага даярдаган, бирок анын биринчи тому гана жарыкка чыгып (1972), ошол учурдагы өкмөт менен партия тарабынан «коомго жат сөздөр киргизилген» дегендей маанидеги айып коюлуп, автор административдик жазага да кириптер болгон. Ж. Мукамбаевдин сөздүгүнүн толук варианты профессор К. Конкобаевдин демилгеси менен 2006-жылы жарыяланган.

Ар башка аймактарда гана айтылып, башка жактарда жана адабий тилде айтыла бербеген сөздөрдү, сөз айкаштарын, грамматикалык каражаттарды чогултуп, алардын маанисин, түпкү тегин ачып, адабий тилдеги фактылар менен салыштырып түшүндүрмө берүүнүн мааниси абдан чоң. Мисалы, бардык аймактарда жашаган кыргыздардын миңдеген сөздөрүн чогултуп, аларга иликтөө жүргүзүп сөздүк жаратуу тажрыйбасынан улам Ж. Мукамбаев Кыргызстандын түштүк-батыш аймактарында жашаган кыргыздардын тилинде тилдик байыркы фактылардын арбын сакталып калгандыгын далилдеп чыккан.

Терминологиялык сөздүктөр илимдин жана маданияттын тиешелүү тармагында гана колдонулган терминдерге, атайын аталыштарга түшүндүрмөлөр берет. Кыргыз тилиндеги терминологиялык сөздүктөрдүн дээрлик бардыгы котормо сөздүктөр болуп саналат.

Ономастикалык сөздүктөр энчилүү аттарды чогултууга, алардын маанилерин ачып берүүгө арналат. Энчилүү аттардын түрлөрүнө жараша мындай сөздүктөрдүн жер-суу аттарынын, адам аттарынын ж. б. маанилерин чечмелеген түрлөрү болот. Кыргыз тилинин адам аттарынын сөздүгү 1981-жылы жарыяланган, бирок анда энчилүү аттардын маанилерин чечмелеп түшүндүрмө берилген эмес. Ошондуктан ал көрсөтмө сөздүктөр үлгүсү менен жарыкка чыккан. Кыргыз адам аттары тууралуу көрсөтмө сөздүк формасында Ш. Жапаров бир нече китеп жарыялаган (Кыргыз адам аттары. Фрунзе, 1989; Адам аттары — эл байлыгы. Бишкек, 2001.).

Жер-суу аттарына арналган сөздүк 1988-жылы «Кыргыз ССРинин география аттарынын сөздүгү» деген ат менен жазылып, анда жаратылыштагы энчилүү аттардын маанилерин, кайдан келип чыккандыгын түшүндүрүүгө да көңүл бөлүнгөн.

Чет тилдер сөздүгү тилге башка тилдерден келип кирген сөздөрдү каттап, көбүнчө коомдук-саясий терминдерди каттап, алардын маанилерин ачып берет.

Кыргыз тили боюнча мындай сөздүк али жазыла элек. Профессор Х. Карасаевдин «Өздөштүрүлгөн сөздөр» сөздүгү (Фрунзе, 1986) негизинен араб, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөрдү камтып, аларга түшүндүрмөлөр берилип, чет тилдер сөздүгү тибине жакын.

Кыскартуулар сөздүгү да түшүндүрмө сөздүктөр тобуна кирет. Кыскартуулар сөздүгү тилдеги кыскартылып алынган сөздөрдү, шарттуу кыскартууларды каттап, аларды жандырып түшүндүргөн милдетти аткарат. Кыргыз тилинде али мындай сөздүк жарала элек.

Кыргыз тилинин көрсөтмө сөздүктөрү. Көрсөтмө сөздүктөр сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын же сөз мүчөлөрүнүн маанилерин чечмелебейт, башка тилге которбойт. Көрсөтмө сөздүктөр тилдик фактыларды жөн гана каттап, аларды алфавиттик жана тематикалык тартипке келтирип же бир башка максаттагы үлгүлөрүн көрсөтүү милдеттерин аткарат. Тилдик фактылардын тарыхый-хронологиялык ыраат тартибин эле көрсөтүп бериши да мүмкүн.

Кыргыз тилинде мындай типтеги сөздүктөрдүн бир нече түрү жарык көргөн. Эч кандай түшүндүрмө же башка бир тилге оодарылган котормосу берилбеген көрсөтмө сөздүктөрдүн дээрлик бардык түрлөрү азыркы кыргыз тилинде бар.

Орфографиялык сөздүктөр тилдеги сөздөрдүн адабий норманын эрежелерине ылайык туура жазылышын көрсөтөт. Кыргыз тилинин алгачкы орфографиялык сөздүгү 1938-жылы жарык көргөн. Андан кийин орфографиялык сөздүк Мадина Богданова тарабынан түзүлүп, 1942-жылы чыккан. Бир топ көлөмдүү сөздүктү Х. Карасаев менен Ю. Яншансин түзүшүп, ал 1956-жылы жарыяланган. Кыргыз тилинин алда канча толук орфографиялык сөздүгүн Х. Карасаев толуктап иштеп чыгып, алтымыш миң (60000) сөз көлөмү менен 1966-жылы жарыяланган. Бул сөздүк шакирттери тарабынан толукталып, 80000 сөздү камтыган көлөм менен 2006-жылы жарык көргөн.

Орфоэпиялык сөздүк сөздөрдүн адабий тилдик айтылыш нормасына ылайык транскрипцияланышын чагылдырат. Мындай сөздүк тилди пайдалануу маданиятына кызмат кылат. Ар бир сөздү, сөз формаларын алардын адабий айтылыш ыргактары менен туура айтып пикир алышуу ойдун угуучуларга алда канча жеткиликтүү болушун шарттайт. Кыргыз тилинин адабий айтылыш нормаларына ылайык иштелип чыккан орфоэпиялык эрежелери бар, бирок азырынча орфоэпиялык сөздүгү жазылып жарыялана элек.

Морфемалык сөздүк сөздөрдүн морфологиялык түзүлүшүн мүчөлөп (сөздөрдү уңгу, куранды, уландыларга — морфемаларга — ажыратып) көрсөтөт. Кыргыз тилинин морфемалык сөздүгү Ж. Мукамбаев менен А. Осмонкуловдор тарабынан ишке ашкан (1978). Сөздөрдүн тутумдук түзүлүшүн ачып көрсөткөн мындай сөздүк сөздөрдүн тутумдук түзүлүшүн — уңгу, куранды, уланды мүчөлөрүн тактап көрсөтүп, этимологиялык талдоолорду жүргүзүүгө, тилдин та-

рыхын аныктоого мүмкүндүк берет. Тилди окуп үйрөнүүнү жеңилдетип, мектеп окуучуларына, студенттерге, илим изилдөөчүлөргө да жардам берет.

Жыштык сөздүк тилдеги сөздөрдүн колдонулуш деңгээлин көрсөтөт. Кайсы гана тилде болбосун андагы сөздөр бирдей деңгээлде колдонулушка ээ эмес. Кээ бирлери өтө активдүү колдонулса, кээ бир сөздөр өтө сейрек (пассивдүү) колдонулат. Сөздөрдүн мына ушундай өзгөчөлүгүн каттап көрсөткөн сөздүктүн практикалык мааниси абдан чоң. Тилди окутууда, айрыкча, тилди чет тили катары окутууда кайсы сөздөргө өзгөчө маани берип, окуу китептерин жаратууда эмнеге көңүл буруу керектигин аныктоого болот. Кыргыз тилинин жыштык сөздүгүн профессор К. Дыйканов түзүп жарыялаган.

Кери сөздүк сөздөрдүн аяккы тамгалары боюнча алфавиттик тартипке келтирилишин көрсөтөт. Сөздөргө, сөз мүчөлөрүнө илимий изилдөө жүргүзүү, уйкаштык маселелерин иликтөө иштеринде мындай сөздүктүн мааниси абдан чоң. Кыргыз тилинин кери сөздүгүн 456 бет көлөм менен профессор К. Дыйканов иштеп чыгып жарыялаган.

ЭТИМОЛОГИЯ

Этимология гректин ***etimon*** чындык, сөздүн негизги мааниси жана ***logos*** окуу, түшүнүк деген маанидеги сөздөрүнөн куралган. Этимология тил илиминде төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

1. Тилдин материалдык бирдиктеринин (сөздүн, сөз мүчөлөрүнүн, туруктуу сөз айкаштарынын, кээде тыбыштардын да) түпкү тегин, келип чыгышын изилдеген тил илиминин бир бөлүмү.

2. Сөздөрдүн жана сөз мүчөлөрүнүн тарыхы, келип чыгыш теги. Сөздөрдүн жана сөз мүчөлөрүнүн келип чыгыш тарыхынын изилдениши. Бул маанисинде этимология лингвистикалык мисалдарда гана эмес, география, этнография сыяктуу башка илимдердин изилдөөлөрүндө да колдонула берет.

3. Тилдик каражаттардын (сөздөрдүн, сөз мүчөлөрүнүн, туруктуу сөз айкаштарынын, тыбыштардын) пайда болуш, жаралыш тарыхын изилдей турган ыкма.

Булардан тышкары XIX кылымга чейин «этимология» деген термин тил илиминде «грамматика» деген терминдин маанисинде да колдонулуп келген.

Бул эмгекте этимологияны, негизинен, биринчи маанисинде гана колдонуп, сөздөрдүн, сөз мүчөлөрүнүн, туруктуу сөз айкаштарынын, кээде тыбыштардын да, түпкү тегин, келип чыгышын изилдеген тил илиминин бир бөлүмү болуп окутула, үйрөтүлө турган окулма (предмет, дисциплина) экендиги тууралуу сөз кылабыз.

Этимологиянын өзүнчө бөлүм катары, лексикологиянын бир бөлүмү катары жаралышын, калыптанышын тил илиминин кийинки эле дооорлордогу абалы менен, тил илиминин лексикасынын, грамматикасынын өнүгүп-өкүндөө мезгилдери менен байланыштырабыз. Этимологиялык изилдөөлөр көбүнчө тыбыштык, фонемалык, морфемалык иликтөөлөргө негизделет. Мындай мазмундагы иликтөөлөр көбүнчө лингвистикалык изилдөөлөрдүн тарыхый, салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык жана эксперименталдык ыкмалары менен жүрүп ишке ашат.

Тилдеги сөздөрдүн, сөз мүчөлөрүнүн түпкү тегин, байыркы турпатын, тутумдук алгачкы түзүлүшүн ачуунун мааниси чоң. Анткени, тил жандуу кубулуш болуп көбүнчө адам баласынын оозеки кебинде жашап, мезгил өткөн сайын өнүгүп, өзгөрүп, узак дооорлорду баштан кечирип, улам жаңыланып жүрүп олтурат. Тилдин материалдык бирдиктери ар кандай өзгөрүүлөргө дуушар боло берет. Көпчүлүк сөздөр баштапкы, байыркы тутумдук түзүлүш кебетесин өзгөртүп жиберип, азыркы учурда алардын түпкү тегин аныктоого мүмкүн да болбой калган учурлар бар. Мындай көрүнүштөрдүн — тилдеги сөздөрдүн, алардын тутумдук түзүлүшүнүн сырларын ачуу тилдин тарыхынын да, ошол тилде сүйлөгөн элдин тарыхынын да көмүскө жактарын ачууга өзүнчө өбөлгө болот. Мына ушундай жооптуу жумуштар лингвистиканын этимология бөлүмүндө жүзөгө ашырылат.

Лингвистикада этимология тилдердин генеологиялык жактан тектештигин аныктоодо баа жеткис фактыларды таап, айтыла турган көз караштын, жобонун тууралыгына шек келбес далилдерди айтып чыгат. Мисалы, ***айгыр*** деген сөздүн этимологиясынан биз түрк тилдеринин гана эмес, бүткүл алтай (урал-алтай) тилдеринин да тектештигин даана көрө алабыз: *аз., алт., башк., каз., кар., ккалп., кырг., ног., тат., түр., түркм., өзб. диал., хак. диал.* ***айгыр;*** *өзб., уйг.* ***айгир;*** *тур. диал.* ***айкыр;*** *с. уйг.* ***азгыр;*** *тув.* ***аскыр;*** *хак.* ***асхыр;*** *як.* ***атыыр;*** *чув.* ***айар;*** *ДТС* ***адгыр, азгыр;*** *монг.* ***азырга, азрага;*** *тунг.* ***адырга.***

Келтирилген мисалдардан айгыр деген сөздүн жалпы алтай тилдер тобуна орток сөз экендиги далилденип турат.

Этимологияда иликтөөлөр сөз менен сөздү, сөз мүчөлөрү менен сөз мүчөлөрүн, тыбыш менен тыбышты салыштырып изилдөө жүргүзөт. Ошондуктан, этимология деген илим лингвистикалык илим болуп эсептелет, болгондо да сөз жөнүндөгү илим, сөздүн маанилерин, анын ички түзүлүш тегин, жаралышын чечмелеп көрсөтүүчү илим болуп эсептелет. Анын өзүнө жараша изилдөө обьектиси, изилдөө ыкмалары, изилдөө критерийлери, алдыга койгон максаттары бар. Ал гана эмес, этимологиянын, этимологиялык изилдөөлөрдүн өзүнчө түрлөрү (жолдору) да болоору белгилүү.

Лингвистикада ошентип, жогоруда белгиленгендей, этимология лексикологиянын бир бөлүмү катары каралып келет.

***

Этимология жүргүзүүнүн объектиси болуп тилдин материалдык каражаттарынын бардыгы кызмат кылышы мүмкүн. Анткени, сөздөрдүн гана эмес, сөздүн мүчөлөрүнүн да, айрым тыбыштардын, туруктуу сөз айкаштарынын (фразеологизмдердин) да, айрым бир сүйлөм түзүлүштөрүнүн да жаралыш, пайда болуш, келип чыгыш жана айтылып калыш тарыхы болот. Демек, этимология жүргүзүүнүн объектисин этимологиянын максатына жараша аныктайбыз, башкача айтканда, тыбышка этимология жүргүзөбүзбү, сөзгө жүргүзөбүзбү, сөз мүчөлөрүнө жүргүзөбүзбү, мына ушундай максаттарга карата алдыда эмнелердин түпкү тегине сарэсеп саларыбыз такталып аныкталат.

Эгерде биз тигил же бул сөздүн келип чыгыш тарыхын, жаралышын, түпкү тегин изилдей турган болсок, биздин этимологиябыздагы негизги объектибиз конкреттүү сөз болот. Ал эми тилдеги тигил же бул тыбыштын пайда болуш тарыхын изилдей турган болсок, негизги объектибиз ошол тыбыш болот. Туруктуу сөз айкаштарынын тарыхын изилдеген этимологияда изилдөө объектиси болуп сөздөрдүн лексикалык маанилери, маанилик өзгөрүүлөр кызмат кылат, этимологиялык талдоолор ошол туруктуу айкалыштагы ар бир компоненттин жана алардын ажырагыс биримдикте тургандагы жалпы лексикалык маанилери тууралуу жүрөт.

Этимологиялык изилдөөлөрдө негизги объект менен бирге кошумча объектилер да болушу мүмкүн, анткени бир эле тилдик каражаттын түпкү тегин аныктоодо ошол каражаттын тутумундагы бөлүктөрдүн да тарыхын, келип чыгышын аныктоо талап кылынат. Мисалы, кыргыз тилиндеги "чейин" деген сөзгө этимология жүргүзгөнүбүздө, анын тутумундагы сөз мүчөлөрүнүн да, тыбыштардын да келип чыгышы, пайда болушу изилдениш керек. Андай болбогон учурда этимологиялык негизги максат аткарылбай калат. Карап көрөлү, ***чейин*** кээ бир башка түрк тилдеринде «д (т)» тыбышы менен айтылат: ккал., каз., ног. дейин. Ал эми дейин байыркы баба тилдеги тегри деген жандоочтон өзгөрүп келген. Демек, сөз башында «д (т)» тыбышы менен «ч» тыбышынын алмашуу процесси жүргөн. Салыштырып көрөлү, ног. дери, чув. тери, уйг. теги, аз. дэк, түр. дек. Кыргыз тилинин деле айрым диалектилеринде дейин, дейри, дейре, дере деген айтылыштар чейин маанисинде жолугат[14].

Байыркы түркчө ***тегри*** формасына байыркы баба тилдеги багыттооч (орусча тексттерде направительный падеж) жөндөмөсүнүн «-н» мүчөсү жалганган. Ошентип, сөздүн өнүгүп өзгөрүшү мындайча жүргөн: байыркысы тегрин, андан тейрин, андан дейин, дейре, дере анан барып чейин болуп өнүгүп жүрүп олтурган.

[14] Мукамбаев Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. 1-том. Фрунзе, 1972. 531-б.

Көрүнүп тургандай, биерде чейин, дейин сөздөрү тууралуу изилдөөлөр жүрүп, ошол сөздөр негизги обөект болду да, байыркы баба тилде гана айтылган багыттооч жөндөмөсүнүн «-н» мүчөсү менен сөз башындагы «т», «д» жана «ч» тыбыштары кошумча объект болду. Негизги объект — сөз, сөздүн келип чыгыш теги, ал эми кошумча объект катары сөздүн башында кайсы тыбыштын айтылышы менен сөздөгү байыркы жөндөмө мүчө болду.

Эч бир тилдин алфавити андагы тыбыштардын көп кырдуу айтылыш маанилерин толук чагылдырып бере албайт. Ошондуктан, илимий этимологияда тилдик каражаттардын маанилерин өтө так чагылдырыш үчүн кошумча тамга белгилери арбын колдонулат. Мисалы, түрк тилдеринин ар кандай этимологиялык сөздүктөрүн түзгөн окумуштуулар өз китептеринин алфавитине *а, ә, h, w, а , а, е, е, ,и, о, ө, п, с, т, у, у, ү, х, ч, ш* сыяктуу кошумча тамга белгилерин иштеп чыгып пайдаланышкан. Бул, албетте, тиешелүү объектини өз угулушундай, өз айтылышындай кылып так берүү аракеттеринен улам келип чыккан амал.

***

Этимологиянын, этимологиялык изилдөөлөрдүн эң негизги максаты тилдин материалдык бирдиктеринин (тыбыштардын, сөз мүчөлөрүнүн, сөздөрдүн, туруктуу сөз айкаштарынын, сүйлөм курулуштарынын) пайда болуш, келип чыгыш тегин аныктап, алардын байыркы турпатын ачып көрсөтүш болуп эсептелет. Этимологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында тилдик бирдиктердин сырткы турпаты менен маанилеринин байыркы баба тилге тиешелүү көрүнүштөрү ачылып, ар бир бирдиктин алгачкы формалары калыбына келет. Тилдердин тектештиги, тектештик белгилери, бири-бирине окшобогон айырмачылыктар, тилдик түрдүү карым-катыштар аныкталат. Тектеш тилдердин бири-бирине болгон жакынкы жана алыскы тектештик мамилелери такталат. Башка тилдерден кабыл алынып, өздөштүрүлгөн фактылардын жалпы мүнөзү, тематикалык топтору белгилүү болот. Ар бир лингвистикалык материалдык фактынын баштапкы тыбыштык турпаты, алгачкы мааниси, маанилик өзгөрүүлөрү, өнүгүүлөрү далилденет. Алардын калыптаныш, өнүгүш, өзгөрүш тарыхы менен кошо таралыш ареалдары да аныкталат.

Лингвистикада этимологиялык изилдөөлөр көбүнчө сөзгө карата жүргүзүлүп, сөздүн тутумундагы мүчөлөр, тыбыштар жана ошол сөз катышкан туруктуу сөз айкаштары менен сүйлөмдөр кошумча объект болуп келет.

Сөзгө карата болгон этимологиялык изилдөөлөрдө төмөндөгүдөй негизги үч максат ишке ашат:

1) сөздүн, сөз формасынын байыркы баба тилдеги тыбыштык көрүнүшүнөн, лексикалык же грамматикалык алгачкы маанисинен бери карай өнүгүш, өзгөрүш тарыхы аныкталып такталат;

2) сөздүн, сөз формаларынын тутумдук түзүлүшү, сенек болуп калган, ажыратууга мүмкүн болбой калган мөчөлөрүн таап чыгуу ишке ашат, жок болуп кеткен тилдик каражаттар белгилүү болот;

3) сөздөрдүн башка тилдерден өздөштүрүлгөндүгү, өздөштүрүлгөн сөздөрдүн алгачкы булагы, кайсы тилден келгендиги аныкталат.

Этимологиянын, этимологиялык изилдөөлөрдүн максаттарынын түбү барып этимологиялык сөздүктөрдүн жаралышына алып келет. Этимологиялык изилдөөлөр ар түрдүү жолдор менен жүргөндөй эле, этимологиялык сөздүктөр да өтө ар түрдүү болуп жаралат.

Демек, этимологиялык изилдөөлөрдүн максаты жарала турган этимологиялык сөздүктөрдүн мүнөзүнө, максатына жараша да аныкталат. Тектеш тилдердин, башкача айтканда, генеологиялык бир топтогу (группадагы) бир нече тилдердин этимологиялык сөздүгүн түзүү максатында жүргүзүлгөн этимологиялык изилдөөлөр өзүнүн алдына ошол тилдердин бардыгын, алардын диалектилерин, тарыхын, башка тилдер менен болгон карым-катыштарын, ошол тилдерде сүйлөгөн элдердин узак тарыхын, этнографиясын, үрп-адатын, салтын, маданиятын, диний түшүнүктөрүн, антропологиялык түзүлүштөрүн терең өздөштүрүү милдетин коёт.

Этимологиянын негизги милдети болуп тилдеги (же тектеш тилдердеги) мүмкүн болушунча бардык сөздөрдүн келип чыгышын, куралышын жана маанилик түпкү тегин ачып түшүндүрүү болуп саналат.

Этимологиялык изилдөөлөрдүн, мына ошентип, ар түрдүү максаттарына жараша биз анын негизги лингвистикалык милдеттерин төмөндөгүдөй бөлдүк.

1. Тилдик бирдиктердин азыркы абалынан байыркы баба тилдеги тыбыштык турпаттарына жана берген маанилерине чейинки «басып өткөн жолуна» саресеп салуу. Мындай милдет тилдеги төл элементтердин, тилдин өзүнө тиешелүү болгон бирдиктердин түпкү тегин ачып берет.

2. Кабыл алынган же өздөштүрүлгөн тилдик бирдиктердин кайдан келген тегин аныктап тактоо үчүн элдин кайсы дооорлордо кайсы элдер менен карым-катыш мамилелерде болгондугун эске тутуп иликтөө жүргүзүү. Мында башка тилдерден келген элементтердин түпкү теги аныкталып, кайдан келген булактары белгилүү болот.

3. Лингвистикалык мыйзамченемдиктердин шартынан туруп тыбыштык өзгөрүүлөрдүн, грамматикалык категориялардын ырааттуулугунун негизинде иликтөөлөрдү жүргүзүү. Бул милдеттин ишке ашышы менен тилдин материалдык бирдиктериндеги өзгөрүүлөрдүн, маанилик жылыштардын дайыны белгилүү болот.

***

Этимологиялык изилдөөлөрдүн принциптери болуп тилдик бирдиктердин түпкү тегин аныктоодо карманар негизги изилдөө багыттары эсептелет. Тыбыштардын, сөз мүчөлөрүнүн, сөздөрдүн же сүйлөм курулуштарынын келип чыгыш, пайда болуш тегин аныктап, алардын маанилерин ачып чечмелеп берүүдө этимологиянын лингвистикалык төмөндөгүдөй үч принциби бар.

1. ***Тыбыштык принципте (фонетикалык принцип)*** тилдик бирдиктин пайда болушун аныктоо үчүн андагы тыбыштардын ролу өзгөчө болуп көрсөтүлөт. Мисалы, ***Ысыккол*** деген сөздүн келип чыгышында *с~з~д~й* тыбыштарынын тарыхый алмашуулары негизги мааниге ээ болот. Тыбыштык алмашуулардын жүрүшү, алмашуу доорлору иликтөөлөрдүн борборунда болушу шарт. Этимологиялык изилдөөнүн натыйжасында көлдүн атынын ысык эмес ыйык деген сөздөн келип чыкканына ынанабыз. Алтай бабатилинин жана түрк тилдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин лексикалык корунан буга дагы төмөндөгүдөй мисалдарды келтирсек болот: *айак ~ адак ~ азак; чой ~ чоз ~ соз; айгыр ~ азрага ~ асый; өй- (өйдө) ~ өс- (боюо өстү); кой ~ код (жаныбар); кайын (кайын журт) ~ катын (алтайча кадын).*

2. ***Морфосемантикалык принципте*** тилдик бирдиктердин келип чыгышын аныктоодо аларга сөз мүчөлөрүнүн, башкача айтканда, морфемалардын (уңгу, куранды, уландылардын) жана ошол сөз мүчөлөрү туюндурган маанилердин ролу өзгөчө болот. Мисалы, эпчи (боз үйдүн эпчи жагы) деген сөздүн этимологиясында анын эп жана чы деген бөлүктөрү (морфемалары) жана ошол бөлүктөрдүн берген маанилери чечүүчү ролду ойнойт. Биринчиси «үй» деген маанини берип (аз., түр. ев), экинчиси «үй кайтарган» деген маанини түшүндүргөн сөздү жасай турган куранды болуп, бул сөз «үйдө отурган киши» же «үй кишиси» дегенди билдирет. Ал эми байыркы баба тилде аял (айал) «үй киши» деп аталган, анткени эр (эркек) дайыма аңчылыкка кетип, аял дайым үйдө калган. Азыр деле алтай тилинде аялды «үй кижи» дейт. Этимологиялык изилдөөдө эпчи деген сөздүн жаралышын, берген маанисин аныктоо үчүн анын тутумундагы мүчөлөрдү (морфемаларды), уңгу (эп) менен куранды (-чи) мүчөлөрдү, ажыратуунун, алардын маанилерин ачып берүүнүн мааниси чоң болду. Этимологиялык изилдөө сөздү морфемаларга ажыратып, морфемалардын маанилерин иликтөөлөр, башкача айтканда, морфосемантикалык принцип боюнча жүрдү.

3. ***Тарыхый принципте*** тилдик бирдиктердин пайда болуш теги тилдеги байыркы көрүнүштөр аркылуу далилденет. Этимологиялык изилдөөлөр үчүн иликтөөгө байыркы фактылар, байыркы жазма эстеликтердин материалдары, башкача айтканда, тарыхый фактылар пайдаланылат. Мисалы, «эринчээкке эшик — арт» деген макалдагы арт деген сөздүн маанисин, түпкү тегин тилдеги байыркы фактылар аркылуу гана аныктап биле алабыз. Байыркы баба тилде арт

«ашуу» маанисин билдирген. Мындай байыркы көрүнүштөр кыргыз жеринин жаратылышындагы айрым географиялык объектилердин аталыштарында азыркы күнгө чейин ошол байыркы турпаты, байыркы мааниси менен сакталып келет. Азыр деле Балгарт, Көгарт, Кызарт, Торугарт сыяктуу топонимдердин тутумунда «ашуу» маанисин жоготуп койгон арт деген сөз «жашап келет». «Ашуу» маанисиндеги артуу деген сөзүбүз да бар. Демек, тарыхый жактан байыркы кездерде арт деген сөз «ашуунун» ордунда колдонулгандыгы тарыхый принцип менен далилденди.

Этимологиянын, этимологиялык изилдөөлөрдүн принциптеринен тышкары этимологиялык ***сөздүктөрдү түзүүнүн да принциптери*** болот. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүктөрүнүн түзүлүшүндө негизинен төмөндөгүдөй үч принциптин колдонулгандыгын профессор Кенесбай Мусаевич Мусаев[15] белгилейт.

1) сөздөрдү сөздүккө тектештиги боюнча топтоштуруу принциби;

2) сөздөрдү сөздүккө муун санына жараша топтоштуруу (жайгаштыруу) принциби;

3) сөздөрдү сөздүккө алфавит тартиби боюнча жайгаштыруу принциби.

Биринчисинде сөздүккө камтылган сөздөр тектештигине жараша кайсы үңгудан тараса, ошол үңгу сөз тууралуу жазылган макаланын ичине, башкача айтканда, ошол сөз уясына жайгаштырылып талдоого алынат. Мисалы, аңкоо, аңчы, аңчылык, анда-, анды-, аңкай- өндүү сөздөр «аң» деген үңгунун уясына топтоштурулат. Тактап айтканда, алдагы сөздөр ошол «аң» деген сөз тууралуу жазылган макалада өзүнчө алфавит тартиби менен берилет. Анткени булардын бардыгы ошол аң деген үңгудан келип чыккан.

Ал эми тердик, тердетүү, тердөө, терчил, терде-, тердет- деген сыяктуу сөздөр «тер» деген үңгунун уясына топтоштурулат. Бул сөздөрдүн бардыгы бир үңгудан келип чыгып, тектеш сөздөр болуп саналат. Кыргыз тилинде бул принциптин негизинде иштелген этимологиялык сөздүк али жарала элек.

Экинчисинде сөздүккө камтылган сөздөр сөздөгү муундардын же тамгалардын санына жараша топтоштурулат. Мисалы, адегенде бир муундуу (же бир эле тамгадан турган) сөздөр берилип, андан ары эки муундуу (эки тамгадан турган), анан үч муундуу (үч тамгалуу) ж. б. болуп топтоштурулат.

Орто кылымдарда Махмут Кашкари жараткан «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» («Дивану лугати-т түрк») мына ушул принципте иштелип, сөздүккө сөздөр адегенде эки ариптүү сөздөр, анан үч ариптүү сөздөр, андан кайин төрт ариптүү сөздөр ж.б. болуп, мына ушундай ырааттуулукта жайгаштырылган. Араб жазуусу менен ишке ашкан бул атактуу китептеги сөздөрдүн тутумундагы ариптеринин санына жараша лексикалык маанилери да аныкталып турат. Бул, албетте, араб жазуусунун, андагы тамгалардын өзгөчөлүгү менен шартталат. Анткени, автордун өзү белгилегендей сөздүк араб тил илиминин салты (традициясы) менен ишке ашкан.

[15] Мусаев К. М. Лексикология тюркских языков. М.: Наука, 1984. 117-118-б.

Үчүнчүсүндө сөздүккө камтылган сөздөр алфавит тартиби боюнча жайгаштырылат. Мисалы, адегенде «А» тамгасынан башталган сөздөр, анан «Б» тамгасынан, андан кийин «В» тамгасынан ж. б. болуп ушул тартипте жайгаштырылат. Этимологиялык сөздүктөрдүн дээрлик бардыгы мына ушул принципти негиз кылып алат. Анткени, мындай принципте иштелген сөздүк пайдаланууга ынгайлуу, керектүү сөздөрдү издеп табуу оңой.

Алфавит тартиби бир аз өзгөртүлүп иштелип чыккан сөздүктөр да бар. Алсак, В. В. Радловдун[16] жана Э. В. Севортяндын[17] сөздүктөрү адегенде үндүү тыбыштар менен башталган сөздөрдү жайгаштырып, алардан кийин анан үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөрдү тиешелүү тартипте жайгаштырган. Бирок, ошондо да, ошол авторлор өз сөздүктөрү үчүн кабыл алынган тамгалардын алфавиттик иретин өздөрү түзгөндөй катар менен аныктап, «өзгөчө алфавиттик тартипти» сакташкан.

ФРАЗЕОЛОГИЯ

Эки же андан ашык компоненттен туруп, лексикалык бир бүтүндүккө айланган, семантикалык жактан ширелишип, синтаксистик функциясы боюнча сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарган, образдуу сапатка ээ болуп, кепте даяр формасында колдонулган туруктуу сөз түрмөктөрүн фразеологизмдер деп аталат.

Алгачкы лексикалык маанисинен ажыраган эки же андан артык сөздөрдүн тизмеги — анын компоненттүүлүгү; алардын бир мааниге биригүүсү — лексика-семантикалык бүтүндүгү; алар чогуусу менен сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткаруусу — анын синтаксистик функциясы; кептеги образдуулугу; кепте (речте) даяр материал катары колдонулушу фразеологизмдердин негизги белгилери болуп саналат.

Компоненттүүлүк. Фразеологизмдер жалгыз сөздөн турбайт. Фразеологизмдердин негизги белгилеринин бири — анын экиден кем эмес компоненттүүлүгү. Компонент — бир бүтүндүн ичиндеги составдык бөлүгү, элементи.

Фразеологизмдерди түзүп турган компоненттер эки, үч, төрт, кээде андан да көп санда болот. Фразеологизмдер курамындагы компоненттердин санына

[16] Радлов В. В. Опыт словаря тюркских наречий. I-IV. СПб., 1888-1911.

[17] Севортян Э. В. Этимологический словарь тюркских языков. Общетюркские и межтюркские основы на гласные. М.: Наука, 1974; Общетюркские и межтюркские основы на «Б». М.: Наука, 1978; Общетюркские и межтюркские основы на буквы «В», «Г», «Д». М.: Наука, 1980; Этимологический словарь тюркских языков: Общетюркские и межтюркские основы на буквы «Ж», «Ж» и «Й». Отв. ред. Л. С. Левицкая. -М.: Наука, 1989. -294 б.

карабастан, маани жагынан ширелишип, лексикалык бир бүтүндүккө айланып, айтылуучу ойду өзгөчө туюндуруп турат. Алардын ар бирин сөз же сөздөрдүн айкашы десек жаңылыштык болот. Анткени сөз — өз алдынча мааниге ээ. Ар бир сөз мааниси боюнча бири-биринен айырмалуу. Ал эми фразеологизмдердин составындагы компоненттер ар бири өз алдынча мааниге ээ эмес. Алар — өзгөчө туюнтмалардын пайда болушунда сөздүк касиетинен алыстаган фразеологизмдин бир компоненти (бүтүндүктүн бир бөлүгү, элементи). Анткени, алардын ар бири лексикалык маанисин жоготуп, бир нечеси биригип келип, бир маанини билдирип турат. Ошондуктан, аларды сөз же сөз тизмеги дебестен, аларды ошол фразеологизмдин компоненттери деп айтабыз. Эгерде "колу ачык, жону жука, бармагын тиштөө, жүрөгү жок, чаар баш" деген айкаштардын ар бирин сөз деп алып, өз мааниси менен түшүнүп, аларды сөз айкашы же сөз тизмеги катары карасак, анда, бирөөнүн колу ачык турганын, кимдир бирөөнүн жону (териси же кийиминин) жукалыгын, дагы бирөө өз бармагын өзү тиштеп отурганын түшүнөбүз. Ал эми "жүрөгү жок" киши болбосу өзүнөн өзү түшүнүктүү. "Чаар баш" десек кимдир бирөөнүн башынын ала-була, чаар экенин, ойлоп калабызбы? Эгерде антип түшүнсөк, турмуш чындыгына дал келбейт. Ал эми чыныгы маанилери аларда сөздөрдүн тизмеги эмес, лексикалык бүтүндүккө айланган фразеологизмге көңүл бурганыбызда гана ачыкка чыгат. Фразеологизмдердин курамында тургандарынын ар бири өзүнүн алгачкы лексикалык маанилеринен ажырап же алыстап кетип, лексикалык бүтүндүккө айланган, ойду элестүү чагылдырып берүүчү өзгөчө туюнтманын фразеологизмдердин компоненттери болуп саналат. Жогорку мисалдар — эки компоненттүү фразеологизмдер.

Ушундай жол менен лексика-семантикалык биримдикке айланган үч компоненттүү фразеологизмдерге төмөнкүдөй мисалдарды келтирүүгө болот: Жүрөгү оозуна тыгылуу, ала жипти аттабаган, күлү додо болбогон, алчы-таасын жеген, суудан кургак чыккан, жумурткадан кыр издеген, ийненин көзүнөн өткөрүү, котур ташы койнунда д.у.с. Бул мисалдардын курамындагы компоненттердин үчөө биригип, маани жактан ширелишип, өзгөчө бир маанини туюндуруп турат.

Төрт компоненттүү фразеологизмдерге төмөнкүлөрдү мисалга келтирсек болот: Ак төөнүн карды жарылган (молчулук, токчулук); бешиктен бели чыга элек (жаш, жетиле элек); биттин ичегисине кан куйган (чыйрак); ичине кара тароо айланбаган (арамза); кесип алса кан чыкпаган (сараң зыкым); кара жандыкарч уруу (аянбай эмгектенүү); күйбөгөн жери күл болуу (катуу ызалануу); төөнүн куйругу жерге тийгенде (эч качан ишке ашпайт) ж.у.с.

Кыргыз тилинде компоненттеринин саны беш, алты, кээде андан да көп болгон фразеологизмдер учурайт. Мисалы: *Мурдунан эшек курту түшө элек; көзүнүн агы менен тең айлануу; ичкени ирим, жегени желим болуу; оозуң кайсы десе мурдун көрсөткөн; каруусун казык, башын токмок кылуу; сайда саны, кумда изи жок; жеңилдин асты, оордун үстү менен жүрүү; отуну менен кирип, күлү менен чыккан; оозуна ак ит кирип, кара ит чыгат д.у.с.*

Лексика-семантикалык бүтүндүк. Фразеологизмдер канча компоненттен турганына карабастан, ошол компоненттердин баары маани жагынан ажырагыс болуп, лексика-семантикалык биримдигин түзөт. Мисалы: 1. Кокус чоңдордон бирөө-жарым келип калгыдай болсо, *эки тизгин, бир чылбырды* Орозкул өзү алат да, чоңдорго токой көрсөткөн да өзү, бир чырпыгын коротпой карап турган ээси да өзү (Ч.А.).

2. Бир орунда курган тамы, тиккен талы жок, күлү додо болбогон дейди адам (Т.К.).

3. Каныбекти ээрчитип алып, кулак угуп, көз көргүс жакка кетпейт белек деп, Сансыз бүгүн бармагын тиштеп отурду (К.Ж.).

Келтирилген мисалдардагы эки тизгин бир чылбыр — бийлик, күлү додо болбогон — отурукташпаган же бир жерде туруктуу иштебеген адам, бармагын тиштөө — өкүнүү, деген түшүнүктөрдү берип, лексика-семантикалык биримдикке айланып, айтылуучу ойду өзгөчө ыкма менен туюндурууда. Мунун өзү фразеологизмдердин канча компоненттеринен маанилик жактан өз ара ширелишиндеги өзгөчөлүгү. Фразеологизмдерди түзүп турган компоненттердин бири кемип же башка сөз менен айырбашталып калса, анын маанисине доо кетет, б.а., бузулат. Алсак, кара кылды как жарган деген туюнтма төрт компоненттен туруп, "калыс" деген бир эле маанини берет. Алардын бир мааниге ширешкендигин байкоо үчүн ошол төрт компоненттин бирин эле алып таштап же башка сөздөр менен алмаштырсак, фразеологиялык маани бузулат. "Кара" деген компонент "сары, ак, көк" болуп айтылбайт. "Кыл" дегенди деле "чач, зым, тал" д.у.с. сөз менен айырбаштоого болбойт. Анда да маани бузулат. "Жарган" деген компонент да дайыма ушул калыбында колдонулат. Алар семантикалык жактан бири-бири менен ширелишип, бир маанини түзүп тургандыктан, аларды ажыратууга же компоненттердин бирин башка сөз менен алмаштырууга болбойт. Ушул өзгөчөлүк — алардын лексика-семантикалык биримдиги.

Фразеологизмдердин синтаксистик функциясы. Фразеологизмдердин компоненттеринин ар бири өз алдынча сүйлөм мүчөлөрүнө ажырабастан, алар толугу менен сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат.

1.Эки тизгин бир чылбыр колго тийсе, мен силерди жыргатам деп элди дүрбөтүп жүргөндөр пайда болду ("К.Т."). 2. Аруу тилегин аткарууга болгон аракети ишке ашпай жылдызы жерге түштү (А.У.). 3. Кадр тандоо ишинде бычакка сап болчу жаштар көңүлгө алынбай жатат ("А."). 4. Ал тартынбай туруп эле Түлкүбек сыяктуу ач көздөрдү, суу жукпастарды көрсөттү (К.Ж.). 5. Шаар боюнча

жүрүп жаткан ишембиликке шаардыктар жапа тырмак чыгышты (“Кыргыз Туусу.”). 6.Эркек түгүл аялды да суктандырган жылдызы жарык келин жаркырап чыга келди (Т. К.). 6. Ал тоготпой баратса “штат кыскаруу жүрүүдө, сени мындан ары кантсем экен?” деп, жыландын башын чыгарып, калп эле тынчсызданымыш болуп койсоң, айтканыңды оозундан чыга электе аткарып калат (Т.С.). 7. Азыр ак төөнүн карды жарылган учур ((С.Ж.). Ар бир компонентин сүйлөм мүчөсүнө ажыратсак, анда туюндурулуп жаткан ойдун мааниси бузулуп, объективдүү чындыктан алыстап кетебиз. Андыктан фразеологизмдер кепте кандай формада колдонулганына жана бир нече компоненттен тургандыгына карабастан, алар бүтүндөй түрмөгү менен бир гана маани берери, алар сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарары талашсыз. Жогорку мисалдардын алгачкысындагы фразеологизм сүйлөмдүн ээсинин, экинчисинде баяндоочтук, үчүнчүсүндө аныктоочтук, төртүнчү мисалда толуктоочтун, милдетин аткарууда. Демек, фразеологизмдер канча компоненттен тургандыгына карабастан, алар бүтүндөй түрмөгү менен бир гана маани берип, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Жыйынтыктап айтканда, фразеологизмдер синтаксистик функциясы боюнча сүйлөмдө сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарышы анын негизги белгилеринин бири.

Образдуулук — фразеологизмдердин негизги белгилеринин бири. Эгерде кадимки сөз (бейтарап лексика) заттын түрдүү белгилерин, санын, сапатын, кыймыл-аракетин ж.б. жактарын жөн гана атап билдирсе же түшүндүрсө, фразеологизмдер ошол түшүнүккө кошумча боёк берип, ага тиешелүү касиетти күчөтүп же басандатып, эмоционалдык, экспрессивдик кошумча белгилери (өзгөчөлүгү) аркылуу угармандын (же окурмандын) кабылдоо сезимине таасир этип, образдуулукту пайда кылат.

Кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин көркөм каражаттык касиети, баарыдан мурда, анын эмоционалдык-экспрессивдүүлүгүндө, т.а., алардын спецификалык өзгөчөлүгүн түзүп турган образдуулугунда.

Образдуулук көбүнчө метафоралык, метонимиялык, синекдохалык ыкмалар аркылуу салыштырылып пайдаланылган сөздөрдүн башка мааниге өтүүсү же алардын функционалдык кызматынын көчүрүлүшү аркылуу пайда болору белгилүү. Фразеологизмдердеги образдуулук да ошондой ыкмалар менен ишке ашкан. Мисалы, жоош, момун деген сөздөрдүн мааниси “кой оозунан чөп албаган” деген фразеологизм аркылуу берилет. Адатта, жоош, момун адам бирөөнүн көңүлүн оорутпаган, кимге болсун орой мамиле жасабаган, жаман ишке аралашпаган, чукулунан бир иш жасап жибербей, өзү менен өзү болуп, бирөөгө зыяны жок, тынч жүрөт. Кыргыздар кандайдыр бир образды түзүүдө айлана-чөйрөдөгү көрүнүшкө, өз тиричилигинде көп учураган заттарга,

айрыкча, чарбасындагы мал-мүлкүнө салыштырып айтуусу көп учурайт. Жогорку мисалдагы жоош адамдын образы төрт түлүк малдын ичинен эң жоошу (тиштебеген, сүзбөгөн, теппеген) койго да аяр мамиле жасайт деген ойду элестүү берүү үчүн жаралган сыяктуу. Ал эми жактырбоо маанисин билдирүүдө “көзүнүн агы менен кароо” деген фразеологизм колдонулат. Бул өзгөчө туюнтмадагы образдуулукту байкоо анчалык деле кыйынчылыкты түзбөйт. Байкап карасак, кимдир бирөө өзү жактырбаган киши кирип келсе, адаттагыдай кичи пейилдик менен тосуп албастан, саламына салкын жооп берип, көзүнүн агы менен караганын көп эле көрөбүз. Мындай жагдай, чоң кызматтагы бюрократ замандаштарга өзгөчө мүнөздүү. Алардын иш бөлмөсүнө өзүнө жакпаган бирөө кирери менен акшыйып, көзүнүн агы менен карап калганын жазбай байкоого болот. Бул көрүнүш аркылуу “жактырбоо” деген сөздүн маанисин берген образдуулук бар экендиги даана байкалып турат.

Фразеологизмдердин кепте даяр материал катары колдонулушу — анын негизги белгилеринин бири.

Тилдеги башка бирдиктердин кепте даяр материал катары колдонулушу жана бул окшоштуктан тышкары кандай айырмачылыктары бар экендигине да атайын көңүл буруп, алардын чегин тактоо зарылчылыгы бар. Ошол эле учурда, фразеологизмдердин кепте даяр материал катары колдонулушун эле негиз тутуп алып, андай белгиси бар, бардык эле сөз тизмектерин бирдей карай берүү жаңылыштык болот. Фразеологизмдердин кепте туруктуу даяр формасында колдонулушу анын бир эле белгиси, т.а., негизги белгилеринин бирөөнө гана киреринэстен чыгарбоо керек.

Биз пикир алышуу учурунда объективдүү чындыктын тигил же бул жактарын чагылдыруу үчүн сөздү, сөз айкаштарын (анын ичинде түрдүү туруктуу сөз айкаштарын) колдонобуз. Сөздөрдү эркин айкаштыруу аркылуу алардын лексикалык жана грамматикалык маанилерин керектүү формага келтирип, оюбузду туюндурабыз, кеп салабыз, сүйлөшөбүз. Кептин ушундай процессинде сөздөрдү эркин айкаштыруу менен бирге, кээде, эбактан бери бир калыпка түшкөн, фразеологизмдерди да даяр материал катары кепте колдонобуз.

Мисалы: Сакинай кой дегенге болбой, дале оозуна ак ит кирип, кара ит чыгып жатты (Ө. Д.). Мен өмүрүмдө ала жипти аттаган эмесмин , ишенгиле, айланайындар! Мына бул балам эки күндөн бери өзөк жалгабай, тишинин кирин соруп отурат(А. Т.). Ошондон бери бул өрөөндүн тургундары жанын оозуна тиштеп жашап жатышат (С.Ж.). Ажардын жаны жер тартып, кирпигинен тартса жыгылчудай болуп, бутун шилтесе эле мүдүрүлөт (К.Б.). Мусулманкул анда-санда көкүрөгүнө толуп кеткен муңун чыгарып, улутунуп, каны ичине тартып, томсоруп сүйлөдү (Т.К.). Биринчи мисалдагы оозунан ак ит кирип, кара ит

чыгат деген туюнтма жаман сөздөр менен сөгүнгөндү, каргап-шилегенди, айтор, уят-сыйытка карабай урушуп жаткан кишинин орой, адепсиз жактарын туюндуруу үчүн колдонулган. Ал туюнтма — кеп жүрүп жатканда тизмектелген сөз айкашы эмес, илгертеден жумурай-журтка белгилүү, дайыма ушул формасында кепте даяр материал катары колдонулуп жүргөн туюнтма. Экинчи сүйлөмдөгү ала жипти аттабаган же кийинки сүйлөмдөгү тишинин кирин соруу деген фразеологизмдер бири чынчыл, ак ниет, түз жүргөн адамды туюндурса, экинчиси ачка (эч наар албай) отурган абалды билдирүүдө. Андан кийинки мисалдардагы жанын оозуна тиштеп, жаны жер тартып, кирпигинен тартса жыгылчудай болуп, каны ичине тартып деген фразеологизмдер даяр формада, даяр материал катары колдонулат. Алар кандай сүйлөмдө болсо да өзүнүн калыпка түшкөн ушул туруктуу түзүлүшүн сактайт. Демек, фразеологизмдердин кепте даяр материал катары колдонулушу — анын негизги белгилеринин бири.

Жогору жакта фразеологизмдерге тиешелүү деп эсептелген негизги белгилерге токтолдук. Алар — компоненттүүлүгү, лексико-семантикалык биримдиги, синтаксистик функциясынын өзгөчөлүгү, образдуулугу. жана кепте даяр материал катары колдонулушу болду. Фразеологизмдердин курамын аныктоодо ушуларды алардын негизги белгилери деп көңүлдүн борборунда тутуу зарыл. Эгерде алардын бири эле болбой калса, ал түрмөк фразеологизм болбой калышы ыктымал.

Фразеологизмдердин татаал сөздөр, составдуу терминдер менен окшоштугу жана айырмачылыктары

Фразеологизм менен татаал сөздөрдүн жана татаал терминдердин окшоштугу — алардын компоненттүүлүгүндө. Т. а., фразеологизмдер курамы боюнча бир нече компоненттерден тургандай эле, татаал сөздөр, татаал терминдер да эки же андан ашык сөздөрдүн айкашынан туруп, лексикалык бир бүтүндүктү түзүп, бир маанини билдирет. Алсак, чоң ата, ойлоп табуучу, маданий турмуш, кыз куумай, Кыргыз улуттук университети, радио түйүнү, жарым арал, асыл тукум, тил илими, сүйлөм мүчөсү, коммерциялык банк, кичи ишкана, балдар бакчасы д.у.с. Булардан көрүнүп тургандай татаал сөздөрдүн, татаал терминдердин ар бир компоненти өзүнүн алгачкы маанисин сактоо менен өз ара биригип, жаңы маанидеги сөздү пайда кылууда. Алар да лексикалык, бир бүтүндүктү түзүп, тигил же бул көрүнүштү атап турат. Ушул сырткы окшоштугуна эле басым коюп, тилдин мындай бирдигин фразеологизмдердин составына кошо берүү ылайык келбейт.

Тутумдук түзүлүшү боюнча окшош болгону менен татаал терминдер, татаал сөздөр фразеологиялык айкалыштардын айырмасы бар. **1.** Татаал сөз же составдуу термин — аналитикалык ыкма менен жасалган жаңы сөз, атоо. Анын

курамын түзгөн сөздөр өз маанисин сактоо менен биригип келип, жеке маанидеги (моносемалык) түшүнүктү атап көрсөтөт. Мисалы: Ата конуш, кол өнөрчүлүк, дүң баа, орун басар, көркөм адабият, сын атооч, тил илими, өнөр жай, тартылуу күчү, космостук корабль, чакан ишкана д.у.с. Булардын баары — кийинки мезгилде пайда болгон түшүнүктү атап жаткан жаңы атоо маанисиндеги татаал сөздөр жана татаал терминдер.. Ал эми фразеологизмдердеги компоненттер биригип, жаңы маанидеги сөздү жасабайт. Алар — канча компоненттен курулганына карабастан, мурдатан сөз аркылуу туюндурулуп келе жаткан түшүнүктү өзгөчө бир боёк менен угуучуга (же окурманга) элестүү кылып жеткирүүчү өзгөчө туюнтма, тилдик көркөм каражат. Ал эми татаал сөз же татаал (составдуу) термин андай мүнөзгө ээ эмес. Мисалы, тил илими деген составдуу термин, ал — тилге тиешелүү маселелерди изилдөөчү илимдин аталышы. Ал эми курулай убада берип, ана-мына деп алдап, берген убадасын убагында аткарбай создуктура берчү адамдын образы тил эмизүү деген фразеологизм аркылуу берилет.

2. Татаал сөздөр жана составдуу терминдер бир тилден экинчи тилге сөзмө-сөз которулат же башка тилдерден алынган сөздөрдү пайдалануу менен жасалат. Мисалы: Дүң баа (оптовая цена), окуу бөлүмү (учебный часть), эмгек акы (заработанная плата), айыл чарбасы (сельское хозяйство), космостук корабль (космический корабль)ж.б. Ал эми фразеологизмдер мындай болуп, бир тилден экинчи тилге сөзмө-сөз которулбайт.

3. Татаал сөздөргө жана составдуу терминдерге образдуулук мүнөздүү эмес. Составдуу терминдердин көпчүлүгү илим-билимге, техникага тиешелүү болуп, өз ара түрдүү ыкмалар менен айкашып жасалат. Айкашкан сөздөр бирин бири аныктап, толуктап, белгилеп турат да, бир жаңы түшүнүктөгү атоону пайда кылат. Мисалы: телефон-автомат, космостук корабль, пресс конференция, парламенттик башкаруу, инвестициялык саясат, саясий экономика, өндүрүш технологиясы, жогорку сот, көркөм чыгарма ж.б. Көрүнүп тургандай буларда образдуулук жок, жөн гана бирин бири аныктап, толуктап турат.

Ал эми жыландын башын чыгаруу (коркутуу), биттин ичегисине кан куйган (чыйраак, эпчил), ит өлгөн жерде (ыраак), көзүнүн агы менен кароо (жактырбоо), оозун кайсы десе мурдун көрсөткөн (келесоо, аңкоо) койнунда котур ташы бар (арамза), жумурткадан кыр издеген (кыйкымчыл), жең ичинен (тымызын, байкатпай) дагы ушул сыяктуу фразеологизмдер жаңы маанидеги сөздөрдү жасабастан, мурда эле айтылган сөзгө же сөз айкашына маанилеш келип, өздөрүнүн образдуулугу менен өзгөчөлөнүп, кепте тилдик көркөм каражат катары кызмат аткарууда.

4. Татаал терминдер, татаал сөздөр бир гана атоо маанисинде болуп, алардын синоними жок жана көп маанилүүлүккө ээ эмес. Ал эми фразеоло-

гизмдер синонимдик жана көп маанилүүлүк касиеттерге ээ. Мисалы: Сарыбайдын адалдан түгү жок (Т.К.). Ыңырчагы ырдаган, кара күчү менен жанын бакандар жакада калышкан (Т.С.). Адалдан түгү жок, атүгүл үрүп чыгар ити жок Сансыз өзүнөн өзү корунат (К.Ж.). Бул келтирилген үч сүйлөмдөгү фразеологизмдер бири бирине маанилеш (синоним) "кедей, жарды" деген мааниде колдонулганын көрүп турабыз. Демек, фразеологизмдер синонимдик касиетке ээ.

Татаал сөздөрдө жана татаал (составдуу) терминдерде көп маанилүүлүк (полисемиялуулук) касиет жок. Алар бир гана мааниге ээ. Ал эми айрым фразеологизмдер бир нече маани берген учурлар бар. Мисалы, "көзү жок" деген фразеологизм бирде бирөөнүн андабас, көз алдында турган нерсени байкабаган сапатын билдирсе, экинчи бир учурда, сөз болуп жаткан жерде анын жоктугун туюндурат. Үчүнчү мааниси ал кишинин бул дүйнөдөн өткөндүгүн, каза болгондугун билдирет. Мисалы: 1). Көрбөптүрсүң көзү жок, короондо душман жүргөнүн ("Манас"). 2). Көзү жок болсо эле, жамандай бербегиле, өзү келсин (К.С.). 3). Калк каадасын тутушуп, шейит болгон көзү жокторду эскеришти (А.Ж.). Бул жерде бир эле "көзү жок" деген фразеологизм көп мааниге (үч мааниге) ээ экендигин көрүп турабыз. Татаал сөздөргө, терминдерге, мындай көрүнүш мүнөздүү эмес. Демек, татаал сөздөр жана татаал терминдерди фразеологизмдерге кошуу туура болбойт.

Учкул сөздөр, цитаталар, ураан сөздөр жана фразеологизмдер

Учкул сөздөр, цитаталар, ураандарда кепте даяр материал катары колдонулуп, туруктуулугун сактайт. Бирок аларды фразеологизм менен бир катарда карроо жетиштүү болбойт.

Учкул сөздөрдүн, цитаталардын, ураан сөздөрдүн фразеологизмдерден негизги айырмачылыктары:

1) учкул сөздөрдүн тутумундагы ар бир сөз өзүнүн лексикалык маанисин сактап турат;

2) синтаксистик функциясы боюнча ушул сөздөрдүн компоненттери сүйлөм мүчөлөрүнө ажырайт;

3) учкул сөзгө айланган сөз тизмектериндеги ой ар бир сөздүн маанилеринин суммасы аркылуу жыйынтыкталат. Мисалы: "Кадрлар бардыгын чечет", "Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот", "Тазаланган жер таза эмес, булганбаган жер таза" жашасын элдердин достугу деген сыяктуу учкул сөздөр дайыма ушул турушунда кепте даяр материал катары колдонулат. Бирок аларды сөз жүрүп жаткан учурда кепте даяр материал катары пайдаланылганына гана таянып, фразеологизмдер менен бирдей карроо туура болбойт. Себеби алар да фразеологизмдердин негизги белгиси болуп эсептелген критерийлер жок.

Бул келтирилген мисалдардагы фактылар т. а., учкул сөздөр, цитаталар, ураандар кепте даяр материал катары колдонулушу, айкалыштарынын туруктуулугу менен гана фразеологизмдерге окшоштугу болбосо, маани-маңызы, категориялдык белгилери сыяктуу көп жагы боюнча аларды фразеологизм катары эсептөөгө болбойт. Анткени алар:

1) тутумундагы сөздөр баары биригип, бир бүтүндүктү түзбөстөн, алардын ар бир сөзү өздөрүнүн лексикалык маанисин сактап, сүйлөм катары калыптанып, өзүнчө бир тексттин формасында турат;

2) алардын тутумундагы ар бир сөз синтаксистик жактан мүчөлөнөт жана сөз түркүмдөрүнө ажырайт;

3) цитаталар, афоризмдер (учкул сөздөр), негизинен, белгилүү бир авторго тиешелүү, кээде гана автору унутулуп элдик мүнөзгө өтүп кеткен учурлар бар;

4) учкул сөздөр, цититалар, ураан сөздөр (лозунгдар) бир тилден экинчи тилге сөзмө-сөз эркин которулат;

5) цитаталарда, ураан сөздөрдө образдуулук дээрлик сакталбайт.

Мына ушундай өзгөчөлүктөрдү эске алганда, учкул сөздөрдү, цитаталарды, ураандарды фразеологизмдерге кошуп, алар менен бирдей тилдик бирдик катары чогуу карроо негиз жок.

Макалдар жана фразеологизмдер

Фразеологизмдер менен макал, ылакаптардын окшоштуктары да, айырмачылыктары да бар. Бирок алардын айрым окшош жагын алып, фразеологизмдер менен макал, ылакаптарды бир катарга коюу туура эмес.

Алардын окшоштуктары :

1) түзүлүшүнүн туруктуулугу;

2) кепте даяр материал катары колдонулушу;

3) образдуулугу.

Алардын ортосундагы айырмачылыктар:

1. Макал, ылакаптардын тутумундагы сөздөр лексикалык маанисин сактап турат, андагы айтылуучу ой ошол лексикалык маанилердин суммасы аркылуу берилет. Мисалы, "Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат". Бул макалда, биринчиден, кара күч менен акыл күчүнүн кудурети салыштырылып жатса, экинчиден, акыл, айла, билимге ээ болгон адамдын артыкчылыгы айтылып, объективдүү чындык өзүнчө жыйынтыкталган ой чагылдырылган. Ал эми фразеологизмдердин тутумундагы компоненттер өзүнүн жеке лексикалык маанисин сактабайт жана туюндурулуучу ой алардын суммасынан келип чыкпайт. Мисалы: Мен да жөн теринин бучкагы эмесмин, керек болсо жыландын

кепшегенин билип турам (Т.С.). Бул сүйлөмдөгү фразеологизмдердин маанисиандагы компоненттердин жеке лексикалык маанилеринин суммасы аркылуу эмес, алардын фразеологиялык маанисиаркылуу туюндурулууда.

2. Макалдар объективдүү турмуштагы тажрыйбаларга таянып, тыянактуу ой корутундусу камтылган белгилүү бир мазмунга ээ. Алар көбүнчө тарбия-таалим мүнөзүндө келип, кенен мазмундагы ой кыскача, ыргактуу айтылып, терең мазмунга ээ болгон корутунду чыгарылып турат. Мисалы: *"Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт", "карысы бардын ырысы бар", "адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшош", "эр жигит эл четинде, жоо бетинде" "Ач көз бай өлгөн аттын такасын издетип, алты ай жер каздырган экен",* ж.у.с.

Ал эми, фразеологизмдер белгилүү бир ойду корутундулабай эле бир нерсеге тиешелүү белгини, сапатты, түшүнүктү элестүү чагылдырып берет. Мисалы: Алдына ат салдырбаган жигит азыркы жаштардын арасында саналуу гана (С.Ж.). Эркек аттуунун баары жанын бычактын мизине коюп, кырчылдаган согушта жүрүшөт (Ш.С.). Бул мисалдардын биринчисинде жигиттин "мыкты" сапаты туюндурулса, экинчисинде "коркунучтуу" туюндурулууда. Макалдардагыдай турмуштук бай тажрыйбалар тыянактуу корутундуланып, тоодой ойду, томуктай кепке сыйдырып айтылган мазмун (сюжет) жок.

3. Макалдар, ылакаптар синтаксистик курулушу жагынан сүйлөмдөн же сүйлөмдөрдөн турат. Андагы сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнө ажырап, баш жана айкындооч мүчөлөргө бөлүнөт. Мисалы: Атанын каргышы — ок, эненин каргышы — бок. Бул макалдын биринчи сабындагы "каргышы" деген сөз — сүйлөмдүн ээси, сүйлөмдүн баяндоочу — ок, аныктоочу — атанын болуп, синтаксистик жактан мүчөлөнүүдө. Ылакаптарга да ушундай түзүлүш мүнөздүү. Ал эми фразеологизмдердин компоненттеринин ар бири сүйлөм мүчөлөрүнө ажырабай, алар канча компоненттен турганына карабастан, сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат.

4. Фразеологизм — тутумундагы компоненттердин санынын канча болгондугуна карабастан бир гана түшүнүктү, маанини билдирген тилдеги көркөм каражат катары өзүнө гана тиешелүү белгилерге ээ тилдик бирдик. Макал — бейтарап лексикалык бирдиктерден туруп, курамына ар кыл сөздөрдү, тилдик түрдүү көркөм каражаттарды камтыган, өзүнчө бир жанрдык мүнөзгө ээ болгон чакан адабий чыгарма. Бул өзгөчөлүк — макал, ылакаптарды фразеологизмдерден айырмалоочу эң негизги белги. Ошондуктан, макалдарды белгилүү бир сюжетти кыскача камтыган дидактикалык мүнөздөгү чакан адабий чыгарма катары эсептелет. Себеби, биринчиден, ал өзү — белгилүү бир формадагы текст. Анда камтылган ой канчалык терең, кенен болгонуна карабастан кыскача, тыянактуу сүйлөм же сүйлөмдөр аркылуу берилет. Айтылган ойду бекемдөө үчүн дагы бир нече мисалга көңүл буралы:

1. *Уулуң жакшы чыкса эл карайсың, уулуң жаман чыкса жер карайсың.*

2. *Келиниң жакшы болсо кыздуу болгонуң, келиниң жаман болсо уулуңду жоготконуң.*

3. *Ачуу — душман, акыл — дос.*

4. *Карынын кебин капка сал.*

Жогоруда келтирилген кыска, бирок нуска айтылган макалдарда терең мазмундуу ойлор сиңирилген. Биринчи мисалдагы турмуш чындыгы — атанын уулуна байланышкан тагдыры, кадыры, жүрүм-турумунун көрүнүшү, кала берсе, атанын тагдыры тууралуу чакан көркөм чыгарма катары жаралганы көрүнүп турат. Уулу жаман чыккан баланын атасы, анын начар жүрүм-турумунан улам, элден уялып, көпчүлүктүн ичинде башы көтөрүлбөй жер карап, чөгүп жүрөрү талашсыз. Уулу жакшы чыкса, атасы ага сыймыктанып, көңүлү көтөрүлүп, элдин ичинде өзүн жакшы сезип, башын көтөрүп, шардана жүрөрү да белгилүү.

Ал макалдын мазмуну — мына ошол чындыкты, ага байланышкан атанын психологиялык абалын, балдар өзүн эле эмес, ата-энесин да бир абалдан экинчи абалга өткөрүп, өзгөртүп жиберчү күчкө ээ экендигин көркөмдөп чагылдырып, белгилүү бир теманын идеялык жактан чечилиши менен жыйынтыкталган чакан көркөм чыгармага тете. Ал эми фразеологизмдер болсо, сүйлөм ичинде бир сөздүн түшүнүгүнө барабар келип, ойду элестүү берүү үчүн гана колдонулган тилдик көркөм каражат. Мына ушундай өзгөчөлүктөр турганда, макалдарды фразеологизмдердин составына кошуп, аларды бирдей тилдик бирдик катары кароо туура болбойт.

Маанилеш (синоним) фразеологизмдер

Фразеологизмдер да өз ара синонимдик катышка ээ. Бир түшүнүктү бир нече фразеологиялык айкалыш берген учурлар жолугат. Мисалы, абдан сүйүнгөндүктү: кубанычы коюнга батпоо; маңдай жарылуу; төбөсү көккө жетүү деген фразеологизмдер аркылуу берүүгө болот. Маанилеш (синоним) фразеологизмдер да лексикалык синонимдер сыяктуу эле айтылышы ар башка, бирок маанилери бири-бирине толук окшош же жакын келет. Мисалы: **1.** Мурдагы кийим тигүү фабрикада бармагынан бал тамган кыргыздын кыз-келиндери арбын эле (К.С.). Колунан көөрү төгүлгөн, өнөрү көпкө көрүнгөндөн көч кылып Акбалтаны коштотту (А.Ж.). Жез оймоктун ыктуусу, ургачынын мыктысы (фольклор). Уруудан чыккан жез оймок, уздун баарын жыйнады (А.Ж.).

2. Бул заманда алма быш, оозума түш деп жашагандар, ата-энесинин пенсиясын андып отурушчу болушту ("Агым"). Жан бакты, жатып ичээрлер жабыла шаарга аттанышып, өлбөстүн күнүн көрүү үчүн айла издешүүдө ("Агым"). Көп

бүлөлүү үйдүн балдарынан тентеги да, жөнтөгү да чыгат экен, бирок тигинин биздин үйдө аяк бошотор гана болуп калганына жаным кейийт (Т.С.).

3. Адалдан түгү жок, итке минген томаяктар да малдуу кишилерден саан алышып, мында көчүп келишкен (К.К.). Жалгыз жаман жууркан, жаман төшөк, жерде жаткан сары курмушу, бул үй ээсинин колу жука, ыңырчагы ырдап, керегеси кердеп тургандыгын көрсөтүп турат (К.Ж). Үркүндөн кийин үрүп чыгар ити жок үйлөр көбөйүп, канчалаган адамдар мал-мүлкүнөн калбадыбы (Т.С.).

4. Кырсыктын болорун алдын-ала эч ким билбейт, мына, кечеги жүргөн көчкү каш-кабактын ортосунда Сөгөт айлынын 37 адамынын өмүрүн алып кетти ("Аалам"). Текшерүүчүлөрдү алеки саатта алдап жолго салды да, товары арзан экен деп айтып оозду жыйганча анысына жаңы баа коюп жиберди. Ошентип сокур ит бок жалаганча алармандардын башын айлантып салды ("Аалам").

5. Байкуш баланын жер-жеберине жетип, ага карата суук тилин агытканын көрүп турдук (К.С.). Акунжанды жерден алып көргө уруп, айтылбачу сөз менен оозуна ак ит кирип, кара ит чыгып жатты (Ш.С.). Жогорудагы беш топко бөлүштүрүлгөн сүйлөмдөрдө маанилеш фразеологизмдер келтирилди. Биринчи топтомдо "бармагынан бал тамган, колунан көөр төгүлгөн, жез оймок" деген фразеологизмдер чебер, уз деген маанини туюндурууда. Ал эми "алма быш оозума түш, жан бакты, жатып ичээр, аяк бошотоор" деген туюнтмалар жалкоо, эмгектенбеген адамдын сапатын билдирүүдө. Кедей, жакыр деген маани "адалдан түгү жок, итке минген, колу жука, ыңырчагы ырдаган, үрүп чыгар ити жок" деген фразеологизмдер аркылуу чагылдырылган. Бул сүйлөмдөрдөгү фразеологизмдер ар башкача айтылганына карабастан, "жакыр, кедей" деген бир маанини бергендиги айкын болуп турат. Сүйлөмдөрдүн төртүнчү топтомундагы каш-кабактын ортосунда, айтып оозду жыйганча, алеки саатта, сокур ит бок жалаганча", деген туюнтмалардын баары бири-бирине маанилеш болуп, "тез, бир заматта" деген маанини өзгөчө туюндурууда. Сүйлөмдөрдүн бешинчи топтомуна камтылган мисалдардагы "жер-жеберине жетип, суук тилин агытып, жерден алып көргө уруп, оозуна ак кит кирип, кара ит чыгып жатты" деген фразеологизмдер бирөөнү бирөө жаман сөздөр менен тилдеп, урушуп жатканын туюндуруп, маани жагынан бири-бирине жакын. Демек, фразеологизмдер да тыбыштык түзүлүшү ар башка жана ар түрдүүчө айтылганына карабастан, алар бири-бирине толук же жакын маанилеш келе тургандыгын жогорудагы фактылар далилдеп турат.

Каршылаш (антоним) фразеологизмдер

Маанилери бири-бирине карама-каршы түшүнүктө болгон (же кайчы маанide колдонулган) өзгөчө туюнтмалар кайчылаш маанидеги (антоним) фразеологизмдер деп аталат. Мааниси карама-каршы келген фразеологизмдер кыргыз тилинде арбын. Мисалы: *Ак көңүл — ичи тар; аягы сай таппаган — орун очок алган; ала жипти аттабаган — колу туткак; ала кол — кара кылды как жарган; адалдан түгү жок — төрт түлүгү шай; бити битине батпоо — сай-сөөгү сыздоо; жан дили менен — ары карап ыйлап бери карап күлүү; жайыл дасторкон — казаны оттон түшкөн; жарасы жеңил — тиш өтпөйт; жылдызы жарык — суук тумшук; итке минген — байпагы манат; ит менен мышыктай — коюн колтук алышкан; ийиктей имерилүү — жаа бою качуу; ити чөп жеген — кедерине кеткен; кара жанын карч уруп — кол учун тийгизип; колтугунан чыкпоо — далысын салуу; колу ачык — жез тырмак; кой оозунан чөп албаган — капкан бузуп, тузак үзгөн; тишинин кирин соргон — оозунун чыгы кургабаган; кулагынан күн көрүнгөн — бетинен бит тайгаланган; май көтөн — кара жолтой* д.у.с.

Кыргыз тилиндеги каршылаш (антоним) фразеологизмдердин маанилик өзгөчөлүктөрүн терең билүүдө атайын көңүл бурулуучу жагдайлар бар. Фразеологизмдердин кайчылаш (карама-каршы) маанилештиги лексикалык антонимдердей (ак — кара, катуу — жумшак, узун — кыска, ачуу — таттуу, кең — тар, бийик — жапыз, жакшы — жаман ж.б.) ачык-айкын болуп турбайт Маани жагынан бири-бирине карама-каршы түшүнүктөрдү берген фразеологизмдер дайыма эле даана билинбей, атүгүл, кээде аларды контекстсиз байкоо кыйын болот. Кээ бир фразеологизмдердин каршылаш (антоним) экендиги текстте гана ачылат. Алсак, Алаканга салуу — төбөсүнөн басуу деген туюнтма маани жагынан антонимдик катыштагы фразеологизмдерден болгону менен, андайлардын антонимдик мүнөздө экендигин өзүнчө турганда даана түшүнүүгө мүмкүн болбой калган учурлар бар. Алаканга салуу кимдир бирөөнү ардактоо, алпештеп багуу, эч бир кыйынчылыкка туш кылбай асыроо түшүнүгүн элестүү чагылдыруу үчүн колдонулат. Ал эми төбөсүнөн басуу деген туюнтма бирөөнү басмырлоо, кыйноо, кордук көрсөтүү түшүнүгүн чагылдыруу үчүн пайдаланылат. Мындай фразеологизмдердин антонимдик мүнөзгө ээ экендиги өзүнчө тургандагысына караганда, текст ичинде жакшы байкалат. Мисалы:

"Дөгүрсүгөн канкордун"
Төрт түлүк малын чачалы,
Төбөсүнөн басалы. ("Манас").

Бул фразеологизмдин антоними катары "Алаканга салуу" туюнтмасына назар салалы. "Атасы жоктугун билдирбейин деп, бар күчүмдү жумшап, алаканга салып бактым, ушул жалгызымды (К.С.). Карыган кишинин көңүлүнө азар кетирбейин деп, аткарып, алаканга салып турабыз (Т.К.). Келтирилген мисалдардагы

"төбөсүнөн басуу", "алаканга салуу" туюнтмалары бири-бирине кайчы мааниде, карама-каршы мааниде айтылып жатат.

Көп маанилүү фразеологизмдер

Фразеологизмдерге да көп маанилүүлүк мүнөздүү. Фразеологизмдердин көп мааниге ээ экендиги текстте (сүйлөм ичинде) турганда гана аныкталат. Алар өзүнчө турганда же жеке алып караганда анын бир гана маанисин байкайбыз. Алсак "көзү жок" деген фразеологизм бир нече мааниге ээ.

1.Көзү жок болсо эле сындап жатып каласыңар, андай оюңарды ал өз арабызда отурганда айтпайсыңарбы (К.С.).

2.Көрүнөө эле турган буюмду таппайт, жөн койсоң жарым саат издейт, көзү жок (А.Ж.).

3.Кечээ эле үзөңгү кагышып, жоо сайышып жүргөн азаматтардын бир тобунун бүгүн көзү жок. Келтирилген мисалдардын биринчисинде, кимдир бирөөнүн сөз болуп жаткан жерде (же учурда) арада жок экендиги туюндурулууда. Ал эми экинчи мисалда, бул туюнтма бир нерсени жакшы байкабаган, көрүнөө турган нерсеге деле көңүл бурбай калуучу баамы начар адамга карата колдонулууда. Акыркы мисалда дүйнөдөн өтүп кеткен, каза болгон адамдар тууралуу сөз жүрүп жатат. Демек, бул сүйлөмдөрдө (ар түрдүү тексттердин курчоосунда) көзү жок деген фразеологизм жагдайга жараша бир нече түшүнүк берип, көп маанилүүлүккө ээ болууда.

Башын ачуу деген фрозологизм да көп мааниге ээ.

1. Аба, Канымбүбү жеңем байкемден жаш калды, анын багын байлабай башын ачып койбойлубу, ал да бирөө менен түтүн булатып, өзүнчө жашап, бактысын тапкыдай болсун (Т.С.).

2. Качанга чейин мени, сени деп талаша беребиз, муну мыйзамдын негизинде чечип, кимге тиешелүү экендигин тактап, башын ачып койбойсунарбы? (С.Ж.). Бул келтирилген сүйлөмдөрдүн биринчисинде, жесир калган келинге эркиндик берип, өзүнчө болуп, турмушка чыгууга жол берүү маселеси коюлууда. Ал эми кийинки мисалда талаш маселени чечип, бир беткей болуу түшүнүгү берилди.

Жогоруда келтирилген мисалдар фразеологизмдердин көп маанилүү экендиги, алардын кайсы мааниде айтылып жатканы сүйлөм ичинде аныкталары көрүнүп турат. Ошондой эле, фразелогизмдердин көп мааниге ээ болору, аны курчап турган сүйлөм (текст, контекст) аркылуу ачыкка чыгарына келтирилген мисалдар далил. Демек, полисемия (көп маанилүүлүк) фразеологизмдерге да таандык.

Омоним-фразеологизмдер

Лексикалык омонимдерге тыбыштык составы бирдей, бирок мааниси башка сөз деген аныктама берилген. Омоним-фразеологизмдер да — тыбыштык түзүлүшү бирдей, бирок ар башкача маанилерди билдирген өзгөчө туюнтмалар. Омоним болуу үчүн ал фразеологизмдердин сырткы формасы гана бирдей болуп, ар башкача маанилерди берүүсү жетишсиз. Ошол маанилердин ортосунда да эч кандай байланыш болбостон, алардын келип чыгышы да түп-тамырынан бери айырмалуу болот. Мисалы: как баш, жайдак төш, так өтүү, тилин билүү, башына көтөрүү, кол үзүү, куу этек, эки болбоо д.у.с. фразеологизмдер кыргыз тилинде омонимдик мүнөзгө ээ. Демек, айтылышы бирдей, бирок ар башка маанидеги омоним-фразеологизмдер биздин тилибизде да орун алган деп айтууга толук негиз бар. Алсак, как баш дегендин бир мааниси көптү көргөн, турмуштук бай тажрыйбасы бар улгайган кишини билдирсе, дагы бир учурда перзент көрбөй, карыганда жалгыз калып, карыптык турмушта өмүр кечип жаткан кишини туюндурат. Мисалы: Ал как баш сенин жасагандарыңдын кайсынысы түзүк, кайсынысы бузук экенин бүт байкап, билип турат, аны алдап кетем деп ойлобо (К.Ж.). Бул сүйлөмдүн тутумундагы "как баш" фразеологизми кексе, турмуштан көптү көргөн адамга карата колдонууда. Ал эми:

"Какшанба эми Баймырза как баш,
Ичкенин кара чай мырза как баш.
... Жоо көрүндүң ашыма как баш,
Жоголгун, турба кашыма как баш" ("Манас") – деп "Манас" эпосундагы Көкөтөйдүн ашы учурунда сын көтөрө албаган, акылы бөксө Бокмурун сексенден ашкан Баймырза карыяны басмырлап, карылыгын шылдындап айтып турганы улгайган, карыган кишинин элесин тартуу үчүн как баш фразеологизми колдонулганын көрүп турабыз. Ушул эле фразеологизм өмүр бою перзенттүү болбогон адамдарга карата да колдонулат.

Эпосто Жакып көп жылдар бою перзент көрбөй, ар кай жерде балалуу болсом экен деп, ар кай жерде сыйынып жүргөндө өзүнө өзү мындай деп кайрылат:

"Кутмандуудан бата алдым,
Куруп калсын дүнүйө,
Как баш Жакып атандым" ("Манас").

Бул ыр саптарында, перзент көрбөй өмүрү өтүп бара жаткан кишинин абалы сүрөттөлүүдө.

Төмөнкү фактыларды да омоним-фразеологизмдер деп айтууга негиз бар:

Куюшканы көтөрүлүү. 1.Алыскы жолго сапарга чыга тургандыгы аныктолуп, жолго камынуу. 2.Иши илгерилеп, оңунан чыга баштоо.

Жаагын айруу. 1.Бир ишти мыкты бүтүрө билүү, өтө чеберчиликте аткаруу. 2. Катуу жазалоо, күч менен басып таштоо, жок кылуу.

Кол үзүү. 1.Барып-келишпей, катташпай калуу. 2.Байлыгынан, өз мүлкүнөн ажырап калуу.

Узун кулак. 1. Көптү билген, көп нерседен кабардар. 2. Ушакчы.

Үзүлүп түшүү. 1. Бир нерсеге өтө суктануу. 2. Кандайдыр бир ишке жан дили менен берилүү. 3. Бирөөгө болгон жакшы мамилеси, жакшы көрүү сезими.

Чаң жугузбоо. 1. Бапестеп, кадырлап багуу. 2. Бардык жагынан мыкты, айыбы жок деп көрсөтүү. 3. мактоо .

Тилдин тигил же бул кубулушуна тиешелүү фактылар аз болобу, көп болобу, анын тилде орун алгандыгына карап, сөзсүз түрдө аларды талдоого алып, тиешелүү касиеттерине, өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмөлөр берилип, пикирлер айтылып, жыйынтык чыгарылууга тийиш. Ушул өңүттөн алып караганыбызда, омоним-фразеологизмдер сан жагынан аз болсо да, анын тилдик кубулуш катары тил илиминде каралуусу зарыл.

МОРФОЛОГИЯ

Грамматика, анын түрлөрү, бөлүмдөрү

Грамматика грекчеден которгондо «окуу жана жазуу өнөрү» дегенди билгизет. Грамматика тил илиминде төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат:

1. Тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн курулушу, ички түзүлүшү. Тилдин ички табияты. Бул маанисинде биз тигил же бул тилдин грамматикалык түзүлүшүн элестетебиз. Мисалы, кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшү.

2. Тилдин грамматикалык түзүлүшүн, башкача айтканда, сөздөрдүн өзгөрүү мыйзамченемдиктерин, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдүн типтерин үйрөтүүчү тил илиминин бир тармагы. Бул маанисинде биз тигил же бул тилдеги сөздөрдүн түзүлүшүн, сөз өзгөртүү системасын, сөз айкаштарынын табиятын, сүйлөм түзүлүш мыйзамченемдиктерин, сүйлөмдөрдүн типтерин, түрлөрүн окуп үйрөнүүнү түшүнөбүз.

Мисалы, кыргыз тилинин сөздөрүнүн түзүлүшүн, сөз өзгөртүү системасын, сөз айкаштарынын табиятын, сүйлөм түзүлүш мыйзамченемдиктерин, сүйлөмдөрүнүн типтерин, түрлөрүн кыргыз тилинин грамматикасы окутуп үйрөтөт.

3. Тигил же бул тилдин грамматикалык түзүлүшүн мүмкүн болушунча толук чагылдыра иликтеп жарык көргөн илимий эмгек, же тилдин түзүлүшү боюнча жазылган окуу китеп. Бул маанисинде биз конкреттүү тигил же бул тилдин теориялык маселелерин иликтеген окуу китепти, же эмгекти түшүнөбүз. Мисалы, Кыргыз адабий тилинин грамматикасы (Фрунзе, 1980).

Бирок, грамматиканын бул маанилери бирин бири толуктап, кандайдыр ажырагыс биримдикте колдонула берет.

Максаты, милдети жана жазылыш стили боюнча грамматиканын бири-биринен айырмаланган түрлөрү бар.

1. Нормативдик грамматика тигил же бул тилдин түзүлүшүн, андагы илимий жактан толук далилденген талашсыз эрежелерди өз ичине камтыган грамматика болуп эсептелет. Буга мектептерге, орто жана жогорку окуу жайларга арналган грамматикалар кирет. Мындай грамматикалар өкмөт тарабынан бекитилген атайын программалардын негизинде жазылат.

Грамматиканын алда канча өркүндөтүлүп, тилдин түзүлүшүн терең иликтеп, бардык маселелерин камтыган, атайын тематикалык, ысымдык, терминдик ж.б. көрсөткүчтөр менен жабдылган басылмасы академиялык грамматика деп аталат. Кыргыз тилинде мындай грамматика али жарала элек.

2. Илимий грамматикада тилдин түзүлүшүндөгү тигил же бул кубулуштар ар тараптуу илимий көз караштардын негизинде терендетилип, ар кандай талаш-

тартыш маселелери менен кошо берилет. Илимий иликтөөлөрдүн мүнөзүнө жараша ал тарыхый грамматика жана сыпаттама грамматика деп экиге бөлүнөт.

Тарыхый грамматика (диахрондук грамматика деп да аталат) тилдин грамматикалык түзүлүшүн тарыхый өсүп-өнүгүш процессинде териштирет. Азырынча кыргыз тилинин мындай мазмундагы грамматикасы жарала элек.

Сыпаттама грамматика (дескриптивдик грамматика деп да аталат) тилдин түзүлүшүндөгү ар түрдүү кубулуштардын бардыгын азыркы учурдун гана көз карашынан туруп баштан-аяк иликтеп чыгат.

3. Салыштырма грамматика тектеш тилдердин грамматикалык түзүлүшүндөгү жалпылыктар менен айырмачылыктарды аныктоо максатын көздөп, өз ара салыштырууларды жүргүзөт. Мунун байыркы жазма эстеликтердин материалдарын пайдалануу менен иликтөөлөрдү жүргүзгөн салыштырма-тарыхый грамматика деген өзгөчө түрү да бар.

Салыштырма грамматиканын өзгөчө түрү болуп тектеш эмес тилдердин материалдарын салыштырып изилдеген грамматика эсептелет. Мындай грамматика типологиялык жана генетикалык жактан ар башка топторго жаткан тилдердин грамматикалык түзүлүшүндөгү жалпылык жана айырмачылыктарды иликтеп, жалпы тил илиминдеги айрым теориялык маселелердин чечилишин көздөйт.

Грамматика бири-биринен изилдөө максаты жана изилдөө алкагы боюнча айырмаланган эки бөлүмдөн турат: морфология, синтаксис.

Морфология — тил илимининн грамматикалык курулушунун алгачкысы. Ал сөздөрдүн түрдүү грамматикалык касиеттерин ачып, ар кандай грамматикалык маанилерди, грамматикалык маани берүүчү каражаттарды изилдеп үйрөтөт.

Синтаксис болсо, тилдин грамматикалык курулушунун андан аркысы. Синтаксисте сөз айкаштары, алардын типтери, айкашкан сөздөрдүн өз ара карым-катыш байланыштары, сүйлөм, сүйлөмдүн түзүлүшү, түрлөрү, мүчөлөрү окутулат.

Айрым учурларда грамматика окуу китептерине тилдин фонетика бөлүмүн да кошуп жарыялашат. Синтаксис грамматиканын экинчи бөлүмү болуп морфологиядан кийин окутулат.

Грамматикалык маанилер

Сөздөр лексикалык маани менен катар грамматикалык маанилерге да ээ болот. Кандайдыр ойду туюндуруш үчүн сөздөр бири-бири менен байланышка түшүп сүйлөмгө айланат. Сүйлөмдү жараткан сөздөрдүн мындай карым-катышы грамматикалык маанилердин жардамы аркылуу жүзөгө ашат. Грамматикалык

маанилер сөздүн лексикалык маанисин өзгөртпөйт, аны ар түрдүү кырдаалдарга ылайыкташтырат. Мисалы: Эсен, шаар, оку деген сөздөрдүн ар бири өзүнчө лексикалык мааниге ээ болуп турат. «Эсен - киши, шаар - көп калк жашаган жер, оку - катты окуу, билим алуу». Эми ушул эле сөздөр бири-бири менен байланышка түшүп, сүйлөм болуп ойду туюндурду дейли: Эсендер шаарда окушат дегенде *ар* бир сөздүн лексикалык мааниси сакталды. Бирок Эсен, шаар, оку деген үч сөз бири-бири менен карым-катышка түшүп, грамматикалык маанилерге ээ болду. Сүйлөм болуп, ой туюндурулду. Грамматикалык маанилерди экиге бөлүп карайбыз:

1) жалпы категориялык грамматикалык маанилер;

2) жеке грамматикалык маанилер.

Жалпы категориялык грамматикалык маанилерге төмөндөгү грамматикалык маанилер кирет: заттык маани, белгилик маани, сын-сыпаттык маани, сан-өлчөмдүк маани, кыймыл-аракеттик маани ж.б. Мисалы, алма, калпак, жылдыз, улак деген сыяктуу сөздөрдүн заттык; кызыл, көк, момун, сымбаттуу, ачуу, узун деген сыяктуу сөздөрдүн сын-сыпаттык; алты, тогуз, он жети, бешинчи, отуз биринчи деген сыяктуу сөздөрдүн сан-өлчөмдүк; ойно-, же-, бас-, айт-, отур-, тур- деген сыяктуу сөздөрдүн кыймыл-аракеттик; азыр, бүгүн, кечээ, эртең деген сыяктуу сөздөрдүн мезгилдик маанилери жалпы категориялык грамматикалык маанилер болуп эсептелет. Сөздөрдүн жалпы категориялык грамматикалык маанилери алардын лексикалык маанилерине жакын болот.

Жеке грамматикалык маанилерге жөндөмө, сан, жак, таандык, чак, ыңгай, мамиле, даража, суроо ж.б. маанилер кирет.

Сөз түрдүү формада өзгөрүлүп кетсе да, андагы жалпы категориялык грамматикалык маани өзгөрбөй кала берет. Жеке грамматикалык маанилер болсо, өзгөрүлө берет. Мисалы, ойно, ойнодук, ойногула деген сөз формаларынын баарында тең, кыймыл-аракеттик маани (жалпы категориялык маани) сакталып турат, жеке грамматикалык маанилер башка-башка болуп өзгөрүп кетти: ойно (2-жак, жекелик сан, келер чакта буюруу маанилери), ойнодук (1-жак, көптүк сан, өткөн чакта жайынча айтылган маанилери), ойногула (2-жак, көптүк сан, келер чакта буюруу маанилери).

Сөздөрдөгү грамматикалык маанилер тиешелүү **грамматикалык каражаттар аркылуу** ишке ашат. Кыргыз тилинде төмөнкүдөй грамматикалык каражаттар бар:

1) уланды мүчөлөр: келем *(-ым)*, келдим (-ды, -ым), уулуңа (*-ың, -а*), кызынын (*-ы, -нын*);

2) кызматчы сөздөр: сен жөнүндө, ой тууралуу, мал го, окуу гана, ал үчүн;

3) сөздүн лексика-грамматикалык маанилер боюнча топторду түзүшү: таш, тамчы, орок, арпа, кагаз, акыл, бакыт өндүү сөздөрдө грамматикалык заттык маанилер; же-, ич-, кел-, ойно-, сүйлө-, байка- өндүү сөздөрдө грамматикалык кыймыл-аракет маанилери; беш, он жети, алтынчы, төртөө өндүү сөздөрдө грамматикалык сан-өлчөм маанилери; кызыл, көк, сулуу, таттуу өндүү сөздөрдө грамматикалык сын-сыпат маанилери бар;

4) интонация: мен жайынча туюндуруу мааниси, *мен?* суроо мааниси, *Бол!* буюруу мааниси, Кап! өкүнгөндүк маани, Токто, токто! ачууланып буюруу мааниси менен айтылды;

5) басым: Сатып бересиң. (Басым и тыбышына түшүп, грамматикалык буюруу маани менен айтылды); Сатып бересиң*!* (Басым экинчи е тыбышына түшүп, сөз грамматикалык өкүм буюруу мааниси менен айтылды).

Грамматикалык каражаттар сөздүн **грамматикалык формаларын** уюштурат. Демек, ар кандай грамматикалык маани сөзсүз түрдө белгилүү грамматикалык формалар аркылуу ишке ашат. Грамматикалык форманы сөз формасы деп да айта беребиз.

Сөздүн бир же бир нече жеке грамматикалык маанилер боюнча бири-биринен айырмаланган түрлөрү анын грамматикалык формалары деп аталат.

Мисалы: *жер, жердин, жерге, жерди, жерде, жерден, жери, жерим, жериң, жериңиз, жериме, жериңди, жериңер, жерибиз, жерибизде* деген сөздөрдүн бардыгы жер деген бир эле сөздүн ар түрдүү формалары болуп саналат. Бардыгында тең жер деген сөздүн лексикалык мааниси сакталып турат, бирок ар биринин ар башка грамматикалык маанилери бар. Ошентип, грамматикалык формалар сөзгө жаңы грамматикалык маани алып келет дагы, жаңы лексикалык маани жарата албайт.

Кээ бир сөздөр өзгөрүлбөй бир гана грамматикалык формада болот. Мисалы, менен, жана, көздөй, үчүн, да, го, ох, ах ж.б.

Грамматикалык формалар грамматикалык каражаттар аркылуу жана каражаттары жок эле да туюндурулат. Башкача айтканда, материалдык жактан туюндурулган формалар жана материалдык жактан туюндурулбаган (нөл форма) формалар болот.

Грамматикалык маани берип турган башка формалардан атайын тилдик каражаттар жалганып уюшулган сөз формаларын материалдык жактан туюндурулган форма дейбиз. Мисалы, «Акылдуунун сөзү кыска, айта салса — нуска». Мындагы Акылдуунун деген сөз формасы өзүнө байланышкан нерсенин (сөзү) кимге тиешелүүлүгүн билгизип турат. Мына ушул грамматикалык маани атайын тилдик каражат *-нын* мүчөсү аркылуу туюндурулду. Демек, акылдуу

деген сөздүн акылдуунун деген формасы материалдык жактан туюндурулган форма болуп эсептелет. Мисалыбыздагы сөзү деген сөз формасы заттын 3-жакка таандык болуп аталышын билдирип, материалдык жактан *-ы (-у)* мүчөсү менен туюндурулуп турат. Эгерде, «Китеп — билим булагы» деген мисалдагы китеп деген сөз формасын алсак, заттын аталышын билдирди, бирок эч кандай мүчө жалганган жок, башкача айтканда, материалдык жактан туюндурулган жок (нөл форма).

Эч кандай мүчөнүн жардамысыз эле уюшулган грамматикалык форма **материалдык жактан туюндурулбаган форма** (нөл форма) деп аталат.

Грамматикалык категория

Тиешелүү грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулуп, бири-биринен айырмаланган жекече грамматикалык маанилердин жыйындысы грамматикалык категория деп аталат. Кыргыз тилинин грамматикасында сан, жөндөмө, таандык, жак, чак, мамиле, ыңгай ж.б. грамматикалык категориялар бар.

Жөндөмө категориясын туюндуруучу грамматикалык каражаттар — жөндөмө мүчөлөрү. Ар бир жөндөмөнүн мүчөсү башка жөндөмө мүчөсүнөн өзгөчөлөнгөн жекече грамматикалык маанини түшүндүрөт. Бардык жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү жалпысынан атоо, бир нерсеге тиешелүүлүк, багытталгандык, бир нерсенин орду, эмнеде, каерде экендиги, кыймыл-аракеттин башталган жери сыяктуу жекече грамматикалык маанилердин жыйындысын билдирет. Бул грамматикалык маанилер атооч сөздөрдү сүйлөм ичинде бири-бири менен жана башка сөздөр менен байланыштыруу кызматын аткарып, өзүнчө жалпылыкты түзөт. Мына ушул жалпылыктын негизинде бул каражаттардын грамматикалык маанилери чогулуп келип жөндөмө категориясын түзүп турат.

Жак категориясын туюндуруучу грамматикалык каражаттар — жак мүчөлөрү. Ар бир жактын мүчөсү башка жак мүчөлөрдөн айырмаланган жекече грамматикалык маанилерге ээ. Мисалы, *-мын (-м)* кыймыл-аракеттин же баяндоонун сүйлөп жаткан тарапка, башкача айтканда, биринчи жакка тиешелүүлүгүн, *-сың (-сыз)* экинчи жакка тиешелүүлүктү билдирген маани берет. Мына ушул жак мүчөлөрдүн бардыгы жалпысынан тигил же бул жакка тиешелүүлүк маанилерди бергендиктен, алардын грамматикалык маанилери чогулуп келип жак категориясын түзөт.

Сөз тутуму

Сөз - тилдеги атоо кызматын аткарган негизги бирдик, чындыктагы ар кандай заттарды, кубулуштарды, алардын сын-сыпатын, сан-өлчөмүн, кыймыл-аракетин, ал-абалын ж.б. түрдүү белгилерин атап көрсөтөт. Ошондуктан ар бир сөз керт башына таандык болгон ички мазмуну жана белгилүү тыбыштардын тизмегинен куралган сырткы турпаты менен мүнөздөлөт. Мисалы, кыргыз, кымыз, комуз сөздөрүнүн ар бири өзүнчө тыбыштык турпатка ээ жана ал аркылуу бири элибиздин улуттук насилин, экинчиси суусундук тамагын, үчүнчүсү музыкалык аспабын билдирет.

Сөздүн тыбыштык турпаты акустикалык мүнөзгө ээ. Ал аркылуу айтылат, угулат жана сүйлөөчүдөн тындоочуга жеткирилет. Ошондуктан, сөздүн тыбыштык турпаты кеп өнөктүгүнө катышкан эки жакты - сүйлөөчү менен тыңдоочуну өз ара байланыштыруу кызматын аткарат.

Сөз өзүнүн мааниси аркылуу чындыктагы тигил же бул нерсе, кубулуш менен байланышып турат. Кыскасы, сөздүн мааниси түбү келип тил ээси менен чындыктын ошол сөз болуп жаткан бөлүгүн байланыштырып, булардын ортосунда данакерлик кызматты аткарат. Демек, сөз - маани жана тыбыштык турпаттын ажырагыс биримдигинен турган жана өз алдынча колдонуу мүмкүндүгүнө ээ болгон тилдеги негизги бирдик.

Морфема жана түрлөрү

Сөз маани жана тыбыштык турпаттын биримдигинен түзүлүп, аларды кандайдыр бир бүтүндүккө бириктирип турганы менен ички түзүлүшү жагынан дайым эле бирөңчөй боло бербейт. Анткени, алар өзүнчө маани жана турпаты бар сөз мүчөлөрүн ичине камтыйт. Мисалы: Сынчы деп бул адамга атак конгон (Тог.). Берилген сүйлөмдөгү бул сөзүн өзүнчө мааниси жана тыбыштык турпатка ээ болгон бөлүктөргө ажыратуу мүмкүн эмес, анткени анын тутумундагы б-у-л деген тыбыштардын ар бири өз алдынча эч кандай маанини билдире албайт. Ал эми калган беш сөздү өзүнчө маани берип турган төмөнкүдөй бөлүктөргө ажыратууга болот: сын-чы, де-п, адам-га, ат-а-к, кон-гон. Мында: сын, адам, ат - заттык, де, кон - этиштик, *-чы* - кесиптик, *-п* - чакчылдык, *-га* - жөндөмөлүк, *-а* - зат аркылуу аракеттик, *-к* - аракет аркылуу заттык, *-ган* - чактык маанилерди туюнтат.

Ошентип, маани жана тыбыштык жактан ажырагыс биримдикти түзүп, сөз тутумун аныктаган эң кичине бирдик морфема деп аталат. Алсак, жогорудагы сүйлөм алты сөздөн жана он эки морфемадан турат: сын, -чы, де, -п, бул, адам, -га, ат, -а, -к, кон, -гон. Морфема маани жана кызмат жактан унгу жана мүчө деп экиге бөлүнөт.

Уңгу жана мүчө

Уңгу-мүчө экөө тең сөз тутумун аныктап, морфема деген бирдикке биригип турганы менен алардын ортосунда төмөнкүдөй айырмачылык бар:

1. Уңгу - сөз тутумундагы негизги морфема, ошондуктан ал сөздүн өзөгүн түзүп, негизги маанисин туюнтат да, өз алдынча сөз катары колдонуу касиетине ээ. Ал эми мүчө болсо мындай касиетке ээ эмес. Мисалы: бар - барды, кел - келген, сан - сана сөздөрүнүн биринчи түгөйү - таза уңгу, уңгу сөз катары өз алдынча колдонула берет. Ал эми буларга жалганган *-ды, -ген, -а* мүчөлөрүн сөздөн бөлүп, өз алдынча колдонуу мүмкүн эмес. Демек, уңгусу жок сөз болбойт, уңгу мүчө уланбаган тейде деле өз алдынча сөз катары колдонула берет.

2. Уңгу бир же бир нече сөздүн тутумунда колдонулса, мүчө эң кеми эки же андан көп сөздүн тутумунда колдонулат. Ошондуктан, бир эле уңгудан бир сөздүн бир нече грамматикалык формасы (бас, бас-ты, бас-кан, бас-а-т, бас-са) уюшулат, же болбосо бир уңгулуу бир нече сөз (бас - бас-ык - бас-ма - бас-кыч - бас-ым) жасалат. Демек, уңгу - уңгулаш сөз же сөз формасынын тутумундагы орток морфема. Маселен, өйдөкү сөз жана сөз формаларынын уңгусу - бас.

3. Уңгу колдонулганда өзүнүн тыбыштык турпатын дээрлик сактайт, мүчө болсо уңгунун таасири менен түрдүү өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мисалы: мал, эл, кой, дүкөн деген уңгу сөздөргө кесиптик маани билдирүүчү *-чы* мүчөсү төрт түрдүүчө өзгөрүп уланат: мал-чы, эл-чи, кой-чу, дүкөн-чү.

Ошентип, сөздүн лексикалык маанисин туюнтуп өз алдынча сөз катары колдонуу касиетине ээ болгон морфема уңгу деп аталат.

Сөздүн лексикалык маанисин өзгөрткөн же ага кошумча грамматикалык маани берип, тыбыштык жактан өзгөрүлмөлүү келген морфема мүчө деп аталат.

Мүчөнүн бөлүнүшү

Мүчөлөр өзүнүн аткарган кызматына карай экиге бөлүнөт: уланды мүчө жана куранды мүчө.

Уланды мүчө

Сөзгө уланып, сөздүн лексикалык мааниси менен сөз түркүмдүк белгисин өзгөртпөй, ага грамматикалык маанини кошумчалайт, сөздү сүйлөм тутумундагы башка сөздөр менен байланыштырат. Мисалы: *Эрен тууллган эр Манас эл ишенич-ин акта-п, кыргыз-дарды алда качан унутта кал-ган ата-конуш-уна башта-п кел-ди* (А.Кекилбиев). Мындан уландыларды алып таштасак, сүйлөм тутумундагы сөздөр өз ара байланышпай, айтылып жаткан ой ырааттуу берилбей калары анык. Демек, уланды мүчөлөр сөз менен сөздү өз ара тутумдаштырып, сүйлөм же байланыштуу кепти уюштуруу милдетин аткарат.

Уланды мүчө сөздүн лексикалык маанисин өзгөртүп, бир сөздүн ар башка грамматикалык формасын уюштурат, бирок бир сөздөн экинчи бир сөздү жасай албайт. Бир сөздүн ар башка грамматикалык формалары сөз формалары деп аталат. Мисалы: ата сөзүнүн жөндөмө, таандык, жак уландылары жалганып айтылган түрлөрү бул сөздүн сөз формаларына жатат: *ата, ата-м, ата-нын, ата-ң, ата-м-(д)ын, ата-га, ата-сы, ата-м-а, ата-ны, ата-быз, ата-м-(д)ы, ата-да, ата-ңар, ата-м-да, ата-дан, ата-ңыздар, ата-м-(д)ан* ж.б.

Бир сөздүн сөз формаларынын топтому парадигма деп аталат. Кээде парадигма деп бир сөздүн бир же бир нече категория боюнча өзгөргөн түрлөрү да айтылат. Сал.: сөздүн жөндөлүш парадигмасы, сөздүн жакталыш парадигмасы ж.б.

Куранды мүчө

Куранды мүчө сөзгө жалганып, сөздүн лексикалык маанисин да, турпатын да өзгөртөт, андан жаңы сөз жасайт. Мисалы: өрт (зат) > өрттө *(этиш), бас (этиш)* > *басма (зат*). Мында сөз бир сөз түркүмдөн экинчи бир түркүмгө өтөт. Дагы бир учурда туунду сөз башка түркүмгө өтпөй да жасалат. Мисалы: уй (зат) > уйчу (зат), бак (зат) > бакчы (зат). Бирок эки учурда тең сөздүн лексикалык маанисин өзгөрөт да, туунду сөз аркылуу чындыктагы башка нерсе белгиленет. Демек, куранды мүчөлөр сөз сыяктуу атоо кызматын аткарууга жөндөмдүү жана эне тилибиздин сөздүк корун байытып турган негизги ички каражаттардан болуп эсептелет. Бирок сөз атоо кызматын өз алдынча аткарууга жөндөмдүү болсо, куранды мындай кызматты жеке өзү эмес, өзү уланып айтылган сөздүн тутумунда гана аткара алат. Бул - куранды мүчө менен сөздүн ортосундагы негизги айырмачылык.

Куранды мүчө менен уланды мүчөнүн айкашуу валенттүүлүгү да ар башка. Булардын ичинен уландылар тигил же бул түркүмдөгү бардык сөздөр менен айкаша берет. Маселен, бардык зат атоочтор жөндөлөт, бардык этиштер жак жана чак мүчөлөр менен жакталат. Ошондуктан уландылардын колдонушуна сөз түркүмү ичинен чек коюлбайт. Ал эми курандынын колдонушу дээрлик чектелген мүнөздө болуп, бир түркүмдөгү сөздөрдүн ичинен айрымдарына, маани жактан шайкештик сакталган сөзгө гана жалганат. Маселен, *-чы* курандысы, адатта, кесип, өнөр, шык-жөндөм сыяктуу иш-аракеттин объектисин билдирген зат атоочко гана жалганат.

Сөз жасоо

Сөз жасоо термини эки мааниде колдонулат: биринчиден, туунду жана татаал сөздүн кантип жасаларын, анда кандай каражаттар менен ыкмалар пайдаланарын билдирсе, экинчиден, туунду жана татаал сөздөрдүн табиятын иликтеп үйрөтүүчү

тил илиминин бир бөлүмүн билдирет. Демек, **сөз жасоо - татаал жана туунду сөздөрдү ичине камтыган тил системасынын бир бөлүгү жана ал бөлүктү изилдеп үйрөтүүчү тил илиминин бир бөлүмү.**

Тилдин сөздүк курамындагы уңгу сөздөрдүн саны чектелүү, төрт-беш миңге жуук. Ошондуктан коомдук турмуштун түрдүү өңүттөрүн тейлөө үчүн жаңы түшүнүктөрдү атоо, жаңы сөздөрдү жасоо зарыл. Жаңы сөздөрдүн пайда болушу тилдин сөздүк курамын толуктайт, байытат. Бул сөз жасоонун эң алды лексикага кызмат кылып, аны менен ажырагыс байланышта болорун тастыктайт. Демек, сөз жасоо системасы сөздүк курамын байытып турган тилдеги эң негизги ички каражат болуп эсептелет.

Сөз жасоо грамматика менен да тыгыз байланышат. Мындай байланыш туунду жана татаал сөздөрдүн милдеттүү түрдө тигил же бул сөз түркүмүнө таандык болуп, буларды жасоодо түрдүү грамматикалык каражаттар пайдалана тургандыгы менен аныкталат. Мисалы: майла жана билим деген туунду сөздөрдүн ичинен майла - зат атоочтон жасалган этиш, билим - этиштен жасалган зат атооч. Демек, сөз жасоо сөздүк курамындагы сөздөрдү сөз түркүмдүк белгиси боюнча грамматикалык жактан бири-бири менен байланыштырып, өз ара топтоштуруп турган каражат болуп эсептелет.

Туунду жана татаал сөздөрдүн ар бири жеке өзүнө таандык болгон тыбыштык турпатка ээ. Бул - сөз жасоонун фонетика менен болгон байланышынын ачык далили. Мисалы: сана туунду сөзү с - а - н - а деген тыбыштык тизмектен куралып, ушул гана сөздү жекече мүнөздөйт.

Сөз жасоо системасын илимий жактан аңдап түшүнүү үчүн анда колдонулган негизги түшүнүктөрдү билүү зарыл. Алардын орчундуулары төмөнкүлөр: сөз жасоо мааниси, негиз жана анын түрлөрү, куранды мүчө, *туундулук катыш (отношение мотивированности), с*өз жасоо тизмеги, сөз жасоо уясы, сөз жасоо тиби ж.б.

Сөз жасоо мааниси

Тилдеги сөз жасоонун бөтөнчөлүгү сөз жасоо мааниси аркылуу аныкталат да, мындай маани бир эмес, бир нече сөзгө бирдей таралат. Муну менен ал сөз түркүмүнүн жалпы категориялык маанисине окшойт. Бирок категориялык маани бүтүндөй бир сөз түркүмүнө тиешелүү болсо, сөз жасоо мааниси ошол түркүмгө кирген айрым гана сөздөргө тиешелүү болот. Бул жагынан сөз жасоо маанисинин мүмкүнчүлүгү, аракет чөйрөсү дээрлик тар болот. Мисалы, агар, көгөр, карар, жашар, кыскар деген атоочтон жасалган туунду этиштер негиз аркылуу туюнтулган белгиге ээ болуу деген маани боюнча өз ара жалпылыкты түзүп турат. Бул - аталган туундулардын сөз жасоо мааниси. Ушул маани аркылуу өздөрү жасалган ак, көк, кара, жаш, кыска сөздөрүнүн маанисинен айырмаланат.

Бирок бул маани этиш түркүмүндөгү бардык этиштерге милдеттүү түрдө тарала бербейт. Ошондуктан, муну жалпы категориялык маани деп кароо мүмкүн эмес: ал тек гана аталган туундуларды өз ичине камтып турат.

Сөз жасоо мааниси сөздүн лексикалык маанисинен да айырмаланып турат. Сөздүн лексикалык мааниси сөздүн керт башына тиешелүү. Эгерде мындай типтеги маани бир нече сөзгө орток болсо, анда бул өндүү сөздөрдө тыбыш эмес, маани жактан гана жалпылык болот. Мисалы: айбан~жаныбар, бут~аяк, шаар~калаа, акыл~эс, ат~ысым, иш~жумуш, тамак~аш, дене~бой, карышкыр~бөрү ж.б.

Ошондой эле бирдей сөз жасоо маанисине ээ болгон сөздөр, адатта, бирдей сөз жасоо каражаттары менен да мүнөздөлөт. Мисалы, агар, көгөр, карар, жашар, кыскар сөздөрүн жасоодо бир гана каражат колдонулду. Ал - атоочтон этиш жасоочу *-ар* курандысы. Демек, сөз жасоо мааниси куранды мүчө аркылуу берилет, ал эми лексикалык маани бүтүндөй бир сөздүн контексти аркылуу туюндурулат. Бул жогорудагы эки маанинин ортосундагы дагы бир айырмачылык.

Негиз

Сөздүн негизи - сөздүктөгү сөз. Ал уланды мүчөнү алып таштагандан кийин калган сөздүн бөлүгүнө дал келет.

Мисалы: *кышта+дык, кышта+дыңар, ата+ды, ата+ган, ата+чу ж.б.*

Үнгудан айырмаланып, негиз өз ичинен мүчөлөнө берет. Эгерде негиз мүчөлөнбөсө, заттык жактан эркин уңгуга дал келет да, мындай учур негиздин эң кичине чеги деп табылат: тал, таш, көк, үч, беш, жүр, чоң ж.б.

Мүчөлөгөн негиз эч качан уңгуга дал келбейт, уңгудан чоңдук кылат. Адатта, негиз эркин уңгу менен бир же бир нече куранды мүчөдөн, же бир нече уңгудан түзүлүшү мүмкүн: жаш-тык, түй-мө, *бил-им* - уңгу жана мүчөдөн турат, топ таш, иш сапар, бет май, туш кийиз, кол кап - эки уңгудан турат.

Негиз лексикалык маанини туюнтуп, сөз түркүмдү жактан сөздүн белгисине ээ болот. Бирок уланды мүчөлөрдү камтыбагандыктан, сөз формасындагы каражаттардын баары эле негизге бирдей тиешелүү боло бербейт.

Негиз ар түрдүү каражаттардан жасалгандыгына карай тубаса негиз, туунду негиз жана түзүүчү негиз болуп үчкө бөлүнөт.

Тубаса негиз

Тубаса негиз - башка сөздөн жасалбаган сөз, тилдин азыркы абалында ар түрдүү каражаттар аркылуу жасалбаган, көбүнчө эркин уңгуга дал келген негиз.

Мындай негиздин мааниси эмне үчүн, кантип ушул тыбыштык түзүлүш аркылуу туюндурулуп, ошол маанини билгизгендигин түшүндүрүү мүмкүн эмес,

муну айтуу үчүн ошол сөздүн келип чыгышын изилдөө керек. Демек, сөздүн негизи бир гана уңгудан турса, тубаса негиз болот да, анын түзүүчү негизи болбойт: *ат, куш, ал, он, бир, ур, сат* ж.б.

Бирок тилдин тарыхый жактан өнүгүү процессинде азыркы учурда уңгу катары эсептелип жүргөн бир катар тубаса негиздер уңгу мүчөгө ажыраган туунду негиздерден болгон. Мисалы, кудук, котор. Булар - тек жактан туунду сөз, уңгулары - куд>куй, код>кой. Демек, аталган уңгулар тектеш түрк тилдерине мүнөздүү болгон д>й алмашуу кубулушуна кабылып, азыркы кыргыз тилинде куй жана кой этиштерине өтүп кеткен. Ошентсе да, бул өндүү учурлар сөз жасоонун тикелей изилдөө бутасы боло албайт. Алар тектештирме-тарыхый планда аткарылган кыргыз тилинин тарыхый грамматикасында каралууга тийиш.

Туунду негиз

Туунду негиз -башка сөздөн жасалган сөз, негизге куранды мүчөнүн жалганышы же бир нече негиздин бир бүтүндүккө биригиши аркылуу жасалып, маани жана турпат жактан ушул бирдиктерге көзкаранды болгон негиз. Мисалы, кыргыч, уйчу, бакчы сыяктуу туунду негиздер кыр, уй, бак деген негиздердин *-гыч, -чы* курандылары менен айкашуусу, беш жылдык, топ таш, калем сап деген туунду негиздер эки негиздин бир бүтүндүктү түзүшү аркылуу жасалган.

Тубаса негиз туунду негиздин тутумунда тыбыштык жагын өзгөртпөй сактайт. Бирок айрым учурда тубаса негиз морфологиялык жактан өзгөрүүгө дуушар болушу да мүмкүн. Мисалы: жыйна, кыйна, ойно. Булардын тубаса негизи болуп жый, кый, ой эмес, жыйын, кыйын, оюн сөздөрү эсептелет, анткени негиздин соңку муунундагы *-у-* жана *-ы-* кууш үндүүлөрү түшүп калган: ойн+а, кыйн+а, жыйн+а.

Туунду негизден куранды мүчөнү алып таштаганда дайыма эле тубаса негиз алына бербейт. Мисалы, өндүрүмдүү, өнүмдүү туунду негиздеринен адегенде *-луу (-дүү)*, андан соң *-ым (-үм)* курандыларын алып таштасак, мындан алынган өндүр, өнүм негиздери өндүрүмдүү, өнүмдүү деген туундулардын тубаса негизине дал келбейт. Анткени өндүр, өнүм деген негиздер өзү да (өнүм < өн+ым; өндүр<өн+дыр) туунду негиз болушат. Демек, бул өндүү сөздөргө жасалышы боюнча талдоо жүргүзүү үчүн түзүүчү негиз деген түшүнүктүн зарылдыгы келип чыгат.

Түзүүчү негиз

Түзүүчү негиз - туунду сөз жасалган сөз. Демек, бул же тигил туунду сөздүн жасалышына маани жана турпат жактан уютку болгон, анын тутумунда кайталанган негиз түзүүчү негиз деп аталат. Түзүүчү негиз -

куранды мүчөнү алып салгандан кийин туунду негиздин калган бөлүгү. Мисалы, балыкчы, шыпыргы, илгич сөздөрүнүн түзүүчү негизи балык, шыпыр, ил, анткени алар ушул сөздөрдөн -чы, -гы, -гыч курандыларын жалгоо аркылуу жасалды.

Ар кандай туунду негиздин түзүүчү негизи болот. Туунду негиз маани жактан түзүүчү негиз менен байланышат. Эгер түзүүчү сөз көп маанилүү болсо, анын бардык эле мааниси бүт бойдон туунду сөздүн жасалышына тирек боло бербейт. Анткени, туунду сөз түзүүчү сөздүн зарыл болгон маанисин гана ичине камтыйт.

Мисалы, башкарма, атак, жемде (жемдеп бак*)* деген туунду негиздер башкар, ата (атын ата), жем (дан, азык) деген түзүүчү негиздерден жасалган: башкар+ма, жем+де, ата+к. Бирок бул түзүүчү негиздердин өзү да туунду негиз болуп эсептелет, анткени алар баш, ат (ысым), же деген сөздөрдөн жасалды: баш+кар, ат+а, же+м (сал.: бас+ым>басым, тын+ым>тыным ж.б.).

Түзүүчү негизди туура аныкташ үчүн талдоого алынып жаткан туунду негизге кайсы сөздүн уңгулаш экендигин, алардын ичинен маани жана турпат жактан кайсынысы туунду негизге эң жакын турганын жана туунду негиздин тутумунда кайсынысы кайталанарын табуу зарыл.

Түзүүчү негиздин милдетин зарылдыгына жараша тубаса негиз да (тур>турак, сай>ма), туунду негиз да (турак>туруктуу, сайма>саймалуу) аткара берет. Демек, тубаса жана туунду негиз түзүүчү жана туунду негиз деген түшүнүктөр сөз жасоо процессинин көп баскычтуу кубулуш экендигинен кабар берип, анын табиятын ачып берүү үчүн колдонулат. Ошондуктан бир туунду сөздүн бир гана түзүүчү негизи болот. Бирок түзүүчү негиз же тубаса негизге, же тубаса негиз менен куранды мүчөнүн биримдигине дал келиши мүмкүн. Кийинки учурда түзүүчү негиздин тутумунда бир эле эмес, бир нече куранды мүчө орун алышы мүмкүн. Ошондуктан, негиздин кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендиги эң акыркы куранды мүчөгө ылайык аныкталат.

Мисалы, адамгерчиликтүү деген сөздүн тутумунда төрт мүчө *(-гер, -чы, -лык, -луу)* бар. Ошенте да, алгачкы куранды *-гер* сөз жасоо кызматын аткара алган жок. Андан кийинки *-чы* курандысы да ушинтти, себеби тилибизде адамгер, адамгерчи, адамчы деген сөздөр колдонулбайт. Өзүнөн кийинки *-лык* мүчөсү жалганган учурда гана адамгерчилик сөзү жасалат. Аягына *-луу* мүчөсү уланган адамгерчиликтүү сөзү сын атоочтук касиетке ээ болот.

Туундулук катыш

Сөз жасоодогу борбордук түшүнүк - туундулук катыш, түзүүчү негизге бир же бир нече туунду сөздүн маани жана форма жактан көз каранды болуп

тургандыгын билгизет. Мисалы, *акылдуу, акылсыз* сөздөрү маани жактан да, турпат жактан да акыл сөзүнүн болушун талап кылат.

Туунду сөздүн мааниси түзүүчү сөз менен куранды мүчөнүн маанилеринин биримдигинен келип чыгат. Мисалы, чөптү ото, чөптү отто. Мында туунду сөздөр - от+о, от+то, экөө тең от түзүүчү сөздөн жасалды. Экөө тең маани жактан да, турпат жактан да от өзүнө көз каранды. Буларга түшүндүрмө берүү үчүн от түзүүчүсү менен *-о, -то* курандыларынын маанилерин билүү зарыл: от - жашаң чөп, чөп; -о - негиз аркылуу туюнтулган заттан арылтуу; -то - негиз аркылуу туюнтулган заттан азыктануу. Туунду сөздүн мааниси түзүүчү сөз менен курандынын маанисинен келип чыккандыктан, жогорудагы эки сөздүн маанисине мындай түшүндүрмө берүүгө болот.

ото - чөптөн арылтуу, жашылча-эгин талаасын отоо, чөптөн тазалоо.

отто - чөптөн азыктануу (мал жөнүндө).

Туунду сөздүн мааниси туундулук катыштын натыйжасында куранды мүчөнүн сөз жасоо мааниси менен түзүүчү сөздүн лексикалык маанисинин өз ара биригишинен пайда болот. Ал эми жогорудагы сөздөрдүн тыбыштык турпаты болсо туундулук катыштын негизинде төмөнкүдөй өзгөрүүгө кириптер болот: от + а > от + о > ото; ат + ла > от + ло > от + то > отто. Мында от сөзүнө *-а* жана -ла курандылары үндөштүккө ылайык *-о* жана *-то* түрүндө уланып, ото, отто туундуларын пайда кылды. Экөө тең тутумунда туундулук катышта турган от түзүүчү сөзүнүн тыбыштык турпатын кайталады.

Ошентип, сөз жасоодо туундулук катышта турган туунду жана татаал сөздөр гана иликтөөгө алынат. Бирок маани жана турпат жактан кандайдыр бир жалпылыгы бар сөздөрдүн баары эле туундулук катышта боло бербейт. Мисалы, ото жана отто сөздөрү менен от сөзү менен туундулук катышта турганы менен, өз ара мындай катышты түзө албайт. Себеби, булардын бири экинчисинен жасалган жок. Демек, туундулук катыштагы сөздөр алардын ичинен жеке бирөөнө гана маани жана турпат жактан милдеттүү түрдө баш ийип турушу зарыл.

Түзүүчү сөз туунду сөздүн тутумунда, негизинен, өзүнүн тыбыштык жагын өзгөртпөй сактайт, же уланды мүчө уланып, өзгөрүп колдонулат. Мисалы, акыл - түзүүчү, акылдуу, акылсыз - туунду сөздөр болуп саналат. Сөз жасоодо дал ушундай туундулук катыштагы сөздөр изилденет. Маани жана турпат жагынан жалпылыгы бар сөздөрдүн баары эле өз ара туундулук катышта боло бербейт; акылдуу - акылсыз, ойлуу - ойчул - ойло деген сөздөрдүн бири экинчисинен туунду боло албайт. Анткени булардын бири да ушул же уланды мүчө уланган турпатында бири-биринин тутумунда кайталанган жок. Демек, бул өндүү уңгулаш сөздөр өз ара туундулук катышта эмес, уңгунун лексикалык мааниси боюнча гана бир жактуу маанилик байланышта болот.

Сөз жасоо тизмеги

Үзгүлтүксүз туундулук катыш менен байланышкан сөздөрдүн тизмеги *сөз жасоо* тизмеги деп аталат. Тууңду сөз менен түзүүчү сөздүн ортосундагы катыш дайыма эле эки сөздүн алкагы менен чектеле бербейт. Анткени, тууңдулук катышта турган эки сөздүн бири экинчисине карата түзүүчү негиз болсо, экинчиси биричине карата тууңду негиз болот. Ошол эле маалда тууңду негиз да башка бир сөзгө карата тууңдулук катышта туруп, ал сөздүн түзүүчү негизинин милдетин аткарышы мүмкүн. Мисалы:

1) Атын *атаса* куту сүйүнөт.

2) *Атактуу* жазуучунун китеби басылып чыкты.

Мында (1) мисалдагы ата- этиши *-а* курандысын жалгоо аркылуу ат сөзүнөн жасалды: ата < ат+а. Демек, мында ата - тууңду сөз, ат - түзүүчү сөз. Булардын ортосундагы тууңдулук катыш ушул эки сөздүн алкагы менен чектелет. Ал эми (2) мисалдагы атактуу сөзүндөгү тууңдулук катыш, ата'дан айырмаланып, башка шартта ишке ашат. Атап айтканда, атактуу сөзү атак сөзүнөн жасалгандыктан, биринчиси тууңду негиз, экинчиси түзүүчү негиз болот. Ошол эле учурда атак сөзү да - ата этишинин тууңдусу, демек, атак ата'га карата тууңду негиз болсо, ата атак'ка карата түзүүчү негиз болот. Экинчиден, ата сөзү да тууңду негиз, анткени ал ат сөзүнөн жасалды.

Кыскасы, атактуу сөзүнүн жасалыш баскычтарын төмөнкүчө көрсөтүүгө болот: атактуу < атак + луу < ата+ык < ат+а. Мында ат сөзүнөн ата этиши, ата этишинен атак зат атоочу, атак зат атоочунан атактуу сын атоочу жасалды. Демек, ат сөзүнөн атактуу сөзүнө чейинки сөздөр үч баскычтуу үзгүлтүксүз тууңдулук катыш менен байланышты. Ошондуктан, бул мисалдагы төрт сөз бири-бири менен тууңдулук катыш аркылуу байланышып, төмөнкүдөй сөзжасоо тизмегин түзөт: атактуу < атак < ата < ат.

Сөз жасоо уясы

Сөз жасоо системасын сыпаттодогу дагы бир түшүнүк - сөз жасоо уясы. Ал тубаса негиз, тууңду негиз, түзүүчү негиз, тууңдулук катыш, сөз жасоо тизмеги сыяктуу түшүнүктөрдү ичине камтып, сөз жасоо системасынын тилдеги татаал кубулуш экендигин тастыктайт.

***Сөз жасоо уясы* деп бир уңгудан тараган жана тууңдулук катыш менен байланышкан тууңду жана татаал сөздөрдүн сөз жасоо тизмегинин топтому аталат.**

Демек, сөз жасоо уясына бир уңгудан тараган уңгулаш тууңду жана татаал сөздөр биригет. Тилде ар уңгунун сөз жасоо уясы курам жана көлөм жактан бирдей эмес. Маселен, тилибиздеги баш уңгусунун сөз жасоо уясы 130 га жакын

тууңду жана татаал сөздү камтыйт: баш, башаламан, баш ал-, баш ат-, баш бал-, баш босого, баш буттуулар, баш ий-, баш кат-, баш келте, баш кийим, баш каш, баш-көз, баш мүчө, *баш оору, баштан аяк, башайы, башат, башбак, башбакта-, башкар-, башкарма, башкармалык, башкарт-, башкаруучу, башкача, башкы, баш оона, башта, баштагы, баштагыч, баштал-, баштагыч, башталыш, баштан-, баштандыр-, баш таңмай*, баштапкы, баштат, баштатан, баштооч, баштоочу, баштуу, баштык, баштыкча, баштыкчан, башчы, башчылык, башыл, башыла, башылат, башынан, башында ж.б.

Сөз жасоо тиби

Сөз жасоонун негизги бирдиги болуп сөз жасоонун тиби деген түшүнүк эсептелет. ***Сөз жасоонун тиби* деп тууңду сөздөрдү айрым-айрым топторго бириктирүүгө мүмкүндүк берген эреже-шарт аталат.**

Сөз жасоонун тибин аныктоодо, эреже катары, бир эмес, бир нече тууңду сөз салыштыруунун объектиси катары алынат да, төмөнкүдөй үч шарттын бир эле учурда аткарылышы талап кылынат: 1) салыштырылып жаткан тууңду сөздөрдүн түзүүчүсү сөз түркүмдүк белгиси боюнча бирдей болушу зарыл; 2) салыштырылып жаткан тууңду сөздөрдүн сөз жасоо маанилери да бирдей болушу зарыл; 3) салыштырылып жаткан тууңду сөздөрдүн бирдей куранды мүчө менен жасалышы зарыл.

Эгерде ушул үч шарттын бирөө эле аткарылбай калса, салыштырылып жаткан тууңду сөздөр бир типке жатпай калат. Мисалы, койчу, уйчу, арызчы, ушакчы, кансыра, алсыра, уйкусура деген тууңду сөздөрдүн түзүүчү негиздери (кой, уй, арыз, ушак, кан, ал, уйку) сөз түркүмдүк белгиси боюнча бирдей, баары тең зат атооч.

Мында жогорудагы үч шарттын биринчиси толук аткарылды. Демек, бул шарт аталган тууңдуларды сөз жасоо тиби боюнча топтоштурууда чечүүчү мааниге ээ эмес, анткени алар сөз түркүмдүк белгиси боюнча өз ара айырмаланган жок.

Экинчи шарт боюнча салыштырылып жаткан тууңдулар төмөнкүдөй төрт түрдүү сөз жасоо маанисине ээ:

койчу, уйчу - негиз аркылуу туюнтулган төрт түлүктү асырап баккан, мындай ишти кесип тутунган адам;

арызчы, ушакчы - негиз аркылуу туюнтулган нерсе боюнча коомго жат терс иш-аракет жасоого көндүм болгон адам;

кансыра, алсыра - негиз аркылуу туюнтулган нерсенин, сапаттын жоголушу, солгундашы;

уйкусура - негиз аркылуу туюнтулган нерсенин, сапаттын пайда болушу, күчөшү.

Үчүнчү шартты текшерүүдөн улам келтирилген туундулар эки топко ажыраган эле.

Мына ушинтип, салыштырылып жаткан туунду сөздөр сөз жасоонун төмөнкүдөй төрт тибине ажырайт:

I тип - *койчу, уйчу:* негиз аркылуу туюнтулган төрт түлүктүн бирин асырап баккан адам;

II тип - *арызчы, ушакчы*: негиз аркылуу туюнтулган нерсе боюнча коомго жат терс иш-аракет жасоого көндүм болгон адам;

III тип - *кансыра, алсыра*: негиз аркылуу туюнтулган нерсенин, сапаттын жоголушу, солгундашы;

IV тип - *уйкусура*: негиз аркылуу туюнтулган нерсенин, сапаттын пайда болушу, күчөшү.

Мында ар бир типке кирген сөздөр түзүүчү негизинин сөз түркүмдүк белгиси боюнча да, өздөрү билдирген сөз жасоо мааниси боюнча да, жасалган куранды мүчөсү боюнча да өз ара жалпылыкты түзүп турат.

Сөз жасоо типтеринин жалпы биримдиги сөз жасоо системасы деп аталат.

Сөз жасоо жолдору

Тилдин сөздүк курамындагы сөздөрдүн басым көпчүлүгү башка сөздөрдөн жасалган болот. Бирок булардын жасалыш жолдору тилдеги кандай каражаттардын жана амалдардын жардамы менен жасалгандыгына карай бөтөнчөлөнүп турат. Маселен, майла, тамактан, байлык, илгич, аш казан, көз айнек, ата-эне, тоо-таш деген сөздөрдүн алгачкы төртөө түзүүчү негизге куранды мүчө жалгоо аркылуу жасалса, калган төртөө эки сөздүн кошулуп, бир лексикалык маани билдириши аркылуу жасалды. Демек, булардын жасалыш жолдорунда да кескин айырмачылык бар. Тилибиздеги сөз жасоодо негизинен эки жол - ***морфологиялык*** жол жана **синтаксистик** жол.

Эгерде берилген сөз башка сөздөн куранды мүчө жалгоо аркылуу жасалса, мындай жол морфологиялык жол деп аталат. Тилибиздеги туунду сөздөрдүн көпчүлүгү дал ушул жол аркылуу жасалат:

1) заттын атын билдирген сөздөр: жылкычы, малчы, тилчи, пахтакер, ашпоз, балалык, чыгарма, басма, сүзмө, *чыгым,* өнүм, тирек, күрөк, ачыткы, сүргү, *кесинди,* үзүндү, *сызгыч,* сүргүч, куймак, оймок, чыгаша, киреше, жыйын, эгин ж.б.;

2) заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирген сөздөр: *балтала, күрөктө, сырда, тузда, ото, сына, сана, жаша, ачуулан, шаттан, суктан, агар, көгөр, карар, саргар, байы, жашы, тары, азай, көбөй, бирик, кечик, тынык, бышылда, күрсүлдө, лепилде, быркыра, чуркура, күркүрө* ж.б.;

3) заттын белгисин билдирген сөздөр: *акылдуу, акчалуу, белчесиз, түпсүз, кечки, түнкү, тоодой, баладай, айылдык, шаардык, эмгекчил, уйкучул, атчан, төөчөн, алгыр, өткүр, кызганчаак, таарынчаак* ж.б.

Эгерде жаңы сөз эки же андан көп сөздү кошуу аркылуу жасалса, мындай жол ***синтаксистик жол*** деп аталат. Кыргыз тилинде бул жол менен жасалган сөздөр да сан жагынан дээрлик арбын:

1) заттын атын билдирген сөздөр: *ат кулак, аркар от, ай балта, ат тиш, басма сөз, бал челек, бет май, жибек курт, ит мурун, кол чатыр, кум шекер, таш көмүр, топ таш, төө куш, чым көң, ж.б.; жер-суу, арыз-арман, кайгы-капа, ой-санаа, баш-аяк, курт-кумурска, бак-дарак, үй-жай, ата-бала, курал-жарак, идиш-аяк, күч-кубат, муң-зар* ж.б.;

2) заттын кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирген сөздөр: *баш тарт, азап чек, көз сал, тил ал, өч ал, кол кой, көз арт, үн кош, жан талаш, өмүр сүр, жапа чек, сатып ал, алып бер, таап бер, издеп тап, бара кел; ойноп күлүп, отуруп туруп, тердеп кургап, жүрө-жүрө, сүйлөй-сүйлөй, көрө-көрө* ж.б.;

3) заттын белгисин билдирген сөздөр: *кара кочкул, ак саргыл, кара чаар, боз ала, сары ала, боз таргыл, ак боз, кара күрөң, ачык күрөң* ж.б.

Жөнөкөй жана татаал сөздөр

Сөздүк курамындагы сөздөр тутумунда бир же бир нече негизди камтыйт. Бул белгиси боюнча сөздөр жөнөкөй жана татаал болуп эки чоң топко бөлүнөт.

Жөнөкөй сөз

Тутумунда бир гана негизди камтып турган сөздөр жөнөкөй сөз деп аталат. Жөнөкөй сөз башка сөздөн жасалышы да, жасалбашы да мүмкүн. Башка сөздөр жасалбаган сөз тубаса (уңгу) сөз болот. Сан жагынан булар чектелүү. Турпат жактан сөздүн уңгусуна дал келет. Сүйлөм тутумунда таза уңгу түрүндө да, уланды мүчө жалганган сөздүн грамматикалык формасы түрүндө да колдонула берет. Мисалы: *ат, от, ит, кара, ак, кел, кет, бала-нын, кыргыз-ды, кымыз-га, оку-ду, жаз-а-т* ж.б.

Башка сөздөн куранды мүчө жалгоо аркылуу жасалган жөнөкөй сөз туунду сөз болот. Туунду сөз тутумунда уңгу сөздү жана бир же бир нече куранды мүчөнү камтыйт. Сүйлөм ичинде жөнөкөй сөз турпатында да, уланды мүчө уланган турпатында да келе берет. Мисалы: *ба-лык-чы, дары-гер, тоо-лук, мекен-деш, май-луу, кыйн-а, ат-а, ойн-о, талаа-ла, сай-ма-ла, же-м-иш-түү, комуз-чу-лар-га, тил-чи-лер-ибиз-ден, шуу-лда-ба-й-т, жардам-даш-па-ган-дык-тан, ыңгай-лаш-тыр-ыл-ды-бы* ж.б.

Татаал сөз

Эки же андан көп сөздөн жасалган сөздөр татаал сөз деп аталат.

Татаал сөздөр жөнөкөй сөздөрдөн эки же андан көп сөздөн жасалгандыгы менен айырмаланат. Бирок жөнөкөй сөз сыяктуу булар да лексикалык бир маанини билдирип, заттын атын, кыймыл-аракетин, ал-абалын, сын-сыпатын ж.б. белгилерин атап көрсөтөт. Ошондуктан, татаал сөздөр тилибиздин сөздүк корун байытып турган дагы бир негизги булак болуп эсептелет. Мисалы:

1) жалпы зат атоочтор: *акыл азуу, кашка тиш, аш кабак, бала бакча, бака жалбырак, ак чечек, ак сокто, төө тикен, таш тикен, кайната, кайнене, көк жөтөл, сасык тумоо, көк кытан, кырк аяк, баш сөз, өмүр баян, күн тартип, иш сапар, эр-азамат, кыз-жигит, кайыр-садага, бай-манап, каш-кабак, баш-көз, сакал-мурут, туз-даам, жин-шайтан, ээр-токум, дос-душман, кадыр-барк* ж.б.;

2) энчилүү зат атоочтор: *Жең., Токт., Эртөштүк, Элмырза, Каныбек, Элтегин, Сатыбалды, Ырыскүл, Карабалта, Эркинтоо, Мырзаке, Сары-Челек, Ысык-Көл, Соң-Көл, Ак-Суу, Ала-Арча, Кара-Шоро* ж.б.

Татаал сөздөр сүйлөм тутумунда келгенде сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат: **Сүйлөй-сүйлөй** *чечен болот*, **көрө-көрө** *көсөм болот* (Макал). *Кабулга* ***иш билги, сыр билги, сөз билги*** *өкүлдөрүн жөнөттү* (Нуска).

Татаал сөздөрдүн жасалышына негиз болуп келген сөздөр алардын **компоненти** же **түгөйү** деп аталат. Алар сөз тутумундагы сөз мүчөлөрү сыяктуу туруктуу орун тартипте жайгашат. Андыктан татаал сөз түгөйлөрүнүн ордун алмаштырып айтууга болбойт, арасына башка бир сөздү кошууга да мүмкүн эмес. Бул белгиси боюнча татаал сөз эркин сөз айкашынан айырмаланып турат.

Мисалы: *бал муздак, көк таш, уу коргошун, орун басар* сыяктуу татаал сөздөрдүн түгөйлөрүн өз ара алмаштырып айтсак, муздак бал, басар орун сыяктуу сөз айкаштары, таш көк, коргошун уу шекилдүү сүйлөмдөр пайда болот да, татаал сөздөр лексикалык маанисин жоготуп коёт. Ал эми эркин сөз айкашы, татаал сөздөн айырмаланып, түгөйлөр арасына башка сөздүн колдонушуна чек койбойт. Мисалы: *муздак бал - муздак таттуу бал - муздак таттуу тоо гүлүнөн алынган бал* ж.б.

Татаал сөз, туруктуу сөз айкаштан айырмаланып, заттын, кыймыл-аракеттин аталышын же белгилерин билдирсе, туруктуу сөз айкаштар ушул эле аталыштарды, же болбосо баарлашуу учурунда пайда болгон кырдаал-көрүнүштөрдү, кубулуштарды көркөм, элестүү, жандуу кылып көрсөтүү үчүн колдонулат. Ошондуктан, туруктуу сөз айкаштардын маанисинде элестүүлүк, көркөмдүк, жандуулук басымдуу келет.

Татаал сөздүн бөлүнүшү

Тутумундагы түгөйлөрүнүн маанисине, сөз түркүмдүк белгисине, бири-бири менен болгон катышына, тыбыштык турпатына карай булар кош сөздөр, кошмок сөздөр жана кыскарган сөздөр болуп негизги үч топко бөлүнөт.

Кыскарган сөздөр сан жагынан өтө эле аз. Ошондуктан сөздүк курамындагы татаал сөздөрдүн басым көпчүлүгү кош жана кошмок сөздүн үлүшүнө туура келет.

Кош сөздөр менен кошмок сөздөрдүн ортосунда төмөнкүдөй айырмачылыктар бар:

1. Кош сөз милдеттүү түрдө кош түгөйдөн турса, кошмок сөз эки же андан көп түгөйдү ичине камтыйт: *тоо-тоо, дөбө-дөбө*, этек-жең, узун-кыска, ак-кара, *жүрүш-туруш, эрте-кеч (кош сөздөр); төр ага, чек ара, өнөр жай, Чоң-Сары-Булак, Гүлсарат < гүл + сары+ ат, алп кара куш, сары ала чымчык (кошмок сөздөр).*

2. Кош сөздүн түгөйлөрү сөз түркүмдүк белгиси боюнча бирдей болсо, кошмок сөздүкү бирдей да, ар башка да боло берет.

Маселен, *ата-эне, күч-кубат, тоо-таш, курт-кумурска сөздөрүнүн ар бир түгөйү зат атооч, ак-кара, узун-кыска, жакшы-жаман, жоон-ичке дегендердики бардыгы тең сын атооч, ойноп-күлүп, кесип-бычып, талап-тоноп, жүрө-жүрө, көрө-көрө* сөздөрүнүкү ар бири этиш.

Ал эми таш тикен, көз айнек, аш казан деген сөздөрдүн эки түгөйү тең зат атооч, ак саргыл, көк жашыл, кара ала сөздөрүнүкү эки түгөйү тең сын атооч, алып бер, алып бар, көрүп кел сөздөрүнүкү этиш, орун басар, бет ачар, жардам бер, кулак сал, кол кой сөздөрүнүн биринчи түгөйү зат атооч, экинчиси этиш ж.б.

3. Кош сөздүн түгөйлөрү маани жактан тектеш, кандайдыр бир белгиси боюнча окшош, алар кош сөздүн маанисин түзүүгө бирдей катышып, бири-бири менен тең байланышта болот.

Мисалы: *курт-кумурска, чымын-чиркей* сөздөрүнүн эки түгөйү тең окшош маанини билдирсе, *ысык-суук, узун-кыска* сөздөрүнүкү *карама-каршы*, бирок өлчөм белгиси боюнча жалпылыгы бар маанини билдирди. Демек, түгөйлөрүнүн ортосундагы мындай өзгөчөлүгү жагынан кош сөз кошмок сөздөн да, эркин сөз айкашынан да айырмаланып турат.

4. Кошмок сөз түгөйлөрүнүн байланышы кош сөздөрдүкүндөй эмес, эркин сөз айкашынын түзүлүш үлгүсүнө окшоп, бир түгөйү экинчи түгөйүн багындырып тургандай кабылданат. Бирок кошмок сөздөрдө мындай байланыш солгундап же жоюлуп, түгөйлөрүнүн маанилери бир лексикалык мааниге биригип кеткен.

5. Кошмок сөздөн энчилүү аттар арбын жасалат. Ал эми кош сөздүн мындай учурда колдонушу жокко эсе. Мисалы: *Сары-Челек, Кара-Балта, Амангелди,*

Сатыбалды, Күнтегин, Элмырза, Чалкуйрук, Бөрүбасар сыяктуу энчилүү аттар ылгый кошмок сөздөргө жатат.

Кош сөздүн бөлүнүшү

Сөз түркүмдүк белгиси боюнча бирдей, тектеш, жакын же карама-каршы маанидеги сөздөрдөн жупташып, тең байланыш аркылуу тутумдашып жасалган татаал сөздөр кош сөздөр деп аталат.

Түгөйлөрүнүн маанисине карай кош сөздөр негизги үч топко бөлүнөт:

1. Эки түгөйү тең өз алдынча мааниге ээ болгон кош сөздөр: *ата-эне, ата-бала, үй-жай, бак-дарак, жер-суу, соода-сатык, аң*-сезим, баш-аяк, чоң-кичине, алыс-жакын, *күн-түн, дос-душман, келди-кетти, өйдө-төмөн, күлө-күлө*, бара-*бара* ж.б.

Булардын түгөйлөрү маани жактан өз ара антонимдик *(ак-кара, узун-кыска, аз-көп* ж.б.), синонимдик *(курбу-курдаш, дос-жолдош, күч*-кубат ж.б.) катышта болот, же болбосо бир текке кирген, кандайдыр бир жалпылыкка ээ болгон затты, кыймыл-аракетти, ал-абалды, же алардын белгилерин билдирет (кой-эчки, курт-кумурска, өзөн-суу, кыз-жигит, казан-аяк, чымын-чиркей, алма-өрүк, жашылча-жемиш ж.б.).

2. Бир түгөйү өз алдынча мааниге ээ болбогон кош сөздөр: *кыз-кыркын, балачака, азык-түлүк, будуң*-чаң, *оңой-олтоң, бирин-серин, кең-кесири, улуп-жулуп, эгин-тегин, эсеп-кысап, кемпир-кесек* ж.б.

Эки түгөйү тең өз алдынча мааниге ээ болбогон кош сөздөр.: *уйгу-туйгу, алай-дүлөй, илең-салаң, оргу-баргы, балжа-булжа, бырын-чырын* ж.б.

Кош сөздөрдүн билдирген маанилери ар түрдүү. Булар үчүн төмөнкү маанилер басымдуу:

1. Жамдоо, топтоштуруу, жалпылоо маанисин билдирген кош сөздөр: *жан-жаныбар, курт-кумурска, чымын-чиркей, кой-козу, бак-дарак, акыр-чикир, дос-душман, кедей-кембагал, бей-бечара, бай-манап, азык-түлүк* ж.б.

2. Болжолдоо, чамалоо маанисин билдирген кош сөздөр: *бүгүн-эртең, он-он беш, кырк-элүү, жарым-жарты* ж.б.

3. Жиктөө, тарамдоо, бөлүштүрүү маанисин билдирген кош сөздөр: *чын-төгүн, ак-кара, алыс-жакын, теңме-тең, оозмо-ооз, башма-баш, жекеме-жеке, сай-сай, тарам-тарам* ж.б.

4. Кайталоо, созулуу маанисин билдирген кош сөздөр: *көрө-көрө, сүйлөй-сүйлөй, ыйлап-ыйлап, ойлоп-ойлоп, бара-бара, күлүп-күлүп, кайра-кайра, улам-улам* ж.б.

5. Күчөтүү маанисин билдирген кош сөздөр: *короо-короо, үйүр-үйүр, саба-саба, чоң-чоң, таңгак-таңгак, кап-кап, түрмөк-түрмөк* ж.б.

Кош сөздөр эки башка сөздөн да, бир эле сөздү кайталап айтуу аркылуу да жасала берет. Кайталоо жолу менен жасалган сөздөр түгөйлөрүнүн турпат жактан болгон бөтөнчөлүктөрүнө карай төмөнкүдөй бөлүнөт:

1) түгөйлөрү толук кайталанган кош сөздөр: *бат-бат, тез-тез, аз-аз, көп-көп, кесе-кесе, так-так, карс-карс, бырс-бырс, бур-бур, шак-шак, кайра-кайра, улам-улам, жыла-жыла, кызыга-кызыга* ж.б.,

2) түгөйлөрүнүн бирөө морфологиялык же тыбыштык жактан өзгөрүү аркылуу кайталанган кош сөздөр: *колмо-кол, үймө-үй, эптеп-септеп, улуп-жулуп, чай-пай, аз-маз, китеп-ситеп, нан-пан, эт-сет, сүт-пүт* ж.б.

Кошмок сөздүн бөлүнүшү

Түгөйлөрү бирдей же ар башка түркүмдөгү сөздөн куралып, баштапкы багыныңкы байланышын жоготкон жана бир лексикалык маанини билдирип турган татаал сөз кошмок сөз деп аталат.

Кошмок сөздүн табияты татаал, сан жагынан өтө эле арбын, түгөйлөрүнүн сөз түркүмдүк белгиси боюнча эки топко бөлүнөт:

1) түгөйлөрү бир эле сөз түркүмүнө жаткан кошмок сөздөр: *ат кулак, айры куйрук, бака жалбырак, бала бакча, ат тиш, сүт тикен, калем сап, бел боо, ит мурун, ай балтыркан, тыйын чычкан, айыл чарба, өнөр жай, иш сапар, оозкомуз, кара сур, ак боз, кызыл ала, көк ала, сары жашыл, кирип чык, барып кел, сатып ал* ж.б.,

2) түгөйлөрү ар башка сөз түркүмүнөн болгон кошмок сөздөр: *беш атар, бир тууган, кош аяк, беш илик, бир боор, ак көңүл, ак пейил, ач көз, ач күсөн, көк жал, из кубар, кыл жуугуч, көз таңмай, кан таламай, күн карама, кол жазма, сын алгы, үн алгы, иш билги, баш тарт, касам ич, кол кой, кез кел, баш ий, жан талаш, таасир эт, өмүр сүр, жапа чек, сый көр* ж.б.

Көрүнүп тургандай, бул эки топтун биринчисинде *зат атооч + зат атооч, сын атооч + сын атооч, сан атооч + сан атооч, этиш + этиш* үлгүсүндө жасалган кошмок сөздөр басымдуулук кылат. Ал эми экинчи топко, негизинен, *сын атооч + зат атооч, сан атооч + зат атооч, зат атооч + этиш* үлгүсүндө жасалган кошмок сөздөр кирет.

Түгөйлөрүнүн ортосунда орун алган, бирок тилдин тарыхый жактан өркүндөп өсүшүндө биротоло жок болуп кеткен, же дээрлик солгундаган баштапкы синтаксистик байланышына карай кошмок сөздөр төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

1) түгөйлөрү толуктооч менен толукталгычтык катышты жоготуу аркылуу пайда болгон кошмок сөздөр: *орун басар, атка минер, эшик ачар, көз сал, дит бак, кол сал* ж.б.;

2) түгөйлөрү аныктооч менен аныкталгычтык катышты жоготуу аркылуу пайда болгон кошмок сөздөр: *ак куу, жибек курт, кол кап, кум шекер, конок үй, көз айнек, өгөй эне, кыл кыяк, тил кат, жылкычы чымчык, сасык үпүп* ж.б.,

3) түгөйлөрү ээ менен баяндоочтук катышты жоготуу аркылуу пайда болгон кошмок сөздөр: *Теңирберди, Кудайберди, Байгелди, Кудайберген, Каржады, Балам калды, Куз тууду, Кемпир өлду* ж.б. Бул топко мүнөздүү түрдө энчилүү аттар кирет.

Кошмок сөздөрдүн түгөйлөрү тутум жагынан бир өңчөй эмес. Айрымдарынын түгөйлөрү же жалаң уңгу сөздөн, же жалаң мүчө уланган сөздөн болот: жел бешик, көз мончок, кол чанач, кол чатыр, ойлоп табуучу, атка минер ж.б.

Айрымдарынын бир түгөйү уңгу сөз, экинчи түгөйү мүчөлөмө сөз болот: *эр сынар, эчки эмер, чаң соргуч, тиш жуугуч, суу сактагыч, дем алыш, эр сайыш, чып этме, ала кел, таап бер, окуу жылы* ж.б.

Кыскарган сөздөр

Бир нече сөздүн айрым бөлүк же тыбыштарынан кыскартылып жасалган сөздөр кыскарган сөздөр деп аталат. Мындай сөздөр кыргыз тили үчүн сан жагынан чектелүү.

Кыскарган сөздөр негизинен эки жол аркылуу жасалат:

1. Башкы тыбыштарын сактоо аркылуу кыскарган сөздөр: *ЖК - Жогорку Кеңеш, КР - Кыргыз Республикасы, БУУ- Бириккен улуттар уюму, ЖАК - Жогорку аттестациялык комиссия, УИА - Улуттук Илимдер академиясы, ТАИ - Тил жана адабият институту* ж.б.

2. Башкы муундарын сактоо аркылуу кыскарган сөздөр: *колхоз, совхоз, облоно, районо, профсоюз* ж.б.

Сөз түркүмдөрү

Тил дегенде көбүнчө ал тилдеги сөздөрдү түшүнөбүз. Ал эми тилде сөздөр өтө көп да, алар өтө ар түрдүү. Алсак, *тоо, таш, киши, айбан, аюу, кетмен, күрөк, китеп, баш, бут, тынчтык, убакыт* сыяктуу сөздөр бар. Анан дагы *кел-, жүр ойно-, сүйлө-*, сайра-, өндүү; *ак, кызыл, буурул, таттуу, узун, кыска* өндүү; *бир, эки, үч, беш, отуз сегизинчи* өндүү ж.б. толуп жаткан сөздөр маанилик топторго бириккени менен жалпы мааниси боюнча ар бир топ бири-биринен айырмаланышат.

Байкап көрсөк, бул сөз топторунун биринчилери (тоо, таш ж.б.) кандайдыр нерселердин, түшүнүктөрдүн аттарын, экинчилери (кел-, жүр- ж.б.) кыймыл-аракеттерди, үчүнчү топтогулары (ак, кызыл ж.б.) кандайдыр касиеттерди, андан кийинкилери (үч, беш ж.б.) эсепти билдирип, ар бири өз-өзүнчө түркүмдөрдү түзүп турат. Булардан башка да түркүмдөр бар. Бул түркүмдөрдүн ар биридеги сөздөр өз ара маанилик жалпылыкка ээ болгон топтор болуп саналат. Ошентип, тилдеги сөздөр жалпы грамматикалык маанилерине, жалпылык белгилерине (лексика-грамматикалык белгилерине) жараша сөз түркүмдөрүнө бөлүнөт.

Тилдеги сөздөрдү лексика-грамматикалык белгилерине карай топтоштуруу, башкача айтканда, сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүү атайын принциптерге ылайык ишке ашат. Кыргыз тилинде сөздөр сөз түркүмдөрүнө **маанилик (семантикалык** деп да аталат), **морфологиялык** жана **синтаксистик** принциптердин негизинде топтоштурулат.

1. **Маанилик (семантикалык) принцип.** Сөздөрдү түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн өтө байыркы жана эң негизги принциби болгон бул принцип кыргыз тилиндеги сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүдө да башкы ролду ойнойт. Сөздөрдү жалпы категориялык грамматикалык маанилери боюнча топтоштуруу бул принциптин негизги мазмунун түзөт. Анткени, жалпы категориялык маанилер сөздөрдүн лексикалык маанилерин абстракциялап, жалпылаштырып, аларды ошол категориялык маанилик окшоштук белгилери боюнча топтоштурат. Мисалы, жалпы категориялык заттык маани ар кандай нерселердин, жаныбарлардын, кишилердин, жер-суу объектилеринин, асман телолорунун, буюмдардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн аттарын жалпылаштырып, аларды өзүнчө бир түркүмгө бириктирет. Ошентип, киши, жылкы, орок, жол, дарыя, казан, бакыт ж.б. сөздөрдүн чоң тобу лексикалык маанилери боюнча өз ара бири-биринен айырмаланарына карабастан зат атооч деген түркүмгө кирет. Анткени, булардын бардыгы заттык маанини, заттын атын билдирет.

Ал эми жалпы категориялык кыймыл-аракет маанилери башка бир сөздөр тобун кыймылдоо, аракеттенүү, кандайдыр абалда болуу жана ар түрдүү кыймылдык процесстерди жалпылаштырып билдирип тургандыктары боюнча аларды өзүнчө башка бир түркүмгө, этиш деген түркүмгө бириктирип турат.

Сөздөрдө маанилик белгилери менен кошо сырткы турпатындагы ар кандай өзгөрүү өзгөчөлүктөрү да болот. Мына ошол бөтөнчөлүктөрү да аларды тиешелүү топторго бөлүштүрүүдө көмөкчү мааниге ээ. Ошондуктан, сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө ажыратып топтоштурууда дагы эки принцип (морфологиялык, синтаксистик) колдонулат.

2. Морфологиялык принцип. Бул принцип сөздөрдү сөз түркөмдөрүнө бөлүштүрүүдө сөз өзгөртүү системасын жетекчиликке алат. Тагыраак айтканда, сөздөр жөндөмө, жак, таандык, чак, мамиле, ыңгай, даража, сан ж.б. грамматикалык категориялар боюнча өзгөрүү же өзгөрбөө өзгөчүлүктөрүнө жараша түркүмдөргө

бөлүнөт. Кайсы бир сөздөрдүн тигил же бул сөз түркүмүнө жатаарын маанилик принцип аныктай албаса, морфологиялык принцип жардамга келет. Мисалы, жаңы үй, жаңырган үй деген айкалыштарда жаңы, жаңырган деген сөздөрдүн экөө тең сапаттык белгини, касиетти билдирип турат. Жалпы категориялык маанилери боюнча алар бир топко, бир түркүмгө жатыш керек. Бирок, булардын морфологиялык түзүлүшүндө олуттуу айырмачылыктар бар. Биринчиси *(жа*ңы) белгинин, касиеттин түрдүү даражаларын билгизе алат: жаңы үй, жаңыраак үй, эң жаңы үй, жапжаңы үй, ал эми экинчиси *(жа*ңырган) белгинин, касиеттин мындай даражаларын көрсөтө албайт. Анан дагы жаңы уңгу түрүндө, ал эми жаңырган деген сөздө уңгудан башка да мүчөсү бар. Ошондуктан, жаңы сын атооч болот дагы, жаңырган этиштин атоочтук деп аталган туунду формасы болуп эсептелет. Сөздөр морфологиялык түзүлүшү боюнча сөз түркүмдөргө ажыратылды.

3. Синтаксистик принцип. Бул принцип сөздөрдүн синтаксистик кызмат аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө, башкача айтканда, сүйлөмдө аткарган кызматына жараша сөз түркүмдөрүнө тактык, аныктык киргизет. Мисалы, зат атооч сөздөрдүн сөз айкашындагы, сүйлөмдөгү аткарган кызматтары этиш сөздөрдүн сөз айкашындагы жана сүйлөмдөгү аткарган кызматы менен дал келбейт. Кыскасы, бул принципте сөздөрдүн синтаксистик кызматы, башка сөздөр менен айкашуу мүмкүнчүлүгү, айкашкан сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору (ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык) жана сүйлөмдө алган орду көңүл чордонунда турган болот.

1. Маани берүүчү же негизги сөз түркүмдөр. Буга зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш жана тактоочтор кирет. Булар өз алдынча лексикалык мааниге ээ болуп, сүйлөм мүчөсүнүн кызматын аткарып, кээде өз алдынча сүйлөм да боло ала турган сөздөр болуп саналат.

2. Өзгөчө сөз түркүмдөр. Булар сырдык сөздөр менен тууранды сөздөр. Негизги да, кызматчы да сөз түркүмдөрүнө кошулбаган бул сөз түркүмдөрү кишинин ички сезимин билдирип жана ар кандай табыштарды, көрүнүштөрдү туурап айтылган сөздөр болуп эсептелет.

3. Кызматчы сөз түркүмдөр. Булар өз алдынча лексикалык толук мааниге ээ болбойт. Сүйлөмдө сөз менен сөздү, же сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып, алардын ортосундагы ар түрдүү карым-катыштарды шарттап турат. Башкача айтканда, лексикалык толук маанилүү сөздөрдөгү кошумча ар түрдүү грамматикалык маанилерди жаратат. Кызматчы сөз түркүмдөрү булар: байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор жана кыялий-мамиле (модалдык) сөздөр.

Зат атооч

Заттардын, буюмдардын, жан-жаныбарлардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн, ар кандай көрүнүштөрдүн, кубулуштардын аттарын билдирип, *ким?* **жана** *эмне?* **деген суроолорго жооп берген сөздөр зат атоочтор деп аталат.** Мисалы: *тоо, күмүш, үй, кийиз, кол, бут, кийик, аюу, жүрүш, мелдеш, сүйүү, мөндүр, шамал* ж.б.

Кыргыз тилинин сөздүк корунун да басымдуу бөлүгүн зат атооч сөздөр түзөт. Зат атоочтун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар:

1. Ар кандай нерселердин, жандуу жана жансыз заттардын, түрдүү түшүнүктөрдүн аталыштарын билдирип, заттык маанини туюндурат.

2. Өзүнө тиешелүү сөз өзгөртүү системасына ээ, башкача айтканда, анын зат атоочко гана тиешелүү болгон жөндөмө, таандык категориялары бар. Зат атоочтор мындан тышкары сан жана жак категориялары боюнча да өзгөрөт. Зат атоочтун сан жана жак категориялары менен өзгөрүшү сүйлөм ичиндеги башка сөздөрдүн таасиринен келип чыкпастан, заттардын өздөрүнүн эсебинен жана тигил же бул жакка эгедер экендигинен улам пайда болот.

3. Өзүнө гана тиешелүү, башкача айтканда, зат атоочторду жасоочу куранды мүчөлөрү бар. Мисалы: -чы: малчы, айдоочу, жазуучу, шыбакчы; ***-ма:*** керме, түймө, *сүзмө, сайма;* ***-ым:*** басым, билим, келишим, чечим ж.б.

4. Башка сөздөр менен синтаксистик байланышка түшпөстөн туруп, каратма сөз да боло алат. Мисалы: — Ханым, сакалдуу десеңиз мында теке турат, теке менен сүйлөшүңүз, — деп элчи бала текени агыта берди. (Жомок).

5. Жеке өзүнчө туруп, кандайдыр тыянактуу ойду туюндуруп, атама сүйлөм да боло алат. Мисалы: Түн... Асман ачык... Мончоктой тизилип көк деңизинде сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар бири-бирине ым кагышып жымыңдашат. (К.Б).

6. Сүйлөмдө эч бир сөзгө багынбай келгенде ээлик милдетти аткарып, баяндоочту өз ыгына карай ээрчитет. Мисалы: Өз ара маектеше жумушчулар иштеп жатышкан эле. (Т.С).

7. Сүйлөмдө башка сөздөр менен байланышып, багыныңкы абалда келгенде сүйлөмдүн башка мүчөлөрүнүн милдетин да аткарат. Мисалы: Анын колу баласына жетпей калды. (Б.У).

8. Зат атоочтор энчилүү аттар болуп айтылышка да жөндөмдүү. Мисалы: седеп, Седеп — кыздын аты; кабыл, Кабыл — баланын аты; акыл, Акыл, Акылбек, Акылай — энчилүү аттар.

Зат атооч сөздөр берген жалпы категориялык грамматикалык маанилерине карай лексика-тематикалык бир нече топтордон турат. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1. Кишинин аты-жөнү, башкача айтканда, аты, атысмы, бүлөяты (фамилиясы) жана туугандык аталыштары: Айгүл, Чолпон, Калыбек, Эрмек, Асанов, Айтмамбетова, Сапар кызы, Адыл уулу, ага, эже, бала, чоңата, жезде, жеңе, апа ж.б.

2. Айбандардын, канаттуулардын, курт-кумурскалардын жана сууда жашаган жаныбарлардын аттары: арыстан, суур, чиркей, аары, кекилик, ителги, улар, жылан, жылкы, ж.б.

3. Адамдын жана жаныбарлардын дене түзүлүшүнүн аттары: баш, бут чыканак, ашык, шыйрак, жамбаш, куйрук, тизе, туяк, ичеги ж.б.

4. Дарак, бадал, өсүмдүктөрдүн жана жашылча-жемиштердин аттары: арпа, буудай, сулу, таруу, кызылча, арча, карагай, кайың, тал, терек, четин, алма, өрүк, жаңгак, бетеге, эрмен, жоогазын, мандалак, пахта, тамеки, табылгы, ыргай ж.б.

5. Металл, металл эмес заттардын аттары: алтын, күмүш, коргошун, жез, болот, нефть, газ, натрий, гелий ж.б.

6. Буюмдардын, эмгек куралдарынын, машинелердин жана алардын тетиктеринин аттары: араа, чака, чыны, бычак, жууркан, килем, троллейбус, дөңгөлөк, поршень, затвор, сүмбө, сеп, болт, гайка, шайба, педал, күлүч, балка ж.б.

7. Тамак-аш, азык заттардын аттары: айран, нан, чай, май, каймак, эт, боорсок, кесме, бал, кант, момпосуй, шоколад, торт ж.б.

8. Илим, билим, чыгармалардын, гезит-журналдардын аттары: адабият, биология, зоология, химия, физика, математика, экология, дене тарбия, фармакология, «Манас», «Эсимде», «Эркинтоо», «Кыргыз Туусу» ж.б.

9. Мезгил-ченем аталыштары: жаз, күз, кыш, жай, жыл, ишемби, жекшемби, күн, түн, мөөнөт, түгөл, кеч, таң, куптан ж.б.

10. Географиялык жана астрономиялык объектилердин аттары: Бишкек, Суусамыр, Каракол, ашуу, кырүркөр, Жетиген, Көнөк, Украина ж.б.

11. Жаратылыш кубулуштарынын аттары: жамгыр, бороон, шамал, куюн, мөндүр, бурганак, керимсел, добул, чагылган, туман, кар, жел, сел ж.б.

12. Коомдук көрүнүштөрдүн, окуялардын, мекемелердин, уюмдардын ж.б. аттары: майрам, айт, той, аш, конференция, митинг, репрессия, мектеп, университет, китепкана, музей ж.б.

13. Абстракттуу түшүнүктөрдүн, сапаттын, белгилердин аттары: бакыт, кут, баам, ырым, ой, акыл, эс, жакшылык, жалкоолук, кубаныч, сүйүнүч, ырыскы, тартип ж.б.

14. Кыймыл-аракет аттары: жүрүш, күрөш, ойлоо, туюу, сезүү, басым, согуш, чыгым, чалгын, секирүү, жолугушуу, узатуу, айтыш ж.б.

Зат атооч сөздөр морфологиялык түзүлүшүнө карай тубаса жана туунду болуп экиге бөлүнөт.

Андан ары мүчөлөргө (морфемаларга) ажыратууга мүмкүн болбогон зат атооч сөздөр тубаса зат атоочтор деп аталат. Мисалы: кол, баш, апа, китеп, тегирмен, Адыл, Сайкал, Суусамыр ж.б.

Туунду зат атоочтор куранды мүчөлөрдүн жардамы менен же унгу бирикмелери аркылуу жасалат дедик. Айрым энчилүү аттардын тутумунда да куранды мүчөлөр болот. Мисалы: Карагаты, Алматы, Долоноту, Чырпыкты, Жошолу деген сөздөр *-луу* (байыркы *-лы* > *-ты*) курандысы менен, Көндүк, Жиптик -лык курандысы менен, Жолчу, Жоочу, Тойчу -чы курандысы менен, Алгыр, Өткүр -кыр курандысы менен жасалган. Ал эми быйыл, таята, байке, чоңата, бешбармак, ашказан, ташбака, бала-чака, үй-бүлө, *тогузкоргол, улактарты, Арчатору, Кубанычбек, Кызылүңкүр*, Аларча өндүү туунду зат атоочтор унгу бирикмелеринен турат.

Унгу бирикмелеринен турган энчилүү аттар абдан көп: Алыкул, Айтмамбет, Таттыбүбү, *Сыдыкбек, Мукамбеткалый, Турсуналы,* Ала-Арча, Ысык-Көл, Тайбуурул, Алгара, Сарала ж.б.

Тутумуна карай (составына карай) зат атооч сөздөр жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Жөнөкөй зат атоочтор бир эле унгудан туруп, өз алдынча толук лексикалык маани берет. Мисалы: кымыз, айран, шаар, тоо, бакыт, мөндүр, канат, жагалмай, ж.б.

Татаал зат атоочтор эки же андан көп унгудан туруп, лексикалык толук бир гана маани билдирет. Мисалы: оозеки, байке, бала-бакыра, кыз-кыркын, келин-кесек, Арчатору, Бөрүбасар, Кара-*К*улжа, Салкын-*Т*өр, Адамкалый, Сурабалды ж.б.

Жөнөкөй зат атоочтор да, татаал зат атоочтор да сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: Баягы «Жолборс терисин кийген баатырды» которуп жүргөнүмдө ден соолугум азыркыга караганда кыйла мыкты экен, - деди. (К.С). Мындагы «Жолборс терисин кийген баатырды» деген татаал зат атооч толуктоочтун, ал эми ден соолугум деген татаал зат атооч ээнин милдетин аткарды.

Энчилүү жана жалпы аттар. Жаратылыштагы заттар, жаныбарлар, нерселер эсепсиз. Ошондуктан, алар жалпы аталыштарынан тышкары өздөрүнө окшош же бирөңчөй башка заттардан, нерселерден, жаныбарлардан айырмаланган аталыштарга да муктаж. Антпегенде биз, мисалы, кайсы бир кишини миңдеген башка адамдардан, кандайдыр бир жаныбарды (мисалы итти, атты) башка ошол типтеги жаныбарлардан (башка иттерден, башка аттардан) ажыратып чакыра албайбыз. Мына ушундай зарылчылыктардан улам бирөңчөй заттардын ичинен кайсы бирине өзгөчө ат берип, аны башкаларынан ажыратып атап билебиз.

Ошентип, бардык зат атооч сөздөр заттарды атоо касиети боюнча энчилүү жана жалпы аттар болуп эки топко бөлүнөт.

Жалпы аттар бир тектеги заттарды, жан-жаныбарларды, башка түшүнүктөрдү жалпы жонунан бириктире атайт. Мисалы: ата, эне, киши, бала, небере, таята, жазуучу, мерген, токой, карышкыр, китеп, ыр, көмүр, кыял, ой ж.б.

Алсак, **бала** же **мерген** дегенде биз бир гана баланы же мергенди эмес миңдеген баланы, мергенди түшүнөбүз. Балдар да мергендер да көп. Алардын

бардыгын ушул сөздөр менен жалпылап атайбыз. Демек, бала, мерген деген зат атоочтор - жалпы аттар. Анткени, бала, мерген деген сөздөр тигил же бул заттын гана мүнөздүү болгон жекече өзгөчөлүгүнө жараша энчиленип берилген ат эмес. Бала жаш адамга же кээде жаш жаныбарга тиешелүү жалпы аталыш болуп эсептелет, мерген аңчылык кылган адамдардын бардыгын атай турган сөз. Булар бирөңчөй болгон заттарды, жаныбарларды, башка түшүнүктөрдү жалпылап атайт.

Жалпы аттар сүйлөмдүн башына келсе гана баш тамга менен жазылып, калган учурларда дайыма кичине тамга менен жазылат.

Энчилүү аттар кандайдыр бир тектеги заттардын, жан-жаныбарлардын ичинен бирөөн бөлүп көрсөтүп, ошонун өзүнө гана тиешелүү ат болуп эсептелет. Башкача айтканда, затка же жаныбарга, көбүнчө адамга энчиленип коюлат: Асан, Чолпонбаева, Тог., Аккула, Телтору, Нарын, Тоң, Кыргызстан, Үркөр, «Зарыгам», «Кыямат» ж.б.

Энчилүү аттар төмөнкүдөй тематикалык топтордон турат:

1. Кишилердин аттары, бүлөяттары (фамилиялары), ылакап аттары, атысмылары: *Айсалкын, Жамийла, Табышалиев, Ахунбаев, Ачылова, Култегин, Исаковна* ж.б.

2. Жаныбарларга энчиленип коюлган аттар: Аккула, Мааникер, Кумайык, Жолборс, Алгыр ж.б.

3. Жер-суу аттары: *Бишкек, Алматы, Жазы, Кеңкол, Барскоон, Оргочор, Чүй, Арал, Кызыл-Сеңир, Бакай-Ата ж.б.*

4. Астрономиялык аттардын да энчилүү аттары болот: *Алтынказык, Сатурн, Марс, Жетиген, Көнөк, Саманчы жолу* ж.б.

5. Китеп, газета, журналдардын, чыгармалардын аттары: *«Көк асаба», «Кыргыз Туусу», «Эсимде», «Түгөйүм», «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт», «Абийир кечирбейт»*, ж.б.

6. Тарыхый окуялардын, мамлекет, мекеме, уюмдардын аттары: *Кыргыз Республикасы, Түркия, Германия, Айыл чарба министрлиги, Бириккен улуттар уюму, Ош мамлекеттик университети, Кыргызтелеком акционердик коому* ж.б.

7. Орден, медаль, наамдардын аттары: *«Даңк» медалы, Баатыр эне, Кыргыз республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери, Кыргыз республикасынын эл артисти, Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген мугалими* ж.б.

Кыргыз тилинде энчилүү аттар жалпы аттардан айырмаланып, сүйлөмдүн ортосунда да, аягында да дайыма баш тамга менен жазылат.

Тилде энчилүү аттардан жалпы атка жана, тескерисинче, жалпы аттан энчилүү атка айланган кубулуштар да арбын. Мындай маанилик жылыштар дайыма болуп турат.

Мисалы, кишиге ысым катары коюлган *Анар, Тилек, Кеңеш, Сейил, Кабыл, Токтосун, Эсен, Аман* деген сөздөр жалпы аттардан энчилүү аттарга айланган. Мисалы: *Асан анар сатып келди. Аскар окуумду улантам деп тилек кылды. Касым жакшы кеңеш берди. Бак аралап сейилдеп жүрдүк. Ал жоош, кабыл бала. Айтчы, токтосун, мынча зуулдатпай, аман, эсен экенибизде түшүп калалы* деген сүйлөмдөрдөгү *анар, тилек, кеңеш, сейил. кабыл, токтосун, эсен, аман* деген сөздөр — жалпы аттар. *Анар үчүнчү курста окуйт. Шаардан Тилек менен Кеңеш келип калды. Балдарымдын улуусу Сейил, ортончусу Кабыл, кичүүсү Эсен. Токтосун менен Аман экөө бир класста окуган* деген сүйлөмдөрдөгү *Анар, Тилек, Кеңеш, Сейил, Кабыл, Токтосун, Эсен, Аман* деген сөздөр — энчилүү аттар.

Ал эми бүткүл дүйнөлүк мааниге ээ болгон ом (өткөргүчтөгү каршылыкты өлчөө бирдиги), *ампер* (электр тогунун күчүн өлчөө бирдиги), *кулон* (электр тогун өлчөөнүн бирдиги), *вольт* (электр тогунун чыңалуусун өлчөө бирдиги), *рентген* (рентген нуру), *герц* (термелүү жыштыгынын бирдиги), *боткин* (сарык оорусу), *август* (август айы) сыяктуу сөздөр энчилүү аттардан, ошол түшүнүктөрдү ойлоп тапкан окумуштуулардын аттарынан жалпыланган түшүнүккө өтүп, жалпы ат болуп калган.

Энчилүү аттар жекелик санда гана айтылат, жалпы аттар болсо, жекелик санда да, көптүк санда да айтыла берет. Мисалы: Сапар, Кеңеш, Нарын, Каракол, Тайбас. Булар жекелик санда гана айтылат. Ал эми окуучу, тоо, көйнөк, кекилик деген сыяктуу жалпы аттар окуучулар, тоолор, көйнөктөр, кекиликтер болуп көптүк санда да айтыла берет, көптүк сандын *-лар* мүчөсүн кабыл алат.

Энчилүү аттарга да көптүктүн мүчөсү *(-лар)* уланып айтылышы мүмкүн. Бирок, бул учурда, жогоруда белгиленгендей, *-лар* мүчөсү жалганган сөздө көптүк сан эмес, жалпылоо мааниси, же божомол мааниси туюндурулат.

Мисалы: Чолпондор сынак тапшырып чыгышты. Бул жерде бир нече Чолпондор эмес, Чолпон жана башка бир нече студент (же окуучу) тууралуу чамалап-жалпылоо маанисинде айтылган сөз болду. Кулуктөр ушу Токмокторго барып калды. Бул сүйлөмдө бир нече Токмок шаары тууралуу сөз жүргөн жок. Токмок шаарынын ар жак, бер жагына же айланасына күлүктөр келип калды деген божомол маани берилип жатат. Энчилүү аттарга жалганган *-лар* мүчөсү өз маанисинде (сан көрсөткүчтөрү) эмес, өтмө маанилерде (божомол) колдонулду.

Кыргыз тилинде зат атоочтор жаратылышынан эле жандуу заттар жана жансыз заттар болуп бөлүнөт. Өзүндө табигый кыймыл-аракети бар болгон зат атоочтор — жандуу заттар: *адам, айбан, арыстан, ат, төө*, чымын, курт, балык, *бүркүт, улар* ж.б. Ал эми өзүндө табигый кыймыл-аракети жок зат атоочтор — жансыз заттар: *аска, зоо, токой, дарыя, үй, китеп, арпа, алма, автомобиль, телевизор, ачкыч, пахта, пияз, тал, терек* ж.б.

Кыргыз тили үчүн зат атооч сөздөрдүн табиятынан эле минтип жандуу заттар жана жансыз заттар болуп бөлүнүшү бири-биринен айырмаланган өзгөчө грамматикалык маанилерге ээ боло бербейт. Анткени, бул эки топтогу сөздөр бири-биринен кандайдыр грамматикалык белгилери, же сөз өзгөртүүчүлүк белгилери, касиеттери боюнча айырмаланбайт. Жандуу заттар менен жансыз заттар сан категориясы боюнча өзгөргөндө да, таандык болуп өзгөргөндө да, жөндөмө категориясы боюнча өзгөргөндө да бири-биринен өзгөчөлөнбөйт. Башкача айтканда, сан, таандык жана жөндөмөлөр боюнча жандуу заттар кандай болуп өзгөрсө, жансыз заттар да так ошондой болуп өзгөрөт.

Ошондуктан, кыргыз тилинин грамматикасында зат атооч сөздөрдү жандуу заттар жана жансыз заттар деп бөлүп көрсөтүп окутуунун зарылдыгы жок.

Адамзаттык жана адамзаттык эмес заттар. Зат атоочторду жооп берген суроолоруна жана грамматикалык өзгөрүү өзгөчөлүктөрүнө жараша адамзаттык зат атоочтор жана адамзаттык эмес зат атоочтор деп бөлүштүрсөк болот.

Адамзаттык зат атоочтор дайыма адамды билдирет, же адамга тиешелүү болот да, ким? деген суроого жооп берет. Мисалы: бала, аба, карындаш, синди, чоңата, чоң эне, куда, мугалим, комузчу, капитан, курдаш, аспирант, окуучу, Айдай, Гулбарчын, Кадыралы, Садыкова, Жакиева, Жамгырчиев ж.б. Адамзаттык зат атоочтор адамзаттык эмес зат атоочтордон айырмаланып, ким? деген гана суроого жооп берет, зат атоочтун грамматикалык категориялары менен гана эмес, этиштин жак категориясы менен да өзгөрөт. Анткени, адамзатты билдирген зат атоочтор биринчи жана экинчи жактардын ээси болуп кызмат кылышат. Биринчи жак сүйлөп жатып, экинчи жак аны тыңшайт, жооп да кайтарат. Ал эми адамзатты билдирбеген зат атоочтор эмне? деген суроого жооп берип, этиштин жак категориясы менен өзгөрбөйт. Анткени, алар биринчи жана экинчи жактардын ээси боло албайт, башкача айтканда, алар сүйлөбөйт да, тыңшашпайт.

Адамзаттык зат атоочтордун жак категориясы боюнча өзгөрүшү төмөндөгүдөй болот: *чоң ата-мын, чоң ата-сың, чоң ата-сыз, аспирант-мын, аспирант-сың.*

Кээде адамзаттык заттарга да эмне? деген суроо берилиши мүмкүн. Мисалы: «Аалынын аялы төрөдү дейт, эмне тааптыр?» «Уул тааптыр.» «Кечээ бир абышка менен баратыпсың. *Ал киши эмнең* болот?» «Таятам болот.»

Адамзаттык эмес зат атоочтор адамдан башка бардык зат атоочтор болуп, «эмне?» деген суроого жооп берет. Мисалы: *арыстан, төө, кумурска, бүркүт, булут, дептер, калем, көйнөк*, чагылган, Бөрүбасар, Телтору ж.б. Адамзаттык эмес зат атоочтор жак категориясы менен өзгөрбөйт. Эч убакта «мен төөмүн, сен төөсүн», же «чагылганмын, чагылгансың, *чагылгансыз»* деп айтпайбыз.

Айрым гана учурларда стилдик максаттар менен адамзаттык эмес заттар жак мүчөлөрүн кабыл алышы мүмкүн. Мисалы: Урушкан учурда кишилер бири-бири «ит», «чочко», «итсиң», «чочкосуң» деп сөгүп, айта беришет.

Сахналык чыгармаларды аткарууда да «сен мышыксың, бул чычкан» деп ролдорду бөлүштүргөн учурлар болот. Бирок, мындай шарттарда ит, чочко, мышык, чычкан деген сыяктуу сөздөр киши маанисинде, адамзаттык маанилерде колдонулат.

Конкреттүү жана абстракттуу заттар. Табияты боюнча зат атоочтордун бардыгы бирдей болбойт. Алардын бир тобу көз менен көрүүгө же кол менен кармоого мүмкүн болгон заттардын жана кубулуштардын аттарын билдирсе, бир тобу акылга сала баамдап-байкап, оюбузда жана эсибизде гана тута алчу түшүнүктөрдүн аттарын билдирет. Мына ушундай өзгөчөлүктөрүнөн улам аларды конкреттүү жана абстракттуу заттар деп экиге бөлөбүз.

Конкреттүү заттар деп көз менен көрүп элестетүүгө, кол менен кармап саноого мүмкүн болгон заттарды айтабыз: *жеңе, ини, чапан, китеп, коон, улак, козу, жалбырак, тоо, таш, Жамийла, Токтогул* ж.б. Буларды, биринчиден, көз менен көрүп, кадимкидей элестетүүгө, экинчиден, кармалап сезип, кабыл алууга болот, үчүнчүдөн, мындай заттарды бирден терип санай да алабыз.

Конкреттүү заттар сан атоочтор менен айкаша берет. Бул учурда алардагы конкреттүүлүк андан бетер артат: үч бала, он коон, кырк улак, экинчи үй, жетинчи кабат ж.б. Сын атоочтор менен да айкашып келүүгө жөндөмдүү: чоң бала, токойлуу талаа, тору бээ, бийик үй, тондуу киши, сырдаш курбу ж.б.

Абстракттуу заттар деп көрүүгө, элестетүүгө, кармалап сезип туюуга, саноого мүмкүн болбогон заттарды айтабыз. Абстракттуу заттарды биз акыл-эсибизде, баамыбызда, оюбузда гана тутабыз: акыл, кыял, санаа, укук, сүйүнүч, мамиле, жаңылык, дыйканчылык ж.б. Буларды кармалап сезип туюуга, көрүүгө, элестетүүгө мүмкүн эмес. Абстракттуу зат атоочтор сан атооч менен айкаша бербейт. Айрым бир учурларда гана сан атооч менен айкашып айтылып, ал ыкташуу байланышы аркылуу ишке ашат: Эки санаа бир басса, эсиң калабы.

Кээде абстракттуу зат атоочтор конкреттүү зат атоочторго тиешелүү касиетке да ээ болуп калышы ыктымал, мындай учурда абстракттуу заттарда ошол абстракттуулуктун натыйжасы катары кандайдыр предметтүүлүк жаралат. Мисалы: Ошол учурда башыма эки ой келди. Өтүлгөн тема боюнча терең *түшүнүк* алдык. Көрүнүп тургандай, мындай учурда предметтүүлүк конкреттүү шарт-кырдаалдан улам пайда болот. Жалпы эле ой эмес, бизге белгилүү эки ой келди; жалпы эле түшүнүк эмес, өтүлгөн тема боюнча терең түшүнүк алдык. Демек, кырдаалга ылайык жалпы түшүнүктөр конкреттештирилди.

Сан категориясы

Заттардын жалгыз экенин жана эки же андан көп да экенин туюндурган грамматикалык маанилердин жыйындысы зат атоочтун сан категориясы деп аталат.

Ошентип, зат атооч сөздөр жекелик санда жана көптүк санда айтыла берет. Анткени заттар, буюмдар жалгыз да, көп да болушу мүмкүн. Көптүк сандагы зат атоочтор эки же андан көп бирөңчөй заттарды атайт. Жекелик сан менен көптүк санды бири-биринен айырмалап турган грамматикалык каражат көптүктүн -лар мүчөсү болуп эсептелет. Кыргыз тилинде бул мүчө уңгудагы үндүү, үнсүз тыбыштарга карата өзгөрүп, 12 вариантта колдонулат. Зат, буюм, нерсе, кубулуш, окуя аттарынын жеке, жалгыз экендигин билдирген учуру жекелик сан, ал эми эки же андан көп экендигин туюндурган учуру көптүк сан деп аталат. Көптүк санды билдирген зат атоочторго *-лар* мүчөсү жалганат: *тоо - тоолор, шаар - шаарлар, китеп - китептер, үй - үйлөр, бала - балдар* ж.б.

Кыргыз тилинде айрым зат атоочтор *-лар* мүчөсү жалганбай туруп эле көптүк санды туюндура берет. Мисалы, жалпылама маани берген сөздөр ошол турушу менен эле көптүк санды билдирет: *мал, куш, журт, калк, кой, эчки, жылкы, таш, кыш, кум* ж.б. Абдыкул мал айдап келатат. Атам жылкы багат. Садыбакас бир машине кыш түшүрдү деген сүйлөмдөрдөгү мал, жылкы, кыш көптүк сан маанисинде айтылып жатат, алардын жалгыздан эмес экендиги өзүнөн-өзү белгилүү.

Кыргыз тилинде зат атоочтун көптүк сан маанилери морфологиялык, синтаксистик жана лексикалык жолдор менен уюшулат. Көптүк сандын морфологиялык жол менен уюшулушу *-лар* мүчөсү аркылуу ишке ашат:Снаряд ойгон чуңкурларга далдаланып, артка чуркадык. (К.С.). Заттардагы көптүк сан мааниси синтаксистик жол менен да уюшулат. Синтаксистик жол менен көптүк сандын уюшулушу төмөндөгүдөй болот:

1) Кош сөздөр аркылуу көптүк сан маанилери берилет: *бала-бакыра, жууркан-төшөк, кары-жаш, катын-калач, көйнөк-көнчөк, кыз-кыркын, машина-машина, эрди-катын, эт-мет, идиш-аяк, ит-куш, улуу-кичүү, үймөк-үймөк, коңшу-колоң* ж.б.

Буларга *-лар* мүчөсү жалганып айтыла бериши да мүмкүн: *Жууркан-төшөктөрүн жыйнап кирди.*

2) Зат атоочтордун эсептик жана чамалама сан атоочтор менен айкалышы аркылуу көптүк сан маанилери *-лар* мүчөсү уланбай туруп эле уюшулат: *он кой, үч бала, сегиз китеп, жыйырма чакты студент, алты кыз, эки калем, он сегиз миң аалам, үч жүз алтымыш беш күн* ж.б.

3) Бирөңчөй мүчөлөргө *-лар* мүчөсү жалганбаса да жалпылагыч сөз кошо айтылып көптүк маани уюшулат: *Адыл, Самат, Асылкан, Самара, бардыгы бир курста окушат.*

Лексикалык жол менен да көптүк сан маанилери уюшулат: 1. Бирөңчөй заттарга карата жалпылама атоо мааниси бар зат атоочторго -лар мүчөсү жалганбай туруп эле көптүк сан маанилери туюндурула берет: Качкын аба бармактайынан мал менен өскөн адам эле. (О. А.) Эртеси ойгонсо, кар жаап жатыптыр. (А. Мырзаев) Мисалдардагы кар, мал деген сөздөр көптүк сан маанисин да туюндуруп турат. Анткени, жалгыз кар жааган жок жана бир эле мал тууралуу сөз болгон жок. Бирөңчөй заттарга карата жалпылама атоо маанисин билдирген зат атоочторго төмөндөгүдөй сөздөр кирет: *адам, жылкы, журт, калк, кой, эчки, мал, куш, кум, жыгач, таш, кыш, мөндүр* ж.б. Буларга *-лар* мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес.

2. Жаратылышынан эле кош буюмду, экөө экендикти билдирген зат атооч сөздөр да *-лар* мүчөсү жалганбай туруп эле көптүк сан маанисинде колдонулат: *кабак, кайчы, көз, көлөч, кол, кулак, ийин, жамбаш, тизе, өтүк, чокой, мээлей, бут* ж.б. Буларга кээде *-лар* мүчөсү жалгана бериши да мүмкүн.

Кыргыз тилинде жалаң гана жекелик сан түрүндө жана жалаң гана көптүк сан түрүндө айтыла турган зат атооч сөздөр да учурайт. Жекелик санда гана айтылуучу зат атооч сөздөр:

1) Жаратылыш кубулуштары: *жаан, жамгыр, бурганак, чагылган, жарык, иңир, таң,* караңгы, *асман, суук, шоокум, шамал, жел, сыдырым, керимсел, бороон* ж.б.

2) Жыл мезгилдери: *жаз, жай, күз, кыш, март, бугу, теке, август, дүйшөмбү,* жума, ишемби ж.б.

3) Абстракттуу маанидеги сөздөр: *балалык, дыйканчылык, актык, аталык, энелик, атак, акыл, эс, акыйкат, айып, тилек, кайгы, даңк, азап, бакыт, тазалык, сулуулук, урмат* ж.б.

4) Энчилүү аттар: *Бишкек, Ош, Алматы, Бээжин, Көкөмерен, Торугарт, Үчдөбө, Узакбай, Арчатору, Чынара, Кубатбеков* ж.б.

5) Металл, металл эмес заттардын, тамак-аш азык заттарынын аттары: *алтын, күмүш, коргошун, жез, калай, сүт, айран, жуурат, каймак, ун, талкан, кымыз, май, палоо, лагман* ж.б.

6) Жалгыз экендиги анык болгон дене мүчөлөрүнүн аттары: *колко, омуроо, төш, көкүрөк, ооз, бел, моюн* ж.б.

Бул топтогу зат атоочтордун айрымдарына көптүк сандын мүчөсү (*-лар*) жалганышы мүмкүн. Бирок, мындай учурда алар көптүк санды эмес, жалпылоо же болжолдоо маанилерин билдирет.

Мисалы: Дүйшөмбүлөргө карап келип калабыз. Мисалда дүйшөмбүлөргө деген сөздөгү *-лар* мүчөсү көптүк санды эмес, дүйшөмбү же шейшембиде келе тургандык тууралуу сөз болду. Кайсы күнү экени божомол айтылып жатат.

Аттардын алды Нарындарга жетип калды. Мисалда Нарындарга деген сөздөгү *-лар* көптүк санды эмес, Нарындын айланасы деп, аттардын кайсы жерге жеткендигин болжолдоп билдирип жатат.

Таандык категориясы

Кыргыз тилинде зат атоочтор жекелик санда да, көптүк санда да кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, кызым деген сөздөгү *-ым* мүчөсү ошол сөздү сүйлөп жаткан жакка (1-жакка) таандык экенин билдирсе, кызың деген сөздөгү *-ың* мүчөсү ошол сөздү угуп жаткан жакка (2-жакка) таандык экенин билдирет. Ал эми кызы деген сөздөгү *-ы* мүчөсү үчүнчү жакка - сөзгө аралашпаган жакка, башка бирөөгө таандык кылып турат. Мектептики деген сөздөгү *-тики (-ныкы)* мүчөсү кайсы бир затты, нерсени мектепке таандык кылып көрсөтүп турат.

Заттардын кимдир бирөөгө же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылыш маанилеринин жыйындысы таандык категориясы деп аталат.

Кыргыз тилинде зат атоочтун таандык маанилери эки жол менен туюндурулат: Морфологиялык жол (таандык мүчөлөр аркылуу). Синтаксистик жол (таандык мүчөсү жок туруп эле). Морфологиялык жолдо сөзгө таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу таандык маанилер уюшулат. Кыргыз тилиндеги таандык мүчөлөр жараткан маанилерине карай эки топко бөлүнөт: жакчыл таандык мүчөлөр, жалпы таандык мүчө.

Жакчыл таандык мүчөлөр зат атооч сөздөргө жалганып, аларды тиешелүү бир жакка таандык кылып көрсөтөт. Ар бир жактын өзүнүн жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү бар.

Биринчи жак - сүйлөп жаткан тараптын өзү. Аны мен (көптүк санда биз) деген жактама ат атооч аркылуу туюндурабыз. Мына ошол биринчи жакка таандык этип айтуу үчүн менин …-ым (мисалы: менин балам), биздин ...-ыбыз (мисалы: биздин балабыз) деп айтабыз. Биринчи жакка таандык кылган мүчөлөр -ым (-м), -ыбыз(-быз).

Экинчи жак — сүйлөп жаткан кишинин сөзү багытталып, аны угуп, сөзгө аралашып турган тарап. Жөнөкөй түрүндө сен (көптүк санда силер) жана сылык түрүндө сиз (сиздер) деген жактама ат атоочтор аркылуу берилет. Мына ошол экинчи жакка таандык этип айтуу үчүн сенин …-ың (сенин балаң*), силердин* ...-ыңар (силердин балаңар), ал эми сылык түрүндө сиздин ...-ыңыз (сиздин балаңыз), сиздердин ...-ыңыздар (сиздердин балаңыздар) деп айтабыз. Экинчи

жактын таандык мүчөлөрү болуп жекелик санда *-ың (-ң), -ыңыз* (-ңыз), көптүк санда *-ыңар* (-ңар), -ыңыздар (-ңыздар) эсептелет.

Үчүнчү жак — сөз же ой багытталып, бирок сөзгө катышпаган тарап. Үчүнчү жак ал (көптүк санда алар) деген жактама ат атооч аркылуу уюшулат. Мына ошол үчүнчү жакка таандык этип айтуу үчүн анын ...*-ы(-сы)* (мисалы: анын кызы, баласы), көптүк санда алардын ...-ы(-сы) (мисалы: алардын кызы, баласы) деп айтабыз. Үчүнчү жактын көптүк сан таандыгы жекелик сандагыдай -ы (-сы) болуп айтылат. Бирок, кээде *-лар* мүчөсү менен да айтыла берет: алардын кыздары, алардын балдары.

Жалпы таандык мүчө бирөө эле: ***-ныкы.*** Ал зат атоочторго жалганып, кандайдыр башка затты же кимдир-бирөөнү ошол затка таандык кылып көрсөтөт. Мисалы: Быйыл Базарбайдыкына кыштап чыгышы да кыйынга түштү. (М.Э.) Кайсы бир нерсе (үй) Базарбайга таандык болуп жатат. Жалпы таандык мүчө жак менен санды көрсөтпөйт. Ошондуктан, анын мааниси абстракттуу болот. Сүйлөмдөр тизмегинде (контекстте) конкреттүүлүккө ээ болот. Жалпы таандык мүчө унгудагы тыбыштарга карата бир нече түрдө өзгөрүп келе берет: мектептики, шаардыкы, үйдүкү, *Жолондуку, Жоомарттыкы, Аалыныкы,* Өзгөндүкү ж.б.

Таандык маанилердин берилишинин экинчи жолу болуп синтаксистик жол эсептелет. Таандык маанилер таандык мүчөлөрсүз эле уюшулушу да мүмкүн. Мындай учурда сөз айкашынын экинчи түгөйү ээленүүчү, башкача айтканда, таандык болуучу зат болуп, биринчи түгөйү ээлөөчү, башкача айтканда, өзүнө таандык кылуучу түгөй болуп айтылат. Таандык маанилердин синтаксистик жолу төмөнкүдөй болот.

1. Сөз айкашынын биринчи түгөйү илик жөндөмөсүндөгү ат атооч болуп келет: биздин ой, силердин кызыкчылык, сиздин тилек ж.б.

2. Сөз айкашынын биринчи түгөйү *-лык* мүчөсү аркылуу уюшулган катыштык сын атооч болуп келет: айылдык бала, студенттик күндөр, шаардык кыз, элеттик жигит ж.б.

Ээлөөчүдөгү илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүп калган учурда эки компонент бири-бири менен өтө тыгыз байланышат. Көпчүлүк учурда мындай айкалыштар татаал сөзгө өтүп кетет. Анткени ээлөөчү дайыма атооч сөз же атоочтук болуп келет: Бишкек шаары, балдар дүйнөсү, *казак талаасы, Эркин-дик гүлбагы* ж.б. Ал эми корбашы, миңбашы, жүзбашы, топбашы, Ат-башы, Суу-башы деген өндүү татаал айтылыштар биротоло лексикализацияланып, кошмок сөзгө айланып кеткен.

Айрым зат атоочторго жакчыл таандык мүчөлөр жалганганда алардын уңгусу өзгөрүүгө учурайт: *айыл — айлым, айлың, айлыңыз, айлы; орун — ордум, ордуң, ордуңуз, орду* ж.б. Мындай зат атоочтор төмөнкүлөр: *айыл, дайын, кийим, кайын, моюн, коюн, оюн, жыйын, эрин, орун, карын, мурун, жарым, пейил* ж.б.

Жөндөмө категориясы

Зат атооч жана заттык маанидеги сөздөрдү сүйлөм же сөз айкашындагы башка сөздөр менен байланыштырып, алардын ортосундагы синтаксистик катышты жөнгө салып турган категория жөндөмө категориясы деп аталат.

Мисалы: *Асан Үсөндү атка мингизди. Бул сүйлөм Асан, Үсөн, ат* зат атоочтору жана мингиз этиши аркылуу уюшулду. Атап айтканда, табыш жана барыш жөндөмөдөгү жогорудагы үч зат атооч атооч айкын өткөн чак формадагы мингиз этиши менен байланышып, сүйлөмдө ээлик *(Ким мингизди?* - Асан), тике *(Кимди мингизди?* - Үсөндү*)* жана кыйыр толуктоочтук *(Эмнеге мингизди?* - атка) милдеттерди аткарды. Демек, бул сүйлөм аркылуу Үсөндүн атка мингендиги, аны Асан мингизгендиги жөнүндө ой билдирилди. Эгерде бул сүйлөмдөгү Үсөндү, *атка* сөздөрүнөн *-дү* жана *-ка* уландыларын алып таштап, аларды мүчө уланбаган уңгу сөз тейинде колдонсок, анда сүйлөм бузулуп, Асан Үсөн ат мингизди сөздөрүнүн өз ара байланышпаган жөнөкөй гана тизмегине айланмак. Натыйжада, мындай тизмек кандайдыр бир тыянактуу ойду билдирүү касиетинен ажырап калмак да, төмөнкүдөй башаламан суроо жаратмак: Ким кимди атка мингизди - Асан Үсөндүбү, же Үсөн Асандыбы? Же экөө бирге башка бирөөгө ат мингиздиби? Ошондой эле Асан, Үсөн, ат зат атоочторун ыңгайына карай ар башка жөндөмөдө колдонуу аркылуу да алардын мингиз этиши менен болгон байланышын сактоого болот. Бирок мындай учурда өйдөкү сүйлөм сакталбай, тутумундагы синтаксистик жана семантикалык катыштын өзгөрүп кетишине байланыштуу ар башка маанидеги жаңы сүйлөмдөргө өтүп кетет:

Асанды Үсөн атка мингизди	Асан *Үсөнгө атты мингизди*
Асанга Үсөн атты мингизди	Асан *Үсөнгө ат мингизди ж.б.*

Жөндөмө категориясы атооч, илик, табыш, барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдү ичине камтыйт. Булардын ичинен илик жөндөмө таандык байланыштагы сөз айкашынын багыныңкы түгөйүн уюштуруп, аны багындыруучу түгөй менен байланыштырат: тоонун жели, гүлдүн жыты, Өзгөндүн күрүчү, *Баткендин* өрүгү ж.б. Иликтеги сөздүн колдонушу сүйлөм ичинде баяндоочтук милдетти аткарып турган жакчыл этиштин мааниси менен шартталбагандыктан жана ал мүнөздүү түрдө зат атооч, заттык маанидеги башка түркүмдөгү сөздөр менен байланышта айтылгандыктан, илик жөндөмөсү сүйлөмдүн жалпы тутумуна эмес, сөз айкашына кызмат кылат деп кароого болот.

Ал эми калган жөндөмөлөр жөндөмө формасын көбүнчө этиш сөз менен байланыштырат: Эжекем бээни саады. Капар жылкыны тоодон айдап түштү. Жыпар шаарда окуйт ж.б. Андыктан бул жөндөмөлөр сүйлөм уюштуруучу жөндөмөлөр деп табылат.

Жөндөмөлөр маани жактан экиге бөлүнөт: 1) грамматикалык жөндөмөлөр: атооч, илик, табыш жөндөмөлөр; 2) мейкиндик жөндөмөлөр: барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөр.

Грамматикалык жөндөмөлөр көбүнчө сүйлөмдүн ээсин (атооч), аныктоочун (илик) жана тике толуктоочун (табыш) билдирет. Ал эми мейкиндик жөндөмөлөр кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мейкиндигин, мезгилин, багытын белгилейт. Бирок жөндөмөлөрдүн минтип эки топко бөлүнүшү шарттуу гана мүнөзгө ээ, анткени сүйлөм ичинде бул эки топ бири-биринин маанисинде да колдонула берет.

Атооч жөндөмө

Заттын аталышын билдирип, ким? эмне? деген суроолорго жооп берет, өзүнчө мүчөсү жок. Атооч жөндөмө формасы төмөнкүлөр:

1. Тубаса сөздөр: ат, ата, бала, таш, тоо, суу, шаар, асман, жылдыз, шамал, бороон, өлкө, *мамлекет* ж.б.

2. Туунду сөздөр: жылкычы, койчу, уйчу, балыкчы, күрөк, орок, илгич, кескич, тырмак, чийин, былым, өндүрүш, курулуш ж.б.

3. Татаал сөздөр: бала-чака, келин-кесек, ата-эне, бак-дарак, айыл-кыштак, тоо-таш, жер-суу, ала бакан, аш казан, бака жалбырак, кол кап, көз айнек ж.б.

4. Өйдөкү зат атоочтордун көптүк жана таандык формалары: теректер, бак-даректар, кыштагым, тоолорубуз, көз айнегиң, *кол кабы, иш сапар* ж.б.

Атооч жөндөмө төмөнкүдөй синтаксистик милдеттерди аткарат.

1. Ээлик милдетти: Окуучулар гүл теришти. Үкү бий бүркүт салды.

2. Баяндоочтук милдетти: Ачуу - душман, *акыл* - дос (Макал). Орозумбеттин баласы - илимпоз, Токтомбеттин баласы - дарыгер.

3. Аныктоочтук милдетти: арча бешик, алтын саат, күмүш билерик, темир сандык, акак мончок, таш дубал, жез зым, калай кашык, карышкыр ичик, суусар тебетей, кулун тон, жибек жоолук, шайы көйнөк, албарс кылыч, өрүк комуз ж.б. Хан атынан алтын-күмүш теңге чыгарылып, бийлик бир колго чогултулду (Т.К.). Ынак кымыз, козунун эти жана жүгөрүнүн дүмбүлү-Тыныбектин каалаганы жана ыракаты (К.К.).

4. Атама сүйлөмдүн милдетин: Жайлоо. Теребел тыптынч. Түн. Коктудан суунун шоокуму угулат ж.б.

5. Каратма сөздүн милдетин: Балам, келгениң ырас болду. Рахат, китепти алып берчи! Жаштар, эне тилиңерди эмитен барктагыла!

Илик жөндөмө

Заттын ким-эмнеге таандык экендигин билдирип, кимдин? эмненин? кайсы? деген суроолорго жооп берет.

Илик жөндөмө *-нын* мүчөсү менен уюшулуп, 16 түрдө өзгөрүп айтылат:

1) толук түрү: -нын, -нин, -нун, -н*үн, -дын, -дин, -дун,-дүн, -тын, -тин, -тун, -түн*. Мисалы: *ата-нын, кыз-дын, ат-тын* ж.б.

2) кыскарган түрү: *-ын, -ин, -ун,* -үн. Мисалы: атам-ын, атаң-*ын, атасын-ын, атаныкын-ын* ж.б.

Синтаксистик жактан иликтеги сөз мүнөздүү түрдө сүйлөмдүн аныктоочунун милдетин аткарат: ***Түштүктүн*** пахтачыларына окуучулар жардамга келишти. Чайдын мыктысы булактын суусунан кайнатылат. Гүлдүн көркү булбулдур, Куштун көркү туйгундур, Жылкынын көркү дулдулдур (Б.).

Илик жөндөмөдөгү сөз өзүнүн жана өзүнөн кийинки аныкталгычтын лексикалык маанисине карай төмөнкү маанилерди туюнтат:

1) Аныкталгыч заттын кимге, эмнеге таандык экендигин билдирет: Шаардын көчөлөрү кымкуут. Сабырдын үйүнөн жарык чыкпайт. Жазуучунун китеби сатыкка түштү.

2) Аныкталгычтын тууган-туушкандык, жолдоштук, жакындык катышын билдирет: досумун келини, инимин кайнатасы, Аскардын уулу, Баатырбектин балдары.

3) Аныкталгычты бүтүндүн бөлүгү кылып көрсөтөт: гүлдүн жалбырагы (гул - бүтүн нерсе, жалбырагы - анын бөлүгү), анардын кабыгы, үйдүн чатыры, кымыздыктын тамыры, ыргайдын ашы ж.б.

4) Аныкталгычтын тегзат-материалын билдирет: ак буудайдын наны, пахтанын майы, таруунун бозосу, жүгөрүнүн талканы ж.б.

5) Аныкталгычтын орун-мейкин-мезгилдик белгисин билдирет: Сары Өзөндүн эли, түштүктүн пахтачылары, Таластын тамекичилери, көлдүн балыкчылары, кыштын ызгаары, саратандын ысыгы, ж.б. Жаздын көркү жылдагыдан башкачараак (Ч.А.).

6) Аныкталгыч билдирген сапаттын, касиеттин, белгинин кимге, эмнеге тиешелүү экендигин билдирет: Жамийланын ошондогу сулуулугу ай*!* (Ч.А.). Чон кишинин ыйлаганы жарашпайт. Алыстан карышкырдын улуганы угула баштады (К.Б.).

7) Күчөтүү маанисин билдирет: күлүктүн күлүгү, *мыктынын* мыктысы, сулуунун сулуусу ж.б.

8) Окшоштуруу маанисин билдирет: Аккуланын өзү, *Каныбектин* өзү, *атасынын* өзү ж.б.

9) Аныкталгычы сын атооч, сан атооч же атоочтук болсо, айырмалоо, жиктөө, бөлүп көрсөтүү маанисин билдирет: балдардын акылдуусу, кыздардын сулуусу, китептин кызыктуусу, коондун ширини, *ышкындын солкулдагы, айылдын улуусу, карагаттын бышкандары,* көпчүлүк элдин бири ж.б.

10) Аныкталгычы жаксыз этиштерден болсо, иликтеги сөз. аныкталгыч аркылуу белгиленген кыймыл-аракеттин логикалык субъектин билдирет: булбулдун сайраганы, карышкырдын улуганы, иттин үргөнү, *музоонун мөөрө*гөнү, козунун мааранаганы, селдин жүрүшү, *жердин көчүшү, жоргонун желиши* ж.б.

1) Аныкталгычы туюк мамиледеги сөз болсо, иликтеги сөз аныкталгыч аркылуу белгиленген кыймыл-аракеттин логикалык объектин билдирет: кыңыр иштин билиниши, эстеликтин тургузулушу, сөздүн жасалышы, пахтанын терилиши, түшүмдүн жыйналышы, коноктун чакырылышы ж.б.

Илик жөндөмө мүчөсү сүйлөм же сөз айкашында сакталып да, түшүрүлүп да айтылышы мүмкүн. Мында төмөнкүдөй өзгөчөлүк байкалат:

1) Эгерде кандайдыр бир заттын, сапаттын, белгинин кимге, эмнеге таандык экендиги ачык, так жана баса көрсөтүлсө, жалганган сөзү энчилүү аттардан, заттык маанидеги башка түркүмдөгү сөздөрдөн болсо, иликтин мүчөсү, негизинен, сакталып айтылат: Бакайдын жайыты, Манастын чоролору, Жаныбек казынын кыштоосу, Элмырзанын дептери, Рахаттын китеби, Менин өмүрбаяным, сенин мүнөзүң, *тигинин сүрү, президенттин иш* сапары, жакшынын шарапаты, жамандын кесепети, билгендин күлгөнү ж.б.

2) Эгерде кандайдыр бир заттын, сапаттын, белгинин кимге, эмнеге тиешелүү экендиги баса белгиленбей, өзү уланган сөзгө логикалык басым жасалбай, жалпы мүнөздө көрсөтүлсө, иликтин мүчөсү түшүрүлүп, көмүскөдө калтырылып айтылат: кыргыздын тоолору - кыргыз тоолору, комуздун күүсү - комуз күүсү, *элеттин жигиттери* - элет жигиттери, коноктун каадасы - конок каадасы, мектептин багы - мектеп багы, шаардын калкы - шаар калкы, тоонун этеги - тоо этеги ж.б.

Кээде стилдик муктаждыктан же уйкаштыкты сактоо зарылдыгынан илик мүчөсү көркөм чыгармаларда, өзгөчө поэзияда түшүрүлүп айтылат: Күн нуру бизге төгүлдү, күмүшүм, аччы көңүлдү.

Барыш жөндөмө

Кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге багытталганын, кайсы жерде аткарыларын, канча мезгилге созуларын билдирип, 12 түрдө өзгөрүп айтылат:

1) толук түрү: *-га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, -ко, -кө*. Мисалы: *ата-га, кыз-га, ат-ка* ж.б.

2) кыскарган түрү: *-а, -е, -о,* -ө. Мисалы: *атам-а, атаң-*а, атасын-а, атаныын-а ж.б.

Барыш жөндөмө өзү жалганган сөздүн жана ал сөздү багындырып турган этиштин лексикалык маанисине карай төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

1) Кыймыл-аракет багытталган объекти билдирет, бул - барыштын негизги мааниси. Мындай учурда барыштагы сөз кимге, эмнеге? деген суроолорго жооп берип, сүйлөмдө кыйыр толуктоочтук милдетти аткарат: Биздин баатырларга диттеп киши чыга албады (Т.К.). Кызга кырк үйдөн кыйкым табылат. Жакшыга жанаш, жамандан адаш *(Макал)*.

2) Барыштагы сөз орундук мааниде болсо, кыймыл-аракеттин багытталган ордун, жете турган чегин билдирет. Бул учурда барыштагы сөз кайда, каякка? деген суроолорго жооп болуп түшөт да, орун бышыктоочтук милдетти аткарат: Сарыбай босогого токтой калды (Т.К.). ***Памирге*** мындан бир нече жыл мурун бардык эле (Мук.). Талаага таруу чачтым (Табышмак).

Ушул эле шартта барыштагы сөз кыймыл-аракеттин жеткен чегин билдирсе, барыштын мүчөсү жатыштын мүчөсүнө маанилеш болуп колдонулат: Койду короого бактым - Койду короодо бактым. Жылкыны талаага жайдым - Жылкыны талаада жайдым ж.б.

3) Барыштагы сөз мезгилдик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин канча мезгилде аткарыларын, канча убакытка созуларын билдирет. Мындай учурда барыштагы сөз канчага? канча мезгилге? канча убакытка чейин? сыяктуу суроолорго жооп берип, сүйлөмдө мезгил бышыктоочтук милдетти аткарат: Той кечке созулду. Кеңеш беш күнгө уруксат алды. Иш беш мүнөткө токтоду. Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба (Макал).

4) Барыштагы сөз абстракттуу маанидеги этишке багынса, кыймыл-аракеттин кандай максатта, эмне үчүн аткарыларын билдирет: Бирөө кечүүгө кечүү таппай жүрсө, *бирөө* ичүүгө суу таппай жүрөт (Макал). Айылдык жаштар шаарга же окууга, же иштөөгө, же соода кылууга келет. Аны көрүүгө зар болдум. Биз жардамга келдик ж.б. Мындай учурда барыштагы сөз көбүнчө кыймыл атоочко туура келип, эмнеге, эмне үчүн? кандай максатта? сыяктуу суроолорго жооп берет, сүйлөмдө максат бышыктоочтук милдетти аткарат.

5) Барыштагы сөз жандуу затты билдирип, аны менен айкашкан өтмө этиш аркылуу мамиле мүчөсүн кабыл алса, кыймыл-аракетин субъектин билдирет: Апам Апалга кир жуудурду. Атам конокко тон кийгизди. Карала мерген тайганга кийик тиштетти ж.б.

6) Барыштагы сөз конкреттүү маанини билдирип, ал эми аны багындырган этиш туюк мамиледе келсе, кыймыл-аракеттин (кыйыр толуктоочту) объектин көрсөтөт: Эт дасторконго оролду. Бала ак мамыкка бөлөндү. *Кекилик* тузакка илинди. Ат арканга чалынды. ж.б.

7) Барыштагы сөз сан атооч болсо, же сан атоочко айкашып айтылса, кыймыл-аракеттин, абалдын, белгинин, заттын сан-өлчөмдүк өзгөчөлүгүн билдирет. Мындай учурда ал канчага? деген суроого жооп берип, сүйлөмдө сан-

өлчөм бышыктоочтук милдетти аткарат: Быйылкы төл жүз бешке жетти. Карыя жүз жашка келиптир. Түшүм жүз он пайызга аткарылды.

Барыш жөндөмөдөгү бир катар сөздөр сүйлөм ичинде чейин, карай, карата, караганда, дейре сыяктуу жандоочтор менен айкашып да айтылат. Мында бул жөндөмөнүн багыттык, даректик, мезгилдик, орундук ж.б. маанилери чектөө, салыштыруу, багыттоо сыяктуу кошумча маанилер менен коштолот: мектепке чейин, кышка чейин, шаарга карай, демалышка карай, жылдагыга караганда ж.б.

Табыш жөндөмө

Кыймыл-аракет тике, түздөн-түз багытталган объектини көрсөтүп, кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берет да, сүйлөмдө тике толуктоочтук милдетти аткарат: **Атын** атаса, куту сүйүнөт (Макал). Тик турган аюудай чаначты булкуп-булкуп, буркураган кымыздан улуулата сунуп отурду (Т.К.) **Токойду, сазды** аралап Токтолбой Ажал чуркады (Ж.Б.).

Табыш жөндөмө 17 түрдө өзгөрүп айтылат:

1) толук түрү: *-ны, -ни, -ну, -нү, -ды, -ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү;* Мисалы: ата-ны, кыз-ды, ат-ты ж.б.

2) кыскарган түрү: *-ы, -и, -у, -ү;* Мисалы: атам-ы, атаң-*ы* ж.б.

3) толук кыскарган түрү (нөл мүчө): *атасын, атын, атаныкын* ж.б.

Табыш жөндөмөдөгү сөз мүнөздүү түрдө өтмө этиштер менен багыныңкы байланышта айтылат: этти туура, нанды сындыр, чучукту кес, шорпону ич, отунду жар, отту жак, койду кайтар, жылкыны айда, уйду сугар, короону тазала, чөптү чап, китепти ал, сабакты оку ж.б.

Табыш жөндөмө мүчөсү өзү жалганган сөздүн жана аны багындырып турган этиштин лексикалык маанисине карай төмөнкүдөй маанилерде колдонулат:

1. Кыймыл-аракет тике багытталган объектини билдирет: Аганы көрүп ини өсөт; эжени көрүп синди өсөт. Ала кушту атынан чакыр. Жоого сырынды бергиче, жаныңды бер (Макалдар). Кыргыздар тойду да, ашты да ушундай учурда өткөрөт (А.Ү.). Күлүктү, ***сулууну, баатырды,*** марттыкты, адилеттикти, чечендикти те илгертен барктап көнгөн эл дуулдап жибериште (Т.К.). Көздөрүн акшындатып, кулактарын кыймылдатып чертип жатты (Т.Ү.).

Бул - табыш жөндөмөнүн негизги мааниси, ал төмөнкү өтмө этиштер менен болгон багыныңкы байланышты ишке ашырат:

а) күч аракетин билдирген этиштер менен: эгинди сеп, көйнөктү тик, душманды өлтүр, үйдү кур, нанды же, кымызды ич, малды бак, упчуну сор, чөптү чап, сууну сеп, короону шыпыр ж.б.

б) акыл-эс аракетин билдирген этиштер менен: өткөндү эсте, кайгы-капаны унут, сабакты бил, ата-энени ойло ж.б.

в) сүйлөө этиштери менен: жомокту айт, сөздү *с*үйлө, *ойду айт* ж.б.

г) туюм-сезим аракетин билдирген этиштер менен: кепти ук, ишти байка, баланы кара, көптү көр, окууну каала ж.б.

д) кыймыл этиштер менен: ашууну аш, сууну кеч ж.б.

Өтпөс этиштер, адатта, сүйлөм ичинде табыштагы сөздүн болушун талап кылбайт. Бирок алар аркылуу мамиледе айтылса, этиштин өйдөкү семантикалык топтору сыяктуу эле табыштагы сөздү багындырып, багыныңкы сөз аркылуу объектилик маанинин туюнтулушун шарттайт: бала уктады- баланы уктатты, кыз ойноду - кызды ойнотту, эне *с*үйүндү - энени сүйүнттү, *от к*үйдү - отту күйгүздү, *учкуч учту* - учкучту учурду ж.б.

2. Бөтөн сөз катышкан айрым сүйлөмдөрдө логикалык субъекти билдирет: Капарды бүгүн шаарга келет дешти. Элтегинди быйыл мектептин алдыңкы окуучусу болду дешти ж.б.

3. Кыймыл-аракет бүтүн нерсенин бөлүгүнө тике багытталганын билдирет: Баланын башын айланта бербегиле. Теректин бутагын сындырды. Өрүктүн данегин чакты ж.б.

4. Мезгилдик, мейкиндик, орун-аралык, сан-өлчөмдүк маанидеги объектини билдирет: Малчылар быйылкы кышты күңгөйдө өткөрдү. *Коручу* токойду аралап чыкты. Жүз сомду китепке жумшадым. Беш чакырымды жөө бастык ж.б.

Табыш жөндөмөдөгү сөз карай, көздөй жандоочтору менен да бирге айтылат. Бул учурда барыш жөндөмөдөгү сөзгө синонимдеш болуп келип, кыймыл-аракеттнн багытын көрсөтөт да, сүйлөм ичинде бышыктоочтук милдетти аткарат: Атчан киши түз эле биздин үйдү *к*өздөй бастырды. Каркыралар көлдү карай учуп барат ж.б.

Табыш жөндөмө мүчөсү сакталып да, түшүрүлүп да айтылат: Коёнду камыш өлтүрөт, баатырды намыс өлтүрөт. Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе. Күлүктү сынчы билет, сүлүктү канчы билет. Асан, Үсөн, Сапар, Капар, Жыпар, Кундуздарды мектепке чакырышты. Кетмен, күрөк, орок, чалгы, айрыларын ишембиликке камдашты. Аксакалга ат мингизди, тон кийгизди. Базардан өтүк сатып алдым. Ал китеп окуду. ж.б.

Жатыш жөндөмө

Кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мезгилин, кандайдыр бир заттын же анын белгисинин кимде, эмнеде экендигин билдирип, кимде? эмнеде? качан? кайда? кайсы жерде? деген суроолорго жооп берет: Жакып баш болуп жаңы журтта жаткан кыргыздар чоң шашкеде өзөрүп ойгонду (А.Ж.). Эгиздин түгөйү Энесайда жүз чайса, түгөйү Ыйыккөлдө жүз чайып ыйлап калды (А.Ж.).

Жатыш жөндөмө көрсөткүчтөрү: *-да, -де, -до, -дө*, -та,-те, -то, -тө.

Жатыш жөндөмө өзү айкашкан сөздүн лексикалык маанисине менен сүйлөм ичиндеги ордуна карай төмөнкү маанилерди туюнтат:

1. Жатыштагы сөз буюмдук мааниде болсо, кыймыл-аракеттин, ал-абалдын, белгинин, же болбосо заттын кимде, эмнеде экендигин билдирет: Балада кут бар, жылкыда жыт бар, козуда эт бар, уйда сүт бар, нарда күч бар, кырда чөп бар (Макал). Колдорунда мылтык, белдеринде кылыч.. (Т.К.). Алымбекте кандай иши бар экен? (К.О.) ж.б.

2. Жатыштагы сөз мейкиндик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мейкиндиктеги абалын билдирет: Эртеси күнү кең талаада уйпаланган чөп, аттардын ным тезектери, көк чымындар калды (Т.К.). Ак мөңгүлүү ***т*өрдө,** күмүш карагай черде, агын суулуу жерде өскөн Манас бейтааныш чөлгө чыкты (А.Ж.). Балыгы сууда чалкыган, Куулары көлдө калкыган (Токт.) ж.б.

3. Жатыштагы сөз мезгилдик мааниде болсо, кыймыл-аракеттин аткарылыш мезгилин билдирет: Иңирде тамагын ичип, Танабай жылкыга кетти (Ч.А.). Түндө бир баатыр келиптир (Жомок) ж.б.

Жатыштагы сөздүн сүйлөм ичинде аткарган кызматы да ар түрдүү:

1) эгерде жатыштагы сөз кимде? эмнеде? деген суроолорго жооп берсе, толуктоочтук милдетти аткарат: Жаманда достук жок, жакшыда кастык жок (Макал). Каныбекте күнөө жок эле (К.Ж.). Тамашаны башкарган ханзаадада Насирдин бектин эркн ушу! (Т.К.) ж.б.

2) эгерде жатыштагы сөз кайсы жерде? кайда? деген суроолорго жооп берсе, орун бышыктоочтук милдетти аткарат: Болду-болбоду Энесайда, Энесай менен Миңсууда биздин эзелки туугандарыбыз жашайт (А.Ж.). Ошол бойдон көп жылга дейре кабар албай, кабар билдирбей, жат болуп Таласта *ж*үрүп калды (Т.К.) ж.б.

3) эгерде жатыштагы сөз качан? деген сурооого жооп болуп түшсө, мезгил бышыктоочтук милдетти аткарат: Орок маалында ата-энем мени жетелеп келишип, чөмөлөнүн түбүнө отургузуп коюшчу эле (Ч.А.). Айна күүгүмдө гана кайтты (К.К.). Манас кымыздан ооз тиер алдында Тайбуурулдун ыйык жалына аз бөксөртө тамызды да, анан өзү ичти (А.Ж.) ж.б.

4) эгерде жатыштагы сөз сүйлөмдүн ээсинин мезгил, мейкиндик, орун, аралык жактан белгисин билдирип, баяндоочтук позицияда келсе, баяндоочтук милдетти аткарат: Баланын көркү энеде, Жылкынын көркү желеде, Дайранын көркү кемеде, *Акыл айтсаң, ты*ңшабайт, Акмактын көркү жемеде (Токт.). Жолго чыгып баратып, кайрылып учурашканынарга төбөм көктө (А.Ж.). Тулпар түшунда, күлүк күнүндө (Макал). Кеп анын жолду билбегендигинде эмес, анын кулдугунда (К.Ж.).

Чыгыш жөндөмө

Кыймыл-аракеттин башталыш ордун, мезгилин, заттын же анын белгисинин пайда болуш булагын билдирип, кимден? эмнеден? кайдан? кайсы жактан? качантан? кайсы мезгилден? сыяктуу суроолорго жооп берет. Тоодон топ түштү, *буту колу жок т*үштү (Табышмак). Букардан келген дүрүйдөн кийгизип, Алмамбеттин бир сыйра кийимин жаңыртты (А.Ж.). Көчтүн алды капкачан жайыктан өттү (Т.К.). Эки күндөн бери карай жолдон жол арытып бел ашып.. (Ө.Д.).

Чыгыш жөндөмө 12 вариантта айтылат:

1) толук түрү: *-дан, -ден, -дон, -д*өн, -тан, -тен -тон, -төн. Мисалы: ата-дан, кыз-дан, ат-тан ж.б.

2) кыскарган түрү: *-ан, -ен, -он,* -өн. Мисалы: атам-(д)ан, атаң-*(д)ан, ата-сын-ан* ж.б.

Чыгыш жөндөмө мүчөсү уланган сөзү менен байланышта айтылган этиштин лексикалык маанисине карай төмөнкү маанилерди билдирет:

1) Кыймыл-аракеттин башталыш ордун, чыккан булагын, өткөн жерин билдирип, кайдан? кайсы жерден? деген суроолорго жооп берет да, орун бышыктоочтук милдетти аткарат: Аңгыча болгон жок, Кескенбелден топ жылкынын алды агып чыгып, Чоң кыяга салды (Ө.Д.). Кичинекей колчаначка тоонун кара көз булагынан суу апкелип, куду кумгандан шоргологондой бүрүлдөтүп Мусулманкулдун колуна суу куйду (Т.К.). Өткөрмөлүү Даркандан өттү, Өгүзкечүү, Калкандан, Жүгүрүктүн Жүгөн ташынан, Жүйүрмөнүн Карасазынан, жүлүндөй Сарыкыядан ашты (А.Ж.).

2) Кыймыл-аракеттин башталыш мезгилин билдирип, качантан? кайсы мезгилден? деген суроолорго жооп берип, мезгил бышыктоочтук милдетти аткарат: Кечээтен берки жүрөк өйүгөндүн баарын буркурап туруп алдына төгүп, өксөп-өксөп жардам сурагым келип кетти (Т.К.). Түш оогондон аттанып, түнкүсүн жылдыз толгончо жүрөт (А.Ж.).

3)Заттын тегзатын, эмнеден жасалгандыгын билдирет: Алтындан сөйкө такканбыз, Бийкечти ай чыккан жерге баканбыз (Элдик ыр). Такасынын кыюусун тасма менен куратып, сары алтындан сулатып кырк чорого кырк өтүк камдаткан (А.Ж.).

4)Кыймыл-аракеттин бүтүн нерсенин бөлүгүнө тараганын, же болбосо бүтүн нерсеге анын бөлүгү аркылуу таасир эткенин билдирет: Нандан алыңыз, кымыздан ичиңиз. Коондон бир тилим, жүзүмдөн бир шиңгил жедим. Карыяны колдон кармап, колтуктан жөлөдү. Буттан мүдүрүлгөн турат, ооздон жаңылган турбайт (Макал)

5) Кыймыл-аракеттин аткарылыш себебин билдирет. Мындай учурда чыгыштагы сөз эмнеликтен? эмне болгондуктан? деген суроолорго жооп берип, сүйлөмдө себеп бышыктоочтук милдетти аткарат: Күн суук болгондуктан жылуу кийиндик. Конок кечиккенден дасторкон жайылбады. Кыз уялгандан сөз катпады ж.б.

6) Чыгыштагы сөз заттын сан-сапатын билдирген сөзгө багынып, салыштыруу маанисин туюнтат: Балаң балдан таттуу, неберең жандан таттуу (Макал). Аттан бийик, иттен пас (Табышмак).

7) Кайталанып айтылган татаал сөздүн биринчи түгөйү чыгыш жөндөмөдө келип, күчөтүү маанисин билдирет: көптөн көп, ***тикеден*** тике, бирден бир, ачыктан ачык, түздөн түз ж.б.

8) Бөлчөк сандын бөлүмүн билдирет: бештен бир, экиден бир, үчтөн эки, ондон жети, ондон үч ж.б.

9) Чыгыштагы сөз кээде туюк мамиледеги этишке багынып, кыймыл-аракеттин логикалык субъектин билдирет: Кабар чабармандан айтылды, жардам элден чогултулду ж.б.

Зат атоочтун жакталышы

Кыргыз тилинде адамзатты билдирип, адамзатка тиешелүү болгон зат атоочтор гана жак боюнча өзгөрөт, башкача айтканда, жакталат: атамын, энесиң, *студентсиз, ишкерсиздер, жылкычымын, уялашсы*ңар, илимпозбуз, Эсенмин, Калыйсың, *Чолпонбаевасыз, Таабалдиевичси*ң ж.б. Адамзаттык эмес зат атоочтор жак боюнча өзгөрбөйт, башкача айтканда, жакталбайт. Кыргыздар төөмүн, атсың, *жыгачсыз, топураксы*ңар, чөпсүң деп айтпайт. Айрым өзгөчө учурларда гана итсиң, *малсы*ңар (урушканда), пилмин, карышкырсың (роль аткарганда) деп колдонулушу мүмкүн. Бирок, мындай учурларда да ошол сөздөр кишини билдирип, адамзаттык зат атооч маанисине ээ болот.

Адамзаттык мааниде болуп затташкан сөздөр да жакталат: мыктысың, *коркоксуң, атсызбыз, аюудайсыз, айылдыксы*ңар, багарымсың, *бешөөсүздөр*, үчүнчүтөнсүнөр, он чактыбыз ж.б. Кыргыз тилинде зат атоочко, деги эле атоочторго жак мүчөлөрүнүн толук түрү гана мүнөздүү.

Жак боюнча адамзаттык гана зат атоочтордун өзгөрүшү жана ал өгөрүштө жак мүчолөрдүн толук түрүнүн гана колдонулушу жак мүчөлөрдүн маанилик табияты менен да шартталат. Анткени, жак мүчөлөр биринчи жана экинчи жактарда эле болот. Үчүнчү жакты тейлөөчү жак мүчө жок. Ал эми биринчи жак менен экинчи жак кишини гана билдирет. Биринчиси сүйлөп жаткан жакты, экинчиси аны тыңшап, жооп берип жаткан жакты көрсөтөт. Демек, бул эки жактын мүчөлөрү жалганган атооч сөздөр адамды жана адамга тиешелүү болгон затты же заттык түшүнүктү гана билдирет.

Келип чыгыш тегин алып карасак да, биринчи жактын мүчөсү *(-мын, -быз)* менен экинчи жактын мүчөсү *(-сың, -сыз)* тиешелүү жактама ат атоочтордон келип чыккан. Зат атоочтун, дегеле атоочтордун жак боюнча өзгөрүшүнүн терс формасы дайыма атооч сөздөн кийин эмес деген сөздүн кошо айтылышы менен туюндурулуп, атоочко жалгануучу жак мүчө да ошол эмес деген сөзгө өтүп кетет. Атооч сөздөрдөгү жак мүчөлөр жакчыл таандык мүчөлөрдөн төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат:

1. Таандык мүчөлөр сөздөрдү үч жактын бирине таандык, тиешелүү кылып көрсөтсө *(апам,* апаң, *апаңыз,* апасы), жак мүчөлөр сөздөрдү ошол жактардын тигил же мунусунун өзү катары көрсөтөт *(апамын,* апасың, *апасыз, апа).*

2. Таандык мүчөлөр атооч сөздөргө гана жалганат, ал эми жак мүчөлөр атоочторго да, этиштерге да жалгана берет.

3. Таандык мүчөлөргө дайыма басым түшүп турат, ал эми атооч сөздөргө жалганган жак мүчөлөргө басым түшпөйт: биздин энебиз, сиздин энеңиз; биз кишибиз, сен окуучусуң, *сиз мыктысыз.* Мисалдарда таандык мүчөлөр уланган сөздөрдө басым салт катары сөздүн аяккы муунуна түшүп, таандык уландысы басым менен айтылды *(биздин энебиз),* ал эми жак мүчөлөр менен келген сөздөрдө басым салтты бузуп, уңгунун акыркы муунунда кала берип, акыркы муунга — жак мүчөгө, түшкөн жок *(биз кишибиз).*

4. Таандык мүчөлүү атооч сөздөр дайыма илик жөндөмөсүндөгү сөз менен айкашып келип, синтаксистик жактан таандык байланышта: менин энем, сенин балаң, *сиздин атаңыз,* ал эми жак мүчөлүү атооч сөздөр дайыма атооч жөндөмөсүндөгү сөз менен айкашып келип, синтаксистик жактан ээрчишүү байланышында болот: мен барам, сиз барасыз, мен баламын, сен жазуучусуң.

5. Таандык мүчөлүү атооч сөздөр жөндөлөт, ал эми жак мүчөлүү атооч сөздөр жөндөлбөйт. Анткени, таандык мүчөлөр заттык атоо маанисин жоготпойт, сактайт, ал эми жак мүчөлөр заттык атоо маанисине баяндоо, жыйынтыктоо (предикаттык) маанилерин кошумчалайт.

6. Таандык мүчөлүү атооч сөздөр сүйлөмдө көбүнчө ээ, толуктооч, кээде бышыктоочтун да милдетин аткарат, ал эми жак мүчөлүү атооч сөздөр сүйлөмдө көбүнчө баяндоочтук милдетти аткарат.

Зат атоочтун жасалышы

Тилибиздеги зат атоочтор төмөнкүдөй негизги эки жол аркылуу жасалат: 1) морфологиялык жол - мында туунду зат атооч түзүүчү сөзгө куранды мүчө жалгоо аркылуу жасалат; 2) синтаксистик жол - мында татаал зат атооч эки же андан көп сөздүн кошулуп, бир бүтүндүккө биригип, лексикалык бир маанини туюнтушу аркылуу жасалат.

Морфологиялык жол

Бул жол - зат атоочтор эң өнүмдүү жол. Зат атооч жасоочу курандылар тилибизде дээрлик арбын. Алардын колдонуш өзгөчөлүктөрү да бирдей эмес. Булардын ичинен айрымдары жыш колдонулуп, көпчүлүк туунду зат атоочторду жасоого катышса, айрымдары сейрегирээк колдонулуп, саналуу гана зат атоочторду жасоого катышат. Демек, мындай курандылардын өнүмдүүлүк даражасы да бирдей эмес. Бул жагынан алар өнүмдүү жана өнүмсүз курандылар болуп экиге бөлүнөт.

Өнүмдүү курандыларга *-чы, -лык, -чылык, -лаш, -ык, -ым, -ма, -гыч, -гы, -ынды, -гын* сыяктуу мүчөлөр кирет. Ал эми өнүмсүз курандылар сан жагынан көбүрөөк келет: *-кер, -кеч, -поз, -кор, -стан, -кана, -чар, -ын, -ыт, -гак, -чык, -оо, -мыш, -мак, -ылга, -ымча* ж.б.

Зат атоочтор негизги сөз түркүмдөрүнүн дээрлик бардыгынан жасалат. Ал эми мындан алынган туунду зат атоочтордун мааниси түзүүчү негиздин сөз түркүмдүк белгиси, лексикалык мааниси менен куранды мүчөнүн сөз жасоо маанисинин өз ара биримдигинен келип чыгат.

Туунду зат атоочтордун кайсы түркүмдөгү сөздөн жана кандай куранды мүчөнүн жардамы менен жасалгандыгына карай курандылар төмөнкүдөй эки топко бөлүнөт: 1) атооч сөздөрдөн зат атооч жасоочу курандылар; 2) этиш сөздөрдөн зат атооч жасоочу курандылар.

Атооч сөздөн зат атооч жасоочу курандылар

-чы курандысы. Өзү жалганган зат атоочтун лексика-семантикалык тобуна карай төмөнкүдөй сөз жасоо маанилерин билдирет:

1) Төрт түлүктү же үй айбандарын билдирген негизге жалганып, аларды баккан, асыраган адам маанисин туюнтат: *жылкычы, уйчу, койчу, эчкичи, малчы, төөчү, топозчу, тоокчу, чочкочу, торпокчу* ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган нерсе менен кесипчилик кылган, адистик алган адам маанисин билдирет: *тилчи, тарыхчы, бедизчи, сынчы, жаэуучу, жумушчу, сүрөтчү, саясатчы, тоочу, кенчи, кызматчы, адабиятчы, балыкчы* ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган эмгек куралдары менен эмгектенген турмуш-тиричиликке байланыштуу буюм-тайымдарды жасаган адам маанисин билдирет: *орокчу, чалгычы, кетменчи, балтачы, балкачы, ээрчи, кашыкчы, окчу, кончу, карапачы* ж.б.

4) Негиз аркылуу туюнтулган өсүмдүктөрдү өстүргөн адам маанисин билдирет: *тамекичи, пахтачы, кызылчачы, токойчу, дарбызчы, коончу* ж.б.

5) Негиз аркылуу туюндурулган музыкалык аспапта ойноого, жоокерчилик өнөрдү ж.б. ларды аткарууга маш болгон, мындай өнөрдү тутунган адам маанисин билдирет: *комузчу, найчы, сурнайчы, чоорчу, оозкомузчу, добулбасчы, кернейчи, кыякчы, гитарчы, аңчы, уучу, жаачы, найзачы, сакчы, күзөтчү, замбирекчи, кушчу, бүркүтчү, ырчы, бийчи* ж.б.

6) Элдик дарыгерлик өнөрдүн же сыйкырдуу күчтүн ээсин билдирет: *эмчи, эмчи-домчу, канчы, тамырчы, сөөкчү, жайчы, зерчи, мээрчи* ж.б.

7) Негиз билдирген нерсе боюнча коомго жат терс иш-аракеттерди жасаган, ага көндүм болгон адам маанисин туюнтат: *арызчы, кошоматчы, жалганчы, ушакчы* ж.б.

8) Негиз билдирген нерсе боюнча элдик каада-салт, үрп-адат, диний ырым-жырымдар менен шугулданган адам маанисин туюнтат: *жуучу, доочу, ыйчы, азанчы, зикирчи, зыяратчы, саламчы, жарамазанчы, кайырчы, ырымчы* ж.б.

9) Негиз аркылуу аты аталган адамдардын, коомдук-саясий, илимий ишмерлердин жолун жолдогон, идеясын ишке ашырган, дастандарды элге жеткирип даңазалаган адам маанисин билдирет: *манасчы, семетейчи, гегелчи, дарвинчи, мичуринчи* ж.б.

10) Негиз билдирген коомдун, уюмдун мүчөсү болгон адам маанисин туюнтат: *спартакчы, динамочу, думачы, парламентчи, нефтичи, өкүлчү, мыйзамчы* ж.б.

11) Негиз билдирген мекемеде, ишканада, тармакта иштеген адам маанисин туюнтат: *транспортчу, китепканачы, курууч, архивчи, музейчи* ж.б.

-чы курандысы муну менен катар адамдын кесибин, адистигин, шык-жөндөмүн, кулк-мүнөзүн, сапатын, тутунган нерсесин, убактылуу же туруктуу аткарган иш-аракетин, ошондой эле идиш-аяк, буюм-тайым, орун-жай, айбанат, уруу-урук аталышын билдирген маанилерди да туюнтат: *боочу, топчу, такчы, эпчи, журтчу, жойчу, бокчу, жаачы, төөчү (карабагыш), тайчы (басыз), кушчу (сол канат), койчу (баргы)* ж.б.

-лык курандысы. Көбүнчө зат атооч жана сын атоочтон, кээде сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч жана кызматчы сөздөргө жалганып, төмөнкүдөй сөз жасоо маанилерин билдирет:

1) Негиз аркылуу туюнтулган нерсеге арналган, багышталган, ыңгайлаштырылган белгилүү заттын атын билдирет: ооздук, орундук, тердик, суулук, белдик, төштүк, туштук, баштык, оттук, ичимдик, суусундук, аштык, сөздүк, жандык ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган сапат, өң-түс, турпат, көрүнүш, өлчөм сыяктуу белгилер менен абстракттуу заттык түшүнүктөрдү билдирет: алыстык, жакындык, жылуулук, тазалык, сокурлук, калыңдык, тегиздик, кеңдик, тардык, бийиктик, пастык, жапыздык, терендик, оордук, жеңилдик, коюулук, суюктук, актык, сактык, кызуулук, көркөмдүк, сулуулук, акылдуулук, акылсыздык, билимдүүлүк, билимсиздик ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган туушкандык, алыс-жакындык мамиле аталышын билдирет: туугандык, аталык, энелик, балалык, коңшулук, достук, кастык, тентуштук, курбулук, душмандык ж.б.

4) Негиз билдирген маани аркылуу жаш-куракка, мезгилге байланыштуу түшүнүктөрдү туюнтат: жаштык, карылык, өспүрүмдүк, айлык, жылдык, күздүк, жаздык, бейшембилик ж.б.

5) Негиз билдирген маани аркылуу адамдын ар кыл кесибин, аткарган иш-аракетин, шык-жөндөмүн, тутунган өнөрүн, же мындай кесипке, адистикке, өнөргө байланыштуу мекеме-ишкана ж.б.ларды туюнтат: министрлик, башкармалык, элчилик, пахтачылык, жумушчулук, кенчилик, сынчылык, сатуучулук, куруучулук, жазуучулук, токуучулук ж.б.

6) Негиз билдирген сан аркылуу ошол сан менен өлчөм, разряд жагынан бирдей болгон сан деген маанини туюнтат: бирдик- 1, 2, 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9 сандарынын ар бири, ондук- 10, 20, 30, 40, 50, 60, 70, 80, 90 сандарынын ар бири, жүздүк - 100, 200, 300, 400, 500, 600, 700, 800, 900 сандарынын ар бири, миңдик - 1000, 2000, 3000, 4000, 5000, 6000, 7000, 8000, 9000 сандарынын ар бири ж.б. Булардын ичинен бирдик сөзү терминдик мааниде да колдонулат. Мисалы: тилдик бирдиктер - сөз, үнгу, мүчө, *морфема, фонема* ж.б., физикалык бирдиктер - кг., г., м., см., сек. ж.б.

7) Айрым тактооч, ат атооч, модалдык сөздөргө жалганып, абстракттуу маанидеги зат атоочторду жасайт: ыкчамдык, тездик, өзгөчөлүк, бөтөнчөлүк, кимдик, эмнелик, мендик, өздүк, бардык, жоктук, аздык, көптүк зарылдык, мүмкүндүк, керектик ж.б.

-чылык курандысы *-чы* жана *-лык* курандыларынын айкашынан пайда болгон, бирок тилибиздин азыркы абалында бир мүчө катары колдонулат. Анын бир мүчө экендигин шарттуу түрдө төмөнкүдөй жол аркылуу билүүгө болот. Эгерде туунду сөз *-чы* курандылуу сөздөн жасалса, мындай туундунун тутумунда *-чылык* эки мүчөгө ажырайт да, *-чы* жана *-лык* курандыларынын айкашын түзөт. Мисалы: сугатчылык, тамекичилик сөздөрү сугатчы, тамекичи сөздөрүнөн жасалган, андыктан мында *-чы-лык* турпаты *-чы* жана *-лык* мүчөлөрүнө ажырайт.

Эгерде туунду сөздүн соңку *-лык* турпатын алып таштагандан кийинки калган бөлүгү өз алдынча сөз катары касиетин сактай албаса, ал бөлүк ошол туундуга түзүүчү негиз болуп келбесе, мындай сөздүн тутумунда *-чылык* бир бүтүн куранды деп табылат. Мисалы: мусулманчылык, сопучулук сөздөрүнүн аягында келген *-лык, -лук* көрсөткүчтөрүн алып таштасак, андан калган мусулманчы,

сопучу бөлүктөрү өзүнчө сөз катары колдонулбайт жана аталган туундуларга түзүүчү негиз да боло албайт. Себеби, алар мусулман, сопу сөздөрүнө *-чылык* курандысын жалгоо аркылуу жасалды. Демек, мында - чылык бир бүтүн мүчө.

Айрым учурда *-чылык* тутумдуу туунду сөздүн түзүүчү негизин аныктоодо аталган жол жетишсиздик кылышы мүмкүн. Маселен, мергенчилик сөзүн мерген сөзүнөн да, мергенчи сөзүнөн да жасалган деп айтууга болот. Бирок анын «кесиптин, өнөрдүн түрү» маанисин билдирип тургандыгына карай ушул эле маанидеги бүркүтчүлүк сөзү менен салыштыруу зарыл. Соңку сөздүн түзүүчү негизи - бүркүт эмес, бүркүтчү. Демек, мергенчилик сөзүнүн түзүүчү негизи - мергенчи сөзү, анткени анда мерген сөзүнө караганда кесиптик маани күчтүүрөөк берилген. Жыйынтыгында *-чылык* сыяктуу татаал мүчөлөрдүн бир же бир нече мүчө экендигин териштирүүдө көңүл чордонунда туунду жана түзүүчү сөздөрдүн мааниси турууга тийиш.

-чылык курандысы көбүнчө зат атооч, сын атоочторго, сейрегирээк башка түркүмдөгү сөздөргө жалганып, кесиптин, иш-аракеттин түрүн, сапаттын, мүнөздүн, шык-жөндөмдүн, ар түрдүү белгилердин өзгөчөлүктөрүн жалпылаштырып туюнтуучу абстракттуу маанидеги туунду зат атоочторду жасайт: дыйканчылык, талаачылык, багбанчылык, жоокерчилик, соодагерчилик, баатырчылык, тууганчылык, кыргызчылык, уруучулук, жердешчилик, кулчулук, жигитчилик, пендечилик, акимчилик, карыпчылык, тынччылык, арзанчылык, кымбатчылык, токчулук, ачкачылык, барчылык, жокчулук, көпчүлүк, азчылык, мүмкүнчүлүк, зарылчылык ж.б.

-лаш курандысы. Бул курандынын жардамы менен жасалган туундуларды маанисине карай төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот:

1) Орун-жай, аймак-мейкиндик жактан болгон жалпылыкты билдирген сөздөр: айылдаш, жердеш, мекендеш, короолош, көчөлөш, конушташ, коңшулаш, чектеш ж.б.

2) Мезгилдик жактан жалпылыкты билдирген сөздөр: жашташ, күндөш, айлаш, замандаш, доорлош, курдаш, курбалдаш ж.б.

3) Иш-кызмат, окуу, кесип-өнөр жактан жалпылыкты көрсөткөн сөздөр: кесиптеш, кызматташ, калемдеш, классташ, курсташ, цехтеш, авторлош ж.б.

4) Максат-тилек, ой-пикир, алака-мамиле жактан жалпылыкты билдирген сөздөр: тилектеш, сырдаш, пикирлеш, санаалаш, жолдош ж.б.

5) тууган-туушкан, уруу-улуттук жактан жалпылыкты билдирген сөздөр: улутташ, кандаш, карындаш, эмчектеш, уялаш, аталаш, энелеш ж.б. Аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө бол.

-лаш курандысынын бир мүчө экендиги *-чылык* курандысы сыяктуу эле төмөнкүчө аныкталат. Мисалы: кесиптеш туундусунан -ш элементин алып таштасак, андан калган кесипте бөлүгү тилибиздеги эч бир сөзгө туура келбейт.

Ошондуктан *-лаш* курандысы - бир бүтүн мүчө. Ал аркылуу кесип сөзүнөн кесиптеш туундусу жасалды.

Зат атоочтон зат атооч жасоочу өнүмсүз курандылар төмөнкүлөр:

1. ***-кана курандысы.*** Негиз аркылуу туюнтулган затты жайгаштыруу, таратуу, даярдоо, сактоо, пайдалануу үчүн арналган орун-жайды, мекемени билдирген туунду зат атоочторду жасайт: китепкана, мураскана (музей) дарскана (аудитория), ишкана, устаткана (мастер-класс), мейманкана, жатакана, басмакана, малкана, аткана, уйкана, тооккана, эмкана (больница), бейтапкана (поликлиника), бажыкана (таможня) ж.б.

2. ***-стан*** курандысы. Негиз билдирген улуттун аты аркылуу ал улут мекендеген өлкө маанисиндеги зат атоочторду жасайт: Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Ооганстан, Пакистан, Индустан, Чеченстан, Түркмөнстан, Дагстан, Татарстан, Башкырстан.

3. ***-кер,*** **-кеч, -поз** курандылары. Негиз аркылуу туюнтулган нерсе боюнча кесип кылган, иш-аракет жасаган адам маанисиндеги зат атоочторду жасайт: жоокер, зергер, жоопкер, талапкер, кызматкер, ишкер, соодагер, найзакер, себепкер, данакер, дарыгер, кейипкер, айыпкер, кайраткер, кесипкер, күнөкөр, айлакер, кылмышкер, ардагер, калемгер; арабакеч, акылкеч, пайдакеч, зыянкеч, мээнеткеч, аракеч, кирекеч; ашпоз, өнөрпоз, маскарапоз, кумарпоз, илимпоз ж.б.

Этиштен зат атооч жасоочу курандылар

-ым курандысы төмөнкү зат атоочторду жасайт:

1) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин, процесстин натыйжасын абстракттуу зат катары билдирет: *өлүм, билим, өнүм (продукция), терим, чечим, бөлүм, тилим, каттам, агым, сүйлөм, басым, тыным, айтым, чыгым, кысым, чыдам, курам, тутум* ж.б.

2) Негиз туюндурган кыймыл-аракеттин, процесстин аткарылышына багышталган, арналган затты билдирет: *кийим, жем*.

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин бир жолку аткарылыш өлчөмүн билдирет да, мындай маанидеги туунду сөздөр мүнөздүү түрдө төмөнкүдөй айкаштардын тутумунда колдонулат: *бир жутум кымыз, бир саптам жип, бир ууртам суу, бир кайнатым чай, бир атым дары, бир кесим эт, бир сындырым нан, бир тай чабым жер, бир саам убакыт* ж.б.

-гыч курандысы төмөнкүдөй маанилерге ээ:

1) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракетти аткарууга арналган курал-жабдык, шайман же башка каражаттар маанисин билдирет: *кыргыч, кескич, кергич, ачкыч, чаң соргуч, кир жуугуч, эт тарткыч, тешкич, сызгыч, сузгуч, өчүргүч, желдеткич, туткуч, илгич, тиштеткич* ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин аткарылышына ыңгайлаштырылган, арналган орун маанисин билдирет: *отургуч, тепкич.*

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракетти аткаруучу жандуу зат (адам же айбан) маанисин билдирет: *учкуч, жырткыч* ж.б.

-ма курандысы. Этиштен жасалган зат атоочтордун тутумунда төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин натыйжасынан пайда болгон конкреттүү зат маанисин билдирет: *жарма, сүзмө, тундурма, оромо, көчүрмө, эритме, каттама, катырма, колжазма, кесме, тиркеме* ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин бөтөнчөлүгү менен мүнөздөлгөн абстракттуу зат маанисин билдирет: *мүнөздөмө, маалымдама , баяндама, тапшырма, түшүндүрмө, кыстырма, кепилдеме* ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракет менен мүнөздөлгөн илдеттарттын маанисин билдирет: *ысытма, кычытма, талма, басма, кыйма, тердетме* ж.б.

4) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүнө байланыштуу орун-жай, курулуш, мекеме маанисин билдирет: бөлмө, *көтөрмө, бастырма, башкарма, көргөзмө, үйүрмө (студия), сүйрөтмө, буктурма,* ж.б.

5) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин өзгөчөлүгү менен мүнөздөлгөн турмуш-тиричилик буюмдары, кийим-кечек маанисин билдирет: *сызма, түймө, чалма, тартма, бүйүрмө, кездеме* ж.б.

-ык курандысы төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

1) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракетти аткарууга арналган эмгек шаймандары, турмуш-тиричилик буюмдары маанисин билдирет: *күрөк, калак, элек, кайрак, тарак, төшөк, жаздык, дөңгөлөк, ийик, казык* ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүнө, натыйжасына байланыштуу абстракттуу түшүнүктөрдү билдирет: *тилек, салык, буйрук, санак, сынак, өксүк, ыргак, жазык, түшүнүк* ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин натыйжасынан пайда болгон заттык белги маанисин билдирет: *тешик, сынык, кесик, жамак, курак, күйүк, тилик, кыйык* ж.б.

4) Негиз билдирген кыймыл-аракет аткарылуучу орун, мейкиндик маанисин туюнтат: *кыштак, корук* (заповедник).

5) Тууранды этиштерге жалганып, алар аркылуу туюнтулган кыймыл-аракет, элес-абалдын натыйжасына, өтүш өзгөчөлүгүнө байланыштуу маанилерди билдирген зат атоочторду жасайт: *тарсылдак, ышкырык, какырык, түкүрүк, өкүрүк, үшкүрүк, кыйкырык* ж.б.

-ынды курандысы этиштен жасалган зат атоочтордун тутумунда төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1) Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда болгон конкреттүү зат маанисин билдирет: *жугунду, агынды, таштанды, күрөндү, кырынды, кыркынды, кыйынды* ж.б. Ушул эле типке асыранды сөзүн жаткырууга болот, бирок анда өйдөкү маани менен кошо «адам, жак» мааниси да чогуу туюнтулат.

2) Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракеттин натыйжасы менен мүнөздөлгөн абстракттуу заттык түшүнүктү билдирет: *корутунду, көбөйтүндү, кошунду, туунду, куранды, уланды, тийинди* ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин аткарылган ордун билдирет: *чабынды, күрөндү, таштанды* ж.б. Мында күрөндү, *таштанды* сөздөрү орундук да, натыйжалык да маанилер менен мүнездөлөт, бирок контекстте булардын ичинен бирөө гана белгиленет. Мисалы: Таштандыны сыртка чыгар десек, таштанды сөзү натыйжалык, заттык мааниде колдонулду. Күрөндүгө ойнобо десек, күрөндү сөзү аркылуу орундук маани туюндурулду.

-гы курандысы этиштен жасалган туунду зат атоочтордун тутумунда төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракетти аткарууга арналган курал-жабдык, шайман, түрдүү каражаттар маанисин билдирет: *чалгы, сүргү, шыпыргы, керги* ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда болгон зат маанисин билдирет: *көчкү, сасыткы, уютку* ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракет менен мүнөздөлгөн абстракттуу заттык түшүнүктү билдирет: *сокку, каккы, күлкү, тепки, уйгу-туйгу, уйку (<уйу+кы)* ж.б.

-гын курандысы төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

1) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракет менен байланышкан жаратылыш кубулуштарынын маанисин билдирет: *ташкын (<ташы + гын, сал. ашып-ташып), өткүн, толкун, бороон-чапкын* ж.б.

2) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин субъектисин (адам же айбан) билдирет: *качкын, куугун, келгин, туткун, тургун* ж.б.

3) Негиз аркылуу кыймыл-аракеттин, процесстин атын билдирет: *кыргын, сүргүн, чачкын, бүлгүн* ж.б.

-ыш курандысы төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

1) Негиз билдирген кыймыл-аракет, процесстин атын туюнтат: *согуш, уруш, отуруш, чогулуш, жарыш, күрөш, айтыш, талаш* ж.б.

2) Негиз туюнткан кыймыл-аракеттин натыйжасын билдирет: *көрүнүш, жеңиш, утуш, каргыш (<карга+ыш), алкыш (<алка+ыш)* ж.б.

3) Негиз аркылуу туюнтулган кыймыл-аракеттин аткарылган ордун билдирет: *конуш, өрдөш, өрүш, батыш, чыгыш, курулуш, бурулуш* ж.б.

-ман курандысы *-ар* атоочтугуна жалганат да, негиз аркылуу туюнтулган иш-аракетти аткарган адам маанисин билдирет: *аларман, билерман, көрөрман, окурман, чабарман, берерман, күйөрман, иштерман* ж.б.

Этиштен зат атооч жасоочу өйдөкүдөн башка да бир катар өнүмсүз курандылар бар. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1) ***-ыч*** **курандысы**: *кубаныч, сагыныч, өкүнүч, сүйүнүч, коркунуч* ж.б.

2) ***-оо/-уу*** **курандысы**: *жайлоо, шайлоо, айдоо, кыштоо, жазуу, сүйүү*, шыбоо, аштоо ж.б.

3) ***-ылга*** **курандысы:** *камылга, демилге, жөрөлгө*, жасалга, табылга.

4) ***-мак*** **курандысы:** *оймок, куймак, чакмак, чертмек, салмак, сыйыртмак, табышмак* ж.б.

5) ***-мыш*** **курандысы:** *жазмыш, болмуш, турмуш, Төлөмүш, Токтомуш, жөргөмүш* ж.б.

6) ***-ыт*** **курандысы:** *күйүт, кийит, куут, бөгөт, туут* ж.б.

7) ***-ын*** **курандысы:** *эгин, агын, түйүн, келин, чийин* ж.б.

8) ***-ооч*** **курандысы:** *тырмооч, атооч, баяндооч* ж.б.

9) ***-гак*** **курандысы:** *жапкак, таңгак, капкак* ж.б.

10) ***-аша*** **курандысы:** *киреше, чыгаша.*

Синтаксистик жол менен жасалышы

Бул жол аркылуу татаал зат атоочтор жасалат. Алар төмөнкүдөй белгилери менен мүнөздөлөт:

1) эки же андан көп сөздүн бир бүтүн сөзгө биригишинен жасалат,

2) лексикалык жактан бир гана маанини билдирет,

3) морфологиялык жактан бир гана сөз түркүмүнө таандык болот,

4) синтаксистик жактан сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат,

5) ички түзүлүшү жактан түгөйлөрүнүн ордун алмаштырууга же болбосо алардын ортосуна сөз айкашы сыяктуу башка бир сөздү кошуп айтууга болбойт.

Татаал зат атоочтор татаал сөздөр сыяктуу кошмок зат атоочтор, кош зат атоочтор жана кыскарган зат атоочтор болуп негизги үч топко бөлүнөт.

Кошмок зат атоочтор түгөйлөрүнүн сөз түркүмдүк белгиси боюнча төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

1. **Зат атооч + зат атооч** үлгүсүндө жасалган татаал зат атоочтор: *ай балта, ит мурун, бака жалбырак, аркар от, ат кулак, көз айнек, таш тикен, кум шекер, басма сөз, таш бака, айры куйрук, козу карын, ай балтыркан* ж.б.

2. **Сын атооч + зат атооч** үлгүсүндө жасалган татаал зат атоочтор: *ак сакал, сары айгыр, сары май, сокур теке, ак кайың*, кара *сөз, боз торгой, ач көзөн, Ала-Бел, Ала-Бука, Кеңкол, Каракол, Кара-Суу* ж.б.

3. **Сан атооч + зат атооч** үлгүсүндө жасалган татаал зат атоочтор: *бир боор, кырк аяк, кош аяк, миң тамыр, кырк муун, Миң-Булак, Миң-Теке, Жети-Суу, Кырк-Казык* ж.б.

4. **Этиш + зат атооч** үлгүсүндө жасалган татаал зат атоочтор: *жанар зат, жанар тоо, Кескен-Бел, Толгонай, Келдибек* ж.б.

5. **Зат атооч + этиш** үлгүсүндө жасылган татаал зат атоочтор: *из кубар, балта жутар, баш кесер, кан таламай, күн карама, Балам калды, Теңирберди, Жолболду, Айтол, Кудайберген* ж.б.

6. **Этиш + этиш** үлгүсүндө жасалган татаал зат атоочтор: *Сатыбалды, Таабалды, Тилебалды* ж.б.

Аталган топтордун ичинен өнүмдүүлүк даражасы боюнча алгачкы эки үлгүдөгү татаал зат атоочтордун жасалышы негизги орунду ээлейт. Ал эми калган төрт үлгү боюпча жасалган зат атоочтордун жалпы саны чектелүү.

Кош зат атоочтор түгөйлөрүнүн туунду же тубаса сөз экендигине карай төмөнкүдөй үч топко бөлүнөт:

1. Эки түгөйү тең тубаса сөз түрүндөгү кош зат атоочтор: *ата-эне, тоо-таш, күч-кубат, бак-дарак, үй-жай, жер-суу, дос-душман, ата-бала, ага-ини, аш-той, кыз-жигит, жем-чөп* ж.б.

2. Эки түгөйүнүн бири тубаса, экинчиси туунду сөз турпатындагы кош зат атоочтор: *соода-сатык, келин-кыз, аң*-сезим, *атак-даңк, дос-жолдош* ж.б.

3. Эки түгөйү тең туунду сөз турпатындагы кош зат атоочтор: *уруш-талаш, жыртык-тешик, жыйым-терим, киреше-чыгаша* ж.б.

Мындан сырткары кош зат атоочтор биринчи түгөйүн жартылай кайталоо аркылуу да жасалат: *нан-пан, чай-пай, эт-сет, сүт-мүт* ж.б. Бул үлгүдө жасалган кош зат атоочтор, негизинен, жамдоо маанисин билдирет.

Кыскарган сөздөр, өйдөдө белгиленгендей, толугу менен **кыскарган зат атоочтордун үлүшүнө** туура келет.

Сын атооч

Сын атоочтор лексика-грамматикалык маанилери жагынан да, морфологиялык курулуш өзгөчөлүгү, башкача айтканда, сөз өзгөртүү, сөз жасоо жагынан да, сүйлөмдөгү синтаксистик кызматы жагынан да өзүнө тиешелүү белгилери бар сөз топтору болуп эсептелет. Сын атоочтор накта сын атоочтук мааниде туруп, эч бир өзгөрбөстөн зат атооч сөздөргө айкаша келет да алардын түрдүү касиеттерин, сын-сыпат белгилерин көрсөтөт. Дайыма зат атооч сөздөр аныкталгыч болуп, сын атооч сөздөр алардын тигил же бул касиетин, сыпатын аныктагыч болуп келет. Мисалы: Эски үлгүдө жасалган оор үстөл, калың айнек үстөлдүн бетинде. (М.М.) Бул жерде эски, оор, калың деген сын атоочтор үлгү,

үстөл, айнек деген зат атооч сөздөр менен айкаша келип, алардын тиешелүү касиеттерин аныктады. Ал эми зат атоочтор аныкталгычтар болуп турат. Сын атоочторду өзүнчө сөз түркүмү катары көрсөтүп, башка сөз түркүмдөрүнөн айырмалап турган төмөнкүдөй мүнөздүү белгилери бар:

1. Сын атооч сөздөр заттагы, буюмдагы, нерседеги, ар түрдүү заттык түшүнүктөгү сапаттын, касиеттин, белгинин аз же көп, күчтүү же начар, чоң же кичине экенин билдирген даража категориясы боюнча өзгөрөт: көк, көгүш, көгүрөөк, акылсызыраак, өтө акылсыз, өтө эле акылсыз, акылсыздын акылсызы ж.б.

2. Сын атоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды (сөз жасоочу) мүчөлөрү бар. Мисалы: ***-луу:*** ойлуу, билимдүү, *келбеттүү, кылкандуу;* ***-сыз:*** күчсүз, пайдасыз, адилетсиз, малсыз, китепсиз, кантсыз; ***-дай:*** суудай, оттой, тоодой, жыландай, Чубактай; ***-гыч:*** сезгич, ташыгыч, билгич, тапкыч, көрөгөч ж.б.

3. Накта өз маанисинде турганда сын атоочко сан, жөндөмө, жак жана таандык категориялар мүнөздүү эмес, башкача айтканда, накта сын атооч маанисинде колдонулган учурда сын атооч сөздөр өзгөрбөйт.

4. Сүйлөмдө сын атооч сөздөр көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарат: Жалындуу жаштардын колунан баары келет. Кээде баяндоочтун милдетин да аткарат: Биз эски, балдар жаңы, шаар жаңы. (А.О.) Этиштер менен айкашып келип, кээде бышыктоочтун милдетин да аткарат: Таалайга дилгир элимдин, тарыхын кенен жазбасам. (А.Т.).

Сын атооч сөздөр лексикалык маанилерине карай төмөндөгүдөй тематикалык топтордон турат:

1) өңдү, түстү билдирген сөздөр: көк, ак, жээрде, куба, ж.б.

2) заттын ички, сырткы көрүнүш белгилерин билдирген сөздөр: түз, ийри, тайыз, жумуру, жалпак, аксак ж.б.

3) кулк-мүнөздөгү өзгөчөлүк белгилерди билдирген сөздөр: акылдуу, акмак, жоош, курч, шок, эпкиндүү, *асыл, сыпайы, кырс* ж.б.

4) даам, жыт өзгөчөлүк белгилерин билдирген сөздөр: таттуу, ачуу, ширин, жыттуу, коңурсук, сасык ж.б.

5) жылуулук өзгөчөлүктү билдирет: суук, жылуу, ысык, ж.б.

6) заттагы катуу, жумшак, салмак, көлөм сапаттарды билдирген сөздөр: борпоң, *жумшак, семиз,* арык, оор, жеңил ж.б.

7) материалын, эмнеден жасалгандыгын, кайдан келип чыккандыгын, тегин заттын белгиси катары билдирген сөздөр: бактылуу, суусуз, таштак, баткак, ылайка, санаалаш, уялаш ж.б.

8) мезгилдик, мейкиндик түшүнүктөрдү заттын белгиси катары көрсөткөн сөздөр: кышкы, кечки, үйдөгү, *шаардагы* ж.б.

Сын атооч сөздөр тутумуна карата жөнөкөй жана татаал сын атоочтор болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй сын атоочтор бир гана сөздөн (унгудан) турат: ак, жашыл, кара, буурул, таттуу, кызык, тоодой, белгисиз ж.б.

Татаал сын атоочтор болсо, эки же андан көп унгудан туруп, заттагы, нерседеги бир гана белгини, касиетти, сапатты билдирет: көк ала, сары тору, бүркүт кабак, бийик-бийик, коомдук-саясий ж.б. Татаал сын атоочтор сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат: Анын кара тору жүзүнөн тер тыпылдап кетип жатты. (Б.У.). Мисалдагы кара тору деген татаал сын атооч сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн, аныктоочтун милдетин аткарды.

Сын атооч сөздөр тутумдук түзүлүшү жана морфологиялык өзгөрүү өзгөчөлүктөрү боюнча бирдей эмес. Кээ бир сын атооч сөздөр затка тиешелүү белгини, касиетти, сапатты анын өз мазмунуна, келбетине карата эле билдирсе, кээ бир сын атоочтор мындай касиеттерди башка заттар же башка белгилер аркылуу туюндурат. Айрым бир сын атоочтор касиет, белги, сапаттын түрдүүчө өзгөргөн абалын да билдире берер өзгөрүүлөргө дуушар боло алса, башка бир сын атоочтор мындай өзгөрүүлөргө дуушар боло албайт.

Кыргыз тилинде сын атооч сөздөр мына ушундай маанилик жана грамматикалык түзүлүш өзгөчөлүктөрү боюнча эки чоң топтон турат: сапаттык сын атоочтор, катыштык сын атоочтор.

Сапаттык сын атоочтор заттардагы табигый белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди түздөн-түз эле билдирет. Алардын мындай мүмкүнчүлүгү башка сөздөрдүн катыштыгы жок эле ишке ашат. Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы тубаса сын атоочтор болуп эсептелет. Мисалы: кызыл, түз, кең, *курч, шок, бош* ж.б. Сапаттык сындар - сын атоочтордун негизги уюткусу. Анткени, сын атоочторго сөз түркүмү катары тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр биринчи кезекте ушул сапаттык сындардын табиятында болот. Булар көпчүлүк туунду сын атоочторго жана даража формаларынын жасалышына негиз болуп кызмат кылат.

Ошентип, жогоруда белгиленгендей, сапаттык сын атоочтор тубаса сын атоочтор болушат. Бирок, мындай бүтүм - шарттуу түрдө гана чыгарылган бүтүм. Анткени, тарыхый жагынан алып караганыбызда, кээ бир сапаттык сындар туунду сөздөр болуп чыгат. Мисалы: ала деген сапаттык сын атооч сөз ал, ак деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. Сапаттык сын атоочтор катыштык сын атоочтордон төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат.

1. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү уңгу сөздөр, ал эми катыштык сын атоочтордун бардыгы туунду сөздөр болуп саналат.

2. Сапаттык сын атоочтордун көпчүлүгү өз ара антонимдик катыштарды түзө алат: чоц - кичине, ак - кара, жоон - ичке, тар - кең, *узун - кыска* ж.б.

3. Сапаттык сын атоочтордун дээрлик бардыгы заттардагы касиеттин, белгинин деңгээлин көрсөтүп, даража көрсөткөчтөргө ээ болот. Мындай көрсөткүчтөргө катыштык сын атоочтордун айрымдары гана ээ болот.

Катыштык сын атоочтор заттардагы белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, касиеттерди башка заттар, башка нерселер, башка түшүнүктөр аркылуу билдирет. Башкача айтканда, заттардагы сапат белгилер башка бир сөздөрдүн катыштыгы менен түшүндүрүлөт. Кыргыз тилинде сын атооч сөздөрдүн көпчүлүгүн катыштык сын атоочтор түзөт. Анткени, катыштык сын атоочтор башка сөздөрдөн жасалат да, түп уңгусу сын-сыпаттын, касиеттин, белгинин эмнеден келип чыккандыгын, кандай затка байланыштуулугун билдирет. Мисалы: тончон киши (тон деген сөздөн келип чыккан), мөмөлүү дарак (мөмө), акылдуу кыз (акыл), таттуу тамак (таты-), жыттуу чөп (жыт), сырдаш курбу (сыр), таштак жол (таш), тандалма жыйнак (тандал-), күйүмдүү бала (күйүм) ж.б.

Катыштык сын атоочтордун маанилери ар түрдүү болот. Алар билдирген сапаттык, белгилик, касиет маанилер тиешелүү уңгулардын маанилерине жараша айтылат:

1. Заттын белгиси, касиети катары мезгилдик түшүнүктү билдирген катыштык сын атоочтор: түнкү сугат, кышкы сессия. Мисалы: Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө артык. (Макал).

2. Орун, мейкиндик түшүнүктөрдү заттын белгиси, касиети катары туюндуруучу катыштык сын атоочтор: жайлоодогу мал, үйдөгү буюм, айылдагы мектеп ж.б.

3. Кандайдыр заттын же абстракттуу түшүнүктүн бар же жок экендигин анын белгиси, касиети катары туюндуруучу катыштык сын атоочтор: тондуу бала, суусуз талаа, баткак көчө ж.б. Мисалы: Валянын жылдыздуу бети албырып чыкты. (Ж.М.).

4. Кандайдыр топ, пикирдештик, аймак боюнча жалпылыкты заттын белгиси катары көрсөткөн катыштык сын атоочтор: айылдык кыз, сырдаш курбу, сапарлаш киши ж.б.

Сын атоочтун даражалары

Заттардагы, буюмдардагы, нерселердеги, ар түрдүү заттык түшүнүктөрдөгү сын-сыпат, өң, түс, даам, тулку, кебете, көлөм, ченем же башка белгилер, касиеттер бирдей боло бербейт. Бирөңчөй заттарда да алдагыдай касиеттер бирдей болбойт. Мына ушул ар түрдүүлүк, бирдей эместик, башкача айтканда, сын-сыпат касиеттердин салыштырмалуулук белгилери сын атоочтун даража категориясы аркылуу туюндурулат. Кыргыз тилинде сын атоочтун төрт даражасы бар: жай, басаңдатма, салыштырма, күчөтмө.

1. Жай даража. Жай даражадагы сын атоочтор заттардын сын-сыпатын, белгилерин жайынча атайт. Мисалы: Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат. (Макал). Жай даражаны уюштуруучу грамматикалык каражат болбойт. Сын атооч сөздөрдүн бардыгы жай даражада турат.

2. Салыштырма даража. Салыштырма даража заттын сын-сыпат белгисин башка белгиге, же башка заттын сын-сыпат белгисине салыштырып билгизет. Салыштырма даражада заттын белги, сапат же касиеттеринин башка заттагы белги, сапат же касиеттерден ашыгыраак же кемирээк, көбүрөөк же азыраак экендиги көрсөтүлүп, кайсы бир даражада басаңдатуу, же күчөтүү маанилери болот. Салыштырма даража төмөнкү жолдор аркылуу уюшулат:

а) *-ыраак (-раак)* мүчөсүнүн сын атооч сөздөргө жалганышы аркылуу: агыраак, сулуураак, эттүүрөөк, баткагыраак ж.б. Мисалы: Ал бийигирээк жерде туруп алып, өз жигиттерине опурула баштады. (А.С.).

б) Салыштырылуучу зат чыгыш жөндөмөдө аталат да, сын атоочко *-ыраак(-раак)* мүчөсү жалганат: менден чоңураак, иттен жапысыраак, Асандан кичирээк ж.б.

в) Салыштырылып жаткан сөз чыгыш жөндөмөдө айтылып, сын атооч сөзгө *-ыраак(-раак)* мүчөсү жалганбай келсе да салыштыруу мааниси уюшулуп айтылат. Мисалы: Кечээ мен окуган китептен кызык экен. Анын бою Адылдан узун го.

Кыргыз тилинде салыштырма даражанын күчөтүп салыштыруу жана басаңдатып салыштыруу маанилери да бар деп айттык. Мындай маанилер атайын башка бир грамматикалык каражат менен туюндурулбай, салыштырма даражанын контексттеги маанилери менен эле туюндурулуп айтыла берет: сылык киши, сылыгыраак киши, бир аз сылыгыраак киши.

3. Басаңдатма даража. Басаңдатма даража заттын сын-сыпат белгисинин демейдегиден төмөндүгүн, демейдегиге жете бербегендигин көрсөтөт. Булар өңтүс маанидеги сын атоочтордон төмөнкү мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулат:

-ыш: агыш, көгүш;
-гыл: киргил, кочкул;
-ылжым (-ылжын): көгүлжүм (көгүлжүн), каралжын;
-ылтыр: көгүлтүр;
-гыч: саргыч, бозгуч, кызгыч;
-гылт: кызгылт, сургулт;
-гылтым: кызгылтым, көгүлтүм;
-омук: бозомук;
-ымтыл: караамтыл, көгүмтүл.

Басаңдатма даража бир аз, анча-мынча деген өндүү сөздөрдүн сын атоочторго кошулуп айтылышы менен да уюшулат: бир аз жакшы, анча-мынча дурус.

4. Күчөтмө даража. Күчөтмө даража заттын сын-сыпат белгисинин демейдегиден арбын, жогору, күчтүү деңгээлде экенин билдирет да төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат:

1. Сын атооч сөздөрдүн биринчи муунунун өзгөрүп кайталанып айтылышы аркылуу: кыпкызыл, супсулуу, сапсары ж.б. Жүрөктө турду жаңырып, ыпысык сүйүү обону. (С.Т.).

2. Сын атооч сөздөрдүн кайталанып айтылышы аркылуу уюшулат, бул учурда сын атоочтордун биринчиси илик жөндөмөдө, экинчиси 3-жакка таандык болуп айтылат: көктүн көгү, *бийиктин бийиги, тереңдин тереңи*, ысыктын ысыгы ж.б.

3. Эң, *аябай*, өтө, *абдан, эбегейсиз, ашкан, мүлдө, чым*, чымкый, чылк, эпсиз деген сыяктуу күчөткүч сөздөрдүн жардамы менен уюшулат: эң сонун, аябай кызык, өтө жаман, чымкый кызыл, абдан чоң, *эбегейсиз бийик, ашкан айлакер, чым кара* ж.б.

4. Чыгыш жөндөмөсүндөгү зат атоочтун жардамы аркылуу: аттан да күлүк, сүттөн ак, үйдөн да чоң ж.б. Мен койондон жапыс болоюн, сен бүркүттөн алгыр бол. («Эр Төштүк»).

5. Кээ бир сын атоочтордун кайталанып кош сөз түрүндө айтылышы аркылуу: бийик-бийик, ширин-ширин, узун-узун ж.б. Узун-узун уз келет, узун бойлуу кыз келет. (Фольк).

6. Санды билдирген жана сан атооч сөздөргө эсе деген сөздүн кошулуп айтылышы менен да сын атоочтордо күчөтмө маани жаралат: көп эсе жакшы, он эсе мыкты ж.б. Мындан жүз эсе, мындан миң эсе курч кайрат, майтарылбас эрдик менен, керек болсо канды суудай төгүп, аябастан жанды кечип күрөшүш керек. (К.А.).

7. Жаман, иттей, өлгүдөй деген сөздөрдүн өтмө мааниде колдонулуп, сын атоочтор менен бирге айтылышы аркылуу: жаман катуу, жаман сулуу, иттей таттуу, өлгүдөй сонун ж.б.

Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу

Сын атооч сөздөр дайыма аныктагыч болуп, аны менен айкашып турган зат атоочтор аныкталгычтар болушат. Сүйлөм тизмегинде кээде аныкталгыч сөз түшүп да кала берет. Мындай учурда сын атооч сөз аныкталгычтын ордуна колдонулуп, анын грамматикалык маанилерин да өзүнө кабыл алат. Мисалы: Мыкты студенттердин берген жооптору бизди ыраазы кылат. Бул жерде мыкты деген сын атооч студенттердин деген зат атоочту аныктап турат. Зат атоочтун

мыкты экендиги аныкталды. Ушул эле сүйлөм студенттердин деген зат атоочтун түшүрүлүшү менен да айтыла берет: Мыктылардын берген жооптору бизди ыраазы кылат. Аныкталгыч сөз *(студенттердин)* түшүп калды эле, анын грамматикалык каражаттарын (көптүк сандын *-лар,* илик жөндөмөсүнүн -нын мүчөлөрүн) аныктагыч сөз *(мыкты* деген сын атооч*)* өзүнө кабыл алып айтылып жатат. Башкача айтканда, сын атооч зат атооч сөздүн маанисинде колдонулду.

Ошентип, сын атооч заттанып кетет да, зат атоочтун категориялары боюнча өзгөрө берет. Мындай учурда сын атоочтор жөндөлөт, таандык мүчөлөрдү кабыл алат, адамзаттык мааниде келсе жакталат, көптүк сан көрсөткүчүн да кабыл ала берет.

1. Заттанган сын атоочтор жакчыл таандык мүчөлөрдү да, жалпы таандык мүчөнү да кабыл ала берет: Керемет бар сенде кышты жай кылар. Келчи, келчи, кыш чилдеде, кымбатым. (С.Ж.). Жакшы кишиден сурасаң сура, асти жамандыкын сураба. (Макал).

2. Заттанып айтылган сын атоочтор жөнөкөй жөндөлүштө да, таандык жөндөлүштө (татаал жөндөлүштө) да зат атоочтордой болуп өзгөрө берет.

3. Заттанган сын атоочторго көптүк сандын көрсөткүчү зат атоочтордой эле жалгана берет: Атайын күткөн күрсүчөндөр, найзачандар айкырык салды. (Т.С).

4. Сын атоочтор адамзаттык зат атоочторду алмаштырып заттанса, жак мүчөлөрүн кабыл алат: жакшымын, жакшысың, *жакшысыз, (ал) жакшы.*

5. Илик жөндөмөсүндөгү атооч сөз менен айкашып, үчүнчү жак жекелик санда айтылса да, заттанып кетет: Өтүктүн жылуусун алдым. Көйнөктүн кызылынан ал. Китептин кызыктуусун танда.

Сын атоочтун жасалышы

Сын атооч сөздөрдүн морфологиялык курамы өтө ар түрдүү. Уңгу сын атоочтор сан жагынан анча көп эмес: көк, боз, чоң, *бош, ак, куу* ж.б. Сын атоочтордун көпчүлүгү туунду сын атоочтор, алар сөз жасоонун морфологиялык жана синтаксистик жолдору менен жасалат. Сын атоочтордун морфологиялык жол менен жасалышы атооч уңгулар жана этиш уңгуларга сын атоочтун курандыларынын жалганышы аркылуу жүзөгө ашат. Сын атоочту жасоочу курандылардын бир тобу (мисалы: *-лык, -чыл, -чан, -дар, -кор, -кер, -ма, -ынды, -гыч)* зат атоочту жасоочу курандылардын катарында да бар. Мындай көрүнүш сын атооч сөздөрдүн көбүнчө затташып кетип, зат атооч катары колдонулуш өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт.

Мындай курандылар менен жасалган сөздөрдүн зат атооч, же сын атооч экендигин дайыма контекст аркылуу айырмаланат: Атам жакшы иштеп сыйлык алды. («Кырчын») Мында сыйлык деген сөз атооч маанисин билдирет, заттын

атын атады, башкача айтканда, *-лык* мүчөсү менен жасалган зат атооч. Эми кыштык отунубузду тамдын бир жагына жыйып салабыз да, жерге самандан калыңыраак төшөп таштап, окууну баштай беребиз. (Ч.А.) Бул жерде кыштык деген сөз аныктоо маанисин билдирди, аныкталгыч сөздүн *(отун)* кандай (кайсы?) экендигин көрсөтүп, -лык мүчөсү менен жасалган сын атооч болуп турат, башкача айтканда, бул жерде сын атооч жасалды.

Ошентип, сын атооч жасоочу курандыларга аяр мамиле кылып, аларды дайыма контекст аркылуу аныктап түшүнүү зарыл деп эсептеп, төмөндөгү мисалдарда куранды мүчөлөр менен жасалган сын атоочторду алардын аныкталгычтары менен кошо келтирдик.

Морфологиялык жол менен жасалышы. Куранды мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулган сын атоочтор сөз жасоонун морфологиялык ыгы менен жасалган сын атоочтор болушат. Атооч сөздөрдөн сын атооч жасоочу курандылар.

-луу мүчөсү өтө көп сын атоочторду жасап, эң өнүмдүү куранды болуп эсептелет: *канаттуу куш, кумдуу жер, даректуу кыштак, токойлуу талаа, сүттүү уй, кылкандуу дан* ж.б.

-сыз курандысы менен жасалган сын атоочтор *-луу* курандысы аркылуу жасалган сын атоочторго карама-каршы маани берет, башкача айтканда, бул эки мүчө бири-бирине антоним мүчөлөр болуп саналат. *-сыз* курандысы жалганып атооч сөздөрдөн жасалган сын атоочтор төмөнкүдөй маанилерди билгизет: *үйсүз киши, кантсыз чай, адилетсиз иш, даамсыз тамак, түссүз өң* ж.б.

-дай курандысы (байыркы формасы *-так, -даг)* атооч сөздөрдүн дээрлик бардыгына жалганып сын атоочту жасоого жөндөмдүү: *калемпирдей ачуу, булактай тунук, суудай таза* ж.б.

-лык курандысы (теги боюнча байыркы *-лы, -лыг* мүчөсү менен байланышат) аркылуу жасалган сын атоочтор да бир топ арбын: *жылдык киреше, айлык маяна; Күндүк өмүрүң болсо, түшкүсүнө жорго мин.* (Макал)

-лаш курандысы. Бул куранды этиш жасоочу *-ла* жана мамилелик *-ыш* мүчөлөрүнүн биригишинен келип чыккан: *курсташ балдар, классташ кыздар, замандаш курбу, курбалдаш бала* ж.б.

-чыл курандысы аркылуу уюшулат: *ойчул киши, баамчыл бала, тууганчыл бий, жердешчил жетекчи* ж.б.

-чан курандысын да биз өнүмдүүлөрдүн катарына коштук, анткени ал кийинки кездерде кабыл алынган жаңы сөздөрдүн көпчүлүгүнө жалгануага жөндөмдүү болуп баратат: *кийимчен бала, тончон абышка, жынсычан кыз, курткачан жигит* ж.б.

Сан атооч

Заттардын, буюмдардын, кубулуштардын санын, эсебин, иретин, катарын билдирген сөздөрдү сан атооч дейбиз. Сан атоочтор канча? нече? канчанчы? неченчи? деген суроолорго жооп берет. Мисалы: Ушул жерде биз төрт киши болуп уйларды бир бөлөк, музоолорду бир бөлөк кылып имерип турабыз. (М.Э.) Отуз сегизинчи жылдын аяк чени айрыкча оор болуп турду. (К.С.).

Сан атооч сөздөрдүн лексикалык маанилери абстракттуу болот. Мисалы: беш, он, жети, төртүнчү, үчөө, үчтөн эки, беш-алты деген сан атоочтордо конкреттүү маани жок. Анткени, алар кандайдыр бир нерсенин санын, иретин, эсебин билдирип турат. Кайсы нерсенин саны, эмненин эсеби экени белгисиз. Адатта сан атоочтор ошол өзүлөрү санын, эсебин, иретин, катарын билдирген нерсе менен бирге айтылат да конкреттүүлүк мааниге ээ болот. Мисалы: беш алма, алты кыз, беш-алты киши, төртүнчү курс ж.б. Аныкталган зат атоочтор аркылуу сан атооч сөздөрдүн абстракттуу маанилери такталды, башкача айтканда, лексикалык маанилер конкреттүү болду.

Кыргыз тилинде сандык түшүнүктү билдирген жуп, кош, эгиз, сыңар, жалкы, жарым, жарты, чейрек деген сыяктуу сөздөр да бар. Булар чыныгы сан атоочтордой болуп бардык эле заттар, буюмдар, түшүнүктөр менен айкаша бербейт. Анткени, булар белгилүү сан (эсеп) маанилерин туюндурат:

жуп деген сөз эки, төрт, алты, сегиз … бир жүз эки, бир жүз төрт … өндүү сандарды билдирет;

кош деген сөз эки, экөө, *эки-экиден* топтошкондордун (бараткандардын) ар бирин билдирет;

эгиз деген сөз эки, экөө, *(жуп)* сандарды билдирет;

сыңар деген сөздө бир, бирөө, *жалгыз, жалкы* маанилери бар;

жалкы деген сөздө бир, бирөө, *жалгыз, сы*ңар маанилери бар;

жарым деген сөздө бирдин тең экиге бөлүнгөн бөлүктөрүнүн бири деген маани бар;

жарты деген сөздө бирдин тең экиге бөлүнгөн бөлүктөрүнүн бири деген маани бар;

чейрек деген сөздө бирдин төрткө бөлүнгөн бөлүктөрүнүн бири деген маани бар.

Бул сөздөр өзүлөрүнө тиешелүү сөздөр менен гана айкашып келип, алардын сандык, эсептик касиеттерин билдирет. Мисалы: жарым сом, жарты коон, эгиз козу, жуп коргол, кош жылдыз, сыңар эмчек, жалкы төл, чейрек кылым. Ал эми өз алдынча колдонулганда аларда заттык атоо мааниси басымдуулук кылат: Жармы жалган, жармы чын. Жакшылардын көөнү үчүн. («Манас») Абыл биринчи чейректи жалаң беш менен аяктады. («Ала Тоо»).

Сан аточ сөздөр сан атоочтук мааниде турганда өзгөрбөйт. Сан атооч сөздөр заттык мааниге өткөндө, башкача айтканда, өзүлөрү санын, эсебин, иретин же катарын билдирген атооч сөздөр сүйлөмдө түшүрүлүп айтылганда гана сөз өзгөртүү кубулушуна дуушар болот. Мындай учурда сан атооч сөздөр ошол түшүп калган заттын, нерсенин же башка түшүнүктүн лексикалык жана грамматикалык маанилерин өзүнө кабыл алат, затташат. Натыйжада сүйлөмдө түшүрүлүп калган зат, нерсе, буюм же кандайдыр түшүнүк кандай грамматикалык формаларда айтылууга жөндөмдүү болсо, анын ордуна колдонулган сан атооч да ошондой формаларда өзгөрүп айтылууга жөндөмдүү болот. Мисалы: Он отузга берет, отуз жалманга тапшырат, жалман жардан нары ашырат. (Табышмак) Быйыл тупатуура кырк сегизге чыкты. («Ала Тоо») Менин бешим кыпкызыл. (М.Ж.).

Сан атоочтор башка сөздөрдөн жасалбайт. Ошондой эле башка сөз түркүмдөрүнүн жасалышына да база болуп кызмат аткарбайт. Кээ бир учурда гана башка сөз түркүмдөрү айрым сан атоочтордон жасалышы мүмкүн: үчүлүк, жетилик, бешилик, үчилтик. Мындай учурда ошол башка сөз түркүмүнө өтүп кеткен сөздө сандык маани кошо болот.

Жөнөкөй жана татаал сан атоочтор. Сан атооч түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Бир сөздөн (уңгудан) турган сан атоочтор жөнөкөй сан атоочтор деп аталат. Мисалы: *бир, үч, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, жүз, миң, түмөн* ж.б.

Сексен, токсон деген сан атоочтор азыр тутумдарга ажырабаганы менен тарыхый жактан эки уңгунун биригишинен келип чыккан: *сексен - сегиз он; токсон - тогуз он.*

Эки же андан көп сөздөрдөн (уңгудан) туруп бир гана санды билдирсе татаал сан атооч дейбиз. Кыргыз тилинде сан атооч сөздөрдүн басымдуу көпчүлүгүн татаал сан атоочтор түзөт. Алардын айрымдары гана уңгу бирикмелерден туруп, бирге жазылат: *сексен - сегиз, он; токсон - тогуз, он; калгандары айрым-айрым уңгулардан туруп, тутумундагы ар бир сөз бөлөк-бөлөк жазылат: он бир, отуз эки* ж.б.

Татаал сан атоочтор өзгөрүүгө дуушар болгондо, алардын эң акыркы түгөйү гана өзгөрүп, калган түгөйлөрү өзгөрүлбөстөн айтылат. Мисалы: *Кырк үч окуучу музейге барууну чечишти, бирок, музейге отуз тогузу гана барды.*

Сан атооч синтаксистик жактан көбүнчө аныктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: Найзачылардын экинчи тобуна Теке баатыр менен Бука баатыр түштү. (К.К.). Адыл беш китеп колтуктап алыптыр. Этиш сөздөр менен айкашып келгенде бышыктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: Кичирээк жылкыга минсе, үч бүктөлөт. (Т.С). Аңгыча мылтык эки жолу атылды. Кээде ээлик милдетти да аткарат. Мындай учурда сан атооч сөздөр заттык мааниге ээ болушат. Мисалы:

Экөөбүз анын артынан сая түшүп алдык. (карганда да заттык мааниде болот. Мисалы: Керимбек - кырктарга барып калган ак куба жигит. Он отузга берет, отуз жалманга тапшырат, жалман жардан нары ашырат. (Табышмак). Айрым учурларда баяндооч болуп да кызмат аткарат. Албетте, мындай учурда сүйлөмдүн аягына келет. Мисалы: Биз үчөөбүз. Беш жерде беш - жыйырма беш.

Сан атоочтун маанилик топтору

Азыркы кыргыз тилинде сан атооч сөздөр маанисине карай бири-биринен айырмаланган алты топко бөлүнөт: эсептик сан, иреттик сан, жамдама сан, топ сан, чамалама сан, бөлчөк сан. Булардын ар биринин маанилик жактары гана эмес өзгөрүү өзгөчөлүктөрү да, сүйлөмдө аткарган кызматтары да бирдей эмес.

Эсептик сандар заттардын, буюмдардын, кубулуштардын эсебин, санын жайынча гана билдирет. Эсептик сандар канча? нече? деген суроолорго жооп берет. Мисалы: Бир чака сүткө бир чака суу кошобуз, ал эми эки чака айран болот. (М.Э.) Эмденип чыгып, он беш күн иштеп, эс алууга кетти. (К. Жусупов).

Эсептик сандар өзүлөрү эсебин, санын билдирген сөздөр менен дайыма ыкташуу байланышы аркылуу байланышат. Жогоруда белгиленгендей, мына ушул учурда - эсебин, санын билдирген сөздөр менен айкашып келген учурда, сан атооч сөздөрдүн лексикалык маанилери конкреттүүлүк мүнөзгө айланат.

Эсептик сан атоочтор морфологиялык жактан уңгу сөздөр болуп эсептелет. Аларда курандылар жок. Биз жогоруда сан атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбай турганын айтканбыз. Эсептик сандар сан атоочтун башка түрлөрүн уюштурууда база болуп кызмат кылат. Жөнөкөй эсептик сандар аз эле санда: бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, *алтымыш, жетимиш, жүз*, миң, *түмөн*. Булардан тышкары жарты, жарым, сыңар, эгиз, жуп, кош, жалкы деген сөздөр да жөнөкөй сан атоочтор.

Башка бардык эсептик сандар - татаал сан атоочтор: он бир, он эки, отуз беш, сексен, токсон, бир жүз элүү үч, эки миң тогуз жүз алтымыш беш ж.б.

Эсептик сан атоочтор затташтууга жөндөмдүү болот. Сүйлөмдө дайым эле сан атоочторду алардын аныкталгычтары менен кошо айта бербейбиз. Ошол учурларда, башкача айтканда, эсептик сан атоочтордун өзү эле айтылып, аныкталгыч сөзү көмүскөдө калган учурларда, сан атоочтор заттык касиеттерге ээ болушат. Көмүскөдө калган заттын, буюмдун же кандайдыр башка түшүнүктүн грамматикалык белгилерин өзүнө кабыл алат да затташып кетип, өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мисалы: Бириң - кыздын нурдуусу, бириң - кыздын сулуусу. (Б.). Жетинин бири - Кыдыр. (Макал).

Эсептик сандар затташып, жөндөмө категориясы боюнча өзгөргөндө, жөнөкөй жөндөлүш формасын кабыл алат. Мисалы: беш, бештин, бешке, бешти, беште, бештен.

Кээде затташып кеткен эсептик сандын өзү да үч жактын бирине таандык болуп айтыла берет. Мисалы: Кырк элең, *бириң* келдиң. (Жомок). Ондун бири болуп мен да Москвага жөнөп калдым. («Ала Тоо»). Таандык мүчөлөр менен келип затташканда жөндөлүштүн татаал түрүн кабыл алат. Мисалы: бирим, биримдин, бириме, биримди, биримде, биримден. Эсептик сандар затташып кетип, адамзаттык зат атооч маанисинде болсо, жак категориясы боюнча да өзгөрө берет. Жак мүчөлөр менен эсептик сан атоочтордун өзгөрүшү бирдей эмес. Тактап айтканда, жекелик санда анча өзгөрбөйт да (үчмүн, бешсиң деп айтылбайт), көптүк санда эсептик сандар жак боюнча өзгөрүп айтылууга жөндөмдүү болот. Мисалы: Бир курста кырк алтыбыз. Силер он төртсүнөр.

Азыркы кыргыз тилинде эсептик сан атоочтордун бардыгы эле бирдей колдонулушка ээ эмес. Бир деген сан атооч ар кандай кырдаалдарга жараша ар кандай маанилерге эгедер боло берет. Ал төмөндөгүдөй маанилерде колдонулат:

а) Зат атоочтор менен айкашып келип, алардын санын, эсебин билдирет: Метродо ойлуу бараткан студенттин колтугунда бир китеп бар. («Ала-Тоо») Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы. (Макал)

б) Бала, киши, күнү деген сыяктуу сөздөр менен айкашып келип, санды эмес абстракттуулук маанисин билдирет. Мисалы: Илгери-илгери, бир бала болуптур. (Жомок) Бир киши келип кетти. (Биерде чоочун бирөө деген маани айтылып жатат). Экөөбүз бүгүн бир иш кылабыз (иштин санын эмес, абстракттуулугун билдирди).

в) Жолу, ирет, мерте деген сыяктуу сөздөр менен айкашып келип, мезгилдик саноо маанилерин билдирет. Мисалы: Бир жолу аябай ыйлаган окшоймун... (Т. Т.С)

г) Бир сан атоочунун жатыш жөндөмө формасы кээде мезгилдик маани билдирет. Мисалы: Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө *ж*үрөт. (Макал) Көздөрү бирде жумулуп, бирде ачылар эле. (Юд.).

д) Этиш сөздөр менен айкашып келип, абстракттуулук маани берип, кыймыл-аракеттин кыска мөөнөттүүлүгүн билдирет. Мисалы: Таңдын атканын ошондо бир билдик. (Юд.). Чаргын ачуусу менен келип бир тийди. (Т.С).

е) Кээ бир учурларда бир деген эсептик сандын ордуна жалгыз, жалкы, жеке, сынар деген сөздөр колдонулат. Мисалы: Жалгыз дарак токой болбойт. (Макал) Жеке таз жети тазды ошентип, дагы бир жолу алдады. (Жомок). Биринчи төл эгиз болдубу? - Жок, жалкы болду. («Ала-Тоо»).

ж) Бир деген эсептик сан жаңы сөздөрдүн жасалышына да негиз боло алат:

-га: бирге (бирге жүрдүк); *-гала (-га-ла):* биргелешип иштейли; *-гээр* (диал.): биргээр-биргээр *(кээ-кээде* деген мааниде); *-дай:* бирдей (бирдей иштейли); *-деме:* бирдеме деш керек; *-дик:* бирдик (Макал: Бирдик болгон жерде тирдик); *-ер:* бирер минутадан кийин; *-ык:* бирик (Бириккен Улуттар Уюму); *-өө:* бирөө (бирөө билбегенди бирөө билет): *-ын:* бирин: бирин-серин (бул мүчө монгол тилдеринде активдүү колдонулат).

Эсептик сан атооч сөздөр, алардын татаал формаларын эске албаганда, саналуу гана. Бирдик сандардын аталышы тектеш түрк тилдеринин бардыгында бирдей, айрым тилдерде гана тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Азыркы кыргыз тилиндеги аталыштар негизинен байыркы түрк уңгуларын сактайт.

Ондуктар аталышы боюнча тектеш түрк тилдеринин бардыгында бирдей эмес. Жыйырма, сексен, токсон деген сан атоочтор гана бардык түрк тилдеринде бирдей аталат. Калган ондуктардын аталышы ар башка. Отуз деген ондук тува тилинде гана үжен *(*үч+он) формасына ээ. Кырк, элүү болсо, алтай, тува, якут тилдеринде төртөн *(т*өрт+он), бежен *(беш+он)* болуп айтылат. Алтымыш, жетимиш ондуктарынын мындай формада айтылышынын ареалы алда канча кең.

Алтайча: *алтан, жетен, шорчо: алтон, четтен, хакасча: алтон, читон, тувача: алдан, чеден, якутча: алтауон, сеттеуон.*

Эсептик сандар көптүк санда айтылбайт. Анткени, бирден башка сан атоочтордун бардыгы көп экендигин, же өзүлөрүнүн аныкталгычтарынын эсебинин көп экендигин сандык конкреттүүлүк менен билдирет.

Эсептик сан атоочторго көптүк сандын *-лар* мүчөсүнүн жалгана бериши мүмкүн. Бирок мындай учурунда алар көптүк санды эмес, божомол, чамалоо маанилерин билдирет. Мисалы: Мен көргөндө, *Алтынай Сулайманованын чачына ак кирип, толмоч тартып, эл*үүлөргө таяп калган киши экен. (Ч.А.).

Иреттик сандарды уюштуруучу атайын грамматикалык каражаты бар. Ал -ынчы (-нчы), байыркы түркчө *-нч* мүчөсү. Бул куранды мүчө бардык эсептик сан атоочторго жалгана берет да, эсеп же санды билдирген сөзгө, эсептик сан атооч-ко, катарды, иретти билдирүү манисин ыйгарат. Ошентип, иреттик сан атоочтор заттын, нерсенин, окуялардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн ирет тартибин, катарын билдирип канчанчы? неченчи? деген суроолорго жооп берет. Мисалы: бир - биринчи, үч миң алты жүз сексен - үч миң алты жүз сексенинчи ж.б.

Иреттик сандар адатта атооч сөздөр менен гана айкашып келет. Мисалы: Аалы Токомбаев бир миң тогуз жүз төртүнчү жылы туулган. Нази быйыл үчүнчү курста окуйт.

Сүйлөмдө иреттик сан атоочтор көбүнчө аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Касым Тыныстанов отуз жетинчи жылы биринчи августта камакка алынды. (К.С.). Биринчи колум - бармагым, кат жазып сага арнадым. (Фольк.).

Бул белгиси боюнча эсептик сан атоочторго окшош болгону менен алардан сандык идеяны конкреттүү билдиргени жагынан айырмаланат. Эсептик сан атоочтор менен иреттик сан атоочтордун ортосундагы дагы бир жалпылык болуп, кээде бул экөөнүн бири-бирине аныктооч катары кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрү эсептелет. Мисалы: Мектебибизде эки жетинчи, үч алтынчы жана төрт бешинчи класстар бар.

Эсептик сан атоочтордой эле иреттик сан атоочтор да заттанышат. Заттык мааниде колдонулганда ээ менен толуктоочтун да милдетин аткара берет. Мисалы: Биринчилерди лекциядан бошоткула (биринчи курстун студенттерин деген мааниде). Төртүнчүлөр келе жатышат, төртүнчүлөр. (Ж.Б.).

Чыгыш жөндөмөдө айтылган иреттик сан атоочтор кээде сенек формага айланып, сүйлөмдө киринди сөз катары милдет аткарат. Мисалы: Биринчиден, колунду жуу, экинчиден, курсагынды тойгуз, анан сени менен сүйлөшөм. («Мурас»). Затташкан иреттик сан атоочтор зат атоочтун категориялары менен өзгөрүүгө жөндөмдүү болушат. Жакчыл таандык мүчөлөр менен өзгөрөт: бир-инчи-м, бир-инчи-ң, *бир-инчи*-низ, бир-инчи-си (лери). Жалпы таандык мүчөнү да кабыл алып: биринчи - ники, экинчи - ники, он алтынчы — ныкы; жөндөмөлөр менен өзгөрөт: экинчим, экинчимдин, экинчиме, экинчимди, экинчимден. Жак мүчөлөрдү да кабыл алат: экинчи-мин, экинчи-сиң, *экинчи-сиз, экинчи (-лер).*

Жамдама сан заттардын, нерселердин сандык касиеттерин, эсептик белгилерин жамдап, бириктире жалпылаштырып көрсөтөт. Кыргыз тилинде жамдама сан атоочторду уюштуруучу грамматикалык каражат *-оо* мүчөсү бар.

Жамдама сан атооч сөздөрдө ***(бирөөдөн*** башка) сандык маани менен кошо жалпылоо, бириктирүү, көптүк жана заттык (затташуу) маанилери да кошо болот. Мисалы: Айла алтоо, акыл жетөө. (Макал). Кайда барсаң да казандын кулагы төртөө. (Юд.). Ошондуктан алар сүйлөмдө эсептик, иреттик сан атоочтордой болуп аныкталгыч менен кошо айтылбайт. Заттык мааниси күчтүүрөөк чыккан учурда, тескерисинче, жамдама сан атоочтордун өзүлөрү аныкталгыч катары кызмат кылып калат. Мисалы: Алдыда келаткандар дагы эле баягы үчөө. *Биринчи төртөөң* киргиле.

Бирөө деген жамдама сан атоочто көптүк, биргелешүү маанилери болбойт. Мында айырмалоо, бөлүп көрсөтүү, өзгөчөлөнтүү жана заттык (затташуу) маанилер сандык маани менен бирге жүрөт. Мисалы: Жанаша бүткөн алмандын бирөөнү бер деп жалынсам. (Б.) Бирөө ичерге суу таппай жүрсө, *бирөө* кечерге кечүү таппай жүрөт. (Макал).

Көпчүлүк учурларда бирөө деген жамдама сан атооч сандык эмес кандайдыр абстракттуу заттык мааниде колдонулат. Мисалы: «Токтогу-ул», деп жиберди бирөө. «*Токтогулдан башка ким с*үймөнчүк эки журтка?! Токтогул!» (Т.К.).

Кимдир бирөө деген айкалышта айтылып, белгисиз ат атоочтун тутуму катары кызмат кылат (ат атооч бөлүмүн караңыз).

Көптүк сан мүчөсү жалганса абстракттуу заттык мааниси күчөйт. Мисалы: Бирөөлөр мага окшоп ноопаз бордосо, дагы бирөөлөр ээр чаап, тери ийлеп, шырдак шырып... бу да болсо жардам (Т.А.).

Жамдама сан атоочтор биринчи жана экинчи жактардын жекелик түрү менен өзгөрбөйт. Көптүк сан боюнча да бул эки жакта дайыма эле өзгөрүүлөргө дуушар боло бербейт. Субъектилердин аракеттеринде биргелешүү, субъектилердин өзүлөрүнө бириктирүү маанилери басымдуу болгон учурларда гана өзгөрөт. Мисалы: Барган сайын Арзымат экөөбүздүн ортобуздагы көз караш жылуу тартат. (К.Ж.).

Жалпы таандык мүчө менен да жамдама сан атоочтор өзгөрө берет. Мисалы: Ал экөөнүкүн мага бергиле, менде береселери бар. («Ала-Тоо»). Адабий тилде жамдама сан атоочторго үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганбайт. Аныктоочу ат атоочтон болсо да аныкталгыч - жамдама сан, таандык мүчөсүз колдонулат. Мисалы: Алардын бешөө тең келген жок. Бирок, адабий тилде созулма менен берилүүчү жамдама сан атоочтун ордуна дифтонг түрүндө колдонулуучу говордук формаларга үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалгана берет. Мисалы: Шумкаруя төрүндө *К*өксулуусу экөөбү, үзөңгү кагыша Женжок түз эле Субан болуштун үйүнө келип түшүп калды. (Т.К.).

Жамдама сан атоочтор заттык маанини ала жүрөт дедик. Ошондуктан алар жөндөлөт. Жөндөлүштө алар таандык жөндөлүш формаларын кабыл алышат.

Кээде бирөө, *экөө* деген жамдама сан атоочтор барыш жөндөмөсүндө *-га* болуп да аяктай берет. Мисалы: Экөөгө бирөө бата албайт. Аттууга жөө жете албайт. (Токт.).

Жамдама сан атоочтор кыргыз тилинде жетөө гана. Башкача айтканда, *-оо* мүчөсү адабий тилде жетиге чейинки гана сандарга жалганат. Бир - бирөө, *эки* - экөө, үч - үчөө, *т*өрт - төртөө, *беш - бешөө, алты - алтоо, жети - жет*өө. Кээ бир аймактарда (Ысык-Көлдүн түштүк тарабы менен Нарын өрөөнүндө) сегиз, тогуз, он сан атоочторуна да жамдама сан атоочтун мүчөсү жалганып айтыла берет: оноо, сегизөө, *тогузоо*.

Синтаксистик кызматы боюнча жамдама сан атоочтор зат атоочторго жакын келет. Ээнин милдетин аткарат: «Токтогула», деп үн катты бирөө. Баяндоочтун милдетин аткарат: Кайда барсаң да казандын кулагы төртөө. (Юд.). Толуктоочтун милдетин аткарат: Бегайым экөөнө көптөн-көп салам айтып, өгүзүнүн күчүнө кошуп, бир козу карын май берди. (К.Ж.). Аныктоочтун милдетин аткарат: *Үч*өөнүн аты биринчилерден болуп аталды. («Кыргыз Туусу»).

Топ сан. Бирөңчөй заттарды же нерселерди бөлүп-бөлүп топтоштуруу, чогултуу маанисинде айтылып, алардын так эмес санын билдирген сан атоочтор топ сан деп аталат. Топ сандар чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн эсептик сан атоочторго жалгануусу аркылуу уюшулат. Ошондуктан, аларга сан атоочтун чыгыш жөндөмөдөгү суроосу берилет - канчадан? Мисалы: Залга ондон-ондон болуп, көрүүчүлөр кирип жатты. («Кыргыз Туусу»). Эч болбосо экиден эгиз тууйт улагың. (Токт.).

Заттарды сан жагынан топ-топко бөлүштүрүп, топтоштуруп айтуу эки түрдүү мааниде жүргүзүлөт:

1) Теңештирип, барабар кылып бөлүп топтоштуруу. Мындай учурда топ сандар бир эле эсептик сандын кайталанып, экөөнүн тең чыгыш жөндөмөдө айтылышы аркылуу уюшулат: үчтөн-үчтөн, ондон-ондон ж.б. Бир эле сан атоочтун экинчисин чыгыш жөндөмөдө кайталап айтуу аркылуу да тепетең, барабар бөлүштүрүүчү топ сандар уюшулат: үч-үчтөн, төрт-төрттөн, беш-бештен ж.б.

2) Чамалап, божомолдоп бөлүп топтоштуруу. Мындай учурда топ сандар эки башка эсептик сандын жупташып, экөөнүн тең чыгыш жөндөмөдө айтылышы аркылуу түзүлөт: үчтөн-төрттөн отурушту; жана эки башка эсептик сандын жупташып, экинчисинин чыгыш жөндөмөдө айтылышы аркылуу уюшулат: он-он бештен, жети-сегизден ж.б.

Эсептик сандар менен килограмм, грамм, тонна, литр, метр, миль, километр, чакырым өндүү өлчөм сөздөр айкашып келип да топ сандар уюшулат. Бул учурда да чыгыш жөндөмөсү лексикалашкан маани жаратат. Мисалы: Түшүмдү үчөөбүз үч тоннадан бөлүп алдык. Он килодон эмгек алдык дегенге, кубанычка кучагымды толтурдум. (Фольк). Топ сандар төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:

- чыгыш жөндөмөсүндө айтылган сан атоочтордон: экиден, үчтөн, тогуздан, ондон. Сынак тапшырууга төрттөн киргизет дешти. (Ш.Б.)

- бир эле сан атооч сөздүн кайталанып, экинчиси чыгыш жөндөмөсүндө айтылышы менен: эки-экиден, беш-бештен, он-ондон. Отургандарга үч-үчтөн табак тартылды.

- сан атооч сөздөргө литр, метр, грамм, килограмм, тонна, чакырым өндүү өлчөм сөздөрүнүн чыгыш жөндөмөсүндө келип кошулуп айтылышы менен: беш метрден, он тоннадан, сегиз чакырымдан. Жүз метрден эстафета чуркоого төрт бала тандалды.

Топ сандарда сандык маанилер заттык маанилер менен тыгыз байланышта болот. Ошондуктан алар көбүнчө аныкталгычтарсыз айтылат. Өзгөрүүлөргө дуушар боло бербейт. Сүйлөмдө көбүнчө бышыктоочтун милдетин аткарат. Мисалы: Ал быйыл ар бир ириктен алты килограммдан жүн алууга милденттенген. (А.У.)

Чамалама сан. Заттардын, нерселердин санын, эсебин, иретин чамалап, божомолдоп так эмес кылып көрсөткөн сан атоочтор чамалама сан атоочтор деп аталат. Мисалы: Он чакты күндөн бери бир да тамчы тама элек.

Чамалама сандар көбүнчө аныкталгычтары менен кошо айтылат: Анткени аларда так болбосо да сандык маани басымдуулук кылат: Жыйырма чакты кой, үч-төрт окуучу; жүзчө каз; отуздай эчки; жүздөн ашуун китеп ж.б. Кыргыз тилиндеги чамалама сандардын дээрлик бардыгы туунду уңгулар. Алар морфологиялык ык менен да, синтаксистик ык менен да жасалат.

Морфологиялык жол менен а) айрым бир курандылар аркылуу чамалама сан атоочтор жасалат:

-ча курандысы эсептик сандарга жалганып, чамалама сан атоочторду уюштурат: он бешче киши, алтымышча окуучу, кыркча китеп, жүзчө тоок ж.б.

-дай курандысы эсептик сандарга жалганып, чамалама сандарды уюштурат: жыйырмадай бала, отуздай дарак, элүүдөй жылкы ж.б. Бул мүчө сан атоочтун аныкталгычы болгон сан-өлчөм сөздөргө да жалганып, чамалама сандарды жасайт: он сомдой акчам бар эле, төрт километрдей жол калды, он тоннадай жүк, беш барактай окуду, кырк кадамдай жер ж.б.

-даган (-ла+ган) курандысы да эсептик санга жалганып, божомол маанидеги сан атоочту жасайт: ондогон дептер алдык, уулум жүздөгөн кишилерди башкарат ж.б.

-ын (-ин) деген курандынын бир, эки эсептик сан атоочторуна жалганышынан да чамалама сан жасалат. Бул учурда дайыма кош сөз түрүндөгү сан атооч уюшулат: Айдаган бирин-экин малы да бар. (М.Э.). Бирин-серин шыбактын башы желге эрбендейт. (К.Б.). Бирин деген сан атооч жонөкөй сан формасында келсе, сөзсүз татаал этиш формасынын тутумуна өтүп кетет: Таң атып, жылдыздар биринделй баштады.

б) Кээ бир уланды мүчөлөр менен да чамалама сан атоочтор жасалат. Көптүк санды уюштуруучу *-лар* мүчөсү сан атоочторго жалганса, көптүк маанини билдирбестен божомол, чамалоо маанилерин билдирет. Мисалы: Ал кечээ түнкү саат он экилерде келди («Ала Тоо»). Бабай өзү жетимиштерге келип калган, карылыгы жетсе дагы анчалык күчтөн кала элек чал (М.Э.). Мындай чамалама сандар кээде таандык жана жөндөмө мүчөлөрүн да кабыл ала берет: Ар айдын он бештеринде стипендия тийет.

в) Жаш курактыбилдирип, эсептик санга жаш деген сөз көптүк санда келип уланса да чамалоо маанисин билдирет: алтымыш жаштарда, жыйырма жаштар куракта эле ж.б.

г). *-лар* мүчөсү иреттик сан атоочтордун мезгил маанисиндеги аныкталгычына жалганып да чамалама санды уюштурат: отузунчу жылдар, онунчу-он бешинчи кылымдар ж.б.

Синтаксистик жол менен жасалат. а) Эсептик сандарга чакты, чамалуу деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу жасалат: он беш чакты студент, эки миң чамалуу китеп ж.б.

б) Чыгыш жөндөмөсүндөгү эсептик сандар аз, ашуун, ашык, кем, көп, жакын, ашар-ашпас деген сөздөр менен айкашып келип, чамалама сандарды уюштурат: студенттер жүздөн аз, ондон ашуун бала, кырктан ашык китеп, отуздан кем мал, үчтөн көп киши келди, жыйырмадан ашар-ашпас эмгек жазган ж.б.

в) Барыш жөндөмөсүндөгү эсептик сандардын жакын, жуук, жетпеген, жетер-жетпес өндүү сөздөр менен айкашып келишинен да чамалама сандар уюшулат. Мисалы: *Отузга жакын эмгек жазган. Алтымышка жуук алма көчөтүн олтургузду. Жыйырмага жетер-жетпес китеп калды* ж.б.

г) Эсептик сандардын катарлашып кош сөз болуп айтылышы аркылуу чамалама сандар жасалат Мисалы: Бамбук бир сутканын ичинде элүү-*алтымыш сантиметр* өсө алат. Чагылгандын узундугу эки-үч километрге жетет («Советтик Кыргызстан»). Мындай жол менен жасалган чамалама сандарда төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр бар:

1. Онго чейинки сандардын катар келүүчүлөрүнүн биринен кийин экинчисинин жупталып айтышышы да божомолду билдирет: Бир-эки күн күтө турсаңар болмок. Эки-үч сааттан кийин келип калышат. 2. Ондон жүзгө чейинки сандарды билгизген сөздөрдөн чамалама санды түзүүдө биринен кийин экинчиси катар (жанаша) келбеген сандар да жупталып айтылат: Он-он беш гезит колтуктап алыптыр. Жетимиш-сексен вагон тарткан поезд өтүп жатат. 3. Жүз, миң деген сөздөр экинчи компонент болуп келген татаал сан атоочтордон чамалама сан уюшулганда алардын биринчи түгөйлөрүнүн катар келиши эле жетиштүү болот: төрт жүз-беш жүз, үч миң-*төрт миң*, он миң-*он* беш миң ж.б.

д) Чамалама сандар жамдама сан атоочтордон да жасалат. Мындай учурда алардын биринчи түгөйү эсептик сан атоочтун, кээде жамдама сан атоочтун формасында турат: төрт-бешөө, *алты-жетөө, үчөө-төртөө, алтоо-жетөө* ж.б.

е) Сан деген сөздүн миң, түмөн деген сан атоочтор менен айкалышып келишинен да божомол маанидеги сан атоочтор жасалат: Башым катат, миң-*сан ойдон* дал болом (К. Сабыров). Сан-түмөн колу менен хан да кошо келди (Фольк.).

Чамалама сан атоочтор заттык мааниге ээ болбосо (затташпаса), сөз өзгөртүүчү грамматикалык каражаттар менен өзгөрбөйт. Бирок кош сөздөр тибиндеги жамдама сан атоочтон жасалса, алардын жөндөлүү мүмкүнчүлүгү сакталат: Эки-үчөөнү чакырып келишти. Бул сөздү мен да төрт-бешөөнөн уктум.

Бөлчөк сандар бүтүндүн бөлүктөрүнүн санын, эсебин билдирет. Мисалы: Күндүн энергиясынын алты миллиарддан бир бөлүгү гана жерге жетет. («Советтик Кыргызстан»). Он эки төө, *он жылкы, тогуз уй, беш эчки, бир жарым койон,*

үч түлкү, таба албасаң чоң күлкү (Табышмак.). Азыркы кыргыз тилинде бөлчөк сандардын алымы бөлүмүнөн кийин айтылат. Жазууда ошол тартип сакталат: үчтөн эки, ондон беш, сегизден бир ж.б.

Алым менен бөлүмдүн тутумдашуусу төмөнкүдөй ыкмаларда ишке ашат:

а) Бөлүм чыгыш жөндөмөдө, алым атооч жөндөмөдө айтылуу аркылуу тутумдашышат: экиден бир, төрттөн үч, ондон жети ж.б.

Эгерде илик жөндөмөсүндөгү аныкталгыч бөлчөк сандан мурда келсе, бөлчөк сан затташып кетет да, алымы үчүнчү жакка таандык болуп айтылат: Студенттердин үчтөн бири жумушка барган жок. Мындай учурда бөлчөк сандар жөндөлөт: (студенттердин) үчтөн бири, (студенттердин) үчтөн бири-нин, (студенттердин) үчтөн бири-не, (студенттердин) үчтөн бирин, (студенттердин) үчтөн бири-нде, (студенттердин) үчтөн бири-нен.

б) Бөлүм илик жөндөмөдө, алым үчүнчү жакка таандык болуп да тутумдашышат: үчтүн экиси, ондун үчү, *ми*ңдин бири ж.б. Бул учурда бөлчөк сандар заттык мааниге ээ болот да, жөндөлүү мүмкүнчүлүгү жаралып, жөндөмөлөр менен жогорудагыдай өзгөрөт.

Эгерде бөлчөк сан атоочтордон кийин бөлүгү, үлүшү деген сөздөр колдонулса, бөлчөк сандар заттык маани туюндуруу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт да, таандык эмес формада айтылат: Экинин бир бөлүгү, *ми*ңдин сегизден бир үлүшү ж.б.

Кыргыз тилинде бүтүндүн бөлүктөрүн билдирген жарым, жарты, чейрек деген сөздөр да бар. Булар эсептик сандар сыяктуу касиетке ээ: жарым бет, жарты нан, чейрек кылым ж.б.

Сан атоочтун жасалышы. Сан атооч сөздөр морфологиялык жол менен дээрлик жасалбайт. Айрым сан атоочтордун түрлөрү (иреттик, жамдама жана чамалама сандар) куранды мүчөлөр менен жасалат. Мисалы: ***-ынчы****: биринчи, онунчу* ж.б.; ***-оо****: бирөө, экөө, үчөө, төртөө, бешөө, алтоо, жетөө;* ***-ча****: кыркча, жүзчө* ж.б.; ***-дай****: ондой, ми*ңдей ж.б.; ***-даган****: ондогон, жүздөгөн*, миңдеген ж.б.

Синтаксистик жол менен татаал сан атоочтор жасалат: үч-үчтөн, жети-сегиз, төрттөн бир ж.б. Сан атооч сөздөр башка сөз түркүмдөрүнөн жасалбайт.

АТ АТООЧ

Атооч сөздөрдүн ордуна колдонулуп, затты же анын белгилерин тике атабай, аларды шилтөө аркылуу көрсөткөн сөздөр ***ат атооч*** деп аталат.

Ат атоочтор маани жактан алты топко бөлүнөт: 1) жактама ат атооч; 2) шилтеме ат атооч; 3) сурама ат атооч; 4) аныктама ат атооч, 5) тангыч ат атооч, 6) белгисиз ататооч.

Жактама ат атооч

Кепке катышкан эки жакты же кепке алынган үчүнчү жакты же затты шилтеп көрсөткөн ат атоочтор жактама ат атооч деп аталат.

Курамы: мен, сен, сиз, ал, биз, силер, сиздер, алар.

Кеп чордонунда дайыма сүйлөөчү турат жана сүйлөөчү жак өзүн мен деген ат атооч аркылуу белгилейт: ***Мен*** *с*өз да, үн да кайтарбадым (Ч.А.)

Тыңдоочу жак сен ат атоочу менен бериленет: Сен ок куя турган май сурап келчи (А.Т.).

Эгерде сүйлөөчү жак тыңдоочу жакка сылык маанайда кайрылса, анда тыңдоочу жак сиз деген ат атооч аркылуу белгиленет: Сиздин ордуңузда болсом, мен дагы ушу сиз айткан сөздү айтмакмын, сиз койгон талапты коймокмун (Т.К.).

Кепке өнөктөш болуп келбеген жак же зат сүйлөөчү тарабынан ал атооч аркылуу белгиленет: Ал далысын эшикке жөлөп кайкая турган экен (Ч.А.). Бар экен, жок экен, бир түлкү бар экен, ал тоодо жашоочу экен (Жомок)

1-жактын көптүк түрү биз аркылуу бир эле учурда сүйлөөчү жак да, ал катышкан жамаат да белгиленет: Ал күнү биз айылга күндөгүдөн эрте кайттык (Ч.А.). Биз кечке чейин тоону кыдырып, күүгүмдө ошол үңкүргө келип түнөйбүз (Жомок).

2-жактын көптүк түрү силер сүйлөөчүгө өнөктөш болгон тыңдоочу жакты же тыңдоочу жак катышкан жамаатты көрсөтөт: — Абил! Бекназар! Силер мен Кокондо турганда неге бир барбадыңар? (Т.К.). — А мен эмне... Силер иштеп, мен карап олтурмак белем? (Ө.Д.).

Сылык формадагы сиздер ат атоочу сыйлоо, ызаат керсөтүү маанайында колдонулат: — Сиздер, урматтуу даткалар, бириң эл беги, бириң аскер башы, тандалма аскерден 5000, каракелтектен 15000 кошуп алып, мына ушул баарыбызга ыйык, баарыбызга кымбат Анжиян шаарын сактоого калгыла (Т.К.).

3-жактын көптүк түрү алар жалпы мааниси боюнча кепке катышпаган же кепке алынып жаткан жамаатты, кээде сүйлөө касиети ыйгарылган жандуу-жансыз заттарды көрсөтөт: Оозеки тарыхта, эзелки аңызда, санжыра, уламышта, кыргыздардан нечен сынчы аялдар чыккан. Алар эл көзүнө *к*өрүнбөй, ашка сын айткан (Жус.). Улак, козу, музоо — үчөө идиштеги бозону таза калтырбай ичип, кетип калышат. Алар бир күнү жол жүрүп келе жатышса, жолунан бир терек көрүнөт (Жомок).

Жактама ат атоочтор зат атоочтор сыяктуу жөнөкөй жана татаал жөндөлүш боюнча жөндөлөт. *сен, сен-ин, саг-а, сен-и, сен-де, сен-ден, биз, биз-дин, биз-ге, биз-ди, биз-де, биз-ден* ж.б.

Барыштын өйдөкүдөй формалары тектеш тилдердин фактысы аркылуу тастыкталат: *хак. маг-аа, саг-аа, аг-аа ж.б.; азерб. диал. магһа < маг+ һа, сагһа < саг+ һа, агһа < аг+ һа* ж.б.

Шилтеме ат атооч

Бир өңчөй заттардын ичинен бирөөнү шилтөө аркылуу бөлүп көрсөткөн ат атоочтор шилтеме ат атоочтор деп аталат.

Курамы: *бу — бул, ушу — ушул, ошо — ошол, тиги — тигил, тетиги — тетигил, тээтетиги — тээтетигил.* Сүйлөм тутумунда булардын кыскарган түрүнүн да, толук түрүнүн да колдонушуна жол берилет: Буданчандын Салкара ат Бу да келип калыптыр (Манас). Биз дагы ушу тапта суудай тартылып сайыбызда жай агып калдык белем (Жиг.). Ошол куш меники эле (Жомок). Тигил нур жүздүү Шамбет аттуу жигит корс-корс күлдү (Т.С).

Бул ат атоочу мейкиндик жактан сүйлөөчүгө жакын турган затты шилтеп көрсөтөт: Бу түлкү ушул тарапка ачкалыктан аргасы түгөнгөн кездерде гана келчү (Ч.А.). Бул талаага таза чигит төгүлгөн, Таза өнсүн деп, далай чара көрүлгөн (Ж.Т.). «Бул көч Тынымсейит деген элдин көчү» — деп жылкы айдаган балдар жооп беришти (Актан).

Ушул ат атоочу мейкиндик жактан бул ат атоочуна жакындап, сүйлөөчүгө жакын турган затты шилтеп көрсөтөт. Бирок мезгилдик жактан булардын маанисинде кескин айырма бар: Бул ат атоочу аркылуу көрсөтүлгөн зат сүйлөөчүгө башта белгилүү да, белгисиз да боло берсе, ушул ат атоочу аркылуу сүйлөөчүгө жакын турган жана мурда белгилүү болгон зат берилет: Көзүм өткөндө уулуң эресеге жеткенче сен олтурасың ушул такта (А.Ж.). Ушул жерден кыз көрдүм Ноодасындай чынардын (Ж.М.). Дал ушул кабарды күтүп турган төрт жоокер мамыдагы аттарга шап-шап миништи (Т.С).

Ошол шилтеме ат атоочу мейкиндик жактан сүйлөөчүдөн окчунураак турган жана сүйлөөчүгө башта белгилүү болгон затты шилтеп көрсөтөт: Тетиги тоонун нары жагында көп замандан бери бир ажыдаар жашайт. Ошол ажыдаарга жыл сайын бир кой, бир кыз салык төлөп турчу экен (Жомок). Ошол Торкашка тай он жети асый болгончо сайышкан аты болду (Актан).

Сүйлөөчүдөн алыс, бирок анын көзүнө көрүнүп турган затты шилтеп көрсөтүү үчүн тигил, тээтигил, тээтетигил деген шилтеме ат атоочтор колдонулат: Тээ бийикте тигил бөзгө окшогон көктүн четинен кишинин башына окшогон көлөкө көрүндү (Т.С). Тиги киши аттын үстүндөгү бейтап келинди көрдү (Т.К.). Тээтетигил окшош томсоргон тоолордон алтын, күмүш, коргошун мис табылар (Ж.Т.). Шилтеме ат атоочтор затташуу кубулушуна кириптер болгондо өйдөкүдөй эле жөндөлөт.

Сурама ат атооч

Затты же анын белгилерин берилген суроонун жообу аркылуу шилтеп көрсөтүүчү ат атоочтор сурама ат атоочтор деп аталат.

Курамы: *ким, эмне//не, кандай, кайсы//кай, канча, нече, кайдан, качан, кайда* ж. б.

Сурама ат атоочтордун негизин суроо мааниси түзгөндүктөн, булар көбүнчө суроолуу сүйлөмдү уюштуруучу каражат катарында колдонулат. Сурама ат атоочтордун маанилик булагы болуп берилген сурооого жооп иретинде түшкөн сөз да, сөз айкашы да, кээде сүйлөм же тексттин үзүндүсү да кызмат кыла берет. Мындай учурда маанилик булак мүнөздүү түрдө ат атоочтон кийин келет: — *Ээң ким? — деди Бакай. — Теңир, — деди Манас. — Тегиң ким? — Тегим кыргыз. — Жетең ким? — Жетем Кара-кан. — Жотоң ким? — Жотом Огуз кан. — Бабаң ким? — Бабам Көбөй. —Атаң ким? — Атам Ногой. — Чоң атаң ким? — Чоң атам Орозду. — Өз атаң ким? — Өз атам Жакып (А.Ж.ов). Сырттан терезени бирөө черткендей болду... — Ким бу? — деди Сейде коркуп жатып. — Менмин... Эшикти ач, Сейде!.. Сен кимсиң? — деди Сейде кооптонуп... — Ой, бул менмин, Сейде ач, ач эшикти?*. (Ч.А.).

Кээде сурама ат атоочтордун суроо мааниси солгундап, катыштык мааниси күчөйт да, алар татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдү баш сүйлөм менен байланыштыруучу каражат катарында колдонулат: Улуу кызымдын чачы канча болсо, ошончо жылкы, кой алып келсин (Жомок). Ким иштебесе тиштебейт (Макал). Той-тамаша кайда болсо, Ыйманбай Сараласы менен ошол жакта (Т.С).

Ким сурама ат атоочу адамга гана карата колдонулат: — *Ысмың ким? — Жаркынбай* (К.О.) Көк өрдөк сүзүп өтпөгөн көлдүн пири ким экен? Көл жакалай куш салган эрдин пири ким экен? (Жең.). — Кимдин буйругу? — Жогору жактын буйругу (Ч.А.). — Сиз кимсиз? — Мен урматтуу Төрө... *Баатыр башы Атакулмун*.. (Т.К.).

Эмне сурама ат атоочу адамдан башка бардык жандуу жана жансыз заттарга карата айтылат: — А бул эмне экен? — Момпосуй! (Ө.Д.). Кушуң эмне алат? — Кыргоол алат. Анан эмне алат? — Коңн алат. — Анан эмне алат? — «Анан эмне алат» — дейт тура. Кекилик, чил, өрдөк, кыргоол алат, каз алат, тоодак алат (С.Р.).

Эмне ат атоочунун тыбыштык жактан кыскарган түрү катарында не ат атоочу да колдонулат: Каракандын шаарында качып жүрүп не пайда? Темиркандын шаарында качып жүрүп не пайда? (Манас). Теңтушумдан кем болдум, теңирим менде не жазык? Курдашымдан кем болдум, Кудайым менде не жазык? (Жең.).

Эмне ат атоочу туугандык, жакындык, мамилелерди сурап билүү үчүн кээде адамга карата да колдонушу мүмкүн: Байым, сүйүнчү, *т*үлкү ичигиң кийинчи! — Болсун, эмне экен? — деди...— Байбичең алтын көкүлдүү бир эркек, күмүш көкүлдүү бир кыз тууду! (Жомок). — Бул бала эмнеңиз болот? — Уулум, аты Күнтегин.

Кандай сурама ат атоочу заттын же кеп кырдаалынын сын-сыпаттык белгилерин сурап билүү үчүн колдонулат: Арзуумду менин сезбеген *Айсулуу* кандай немесиң? (М.Э.). Ал кандай иш, урматтуу таксыр? (Жомок).

Кандай сурама ат атоочу айрым учурда стилдик жактан кепке ылайык жаткан кырдаалга көркөм түс, баа берүү, кеп кырдаалын сыпаттоо максатында да колдонушу мүмкүн: Кандай сонун, кандай кызык чөп чабык (А.О.). *Жер соорусу* эксиң, канча түмөн мал баткан (Жең.).

Кайсы деген сурама ат атооч бир өңчөй заттардын ичинен бирөөнү сурап билүү үчүн колдонулат: — Ким айтат сууну жыксын деп? (Ч.А.). *Кайсы* уруктансың? — Бостон болобуз, датка ата (Т.К.). — Эмне? Кайсыл атты? Кайсыл атты дейт тура. Алиги кирасин тарткан кара атты (Ө.Д.).

Кайда сурама ат атоочу мейкиндик жактан заттын алган ордун, кээде багытын сурап билүү максатында колдонулат: Касиеттүү аккан суу, сенсиз бизге күн кайда? *Ушул турган сулуулук жоголмок баары бей пайда!* (Жең.) — Ой, байдын баласы, жети өгүздү кайда айдап барасың? (Жомок).

Канча, ***нече*** деген сурама ат атоочтор заттын санын, өлчөмүн, сурап билүү үчүн колдонулат: Каптал жакта Калча бар, Олжо берген аларга Кыргыз уулу канча бар? (Манас). — Саны канча? — деп сурады, ордо аскеринин өңүтүнөн көзүн албай (Т.К.). Мына, нечен жылдар бою суусун ичип, өздөрүнүн бүткүл тиричилиги менен байланышкан Жаңы-Арыктын көпүрөсүнөн өтүштү (М.А.).

Аныктама ат атооч

Бир өңчөй заттарды бир топко бириктирип, жалпылап, же ал топтон ажыратып, бөлүп айрым-айрым кылып көрсөткөн ат атоочтор аныктама ат атоочтор деп аталат.

Курамы: *бүт, бүткүл, бүтүн, бардык, баары, ар ким, ар нерсе, ар бир, ар кайсы, ар кандай, өз.*

Аныктама ат атоочтор маанисине карай үчкө бөлүнөт:

1. Жамдама ат атоочтор: *бүт, бүтүн, бүткүл, бардык, баары;*
2. Жиктеме ат атоочтор: *ар ким, ар нерсе, ар бир, ар кайсы, ар кандай;*
3. Өздүк ат атоочтор: *өз, өзүм, өзүң, өзү* ж.б.

Жамдама ат атоочтор бир өңчөй заттарды бир топко, бүтүндүккө бириктирип, жалпылап, жамдап көрсөтөт: Бүт жыйын дүрүлдөп коштоп, үндөрдүн аягы көпкө дейре үзүлбөй жаңырыктап турду (Т.К.). Бардык эл сыйлап, баркташат Баамды, чалым, билбедиң... *Калкымдын* баары каалашат, Чалым кадырымды билбедиң (Жең.).

Жиктеме ат атоочтор аналитикалык жол менен эки сөздүн кошулушунан жасалат: ар ким, ар нерсе, ар бир, ар кайсы, ар кандай. Булар бир топко же бир бүтүндүккө кирген заттарды ажыратып, бөлүп, алардын ичинен бирөөнү же ар

бирин өз-өзүнчө жиктеп көрсөтөт: Ар ким кете алат. Бирок ар ким өзүн жеңе албайт (Ч.А.). Ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр (Макал). Аккуладай канаттуу Ар нерсе өткөн асылдан (Жең.).

Булардын ичинен ар ким, ар нерсе заттык мааниде колдонулат, зат атооч сыяктуу жөндөлүштүн жөнөкөй түрү менен өзгөрөт, кээде таандык мүчөсүн кабыл алат: ар кимдин, ар кимге, ар кимди, ар кимде, ар кимден, ар кимин, *ар кимибиз, ар кимиң*ер, ар кимиңиздер, ар кими(си); ар нерсенин, ар нерсеге, ар нерсени, ар нерседе, ар нерседен, ар нерсеси ж.б.

Ар бир ат атоочу затташууга да жөндөмдүү келет. Мындай учурда ат атоочтон кийин көбүнчө таандыктын 3-жагы колдонулат: Жаңы тигилген көчөттөрдүн ар бири убагында сугарылып турушу зарыл. Окуучулардын ар бири кышкы сынакка жакшы даярданышты (Кырчын).

Өздүк ат атоочко өз ат атоочу жана анын таандык мүчө уланган төмөнкү формалары кирет: өзүм, өзүң, өзүңүз, өзү, өзүбүз, өздөрү ж.б.

Өз ат атоочу жакты же затты башка бир жактан же заттан бөлүп, же болбосо башка бир жакка же затка таандык кылып көрсөтөт: Аселди уулу экөөн өз үйүнө киргиздим да өзүм алиги бөлмөгө *к*өчүп алдым (Ч.А.). Өркөчү бийик өр Кула, Өзү айбандан зор Кула (Манас). Акыр-кийин угаарсың, *Арманда болуп тураарсың*. Сөзүм калып, өзүм жок, Ажайыпка каларсың (Калыгул). Өзүн өзү танган күчтөр жок эмес. Алар өздөрүн өздөрү сатышат (Ч.А.).

Өз ат атоочу башка түркүмдөгү айрым сөздөрдүн жасалышына негиз болот: өздүк, өзүмчүл, өзгө, өзгөчө, өзүндөй ж.б.

Белгисиз ат атооч

Заттын, кубулуштун, окуянын же алардын сан-сапаттык, мезгилдик белгилеринин белгисиз экендигин көрсөтүүчү ат атоочтор белгисиз ат атоочтор деп аталат.

Курамы: а*лда ким, алда эмне, алда не, алда кандай, алда качан, алда канча, алда нече, алда кайда, алда кайдан, кимдир бирөө, кандайдыр бир, кай бир, кээ бир, кайсы бир, кандайдыр бир, качандыр бир, эмнегедир, негедир, бир нерсе, бир неме, бирдеме, бирдемке, бир канча, бир нече, бирөө* ж.б.

Маанилик булагына карай белгисиз ат атоочтор төрт топко бөлүнөт:

1) Маанилик булагы белгисиз затты, кубулушту, окуяны билдирген ат атоочтор: алда ким, алда эмне, алда не, кимдир бирөө, *бир нерсе, бир деме, бир демке, бирөө* ж.б. Алда кимден туулду — деп, Атасыз тексиз уулбу деп (Жен.)— *Аке, айланапын аке!* Бирдемеңиз бар бекен? (Т.К.). Ар башка, ар адамда, ар кыл кыял. Бирөө — куу, бирөө — момун, бирөө — кыяр (А.О.).

2) Маанилик булагы сын-сыпаттык катыштын белгисиздигин, болжолдуу экендигин билдирген ат атоочтор: алда кандай, кандайдыр бир, кайсы бир, кай бир, кээ бир ж.б. Кайсы бир айылдарда адам каза болгондо кандайдыр бир кошок ырларын кошуп, орундарында секирип-секирип тегеренип чайпалып бийлешет (Мук.).

3) Маанилик булагы сан-өлчөмдүк белгилердин бүдөмүк, белгисиз, болжолдуу экенин билдирген ат атоочтор: алда канча, алда нече, бир канча, бир нече ж.б. Ал козунун төрт бутун бириктирип бууду да, бычагын жеңине жанып туруп: — Алда нече күн болду, алда нече түн болду, сенде жазык жок, менде азык жок, курсак жоо мага да кылды, сага да кылды.. — деп ичинен шыбырап алды да, мууздап жиберди (Т.К.).

4) Маанилик булагы орундук, багыттык, мезгилдик белгилердин белгисиздигин, болжолдуулугун, алыстыгын билдирген ат атоочтор: алда кайда, алда качан, алда кандай, кайдандыр бир, качандыр бир ж.б. Боз каймалдын мунканган үнү ааламга сиңип тээ алда кайдан үзүл-кесил кулакка чалынып, ...эки караан улам алыстап кетип баратты (Т.К.).

Сурама ат атоочтордон эмне, не сөздөрүнө *-дыр* мүчөсү тике жалганбай, көбүнчө барыштын *-га* мүчөсүнөн кийин уланат: Эмнегедир дүрбөшүп шыбыр-күбүр болуп жүрүшөт (Ч.А.).

Бир сан атоочу айрым учурларда сан атоочтук мааниден тайып, белгисиз ат атоочтук мааниде да колдонулат: Күн тийбеген бир үй бар, Күнүң бүтсө кирерсиң (Жең.). Илгери-илгери бир падыша болгон экен (Жомок). Бир камчым бар, бирок колго алгандан корком (Табышмак).

Тангыч ат атооч

Заттын же анын сын-сыпаттык, орун-мезгилдик, багыттык белгилеринин жок экендигин, танылгандыгын көрсөтүүчү ат атоочтор тангыч ат атоочтор деп аталат.

Курамы: э*ч ким, эч нерсе, эчтеме, эч кандай, эч качан, эч кайда, эч кайдан, эч бир* ж.б.

Маанилик булактын кандай түркүмдөгү сөз менен дал келгендигине карата тангыч ат атоочтор төмөнкүдөй төрт топко бөлүнөт;

1) Маанилик булагы жакты, затты, кубулушту, окуяны ж.б. билдирген ат атоочтор: эч ким, эч нерсе, эчтеме. Эч ким менин сындырбады шагымды, эч ким мени уруп-согуп ыйлатып, эч ким менин кейитпеди жанымды (Ж.Т.). Бул жайлоого чыгуу же коюуну Шамырбек даткадан башка эч ким бийлеген эмес (К.Ж.). Бирдеме деп жубатышка эч ким сөз таппады (Ч.А.).

2) Маанилик булагы сын-сыпаттык белгиге дал келген ат атоочтор: эч кандай. Бул адамдын оюнда эч кандай жашыруун сыр жок. Биздин достугубузду эч кандай күч буза албайт.

3) Маанилик булагы сан-өлчөмдүк белгиге дал келген ат атоочтор: Алжан карыянын үйүндө өзүнөн башка эч бир жан жок. Байлык менен мансаптын түбүнө эч бир адам жеткен эмес.

4) Маанилик булагы орундук-мезгилдик, багыттык белгиге дал келген ат атоочтор: эч кайда, эч кайдан, эч качан: Мен эч качан баатырмын деп айткан эмесмин (Ж.Т.)

Этиш

Заттардын кыймыл-аракетин, бейпилдик абалын жана акыл-ойдогу аракеттерди билдирген сөздөрдү этиш сөздөр деп айтабыз. Этиштер *эмне кылып жатат? эмне кылды? эмне кылат?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Этиш термини *эт-* деген сөздөн келип чыккан. Ал «иште-», «кыл-», «аткар-» деген сыяктуу маанилерди билдирет. Бул байыркы учурларда активдүү колдонулуп, азыркы кыргыз тилинде өз алдынча дээрлик колдонулбайт да, кабыл эт-, сабыр эт-, кыймыл эт-, былк эт-, солк эт- өндүү татаал этиштердин тутумунда гана айтылат. Башка тилдерден өздөштүрүлүп уюшулган этиштик татаал формалар менен оозеки кебибизде колдонулуп калат: звонить эт-, встречать эт-, оформить эт- ж.б.

Кыргыз тилинин сөз түркүмдөрүнүн ичинде этиш сөз түркүмү өзгөчө орунда турат. Анткени, биринчиден, этиштер тилдеги сөздүк кордун салыштырмалуу көпчүлүк бөлүгүн түзөт. Экинчиден, этиш сөздөрдүн башка сөз түркүмүнө өтүп кетүүсү өтө сейрек учурайт. Алар тилдеги туруктуу лексика-грамматикалык топту түзөт. Башка тилдерден этиш сөздөрдүн ооп келиши, башкача айтканда, кабыл алынышы да жокко эсе. Үчүнчүдөн, этиш сөздөрдүн грамматикалык түзүлүшү өтө татаал, анын грамматикалык категориялары да өздөштүрүүгө бир топ оор.

Этиштер **ынгай, мамиле, жак, чак, сан** категориялары боюнча өзгөрөт, оң жана терс маанилерди туюндуруп айтылыш формаларына да ээ. Кыймыл-аракеттин субъектиге карата өтмө же өтпөс (булар тууралуу ылдыйда өзүнчө сөз болот) болуп келиши да этиштердин тутумдук түзүлүшүнө байланыштуу. Анткени, жаратылыштагы жандуу жана жансыз заттардын мейкиндик чегиндеги кыймылы жана ал кыймылдын мезгилдик алкагы чексиз. Демек этиш сөздөр өтө ар түрдүү кыймыл-аракеттерди, өтө ар түрдүү бейпилдик абалдарды, акыл-ойдогу өтө ар түрдүү кыймыл көрүнүштөрүн, кыймыл-аракеттердин ар башка убакыт бирдигинде, ар кайсы мезгилдерде жүрүп турганын билдирет.

Этиш сөз түркүмү башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат.

1. Маанилик жактан негизи
гизет.

2. Өзүнө гана тиешелүү болгон грамматикалык категориялары (ыңгай, мамиле, чак жана жак) бар.

3. Өзүнө гана тиешелүү курандылары бар. Алар этиштерди гана жасайт: -ла: камчыла-, ойло-, табышта-; ***-дан:*** каардан-, ардан-; ***-а:*** сына-, күчө-, *сана-;* ***-ай:*** азай-, көбөй-, чоңой- ж.б.

4. Синтаксистик жактан негизинен баяндоочтун милдетин аткарат. Мисалы: Ал бала чагынан эле кыштак турмушуна көнгөн. (Б.У.) Жигит ээнсирей түшкөн үй ичин бир сыйра кыдырата карады. (А.С.).

5. Сүйлөм тизмегинде адатта акыркы (экинчи) орунда турат. Кээ бир стилдик максаттарда айтылганда жана поэзияда сүйлөмдүн башына да келе бериши мүмкүн.

Кыргыз тилинде этиш сөздөр түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал этиштер болуп экиге бөлүнөт.

Жөнөкөй этиш сөздөр бир гана унгудан турат: бас-, тур-, отур-, сүйлө-, аткар-, учкаш-, бекин-, ойгон-, кыймылда-, уйкусура-, мыкчы-, жөлөн- ж.б. Жөнөкөй этиштер түзүлүшү боюнча унгу сөздөрдөн *(ич-, айт-, бас-, ук-* ж.б.*)* жана курандылар аркылуу жасалган туунду сөздөрдөн *(камчыла-, сүйлө-, этси-ре-, каардан-, камын-* ж.б.*)* турат.

Татаал этиш сөздөр эки же андан көп унгудан туруп, бир гана кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирет: тосуп чык-, ойлоп тап-, чаап ташта-, коштоп жүр-, баш бак-, кол кой-, алдан тай-, тарс эт-, тартып бара жат- ж.б.

Татаал этиштердин грамматикалык маанилерин анын тутумундагы көмөкчү (жардамчы) этиштер уюштурат. Алар дайыма татаал этиштин экинчи түгөйү болуп түшөт. Ал эми биринчи түгөй болуп негизги этиштер, атооч сөздөр же тууранды сөздөр кызмат кылат (бул маселени ылдыйдан караңыз).

Сүйлөмдө татаал этиштер да жөнөкөй этиштердей эле кызмат аткарат, башкача айтканда, эки же андан көп сөздөн турганына карабастан сүйлөмдүн бир гана мүчөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: Элге бат алынып кетти, кыргыз топурагын баскан биринчи профессор дешип аны урматтай башташты (Ст.).

Эзелеген орун тартиби боюнча негизги этиш биринчи, жардамчы этиш дайыма экинчи (арткы) болуп келет.

Этиштер — кыймыл-аракет, ал-абал сөздөр. Ал эми кыймыл-аракет менен ал-абалды биз эч убакта көрбөйбүз, ошол кыймыл-аракетти же кандайдыр бейпилдик абалды заттардын тулку-турпатынан гана туюп билебиз. Ошондуктан, кыймыл-аракеттин же бейпилдик абалдын кыска мөөнөттө же узак убакытта болгондугун туюндурууда колдонулган сөздөрдө өзгөчөлүк болбой койбойт.

Негизги жана жардамчы этиштер

Татаал этиштер адатта эки же андан көп түгөйлөрдөн туруп, кыймыл-аракеттик маани ар дайым биринчисине, негизги этишке таандык болот. Акыркы түгөй болуп келген этиш сөздүн өзүнүн нукура лексикалык мааниси солгундап, көпчүлүк учурда биротоло жоголуп да кетет. Ошондуктан буларды жардамчы (көмөкчү) этиштер дейбиз. Жардамчы (көмөкчү) этиштер негизги этиштердин маанисине тактык, кандайдыр толуктоо алып келет да, ар кандай грамматикалык маанилерди туюндурууга жардам берет: тура тур, келе жатат, сүйлөй бериниз, уктап кетти ж.б.

Негизги этиштер дээрлик өзгөрбөстөн кала берет. Ал эми ар түрдүү этиштик категориялар боюнча өзгөрүүлөргө жардамчы этиштер гана дуушар болот. Мисалы: Бир күнү айылдагы адамдар Жакшылык ырчынын ырын угуу үчүн келип жатышты (С.К.). Бул жерде келип жатышты деген татаал этиштин тутумундагы сөздөрдүн биринчиси - негизги этиш, экинчиси - жардамчы этиш. Жакшылык ырчынын ырын угуу үчүн элдин келгендиги тууралуу кыймыл аракетти ошол татаал этиштин биринчиси *(келип)* аткарды. Бул сөз өзүнүн кыймыл-аракеттик (этиштик) маанисинде турат, ошондуктан ал - негизги этиш. Ал эми экинчиси *(жатышты)* болсо, өзүнүн кыймыл-аракеттик (этиштик) маанисин сактаган жок. Ал негизги этиштин *(келип)* көптүк сандагы үчүнчү жак жана өткөн-учур чак маанилерин билдирүү менен гана чектелди. Ошондуктан ал - жардамчы (көмөкчү) этиш.

Кыргыз тилинде негизги этиштер ар дайым чакчыл формасында болот: Киноаппарат лентаны бир калыбында имерип, согуш өз алдынча күчөй берди (Ч.А.). Ана, жаңыдан келген Эдил бапкесинен күндөлүгүн сууруп чыкты (О.А.).

Этиш сөздөрдүн маанилик топтору

Этиш сөздөр жалпысынан кыймыл-аракеттик, ал-абалдык маанилерди билдирген менен, чынында алар жалпы грамматикалык маанилик жактан бирдей боло бербейт. Айрымдары кыймыл-аракетти даана билдирип турса, айрымдарында кыймыл-аракет билине бербейт. Ошентип, кыргыз тилиндеги этиштердин өздөрү ич ара төмөнкүдөй бир нече маанилик топторго ажырайт: кыймыл этиштер, абал этиштер, өзгөрүм этиштер, сезим этиштер.

Кыймыл этиштер кыймыл-аракетти ачык билдирет. Булар кыймыл-аракетти аткаруучу субъект менен кыймылга кириптер болгон объектилердин катышына карата андан ары дагы бөлүнөт:

а) Субъектинин кыймылга келишин, бир нерсеге багыт алышын билдирген этиш сөздөр: *жүгүр-, чурка-, бас-, жорт-, чап-, ур-, кайт-, чык-, көтөрүл-, калкы-, серүүндө-*, тара- *(кабар тарады), тарка-* ж.б. Мындай этиштер сүйлөмдөгү

субъектинин өзүн кыймылга кириптер кылат, башкача айтканда, кыймыл-аракетти аткарган заттын өзү кыймылга келет.

б) Объектини өзгөрүүгө дуушар кылган этиш сөздөр: *каз-, курут-, майла-, самында-, көтөр-, алып бер-, алып кел-, жүр-* (шахматты, картаны, тогуз коргол-ду) ж.б. Мындай этиштер сүйлөмдөгү объектини, башкача айтканда, кыймыл-аракет барып тийип турган затты кыймылга келтирет.

Абал этиштер. Булар даана туюндурулган кыймыл-аракетти эмес, субъектинин кандайдыр бейпилдик ал-абалын билдирет: *отур-, олтур-, жат, тур-, бол-* ж.б. Мисалы: *Үстөлдө чалкалап Асан агай олтурат. Үч окуучу үч бурчта турат.* Мисалдардагы олтурат, турат деген этиштер кыймылды эмес, Асан агай менен үч окуучунун бир орундагы бейпилдик абалын билдирди. Абал этиштердин этиштик маанилери адатта контекст менен аныкталат.

Заттардын кандайдыр бейпилдикте болушу, бейпилдик абалда турушунун өзү аракет болгондугун, аракеттин барып токтогондугун туюндурат. Демек, анын ар жагында кыймыл жатат, ошондуктан мындай сөздөрдү абал этиштер дейбиз.

Абал этиштер татаал формада да айтылат. Мисалы: Ортодо илинген кооз люстра үйдү жарык кылып турат. Биздин мектептин класс бөлмөлөрү дайыма таза болуп турат.

Өзгөрүм этиштери субъектинин же объектинин сандык же сапаттык жактан кандайдыр өзгөрүүгө дуушар болгондугун билдирет: агар-, жаша-, түлө, той-, чанай-, кампай-, ичиркен-, семир-, арыкта-, аз- (өндөн аз) ж.б. Мисалы: Акматтын баккан малы быйыл жакшы семирди. Кыймыл-аракет анча байкала бербейт. Этиш сөз *(семирди)* заттын кыймыл-аракетин эмес, сапаттык жактан өзгөрүшүн билдирип турат. Акырындык менен сапаттык өзгөрүү кыймылынын жүргөнүн байкайбыз. Албетте, заттагы сандык өзгөрүү да, сапаттык өзгөрүү да кыймылдын натыйжасы менен жүрөт. Ошондуктан мындай сөздөрдү кыймыл-аракетти билдирген сөздөр катары сандык-сапаттык өзгөрүү этиштери деп атайбыз.

Сезим этиштери субъектини же объектини кыймылга келтирбестен, акыл-ой ишмердигиндеги кыймыл-аракет маанилерин гана туюндурат: эсте-, түшүн-, ойло-, ук-, тыңша-, бил-, сүй-, сез-, көр-, эшит-, байка-, баамда- ж.б. Мындай этиштерде аткарылган же аткарыла турган кыймыл-аракет боло бербейт, бирок бул сөздөрдүн лексикалык маанисинде биз баамдагыдай даана кыймыл-аракет болбогону менен кандайдыр натыйжалуу аракет, акыл-эс аракети жатат. Мисалы: Ушундай мазмунда кат жазганын эстеди. Этиш сөздө *(эстеди)* кыймыл-аракеттин өзү жок, субъектинин акыл-оюндагы, баамындагы аракеттин натыйжасы гана жатат.

Этиштин оң жана терс түрү

Жаратылышта, күндөлүк турмушубузда иштин жүрүшү, башкача айтканда, кыймыл-аракеттин жүзөгө ашышы ар кандай болот. Кээде жай же ылдам аткарылып, кээде аткарылбай да калат, кээде аткарылышы биз ойлогонго карама-каршы келиши мүмкүн. Кыргыз тилинде мындай көрүнүштөр атайын грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулат.

Кыймыл-аракеттин аткарылышына, иштин жүрүшүнө, орундалышына жана заттардын ар кандай бейпилдик абалдарда болушуна карата этиш сөздөрдүн колдонулушу оң жана терс түрлөрдөгү маанилер менен ишке ашат.

Кыргыз тилиндеги этиштердин дээрлик бардыгы кыймыл-аракеттин аткарылышын, аткарылып жатканын жана заттардын ар кандай бейпилдик абалда ойдогудай болуп жатканын билдирет, башкача айтканда, этиш сөздөр дайыма оң мааниде болот. Буларга карама-каршы келген маанилер да болот.

Азыркы кыргыз тилинде этиштин терс түрү эки жол менен уюшулат: 1) терс маани мүчөсүнүн (*-ба*) этиштик негиздерге жалганышы менен жана 2) жок, эмес, элек деген сөздөрдүн этиштерге кошулуп айтылышы аркылуу.

-ба мүчөсү этиш сөздөргө жалганып, кыймыл-аракеттин болуп өткөнүнө же аткарылышына терс жана карама-каршы маанилерди таңуулайт. Мисалы: Чакырган жерден калба, өзүң басып барба (Макал). Мисалда *-ба* мүчөсү этиштик уңгулар (кал-, бар-) билдирип турган кыймыл-аракеттик маанилерге терс маани ыйгарды. Терс маанинин бул мүчөсү уңгудагы (негиздеги) тыбыштарга карата өзгөрүп келе берет: *-ба, -бе, -бо, -бө, -па, -пе, -по, -пө*. Кыргыз тилинде -ба мүчөсүнүн этиш сөздөрдүн тутумундагы орду туруктуу келип, ал дайыма уңгудан (негизден) кийин жалганат.

Мисалы: *ал-ба, ал-ба-й-т, сүйлө-бө-гүлө* ж.б. Эгерде этиштин тутумунда мамиле мүчөсү болсо, *-ба* мамиле мүчөсүнөн кийин келет. Мисалы: жуу-н-ба, *бас-ыл-ба-ды, оку-т-па-й-сың, жаз-дыр-ба-дык, эм-из-бе-й-т, сүйлө-ш-пө-гүлө, жам-ын-ба, көр-сөт-пө* ж.б. Демек, уңгу кандай өзгөрүүлөргө дуушар болсо, *-ба* мүчөсү да жалганган этиш сөздөгү тыбыштардын касиетине жараша өзгөрүүлөргө учурай берет. Учур чак этиштерде *-ба* мүчөсү дайыма негизги этишке жалганып этиштик терс маанини камсыз кылат: келбей жатат, сүйлөбөй жатат ж.б. Келер чак этиштердин татаал формаларында *-ба* мүчөсү жалгашкан орду боюнча өзгөчөлөнбөйт. Жардамчы (көмөкчү) этиштин тутумунда келгенде кыймыл-аракеттин аткарылыш багытына терс маани берет: ээрчитип келбейм, олтура бербеңиз, айта бербегиле, алып келишпейт ж.б.

Негизги этиштин тутумунда айтылган болсо, кыймыл-аракеттин аткарылыш багытына эмес, аткарылган кыймыл-аракеттин натыйжасына карата терс маани берет: ээрчитпей келет, албай келишет ж.б. Акыркы мисалдарда кыймыл-аракет

оң эле аткарылды, бирок аткарылган кыймыл-аракеттин натыйжасы тескери болду. Арсар келер чактын *-ар* мүчөсү менен келбейт. Анткени *-ар* мүчөсүнүн терс түрү бар (*-бас*), ал эми *-бас* мүчөсүнүн тутумунда *-ба* мүчөсү бар. Өткөн чак этиштердин *-ды, -ып, -ыптыр, -чу* формалары менен айкашканда өзүнүн туруктуу ордун сактап келет: кел-бе-ди, уг-ул-ба-ды, жет-пе-п-тир-сиз, көр-бө-*чү*-*мүн* ж.б.

Ал эми жалпы өткөн чактын мүчөсү *(-ган)* менен татаал формаларда гана айкашып айтылат: окубаган болсом, көрбөгөн элем, билбеген экенбиз, унчукпаган бойдон ж.б. Бул учурларда *-ган* мүчөсүнүн атоочтукту жасай турган өзгөчөлүгү даана көрүнүп, андагы этиштик татаал формаларда кандайдыр касиет, сапат маанилеринин бар экендиги байкалат. Кыргыз тилинин диалектеринде жөнөкөй этиштерде *-ган* мүчөсү жалганып айтыла берген көрүнүштөр бар: айт-па-ган, кел-бе-ген-биз, көр-бө-*гөн*-мүн.

Бир сөздүн тутумунда *-ба* мүчөсү суроо маанисин билдире турган *-бы* мүчөсү менен келсе, өзүнүн терс маанисин жоготот, кыймыл-аракеттин аткарылышына, жүрүшүнө, орундалышына жана заттардын ар кандай бейпилдик абалдарда болушуна карата оң маанилерди билдирип калат. Мисалы: Бардыгын айтып бербедимби, дагы эмнени айтайын? (М.М.) Ошентип, убара болуп шаарга эки жолу барып келбедимби (Ш.Б.).

Татаал формада беле жардамчы этиши менен келсе да оң маанилерди билдирип калат: Тааныштар түгүл жакындар менден качып калышпады беле. (Ст.) Анткени, беле — бы, эле.

Этиштин терс формалары жок, эмес, элек деген сөздөрдүн жардамы менен да уюшулат.

«жок» деген сөз жалпы өткөн чакка айкашып келет: окуткан жок, барган жок, келген жок, уктаган жок, билдирген жок ж.б.

«эмес» деген сөз болсо, жалпы өткөн чак менен адат өткөн чакка айкашат: барган эмес, көргөн эмес, барчу эмес, көрчү эмес ж.б.

«элек» деген сөз *-а, -о, -е, -й* мүчөлүү чакчылдар менен айкашып келет: бара элек, толо элек, бере элек, сүйлөй элек, көрө элек ж.б. Кыймыл-аракеттин аткарылышына терс маани берет. Эгерде «элек» -ган, -чу мүчөлүү этиштер менен айкашып келсе, кыймыл аракеттин аткарылышынын оң маанисин билдирип калат: барган элек, барчу элек. ***Эскертүү:*** жок, эмес деген сөздөр атооч сөздөр менен бирге келип да терс маанилерди туюндура берет: Асан жок, акылы жок, бала эмес ж.б.

Өтмө жана өтпөс этиштер

Этиш сөздөр табиятынан эле кыймыл-аракетти, ал-абалды билдиргендиктен, кыймылга келтирген жана кыймылда болгон заттардын өздөрү менен тыгыз

байланышта болот. Этиштин кыймыл-аракет маанисин ошол заттардан байкайбыз. Кыймыл-аракетти ким жүргүзүп жатат, ким же эмне кыймылга келип жатат, мына ошолорду заттар аркылуу туябыз.

Ошондуктан, адегенде ***кыймыл-аракеттин субъектиси, кыймыл-аракеттин объектиси*** деген түшүнүктөрдү тактап алуу талап кылынат.

Кыймыл-аракеттин субъектиси болуп сүйлөмдөгү кыймыл-аракетти аткарган зат эсептелет. Мисалы: Мурат козуларды бүгүн ушул борчуктарга жайып келген. (К.Б.) Кыймыл-аракетти аткарган субъект, башкача айтканда, козуларды багып келген — Мурат. Айтике кишилердин үстүнө кирүүдөн уялды. (А.Т.) Кыймыл-аракетти аткарган субъект, башкача айтканда, кирүүдөн уялган — Айтике. Мисалдардагы субъектилердин экөө тең *(Мурат, Айтике)* грамматикалык ээлер.

Субъект дайым эле грамматикалык ээге дал келе бербейт. Грамматикалык ээ субъект болбой калып, кээде сүйлөмдүн толуктоочу да субъект милдетин аткара берет. Мисалы: Көпүрө биздин аталарыбыздын күчү менен салынган. Бул жерде грамматикалык ээ *(көпүрө)* субъект болбой калды. Ишти аткарган субъект, башкача айтканда, көпүрөнү салган — аталарыбыздын күчү. Бул жерде субъект — толуктооч. Кыймыл-аракеттин объектиси болуп сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин барып тийип турган жери, кыймыл-аракет таасир этип турган зат эсептелет. Мисалы: Карыпбек астыга эки-үчөөнү өткөзүп ийди (М.М.) Кыймыл-аракет *(өткөзүп ийди)* астыга деген объектиге барып тийип турат. Тигил суу ылдый чуркаган кишилерге жети жашар Батийна жолукту (Т.С) Кыймыл-аркеттин *(жолукту)* барып жеткен предмети — суу ылдый чуркаган кишилер. Демек бул сүйлөмдө кишилерге деген сөз — объект.

Ошентип, этиштер объект менен субъектилердин ортосундагы жандуу карым-катыш, байланыш-аракеттерди тейлейт. Мына ушул милдеттерди аткаруудагы ар түрдүү кызматтарынан улам этиштерди биз өтмө жана өтпөс этиштер деп экиге бөлөбүз.

Кыймыл-аракет объектиге тике багытталып, аракеттин таасири ага (объектиге) жетип, аны (объектини) кандайдыр өзгөрүүгө дуушар кылган этиштер өтмө этиштер деп аталат. Мисалы: *Адилет калем учтады.* Кыймыл-аракет *(учтады)* объектиге *(калем)* тике багытталып, аны кыймылга келтирди, өзгөрүүгө дуушар кылды, башкача айтканда, учтады деген этиш сөздөгү кыймыл-аракет процесси калем деген (табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү көмүскөдө калган — «калемди учтады») зат атоочко өтүп турат. Демек, учта – өтмө этиш.

Кыймыл-аракет кандайдыр объектиге багытталбай, кыймыл-аракеттин натыйжасы башка заттарга таркабай субъектинин өзүнүн гана айланасында калып калса, мындай этиштер *өтпөс этиштер деп аталат. Мисалы: Чөп алачыктын жанында чал менен кемпир олтурат* (К.Ж.). *Бир аздан кийин мамонт*

башын чулгуп тура баштады (К.Э.). Мисалдардагы олтурат, тура баштады деген этиштердеги кыймыл-аракеттер кандайдыр объектиге багытталган жок, башка затка да таркаган жок, субъектилердин өзүн гана кыймылга кириптер кылды *(чал менен кемпир олтурат; мамонт тура баштады).* Башкача айтканда, этиш сөздөрдөгү кыймыл башка затка өткөн жок. Демек, олтурат, тура баштады — өтпөс этиштер.

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн өтмө жана өтпөстүк белгилерин бири-биринен ажыраткан атайын грамматикалык каражаты жок. Мындай белгилер этиштердин лексикалык маанилери боюнча эле аныкталат. *Жыйна-, бөлө-, айыр-(айры-), кама-, күрө-, байла-, ула-, кура-, тоно-, ото-, чыгар-, толтур-, түрт-, ур-* деген сыяктуу этиштердин лексикалык маанилерин андап көрсөк, кыймыл-аракеттин аткарылышы кандайдыр башка заттын кыймылга кириптер болушу аркылуу ишке ашаары көрүнүп турат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул этиштердеги кыймыл-аракет башка бир затка өтөт, демек булар - өтмө этиштер.

Ал эми *айны-, кула-, кыяла-, ойно-, түлө-, кайна-, жөнө-, эркеле-, өбөктө-, укта-, же-, ич-, кел-, жүр-, күл-, жөнө-, кызар-, жумшар-, жашар-* деген сыяктуу этиштердин лексикалык маанилерине назар салсак, кыймыл-аракеттин аткарылышы башка затка (башкача айтканда, объектиге) багытталбастан, субөектинин өзүнө багытталып, өзүндө калып жатат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул этиштердеги кыймыл-аракет объектиге таралган жок, субъектинин өзүндө кала берди, демек булар - өтпөс этиштер. Ошентип, кыргыз тилиндеги этиш сөздөрдүн лексикалык маанилеринин өзүндө эле кыймылдын объектиге тике багытталып, өтмө этиштик жана объектиге багытталбай, өтпөс этиштик грамматикалык маанилер кошо болот.

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн өтмөлүк жана өтпөстүк маанилери, жогоруда айтылгандай, алардын лексикалык маанилеринде гана болбостон, этиштин мамиле көрсөткүчтөрүндө да өтмө, өтпөстүк маанилерди жаратуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

Өздүк жана туюк мамиле этиштердин грамматикалык каражаттары этиш сөздөргө өтпөстүк маани ыйгарат: *бөлө-, тала-, чыла-, байла-, түрт-* деген сөздөрдө кыймыл объектиге багытталып, кыймыл процесси объектиге жете тарап жатат, башкача айтканда, буларда өтмө маани бар. Ал эми бөлөн-, талан-, чылан-, байлан-, түртүн- деген өздүк мамиле формаларында болсо, кыймыл объектиге багытталбай, ага жете таркаган жок, субъектинин өзү кыймылга келип, кыймыл-аракет ошол жерде калды. Өздүк мамиле каражаты *(-ын* мүчөсү) этиштерге өтпөстүк маани берди.

Туюк мамиле каражаты (*-ыл* мүчөсү) да ушундай касиетке ээ: *кама-, жыйна-, кайыр-, (кайры-), тоно-, чыгар-* деген этиштик негиздерде кыймыл объектиге багытталып турат, бул сөздөр туюндурган кыймыл-аракеттердин

натыйжасында объект өзгөрүүгө дуушар болот. Булар - өтмө этиштер. Ал эми ушул этиш сөздөрдү *камал-, жыйнал-, кайрыл-, тонол-, чыгарыл-* деп туюк мамиле каражаты менен өзгөртсөк, кыймыл объектиге багытталбай, ага жете таркабай, субъектинин өзүнүн айланасында кала берет. Өтпөстүк маани берилип, өтпөс этишке айланып кетет.

Аркылуу мамиленин грамматикалык каражаттары этиш сөздөргө өтмөлүк грамматикалык маани ыйгарат. Анкени, өздүк жана туюк мамилелер кыймыл-аракеттин аткарылышында субъектинин ролун арттырып, натыйжаны да ошол субъектинин айланасында кармаса, аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин аткарылышында башка субъектинин таасирин алдыңкы планга алып чыгып, кыймыл-аракеттин натыйжасын объектиге багыттайт, объектиге карай таркатат. Мисалы: *түлө-, кула-, ото-, кайна-, кана-, жөнө-, агар-, кайгыр-, кел-, укта-, күчө, түнө-, отук-, тынык-, шаңшы-, какшы-, көбөй-, эркеле-, кел-, өт-, кайт-, кач-, уч-, ак-, эм-* деген этиштердеги кыймыл-аракет объектиге карата багытталбай, субъектинин өзүнө тийип, субъектинин өзүн кыймылга, өзгөрүүгө дуушар кылып турат. Булар - өтпөс этиштер.

Ал эми *түлөт-, кулат-, ойнот-, кайнат-, канат-, жөнөт-, агарт-, кайгырт-, уктат-, күчөт-, түнөт-, шаңшыт-, какшыт-, көбөйт-, эркелет-, өткөр-, кайтар-, качыр-, учур-, агыз-, эмиз-* деген аркылуу мамиле этиштерде кыймыл-аракет башка субъект тарабынан аткарылып, кыймылдын натыйжасы кандайдыр объектиге карата багытталып жатат. Башкача айтканда, этиш сөздөрдө өтмөлүк маани пайда болду.

Кош мамиленин мүчөсү *(-ыш)* этиш сөздөрдүн өтмө, өтпөстүгүнө таасирин тийгизе бербейт. Анткени кош мамиледе этиштердеги кыймыл-аракетти аткаруучу субъектилери менен кыймыл-аракет барып таасир этип турган объектилер ошол бойдон сакталып кала берет. Мисалы: *сана-, кама-, ула-, тоно-, кетменде-, жулкула-* деген өтмө этиштерге кош мамиленин мүчөсүн жалгасак, санаш- (акчамды санашчы), камаш- (ар жагын тосуп, койду корооого камаш), улаш- (улаганга жардам бер деген мааниде) тоношо-, кетмендеш-, жулкулаш-болуп, субъектилер өзгөргөн жок, ошол эле субъект менен дагы бирөө биргелешип аракеттенип жатат, кыймыл-аракет таасир этип турган объектилер да ошол бойдон. Ошентип, этиштердин өтмө мааниси өтмө бойдон калды. Ал эми чурка-, телчик-, жөнө- деген өтпөс этиштерге аркылуу мамиленин -ыш мүчөсүн жалгасак, чуркаш- (бирге чуркаштык), телчигиш- (бирге телчигишкен) болуп, кыймыл-аракет объектиге багытталган жок, анткени субъектилери ошол бойдон эле калды, болгону аларга дагы башка субъект кошулуп аракет жасап жатат. Бул учурда да өтпөстүк маанилер өзгөргөн жок.

Этиштин мамилелери

Биз жогоруда «этиштер объект менен субъектилердин ортосундагы жандуу карым-катыш, байланыш-аракеттерди тейлейт» деп айттык. Мына ушунун өзү субъект менен объектинин ортосундагы мамилелер деп аталат. Кыргыз тилинде субъект менен объектинин ортосундагы кыймыл-аракет, карым-катыштарды жөнгө салып, сөздөрдүн тизмегин сүйлөм маанисине бириктирип турган этиштик беш мамиле бар: негизги, өздүк, туюк, кош, аркылуу мамилелер.

Негизги мамиле этиштер сүйлөмдөгү аракеттин субъект тарабынан аткарылып, анын натыйжасы объектиге же башка бир түшүнүккө субъект тарабынан багытталып турганын көрсөтөт. Мисалы: Азыркы сөзүңүздү официалдуу түрдө ***четке кагам*** (Т.А.). Мындай кудурет-күчтү жараткан бир гана энеге ***берген*** (М.М.).

Этиштин терс маанилери да кайсы бир башка мамиленин мүчөсү жалганбай келсе, негизги мамиледе болот. Сенин калп мекиренгениңе намысымды сатпайм! Мен башкага да, өзүмө да өмүрү калп айткан жан эмесмин. (Т.А.).

Этиш сөздөрдөгү негизги мамиле маанилери этиштик негиздин (уңгунун) өзүндө эле болот. Анткени, негизги мамиленин өзүнө тиешелүү грамматикалык каражаты жок. Туунду жана тубаса этиштердин бардыгы ошол турпаты менен эле негизги мамилени түзөт. Грамматикалык сан, чак жана жак маанилердин көрсөткүчтөрү негиздин (уңгунун) өзүнө эле жалганып келе берет. Мисалы: *Жайында мен атам менен Таласка бардым. Жайында сен атаң менен Таласка бардың.* Жайында Жумагул э*көобүз атам менен Таласка бардык. Жайында Жумаш менен Байыш атасы менен Таласка барышты.*

Бардык башка мамилелерди уюштуруучу грамматикалык каражаттар негизги мамиле этиштерге жалганат. Мисалы: Айгүл чачын жууду. Мисалыбызда жууду деген этиш сөз негизги мамиледе турат. Анткени, кыймыл-аракет грамматикалык субъектинин өзү тарабынан кадыресе аткарылды. Эгерде Адилет таза жуунду десек, жуунду деген этиштеги *-н(-ын)* мүчөсү негизги мамиле этишке жалганды да өздүк мамилени уюштурду (өздүк мамиле тууралуу ылдыйда айтылат). Айнагул кызына пол жуудурду деген мисалда да жуудурду деген этиште аркылуу мамиленин *-дыр* мүчөсү негизги мамиле этишке жалганды (аркылуу мамиле тууралуу ылдыйда айтылат). Негизги мамиледе грамматикалык ээге дайыма логикалык субъект дал келет, башкача айтканда, кыймыл-аракет грамматикалык ээнин өзү тарабынан аткарылат. Токтогул эрдин кымтып, ойго бата түштү (Т.К.). Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет грамматикалык ээнин *(Токтогул)* өзү тарабынан ишке ашты. Мына ошол грамматикалык ээнин өзү - логикалык субъект.

Өздүк мамиле. Кыймыл-аракет субъектинин өзүнө багытталып, анын өзүн кыймылга кириптер кылса, мындай этиштер өздүк мамиле этиштер деп аталат.

Мисалы: Жыл айланган соң жатаканалуу мектептин негизги окуучусу катары ***кабыл алынды*** (Ст.). Ал чыгармачылыктын күлазыгын жаштайынан камдоого ***аракеттенди*** (Жус.). Мисалдардагы этиш сөздөр *(кабыл алынды,* аракеттенди) субъектинин өзүн кыймылга келтирип турат. Кыргыз тилинде этиштин өздүк мамиле маанилери төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат.

1. Этиштин өздүк мамиле маанилери *-ын* мүчөсү менен уюшулат. Мисалы: Көп өтпөй сүрөтчүлөр союзунун төрагасы болуп шайландым. (К.С.) Бактылуу жаңы келиндей баш алган эгин жүгүнөт. (О.С.) Чындыкты карай от үйлөсөң, өзүң тартасың азабын, абийир, ыймандан ажырап, өрттөнүп кетет сакалың («Кыргыз Туусу»).

2. Кыргыз тилинде этиштин өздүк мамиле маанилери *-ыл* мүчөсүнүн жардамы менен уюшулат. Мисалы: Эртеси көчтүн алды белге чыга берген кезде күн бүркөлдү (К.Б.). Качыр-кучур деген дабышы күчөп барып, чоң карагай карс этип жыгылды (Ж.О.).

3. Этиштин *-ылда* (татаал куранды: *-ыл-да*) курандысы да өздүк мамиле маанилерин уюштурат. Мисалы: *Заманың келди айланып, жаркылда, кедей, жаркылда! (*Токт.).

4. Өздүк мамиле маанилерин татаал мүчө *-айын* да уюштурат. Бул учурда кыймыл-аракеттин субъект тарабынан иштелгени ачык байкалат. Мисалы: Жалгызым, сенин жаныңды Жараткандан тилейин («Жаныш, Байыш»).

5. Сүйлөмдө логикалык субъект катары «өз» деген аныктама ат атоочтун кошулуп айтылышы да өздүк мамиле маанилерин жаратат. Мисалы: Тим кой, балам, карындашың ыйлап-ыйлап өзү басылат (З.С.).

6. Сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдон улам эле (контекстке жараша) өздүк мамиле маанилери жарала бериши да мүмкүн. Мындай учурдагы өздүк мамиленин мааниси солгунураак болот. Мисалы: А*й арасында сары кар түшүп, эки күн жатты.* (Т.С). *Таң менен кошо ойгонуп, бакажалбырак чогултканы жөнөйт.* (М.Г.).

Өздүк мамиле этиштер маанилери боюнча бири-биринен айырмаланган топтордон турат.

1. Субъектинин өзүнүн аракети субъектинин өзүн кыймылга келтирет, башкача айтканда, кыймыл-аракетти аткарган заттын өзүнүн кыймылга келгени даана байкалат. Мисалы: Мазар болсо, кыя өтпөйт, сыйынат (К.Ж.). Түнкатар молдонун тили такыр байланды (К.Ж.). Мисалдарда кыймыл-аракетти *(сыйынат, байланды)* сүйлөмдөрдүн ээлеринин өздөрү (көмүскөдөгү мен, экинчи сүйлөмдө тили) аткарып, анын натыйжасы өздөрүнө келип тийип жатат.

2. Өздүк мамиле этиштер субъект тарабынан аткарылган кыймыл-аракеттин кайталанышын билдирет. Бул маанилер этиш сөздөрдүн лексикалык маанисинде эле болот. Мындай этиштер сан жагынан өтө эле аз: чамын-, темин-, сөгүн-,

кагын- ж.б. Мисалы: Ансайын болбой теминет. Кыймыл-аракетти *(теминет)* аткарып жаткан кишинин өзү кыймылдап, анын кыймылы кайталанып жатат.

Унгунун мааниси менен салыштырып караганыбызда *-ын* мүчөсү тутумунда бар этиштерде кандайдыр жаңы маани бардай сезилет. Бул көрүнүш мамиле мүчөлөрүнүн, негизинен, куранды мүчөлөрдүн катарына кошула бербей, белгилүү деңгээлде жаңы сөз жасоо касиетине да аздыр-көптүр ээ экендигин айтып турат.

Өздүк мамиле этиштерде дайыма өтпөстүк маани болот. Анткени, аракеттин натыйжасы башка затка өтпөстөн субъектинин өзүнө багытталып, өзүндө кала берет. Мисалы: *Шаарда бир эле жыл жашап көп нерселерди үйрөндүм.* (К.А.) *Маңдай тер катуу төгүлсө*, ырыскы *өзү келет* (Б.У.).

Туюк мамиледе кыймыл-аракетти аткарган субъект белгисиз бойдон калат. Сүйлөмдөгү субъект менен объектиге карата кыймыл-аракет кандайдыр башка жактан келип таасир эткендей болот. Мисалы: *Саясат деген дал ошол тарбиядан башталат, үгүт-насаат ишинен, ушак-айыңдан башталат* (Ст.). Эч жылыбаган үйдө жүрөк жылыткан ырлар жазылды (Жус.). Сүйлөмдөрдөгү башталат, жазылды деген кыймыл-аракеттер саясат, ырлар деген грамматикалык субъектилерге багытталып, сүйлөмгө катышпаган башка бир белгисиз субъектилер тарабынан аткарылып жатат. Ошентип, кыймыл-аракеттин ким тарабынан аткарылганы белгисиз, туюк бойдон калып жатат.

Кыргыз тилинде этиштин туюк мамиле маанилери төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат.

1. Туюк мамиле маанилерин *-ыл* мүчөсү уюштурат. Берилген тапшырмалар аткарылган соң, *студенттер театрга барууну чечишти* (Ш.Б.). Тапшырмаларды, албетте, студенттер өздөрү аткарган, бирок бул сүйлөмдө тапшырмалар өзүнөн-өзү эле аткарылып калгандай маани берилип жатат. Ким тарабынан аткарылганы айтылбай туюк мамиле мааниси жаралды.

2. Туюк мамиле этиштер *-ын* мүчөсү менен да уюшула берет. Мисалы: Тергөөчүнүн эмнени сурайын деген ою дароо эле билинди (Ст.). Бийерде да кыймыл-аракет *(билинди)* грамматикалык субъектиге *(ою)* багытталып, аны ким аткарганы, башкача айтканда, логикалык субъект белгисиз бойдон калды.

Туюк мамиледеги этиштер адатта өтпөс этиштик мааниде болот, анткени алар эч убакта табыш жөндөмөсүн талап кылбайт. Алар негизинен атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып келет: Акылбектин айтайын деген ою дароо эле билинди. Кыймыл-аракет *(билинди)* башка субъектиге өткөн жок.

Кош мамиле кыймыл-аракеттин бир нече субъектилер тарабынан биргелешип аткарылгандыгын билдирет. Кош мамиле этиштер ар дайым көптүк сан маанисин кошо ала жүрөт. Анткени, кыймыл-аракет эки же андан

көп субөектилердин биргелешип аракет кылуусунун натыйжасында аткарылат. Мисалы: Экөөнү тең Касымга кас душман кылып пайдаланышты (Ст.). Кыймыл-аракетти *(пайдаланышты)* жалгыз эмес, бир нече субъект аткарып жатат, башкача айтканда, бир нечеси пайдаланышты.

Кыргыз тилинде этиштин кош мамиле маанилери төмөндөгүдөй жолдор менен уюшулат.

1. Кош мамиле маанилери *-ыш* мүчөсү менен уюшулат. Мисалы: Анын ишааратын байкаган берки экөө да бата кылышты (М.М.). Менимче, баары тең өз кайгыларын жазышкан (Жус.). Сүйлөмдөрдөгү кыймыл-аракеттер *(бата кылышты, жазышкан)* бир нече субъектилердин биргелешкен аракетинин натыйжасында аткарылып жатат.

2. Кош мамиле этиштер атайын грамматикалык каражаты жок деле уюшула берет. Мисалы: *Кечке маал Жанат экөөбүз кошулган койлорду бөлө баштадык* (М.Э.). *Турмуштун оорчулугун кичинебизден тарттык* («Алатоо»). Сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин *(б*өлө баштадык, тарттык) аткарылышына бир нече субъектилер катышып жатат.

Биргелешкен аракетте адатта көптүк сан мааниси болот дедик, анткени, биргелешүүдө кыймыл-аракетти аткаруучу субъект жалгыз болбойт, эки же андан көп болот: Эки шер эки жактан тиштенишип, мээлешти жаздымы жок ташта жатып... (А.Т.). Бул ишке күн мурунтан эле Красинди чектеп коюшкан. (К.А.).

Кош мамиле этиштерде жардамдашып аракет жасоо маанилери да болот: кармаш, көтөрүш, үн кошуш, иштеш ж.б. Мисалы: Бизге кошулуп жер казышсаңар боло.

Аркылуу мамиледе кыймыл-аракет кандайдыр башка субъектинин кийлигишүүсү менен ишке ашат. Мисалы: Досуңду аздырбоого, душманыңды басмырлоого тырыш («Кыргыз Туусу»). Грамматикалык ээ башкаруучунун, буюруучунун, башкаларды иштетүүчүнүн милдетин аткарып калат, кыймыл-аракетти, ишти, өзү аткарбайт. Кыймыл-аракет, иш, башка бирөө тарабынан аткарылат. Кыргыз тилинде аркылуу мамилени уюштуруучу грамматикалык каражаттар бир топ арбын:

-дыр: *бастыр-, ойдур-, күлдүр-, өстүр-, жактыр-, саттыр-, тарттыр-, айттыр-, жедир-, качтыр-, кактыр-, учтур-, соктур-, өптүр-, билдир-* ж.б.

-кар (-ар): *башкар-, аткар-, куткар-, сугар-, бүткөр-, өткөр-, чыгар-, кайтар-* ж.б.

-каз: *кутказ-, откоз-, өткөз-, көргөз-* ж.б.

-кыз (-ыз): *тургуз-, отургуз-, жеткиз-, билгиз-, киргиз-, жаткыз-, эмиз-, угуз-, тамыз-, агыз-, жегиз-* ж.б.

-кыр: *жаткыр-, жеткир-, житкир-* ж.б.

-ыр: *качыр-, какыр-, житир-, кечир-, кемир-, батыр-, бүтүр-, ичир-, кетир-, учур-* ж.б.

-сөт: *көрсөт- (бир эле этиш сөздө колдонулат)*

-т: *аңдыт-, байкат-, байыт-, бошот-, жогот-, кайыт-, токтот-, семирт-, тырмат-, үркүт-* ж.б.

Аркылуу мамиле этиштерде кыймыл-аракеттин ким тарабынан аткарылганына жана кантип аткарылганына жараша өзгөчөлүктөр болот.

Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет реалдуу субъект, башкача айтканда, грамматикалык ээ тарабынан аткарылат. Мисалы: Айланайын балам, тезирээк кел! (М.М.) Аттарды аса байлап каңтарып, таң ашыргыла («Ала Тоо»).

Сүйлөмдөгү кыймыл-аракет логикалык субъект, башкача айтканда, грамматикалык объект тарабынан аткарылат. Мисалы: Бул көпүрө биздин ата-бабаларыбыздын күчү менен курулган.

Мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши. Сүйлөмдө субъект менен объектинин ортосундагы карым-катыштар өтө ар түрдүү болот. Агглютинация тилдеринин өзгөчөлүгү ушунда, бир эле сөзгө (уңгуга) бир нече грамматикалык каражаттар жалганып, текстте айтыла турган ойлор бузулбастан түшүндүрүлүп кете берет. Мына ушундай өзгөчөлүктөрдөн улам субъект менен объектинин ортосундагы ар түрдүү карым-катыштарды чагылдыруу зарылдыгына жараша этиштин мамиле мүчөлөрү бир сөз ичинде биринин артынан бири кабатталып да келе берет. Бул учурда мамиле мүчөлөрүнүн бардыгы өздөрүнүн мамилелик маанилерин сактайт, бирок сүйлөмдөгү аяктаган ойду туюндуруучу аракет эң акыркы болуп келген мамиле мүчөсүндө болот.

Аркылуу жана кош мамилелердин кабатталып келиши: *Мал ээсин колтукташып тургузушту, көз жашын суу алып келип жуугузушту* (С.Ш.). *Кырктан отуздан жылкычы коруп, бир туякты бөөда алдырышпайт.* (Э.Т.)

Аркылуу жана туюк мамилелердин кабатталып келиши: *Доорлор үй көчкөндөй урайт, кулайт. Дүйнөнүн закону ошол - жаңыртылат* (С.Ш.) .*Булардын айрымдары «Чолпонстан», «Жыядыздуу жаштык» аттуу эң биринчи жыйнактарына киргизилген* (П.К.).

Аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши: Бул кагазыңарды бирөөгө көрсөттүрүп алдынар беле? («Кыргыз Туусу»). Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокуттурбай бакты, байкуш апасы (М.М.).

Кош жана аркылуу мамилелердин кабатталып келиши: *Таздарлар менен Токт.дун сарттар уруусун бүгүн түнү дагы мушташтырабыз* (Т.А.). *Бул дүйнө даңкты кармап кызыктырат, Чын менен калпты катар жарыштырып* (С.Ш.).

Өздүк жана аркылуу мамилелердин кабатталып келиши: *Өзүмдү селкинчектей күүлөндүрүп, Өрөпкүп ыр арнадым түрлөндүрүп* (С.Ш.).

Эл бүгүн жайлоого көчүп жатат. учур чак
Эл бүгүн жайлоого көчтү. өткөн чак
Эл бүгүн жайлоого көчөт. келер чак.

Бул үч сүйлөмдүн үчөө тең чактык мааниси боюнча ар башка, бирок ыңгайлык мааниси боюнча бирдей. Алардын бирдейлиги көч этиши билдирген кыймыл-аракеттин аткарылышы сүйлөөчү үчүн анык экендигинде.

Ошентип, ыңгай категориясынын баяндагыч түрүндө кыймыл-аракеттин чындыкка болгон катышы сүйлөөчүнүн жеке түшүнүгүндө дайыма анык болот да, ал чак категориясын уюштуруучу каражаттар аркылуу берилет. Тактап айтканда, бул үчүнчү чак категориясынын каражаттары ыңгай категориясын да уюштурат. Мисалы: *оку + ду + м, оку + ду + ң, оку + ду + ңуз, оку + ду + ш, оку + ду+к, оку + ду + ңар, оку + ду + ңүздар* сыяктуу айкын өткөн чак этиш формаларында оку этишине жалганган чак жана жак уландылар чактык да, ыңгайлык да маанилерди билдирип турат.

Этиш сөз билдирген кыймыл-аракеттин чындыкка болгон катышы, аткарылып аткарылбашы дайым эле өйдөкүдөй айкын бериле бербейт. Кээде сүйлөөчүнүн көңүлү кыймыл-аракеттин кеп жүрүп жаткан учуруна бурулбастан, керисинче, сүйлөөчүнүн эрки, каалоосу, ниет-максаты, шарты өндүү субъективдүү мамилелерине басым жасалат. Мисалы: Калкыбыздын жашоо турмушу бат эле оңолуп кеткей эле. Мында оңолуп кет- этишине уланган *-кей + эле* турпаты аркылуу каалоо-тилек мааниси туюнтулду. Темир үйдө калсын, сен бөбөгүндү бакчадан алып келгин десек, кал жана алып кел- этиштерине уланган *-сын, -гин* мүчөлөрү аркылуу буйруу маанилери берилди. Ошол эле учурда ыңгайдын бул түрү аркылуу да келер чактык маани билдирилет, анткени сүйлөөчүнүн субъективдүү мамилелери кеп айтылган учурдан кийин гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы сүйлөөчүнүн объективдүү чындык жөнүндөгү ою катары берилип, үч чактын биринде туюнтулса, баяндагыч ыңгайды түзөт. Ал эми ал сүйлөөчүнүн оюндагы субъективдүү чындык болуп, буйруу, каалоо, тилек-максат, шарт сыяктуу ар түрдүү модал маанилерди билдирсе, буйрук, тилек, ниет, шарттуу ыңгайларга туура келет.

Ошентип, ыңгай категориясынын беш түрү бар: баяндагыч ыңгай, буйрук ыңгай, тилек ыңгай, ниет ыңгай, шарттуу ыңгай.

Баяндагыч ыңгай

Кыймыл-аракеттин аткарылып жаткандыгын, аткарыла тургандыгын же аткарылып бүткөндүгүн чындык катары көрсөтүп, жайынча баяндаган этиштин формалары баяндагыч ыңгай деп аталат.

Баяндагыч ыңгай чак жана жак көрсөткүчтөрү аркылуу берилет. Мисалы: *Мындай кырсык болуп турганда баары кечиримдүү болот* (У.А.). *Мына ушул жерде майор азыр өзү сүйлөп жаткан англис тили жөнүндө ойлоп калды* (С.Ө.).

Буйрук ыңгай

Кыймыл-аракеттин сүйлөөчү тарабынан үч жактын бирине карата багытталып, буюруу, өтүнүү, талап кылуу маанилеринде айтылышы буйрук ыңгай деп аталат. Мисалы: *Баарын **иштет***: талант менен чаманды, *Жүрөк канын боек кылып берейин* (А.Т.). *Берекелүү кыргыздын колунан даам таткыла* (О.Бөлөбалаев).

Буйрук ыңгай төмөнкү жолдор аркылуу уюшулат:

1. 1-жактын көптүк түрүнүн *-алы* мүчөсү аркылуу: *Жүргүлө балдар, тоого экскурсияга **баралы*** («Жеткинчек»).

2. Жекелик санда 2-жактын жак мүчөсүз айтылышы аркылуу: *Келе бер! Кое бер деймин* (С.Ө.). *Бар, сыртка чыгып тур* (Н.Б).

3. Кээде 2-жак жекелик санда *-гын, -гынын* мүчөлөрү аркылуу айтылып, буйруу, талап кылуу маанисин берет: *жүргүн, окугун, сүйлөгүнүң*, баскының ж.б. Мисалы: *Балта берди колума, Баскын деп айдап желкелеп, Салды токой жолуна* (Токт.).

Сылык түрүндө *-ыңыз: келиңиз, айтыңыз, жүрүңүз, көрүңүз* ж.б.

4. Экинчи жак көптүк санда *-гыла* мүчөсү менен буюруу, талап кылуу маанисин берет: *Эми менден ырайым* ***күтпөгүлө!*** (Т.А.). *Баатырга айталык, күтө* ***тургула*** *(*А.С.).

5. Үчүнчү жакта -сын мүчөсү буюруу, талап кылуу маани уюштурат: уксун, билсин, айтышсын, жазып беришсин ж.б. Мисалы: *Балдар мага* ***күлбөсүн,*** *Шылдың кылып* ***жүрбөсүн*** (А.Т.).

Тилек ынгай

Кыймыл-аракеттин аткарылышына карата каалоо-тилекти билдирген этиш формалары ***тилек ынгай*** деп аталат. Тилибизде бул ынгайдын грамматикалык каражаты болуп -гай мүчөсү эсептелет. Ал кыймыл-аракетке сүйлөөчүнүн субъективдүү мамилесин ыйгарып, иштин аткарылышына тилек кылуу маанисин билдирет. Мисалы: *Сынактан* ***өткөй элек.***

Тилек ынгай формасы көбүнчө эле жардамчы этиши менен чогуу айтылат: *баргай эле, келгей эле, билбегей эле* ж.б.

Этиштин жакталышында *чак-жак* көрсөткүчтөрү жардамчы этишке жалганат. Мисалы: *баргай элем, баргай элең*, баргай элеңиз, *баргай эле, баргай элек, баргай элеңер, баргай элеңиздер* ж.б.

Ниет ынгай

Кыймыл-аракеттин аткарылып аткарылбашына карата ниеттенгендикти билдирген этиш формалары ***ниет ынгай*** деп аталат. Ал -мак, -макчы мүчөсү менен берилет. Мисалы: Өзүнөн көрсүн, ал ушуну көрмөк (К.О.). Билген, көргөнүн айтмакчы болуп турат.

Ниет ынгай эле, экен жардамчы этиштери аркылуу да уюшулат. Мисалы: *Бир аз күтө турушса биз да бармак элек.*

Жакталышы: *көр-мөк-мүн, көр-мөк-сүң, көр-мөк-сүз, көр-мөк, көр-мөк-пүз, көр-мөк-сүңөр, көр-мөк-сүздөр* ж.б.

-макчы формасын да да ушул эле үлгүдө жакталат: *көр-мөкчү-мүн, көр-мөкчү-сүң, көр-мөкчү-сүз, көр-мөкчү* ж.б.

Шарттуу ынгай

Кыймыл-аракеттин кандай шартта аткарылып аткарылбай турганын билдирген этиш формалары ***шарттуу ынгай*** деп аталат. Ал -са мүчөсү менен берилет. Мисалы: *Ат арытып жол келсе, Сыйлары болбойт жалгыздын* (Токт.). *Канчалык чыдамкай болсоң, ошончолук береке табасың* (К.Ж.).

Шарттуу ынгай формаларынын грамматикалык маанилери:

1. Мезгилдик маанини кошо билдирет: *Ат арытып жол келсе, Сыйлары болбойт жалгыздын* (Токт.).

2. Каалоо шарттуулук маанисин да билдирет: *Ошол күндү мен көрсөм, Ошол замат мейли өлсөм* (Токт.). *Аман-эсен болсо экен.*

3. Орун же өлчөм шарттуулук маанисин көрсөтөт: *Акыл канча болсо, күч ошончо* (Макал).

4. Салыштыруу маанисин берет: *О, сен экөөбүз кандай болсок, ал да ошондой* (Т.С).

5. Карама-каршы шарттуулук маани берет: *Ооз учунан айтылса да, Бердибайдын бу сөзү ишенимдүү угулуп, Курман ага семирип жүрдү* (Т.С).

6. Сурануу, жалынуу маанисин билдирет: *Ак шайы жоолук колго алып, Булгасаң боло, Алымкан* (Токт.).

7. Себеп маанисин билгизет: *Муну кандай түшүнсө болот? деди академик* (З.Бектенов).

8. -чы мүчөсүнүн кошулуп айтылышы менен өкүнүү, кайгыруу маанилерин да берет: *Ат арыбас болсочу, Жаш карыбас болсочу (*Токт.).

Жак категориясы

Кыргыз тилинде жак категориясы өзгөчө категория болуп эсептелет. Көпчүлүк окмуштуулар аны этиш сөз түркүмүнө гана тиешелүү категория катары эсептешет. Чындыгында жак мүчөлөрү менен этиш сөздөр гана эмес, атооч сөздөрдүн да басымдуу бөлүгү өзгөрүлө берет.

Бирок, жак категориясы этиш сөз түркүмүнө көбүрөөк тиешелүү. Анткени, этиштер - кыймыл-аракетти жана ал-абалды билдирген сөздөр. Кыймыл-аракет менен ал-абалды аткаруучулар менен алып жүрүүчүлөр биринчи, экинчи, үчүнчү жактар болуп эсептелет. Ошентип, этиш сөздөрдүн жак боюнча өзгөрүлүп айтылышы этиш сөз түркүмүнүн жакталышын түзөт. Атооч сөздөрдүн жакталышы тууралуу жогоруда зат атоочту өткөндө сөз кылганбыз.

Сүйлөмдө адамзаттык маанидеги атоочтордун ким экендигин жана кыймыл-аракеттин, ал-абалдын кимге, эмнеге тиешелүүлүгүн билдирген грамматикалык маанилердин жыйындысы жак категориясы деп аталат. Мисалы: Мен каракчы эмесмин, мен Дадый мырзанын жигитимин! (Т.А.) Мисалдагы каракчы эмесмин,

жигитимин деген сөздөр логикалык субъектинин ким экендигине тактык киргизип, сүйлөмдөгү айтыла турган негизги ойду тыянактап турат, башкача айтканда, ойдун ким болуп аяктоосун билдирип турат. Сөз сүйлөп жаткан кишинин өзү жөнүндө болуп жатат.

Жак категориясы кыргыз тилинде конкреттүү жактардын түздөн-түз жана кээде көмүскөдө туруп катышуусу аркылуу ишке ашат да, тиешелүү жак көрсөткүчтөрү менен туюндурулат. Жак, бул сүйлөп жаткан, тындап жаткан тараптар жана сөз болуп жатып, сөзгө катышпаган объектилер катары таанылуучу тараптар болуп эсептелет. Кыргыз тилинде жекелик жана кептүк сандарда айтыла берүүчү үч жак бар.

Биринчи жак - сүйлөөчү, башкача айтканда, сүйлөп жаткан тарап. Биринчи жактын өзү мен, көптүк санда биз деген жактама ат атоочтор аркылуу туюндурулат. Биринчи жак көбүнчө субъект катары кызмат кылат: Желиге бербе Осмонкул, жеңе турган Калыкмын. (Калык). Кээде объект да болот: Мен Масадыктын атасынын бир тууган карындашы болом. Масадыкка эжемин (Т.А.).

Экинчи жак - сөздү тындоочу, башкача айтканда, биринчи жактын айткандарын тындап жаткан тарап. Экинчи жак кыргыз тилинде кадыресе (кээ бир эмгектерде одоно) жана сылык түрлөрдө айтылат. Экинчи жактын кадыресе түрү сен, көптүк санда силер, сылык түрү сиз, көптүк санда сиздер деген жактама ат атоочтор аркылуу туюндурулат: Таланттуу хирургсуң, *жүрөккө* операция жасаганы жатасың. (Т.А.). Атабаев: Сиздин бар болгон катуулугуңуз ушул экен да, Аттокур аке?!. Жолборс имиш!. Койонсуң!,.. (Т.А.).

Үчүнчү жак - сөзгө катышпаган, бирок сөз болуп жаткан тарап. Үчүнчү жактын өзү ал, көптүк санда алар деген жактама ат атоочтор аркылуу берилет. Атооч сөздөр үчүнчү жакта грамматикалык атайын көрсөткүчкө ээ болбойт: Душманга тике баккан ошол Каныбек (К.Ж.).

Үчүнчү жакты туюндурган зат атооч сөздөр баяндоочтук милдетти аткарат да ошол баяндоочтук милдетинде анын жак мааниси даана байкалат.

Биринчи жана экинчи жактар адамзатты көрсөтөт, анткени биринчиси сүйлөп жатып, экинчиси аны угуп жаткан тарап болуп эсептелет. Ошентип, бул эки жак кишини билдирет. Ал эми үчүнчү жак киши гана эмес башка бардык заттар, түшүнүктөр да боло берет. Себеби, үчүнчү жак - сөз болуп жактан жак. Сөз киши тууралуу да, кандайдыр башка зат тууралуу да, кандайдыр түшүнүк тууралуу да боло берет.

Кыргыз тилинде жак категориясынын атайын грамматикалык каражаттары - жак мүчөлөрү, бар. Жак мүчөлөр атооч уңгуларга жалганганда, аларды - атооч сөздөрдү, тиешелүү жак ээси катары көрсөтөт. Ал эми этиш уңгуларга жалганганда, кыймыл-аракет же ал-абал менен кошо кыймыл-аракетке же ал-

абалга кириптер болгон жактын өзүн кошо көрсөтөт. Жак мүчөлөрү түзүлүшү боюнча толук жак мүчөлөр жана кыскарган жак мүчөлөр болуп өз ара экиге бөлүнөт. Жак мүчөлөрдүн толук түрү менен кыскарган түрүнүн ортосунда түзүлүш жагында гана эмес, грамматикалык маанилери жагынан да айрыма бар. Кыскарган түрү атоочторго жалганбайт, этиштерге гана жалганат. Ал эми толук түрү этиштерге да, адамзаттык атооч сөздөргө да жалгана берип, дайыма баяндоочтук грамматикалык маани берет. Мисалы: Башкарма менин тилимден чыкпайт, кадырман кишимин (Т.А.). Атооч сөздөрдүн жак боюнча өзгөрүшүндө үчүнчү жактын жекелик санда да, көптүк санда да грамматикалык көрсөткүчү болбойт. Жак мүчөлөрдүн толук түрү атооч сөздөргө жалганганда ошол атооч сөздөр өзүнүн ким, эмне же кандай экендигине аныктык, тактык киргизет. Атооч сөздөргө жалганып, аларга баяндоочтук грамматикалык маани да кошумчалайт. Мисалы: Энекебай, кайратымдан жазбадым. Мен мурунку, мен эмесмин - башкамын (Ж.Т.). Бир гана айтарым: кечирим суроочу болбо, себеби, көбүнчө өзүңдүн алдында өзүң айыптуусуң (Т.А.). Жак мүчөлүү атооч сөздөр аныкталгыч катары келип, этиштин өзгөчө формалары менен айкашта болгон учурда баяндоочтук милдет аткарбай калат. Мисалы: Ушу кебетеңди көрүп туруп, кишимин дегениңе ким ишенет? (Мид.). Этиш сөздөргө жалганган жак мүчөлөр кыймыл-аракетти аткаруучу субъектинин кайсы тарап экенин кошо аныктайт. Мисалы: Баары эсимде. - Байке, байке! Нан берчи, - деп ыйладың (А.Т.). Сүйлөмдө грамматикалык ээ катышпаса, жак мүчөсүнүн толук түрү грамматикалык баяндоочко субъектилик маанини да кошо ыйгарат. Кызыр жылоологон адамсыз, таксыр, айтканыңыз келсин, ылайым... (Т.К.).

Этиштин жакталышы

Ар кандай мамиле жана ыңгай формасындагы этиштерде кыймыл-аракетти аткаруучу тараптар, башкача айтканда, логикалык субъектилер болот. Алар сүйлөөчү тарап жана өз ара сүйлөшүүгө катышпай турган өзгө тараптар болушу мүмкүн. Биз жогоруда белгилегендей, бул тараптар биринчи жак *(мен, биз)*, экинчи жак *(сен, сиз, силер, сиздер)* жана үчүнчү жак *(ал, алар)* деп аталат. Жактар тууралуу жогоруда айтылды.

Этиштин жакталышында жак мүчөлөрдүн кыскарган түрү төмөнкүдөй учурларда колдонулат:

1) Жекелик сандагы айкын келер чактын биринчи жагында: *барам, турам, сүйлөйм, күлөм, дейм, койом, басам, кийем, жатам, ичем, келем* ж.б.

2) Татаал учур чактын жекелик сандагы биринчи жагында: *бара жатам, көрсөтүп турам, айтып жатам* ж.б.

3) Шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү уланган биринчи жана экинчи жакта: *барсам, келсем, көрсөм, барсаң*, келсең, *көрсөң* ж.б.

4) Айкын өткөн чактагы этиштердин биринчи жактын жекелик жана көптүк түрүндө, экинчи жактын жекелик түрүндө: *бардым, бардык, бардың*, бардыңар ж.б.

5) Эле көмөкчү (жардамчы) этиш менен келген этиш сөздөрдө: *барат элем, баргай элем, барчу элең, барган элек, бармак элеңер* ж.б.

6) Биринчи жактагы жалпы өткөн чак этиш сөздөрдө: *баргам, келгем, кургам, баскам, жаткам* ж.б.

7) Тилек ыңгай формасындагы биринчи жана экинчи жак этиш сөздөрдө: баргым, келгим, сүйлөгүм, жаткым келди; *баргың, сүйлөгүң, келгиң* жок ж.б.

Этиштердин жакталышында мамиле, ыңгай, оң-терс жана чак маанилер да кошо берилиши мүмкүн. Мына ушул этиштик грамматикалык категориялардын кошо айтылышы менен этиш сөздөрдүн жакталышында өз ара айрымачылыктар бар. Мындай айырмачылыктар анча деле арбын эмес. Анткени, кыргыз тилинде уңгуга жалганган формантгардын ар бири өзүнөн мурункусунун маанисин солгундатып жүрүп олтурат. Этиш сөздөгү грамматикалык негизги маани эң акыркы болуп жалганган мүчөгө (формантка) тиешелүү, өзгөрүүгө да ошол акыркы мүчө дуушар болот. Андан мурда жалганган мучө (формант) дайыма жалганыш формасын сактайт: *кел-е-сиң, кел-ген-сиң, оку-т-кан-мын* ж.б.

Көпчүлүк учурда жак көрсөткүчтөр өзүлөрүндө чак маанилерди кошо ала жүрөт. Ошондуктан этиштин жакталыштарын этиштин чактарынан ажыратып кароого мүмкүн эмес, себеби, кыймыл-аракетти дайыма мезгилдик катнаштан туруп гана тааныйбыз.

Учур чак жакталыштары. Мамиле, ыңгай, оң, терс формаларда келген учур чак этиштердин жакталышында өзгөчөлүктөр дээрлик жокко эсе. Анткени, биринчиден, кыргыз тилинде учур чактык маанилер көбүнчө татаал форма аркылуу уюшулуп, көмөкчү этиштердин тутумундагы грамматикалык каражаттар аркылуу туюндурулат. Демек, жакталышта ошол көмөкчү этиштер гана өзгөрүүгө дуушар болот. Экинчиден, мамиле, ыңгай формасындагы этиштердин көпчүлүгү учур чак формасын кабыл ала бербейт.

Келер чак жакталыштары. Мамиле, ыңгай, оң, терс формаларда келген жөнөкөй этиштердин келер чак мааниси жак мүчөлөрү аркылуу туюндурулуп, жакталышта анчалык өзгөчөлүктөргө ээ боло бербейт. Биринчи жак мүчөлөрдүн толук түрүн да, кыскарган түрүн да кабыл ала берет: айтам, айтамын; сүйлөйм, сүйлөймүн.

Экинчи жак дайыма жак мүчөлөрдүн толук түрүн кабыл алат: *айтасың, айтасыз; сүйлөйсүң, сүйлөйсүз*. Негизинен учур чак этиштердин жакталышынан айырмасы жок жакталат. Айкын келер чактагы татаал формаларда сан, чак жана жак маанилер көмөкчү этиштерде берилет, негизги этиштер чакчыл формада болот. Атооч түгөйлүү татаал этиштер да ушул үлгүдө жакталат.

Арсар келер чактагы татаал этиштердин жакталышында негизги этиш чакчыл формасында болбойт. Бардык жактарда арсар келер чак мүчөсү (*-ар*) өзгөрүүсүз сакталып, этиштик сөз өзгөртүүчү көрсөткүчтөр көмөкчү (жардамчы) этишке жалганат.

Өткөн чак жакталышында жак мүчөлөрдүн толук түрү да, кыскарган түрү да катыша берет. Жак мүчөлөрдүн толук түрүн кабыл алган өткөн чак формалары:

-ыптыр, ып: *барыптырмын, барыпсың, барыптырсыз, барыптырсың, барыптырсыздар* ж.б.

-уучу: *баруучумун, баруучусуз, баруучубуз, баруучусуздар, баруучусуңар* ж.б.

-чу: *барчумун, барчусуң, келчүсүң* ж.б.

-ган: *барганмын, баргансың*, келгенсиң ж.б.

Кыскарган жак мүчөлөрүн кабыл алган этиштин өткөн чак формалары:

-ды: *бардык, бардым, бардың* ж.б.

-ган: *баргам, келгем, тургам* ж.б. Мындай учурда жак мүчөсүнүн толук түрү да паралелл колдонула берет: *барганмын, баргамын, келгенмин, келгемин* ж.б.

-ган эле: *барган элем, барган элек, барган элең*, келген элеңер, *отурган элек, отурган элеңер* ж.б.

-чу эле: *барчу элем, келчү элеңер, айтчу элең*, каттачу элек, *көп уктачу элеңер* ж.б.

Чак категориясы

Ар кандай кыймыл-аракет мезгил жана мейкиндик менен өлчөнөт. Ал эми этиш сөздөр кыймыл-аракетти, кыймылдык ал-абалды, кыймылдык көрүнүштү билдиргендиктен мезгил, мейкиндик катыштыгынан сыртта калбайт. Башкача айтканда, кыймыл-аракет кайсыдыр мейкиндик алкагында болуп, кандайдыр убакыт бирдигинде жүзөгө ашат. Мына ошол мейкиндик менен убакыт биз сүйлөп жаткан жерден, биз сүйлөп жаткан учурдан башат алат. Жөнөкөй сөз менен айтканда, кыймыл-аракет биз сүйлөшүп жаткан учурда болуп, биз сүйлөшүп жаткан учурдан мурда болуп өткөн жана биз сүйлөшүп жаткан учурда али аткарыла элек болот. Кыймыл-аракеттин убакыт бирдиги менен шартталган мына ушундай касиеттери бар.

Ошентип, кыймыл-аракеттин аткарылыш жана ал-абалдын болуш мезгили менен биз сүйлөп жаткан убакыттын ортосундагы мезгилдик карым-катыштарды билдире турган грамматикалык категория этиштин чак категориясы деп аталат.

Кыргыз тилинде кыймыл-аракет, ал-абал жана мезгилдик көрүнүштөрдү билдирген этиштин үч чагы бар. Алар: **өткөн чак, учур чак, келер чак.** Этиштин суроолору да мезгилдик кырдаалдарга жараша өзгөрүлүп, ар бир чактын өзүнө ылайыкташып түшөт. Мисалы: Мен эмне болуптурмун? — *деди эжеси ичи-*

нен кабатырланып (М.Г.). Кырсык кетсин, ырыскы келсин, келинди этегинен жалгап, үй балага толсун (Э.Т.). Сейит (тыңшап): Шайыргүл ырдап жатат (Т.А.).

Биринчи сүйлөмдө кыймыл-аракеттин сөз болуп жаткан учурдан мурда болуп өткөндүгү *(эмне болуптурмун),* экинчисинде кыймыл-аракеттин сөз болуп жаткан кезде али аткарыла элек экендиги *(кетсин, келсин, толсун),* ал эми үчүнчүсүндө кыймыл-аракеттин дал сөз болуп жаткан чакта аткарылып жаткандыгы *(ырдап жатат)* белгилүү болуп турат.

Учур чак

Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан кезде болуп жатканын билдирген этиштин өзгөргөн формалары учур чак этиштер болуп эсептелет. Мисалы: Экөө бир нерсеге күлүп келе жатышат.(М.Г.).

Учур чактагы кыймыл-аракеттин аткарылышы биз сүйлөп жаткан кезде гана болуп жатышы, бир топко чейин улана бериши мүмкүн. Кээде мурда башталган кыймыш-аракет ушул учурда да жүрө бериши, кээде болсо ушул учурдагы кыймыл-аракет, кандайдыр деңгээлде, келечекте аткарылар касиеттери менен кошо болот. Көпчүлүк учурларда кыргыз тилиндеги учур чак этиштердин мындай көп кырдуу грамматикалык маанилери жардамчы этиштер аркылуу жана сүйлөмдө катышып турган мезгилдик маанидеги башка сөздөр аркылуу туюндурулат. Кыргыз тилинде учур чакты уюштуруучу грамматикалык каражаттарга төмөнкүлөрдү киргизебиз:

1. *Жат, тур, жүр, отур, олтур* деген сыяктуу жардамчы этиштер уюштурат: келе жатат, сүйлөп турат, ойноп жүрөт, окуп олтурат ж.б. Булардын ичинен жат жардамчы этиши баратат, келатат, окубатат деген сыяктуу татаал формаларда да айтыла берет. Жардамчы этишер аркылуу уюшулган учур чак этиштер, албетте татаал этиштер болушат да, анын тутумундагы негизги этиш мааниси дайыма чакчыл формада келет. Мисалы: *Бирок ал өзү жаштык кылып түшүнбөй жатат.* (К.К.).

2. ***-уда*** мүчөсү (кыймыл атоочтун *-уу* жана жатыш жөндөмөсүнүн *-да* мүчөлөрүнүн биригишинен жасалган) учур чак этиштерди уюштурат. Бул мүчө аркылуу дайыма жөнөкөй учур чак формалары жасалат. Мисалы: *Сугатчы жер суусунун кандырууда, тирүүлүк отун чачып жандырууда* (О.С.).

3. Өткөн чактын *-ды* (*-ты*) мүчөсү да кээде учур чак маанилерин билдирет. Мисалы: *Карышкырды тарамышынан тартылган кайыш боо максатына жеткирбей өксүтүп турду* (Э.Т.).

4. Жак мүчөлөрдүн таасири астында чакчылдын *-а* мүчөсү да учур чакты уюштурат. Мисалы: *Шыбыргактаган гана жаандын табышы чыгат.* (К.Ж.).

Учур чак этиштерди жөнөкөй учур чак, татаал учур чак деп, түзүлүшү боюнча экиге бөлөбүз. Жөнөкөй учур чак этиштер бир эле уңгудан туруп

кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: Азыр Кыргызстан адам укугунун сакталышы боюнча Батыш Европа өлкөлөрү менен бирдей деңгээлде турат («Заман Кыргызстан»). Татаал учур чак этиштер. Эки же андан көп уңгудан туруп, бир эле кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирген учур чак этиштер татаал учур чак этиштер болушат. Жогоруда айтылгандай, татаал учур чак дайыма жардамчы этиштер аркылуу уюшулат. Ар бир жардамчы этиштин өзүнө жараша маанилик өзгөчөлүктөрү бар. Ошондуктан алардын ар бирине жекече токтололу.

Жат жардамчы этиши чакчылдын *-а, -ып* формаларындагы негизги этиштер менен жак боюнча өзгөргөн абалда айкашып келип учур чак маанисин билдирет. Бул жардамчы этиш этиштин бардык формаларынын мүчөлөрүн кабыл алып, андан ары өзгөрө берет: бара жатам, келе жатат, жазып жатышат, сабап жатам, айтып жатасың, күлүп жатат, багып жатам, иштеп жатабыз, окуп жатасыз ж.б.

Жат жардамчы этиши аркылуу уюшулган татаал этиштер чыныгы учур чак маанисин билдиргенде төмөнкүдөй касиеттерге ээ болот:

1. Өзүнүн этиштик кыймыл-аракеттик маанисин солгундатып, көбүнчө андан ажырап да калып, айкашып келген негизги этиш (чакчыл формадагы) билдирген кыймыл-аракеттин чак, жак, сан белгилерин гана түшүндүрүп калат. Мисалы: Кайсы бирөө тээп түшүү үчүн арткы дөңгөлөгүн таба албай бутунун башын соймоңдотуп убараланып жатат (Мид.).

2. Негизги этиш (чакчыл) билдирген кыймыл-аракеттин чак, жак, сан белгилерин түшүндүрүү менен бирге өзүнүн этиштик лексикалык маанисин солгундатат: Көздөрү ачыла элек бөлтүрүктөр бири-бирине ыкташып уктап жатышат (К.Ж.).

Тур жардамчы этиши чакчылдын *-ып* формасындагы саналуу гана этиштер менен айкашып келип, татаал учур чакты уюштурат. Жардамчы этиш *(тур)* өзү чакчыл мүчөнү *(-а)* кабыл алып, этиштин жак, чак, сан көрсөткүчтөрү менен өзгөрүүгө жөндөмдүү. Бул жардамчы этиш да көпчүлүк учурларда өз лексикалык кыймыл-аракеттик маанисинен ажырап калат: айтып турам, ичип турат, сүйлөп турат, жашап турабыз, жеп турат, ойноп турат, көрүп турам.

Жүр жардамчы этиши чакчылдын *-ып* формасындагы саналуу гана негизги этиштер менен айкашып келип татаал учур чакты уюштурат. Мында да жардамчы этиш *(жүр)* чакчыл мүчөсүн *(-а)* кабыл алып, анан жак, чак, сан боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болот. Окуп жүрөт, иштеп жүрөм, байкап жүрөсүң, *айтып жүрөт*;

Отур жардамчы этиши да чакчылдын *-ып* формасындагы саналуу гана негизги этиштер менен айкашып келип татаал учур чакты уюштурат. Мында да жардамчы этиш чакчыл *-а* мүчөсүн кабыл алып, жак, чак, сан боюнча өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мисалы: *байкап отурам, айтып отурат, иштеп отурасың.*

Жардамчы этиштерден айрымаланып, отур деген жардамчы этиш татаал учур чактын тутумунда өзүнүн лексикалык кыймыл-аракеттик маанисин кээде сактап калат. Мисалы: *Баятан бери байкап отурам, бир да автобус өткөн жок* (К.А.).

Үч тутумдан турган татаал учур чактарда акыркы түгөйү *(жат)* түшүп да калат. Түшүп калса да, анын учур чак мааниси сактала берет. Мисалы: Ошол кезден ушул кез, бул заводдо иштеп келем («Кыргыз Туусу»). Мисалда иштеп келе жатам деп үч тутумдан турган татаал этиштердин акыркы тутумдары кыскарып, кетип барабыз, иштеп келем деп айтылып жатат.

Учур чактын терс формасынын грамматикалык көрсөткүчү жөнөкөй учур чактын *-ууда* мүчөсүнөн мурда келет. Мисалы: өстүрбөөдөмүн, айттырбоодо, ойнотпоодосуң ж.б. Жогоруда айтылгандай, мамиле мүчөлөрүнүн орду дайыма уңгудан кийин биринчи болуп келет. Демек, мамиле формаларында да *-ба* мүчөсү мамиле мүчөлөрүнөн кийин келет. Чакчыл *-а* менен жак мүчөлөрүнүн жардамы аркылуу уюшулган жөнөкөй учур чакта да терс форманын көрсөткүчү түздөн-түз этиш уңгунун өзүнө жалганат. Мисалы: отурбайт, отурбаймын, жазбайт, өстүрбөйсүң ж.б. Татаал учур чак формаларда терс форманын *(-ба)* мүчөсү чакчылдарга, башкача айтканда, биринчи түгөйгө жалганат. Өткөн чактын *-ган* мүчөсү менен айтылган этиштин татаал түрүнө жок деген сөздүн кошулуп айтылышы менен терс форма уюшулуп, анда өткөн чакка караганда учур чак мааниси басымдуулук кылат: келе жаткан жок, күлүп отурган жокмун, окуп жатканым жок ж.б.

Өткөн чак

Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан мезгилден мурда болгонун билдирген этиштин өзгөргөн формалары өткөн чак деп аталат. Кыргыз тилинде өткөн чакты билдирген атайын грамматикалык каражаттар бар. Өткөн чак үчүн этиштин суроолору да ушул грамматикалык каражаттарды кабыл алып, эмне кылды? эмне кылган? эмне кылыптыр? эмне кылчу? деген формаларда берилет.

Өткөн чактын грамматикалык каражаттары (мүчөлөрү) болуп *-ды, -ган (-гандыр), -ыптыр (-ып), -чу* мүчөлөрү эсептелет. Мисалы: *Курманбек кырк жигити менен келип аттан түштү* («Курманбек»). *Казына катылган жердеги көрүстөнгө ал учөө жайдын капортосу ченде, эл-журт толук жайлоого көчкөн кезде келишкен* (А.С.). *Жакыпка кыз жүргөндөй көрүнүптүр, асманда спутникке түшүп алып* (О.С.). *Чоронун кечиримсиз жумшактыгын аябай сынга алчу* (Ч.А.).

Татаал этиштердин өткөн чак формаларында да жогорку грамматикалык каражаттардын кайсы бири сөзсүз катышат. Мисалы: *Салиянын кара дермантин менен капталган эшиги бар экен, түртсө эле ачылып кетти* (М.Г.). *Ой, менин жигиттерим келип калган тура!* (Т.А.). *Сенин кебете-кешпириңе карап туруп, эби-сыны жок талпайган бир итине бактырып коюптур* (К.Ж.). *Үйдө керегеге, жолдо ээр кашына илип койчумун* (Т.С).

Өткөн чакты уюштуруучу жогорудагы грамматикалык каражаттардын (мүчөлөрдүн) маанилерине карап, азыркы кыргыз тилиндеги өткөн чак этиштерди төмөнкүдөй төрт топко бөлөбүз: 1) айкын өткөн чак *(-ды)*, 2) жалпы өткөн чак *(-ган)*, 3) капыскы өткөн чак *(-ып, -ыптыр, -тыр)*, 4) адат өткөн чак *(-чу, -уучу)*.

Айкын өткөн чак

Кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгү, аткарылгандыгы эч кандай шекти туудурбай сүйлөөчүнүн көз алдында эле, же жакында эле болуп өткөндүгүн билдирип турган өткөн чак формалары айкын өткөн чак этиштер болушат.

Айкын өткөн чактын мүчөсү уңгу негизге да, туунду негизге да жалгана берет. Мисалы: *Молдокеңизди үңкүр-маңкирлер кубалап кетти* (Т.А.). *Мында уңгу негизге уланып турат (кет-ти)*. Айылдан чыкпай айландың, *досум, ашы-глык* кепке байландың, *досум* (Б.). Мында айкын өткөн чактын мүчөсү туунду негизге уланып турат *(бай-ла-н-ды-ң)*.

Айкын өткөн чак этиштер төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Кыймыл-аракеттин жакын эле арада болгондугун билдирет. Мындай учурда кечээ, азыр, жана бүгүн деген сыяктуу мезгилди билдирген сөздөр кошо айтылып, кыймыл-аракеттин аткарылуу чеги да көрсөтүлүп, такталышы мүмкүн. Кыймылдын али толук орун-очок ала электиги байкалат. Мисалы: Азыр эле айттым, укпадыңбы? (К.А.).

2. *Былтыр, өткөн жылы, баягында, илгери* деген сыяктуу бир топ мурда өтүп кеткен мезгилди билдирген сөздөр менен айкашып келип, кыймыл-аркеттин биз сүйлөп жаткан учурдан алда-канча мурда болуп өткөндүгүн баяндайт. Мисалы: Ошол эле жылдын аягында Сталинге Гитлерден телеграмма келди (К.С.). Айкын өткөн чак этиштер эле, бекен, беле жардамчы этиштер менен айкашып айтылганда да байыркы айкын өткөн чак мааниси туюндурулат. Мисалы: *Бар кайратын салып, дагы бир жулунуп көрдү эле көзүнөн от чагылып кетти* (К.М.).

3. Биз сүйлөп жаткан учурга тиешеси жок эле өткөн мезгилди билдирет. Мисалы: Жылкы тийип, эр өлүп, кун сураттың, *замана. Бар малыңды* алдырып, жокчулукка маң кылып, тунжураттың, *замана* (Жең.).

4. Айкын өткөн чак маани менен кошо кыймыл-аракеттин үзгүлтүксүздүгү да туюндурулат. Мисалы: Кай бири кадырлуу байлардын үйлөрүнө кирип жашынышты, а кай бирлери талааны карай качып баратты (К.Ж.).

Жалпы өткөн чак

Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан учурдан мурда болгондугун аныктап, жалпылап баяндап берген өткөн чак формасы жалпы өткөн чак

болот. Этиштин жалпы өткөн чагы *-ган* (варианттары: *-ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн)* мүчөсү менен уюшулуп, кыймыл-аракеттин учурдан алда канча мурда, же мурдараак болуп өткөнүн туюндурат. Мисалы: *Тиги аял жууп жаткан эки кара чөйчөк, анын да биринин чети кетилип калган* (К.Ж.).

Жалпы өткөн чак этиштер төмөнкүдөй грамматикалык маанилерге ээ болот:

1. Кыймыл-аркеттин же баяндалган ал-абалдын сөз болуп жаткан учурдан алда-канча илгери болуп өткөндүгүн билдирет. Мисалы: *Ак жуумал бетине кан тээп, көздөрү коюуланып чыкканын анда-санда ага назары түшүп жүргөн Сапар байкаган* (Ж.М.).

2. Мезгилди билдирген сөздөр менен кошо айтылып, кыймыл-аракеттин болуп өткөн учурун тактап көрсөтөт. Мисалы: *1925-жылы биринчи кыргыз газетасы «Эркин Тоонун» 6-санында «Зарыгам» аттуу ыры жарыяланган* (О.Сооронов).

3. Сөз болуп жаткан учурга эч бир тиешеси жок эле өткөн кыймыл-аракетти да билдирет. Мисалы: *Ноодун оозун тосуп, жыгач калак өйдө көтөрүлүп коюлган* (М.Г.).

4. Кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгү сүйлөөчүнүн турмуштук тажрыйбасынан алынып, ишенимдүү түрдө көрсөтүлөт. Мисалы: *Жаныңды жебе, өгүнү сага айтканмын* (Н.Б).

5. Жалпы өткөн чакка *-дыр* мүчөсү жалганып келсе, болуп өткөн кыймыл-аракетке божомол, шектүүлүк мааниси ыйгарылат. Мисалы: *Өткөндүрмүн жаштан жайнап түрдөнгөн, өчкөндүрмүн оттуу көздөн ирмелген* (Сар.).

Капыскы өткөн чак

Мурун болуп өтүп, биз сөз кылып жаткан убакта эсибизге түшө калган кыймыл-аракет, ал-абалдарды билдирген этиштин өзгөргөн формалары капыскы өткөн чак деп аталат. Илгерки кыймыл-аракеттерди эстейбиз же эсибизге капыстан келе калат. Капыскы өткөн чакты *-ып, -ыптыр (-ып -тыр)* мүчөлөрү уюштурат.

-ып мүчөсү менен келген сөз сүйлөмдүн аягында келсе, баяндоочтук толук милдетти аткарат да, чакчыл болбой капыскы өткөн чак этиш болот. Анткени, мындай учурда этиш сөздөр эмне кылыпмын? эмне кылыпсын*? эмне кылыпсыз?* эмне кылыпсыңар? эмне кылыптыр? деген сыяктуу суроолорго жооп берип калат: Мен ушундай билим алыпмын, мага бүт жер шары айкын көрүнүп тургансыйт («Ала Тоо»). Капыскы өткөн чактын бул формасы биринчи жана экинчи жактарга гана карата айтылат. Ал эми үчүнчү жакка карата дайыма *-ыптыр (-тыр)* мүчөсү колдонулат.

-ыптыр, -ып мүчөсү менен божомол, шек саноо маанилерин берген *-тыр* мүчөсүнүн биригишинен пайда болгон. Ошо шек, божомол маанилер

жоголгон эмес, капыскы өткөн чак ошол маанилерди өзүнө камтып ала жүрөт. *-ыптыр* мүчөсү менен уюшулган капыскы өткөн чак этиштер жакталганда жак мүчөлөрүнүн дайыма толук түрү жалганат. Капыскы өткөн чак этиштер төмөнкүдөй маанилерди билдирет:

1. Болуп өткөнү бизге көрүнбөй, бирок аткарылганы жөнүндө биз кабардар болгон кыймыл-аракетти эске түшүрүү маанисин билдирет. Мисалы: *Илгери-илгери, жер каймактаганда бир абышка кемпир болуптур (*Жомок). *Сабыр менен Муктар экөө борбордон комиссия чакыртышыптыр* (Т.А.).

2. Биздин эсибизге түшкөн же, бизге белгилүү болгон кыймыл-аракеттин ушул кезге чейин уланып келе жатканын билгизет. Мисалы: *Мына, карап отурса бала чагынан өз эмгеги, өз кесиби менен жашап келатыптыр* (Ч.А.).

3. Болуп өткөн кыймыл-аракеттин, иштин жыйынтыгын билдирет. Мисалы: *Мүйүздүү болом деп, кулагынан айрылыптыр* (Макал).

4. Болуп өткөн окуяны, кыймыл-аракетти капысынан эстеп же капысынан билип алып, ишенүү, таңдануу, ыраазы болуу маанилерин билдирет. Мисалы: *Болду, балам, болду, окупсуң.*

Адат өткөн чак

Өтүп кеткен, аткарылган кыймыл-аракеттин көп жолу кайталанганын же, көнүмүшкө айланып калганын билдирген этиштин өзгөргөн формалары адат өткөн чак деп аталат. Адат өткөн чакты *-чу, -оочу (-уучу), -ышчу* мүчөлөрү уюштурат: Адат өткөн чактын мүчөлөрү *(-чу, -оочу, -уучу)* сырткы формасы боюнча атоочтуктун *'(-чу, -оочу, -уучу)* мүчөлөрүнө окшош. Бирок, булар берген маанилери менен бири-биринен айырмаланышат. Ошентип, адат өткөн чак этиштер өнөкөт болуп, улам кайталана берип өтүп кеткен кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *Башта эң тыкан, эң камбыл, бүйрө адам гана теше жерге арпа, буудай айдачу.* (Т.С).

Адат өткөн чак кээде жалпы эле адаттагы сыяктуу ишти да билдирет да, мындай учурда суйлөмдө конкреттүү ээ катышпай калат. Мисалы: *Чалгы дегенди мындай кармачу. Жамбыны чаап баратып ыргыта атчу.*

Келер чак

Кыймыл-аракеттин биз сүйлөп жаткан кезде али аткарыла элек экендигин билдирип өзгөргөн этиштин формалары келер чак деп аталат. Башкача айтканда, келер чак келечекте аткарыла турган кыймыл-аракет же ал-абал болуп эсептелет. Мисалы: *Тамчы бир тамса кумга сиңет, көп тамса көлгө куят* (Э.Т.).

Кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн баштапкы форма турушунда эле грамматикалык чак маанилери бар болот. Анткени алар биринчи жактын атынан

Айкын келер чак төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Кыймыл-аракеттин жакын арада боло турганын билдирет. Мисалы: *Мунуң тергенин бүт алып келбейт, тияктан кайсайт.* (Т.С).

2. Айкын келер чак кыймыл-аракеттин келечекте аткарылар мезгилин тактабай деле билдире берет, башкача айтканда, келер чак маани абстракттуу болот. Мисалы: *Аа, мен алчу сыйды сен аласыңбы?* (С.Ө.).

3. Аткарылышы биз сүйлөп жаткан учурга мезгилдеш болгон келер чак маанисин да айкын билдирет. Мисалы: *Угуп жатам, балам, айта бер.* («Ала-тоо»).

4. Көнүмүш же адатка айланган кыймыл-аракеттин келечекте аткарылышын айкын билдирет. Мисалы: *Ушинтип тишиңердин кирин соруп, ак ниет болуп отура бергиле.* (Т.А.).

Айкын келер чак этиштер жак мүчөлөрдүн толук түрү менен да, кыскарган түрү менен да өзгөрө берип, эки башкача жакталышка ээ болот. Айкын келер чак этиштер сурама форманты (*-бы*) менен да өзгөрүп айтыла берет. Мисалы: *Өзүңдөн башканы, эмне, келесоо ойлойсуңбу?* (Ж.М.) *Деги, адамчасынан отурсак бирдемке болобу?* (Т.А.). *Айкын келер чак этиштер терс формаларда да айтылат. Мисалы: Кеңешип кескен бармак оорубайт.* (Макал) *Бул күнү үйдө олтуруп кур калыш болбойт* (М.Э.).

Арсар келер чак

Кыймыл-аракеттин келечекте болор-болбошу күмөн болуп айтылган этиштин келер чак формалары арсар келер чак деп аталат. Мисалы: *Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болор* (Макал). Арсар келер чак төмөнкүдөй грамматикалык маанилерде колдонулат:

1. Кыймыл-аракеттин келечекте болушу же болбошу күмөн бойдон калат. Мисалы: *Мезгил өтсүн, булар унутулсун, анан калганы акырындап орду-ордуна келер.* (Ст.).

2. Көнүмүшкө айланган кыймыл-аракеттин болор-болбошун баяндайт. Мисалы: *Жаман жигит жоого алдырар, жаман сөз доого калтырар.* (Макал).

Кыргыз тилинде этиштин арсар келер чагы төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат.

1. -ар мүчөсүнүн этиштик негиздерге жалганышы аркылуу: ***Сейит:*** Машина даяр, керек болгондо айтарсыз (Т.А.).

2. Этиштик негиздерге *-бас* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу: *Балким мунун ичиндегилер айрым бир жолдошторго жакпас* (У.А.).

3. Этиш сөздөргө имиш, экен, эле, эмес деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу да арсар келер чак уюшулат: *Устүнө жан кирүүгө болбойт имиш* (Т.А.).

экинчи жакка карата талап кылуу, буюруу мааниси менен кандайдыр кайрылуу иретинде айтылат. Ал эми талап кылуу, буюруу, кайрылуу маанилериндеги сөздөрдө кыймыл-аракеттин сүйлөшүп жаткан учурдан кийин боло тургандыгы, айтылган сөздүн соңунда аткарыла тургандыгы кошо жүрөт: *ал-, бар-, бер-, бил-, бур-, де-, жай-, жак-, жан-, жап-, жат-, же-, жет-, жит-, чал-, чан-, чап-, эк-, эш-* ж.б. этиш уңгулардын бардыгында тең кандайдыр аракетти тыңшоочудан талап кылуу менен бирге ар жагында кыймылдын келечекте аткарылышы жатат. Жардамчы (көмөкчү) этиштер уңгу түрүндө айтылган татаал формаларда да мына ушундай маанилер болот: *айта кой-, уктай кой-, айта сал-, айта бер-, дей бер-, жүрө кой-, алып бер-, сүйлөй кой-,* ж.б.

Келер чакта аткарылуучу кыймыл-аракеттин болушу бирде эч кандай шекти туудурбаса, бирде ачык болбой күмөндүү болушу мүмкүн. Мисалы: *келем, келемин, келет, келет элем, келмекмин, келгиле, келермин, келерсиң* ж.б. Этиш сөздөрдүн келер чактык ушундай маанилеринен улам аларды айкын келер чак, арсар келер чак деп эки топко бөлөбүз.

Айкын келер чак

Айкын келер чакта алдыда боло турган, али ишке аша элек кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбашы шекти туудурбайт. Мисалы: Алмак түгүл, кылына тийе албайсың. (М.Э.). Келечекте аткарыла турган кыймыл-аракет айкын болуп турат.

Айкын келер чак учур чактай эле чакчыл негиздерге тиешелүү жак мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу уюшулат. Ушул ык менен уюшулган айкын келер чак этиштер учур чактан төмөнкүдөй белгилери менен айырмаланат.

1. Айкын келер чак болсо, *-а, -й* мүчөлүү чакчыл негиздерден гана жасалат да, дайыма жөнөкөй формада келет: *бар-а-т, оку-й-мун, кел-е-сиң* ж.б.

2. Сүйлөм контексинде биз суйлөп жаткан учурду же алдыда келе турган мезгилди билдирген сөздөрдүн, сөз тизмектеринин катышуусу менен *(азыр жазам,* эртең келем, келечекте аткарасың, *эмки жылы окууга барат* ж.б.) айтылган жөнөкөй этиштер дайыма келер чакта болот. Эгерде биз сүйлөп жаткан учурду билдирген сөздөр, сөз айкаштары менен татаал формада *(азыр* жазып жатам, бүгүн окуп жатам ж.б.) айтылса, учур чак болот.

3. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып келген этиштин жөнөкөй формалары да дайыма келер чакта болот: *айылга барам, майрамга даярданабыз, окууга жөнөйт* ж.б. Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашып келген этиштин татаал формалары болсо, дайыма учур чакта болот: *айылга бара жатам, майрамга даярданып жатабыз* ж.б.

Айкын келер чак төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

1. Кыймыл-аракеттин жакын арада боло турганын билдирет. Мисалы: *Мунуң тергенин бүт алып келбейт, тияктан кайсайт.* (Т.С).

2. Айкын келер чак кыймыл-аракеттин келечекте аткарылар мезгилин тактабай деле билдире берет, башкача айтканда, келер чак маани абстракттуу болот. Мисалы: *Аа, мен алчу сыйды сен аласыңбы?* (С.Ө.).

3. Аткарылышы биз сүйлөп жаткан учурга мезгилдеш болгон келер чак маанисин да айкын билдирет. Мисалы: *Угуп жатам, балам, айта бер.* («Ала-тоо»).

4. Көнүмүш же адатка айланган кыймыл-аракеттин келечекте аткарылышын айкын билдирет. Мисалы: *Ушинтип тишиңердин кирин соруп, ак ниет болуп отура бергиле.* (Т.А.).

Айкын келер чак этиштер жак мүчөлөрдүн толук түрү менен да, кыскарган түрү менен да өзгөрө берип, эки башкача жакталышка ээ болот. Айкын келер чак этиштер сурама форманты (*-бы*) менен да өзгөрүп айтыла берет. Мисалы: *Өзүңдөн башканы, эмне, келесоо ойлойсуңбу?* (Ж.М.) *Деги, адамчасынан отурсак бирдемке болобу?* (Т.А.). *Айкын келер чак этиштер терс формаларда да айтылат. Мисалы: Кеңешип кескен бармак оорубайт.* (Макал) *Бул күнү үйдө олтуруп кур калыш болбойт* (М.Э.).

Арсар келер чак

Кыймыл-аракеттин келечекте болор-болбошу күмөн болуп айтылган этиштин келер чак формалары арсар келер чак деп аталат. Мисалы: *Мээнетиң катуу болсо, татканың таттуу болор* (Макал). Арсар келер чак төмөнкүдөй грамматикалык маанилерде колдонулат:

1. Кыймыл-аракеттин келечекте болушу же болбошу күмөн бойдон калат. Мисалы: *Мезгил өтсүн, булар унутулсун, анан калганы акырындап орду-ордуна келер.* (Ст.).

2. Көнүмүшкө айланган кыймыл-аракеттин болор-болбошун баяндайт. Мисалы: *Жаман жигит жоого алдырар, жаман сөз доого калтырар.* (Макал).

Кыргыз тилинде этиштин арсар келер чагы төмөнкүдөй жолдор менен уюшулат.

1. *-ар* мүчөсүнүн этиштик негиздерге жалганышы аркылуу: ***Сейит:*** Машина даяр, керек болгондо айтарсыз (Т.А.).

2. Этиштик негиздерге *-бас* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу: *Балким мунун ичиндегилер айрым бир жолдошторго жакпас* (У.А.).

3. Этиш сөздөргө имиш, экен, эле, эмес деген сөздөрдүн кошулуп айтылышы аркылуу да арсар келер чак уюшулат: *Устүнө жан кирүүгө болбойт имиш* (Т.А.).

4. Ниет ыңгай этиштер арсар келер чак маанисин билгизет: *Жана да көбүн көрмөкмүн, жаралган болсом канатчан* (Б.).

5. Суроо маанисинин мүчөсү *(-бы)* да арсар келер чакты билдириши мүмкүн: *Олдо айланайын кулунум ай! Сенден тирүүлөй айрылчумунбу?* (С.Ө.).

6. Тилек ыңгай этиштер *(-гай)* да арсар келер чак маанисин туюндурат: *келгейсиз, баргайбыз* ж.б.

7. Божомолдогуч бөлүкчөлөр кошулуп айтылган учурда да арсар келер чак маанилери уюшулат: *келем го, келет го* ж.б.

Арсар келер чак этиштер жак мүчөлөрдүн толук түрү менен өзгөрүп жакталат.

Этиштин жасалышы

Этиш сөздөр морфологиялык жана синтаксистик жолдор менен жасалат.

Морфологиялык жол менен жасалышы

Мында түзүүчү сөзгө куранды мүчө жалгоо аркылуу туунду этиштер жасалат. Туунду этишке түзүүчү негиз болуп негизги сөз түркүмдөрүнүн дээрлик бардыгы, атап айтканда, зат атооч, сын атооч, сан атооч, тактооч, тууранды сөз катышат. Кээде этиш сырдык сөздөн, кызматчы сөздөрдүн айрымдарынан да жасалат.

-ла курандысы. Туунду этиштердин тутумунда төмөнкү маанилерди туюнтат:

1. Негиз аркылуу туютулган заттын таасирине кабылтуу: тузда, уула, ышта, дарыла, самында ж.б.

2. Негиз аркылуу туютулган затты сүртүү, сыйпоо, аралаштыруу, кошуу: сырда, майла, балда, сүттө, *суула, нымда* ж.б.

3. Негиз аркылуу туютулган затты пайда кылуу, чогултуу, жыйноо, көбөйтүү: үймөктө, чөмөлөлө, *канда, ирин*де, музда, чылпакта ж.б. Бул типтеги туундулар кыймыл-аракеттин объектисине болгон катышты тике көрсөтүшү мүмкүн. Мисалы: чөптү үймөктө, *жипти т*үрмөктө, *бедени ч*өмөлөлө, *ишти ише.* Кээде кыймыл-аракеттин объектисине шилтеме берилбей да калышы ыктымал: канда, иринде, куртта. Соңку сөздөрдүн маанисинде объектилик компонент жок, анткени булар өтпөс этиштер.

4. Негиз аркылуу туюнтулган курал-жабдык, шайман, аспап, каражат ж.б.нын жардамы менен иш-аракет жасоо: араала, балтала, кетменде, тешеле, камчыла, токмокто, арканда, бычакта, кулпула, чидерле, тилде, тиште, мушта, көмөлдүрүктө, *куюшканда* ж.б.

5. Негиз аркылуу туюнтулган көйгөй сезимди аракетке келтирүү: зарла, сүрдө, *сызда, шордо, ыйла* ж.б.

5. Негиз аркылуу туюнтулган затка алмаштыруу, айландыруу, андан арылуу, тазалоо: *пулда, сомдо, көөлө, түктө, кылда, челде, жалап жукта* ж.б.

7. Негиз аркылуу туюнтулган сапаттык белгиге мүнөздүү абалга келтирүү: *тазала, сулуула, кооздо, жаңыла, майдала, акта, арыкта, жеңилде, аруула, жылуула* ж.б.

8. Негиз билдирген акыл-эс сезимин аракетке келтирүү: *ойло, аңда, жатта* ж.б.

9. Негиз билдирген мезгилди белгилүү жерде өткөрүү: *кышта, жазда, жайла, күздө, эртеле* ж.б.

10. Негиз билдирген орун-жайды, мейкиндиктен жүрүү: *кыяла, жондо, жээкте, боордо, өрдө, талаала, жакала, мекенде, бөксөлө* ж.б.

11. Негиз билдирген чен-өлчөм боюнча иш-аракет жасоо: *челекте, кашыкта, капта, карышта, кадамда, кулачта, метрле, килоло, тоннала* ж.б.

12. Негиз билдирген нерсе боюнча *каада-салт, ырым-жырым,* диний расми сыяктуу аракеттерди жасоо: *айтта, тойло, ашта, тондо, сыйла, даңкта, кадырла* ж.б.

13. Негиз аркылуу туюнтулган жаратылыш кубулуштарынын пайда болушу: *бороондо, карла, бурганакта, нөшөрлө, туманда, шыбыргакта* ж.б.

14. Негиз билдирген элести, табышты туурап көрсөтүү: *ырылда, бышылда, күрүлдө, күркүрө, чыркыра, кылтылда, кил*енде, *ийреңде, соймоңдо, тыртакта* ж.б.

-лан курандысы төмөнкү маанилерди туюнтат:

1. Негиз аркылуу туюнтулган нерсеге мүнөздүү болгон белгиге ээ болуу: коюулан, тынчтан, ызалан, жалкоолон, короздон, куудулдан, ыракаттан, ачуулан, жашылдан, куйтулан, шатган ж.б.

2. Негиз аркылуу туюнтулган нерсени пайда кылуу: бутактан, көбүктөн, булуттан, кабыктан, эттен ж.б.

3.Негиз аркылуу туюнтулган нерсеге байланыштуу процесстин, иш-аракеттин атын билдирет: азыктан, тамактан, тиштен, даттан, жандан, эмгектен ж.б.

-лаш курандысы. Туунду этиш тутумундагы маанилери төмөнкүдөй:

1. Негиз аркылуу туюнтулган нерсе боюнча биргелешип аткарылган кыймыл-аракетти билдирет: *соодалаш, акылдаш, шерттеш, араздаш, жоолаш, достош, коштош, макулдаш, көмөктөш, жаңжалдаш* ж.б.

2. Негиз аркылуу туюнтулган нерсеге, сапатка, белгиге ээ болуу маанисин билдирет: *маданиятташ, колхоздош, түрктөш, кыргыздаш, орусташ, демократиялаш, магниттеш* ж.б.

Этиш жасоочу аз өнүмдүү жана өнүмсүз курандылар төмөнкүлөр:

1) **-а курандысы:** *сана, сына, ата, ойно, жыйна, жаша, кана, күчө* ж.б.

2) **-ы курандысы:** *байы, жашы, тары, өрү* ж.б.

3) **-ар курандысы:** *агар, көгөр, түнөр, кыскар, жукар, ичкер* ж.б.

4) **-сы(н) курандысы:** *мыктысы / мыктысын, акылдуусун,* тыңсын, *баатырсы / баатырсын* ж.б.

5) **-сыра курандысы:** *алсыра, кансыра, уйкусура* ж.б.

6) **-ай курандысы:** *чоңой, басай, кеңей, карай, көбөй, азай, шалпай, жалпай* ж.б.

7) **-ык курандысы:** *сынык, канык, көнүк, демик, нымык, уук, ачык, жиник* ж.б.

8) **-ылда курандысы**: *бышылда, эпилде, лепилде, жылтылда, жаркылда, солкулда* ж.б.

9) **-кыра** *шаркыра, күркүрө, дүңгүрө* ж.б.

10) -ырка курандысы: *ташырка, күчүркө* ж.б.

Синтаксистик жол менен жасалышы

Сөздүк курамындагы сөздөрдүн орчундуу бөлүгүн синтаксистик жол менен жасалган татаал этиштер түзөт. Алар көбүнчө эки, сейрегирээк үч же андан көп сөздүн кошулуп, лексикалык бүтүн бир мааниге биригип, же жөнөкөй, же болбосо туташ аткарылган бир татаал кыймыл-аракетти билдирүү аркылуу жасалат: Абил бий Мадылдын арызын айттырбай көрдү. Мадыл бүк түшүп, бийдин өңүрүнө тооп кылып, сөздүн ордуна буркурап ыйлады (Т.К.). Манас ордунан туруп утурлай басты (А.Ж.). Алатоого көчүп-конуп барып, жайлап-кыштап, ысыгына жадаганда кайра көчүп келип, укумдан тукум улап келаткан бир эл (А.Ж.).

Бул мисалдардагы бүк түшүп, тооп кылып, орун алып сөздөрү атооч менен жардамчы этиштин айкашып айтылышы аркылуу жасалып, ар бири жөнөкөй гана кыймыл-аракеттик маанини билдирип турат. Ал эми айттырбай көрдү, *буркурап ыйлады, утурлай басты, к*өчүп-конуп барып, жай-лап-кыштап, көчүп келип сөздөрү толук маанилүү эки же көп этиштен жасалып, туташ аткарылган бир татаал кыймыл-аракетти атап көрсөттү.

Татаал этиштер тутумундагы түгөйлөрдүн сөз түркүмдүк белгисине карай эки чоң топко бөлүнөт: 1) атооч түгөйлүү татаал этиштер, 2) этиш түгөйлүү татаал этиштер.

Атооч түгөйлүү татаал этиштер

Булар атооч сөз менен эт, кыл, бол, де, ал, бер, кой сыяктуу жардамчы этиштердин айкашы аркылуу жасалып, кыймыл-аракеттик бир гана маанини билдирет: *айып эт, жардам кыл, кор бол, кумар бол, эс ал, добуш бер* ж.б.

Бул типтеги татаал этиштердин биринчи түгөйү дайыма атооч сөздөрдөн болуп, экинчи түгөйү биринчи түгөйү билдирген заттык, белгилик, туурандылык маанини кыймыл-аракеттик, ал-абалдык мааниге айландыруу кызматын аткарат. Мисалы: урмат кыл, кабар бер, чыгым бол деген татаал этиштердин биринчи түгөйү урмат, кабар, чыгым - абстракттуу маанидеги зат атоочтор, экинчи түгөйү - кыл, бер, бол жардамчы этиштер, алар аркылуу куранды сыяктуу биринчи түгөйү билдирген заттык мааниден этиш сөз билдирген кыймыл-аракеттик маани жасалат. Ошондуктан мындай этиштер куранды мүчө менен жасалган туунду этиштерге синоним болуп да келе берет: *урмат кыл - урматта, кабар бер - кабарла, чыгым бол - чыгымда* ж.б.

Атооч түгөйлүү татаал этиштерди жасоого негиз болуп уңгу сөздөр да, туунду сөздөр да, кош сөздөр да, же болбосо алардын ар кандай грамматикалык формалары да катышат:

1) атооч уңгулуу татаал этиштер: *баш бол, жок бол, бар бол, көз сал, тил ал, кызмат кыл, үмүт кыл, милдет кыл, тарс эт, быш эт, жарк де, болк де* ж.б.

2) туунду негиздүү татаал этиштер: *жакшылык кыл, жамандык кыл, чыгым бол, чагым сал* ж.б.

3) кош сөз негиздүү татаал этиштер: *солк-солк эт, качыр-кучур эт, шытыр-шытыр эт, жарк-журк эт* ж.б. Булардын биринчи түгөйү көбүнчө тууранды сөздөрдөн болот.

4) жөндөмө мүчөлүү негиз катышкан татаал этиштер: *добушка сал, тартипке келтир, жузөгө ашыр, алдан тай, эсте тут, жандан кеч, четке как* ж.б.

Татаал этиштин бул түрүнүн жасалышына төмөнкүдөй жардамчы этиштер катышат:

1. *Эт* жардамчы этиши: *жардам эт, айып этпе, сабыр эт, күрс эт, карч эт, бачыр-бучур эт, шатыр-шутур эт* ж.б. Бул сөз көбүнчө тууранды сөздөр менен бирге айтылат. Эгерде тууранды сөз жөнөкөй болсо, андан алынган татаал этиш тууралган дабыштын же элестин бир жолу аткарылгандыгын билдирет: *тарс эт, былч эт, корс эт, былк эт, серең эт, жылт эт* ж.б. Эгерде тууранды сөз кош сөз турпатында болсо, тууралган нерсенин бир нече жолу кайталанганы билдирилет: *тарс-тарс эт, былч-былч эт, шалп-шалп эт, былк-былк эт, жылт-жылт эт* ж.б.

2. *Де* жардамчы этиши да көбүнчө тууранды жана сырдык сөздөр менен айкаша келип татаал этиштерди жасайт: *солк де, болк де, карс де, тарс де, дүң де, өх де, кокуй де* ж.б.

3. *Кыл* этиши татаал этиштин бул түрүнүн жасалышында дээрлик жыш колдонулат. Мындай учурда бул этиш уңгу түрүндө да, башка турпатта да келе

берет: *милдет кыл, кызмат кыл, талап кыл, тиричилик кыл, шылтоо кыл, тартуу кыл, тамаша кыл, арман кыл, жок кыл, үмүт кыл, будуң-чаң кыл, таш-талкан кыл* ж.б.

4. *Бол* этиши катышып жасалган татаал этиштер негизинен ал-абалдык маанини билдирет: *ашык бол, капа бол, күбө бол, каза бол, аш бол, жем бол, жакшы бол, жаман бол, кор бол, кумар бол, ыраазы бол* ж.б.

Атооч түгөйлүү татаал этиштердин жасалышына айрым учурларда ал, бер, сал, бас, тур, тат, ур сыяктуу этиштер да катышат: *тил ал, телефон чал, кулак сал, дем ал, жапа чек, добуш бер, салам бер, бүр байла* ж.б.

Этиш түгөйлүү татаал этиштер

Тилибизде бул типтеги сөздөрдүн жалпы саны атооч түгөйлүү татаал этиштерге караганда алда канча арбын. Булардын эки түгөйү тең этиш сөздөрдөн болуп, бири-бири менен чакчылдын *-ып, -а/-й* мүчөлөрү менен байланышат: Кырк чоро сүрөөн салганда кайыптан бүткөн Аккула жаңы эле чапкан немедей ***суурулуп чыкты*** (А.Ж.). Камбарбоздун үйүрүнөн Бозтайлак деген бир атты токутту да, ***аттанып жөнөдү*** (А.Ж.).

Этиш түгөйлүү татаал этиштер түгөйлөрүнүн маанисине карай тең маанилүү нагыз татаал этиштер жана тең маанилүү эмес этиштин татаал формалары болуп экиге бөлүнөт. Биринчи топтун түгөйүлөрү тең маанидеги этиштерден болот да, татаал этиштин мааниси эки түгөйүнүн маанисинин биримдигинен пайда болот. Мисалы, алып кел, сатып ал, кирип чык, кууп жет десек, булардын биринчи түгөйү алуу, сатуу, кирүү, *куу* кыймыл-аракетии, экинчи түгөйү ага туташ аткарылган келүү, *алуу, чыгуу, жет*үү кыймыл-аракетин атап көрсөтөт.

Татаал этиш билдирген кыймыл-аракет түгөйлөрү билдирген кыймыл-аракет менен мезгил жактан ар түрдүү катышта болот. Мисалы: Элмырза эжесине китеп ***алып берди***. *Рахат шаарга* ***барып келди***. Бул эки сүйлөмдөгү алып берди, барып келди сөздөрү биринен соң экинчиси аткарылган туташ бир кыймыл-аракетти билдирип турат. Ошондуктан алардын эки түгөйүнүн багыныңкы татаал сүйлөмдөгү баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочу катары ичтен жиктеп колдонууга да болот: Элмырза китепти текчеден алып, эжесине берди. Рахат шаарга барып, үйүнө келди ж.б. Демек, бул мисалдан татаал этиштер кыргыз жана башка тектеш түрк тилдеринде багыныңкы татаал сүйлөмдөрдү колдонбоого шарт түзүп турганын байкоого болот.

Эгерде татаал этиштин биринчи түгөйү чакчылдын *-а/-й* турпатында туруп, экинчи түгөйү кел, кет, чык, жүр, бар сыяктуу кыймыл этиштерден болсо, экинчи түгөйү негизги кыймыл-аракетти, биринчи түгөйү аны коштоп аткарылган кошумча кыймыл-аракетти билдирет. Мисалы: *бара кел, биле кел, айта кел, сурай кел деген сөздөр да баруу, билүү, айтуу, суроо* кыймыл-аракети субъектинин келишине байланыштуу бирге аткарыла тургандыгын атап көрсөттү.

Татаал этиштин түгөйлөрү кээде жарыша аткарылган кыймыл-аракетти да билдирет. Мисалы, *кулап түштү, качып кетти, кайтып келди* сөздөрүнүн эки түгөйү тең бир эле мезгилде жарыша аткарылган кыймылды атап көрсөттү.

Этиштин татаал формалары татаал этиштерден айырмаланып, эки түгөйү бирдей тең маанилүү боло бербейт. Алардын алгачкы түгөйү негизги маанини билдирет да, экинчиси биринчи түгөйүнө ар кандай кошумча маани киргизип, аны грамматикалык жактан жыйынтыктоо максатын аткарат: Бала көзү ачык бойдон магдырап жата берди (К.К.). Карышкыр жеткен жерде эле бир козуну булкуп ыргытып, анан барып баса калып, куйругун жулуп алды (А.Ж.).

Мындагы жата берди, баса калып татаал формаларда кыймыл-аракеттик негизги маани биринчи түгөй *(жат, бас)* аркылуу билдирилди. Ал эми экинчи түгөй *(бер, кал)* баштапкы лексикалык маанисин жоготуп, негизги түгөйүнүн маанисине кыймыл-аракеттин созулушун, кокустан, чукулунан аткарылгандыгын билдирген кошумча маанилерди кошту.

Этиштин татаал формалары маани жактан үч топко бөлүнөт:

1.Кыймыл-аракеттин аткарылыш өзгөчөлүгүн билдирген этиштер. Мында *тур, отур, жат, сал, түш, кел, ал, бер, бол, кал* сыяктуу жардамчы этиштер чакчыл формадагы негизги этишке айкаша келип айтылат да кыймыл-аракеттин созулушун *(иштеп жүрөт, жашап турат, окуп жатат, айтып келет* ж.б.), кайталанышын *(сүйлөй берди,* каттап турду, көрүнүп турду ж.б.), *капыстан, чукулунан, тез, чапчаң аткарылышын* (*чаап таштады, айта салды, ала койду* ж.б.), аз эле жерден аткарылбай калгандыгын *(жыгылып кете жаздады, ыйлап ийе таштады* ж.б.) ж.б. маанилерди кошумчалайт.

2.Кыймыл-аракеттин аткарылыш баскычтарын билдирген этиштер:

а) кыймыл-аракеттин башталышы төмөнкү жардамчы этиштер аркылуу берилет: *иштей баштады, таркай баштады, качырып сала берди* ж.б.

б) кыймыл-аракеттин өтүшүн, бүтүшүн билдирген жардамчы этиштер: *айтып отурду, жазып бүттү, окуп чыкты* ж.б.

3. Ар түрдүү модалдык маанини билдирген жардамчы этиштер:

а) максат мааниси: *көргөнү жатат, көчкөнү жүрөт, айтканы турат;*

б) мүмкүндүк мааниси: *окуй алат, бере алат, санай алат* ж.б.;

в) каалоо мааниси: *баргысы келет, окугусу келет* ж.б.

Этиштин өзгөчө формалары

Кыргыз тилинде этиштердин кыймыл-аракеттик, ал-абалдык лексика-грамматикалык негизги маанилерин сактай бербеген ар түрдүү көрүнүштөрү да

бар. Аларды биз этиштин өзгөчө формалары деп атап, **чакчылдар, атоочтуктар** жана **кыймыл атоочтор** деген үч топко бөлүп карайбыз. Булар чыныгы этиштердей болуп жак, сан, чак, мамиле жана ынгай категориялары менен өзгөрө бербейт.

Чакчылдар. Кыймыл-аракеттик жана ал-абалдык касиет маанисин сактап, грамматикалык *сан, жак, чак* категориялары менен өзгөрбөгөн этиштин формаларын чакчылдар дейбиз: - *Жакшы экен, - деп, Жолой улутуна күлүмсүрөдү* (К.Ж.).

Сүйлөмдө чакчылдар өз алдынча да, татаал сөздөрдүн тутумунда да келе берет. Бардык учурда чыкчылдар кыймыл-аракеттик, ал-абалдык маанилерин жоготпойт. Татаал сөздөрдүн (татаал айтылыштардын) тутумунда келип, чак, жак, сан маанилерин билдирбесе да сүйлөмдөгү этиштин негизги кыймыл-аракет маанисин туюндуруп, этиштик касиетин сактап келет. Кыргыз тилинде чакчылдарды уюштуруучу атайын грамматикалык каражаттар бар: *-ып, -а, -й, -ганы, -ганча, -гыча, -майынча.* Буларды биз чакчыл мүчөлөр дейбиз.

Чакчыл мүчөлөр этиш уңгуларга жалганып, уңгудагы сан, жак жана чак маанилерди солгундатат же жоюп жиберет. Этиш уңгуда кыймыл-аракет же ал-абал мааниси гана калат. Мисалы: *жылмай* деген этиште жекелик сан, абстракттуу экинчи жак жана буюруу келер чак маанилери бар. Эгерде жылмая сүйлөдү десек, жылмай деген этиш уңгуга чакчылдын *-а* мүчөсү уланып чакчыл формасына өттү да, ал сөздөгү жекелик сан, абстракттуу экинчи жак жана келер чактагы буюруу маанилери жок болуп калды. Бирок жылмая деген сөздө жылмай этиши билдирген кыймыл-аракет маани толук сакталды.

Кыргыз тилинде этиштин айкын келер чак менен учур чак формаларынын негиздерин дайыма чакчыл этиштер түзөт, башкача айтканда, айкын келер чак жана учур чакты туюндура турган грамматикалык каражаттар чакчыл мүчөлөргө келип жалганат. Мисалы: Колуңуздун кычуусу болсо кандырып алыңыз, Чортон аке, анан сууга ыргытып жиберели (Т.А.).

Сүйлөмдөгү *(ыргытып)жиберели, барат* деген этиш сөз тиешелүү грамматикалык жак, чак, сан маанилерде турат. Мына ошол маанилерди туюндурган каражаттар чакчыл формадагы этиштик негизге *(жибере)* келип жалганды.

Ал эми этиштин татаал формаларында болсо, чакчыл көрсөткүчү негизги этиштин тутумунда болот: бара берди, айтып жатты, алып келген, урушуп калчу, бара жатат, окуп келер ж.б. Учур чак менен келер чактын татаал формаларында чакчыл мүчөлөр негизги этиштин тутумунда да, жардамчы (көмөкчү) этиштин тутумунда да катыша берет: ойноп жатат, сүйлөй берди, отура турайын ж.б.

Чакчылдардын өзгөчө белгилери. Чакчылдар билдирген маанилер эки түрдүүчө болот. Биринчиден, алар адатта негизги этиштин тутумунда келип,

грамматикалык маанилерден ажырап, лексикалык кыймыл-аракет маанилерин гана туюндуруп калат. Экинчиден, накта чакчыл турпатында келип айтылып, грамматикалык чакты, жакты жана сан маанилерин көрсөтпөй туруп, объектинин же субъектинин негизги этиш көрсөткөн кыймыл-аракетине кошумча болгон кыймыл-аракетти билдирет. Башкача айтканда, негизги этиштер билдирген кыймыл-аракет, ал-абалдарды толуктап, сүйлөмдүн өз алдынча турган мүчөсү болуп келет. Демек, чакчылдарда нагыз кыймыл-аракет, ал-абал маанилери менен кошо ошол кыймыл-аракет, ал-абал маанилеринин түрдүү кырдаалдарын билдирер касиети да болот.

Чакчылдардын этиштик белгилери: а) Чакчылдар кыймыл-аракетти же ал-абалды билдирет: *Ата, мен алтын кушту таап келмейинче кайтпайм, - деди баласы* (Жомок). Сүйлөмдө кайтпайм деген аракет менен кошо аны коштогон кушту таап келүү кошумча аракети бар.

б) Чакчылдар мамиле маанилерине да ээ болот. Бул учурда чакчылдын мүчөсүнөн мурда тиешелүү мамиле мүчөсү жалганып келет: *сүйлөмүн, табылмайынча, чыгара, откөзгөнү.*

в) Аналитикалык форманын же татаал этиштин тутумунда айтылганда чак маанилерин да билдире берет. Анткени, мындай учурда анын чакчыл мааниси эмес, кыймыл-аракет мааниси биринчи планга чыгат: Балыкчы аркылуу жүрүп олтуруп, Бишкекке кечке жеттик (Ад.). Көч жүрө-*жү*рө түзөлөт (Макал).

г) Чакчылдар этиштик оң жана терс формаларда да айтыла берет: *Бара көрөрбүз. Барбай көрбөйсүңөр.*

д) Татаал сүйлөмдөрдө багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарып, сүйлөмдөрдү байланыштыруучу касиетке да ээ болот. Мисалы: *Бүгүн эртең менен Дадый мырза табыпчыга бейкасам чапан жаап, шалпаң кулак торуну тартуу кылып, кышкы согумун мойнуна алды* (Т.А.).

Чакчылдардын тактоочтук белгилери:

а) Тактоочтордой эле чакчылдар да көбүнчө кыймыл-аракеттин аткарылышындагы ар түрдүү кырдаалдарды билгизет: Каткыра күлүп алып, сөзүн улантты. Кыймыл-аракеттин сын-сыпат кырдаалы каткыра деген чакчыл аркылуу көрсөтүлдү.

б) Жөнөкөй сүйлөмдөрдө өз алдынча колдонулганда дайыма этиштер менен айкалышып келип, бышыктоочтун милдетин аткарат: *Бирок дале күйүп-сүйүп ыр жазат, бар го эсинде кечээги өткөн жаш чагы* (Т.Б.).

в) Өзүнөн кийин келип айкашып турган этиш сөз менен дайыма ыкташуу жолу аркылуу байланышат: *Атамды жакшы доктурларга көрсөтүп, жанынан чыкпай отуруп багам* (Т.А.).

Сүйлөм ичинде чакчылдардын орду бир кылка эмес. Алар дайыма эле чакчыл маанисинде колдонула бербейт. Ошентип, чакчылдар эки түрдүүчө кызмат аткарат. Биринчиден, чакчылдар адатта экинчи түгөй болуп келгенде, накта чакчыл маанисин толук сактайт да, татаал чакчыл болот: Апам мени көрө салып, бригадирдин сөзүн бөлүп жалынды (Ч.А.). Экинчиден, чакчылдар биринчи түгөй болуп келгенде, чакчыл мааниси солгундап, жак, чак, санды билдирбеген кыймыл-аракет же ал-абал маанисин гана туюндуруп калат. Мындай учурдагы татаал формалар татаал этиш да, татаал чакчыл да боло берет: *Азыр да ошол ажыдаардын денеси чынардын ортосунда толгонуп, оозун аңырайта ачып турат (*Жомок). Бул сүйлөмдө чакчыл биринчи түгөй болуп келип, татаал этишти *(*аңырайта ачып турат) уюштурду.

Чакчылдарды *-ып, -а, -й, -ганы, -ганча, -гыча, -майынча* мүчөлөрү уюштурат. Чакчылдарды уюштуруучу бул мүчөлөрдү биз түзүлүшү боюнча жөнөкөй чакчыл мүчөлөр *(-ып, -а, -й),* татаал чакчыл мүчөлөр *(-ганы, -ганча, -гыча, -майынча)* деп экиге бөлөбүз. Анткени, булардын акыркыларын тарыхый жактан андан ары морфемаларга ажыратууга болот: *-ганы > -ган + -ча; -ганча > -ган + -ы; -гыча > -гы + -ча; -майынча > -ма(-ба)+ -й + -ын + -ча.*

Атоочтуктар

Этиштин өзгөчө формаларынын бири - атоочтук. Атоочтуктар кыймыл-аракетти же ал-абалды заттын белгиси катары көрсөтүп, дайыма атооч сөздөр менен айкашып, аларды аныктап келет. Атоочтукту уюштуруучу мүчөлөр булар: ***-ган*** *(-ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн)*, ***-ар*** *(*-ар, -ор, -ер), ***-бас*** *(-бес, -бос, -бөс, -пас, -пес, -пос, -пөс)*, ***-оочу*** (-өөчү), ***-уучу*** (-уучу), ***-чу*** (-чү). Булардан башка чакчылдын *-а, (-е, -ө, -й)* формаларына элек деген сөздүн кошулушу менен да атоочтук жасалат.

Атоочтуктардын этиштик белгилери. 1) Заттардын кыймыл-аракеттик, ал-абалдык белгисин билдиргени менен атоочтуктарда кыймыл-аракетти билдирүү касиети сакталып калат. Мисалы: *Шукшурулуп көктөн жерге сайылган, күүлөнүүсү туу чокудан кайырган, барчынды көр бала барчын окшойбу, шаңшыгы курч, аскаларга жаңырган.* (Саб.).

2) Атоочтуктарда этиштин мамиле маанилери сакталат. Мисалы: *Алдыда сакал, муруту алынбаган, кабагы салыңкы, зор денелуу, алп киши турду* (Э.Т.). *Мына ушул Шакаптар, Көксерек аймагын ар дайым намазга түшүргөн имам* (С.Ө.).

3) Атоочтуктар чак маанилерин да көрсөтөт. Мисалы: *Чартарабына кароол коюлган кыштак кызуу уйкуда* (С.Ө.). Атоочтук *(коюлган)* өткөн чак маанисин берип турат. Айтылар сөзүбүз, аткарылар ишибиз бар, мырзам (Т.К.). Атоочтуктар *(айтылар, аткарылар)* келер чак маанисин берип турат.

4). Атоочтуктар этиштик оң жана терс формаларда да айтыла берет. Мисалы: Көрүнгөн тоонун ыраагы жок (Макал). Таптакыр мурда айтылбаган, ойго келбеген сөздөр айтылды (К.А.). Атоочтуктун терс формасы анын *-бас* мүчөсү аркылуу да туюндурулат. Мисалы: *Ат арыбас болсочу, жаш карыбас болсочу* (Токт.). Анткени, *-бас* (*-ба-с*) мүчөсүнүн тутумунда терс маани берүүчү *-ба* мүчөсү бар.

Атооч сөз түркүмдөрүнө тиешелүү белгилери

1) Атоочтуктар сын атоочторго жакын болуп, алар сыяктуу заттын белгисин, касиетин, сапатын билдирет, сын атоочтун суроолоруна жооп болуп түшөт. Мисалы: Жигиттин көөнү кубанат булкунган буудан ат менен (Б.).

2) Атоочтуктар сын атоочтордой эле затташуу касиетине да ээ болот. Сүйлөмдө аныкталгычсыз келгенде атоочтуктар сан, жөндөмө, таандык категориялардын көрсөткүчтөрү менен өзгөрө берет. Мисалы: *Үч атчан жакындаганда үч жигит тура калып аттарын алды да кермеге байлад.* (Э.Т.). Атоочтук *(жакындаганда)* жатыш жөндөмөдө турат. Бербестин ашы бышпас (Макал). Атоочтук *(бербестин)* илик жөндөмөдө айтылып жатат.

3) Сын атоочтордой эле атоочтуктар да синтаксистик жактан дайыма аныктоочтун милдетин аткарып, ыкташуу байланышы аркылуу байланышат. Мисалы: *Кулпурган бойлор сиздики, кусадар жүрөк биздики* (Б.). Атоочтуктар жак мүчөлөрүн кабыл алып, баяндоочтун да милдетин аткарат. Мисалы: Шаарды силерден мурда көргөндөрдөнбүз, байкеси (Ш.Б.). Затташкан учурда сүйлөмдүн ээси менен толуктоочунун милдетин да аткарат. Мисалы: Толубайда койчу болуп жүрүп, бир токтусун жоготконум үчүн үч күн арыкта сууга салып сабаганы да бар (М.Э.). Атоочтук *(жоготконум* үчүн) толуктоочтун милдетин аткарды. Күн жарыгы тийгендей күлгөнү кызык баланын (Жең.). Атоочтук *(*күлгөнү*)* ээнин милдетин аткарып келди.

Азыркы кыргыз тилинде алгачкы мааниси боюнча атоочтук болуп, тилдин бара-барып өнүгүшүнүн негизинде заттык маанилерге биротоло өтүп кеткен сөздөр да бар: *капкан, тууган, чагылган, чапкын, жууркан, жазуучу, сатуучу, айдоочу, балтажутар, эчкемер, кабаган, сүзөгөн* ж.б. Энчилүү аттар да бар: *Аттокур, Төлөгөн, Сатылган, Муңайтпас, Токтогон, Бөрүбасар, Бээ-Сыйбас* ж.б.

Кыймыл атоочтор

Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын же кыймыл жүрүшүнүн (процессинин) атын, аталышын билдирүүчү этиштик туунду формалар кыймыл атоочтор деп аталат. Мисалы: *Менин да үй-жайым бар, дасторконум жайылуу, конок төшөгүм салынуу* (Ч.А.). *А көрөк тилегин куштардын келгиче саламат болушун* (С.А.).

Кыймыл атоочтор этиштин туунду формалары болуп, этиштик негиздерге **-оо** (-өө), **-уу** (-үү), **-ыш** (-иш, -уш, -үш), **-мак** (-мек, -мок, -мөк), **-май** (-мей, -мой, -мөй) деген мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу уюшулат.

Биз жогоруда белгилегендей, кээ бир түрк тилдеринде кыймыл атоочтор этиштин баштапкы формасы катары каралат. Кыргыз тилинде алар кыймыл-аракет, ал-абалдарды атагыч сөздөр болуп, этиштин өзгөчө формаларынын бири катары каралат.

Кыймыл атооч сөздөрдө негизинен түпкү маани этиш сөздөр менен байланышып, алар этиштик туундулар болгондуктан, берген лексикалык маанилери ошол кыймыл-аракетти, ал-абалды же процессти атоо болуп эсептелет. Ошондуктан, кыймыл атоочтор атооч сөз түркүмдөрүнө жакын болот. Алардын лексика-грамматикалык, материалдык тулкусунда атоо мааниси биротоло орун-очок алып, кыймыл-аракеттик маанилери жоголуп, бара-бара толук затташып, зат атоочко өтүп кетүүгө жөндөмдүү.

Азыркы кыргыз тилинде башта этиштин кыймыл атооч формасында болуп, бара-бара биротоло зат атоочко өтүп кеткен сөздөр өтө арбын: *суроо, ойлоо, жазуу, окуу, улактартыш, күнбатыш, күнчыгыш, күрөш, согуш, чабыш, жүрүш-туруш, оймок, илмек, өрмөк, сокмок, чертмек, көзтаңмай, кызкуумай, канталамай, жамбатыш, барыш (жөндөмө), табыш (жөндөмө)* ж.б.

Кыймыл атоочтордо атооч сөздөргө да этиш сөздөргө да тиешелүү касиеттер болот.

Кыймыл атоочтордун этиштик белгилери. Кыймыл атооч сөздөрдүн тутумундагы этиштик грамматикалык каражаттар ошол этиштик лексика-грамматикалык маанилердин сакталып жүрүп олтурушун шарттайт. Мындай атооч-этиш маанилик байланыштарын тилибиздеги агглютинация кубулушунун көрүнүштөрү катары кароого болот.

Ошентип, кыймыл атоочтордогу этиш сөз түркүмүнө тиешелүү белгилер деп төмөнкүлөрдү атап өтөбүз.

1). Атооч деп аталып, атооч сөз түркүмдөрүнө өтүп баратканы менен кыймыл атоочтордун түпкү тегиндеги *кыймыл-аракет, ал-абал* маанилери жоголбой жүрүп олтурат: *окуу > оку-; жазуу > жаз-; билиш > бил-; келмек > кел-* ж.б.

2). Тутумунда этиштин мамиле көрсөткүчтөрүн сактап, мамилелик маанилерди өзүлөрү менен кошо ала жүрөт. Мисалы: *Келемин горизонттон горизонт кууп, көшүлүү гана керек эмес мага* (Сар.). *Туюк мамиле көрсөткүчү* -ыл *(көшүлүү)* туюк мамиле маанисин сактап турат. Жат жазуу жаздырыштын кереги жок деп чечтик. Аркылуу мамиле көрсөткүчү *-дыр (жаздырыштын)* аркылуу мамиле маанисин сактап турат.

3) Айрым учурларда кыймыл атоочтор этиштик баштапкы касиетин сактап, өздөрү менен бирге келген атооч сөздөрдүн тигил же бул жөндөмөдө келишин

талап кылат. Мисалы: *А дубалдын ар жагы жаңгак эле, ээси жок, эч адамга тийиши жок* (С.А.).

Кыймыл атоочтордун атоочтук белгилери. 1) Кыймыл-аракет маанисин эмес атооч маанисин билдирет. Мисалы: *Жетимиш-сексен уй сааш оңойбу?* (М.Э.). *Бир карашың белги берип бакыттан, бир карашың жабат күндүн түндүгүн...* (Саб.).

2) Зат атоочтун категориялары менен өзгөрөт.

3) Сүйлөмдө негизинен ээ менен толуктоочтук милдеттерди аткарат. Мисалы: *Ээрде олтурушу кыт куйгандай бекем* (Т.С). *Ээнин (олтурушу)* милдетин аткарды. *Төгүлүүңдү баса албайт күн аптабы* (Сар.).Толукточтун *(төгүлүүңдү)* милдетин аткарды.

Тактооч

Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалдарын (орундук, мезгилдик, себеп, максат, сан-өлчөм, сын-сыпат кырдаалдарын) көрсөтүп, сүйлөмдө көбүнчө этиш сөздөр менен айкашып келип бышыктоочтук милдет аткарган сөздөр тактоочтор деп аталат. Алар *качан? кайсы? кайда? канча? кантип? кандай?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Мисалы: *Анархан баласына жаңы көйнөктү кийгизип жатканда тыштан Дарыяхан акырын кирип келди* (К.Ж.).

Тактоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн төмөнкү белгилери менен айырмаланат:

1. Лексикалык жактан маанилери абстракттуу болуп, кыймыл-аракеттин, процесстин, ал-абалдын кырдаалын (орундук, мезгилдик, себеп, максат, сан-өлчөм, сын-сыпат кырдаалдарын) билдирет.

2. Морфологиялык жактан тактоочтун өзүнө гана тиешелүү куранды (сөз жасоочу) мүчөлөрү бар. Мисалы: ***-ча:*** *балача, кыргызча;* ***-лап:*** *эртелеп, баштыктап, сенчилеп* ж.б.

3. Синтаксистик жактан дайыма этиш сөздөр менен айкашып келип, сүйлөмдө көбүнчө бышыктоочтук милдет аткарат.

Тактоочтор лексика-грамматикалык маанилерине карай эки чоң топко бөлүнөт: бышыктагыч, аныктагыч тактоочтор.

Бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин боло турган мезгил, өтө турган орун, болуш себеп же максат кырдаалдарын көрсөтөт. Бышыктагыч тактоочтор өз ара бир нече топторго бөлүнөт.

1. Мезгил бышыктагыч тактоочтор кыймыл аракеттин боло турган учурун, мезгилин көрсөтүп, качан? качантан бери? кайсы кезде? качанга чейин? деген өндүү суроолорго жооп берет. Мисалы: Мурун чыккан кулактан кийин

чыккан мүйүз озуптур (Макал). Дүйшөнкул бул кыялын чындыкка чыгаруу үчүн күндүр-түндүр иттеди (Ж.Б.).

Мезгил бышыктагыч тактоочторго негизинен төмөнкү сөздөр кирет: *азыр, анан, ар дайым, ар качан, ар убак, анда-санда, анда-мында, бүгүн, башта, жана, кез-кезде, кечке, күндө, эми, эрте, эртең, эртели-кеч* ж.б.

Табиятына жараша булар, мезгил бышыктагыч тактоочтор, төмөндөгүдөй маанилерди билдирет.

а) Өткөн чак этиштер менен айкашып келип, кыймыл-аракеттин өтүп кеткен мезгилдик кырдаалдарын билдирет: *жана, алда качан, бая, кечээ, капкачан, мурдагүнү, өгүнү, эбак* ж.б.

Мисалы: *Жоробай: Бая эле ошентпейсизби* (жоолукту карматат) (Т.А.). *Анын чабалдыгын алда качан эле билер эле* (А.Т.).

б) Келер чак этиштер менен айкашып келип, келечекте боло турган кыймыл-аракеттик мезгилдик кырдаалдарды билдирет: анда, эртең, *бүрсүгүнү, кийин* ж.б.

в) Кайсы чактагы этиштер менен айкашса да кыймыл-аракеттин ушу кезге учурлаш, мезгилдеш маанилик кырдаалдарын билдирет: *эми, азыр, бүгүн, быйыл* ж.б.

г) Кыймыл-аракеттин кыска мөөнөттө аткарылыш же узакка созулуш мезгилдик кырдаалдарын билдирет: *кечке, жайды-жайлай, күндүр-түндүр, жайдыр-кыштыр, кезек-кезек, күнү-түнү, эртели-кеч* ж.б.

Мисалы: *Кезек-кезек кара бороон буркурап, элдин көзүн ачырбай туруп алды* (М.Э.). *Күндүр-түндүр «Узак жолун» улаганы уланган* (К.М.).

д) Кыймыл-аракеттин аткарылышындагы адат болуп калгандык же кайталаныш кырдаалдарын билдирет: *дайым, дайыма, арубак, кез-кезде, күндө, эртели-кеч* ж.б.

2. *Орун бышыктагыч тактоочтор* кыймыл-аракеттин орун, багыт кырдаалдарын билдирет. *Кайда? кайсы жакта? кайсы жакка? каякка?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Мисалы: *Жалгыз караан ары басты* (И.С.).

Орун бышыктагыч тактоочторго негизинен төмөнкү сөздөр кирет: алга, ары, артка, алда кайда, жогору, алды-артында, ары-бери, бери, мында, илгери (алдыда деген мааниде), өйдө, төмөн ж.б.

Орун бышыктагыч тактоочтор төмөндөгүдөй маанилерди билдирет.

а). Кыймыл-аракеттин ордун, субъектиге карата жайгашкан жерин (алыс, жакын экендигин) көрсөтөт. Мындай касиетке көбүнчө, ат атоочтон пайда болгон тактоочтор ээ болушат: анда, алда кайда, алда кайдан, мында, тигинден ж.б.

б). Орун бышыктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин багыт кырдаалдарын да билдирет: ары, бери, жогору, илгери (алды жакка деген мааниде) өйдө, *төмөн, кийин, ылдый* ж.б.

3. Себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор кыргыз тилинде сан жагынан өтө эле аз. Буларга аргасыздан, атайын, атайлап, капилеттен, эрксизден деген өндүү саналуу гана сөздөр кирет да, алар кыймыл-аракеттин аткарылышына себеп болгон кырдаалдарды билдирет. Мисалы: Атайлап түшүнбөгөн киши болуп жер карады (Т.С).

Булар, себеп жана максат бышыктагыч тактоочтор, сын-сыпаттык маанилерге да ээ болушат*: Атайылап айтылган сөз анын сөөгүнөн өтө түшту.* (М.М.).

Аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин сын-сыпат, сан-өлчөм кырдаалдарын аныктап билдирет. Аныктагыч тактоочтор өз ара дагы эки топко бөлүнөт.

1. Сын-сыпат аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин аткарылыш ыгын, сапаттык белгилерин көрсөтүп, *кандай? кантип? кандайча? кимче? эмнече?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Сын-сыпат аныктагыч тактоочторго *акырын, аста, адамча, тымызын, тез, бат, дароо, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, кайра, араң, зорго, жымжырт, жайбаракат* өндүү сөздөр кирет. Булар төмөнкүдөй грамматикалык маанилерди билдирет:

а) Кыймыл-аракеттин ылдамдык касиетин, ылдамдык кырдаалын билдирет: *Алайдан тоссоң жолумду, акырын шилтеп колуңду...* (Б.).

б) Кыймыл-аракеттин көтөрүңкү же басаңдаган (өчүңкү) мүнөздө экендик кырдаалын билгизет: - *Бар, арам катын, жыргадың! - деп эле угузбай акырын унчугуп, артынан түртүп койду* (М.Э.).

в) Кыймыл-аракеттин кайталаныш, узакка созулуш өзгөчө кырдаалын билдирет: Анын көзү. *кайта-кайта карай берди* (Н.Б). Уккандын баарын нас кылып, үстү-үстүнө бастырып (Б.).

г) Кыймыл-аракеттин ишке ашыш кырдаалдарын көрсөтөт: *Астыңдан атың мен алдым, досум, астыртан тиктеп сен калдың, досум* (Б.).

д) Башка аракетке, башка заттын аракетине салыштыруу аркылуу кыймыл-аракеттин ишке ашар кырдаалын билдирет: *Тиги киши кыргызча шар кетпегени менен тилди дурус түшүнөт* (М.Э.).

2. Сан-өлчөм аныктагыч тактоочтор кыймыл-аракеттин көлөмдүк, өлчөмдүк белгилерин көрсөтөт. Алар *канча? нече? канчалык? нечелеп? канчалап?* деген сыяктуу суроолорго жооп берет. Мисалы: *Менчелик аны эч ким жакшы көрбөйт* (М.Э.).

Тубаса жана туунду тактоочтор

Тактооч сөздөр түзүлүшүнө карай тубаса жана туунду тактоочтор болуп экиге бөлүнөт.

Тубаса тактоочтор деп тилдин ушул учурдагы абалында андан ары мүчөлөргө (морфемаларга) бөлүнбөгөн тактоочторду айтабыз. Кыргыз тилинде мындай тактоочторго төмөнкү сөздөр кирет: *тез, бат, ылдам, аз, көп, эрте, кеч, кечээ, азыр, ары, бери, дал, дароо, жогору, илгери, төмөн, ылдый, кийин, эми, дайыма, анан, анда, бирге, зорго, бекер, кайра, кайта, бачым, акырын, улам, саал, аябай, чапчаң* ж.б.

Тубаса тактоочтордун айрымдары тарыхый жактан андан ары морфемаларга ажырап да кетет. Мисалы: *Ары > ал* (ол) (о) - *ры, бери > бу, бул - ры, эртең > эр (ир) - таң*, илгери > *ил -гары, ичкер > ич -гары, жогору > жо -гары, кайта > кай -т -а (салыштырыңыз, кайы: кайып кетти, кайы - сайманын түрү, кайы: кайкып учту, кай: каймана, кай: кайсар)* ж.б. Азыркы учурда бул морфемалар өздөрүнүн толук маанилеринен ажырап, сөздүн тутумуна биротоло сиңип кеткен.

Ошондуктан азыркы кыргыз тилинин шартында мындай тактоочторду тубаса тактооч сөздөрдүн катарына кошобуз.

Туунду тактоочтор деп тутумунда куранды мүчө же бир нече уңгу болгон тактооч сөздөрдү айтабыз. Мисалы: а*дамча, балача, кишиче, немисче, каптап, чакалап, менчилеп, ылдамдай, жазды-жаздай, жайды-жайлай, утурлай, эртеликеч, бүгүн, былтыр, кечкурун, бетме-бет, быйыл* ж.б. Кыргыз тилиндеги тактооч сөздөрдүн көпчүлүгү туунду сөздөр болуп эсептелет. Алардын бир бөлүгү башка сөз түркүмдөрүнө жакын, атүгүл сырткы формасы боюнча ошол башка сөз түркүмүндөгү сөздөрдөн айырмасы жок. Мисалы: *каптап, чакалап, менчилеп,* Динарачылап деген сыяктуу тактоочтордо *-ып* (*-чы, -ла, -ып*) чакчыл форманты, ал эми учурлай, ылдамдай, жазды-жаздай, жайды-жайлай өндүү тактоочтордо *-й* (*-ла, -й*) чакчыл форманты бар. Мындай сөздөр контекстте гана тактоочтук милдет аткарат.

Тактоочтордун жасалышы

Балача, кишиче, бизче, айбанча, атча, кийикче, бүгүнчө, *анча-мынча, орусча, казакча, баланча, түкүнчө* ж.б.

-лап: *күндөп, түндөп, айлап, эртелеп, жылдап, чакалап, каптап, баштыктап, тонналап, кыялап, ылдыйлап, күндөп-түндөп, айлап-жылдап* ж.б.

-чылап: *сенчилеп, бизчилеп, аларчылап, Асанчылап, орусчалап* ж.б.

-лай: *жайлай, кышты-кыштай, күздү-күздөй, акчалай, эгиндей, накталай, тирүүлөй, утурлай* ж.б.

-чалык: *менчелик, бизчелик, сенчелик, кишичелик, итчелик, ошончолук, Гулнарчалык, Дүйшөнчөлүк* ж.б.

-сын: *кечкисин, кышкысын, түшкүсүн, түнкүсүн, жайкысын* ж.б.

Аз өнүмдүү курандылар

-лата: *акчалата, эгиндете, улуулата* ж.б.

Кыргыз тилинин кээ бир диалектилеринде тактооч сөздөрдү жасоочу ***-ындасы*** *(-дөсү)* мүчөсү да жолугат: жайындасы, кышындасы, түндөсү, *кечиндеси, күзүндөсү* ж.б.

Өнүмсүз курандылар

-ата: *кыдырата, алсырата*

-та: *бажырайта, тасырайта*

-ым: *ыкчам*

Морфологиялык жол менен жасалган тактоочтордун бир тобу жөндөмө мүчөлөрдүн сөздөргө биротоло ажырагыс болуп кошулуп кетишинен да жасалган:

- барыш жөндөмө менен уюшулган тактоочтор: алга, зорго, күнгө, күчкө, бекерге, бир азга ж. б;

- жатыш жөндөмө менен уюшулган тактоочтор: түштө, *мында (бу -нда), кээде,* өйдө *(*өй=өр), күндө, *эзелде* ж. б;

- чыгыш жөндөмө менен уюшулган тактоочтор: илгертен, эзелтен, кокустан, эмитен, мурунтан, азыртан ж. б;

- (байыркы) ***курал жөндөмө*** менен уюшулган тактоочтор: акырын, кечкурун, күнүн, түнүн, кышын, жазын, кийин, тымызын, төмөн, белен (?) ж.б.

Бир нече жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алган сөздөрдөн да тактоочтор келип чыккан.

1. Тутумунда жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү бар тактоочтор: мурдатан, баштатан, илгертеден, эртеден ж.б.

2. Тутумунда байыркы барыш *-ры* жана чыгыш жөндөмө мүчөсү бар тактоочтор: арытан, беритен.

3. Тутумунда байыркы барыш *-ры* менен жатыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрү бар тактоочтор: беритеден, арытадан, ичкертеден.

4. Тутумунда байыркы барыш *-гары* жана чыгыш жөндөмө мүчөсү бар тактоочтор: илгертен, жогортон.

Синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор

Уңгу бирикмелери аркылуу жасалган тактоочтор синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор деп аталат. Буларды татаал тактоочтор деп да айтабыз. Алар түзүлүш өзгөчөлүктөрүнө карай өз ара **кош тактоочтор** жана **кошмок тактоочтор** болуп экиге бөлүнөт.

Кош тактоочтор кош сөздөр кебетелүү тактоочтор болуп эсептелет. Алар төмөнкүдөй ыкмалар менен жасалат:

а) уңгулардын кайталанышы аркылуу: *кайра-кайра, алыс-алыс, илгери-илгери, кез-кез, ылдам-ылдам, мурда-мурда, сүйлөй-сүйлөй, кезек-кезек* ж.б.;

б) уңгулардын маанилик жактан каршылашып келип, антонимдик жупташышы аркылуу: *өйдө-ылдый, олбуй-солбуй, илгери-кийин, астын-үстүн, ары-бери, чогуу-чаран, эртели-кеч, жайы-кышы, оңду-солду* ж.б.;

в) экинчи компоненти мейкиндик жөндөмөлөр формасында турган тактоочтор аркылуу: *кез-кезде, бир паста, аз-аздан, бат-баттан, топ-топтон* ж.б.;

г) эки компоненти тең жөндөмөлөр формасында турган тактоочтордун жупташып келишинен: *анда-санда, андан-мындан, ойдон-тоодон, кээде-кээде* ж.б.;

д) биринчи компонентине *-ма* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу: *оозмо-ооз, колмо-кол, жекеме-жеке, айылма-айыл, жүзмө-жүз, бетме-бет, көзмө-көз, түтүнмө-түтүн, шаарма-шаар* ж.б.;

е) эки компонентине тең *-дыр* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу: *жайдыр-кыштыр, күндүр-түндүр, эртедир-кечтир, жакшыдыр-жамандыр* ж.б.

ж) биринчи түгөйү (компоненти) чыгыш жөндөмөсүндө болуп кайталанган сөздөрдөн: *ачыктан-ачык, бирден-бир, көптөн-көп, өзүнөн-өзү, уламдан-улам* ж.б.

Кошмак тактоочтор кошмак сөздөр кебетелүү тактоочтор болуп эсептелет: *алда кайда, алда качан, бир жылы, бир күнү, ар убак, ар дайым, эч жерде* ж.б.

Бир катар кошмак тактоочтор биригип бир бүтүндүккө айланып кеткен. Компоненттери тыбыштык жактан өзгөрүп таанылгыс болуп калгандары да бар. Алар тилдин азыркы учурунда жөнөкөй сөз же жөнөкөй тактооч катары кабыл алынат: былтыр, быйыл, эчак, бүгүн, өгүнү, *б*үрсүгүнү ж.б. Булар тарыхый жактан гана мүчөлөнүп, татаал тактоочтор катары каралат. Былтыр *(бир жыл-дыр)*, быйыл *(бул жыл)*, эчак *(не чак)*, бүгүн *(бул к*үн), өгүнү *(ол* күн), бүрсүгүнү *(бир соң к*үн).

Тууранды сөздөр

Кандайдыр бир жандуу же жансыз заттардан чыккан үндү, дабышты туурап, алардын кыймыл-аракетин, ал-абалын, сырткы көрүнүшүн элестетип көрсөткөн сөздөр тууранды сөздөр деп аталат.

Тууранды сөздөр сан жагынан кыргыз жана башка бардык түрк тилдеринде өтө эле арбын. Алар көбүнчө оозеки кепте, көркөм адабияттарда, элдик оозеки чыгармаларда, табышмак, макал-лакаптарда жыш колдонулат да, айтылуучу ойду так, таамай, элестүү жана көркөм берүүчү каражаттардан болуп эсептелет: Көк асаба лап-лап желбиреди. Лап-лап желбиреди... Эр киши үнүн жанагыдан да бийик чыгарып зоңк-зоңк айтты (Т.С). Мурат дүрмөттүү мылтыгын кармай берди. Тарс! (Ө.Д.). Калдыр-кулдур каадак Жаны толгон саадак...(Табышмак). Сүт толгон эмчек тырсыйып, кулунчактын ууртунан көбүк буркулдап, аптыга жуткан сүттүн даамы таңдайына жагып турар эле (Ч.А.).

Тууранды сөздөр семантикалык, морфологиялык, синтаксистик жана фонетикалык жактан башка сөз түркүмдөрүнөн бөтөнчөлөнүп турат. Чыгыш теги боюнча булар адамдын угуу, көрүү жана туюу сезимдерине негизделип, кулакка угулган түркүн үндөрдү, дабыштарды, көзгө көрүнгөн, денеге туюлган ар кандай кыймыл-аракеттерди, келбет-көрүнүштөрдү тилдеги тыбыштык каражаттар аркылуу атоо зарылдыгынан пайда болот.

Тууранды сөздөр маани жактан табыш тууранды, элес тууранды жана туюм тууранды сөздөр болуп үч чоң топко бөлүнөт.

Табыш тууранды сөздөр

Жандуу же жансыз заттардан чыккан, табияттын түрдүү кубулуштарынан пайда болгон ар түркүн үндү, дабышты туурап көрсөткөн сөздөр табыш тууранды сөздөр деп аталат.

Бул топко кирген сөздөр адамдын сүйлөө же башка органдарынан (мисалы, күлүү, ыйлоо, кыйкыруу, ышкыруу, жөтөлүү, какыруу, чуркоо, жыгылуу ж.б. учурларга), жан-жаныбар, курт-кумурска, канаттуулардан чыккан үндү, дабышты, ошондой эле жаратылыш кубулуштары (чагылгандын чарт этиши, күндүн күркүрөшү, суунун шарылдашы, бакдарактардын шуулдашы ж.б.) пайда кылган, ар кандай нерселердин кыймыл-аракетинен, ал-абалынан, өзгөрүшүнөн келип чыккан дабыштарды туурап көрсөтөт: бырс-бырс, карс-карс, кыт-кыт, чыйк, быш, күрс-күрс, каң, *ыз, дың, чыйт, карк-карк, калдыр-кулдур, карч-курч, тарс, чарт-чурт, маа, мөө, ауу, т*оңк-тоңк, ырр, арс-арс, ыш-ш, как-как, кук ж.б. Дабыр-дабыр дабырап, алма жыйсак ыр ырдап (А.О.). Така-така-така-так, Шака-шака-шаш-шак, Качкын жолдон дегендей, Түтүн бур-бур, пипа-пип (Ж.Т.). Аттардын күрт-күрт оттогону, бышкырганы (быш+*кыр*+ган+*ы)* угулду (Т.К.). Найза төшкө так этип, Чарайнага шак этип... Нардай болгон кара аттын соорусуна башы шалк этип Коңурбай кулап калыптыр (Манас).

Табыш тууранды сөздөр маани жактан кандай үндү, дабышты туурап көрсөткөндүгүнө жараша төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

1. Адамдын үнүн же адамдан чыккан ар кандай дабыштарды туурап көрсөтүүчү сөздөр: *күбүр-шыбыр, борс-борс, бырс, кыш-күш, кыт-кыт, чуру-чуу, уу-дуу, бак-бак, чүч, баа, кырр, кор, баж-баж, балдыр-булдур, барк-барк, күңк-күңк, кажы-кужу, шарак-шарак, карт-курт күңк-мыңк* ж.б. *Нүзүптүн тиштери шакылдап титиреп, көзүнөн кан түтөп, жини бастабай буулукту* (Т.К.). *Жашынып калган не бир назик күлкүсү шаңк-шуңк этип тышка чыгат* (Н.Б) ж.б.

2. Ар түрдүү айбандардан чыккан дабыш-үндү туурап көрсөтүүчү сөздөр: *каңк, мыя-мыя, күрт-күрт, кырт-кырт, дүбүр-дүбүр, карч-карч бак-бак, аңк-аңк, маа,*

6) Сөз башында көбүнчө *к, б, д, ч, т, ш,* тыбыштары келет: *карс, курс, былч, чаңк, чак, чарт, так, тарс, шак, шалп* ж.б.

7) Сөз аягында р, ң, *ч, ш, к, п, т* тыбыштары дээрлик жыш колдонулат: *шар-шар, дың-дың, карч-курч, быш-быш, шалп-шулп, күрт-күрт* ж.б.

8) *р* тыбышы менен бүткөн сөздөр тууралуучу дабыштын созулуңку чыккандыгын, улам кайталанып угулгандыгын билдирет: *калдыр-кулдур, опур-топур, кор-кор, чыр-чыр* ж.б.

9) *ң* тыбышына аяктаган сөздөр тууралуучу дабыштын жаңырып угулгандыгын билдирет: *даң, заң, дүң, зың, каң, шаң, дың* ж.б.

10) Сөз ортосуна келген кең үндүүлөр, өзгөчө а тыбышы, тууралуучу дабыштын күчтүү чыккандыгын көрсөтөт, ал эми кууш үндүүлөр болсо анын алсыз, басаңыраак угулгандыгын билдирет. Бул өзгөчөлүк төмөнкүдөй салыштыруудан ачык байкалат: *тарс-тырс, карч-кырч, даң-дың, карс-курс, чар-чыр* ж.б.

11) Бир катар тууранды сөздөр *-лп, -рт, -рч, -лч, -рс, -рп, -ңк*, -рк сыяктуу катар келген эки үнсүз менен аяктайт. Мындай учурда жанаша айтылган эки үнсүз же алардын кийинкиси тууралуучу дабыштын созулуңку тартпай, кескин, чорт, чукул үзүлгөндүгүн билдирет: *талп, балп, шалп, карт, тарс, карс, тырс, кырс, даңк, барк, карк* ж.б.

12) Тууранды сөздүн тутумундагы айрым кең үндүүлөрдүн созулуп айтылышы аркылуу, же болбосо мындай касиетке ээ болбогон кууш үндүүдөн кийин келген үнсүз тыбыштардын (з, с, ш, р, ң, *ж)* кайталанып келиши менен да тууралуучу дабыштын созулуңку чыккандыгы белгиленет: *таарс, каарс, каак-каак, каарч, күр-р, зыр-р, шыр-р, дүң-ң, быш-ш* ж.б.

13) Кош сөз түрүндөгү табыш тууранды сөздөр кайталоо жолу менен жасалса, алар аркылуу тууралган дабыштын да бир калыпта бир нече жолу кайталанып чыккандыгы белгиленет: *карс-карс, тапыр-тапыр, тып-тып, чык-чык, чаңк-чаңк, чатыр-чатыр, кулк-кулк, заңк-заңк, дик-дик, борк-борк* ж.б.

14) Кош сөз түрүндөгү табыш тууранды сөздөр толук эмес кайталоо жолу менен жасалып, биринчи түгөйүндөгү кең үндүү экинчи түгөйүндө кууш эрин үндүү менен алмаштырылып айтылса, экинчи түгөйү аркылуу биринчи түгөйү билдирген тууранды дабыштын солгундап алсызыраак чыккандыгы туюнтулат: *тапыр-тупур, тарс-турс, карч-курч, дабыр-дубур, бачыр-бучур, даң-дуң, чар-чур, так-тук, чарт-чурт, даңк-дуңк* ж.б.

Табыш тууранды сөздөр башка түркүмдөгү сөздөрдөн дээрлик жасалбайт, бирок өздөрү башка түркүмдөгү туундуларды жасоого негиз болот. Мындай туундулардын басымдуу көпчүлүгү этишке туура келет. Алар негизинен *-ылда* жана *-кыра* курандыларынын жардамы менен жасалат: барылда, бакылда, шарылда, шаркыра, дүңкүлдө, күркүлдө, күркүрө, *чарылда, чар-кылда, шуулда, ызылда* ж.б.

Айрым учурларда тууранды сөздөн (тикелей же этиш аркылуу кыйыр түрдө) атоо түркүмүндөгү кээ бир сөздөр жасалат: *тарсылдак < тарс+ылда+ык, тоңкулдак < тоңк+ылда+ык, бадырак < бадыр+а+ык, бостаркылдак < боз+тарк+ылда+ык, дүбүрт< дүп+ыр+т, ышкырык < ыш+кыр+ык, өкүрүк < ө+күр+ык, шаркыратма < шар+кыра+т+ма, какылдак < как+ылда+ык, чыйкылдак < чыйк+ылда+ык* ж.б.

Элес тууранды сөздөр

Жандуу же жансыз заттардын кыймыл-аракетин, ал-абалын, келбет-көрүнүшүн элестетип көрсөткөн сөздөр элес тууранды сөздөр деп аталат.

Элес тууранды сөздөр адамдын көрүү сезимине негизделип, маани жактан төмөнкү топко бөлүнөт:

1) Чукулунан болуп өткөн кыймыл-аракеттин, көз ирмемде пайда болгон жарык кубулуштарынын, капысынан тез өзгөрүлгөн ал-абалдын, келбет-көрүнүштүн ж.б.лардын элесин туурап көрсөткөн сөздөр: жарк, жарк-журк, жалт, жалт-жалт, жалп, жалп-жалп, мөлт, солк, шарт, шап шып, шылк, булт, кылт, чап, чып ж.б. Бекназар үндү тааный койду окшойт, жалт тиктеп, өйдө боло калды (Т.К.). Бир убакта ал селт этип көзүн ачты (Т.К.). Көлөкө түшүп, кайра ачылып булактын түбүндөгү мөлтүр таш сымал келиндин көздөрү бир жарк этти да, кайра көлөкөлөндү (Ч.А.).

2) Адамдын, айбандардын, жан-жаныбарлардын, же болбосо алардын дене-мүчөлөрүнүн кыймылын, ошондой эле кыймылда болгон ар кандай заттардын көрүнүшүн элестетип көрсөткөн сөздөр. Булар көбүнчө кош сөз түрүндө колдонулат: *далдаң-далдаң, топоң-топоң, өпөң-өпөң, тыртаң-тыртаң, килең-килең, колтоң-колтоң, тойроң-тойроң, теңирең-теңирең, аңыраң-аңыраң, багжаң-багжаң, арбаң-тарбаң, илең-салаң, калч-калч, кыбыр-кыбыр,* калч-калч, серең-серең, *эрбең-эрбең, койкок-койкок, койкоң-*койкоң, *сороң-сороң, сорок-сорок, дердең-дердең, дирт-дирт, балпаң-балпаң, бырбың-бырбың, мыйтың-мыйтың, арбаң-тарбаң, илең-салаң, делдек-делдек, солк-солк* ж.б. Кулундарын издеп окуранган бээлер *бөрт-бөрт* желип, *жан-жакта* ойноок балдар так секирип баратты (Ч.А.). Ал төрдөгүлөр тарапка алаң-*булаң* этип... (Т.К.). Балпаң-*балпаң* маң баскан Чуудаларын чаң баскан (Манас). Кыдың-кыдың торпогум,... Күнгөйдөгү бедени күбүп жеген торпогум (Тог.).

Бул топко кирген сөздөр төмөнкү өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт:

1) Маани жактан, биринчи топтогу сөздөрдөн айырмаланып, тууралган элестин бир эмес, бир нече жолу кайталанып, болбосо бир калыпта үзгүлтүксүз көзгө көрүнгөндүгүн билдирет.

2) Турпат жактан алардын басым көпчүлүгү ң тыбышына аяктайт, кээде н тыбышы к тыбышы менен алмаштырылып айтылат: сороң-*сороң* - сорок-сорок,

далдаң-*далдаң* - далдак-далдак, тыртаң-*тыртаң* - тыртак-тыртак, койкоң-*койкоң* - койкок-койкок, бирок илең-*салаң*, өпөң-өпөң, *килең-килең*, *теңирең-теңирең*, *багжаң-багжаң* сыяктуу сөздөр жалаң гана ң тыбышы менен айтылат.

3) Сүйлөм ичинде өз алдынча да, көбүнчө жардамчы этиштер менен айкашкан аналитикалык турпатта да, *-ла* мүчөсү менен жасалган туунду этиштин тутумунда да колдонулат: топоң-*топоң* (чурка), талтаң-*талтаң* (бас), багжаң-*багжаң* (сүйлө); бөжөң-*бөжөң* эт, кыдың-*кыдың* эт, өпөң-өпөң эт, эленде, аланда, киленде, тыртаңда, тойроңдо, жыртаңда, бырбаңда, серенде, койкокто ж.б. Момун бөжөңдөп атка чуркады (Ч.А.). Сарыбай темтеңдеп чарчап үйүнө келди (Т.К.). — Кеденделеген сен кимсиң? (Ч.А.).

4) Аягы ң, *к* тыбыштарында бүткөн элес тууранды сөздөр менен й тыбышына аяктаган элестүү этиштердин ортосунда маани жана түзүлүш жактан кандайдыр бир тектештиктин бар экендиги байкалат: дардаң-*дардай, тыртаң-тыртай, койкоң-койкой, сорок-сорой* ж.б.

5) Аягы й менен бүткөн элестүү этиштер *-ла* курандысы аркылуу элес тууранды сөздөрдөн жасалган туунду этиштер менен маани жактан байланышып, жалпы эле этиштик маанини билдирет. Бирок булардын ичинен алгачкылары заттын кыймылсыз турган абалын элестетип көрсөтсө, кийинкилери анын кыймылда болуп, улам кайталанып турган абалын элестетип көрсөтөт: делдей-делденде, бекчей-бекченде, кыйшай-кыйшанда, үрпөй-үрпөңдө, *кодой-кодоңдо*, саксай-саксанда ж.б. Муногу үксөйгөн аваңарга окшоп ак сакалдуу, сары тиштүү болуп карыгыла. Көкө болсо көк жон кекиликтей бөжөйүп кемегенин түбүндө (Т.К.).

Туюм тууранды сөздөр

Адамдын даам татымынын, жыт сезиминин жана дене туюмунун негизинде кабылданган ар кандай факты-таасирлерди туурап көрсөткөн сөздөр туюм тууранды сөздөр деп аталат.

Туюм тууранды сөздөр сан жагынан өтө эле аз, пайда болушу жагынан адамдын дене, жыт, даам сезимдери менен байланышып, алар менен шартталат. Маселен, мурун кабалдаган кандайдыр бир нерсенин жытын бур-р деп, тери кабылдаган бир нерсенин таасирин одур-будур, былп-былп деп, ички орган кабылдаган же сезген фактыларды болк-болк, зыр-зыр, зырп-зырп, лук-лук, тыз, тыз-тыз деп белгиленет. Кыскасы, туюм тууранды сөздөр дене-мүчө, тери, мурун, тил сыяктуу органдардын кабылдоо сезими менен байланышат да, көбүнчө адамдарга, көркөм чыгармаларда, жомоктордо, дастандарда адамдык касиет ыйгарылып, адамдаштырылган айбандарга карата да колдонулат: *болк-болк, бур-бур, былк-былк, былп-былп, зыр-зыр, зырп-зырп, лук-лук, зың-зың, тыз-тыз, сыз*

ж.б. Жыпар гүлдүн жыты аралаш жылуу төшөктөн туруп келген аял денесинин жыты бур этти (Ч.А.). Башым лук-лук, сөөгүм зыр-зыр ооруйт, жүрөгүм болк-болк согот, бүткүл денем муздак суу сепкендей дүр этет.

Бул топтогу сөздөр маани жактан мүнөздүү түрдө адамдын көзүнө көрүнгөн элести эмес, анын туюу сезимдери аркылуу кабылданган ар кандай элести туурап көрсөтөт. Колдонулушу жагынан өйдөкү топтогу сөздөргө дээрлик окшош, туундулук катышы жагынан көбүнчө *-ылда,* кээде *-кыра, -ай* курандыларын кабыл алып, андан жасалган туунду этиштерге түзүүчү негиз болот: *былпылда, болкулда, лукулда, лакылда, зыркыра, дүркүрө, буркура, одурай* ж.б.

Сырдык сөздөр

Чындыктын түркүн таасиринен улам пайда болгон адамдын ички сезимин, көңүл күүсүн жана эрктик мамилесин билдирген сөздөр сырдык сөздөр деп аталат.

Сырдык сөздөр негизги сөз түркүмдөрүнөн да, кызматчы сөздөрдөн да төмөнкүчө айырмаланат:

1. Негизги сөз түркүмдөрү мүнөздүү түрдө атоо кызматын аткарып, заттын, кыймыл-аракет, ал-абалдын, белгинин атын билдирет, ал эми сырдык сөздөр үчүн атоо (номинация) кызматы мүнөздүү эмес. Булар чындыктын ар кандай таасиринен улам пайда болгон адамдын ички сезимин, көңүл күүсүн же эрктик мамилесин тикелей туюнтуучу сөздөрдөн болуп эсептелет: Бах, чиркин, биздин күндөр кандай таттуу! Бүгүнкүдөн эртеңкиси ыракаттуу! (А.О.). Ой то-бо-о, *тескейден учкан бойдон так* өзүбүздүн короонун үстүнө келип түшкөнүбүздү кара! (Ж.Т.). - Ики, жинин! – деп Сейдакмат ырсаң этти (Ч.А.). Алдей-алдей ак бөпөм, ак бешикке жат бөпөм, Алдей бөпөм, ыйлаба, Энекеңди кыйнаба (Бешик ыры). Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга (Ж.Т.).

2. Кызматчы сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып, сырдык сөздөр сүйлөм тутумунда сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт жана башка сөздөр менен да грамматикалык жактан байланышпайт. Бирок маани жактан өзү катышып турган сүйлөмдүн же сүйлөм мүчөсүнүн маанисине сезимдик, эрктик, эмоциялык маанини кошумчалайт: Кокуй! Кокуй алат! Өрт!.. Өрт кетти! (Т.К.). Ой, бала, сотко кетесиң (Ч.А.). Гүлсары сууга тумшугун салды... Ох, чиркин, не деген таттуу суу (Ч.А.). Ишенген келиндерибиз ушинтип отурса, ботом, жумуш качан бүтөт? (К.Б.).

3. Сырдык сөздөр негизги сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү болгон морфологиялык категориялар менен дээрлик өзгөрбөйт, булардан башка түркүмдөгү сөздөр да негизинен жасалбайт.

4. Сырдык сөздөрдүн мааниси интонация жана тынымдан көз каранды.

Сырдык сөздөр маани жактан үч топко бөлүнөт: сезимдик сырдык сөздөр, эрктик сырдык сөздөр жана турмуштук сырдык сөздөр.

Сезимдик сырдык сөздөр чындыктын, айтылуучу ойдун түрдүү таасиринен улам пайда болгон сүйлөөчүнүн ички сезимин, көңүл күүсүн билдирип, төмөнкүдөй маанилерди туюнтат:

1) Кубануу, ырахаттануу, ыраазы болуу, сүйүнүү, шаттануу маанисин: О-о-хо! Жыргал эмей эмине! (Т.К.) Ой, айланайын, эрдигиңе баракелде! (М.Э.). Бах! Тынчтык заманда суу да кандай тунук агат (Т.С). Чиркинай! Таң *с*үрүп келатканда көзгө кандай сулуу көрүнөт (К.Ж.).

2) Кубаттоо, жактыруу, мактоо, таң калуу, боор ооруу, ырастоо, колдоо маанисин: Пай-пай, ушундай да таш боор адам болот экен ээ (К.Ж.). Токудунбу? - деди Жайдар. - Ии (Ч.А.). Ой, силерди кой деген ким бар? (Ч.А.). Комузду биринчи жолу көрүп, биринчи жолу уккан чет жолдоштор: Капырай, ушундай жөнөкөй аспап да укмуштуу сонун музыка берет экен ээ!» - дешип таң калышат (А. Салиев).

3) Өкүнүү, кайгыруу, кейүү, иренжүү, ачуулануу маанисин: Катыны өлгөн не болот? - Ой, аттиң ай ээ!... Катын өлсө капкалуу шаар бузулган менен тең болот (Жомок). -Ээ-э, сага короткон кайран сөз! (Ч.А.). -Ой, ит-оой! — деди жини келип, сөз таппай (Ч.А.). Жалгызымдын колун адалдап коюуга кудуретим келбеди. Атаганат! - деп далай жерге келип калганын чал өзү да билбей калды (Жомок). Калсачы, эч болбосо, Сыргак, Чубак. Ай, аттиң, кимге айтасың, *арман кепти?!* (С.Эралиев). Эх, эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды, атаганат, Жайнагым аман турганда не деген адам болор эле! (Ч.А.).

4) Коркуу, чочуу, жек көрүү, жактырбоо, какшыктоо, шылдыңдоо, кекетүү маанисин: - Сен эмне? Сен эмне бер дедиц? Ыя? - деди аялын акырая тиктеп, каардуу күбүрөп (Ч.А.). Оо, чедирейген желмогуз, биздин түпкө жеткени жүргөн турбайсыңбы?! - деп түлкүнү как тумшукка сабоо менен бир салды (Жомок). - Э, кудай урган апенди, эмесе эгин салып барган кабың кана? (Мук.). Апей, мен эмне болгомун, далай убак болуп калгандыр, ээ? (М.Ж.).

Эрктик сырдык сөздөр адамды же айбанды кандайдыр бир кыймыл-аракетти аткарууга, токтотууга карата болгон сүйлөөчүнүн буйруу, түрткү берүү, чакыруу сыяктуу эркин билдирип, төмөнкүдөй бөлүнөт:

1) Адамга карата колдонуучу сырдык сөздөр: чүшш, тек, тс, айда, алдей-алдей ж.б. Алдей-алдей... таңкы чолпон жылдызым (А.Т.). Кокуй, бол. - Жым, туйбасын. Чүшш, алар угуп калбасын. Айда, тарт мындай.. (М.Э.).

2) Айбанатка карата колдонуучу сөздөр ич ара дагы үч топко бөлүнөт:

а) Чакыруу маанисиндеги сөздөр: түтү-*т*үтү (тоокту), күчү-*к*үчү (күчүктү же итти), кыруу-кыруу (жылкыны), чүчү-*ч*үчү (эчки-улакты), кырой-кырой, түгөй-түгөй (койду), бо-бо / мо-мо (жылкыны), оу-оу (уйду), пыш-пыш (мышыкты), пө-*пө, б*өпү-*б*өпү (кушту), ме-ме (итти), ар-ар (эшекти), куу (ителги-шумкарды) ж.б. Тү-*т*ү, тү-*т*ү, тү-*т*үтүлөп, маалы менен жем берем (А.К.). Кыруу-кыруу ак боз ат, тура тургун желеңе! (А.О.);

б) Айдоо, айдактоо, тукуруу маанисиндеги сөздөр: кой (койду), чиге (эчкини), чү (жылкыны), өш (уйду), пыш/ мыш (мышыкты), кы (эшекти), киш (тоокту), чойт (эркечти) ж.б. Тетиги сары кыр жакка, чойт, эркечим айдагын (М.Маматов). Танабай көнүмүшкө сала анда-санда «чү» деп божу силкип коюп, өз ойлоруна алагды (Ч.А.). Чү, жаныбар, чү*!* Илгерилегендин иши илгерилеген, чү*!* (Ч.А.). Өш! Өш, өш дейм, өлөт алгыр! Айдак, Балтек! Айдак!! - *К*өрдүңбү, *Танабай... жаныбар,* айт деп койсоң *б*үлөгөн устарадай кетет. Айт-айт, аа-айт! (Ч.А.). Хы! деп эшегин моюнга бир салып жүрүп кетти (М.Э.).

в) Айбандарды тынчытуу, жоошутуу үчүн колдонулган сөздөр: тырр (атты токтотуу), так-так (атты жоошутуу), чөк-чөк (төөнү чегерүү). Так! так! - деди Кулкиши балача эркелете кобурап, чылбырды узун кое. Так, так тору тайым... так (Т.К.).

Турмуштук сырдык сөздөр учурашуу, коштошуу, сылык маанай көрсөтүү, жакшы тилек айтуу ж.б. учурларда жыш колдонулат: Мына эстүү кишинин айтары, бая эле ушинтпей, рахмат сизге, Жайдар байбиче (Ч.А.). Ассалоом алейкум, хан ордосу Алейкима ассалам, эл жоргосу (Жомок).

Сырдык сөздөр үчүн бир маанилүүлүк да, көп маанилүүлүк да мүнөздүү. Бир маанилүү сырдык сөздөргө, негизинен, эрктик жана турмуштук, ошондой эле айрым сезимдик сырдык сөздөр кирет. Булардын мааниси контекстен сыртқары эле белгилүү болуп турат: *чү, күчү-күчү, ыракмат, бали, баракелде, ичикий, калак-калак, айрөк, кош, апей, алоо, ура, апбали* ж.б.

Көп маанилүү сырдык сөздөрдүн маанилери өзгөрүлмөлүү келет. Булардын мааниси кепке, сүйлөөчүнүн көңүл күүсүнө, айтым ыргагына, интонациясына, ишарат белгисине, жаңсап көрсөткөнүнө ж.б. ар кандай шартка ылайык аныкталат.

Көп маанилүү сырдык сөзгө төмөнкүлөр кирет: *а! э! о! и! а-а! э-э! о-о! и-и! ай! эй! ой! ий! ко-куй! ботом! чиркин!* ж.б.

Кызматчы сөз түркүмдөрү

Сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу, ийкемдүү тутумдаштыруу милдетин аткарып, кошумча ар түрдүү грамматикалык

маанилерди алып келген сөздөрдү кызматчы **сөз түркүмдөрү дейбиз.** Кыргыз тилинде алар төмөнкүлөр:

Байламталар
Бөлүкчөлөр
Жандоочтор
Кыялий мамиле (модалдык) сөздөр.

Байламталар

(Жалпы маалымат)

Сүйлөмдөгү сөздөрдү, сөз айкаштарын жана кошмок сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып турган кызматчы сөздөрдү байламталар дейбиз. Мисалы: *Окту жирип жүрөм, бирок, эмнегедир, алар мага тийбейт* (К.С.). *«Соопчулукка» деп безилдегендиктен жана сенин атыңды атагандыктан, мен акырын үн чыгарып келинди чакырдым* (К.Ж.).

Биринчи мисалдагы байламта *(бирок)* кошмок сүйлөмдүн тутумундагы эки жөнөкөй сүйлөмдүн ортосундагы каршылагыч маанини туюндуруп, байланыштырып турат. Ал эми экинчи сүйлөмдөгү байламта *(жана)* болсо, бирөңчөй мүчөлөрдү *(безилдегендиктен,* атагандыктан) бири-бири менен байланыштырды.

Түпкүтеги боюнча кыргыз тилиндеги байламталардын көпчүлүгү лексикалык мааниси бар сөздөрдөн келип чыккан. Мисалы: *анткени (андай+эткен+ы), жана (жан+а), деле (дагы+эле)* ж.б.

Байламталардын тутумдук түзүлүшү да өтө ар түрдүү. Алар бир эле сөздөн, эки сөздөн жана бир нече сөздөн да курала берет. Эки жана андан көп сөздөрдөн куралган байламталардын айрымдары сүйлөмдүн ар кайсы жеринен орун алып да келе берет. Мисалы: *Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой баткан* (К.Б.). *Бул жерде татаал байламтанын (кандай ... ошондой)* эки тутуму сүйлөмдүн эки башка жеринен орун алып турат.

Байламталардын тутумдук түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

Кыргыз тилинде байламталар түзүлүшүнө карай **жөнөкөй** жана **татаал** байламталар болуп экиге бөлүнөт.

Бир эле сөздөн турган байламталарды **жөнөкөй байламталар** дейбиз. Алар: *а, ары, бирок, болбосо, да, дагы, деле, жаки, жана, мейли, менен, нары, не, себеби, эгер, эгерде* ж.б. Тарыхый жактан тутуму татаал болгону менен андыктан (андай + эткендиктен), анткени (андай + эткени), ошондуктан (ошондой + эткендиктен)

сыяктуу байламталарды да ушул турпаты менен байламта сөз түркүмүнүн катарына өткөндүктөн, жөнөкөй байламталардын катарына кошобуз.

Эки же андан көп сөздөн турган байламталарды татаал байламталар дейбиз. Алар: ал эми, андай болсо, анткен менен, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, *ошол себептүү, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон* үчүн, эгерде ... ошондо ж.б.

Байламталык маанилери жана аткарган милдеттери боюнча жөнөкөй жана татаал байламталар бири-биринен айырмаланышпайт. Маани берүүчү сөздөргө жана сүйлөмгө кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрүндө да айырмачылыктар жок. Мисалы: - *Балам, жол болсун? — деп карыя сурап койду да , күңгүрөнгөн муңдуу күүнү акырын гана чертип кирди* (А.Т.). *Биздин жолубуз ашуу ашып, бир топ эле татаал болчу, ошол себептүү жүрүштөгү басыгыбыз жай болду.* («Ала Тоо»)

Байламталардын аткарган кызматына карай бөлүнүшү

Кыргыз тилинде байламталар жандуу тилде аткарган кызматына карай өз ара дагы эки топко бөлүнөт. Бир тобу сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыра берет. Башка бир тобу сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштырып, сөз менен сөздү байланыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес.

а). Сөз менен сөздү да, сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштыруучу байламталарга ары, да, дагы, дале, деле, жана, же, же болбосо, менен, нары, не сыяктуу байламталар кирет.

Мисалы: *Аткарылган мындай иштерге ары кубанып, ары сүйүнүп да турдук* (М.Абакиров). *Кириск кубанып да, коркуп да кетти* (Ч.А.). *Бул көчөдө көбүнчө дыйкандар жана алыпсатарлар турат* (К.Ж.). Байламталар *(ары, да, жана)* сөз менен сөздү байланыштырды.

Кылган ишибизге ары терең кубансак, ары өзүбүзгө өзүбүз таң калып турдук (К.Ж.). *Үйгө бардым да, китебимди алып кайра тарттым* («Алатоо»). *Экөө кобурашкан бойдон фабрикага кирип келишти жана ар бири өз-өз станогунун жанынан орун алды* (С.С.). Байламталар *(ары, да, жана)* сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырды.

б) Сүйлөм менен сүйлөмдү гана байланыштыруучу байламталарга а, ал эми, андай болсо, андыктан, анткени, анткен менен, анын үчүн, бирок, бирок да, болбосо, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, *ошол себептүү, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон* үчүн, эгер, эгерде ... ошондо өндүү байламталар кирет.

Мисалы: *Билесиз го, алыстан тоо ашып келдик, а сиз бияктан түз жол менен келдиңиз* (Т.К.ов). *Үчөөбүз үч жерде үңүрөйүп турдук жашоодон үмүт*

үзүп, бирок кармашууну аябай самап отурабыз (К.С.). *Көп кардардын бириби десе, үн-сөзсүз, не прилавкага жакындабайт* (М.М.). *Анын жумушу саат жетиде башталат, ошон үчүн дайыма эрте турат* («Мурас»). Байламталар *(а, бирок, не, ошон* үчүн) сүйлөмдөрдү байланыштырып турат.

Кыргыз тилинде байламталар грамматикалык маанилерине карай багындыргыч байламталар жана багындырбас байламталар деп эки чоң топко бөлүнөт.

Багындыргыч байламталар

Кошмок сүйлөмдүн тутумундагы сүйлөмдөрдү бири-бирине кандайдыр деңгээлде көз каранды абалда тутуп байланыштырган байламталар багындыргыч байламталар деп аталат. Башкача айтканда, булар сөздөрдү же сүйлөмдөрдү бири-бирине баш ийдирип байланыштырат.

Алар, негизинен төмөнкү байламталар: *андыктан, анткени, кандай ... ошондой, канчалык ... ошончолук, неге десең, неге дегенде, ошол себептүү, ошондуктан, ошонун натыйжасында, ошон үчүн, себеби, эгер, эгерде, эмне үчүн десең*, ж.б.

Мисалы: *Тойчубек жолун анчалык узарта албады, **неге десең,** бет алдынан аркырап бороон урууда* (К.Б.). *Анын уулу келесоо боло турган, **ошондуктан** энем менин көз жашымдан корксо керек* (К.Ж.). Байламталар *(неге десең, ошондуктан)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бирине кандайдыр себеп маанисинде көз каранды кылып байланыштырып турат.

Багындыргыч байламталар өздөрү туюндурган маанилик өзгөчөлүктөрүнө жараша андан ары дагы топчолорго бөлүнөт.

а) **Себеп байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бири-бири менен кандайдыр бир ойдун айтылыш же чечилиш себеби аркылуу байланышын камсыз кылат. Буларга андыктан, анткени, аның үчүн, неге десең, *ошол себептүү, ошонун натыйжасында, ошон* үчүн, себеби, эмне үчүн десең сыяктуу байламталар кирет.

Мисалы: *Биз чеберлеп алга жылуубуз керек, анткени душман бизден алыс эмес* (Т.С). *Жаздын алды менен тырбаландап бир тынган жок, ошонун натыйжасында түшүмү мол болуп, эл алдында жүзү жарык* (Н.Б). Байламталар *(анткени, ошонун натыйжасында)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бирине кайсы бир кырдаалдын, кандайдыр бир иштин себебине жараша көз каранды кылып байланыштырып турат.

Себеп байламталардын айрымдары *(анткени, неге десең, себеби, эмне үчүн десең)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн кийин келишин, айрымдары болсо *(андыктан, аның үчүн, ошол себептүү, ошондуктан)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн мурда келишин талап кылат.

Мисалы: *Жолойго жардам берип кармашууга эч бир жылкычы даабады, анткени Жолойдун төмөн асты бийик аска.* (К.Ж.) *Күз болсо аяктап бара жатат, аның үчүн кышка дагы мыкты даярдана башташыбыз керек* (Н.Б). Биринчи сүйлөмдөгү байламта *(анткени)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн кийин келишин, экинчи сүйлөмдөгү байламта болсо, *(аның үчүн)* багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдөн мурда келишин шарттап турат.

б) **Шарттуу байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдүн бири-бири менен кандайдыр бир ойдун макулдашуу, убадалашуу маанилеринде байланышын камсыз кылат. Алар: эгер, эгерде. Булар адатта шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү жалганган баяндоочу бар багыныңкы сүйлөмдөрдө колдонулуп, баш сүйлөмдөгү аракеттин аткарылыш шартын билдирет.

Мисалы: *Эгерде сен бир ишке макул болсоң*, ошондо катты аласың (К.Б.). *Эгер макул дейт экен, азыр эле алып кете койгула* (Н.Б).

Шарттуу байламталар менен байланышканда багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөн мурда да, кийин да келе берет. Мисалы: *Эгер бул айтканымды аткарбасаңар, анда мени менен илээшип убара болбогула* (К.Ж.). *Ал кубанычы менен кайгысына ыйлады, дүйнө дааналанып, деңизге жакын келгенине ыйлады, эгер ичер суум болсо, наар алар тамагым болсо, бу турмушту дагы деле жакшы көрөт элем деп ыйлады* (Ч.А.).

в) **Салыштырма байламталар** тутумдашкан сүйлөмдөрдөгү ойлордун бири-бири менен салыштырылып, кандайдыр өлчөнүп, ченелип айтылышын түшүндүрөт. Буга кандай ... ошондой, канча ... ошончо, канчалык ... ошончолук деген сыяктуу татаал байламталар кирет.

Мисалы: *Кайсы жерин канчалык катуу сүрсө, ал жери ошончолук отко актагандай ысыды* (А.Т.). *Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой баткан. Чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналган* (К.Б.). Байламталар *(канчалык … ошончолук, кандай ... ошондой)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилерин бири-бирине кандайдыр салыштыруу аркылуу байланыштырып турат.

Багындырбас байламталар

Сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү бири-бирине баш ийдирбей, тең укукта кармап байланыштырган байламталар багындырбас байламталар деп аталат.

Мисалы: *Айша **да,** койчуман **да** үзбөй гезит, журнал окушту.* (К.Т.) *Бектурган итти таш менен ургулады, **бирок** ит өжөрлөнүп, арсылдап, асылып жатты* (А.Т.). *Ак көңүлү кармаган күнү бир сындырым нан берет, болбосо кезертип эчтеме бербей тим койот* (К.Б.). Байламталар сөз менен сөздү *(да)*

жана сүйлөм менен сүйлөмдү *(бирок, болбосо)* бири-бирине баш ийдирбей байланыштырып турат.

Тутумдашкан сөздөрдүн же сүйлөмдөрдүн ортосундагы ой ырааттуулугуна байланыштуу багындырбас байламталар өз ара төмөнкүдөй топторго бөлүнөт.

а) **Байланыштыргыч баламталар** сөз менен сөздү же сүйлөм менен сүйлөмдү маанисине карай кадыресе жай гана байланыштырат. Буга ары, да, дагы, дале, жана, жана да, жана дагы, менен, нары деген байламталар кирет.

Мисалы: *Жалгыз кызы ага көрк дагы*, караан *дагы болгонсуйт* (К.Ж.). *Жери кара топурак, ары суусу кенен* (Н.Б). Биринчи сүйлөмдөгү байламта *(дагы)* сүйлөмдүн бирөңчөй мүчөлөрүн *(*көрк, караан) байланыштырды. Сүйлөмдүн бирөңчөй мүчөлөрү бири-бирине баш ийбей тең укукта болот. Ал эми экинчи сүйлөмдөгү байламта *(ары)* тең байланыштагы кошмок сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырды.

Ошентип, байланыштыргыч байламталар ар дайым бирөңчөй мүчөлөрдү же тең байланыштагы кошмок сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен тутумдаштырат.

б) **Каршылагыч байламталар** кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы карама-каршы маанидеги жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен тутумдаштырат. Каршылагыч байламталарга а, ал эми, андай болсо да, анткени, анткен менен, антсе да, бирок, бирок да, деген менен, ошентсе да, ошондо да, ошондой болгону менен, ошондой болсо да деген сыяктуу байламталар кирет.

Мисалы: *Көчөдө бак деген толуп жатат, бирок бул теректердин укмуштуу касиети бар* (Ч.А.). *Мына мага атырылып келаткан жолборсту атаарын атамын го, бирок.., бирок бу караңгыда аны өлтүрө атыш кыйын* (С.Ө.). *Куугунчулардын бардыгынын минген аттары мыкты аттардан эле, ошондой болсо дагы* Түлкүбектин *айтуусу боюнча бир канча жигит ат тандап минди* (К.Ж.). Байламталар *(бирок, ошондой болсо дагы)* кошмок сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен маанилик жактан карама-каршы келгидей кылып байланыштырып турат.

в) **Божомолдогуч байламталар** бири-бири менен тутумдашкан сөздөрдүн же сүйлөмдөрдүн кайсы биринин гана ишке ашар-ашпасын, ырас же ырас эместигин, туура же туура эместигин, бар же жок экендигин билдирет. Булар болбосо, же, же болбосо, не деген сыяктуу байламталар.

Мисалы: *Биздин атабыздын үйү ушул болуу керек, же бул эмеспи?* (К.Ж.). *Какылдак уктай албай жатып, жаңыдан дылдырап көзү илинип бараткан: не улуган бороон урабы, не сапар келген жолоочу кагып, терезе тык-тык этет* (Т.С). *Өзүң айтканың абдан жакшы, болбосо иш чатакка айланат беле дейм* (К.Ж.). Биринчи сүйлөмдөгү байламта *(же)* шектүүлүк маанисин, экинчи, үчүнчү сүйлөмдөрдөгү байламталар *(не, болбосо)* болжолдоо маанилерин билдирди.

Тубаса жана туунду байламталар

Кыргыз тилиндеги байламталарды тутумдук түзүлүшү жана келип чыгыш теги боюнча тубаса жана туунду байламталар деп эки топко бөлүштүрөбүз.

Тубаса байламталар - морфологиялык жактан тутумдарга (морфемалар-га) ажыратылбай турган байламталар. Булардын дээрлик бардыгы жөнөкөй байламталар*: а, да, же, не* ж.б.

Туунду байламталар - морфологиялык жактан тутумдарга (морфемаларга) ажырай турган байламталар, башкача айтканда, кайсы бир башка сөздөн же сөздөрдүн биригишинен жасалган байламталар. Булар уңгу менен мүчөнүн же уңгу менен уңгунун биригишинен пайда болгон байламталар болуп саналат.

Мисалы: *Анткени - аны (андай) + эт-, -ган (-кен)* деген морфемалардан жана жекелик сандагы үчүнчү жактын таандык уландысынан *(-ы)* турат.

Болбосо - бол- *(этиш уңгу)*, *-бо(-ба)* деген морфемалардан жана шарттуу ынгайдын *(-са)* мүчөсүнөн турат.

Жана - *жан-* деген этиш сөзгө *(жанаш* деген уңгунун тутумундагы этиш) чакчылдын *-а* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалып, байламта сөз катары лексикалашып кеткен.

Себеби - *арабча* себеп деген сөзгө кыргыз тилинин жекелик сандагы үчүнчү жакчыл таандык уландысы *(-ы)* кошулуп жасалган.

Ошентсе да — *ошондой + эт-, -са* жана да деген айрым-айрым бөлүктөрдөн (компоненттерден) турат.

Эки же андан көп сөздөрдүн биригишинен түзүлгөн татаал байламталар да туунду байламталар болуп эсептелет. Мисалы: Мен го барып келдим, ***ал эми*** сен таптакыр барган жоксуң (К.Б.). Быйыл жыл жаанчыл келди, ***ошол себептүү*** чөп бир топ эле арбын болду («Кыргыз Туусу»).

Жандоочтор

(Жалпы маалымат)

Сүйлөмдө атооч сөздөрдү жандап, алардын өз ара карым-катышын эпке келтирип, аларга ар кыл грамматикалык маани ыйгарып турган кызматчы сөздөр **жандоочтор** деп аталат. Мисалы: *Кыл куйрук шамал менен сапырылды* (А.Т.). *Мукаштар толук бир айдан соң Үрүмчүгө жетишти* (К.Т.).

Жандоочтор сүйлөмдө өзү жандап айтылган сөздөрдүн башка сөздөр менен синтаксистик байланышка түшүшүн шарттайт.

Кыргыз тилинде гана эмес дээрлик бардык түрк тилдеринде жандоочтор аркылуу ишке ашкан синтаксистик байланышты башкаруу байланышы катары карап, ***жандоочтук башкаруу*** деп аныкташкан. Профессор Акеш Имановдун

жогорку окуу жайларынын студенттерине арналган кыргыз тили окуу китебинде да «...жандоочтордун тизмектеле айтылуусу аркылуу бири-бири менен катыш түзүп турган сөздөр башкаруу байланышында деп эсептелет», деп жазылган.

Азыркы кыргыз тилиндеги синтаксистик байланыштын мындай түрүн А. Жапаров (Абдыкул Жапар) багыныңкы байланыштын ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыш түрлөрүнүн катарында тура турган синтаксистик байланыштын бешинчи түрү катары аныктап, ***жөлөкчүл байланыш***[1] деп белгилейт.

Жандоочтор аркылуу синтаксистик байланышка түшкөн сөздөрдөгү байланыштын мүнөзүн аныктоо биздин озуйпабызга кирбейт, аны синтаксис адистери аныктап такташсын. Биздин милдет - синтаксистик категориялар менен тыгыз байланышта болгон кызматчы сөздөрдүн бири жандоочтордун гана мүнөзүн, маанилерин аныктап, тактап чыгыш.

Ошентип, жандоочтор дайыма атооч сөздөрдү жандап жүрүп, сүйлөмдөгү орду боюнча алардан кийин келет. Демек, алар жөндөмө мүчөлөрүнүн милдеттери сыяктуу милдет аткарат. Жандоочтордун мындай касиети дээрлик бардык окуу китептеринде көрсөтүлгөн.

Кыргыз тилинде жандоочторго а*ркылуу, ары, башка, баштап, бери, бетер, бойдон, бойлой, бойлоп, бою, боюнча, гана, да, дейре (дере), деле, жараша, жете, жөнүндө, жуук, илгери, караганда, карай, карата, ката, катар, кийин, көздөй, көрө, көрөкчө, менен, мурун, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак, сымал, сыңар, сыяктуу, тартып, тууралуу, чакты, чалыш, чамалуу, чамасында, чейин (дейин), шекилде, шекилдүү* жана башка сөздөр кирет.

Жандоочтордун кай бирлерин башка сөз түркүмдөрүнөн логикалык (семантикалык) принцип менен ажыратуу абдан кыйын. Аларды морфологиялык жана көбүнчө синтаксистик принцип менен гана жандооч экенин, башкача айтканда, жандооч болуп турганын ажырата алабыз. Мисалы: Жалгыз караан ары басты (И.С.). Сүйлөмдөгү ары деген сөз каякка? деген суроого жооп берип, тактооч болуп турат. Мындан ары кечикпейм, агай («Ала Тоо»). Бул сүйлөмдөгү ары деген сөз каякка? деген суроого өзүнчө жооп бере албай, мындан деген сөзгө мезгилдик кошумча маани берип, качан? деген суроого ошол сөздү жандап, аны менен бирдикте туруп (мындан ары) жооп берип, жандооч болуп турат.

Ошентип, жандоочтордун бир тобу морфологиялык жана синтаксистик принциптердин жардамы менен аныкталып, жандооч экендиктери белгилүү болгондуктан аларды мына ошол табиятына жараша чыныгы жандоочтор жана өтмө жандоочтор (функционалдык жандоочтор) деп экиге бөлүп карайбыз.

Чыныгы жандоочторго бетер, боюнча, гана, дейре, деле, соң, *жуук, карай, карата, к*өздөй, *өңдүү, сайын, с*өрөй, сымак, сымал, сыяктуу, тартып,

[1] Абдыкул Жапар. Синтаксический строй кыргызского языка. Ч. 1. Бишкек, 1991. 104-107-б.

чакты, чейин деген сыяктуу жандоочтор кирет. Булар ушу турган турпаты менен эле жандоочтор болуп, сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн логикалык (семантикалык) принциби менен эле аныкталып турат. Булардын жандооч экендигин аныктоодо морфологиялык жана синтаксистик принциптер талап кылынбайт.

Өтмө жандоочторго ары, башка, баштап, бери, да, жараша, илгери, караганда, кийин, менен, мурун деген сыяктуу жандоочтор кирет. Булар текстте айтылган ойлорго жараша бирде жандооч болсо, бирде башка сөз түркүмдөрдүн бири болуп да келе берет. Булардын жандооч экендигин аныктоодо логикалык (семантикалык) принцип жетишсиз болуп, аларды биз дайыма сөздөрдү сөз түркүмдөргө бөлүштүрүүнүн морфологиялык жана синтаксистик принциптеринин жардамы менен аныктайбыз. Мисалы:

Токмоктон ары турат	*Ары көздөй бара бер*
Сенден башка киши жок	*Башка киши келатат*
Бүгүндөн баштап окуйт	*Баарын баштап келатат*
Андан бери үч күн өттү	*Бери карай келатты*
Окууңа жараша болот	*Өңүнө жараша берди*

Биринчи катардагы мисалдарда ары, башка, баштап, бери, жараша деген сөздөр өз алдынча эч кандай суроого жооп бере албай, өздөрүнөн мурда келген атооч сөздөрдү жандап, аларга кошумча грамматикалык маанилерди гана алып келди. Булар жандоочтор. Ал эми экинчи катардагы мисалдарда ары, башка, баштап, бери, жараша деген сөздөр өз алдынча кандайдыр суроого жооп болуп түшүп, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып турат. Булар бул жерде маани берүүчү сөздөр, жандооч эмес.

Асел менен окуйм	*Асел менен Апал тең*
Ата, мен да барам	*Асел да, Апал да биринчиде*

Биринчи катардагы мисалдарда *менен, да* деген сөздөр сөз менен сөздү байланыштырган жок, өздөрүнөн мурдагы сөзгө кошумчалык маани гана ыйгарды. Булар жандоочтор.

Ал эми экинчи катардагы мисалдарда *менен, да* деген сөздөр сөз менен сөздү байланыштырып, байламталык милдетти аткарып турат. Булар байламталар.

Жандоочтордун түзүлүшү

Жандооч сөздөрдүн дээрлик бардыгы тилдин өсүп-өнүгүшү менен бара-бара өз алдынча маани берүүдөн калып, жандоочтук кызматты аткарып калышкан. Мисалы: соң деген сөздү алып көрөлү; *соңунан басты* (затташкан тактооч), *соңку жыл* (сын атооч), *өзүм жалгыз болгон соң* (жандооч), *иш бүткөн соң барам* (жандооч).

Кээ бир жандоочтор этиш сөздөрдөн, кээ бирлери атоочтордон пайда болгон.

Этиштерден пайда болгон жандоочтор

Сайын (күн сайын, окуган сайын). «Жандооч сайын тарыхый жагынан сана маанисиндеги байыркы *са-* деген этиш менен илгерки кездеги чакчылдардын *-йын* мүчөсүнөн турат»[2].

Баштап (бүгүндөн баштап), *тартып* (ушул күндөн тартып), *карап* (шаарга карап баратат). Чакчылдын *-ып* мүчөсү менен жасалган сөздөр *(башта-, тарт-, кара- жана -ып)* учуру менен жандооч да болуп кетет.

Карай (тоого карай), *бойлой* (көчөнү бойлой өскөн теректер), көздөй (мектепти көздөй жөнөдүк). *Чакчылдын -й* мүчөсү менен жасалган сөздөр (кара-, бойло-, көздө- жана *-й*) контексттеги маанилерине жараша жандооч да болуп кетет.

Тарта (ошондон тарта), боло (көңүлгө боло), жараша (окуганга жараша). карата (жаңы окуу жылга карата), көрө (мындан көрө). Чакчылдын *-а* мүчөсү аркылуу жасалган сөздөр (тарт-, бол-, жараш-, карат-, көр- жана *-а*) учуру менен жандооч да болуп кетет.

Атоочтордон пайда болгон жандоочтор

Ары (кырдан ары, ошондон ары), бери (түштөн бери, көптөн бери). Ат атоочтордон байыркы барыш жөндөмөсүнүн *-ры (ал + ры, бул + ры)* мүчөсү менен жасалган.

Аркылуу (Өзгөн аркылуу, бирөө аркылуу), тууралуу (иш тууралуу, биз тууралуу), шекилдүү (келет шекилдүү), өңдүү (киши өңдүү), чамалуу (жүз чамалуу). Атооч унгулардан *(аркылуу > арка + -луу; тууралуу > туура + -луу; шекилдүү >* шекил + -луу; *чамалуу > чама + -луу; өңдүү > өң + -луу) -луу* курандысы менен жасалган.

Бою (бүткөн бою), бойдон (качкан бойдон), боюнча (ошол боюнча, тизме боюнча). Бул жандоочтор бой, байыркыча бод (дене, тулку) деген унгудан келип чыккан *(бой + -ы, -дан, -нча)*.

Менен (атам менен, кол менен). Муну башка түрк тилдериндеги айтылыштарына салыштырып келип, «баштапкы формасы бирлен, тарыхый

[2] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 335-б.

чыгышы жагынан «бир» деген сан атооч менен байланыштуу *(бир + ла + н)»*[3] деп далилдешет.

Үчүн (сен үчүн, элим үчүн). Бул жандоочтун түпкү теги «кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча жандооч үчүн чыгышы жагынан унгу, мүчөгө ажырабай турган сөз же уч + ун деген эки составдан турган сөз: *уч - бир нерсенин учталган учу, чыгарылган түрү; -ун* — байыркы инструменталдык жөндөмө мүчө, же 3-жактын таандык мүчөсү менен бирге келген кыйыр жөндөмөлүк форма»[4] деп, али тактала элек далил келтирилген.

Ошентип, тарыхый чыгыш теги боюнча көпчүлүк жандоочтор лексикалык мааниге ээ унгулардан келип чыккан болуп эсептелет. Азыркы кыргыз тилиндеги жандооч сөздөрдүн бир тобу лексикалык алгачкы маанилерин биротоло жоготкон: *дейин, чейин, сайын, тууралуу* ж.б. Ал эми кээ бирлери азыр да өз доорунун лексикалык маанилеринде колдонула берет: *айтылган соң, баарыбыз уктук* (жандооч), *соңку жылы окууга дагы келем* (сын атооч), соңунан калбай жүрүп отурдук (затташкан тактооч).

Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор

Жандоочтор маанилик жактан жөндөмө мүчөлөр менен тыгыз байланышат. Алар атооч сөздөрдөн же этиштин атоочтук жана кыймыл атооч формаларынан кийин келип, алардын башка сөздөр менен болгон синтаксистик мамилесин көрсөтөт. Ошондуктан, биз жандоочторду кайсы жөндөмөдөгү сөздөргө айкаша тургандыгы боюнча өзүнчө топторго ажыратабыз.

Атооч жөндомосүндөгү сөздөр менен айкашуучу жандоочтор: *аркылуу, бою, бойдон, боюнча, жөнүндө*, менен, *өңдүү, сайын, сыяктуу, тууралуу, шекилдүү* ж.б. Мисалы: *Үй ичи көңүлсүз болгон соң, бир аз олтурган болуп биздер да талаага чыгып кеттик* (К.Т.). *Эл үчүн, өмүр үчүн, жыргал үчүн кармашкан кайрандардын айттым даңкын* (А.Т.). *Эчкинин көркү төл менен, эгиндин көркү жер менен* (Токт.). *Мен аны сүрөт аркылуу төкпөй-чачпай элге жеткирсем деген үмүттөмүн* (Ч.А.).

1) ***үчүн*** жандоочу атооч сөздөргө, *-ыш, -оо, -уу, -мак* мүчөлүү кыймыл атоочторго, *-ган, -бас* мүчөлүү атоочтуктарга айкашып келип, ***максат, себеп, арноо, ылайыктоо*** маанилерин билдирет. Мисалы: *Иштегениң бирөө үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн* (Макал). *Мен деле кишиге дилим ак, дал ошол үчүн тиги курбум менин камымды көрдү* (Т.С).

2) ***менен*** жандоочу зат атооч, ат атооч, затташкан сын, сан атоочтор жана *-ган, -ар, -бас* мүчөлүү атоочтуктар менен айкаша келип, ***сандык, мезгилдик жана мейкиндик, биргелешүү*** маанилерин билдирет. Мисалы: *Беттин көркү нур*

[3] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 329-б.

[4] Кыргыз тилинин грамматикасы: морфология. Фрунзе, 1964. 331-б.